КЫРГЫЗЧА

# تَفسِيرُ العُشرِ الأخِيرِ

من القرآن الكريم

www.tafseer.info

ISBN : 978-9960-58-634-2

Курани Каримдин акыркы үч бөлүгүнүн тафсири жана ар бир мусулманга зарыл болгон шарият маселелери

قرغيزي

# Курани Каримдин акыркы үч бөлүгүнүн тафсири

жана

ар бир мусулманга зарыл болгон шарият маселелери

# Автордон

Аллах Таалага мактоолор жана сүйүктүү пайгамбары Мухаммадка Аллахтын салават-саламдарын жолдогондон кийин, эй, мусулман ага-ини, эже-сиңдилерим! Бизге эң оболу төмөнкү төрт маселени билүү зарылдыр:

❶ **Илим.** Илим – бул ар бир пенденин Аллах Тааланы, Ал жиберген пайгамбарды жана Ал жиберген динди таанып-билүүсү. Анкени, Аллах Таалага Аны таанибай туруп ибадат кылуу дурус эмес. Ким Аллахты таанибай эле ибадат кыла беремин десе адашат жана мунусу менен христиандарга окшоп калат[1].

❷ **Амал.** Ал эми, илим алып (Аллахты таанып) туруп ибадат кылбагандар яхудийлерге окшойт. Шайтан инсанды адаштырып, «илим албай жүрө берсең, Аллахтын алдындагы суракта «мен билбегенмин» деп кутулуп каласың» деп алдайт. Ал Нух коомун ушинтип алдаганда, алар, Нухтун дааватын угуп Аллахтын алдында жоопкер болуп калгандан көрө, укпай эле койолу дешип « ***бармактарын кулактарына тыгып, кийимдери менен (баштарын) ороп алышкан*** » **(«Нух» сүрөсү. 7-аят)**

❸ **Илимге даават.** Уламалар пайгамбардын мураскорлору болгону себептүү, пайгамбардан калган илимди (динди) элдерге таратуулары, ага даават кылуулары кажет. Болбосо, яхудийлерге окшоп Аллахтын наалатына жолугуп калышат. Аллах Таала яхудийлер жөнүндө: « ***аларды (адамдарды) жасаган күнөө иштеринен кайтарышкан эмес. Бул жоруктары кандай жаман!*** » деген. **(«Маида»-79)**

❹ **Сабыр.** Мунун мааниси илим алуудагы, ага амал жана даават кылуудагы машакаттарга сабырдуулук көргөзүү

Элибиздеги диний сабатсыздыыкты жоюуга аз болсо да салым кошуу үчүн жана зарыл илимдерди издегендерге жеңил болсун деп ушул китепти даярдадык. Бул китеп Кураани Каримдин акыркы үч блүгү менен анын аяттарынын маанилерин, түшүндүрмөлрүн жана окуучуга эң зарыл болгон Шарият маселелерин өз ичине камтыган. Ошондой эле…

Биз бул эмгекте мүмкүн болушунча кыскартып берүүгө аракеттендик. Ошентип, биздин бул жупуну эмгегибизде тууралык болсо – ал Аллахтан, ката-кемчилдиктер болсо – алар өзүбүздөн жана шайтандан. Акыйкатты толуктоо максатында биздин каталарыбызды көргөзүп, кемчилдиктерибизге ишаарат кылган бурадарларыбызга Аллах Тааланын ырайымы болсун демекчибиз.

Акырында айтаарым, ушул долбоорго катышып, китепти даярдоого, бастырууга, таратууга, окууга жана окутууга салым кошкон бурадарларыбызга Аллах Таала эң жакшы сыйлыктарын берсин!

Аллах Таала сүйүктүү пайгамбарыбызга, үй-бүлөсүнө жана сахаабаларына салават-саламдарын жолдосун!

Китепке Ислам ааламындагы бир нече уламалар жакшы мүнөздөмө беришкен | 1432Н-2011М

Маалымат жана байланыштар үчүн дарек: Арабча:
www.tafseer.info жана kyr@tafseer.info

[1] «Фатиха» с\ръс\н\н акыркы аятынын т\ш\нд\рмъс\нъ караёыз

# Мазмуну:


| | |
|---|---|
| 1. Куран Карим | 2 |
| 2. Курани Каримдин акыркы он бөлүгүнүн тафсири | 4 |
| 3. Мусулмандын жашоосундагы эң зарыл маселелер | 75 |
| 4. Жүректүн амалдары | 97 |
| 5. Манилүү маек | 108 |
| 6. «Ла илаха иллаллах» келмеси жөнүндө | 126 |
| 7. «Мухаммадун Расулуллах» келмеси жөнүндө | 129 |
| 8. Даарат | 131 |
| 9. Аялдардан келчү табигый кандардын өкүмү | 136 |
| 10. Исламда аял маселеси | 138 |
| 11. Намаз | 143 |
| 12. Зекет | 150 |
| 13. Орозо | 154 |
| 14. Хаж жана Умра | 157 |
| 15. Ар кандай маселелер | 163 |
| 16. Шарияткa ылайык рукыя | 170 |
| 17. Дуба | 178 |
| 18. Жаттап алуу зарыл болгон дубалар: | 181 |
| 19. Пайдалуу соода | 187 |
| 20. Эртели-кеч окула турган күнүмдүк зикирлер | 189 |
| 21. Шариятта буюрулган 82 сооптуу сөздөр жана иштер, далилдери менен. | 193 |
| 22. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам тыюу салган иштер: | 200 |
| 23. Түбөлүккө сапар | 205 |

# Кураан окуунун пазилети

Аллахка мактоолор болсун! Аллах Таала улук пайгамбарыбызга, анын үй-бүлөсүнө жана сахаабаларына чексиз мээримин төксүн!

Кураан – бул Аллах Таалнаын Сөзү болгондуктан, анын башка сөздөрдөн улуулугу Аллах Тааланын башка макулуктардан улуулугу сыяктуу. Ал эми, аны окуу тил сүйлөгөн сөздрдүн эң жакшысы.

✸ **Кураан окууунун, окутуунун жана аны кыраат кылуунун көп пазилеттери бар. Кээ бирлети төмөндөгүлөр:**

✸ **Аны окуу жана окутуу сооптуу иш.** Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам айткан: «силердин эң жакшыңар – Кураанды окугандар жана окуткандар» (Бухарий)

✸ **Аны кыраат кылуу дагы сооп.** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «ким Аллахтын китебинен бир тамганы окуса, ага он эсе көп сооп болот» (Термизий)

✸ **Кураанды үйрөнүүнүн, жаттонун жана кыраатын келиштирип окуунун пазилеттери:** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «Кураанды толук бойдон жаттап, андан кийин окуган адамдын мисалы улуу-пакиза периштелердин жамааты менен болгон сыяктуу. Ал эми, аны окууга өзүнө убада берип, ар канча кыйынчылык менен болсо да окуган адамга эки эсе сооп болот» (Муттафакун алайх) Дагы бир хадисинде мындай деди: «Кураан жаттаган адамга (Бейишке түшкөндө) «окуганың даражасында (Бейиштин бийик даражаларына) көтөрүл! Аны дүйнөдө кыраат менен окугандай оку! Сенин ордуң окуган акыркы аятыңдын алдында (өтө бийикте) болот!» деп айтылат. (Термизий) Бул хадистин түшүндүрмөсүндө Хаттабий айтат: «Асаарларда[1] келишинче, Кураан аяттарынын саны Бейиштеги даражалардын саны менен барабар экен. Ошондуктан, Кураан жаттаган адамга «Кураан аятынын канчаны жаттаган болсоң, ошончочу даражадагы Бейишке көтөрүлөсүң» деп айтылат. Ким Кураандын бардыгын жаттаган болсо, Бейиштеги эң бийик даражага жетип барат. Ким бир блүк жаттаган болсо, жаттаганына жараша даражага көтөрүлөт. Жаттаган аяты түгөнгөндө сыйлыгынын даражасы дагы түгөнөт»

✸ **Баласы Кураан үйрөнгөн адамдын сообу:** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «ким Кураан окуса, үйрөнсө жана аны менен амал кылса, кыяматта ата-энесине нурдан болгон таж кийдирет. Анын нуру күндүн нурундай жаркын! Жана ата-энесине дүйнө байлыктарынын бардыгынан кымбат эки кийим кийгизилет. Алар (таң калып) «булар эмне үчүн?» деп сурашканда, «балаңар Кураанды толук жаттаганы үчүн» деп айтылат» *(Хааким)*

✸ **Кураан акыретте жаттаган адамды шапаат кылат:** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «Кураан окугула! Анткени, ал кыямат күндө жаттаган адамына шапаатчы[2] болот» *(Муслим)* Дагы бир хадисинде

---

[1] «Асаар» деп, сахаабалар менен табеиндерден калган създъргъ айтылат. (Котормочу)
[2] Шапаатчы – к\нъълърд\ Аллах Тааладан сурап алуучу

мындай деген: «Орозо менен Кураан кыяматта пендени шапаат кылышат» *(Ахмад, Хаакимь)*

✸ **Кураан окуу менен анын илимин кошо алган адамдын сообу:** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «кайсы бир коом Аллахтын үйлөрүнөн биринде чогулуп, Анын китебин тилават кылса жана өзара дарыс (сабак) кылып окушса, аларга (Аллах тарабынан) тынчтык-бейпилдик түшөт. Аларды (Аллахтын) ырайымы жана периштелер ороп турат. Анан Аллах Таала аларды Өзүнүн алдындагы (эң жогорку) жамаат алдында эскерет» (Абу Дауд)

✸ **Кураан окуунун адептери:** Аллама Ибн Касир Кураан окуу адептеринен кээ бирлерин төмөндөгүчө келтирген:

✸ Кураанды даарат менен гана кармоо жана окуу.

✸ Тилаават кылуудан мурда тишин мисвак менен тазалоо.

✸ Эң таза кийимдерин кийип, андан кийин тилават кылуу

✸ Кыбылага бурулуп окуу

✸ Тутканак менен ооруган адамдар аны окубай туруу[1].

✸ Аны сөз менен бөлбөй окуу. Өтө зарыл сөз болсо гана токтотсо болот

✸ Зээнин берип, ойгоо жүрөк менен окуу

✸ Убада (Бейиш убада кылынган) аяттар келгенде Аллахтан ошону суроо. Ал эми, уваид (Тозоктон коркутулган) аяттары келгенде, Аллахтан коргоо тилөө

✸ Кураанды ачык таштабоо жана үстүнө бир нерсе койбоо

✸ Каарылар кыйкырып окуп, бири-бирине тоскоол болушу да дурус эмес

✸ Базарларда жана башка ызы-чуу жерлерде окубаган жакшы.

✸ **Кураан кандай окулат?** Анас *дан пайгамбарыбыздын кандай кураан окуганын сурашканда, мындай деп жооп берген: «созу-у-п окуган. Эгер «бисмиллахир-Рахмаанир-Рахиймди» окуса, «бисмилланы» дагы, «АрРахманды» дагы, «арРахиймди» дагы созгон.» (Бухарий)

✸ **Кураан окуунун сообу кошуп берилет**: Ар бир адам эгер Аллах үчүн калыс[2] Кураан окуса, ага соop болот. Ал эми, бул окуу зирек жүрөк менен, маанилерине түшүнүү менен болсо, анда сообу он эседен баштап жети жүз эсеге чейин көбөйөт.

✸ **Бир кече-күндүздө канча Кураан окуу мүмкүн?:** Пайгамбарыбыздын сахаабалары ар күн сайын белгилүү өлчмдө Кураан окуну адат кылышкан эле. Бирок, эң тез катым[3] кылганы жети күндө окуп чыккан. Катымдын эң аз (тез) мөөнөтү үч күн. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам үч күндөн аз мөөнөттө Кураан катым кылуудан кайтарган.

---

[1] Адам ъз\н\н эмне жасаганын жана эмне дегенин билбей кала турган оорууу
[2] Аллахтан башкадан соoп-сыйлык \м\т кылбай
[3] Кураанды башынан аягына чейин окуп чыгуу

## 1-«Фатиха» сүрөсү[1]

1 Бисмиллахир-Рахманир Рахийм[2]

2 Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоо болсун! [3]

3 Ал – Ырайымдуу, Мээримдүү.

4 Сурак Күндүн падышасы.

5 «Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз![4]

6 (О, Жараткан!) бизди туура жолго баштагын![5]




7 Өзүң нээмат (жакшылык) берген адамдардын[6] жолуна (*башта*). Каар-казапка учурагандардын жана адашкандардын[7] жолунан башка». Амийн![8]

---

[1] «Фатиха» сүрөсү улук пайгамбарыбызга Макка шаарында түшкөн сүрөлөрдүн катарына кирет. Улук Кураан китеби мына ушул сүрө менен башталгандыгы (ачылганы) үчүн бул сүрө «Фатиха» (ачуучу) деп аталат. Бул сүрөнүн мындан башка дагы онго жакын аталыштары бар.

[2] Бул аят «Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен баштаймын» дегенди билдирет. Ар бир мусулман өзүнүн ар бир ишин, ар бир кыймыл-аракетин «бисмиллах» менен баштоосу - парыз. Анткени Аллах Тааладан Мухаммад пайгамбарыбызга түшкөн эң биринчи Кураан аяты **«Жараткан Раббиңдин (Аллахтын) ысымы менен оку!»** деген аят болгон (*Кураан, «Алак», 1*).

[3] Бул аятта Аллах Таала Өзүн бизге «Ааламдардын Раббиси» деп тааныштырып жатат. Арабдардын «Рабб» деген сөзүн кыргызчага которгондо «башкаруучу», «ээ», «толук кожоюн» жана «тарбия кылуучу» деген маанилерди билдирет. Демек, Аллах Таала бүткүл ааламдардын тарбия кылуучусу.

[4] Аллах таала «Фатиха» сүрөсүнүн ушул аятынан баштап, сүрөнүн акырына чейин момун мусулмандардын тилинен сүйлөйт. Мусулман адамдар күнүмдүк беш убак намаздарында «Фатиха» сүрөсүн 32 жолу окушат. Демек, алар Аллах Таалага күнүнө 32 жолу «жалгыз Сага гана сыйынабыз, Сенден гана жардам сурайбыз» деп ант беришет.

[5] Бул аятта айтылган туура жол (сиратал мустаким) бузулбаган, бурмаланбаган таза, пакиза ислам дини.

[6] Ал адамдар бул дүйнө жашоосунда адашпай, Аллахка жаман көрүлбөй жашаган пайгамбарлар, шейиттер жана пайгамбарлар алып келген жолго түз-туура ээрчиген салих (таза) момундар.

[7] Аллахтын каар-казабына жолуккандар – яхудийлер, ал эми, адашкан коомдор – булар христиандар. Христиандар “Ыйса – Кудай жана Кудайдын уулу” деген ишенимдеринен улам адашкандар болсо, яхудийлер Муса пайгамбар алып келген Чындык менен таанышып, аны кабыл алгандан соң, билип туруп Аллахка башка нерсени (Алтын музоону) шерик кылгандары жана көп пайгамбарларды өлтүрүп жибергенинен улам Аллахтын каарына жолуккан.

[8] Бул сөз жөнүндө уламалар кайчы пикир билдиришип, кээ бирөөлөрү аят дешсе, башкалары аят эмес дешкен. Эмнеси болсо да, бул сөз «кабылда», «тилегимди бер» деген маанини билдирет жана биз аны бардык дуба-тилектерибиздин соңунда айтып жүргөнүбүз оң.

## 58-«Мужадала» сүрөсү[1].

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 (Эй, Мухаммад!) өзүнүн эри жөнүндө сен менен сөз талашып, Аллахка арызданган аялдын сөзүн Аллах укту. Аллах экөөңөрдүн талаш сөзүңөрдү угат. Аллах – Угуучу, Көрүүчү[2]!

2 (Эй, момундар!) силердин араңардан ким аялын зихар кылса, аялдары апалары болуп калбайт. Алардын апалары – аларды тууган аялдар. Алар («сен мага апамын белиндей болуп кал» деп) жарабаган жана жалган сөздү айтышат! Аллах Кечиримдүү жана күнөөлөрдөн өтүүчү.

3 Аялдарын зихар кылып алып, кийин ал сөзүнөн кайткандар (күнөөсүн жууш үчүн) аялына кошулбай туруп бир кулду азат кылат. Ушул – силерге насаат. Аллах

سُورَةُ المُجَادَلَةِ

آياتها ٢٢ — ترتيبها ٥٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

قَدْ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوْلَ ٱلَّتِى تُجَٰدِلُكَ فِى زَوْجِهَا وَتَشْتَكِىٓ إِلَى ٱللَّهِ
وَٱللَّهُ يَسْمَعُ تَحَاوُرَكُمَآ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ سَمِيعٌۢ بَصِيرٌ ﴿١﴾ ٱلَّذِينَ يُظَٰهِرُونَ
مِنكُم مِّن نِّسَآئِهِم مَّا هُنَّ أُمَّهَٰتِهِمْ ۖ إِنْ أُمَّهَٰتُهُمْ إِلَّا ٱلَّٰٓـِٔى
وَلَدْنَهُمْ ۚ وَإِنَّهُمْ لَيَقُولُونَ مُنكَرًا مِّنَ ٱلْقَوْلِ وَزُورًا ۚ وَإِنَّ
ٱللَّهَ لَعَفُوٌّ غَفُورٌ ﴿٢﴾ وَٱلَّذِينَ يُظَٰهِرُونَ مِن نِّسَآئِهِمْ ثُمَّ يَعُودُونَ
لِمَا قَالُوا۟ فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مِّن قَبْلِ أَن يَتَمَآسَّا ۚ ذَٰلِكُمْ تُوعَظُونَ
بِهِۦ ۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ خَبِيرٌ ﴿٣﴾ فَمَن لَّمْ يَجِدْ فَصِيَامُ شَهْرَيْنِ
مُتَتَابِعَيْنِ مِن قَبْلِ أَن يَتَمَآسَّا ۖ فَمَن لَّمْ يَسْتَطِعْ فَإِطْعَامُ سِتِّينَ
مِسْكِينًا ۚ ذَٰلِكَ لِتُؤْمِنُوا۟ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ ۚ وَتِلْكَ حُدُودُ ٱللَّهِ ۗ
وَلِلْكَٰفِرِينَ عَذَابٌ أَلِيمٌ ﴿٤﴾ إِنَّ ٱلَّذِينَ يُحَآدُّونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ كُبِتُوا۟
كَمَا كُبِتَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ ۚ وَقَدْ أَنزَلْنَآ ءَايَٰتٍۭ بَيِّنَٰتٍ ۚ وَلِلْكَٰفِرِينَ
عَذَابٌ مُّهِينٌ ﴿٥﴾ يَوْمَ يَبْعَثُهُمُ ٱللَّهُ جَمِيعًا فَيُنَبِّئُهُم بِمَا
عَمِلُوٓا۟ ۚ أَحْصَىٰهُ ٱللَّهُ وَنَسُوهُ ۚ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ شَهِيدٌ ﴿٦﴾

бардык ишиерден Кабардар.

4 Ким (кул азат кылууга жеткидей акча) таппай калса, аялына жакындык кылбай туруп эки ай үзгүлтүксүз орозо кармайт. Ал эми, ким (орозо кармоого) алы жетпесе, алтымыш кембагалды тойдурат. Бул Аллахка жана Анын пайгамбарына ыйман келтиришиңер үчүн. Дагы булар – Аллахтын чектегени. Каапырларга (чек бузгандарга) катуу азап бар.

5 Аллахка жана Анын пайгамбарына душманчылык кылгандар өздөрүнөн мурдагы (каапыр) адамдар кор болгону сыяктуу кор болушат. Биз (Аллахтын чектөөсү чындык экенине) анык далилдерди түшүрдүк. каапырларга (кыяматта) кордук азабы бар!

6 Ал күндө алардын бардыгын Аллах кайра тирилтип, (дүйнөдө) жасаган иштеринин кабарын билгизет. Ал иштерди Аллах(тын периштелери) эсептеп койгон, (бирок,) өздөрү

---

[1] Бул сүрө Мадина Мунаввараda түшкөн жана 22 аяттан турат. «Мужадаланын» мааниси «сөздө талашып-тартышуу»

[2] Жахилия арабтары арасында «зихар» деген салт бар болчу. «Зихар» деген сөздүн түз мааниси «жоон», «бел» дегенди түшүндүрөт. Маселен, бир эркек аялы менен жатканда ага «сенин жоонуң (же белиң же мойнуң, же денең, же саның ж.б.у.с.) менин апамдын жоонуна окшойт экен» десе, же аялы менен араздаша кеткенде ага «сен мага апамдын белиндей болуп кал!» десе – бүттү. Ошол бир гана сөз менен талак түшүп аялы апасы сыяктуу болуп калган жана мындай абалда аялы менен ажырашууга туура келген. Күндөрдүн биринде пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламга картайып калган сахааба аялдардан бири Хавала бинти Саалаба келип: «я, расулуллах! Күйөөмө мен гүлгүн курагымды керек болуп, эми керегим тийбей калыптыр! Ал мени зихар кылды. Бирок, мен ажырашууну каалабаймын. Ортодо перзенттерибиз бар!» деп арызданат. Бирок, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам Аллах Тааладан жаңы өкүм келбегени себептүү, салт боюнча «сен анда эриңе талак болуптурсуң» дейт. Каңырыгы түтөгөн аял зихар салтына баш ийгиси келбей, пайгамбарыбыз менен сөз талашып, акырында «эй, Аллахым мен Өзүңө арызданамын!» деп жалбарат жана кетпей, отуруп алат. Ошол маалда пайгамбарыбыз унчуукпай калат. Кийин өзүнүн айтуусу боюнча ошол маалда ага Аллах Тааладан зихар өкүмүн бекер кылган аяттар түшкөн экен.

унутушкан. Аллах бардык нерсеге Күбө[1]!

7 (Эй, Мухаммад!) билбейсиңби, Аллах асмандардагы жана жердеги бардык нерселерди(н кабарын) билет. Эгер үч адам (жашыруун) шыбырашып сүйлөшсө, алардын төртүнчүсү – Ал. Эгерде бешөө болсо, алтынчысы – Ал. Жана мындан азыраак же көбүрөөк болсо да жана кандай жашыруун жерде болсо да Ал алар менен бирге[2]! Андан кийин, кыяматта аларга жасаган иштеринин кабарын билгизет. Чынында, Аллах ар нерсени Билүүчү![3]

8 Шыбыр-шыбыр(ушактар)дан кайтарылгандарды көрбөйсүңбү, кийин (дагы эле) кайтарылган нерсеге кайтып жатышат жана күнөө, душманчылык, пайгамбарга каршы чыгуу жөнүндө шыбырашып жатышат. Эгер жаныңа келишсе, сага Аллах салам бергенден башкача салам беришет[4] жана ичинен: «(эгер Мухаммадтын пайгамбар экени чын болуп калса) бул сөзүбүз үчүн Аллах азапка салбагай эле!» дешет. Аларга өздөрү таштала турган тозок жетиштүү! Кандай жаман акыбет!

أَلَمْ تَرَ أَنَّ ٱللَّهَ يَعْلَمُ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلْأَرْضِ ۖ مَا يَكُونُ
مِن نَّجْوَىٰ ثَلَٰثَةٍ إِلَّا هُوَ رَابِعُهُمْ وَلَا خَمْسَةٍ إِلَّا هُوَ سَادِسُهُمْ
وَلَآ أَدْنَىٰ مِن ذَٰلِكَ وَلَآ أَكْثَرَ إِلَّا هُوَ مَعَهُمْ أَيْنَ مَا كَانُوا۟ ۖ ثُمَّ يُنَبِّئُهُم
بِمَا عَمِلُوا۟ يَوْمَ ٱلْقِيَٰمَةِ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيمٌ ﴿٧﴾ أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ
نُهُوا۟ عَنِ ٱلنَّجْوَىٰ ثُمَّ يَعُودُونَ لِمَا نُهُوا۟ عَنْهُ وَيَتَنَٰجَوْنَ بِٱلْإِثْمِ
وَٱلْعُدْوَٰنِ وَمَعْصِيَتِ ٱلرَّسُولِ وَإِذَا جَآءُوكَ حَيَّوْكَ بِمَا لَمْ يُحَيِّكَ
بِهِ ٱللَّهُ وَيَقُولُونَ فِيٓ أَنفُسِهِمْ لَوْلَا يُعَذِّبُنَا ٱللَّهُ بِمَا نَقُولُ ۚ حَسْبُهُمْ
جَهَنَّمُ يَصْلَوْنَهَا ۖ فَبِئْسَ ٱلْمَصِيرُ ﴿٨﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِذَا
تَنَٰجَيْتُمْ فَلَا تَتَنَٰجَوْا۟ بِٱلْإِثْمِ وَٱلْعُدْوَٰنِ وَمَعْصِيَتِ ٱلرَّسُولِ وَتَنَٰجَوْا۟
بِٱلْبِرِّ وَٱلتَّقْوَىٰ ۖ وَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ ٱلَّذِيٓ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ ﴿٩﴾ إِنَّمَا ٱلنَّجْوَىٰ
مِنَ ٱلشَّيْطَٰنِ لِيَحْزُنَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَلَيْسَ بِضَآرِّهِمْ شَيْـًٔا
إِلَّا بِإِذْنِ ٱللَّهِ ۚ وَعَلَى ٱللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ﴿١٠﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ
ءَامَنُوٓا۟ إِذَا قِيلَ لَكُمْ تَفَسَّحُوا۟ فِي ٱلْمَجَٰلِسِ فَٱفْسَحُوا۟ يَفْسَحِ
ٱللَّهُ لَكُمْ ۖ وَإِذَا قِيلَ ٱنشُزُوا۟ فَٱنشُزُوا۟ يَرْفَعِ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟
مِنكُمْ وَٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْعِلْمَ دَرَجَٰتٍ ۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ خَبِيرٌ ﴿١١﴾

9 Эй, ыймандуу адамдар! Эгер силер шыбырашып сүйлөшчү болсоңор, анда күнөө, душманчылык жана пайгамбарга (анын өкүмүнө) каршы чыгуу жөнүндө шыбырашпагыла! Жакшы иштерди жана такыбалыкты шыбырашкыла. Аллахтан корккула, Анын Өзүнө гана кайтарыласыңар!

10 Албетте, (каразгөй) шыбыр сөздөр ыймандуу адамдарды капага салуу үчүн шайтан тарабынан болот. Бирок, Аллахтын уруксаты болмоюнча (мындай шыбыр сөздөр) аларга зыян жеткирбейт. Ыймандуулар Аллахка гана тобокел кылышсын!

11 Эй, ыймадуулар! Эгер бир межилис-отурушта силерге «(өз ара кыналып отуруу менен) орун бергиле» деп айтылчу болсо, дароо орун бергиле. (Ошондо) Аллах силерге да (Бейишинен) орун берет. Жана эгер (такыбалуу, илимдүү адамдар келгенде) «жайды бошоткула» деп айтылса, дароо

---

1 Аллах Тааланын күбөлүгү Анын ар бир нерсени билип, көрүп, угуп, байкап жана көзөмөлдөп туруусу. Ал караңгы түн ичиндеги кара таштын үстүндөгү кара кумурсканы да көрөт жана кыймылындагы шыбырын угат.

2 Аллахтын бирге болуусу Заты менен эмес, илими жана бардык нерселерди камтыган билими менен.

3 Ушул аяттан баштап Аллах Таала Мединадагы мунафык-эки жүздүү адамдар менен яхудийлердин баянына өтөт. Алар качан көчөдөн бир мусулманды көрсө, дароо үчөө-төртөө болуп, бөлүнүшүп, оолак жерлерде мусулмандарды ушактап, душмандык эрежелерин түзүшчү. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам аларды бул жоругунан кайтарса деле болбой, өз билгенин жасаша берген.

4 Аллах Таала пайгамбарыбызга «ассаламу алайка» (сага Аллахтан тынчтык-саламаттык болсун!) деп салам берген жана ушуга үйрөткөн. Ал эми, яхудийлер болсо, пайгамбарыбызга жолукса угулаар-угулбас шыбырап «ас-сааму алайка» (сага өлүм болсун) дешкен.

يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا نَٰجَيۡتُمُ ٱلرَّسُولَ فَقَدِّمُواْ بَيۡنَ يَدَيۡ نَجۡوَىٰكُمۡ
صَدَقَةٗۚ ذَٰلِكَ خَيۡرٞ لَّكُمۡ وَأَطۡهَرُۚ فَإِن لَّمۡ تَجِدُواْ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٌ
١٢ ءَأَشۡفَقۡتُمۡ أَن تُقَدِّمُواْ بَيۡنَ يَدَيۡ نَجۡوَىٰكُمۡ صَدَقَٰتٖۚ فَإِذۡ لَمۡ تَفۡعَلُواْ
وَتَابَ ٱللَّهُ عَلَيۡكُمۡ فَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتُواْ ٱلزَّكَوٰةَ وَأَطِيعُواْ ٱللَّهَ
وَرَسُولَهُۥۚ وَٱللَّهُ خَبِيرُۢ بِمَا تَعۡمَلُونَ ١٣ ۞ أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ تَوَلَّوۡاْ قَوۡمًا
غَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيۡهِم مَّا هُم مِّنكُمۡ وَلَا مِنۡهُمۡ وَيَحۡلِفُونَ عَلَى ٱلۡكَذِبِ
وَهُمۡ يَعۡلَمُونَ ١٤ أَعَدَّ ٱللَّهُ لَهُمۡ عَذَابٗا شَدِيدًاۖ إِنَّهُمۡ سَآءَ مَا كَانُواْ
يَعۡمَلُونَ ١٥ ٱتَّخَذُوٓاْ أَيۡمَٰنَهُمۡ جُنَّةٗ فَصَدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَهُمۡ
عَذَابٞ مُّهِينٞ ١٦ لَّن تُغۡنِيَ عَنۡهُمۡ أَمۡوَٰلُهُمۡ وَلَآ أَوۡلَٰدُهُم مِّنَ ٱللَّهِ
شَيۡـًٔاۚ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ ١٧ يَوۡمَ يَبۡعَثُهُمُ
ٱللَّهُ جَمِيعٗا فَيَحۡلِفُونَ لَهُۥ كَمَا يَحۡلِفُونَ لَكُمۡۖ وَيَحۡسَبُونَ أَنَّهُمۡ عَلَىٰ شَيۡءٍۚ أَلَآ
إِنَّهُمۡ هُمُ ٱلۡكَٰذِبُونَ ١٨ ٱسۡتَحۡوَذَ عَلَيۡهِمُ ٱلشَّيۡطَٰنُ فَأَنسَىٰهُمۡ ذِكۡرَ
ٱللَّهِۚ أُوْلَٰٓئِكَ حِزۡبُ ٱلشَّيۡطَٰنِۚ أَلَآ إِنَّ حِزۡبَ ٱلشَّيۡطَٰنِ هُمُ ٱلۡخَٰسِرُونَ
١٩ إِنَّ ٱلَّذِينَ يُحَآدُّونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓ أُوْلَٰٓئِكَ فِي ٱلۡأَذَلِّينَ ٢٠
كَتَبَ ٱللَّهُ لَأَغۡلِبَنَّ أَنَا۠ وَرُسُلِيٓۚ إِنَّ ٱللَّهَ قَوِيٌّ عَزِيزٞ ٢١

бошоткула. (Себеби,) Аллах силердин араңардагы (таза-калыс) ыймандуулар менен илимдүүлөрдүн даражасын көтөрүп койгон. Аллах бардык ишиңерден Кабардар.

12 Эй, момундар! Эгер пайгамбар менен жекече сүйлөшүүнү кааласаңар, сүйлөшүүңөрдүн алдынан (кедейлерге) садака бергиле[1]. Бул силер үчүн жакшы жана тазараак (жорук) Эгерде (садакага) эч нерсе таппасаңар, Аллах Кечиримдүү, Ырайымдуу.

13 Эмне, силер жекече сырдашуунун алдынан садака берсеңер (кембагал болуп калуудан) коркосуңарбы? Бербесеңер бербегиле, Аллах тообаңарды кабыл алды. Бирок, намазыңарды (кем кылбай) окуп, зекетти (өз убагында, толук) бергиле[2]! Аллахка, пайгамбарына моюн сунгула! Аллах ишиңерден Кабардар!

14 (Эй, Мухаммад!) аларга (мунафыктарга) карабайсыңбы, Аллах каарына алган коом (яхудийлер) менен дос болуп жүрүшөт. Алар силерден эмес, алардан да эмес[3]. Жалгандан («мен – мусулманмын!» деп) ант ичишет. Бирок, (мусулман эмес экенин) билип эле турушат.

15 Аллах (акыретте) аларга катуу азапты даярдап койгон! Алардын иштери (жалгандан ант ичүү жана эки жүздүүлүк) кандай жаман!

16 Ант-касамдарын (өздөрүнө) калканыч кылышат. Анан (башкаларды) Аллахтын Жолунан тосушат. Аларга (кыяматта) кордоочу азап бар!

17 (Жыйнаган) мал-дүйнөсү менен перзенттери аны Аллах тарабынан (азап болуп келген) эч нерседен тосо албайт! Алар – тозок ээлери! Анда түбөлүк калышат![4]

18 Аллах алардын бардыгын кайра тирилткенде, силерге ант ичкен сыяктуу Ага да ант иче башташат жана бул аларга пайда берет деп ойлошот. Эй, уккула! Алар – чектен чыккан жалганчылар!

19 Аларды шайтан бийлеп алып, Аллахты эскерүүнү унуттурган. Алар – шайтандын жамааты! Эй, уккула, шайтандын жамааты (эки дүйнөдө тең) зыян тартуучулар!

20 Аллахка жана пайгамбарына душмандык жасагандар кор болгондордун сабында!

21 Аллах (Өзүнүн тагдыр китебинде) «Мен жана Менин пайгамбарларым –

---

1 Пайгамбарыбыз менен жекече сүйлөшүүнү каалагандар көбөйүп, адамдар кезек күтүп, мунун натыйжасында пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам эс алууга да убакыт таппай калганда Аллах Таала ушул өкүмдү парыз кылды.

2 Намаз менен зекет башка ибадаттарга эне сыяктуу. Ушул экөөнү толук аткаргандар башкаларын да аткарат. Экөөнү аткарбагандар башка ибадаттарды да жарытпайт. Ал эми, эч кандай себепсиз намаз окубай жүргөн адамдардын башка ибадаттары кабыл болбойт.

3 Мусулман дейин десең , ичи каапыр. Яхудий дейин десең , мусулмандар менен жанаша намаз окуп, орозо кармап жүрүшөт.

4 Бул айтылгандар сөзү жана иши менен Аллахтын жолунан тоскон ар бир адамга тиешелүү.

жеңүүчүлөрбүз» деп жазып койгон. Аллах баарынан Күчтүү, баарынан Кудуреттүү.

22 (Эй, Мухаммад!) сен Аллахка жана акырет күнүнө бекем ыйман келтирген адамдарды (эч качан) Аллахтын жана Анын пайгамбарынын душмандарын дос тутканын көрбөйсүң, эгер ал(душманд)ар алардын аталары, перзенттери, ага-инилери жана тууган-туушкандары болсо да! Дал ушулар Аллах алардын жүрөгүнө ыйманды жазып койгон жана Өзүнүн Руху менен кубаттаган адамдар! Аларды (кыяматта) түбүнөн дарыялар агып турган, анда түбөлүк калчу бейиштерге киргизет. Аллах алардан ыраазы болду, алар даг Аллахтан ыраазы болушту! Мына ушулар – Аллахтын жамааты! Эй, уккула: Аллахтын жамааты гана жеңишке жетет!

## 59-«Хашыр» сүрөсү[1]

لَّا تَجِدُ قَوْمًا يُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْءَاخِرِ يُوَآدُّونَ مَنْ
حَآدَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَلَوْ كَانُوٓا۟ ءَابَآءَهُمْ أَوْ أَبْنَآءَهُمْ
أَوْ إِخْوَٰنَهُمْ أَوْ عَشِيرَتَهُمْ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ كَتَبَ فِى قُلُوبِهِمُ
ٱلْإِيمَٰنَ وَأَيَّدَهُم بِرُوحٍ مِّنْهُ ۖ وَيُدْخِلُهُمْ جَنَّٰتٍ تَجْرِى
مِن تَحْتِهَا ٱلْأَنْهَٰرُ خَٰلِدِينَ فِيهَا ۚ رَضِىَ ٱللَّهُ عَنْهُمْ وَرَضُوا۟
عَنْهُ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ حِزْبُ ٱللَّهِ ۚ أَلَآ إِنَّ حِزْبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلْمُفْلِحُونَ ٢٢

ترتيبها ٥٩ — سُورَةُ الحَشْرِ — آياتها ٢٤

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

سَبَّحَ لِلَّهِ مَا فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِى ٱلْأَرْضِ ۖ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْحَكِيمُ
١ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَخْرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ مِن دِيَٰرِهِمْ
لِأَوَّلِ ٱلْحَشْرِ ۚ مَا ظَنَنتُمْ أَن يَخْرُجُوا۟ ۖ وَظَنُّوٓا۟ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمْ
حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنْ حَيْثُ لَمْ يَحْتَسِبُوا۟ ۖ وَقَذَفَ
فِى قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعْبَ ۚ يُخْرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيْدِيهِمْ وَأَيْدِى ٱلْمُؤْمِنِينَ
فَٱعْتَبِرُوا۟ يَٰٓأُو۟لِى ٱلْأَبْصَٰرِ ٢ وَلَوْلَآ أَن كَتَبَ ٱللَّهُ عَلَيْهِمُ
ٱلْجَلَآءَ لَعَذَّبَهُمْ فِى ٱلدُّنْيَا ۖ وَلَهُمْ فِى ٱلْءَاخِرَةِ عَذَابُ ٱلنَّارِ ٣

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Аллахка асмандар жана жердегинин бардыгы тасбех айтты! Ал – Кудуреттүү, Даанышман!

2 Ал китеп элдеринен турган каапырларды журттарынан биринчи

[1] Бул сүрө Мадинада түшкөн жана жыйырма төрт аяттан турат. «Хашырдын» мааниси «сүргүн». Бул сүрөнүн дагы бир аталышы «Бану Назир». Анткени, сүрөдө Бану Назир яхудийлерин сүргүн кылуу окуясы баяндалат. Окуучуга сүрө аяттары түшүнүктүүраак болушу үчүн ошол окуяларга учкай токтолуп кетебиз.

…П айгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Маккадан Мадинага хижрат кылып келген учурда булл жерде бир нече яхудий уруулары жашаган. Бану Назир ошол уруулардын бири. Пайгамбарыбыз Мадинага ислам саясатын жайылта баштаганда яхудий уруулары менен өз ара тынчтык жана кол салышпастык келишимин түзгөн. Анан, белгилүү «Бадр» согушунда аз сандуу мусулмандар үч эсе көп Макка мушриктерин жең ип алышканда, яхудийлер далбасага түшүп «булардын бир эсебин таппаса болбойт» деп ойлоп жүрүшкөн. Арадан көп өтпөй «Ухуд» согушу болуп, анда мусулмандар жең илет. Дал ушундай мезгилди күтүп турган яхудийлер дароо мушриктерге жетип барышып, алар менен мусулмандарга каршы күрөшүүгө сүйлөшүшт. дагы бир мезгилде пайгамбарыбыз бир жумуш менен Бану Назирге барып, бир үйдүн түбүндө эс алып турганда яхудийлер үстүнөн чоң таш кулатышып, жанына кастык жасашат. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Аллахтан келген вахий кабары себептүү эки кутумдан тең кабардар болот жана тезинен Мадинага барып, Бану назирге каршы кол курап келип, алардын чептерин курчоого алып, курма бактарын кестирип кысымды күчөтөт. Арадан бир нече күн өткөндөн соң , яхудийлер элчи жиберишип, кыянаттык менен бузган келишимдерин жаң ылоону сунуш кылышат. Бирок, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам кыянатчылар менен эч кандай келлишим болбостугун билдирет жана яхудийлерге мөөнөт берип, ар бир адам бир төө көтөргүдөй жүк-тагын алып шаардан чыгып кетүүнү талап кылат. Кыянатчы Бану Назир уруусу ушинтип «Хайбар» деген жерге сүргүн кылынат. Бирок, яхудийлер тымызын кыянаттарын уланта бергени себептүү кийинчерээк аларды Хайбардан да kууп чыгарылат. Ошондуктан сүрөнүн башында Бану Назир сүргүнүн «биринчи сүргүн» деп аталган.

ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ شَاقُّوا اللَّهَ وَرَسُولَهُ ۖ وَمَن يُشَاقِّ اللَّهَ فَإِنَّ اللَّهَ شَدِيدُ
الْعِقَابِ ﴿٤﴾ مَا قَطَعْتُم مِّن لِّينَةٍ أَوْ تَرَكْتُمُوهَا قَائِمَةً
عَلَىٰ أُصُولِهَا فَبِإِذْنِ اللَّهِ وَلِيُخْزِيَ الْفَاسِقِينَ ﴿٥﴾ وَمَا أَفَاءَ اللَّهُ
عَلَىٰ رَسُولِهِ مِنْهُمْ فَمَا أَوْجَفْتُمْ عَلَيْهِ مِنْ خَيْلٍ وَلَا رِكَابٍ
وَلَٰكِنَّ اللَّهَ يُسَلِّطُ رُسُلَهُ عَلَىٰ مَن يَشَاءُ ۚ وَاللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيْءٍ
قَدِيرٌ ﴿٦﴾ مَّا أَفَاءَ اللَّهُ عَلَىٰ رَسُولِهِ مِنْ أَهْلِ الْقُرَىٰ فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ
وَلِذِي الْقُرْبَىٰ وَالْيَتَامَىٰ وَالْمَسَاكِينِ وَابْنِ السَّبِيلِ كَيْ لَا يَكُونَ
دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنكُمْ ۚ وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا
نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانتَهُوا ۚ وَاتَّقُوا اللَّهَ ۖ إِنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ ﴿٧﴾
لِلْفُقَرَاءِ الْمُهَاجِرِينَ الَّذِينَ أُخْرِجُوا مِن دِيَارِهِمْ وَأَمْوَالِهِمْ
يَبْتَغُونَ فَضْلًا مِّنَ اللَّهِ وَرِضْوَانًا وَيَنصُرُونَ اللَّهَ وَرَسُولَهُ ۚ أُولَٰئِكَ
هُمُ الصَّادِقُونَ ﴿٨﴾ وَالَّذِينَ تَبَوَّءُوا الدَّارَ وَالْإِيمَانَ مِن قَبْلِهِمْ
يُحِبُّونَ مَنْ هَاجَرَ إِلَيْهِمْ وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمْ حَاجَةً
مِّمَّا أُوتُوا وَيُؤْثِرُونَ عَلَىٰ أَنفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ ۚ
وَمَن يُوقَ شُحَّ نَفْسِهِ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ ﴿٩﴾

сүргүн үчүн чыгарды. Силер (эй, момундар, алардын чептери бекем болгондуктан) аларды чыгат деп ойлогон эмессиңер. Жана алар дагы (бийик) сепилдери өздөрүн Аллахтан коргоп калат деп ойлошкон. Анан Аллах(тын жазасы) аларга күтпөгөн тараптан келип, жүрөктөрүнө коркуу салды[1] эле, үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен талкалап киришти. Эй, акылдуу адамдар! (Бул окуядан) сабак алгыла!
3 Эгер Аллах аларга көчүп кетүүнү (тагдыр кылып) жазбаганда, (ушул) дүйнөдө (өлүм же кулчулук сыяктуу жаза менен) жазаламак. Аларга акыретте да тозок азабы бар.
4 Мунун себеби, алар Аллах менен Анын пайгамбарына душман чыгышты. Ким Аллахка душман болсо, (билип алсын:) Аллахтын жазасы катуу!
5 (Эй, момундар!) эгер алардын курма бактарын кессеңер же тамырында турган бойдон калтырган болсоңор, (бардыгын) Аллахтын уруксаты менен жана бузукулардын адебин бериш үчүн жасадыңар[2].
6 Аллах Өз пайгамбарына алардан олжолоп берген нерсеге силер ат чаптырып, төө жорттуруп барбадыңар. Бирок, Аллах Өзүнүн пайгамбарларын каалаган пенделеринин үстүнөн жеңүүчү кылат. Аллах ар нерсеге Кудуреттүү.
7 Аллах (Бану Назир) айыл элинен Өз пайгамбарына олжолоп берген нерсе Аллахка[3], пайгамбарга, (пайгамбарга караштуу) тууган-туушкандарга[4], жетимдерге, бей-бечараларга жана мусапырларга (бөлүнөт. Мунун себеби байлык) араңардагы (бир ууч) байлардын колунда гана айланган мүлк болуп (кембагалдар бейнасип) калбаш үчүн.[5] Жана (эй, момундар!) пайгамбар силерди эмнеге буюрса, дароо кабыл алгыла, эмнеден кайтарса, ошол замат кайткыла! Аллахтан корккула, чынында Аллахтын азабы катуу!
8 (Жана ал олжолор) журттарынан (Маккадан) жана мал-мүлкүнөн чыгарып

---

[1] Яхудийлердин сепилдери чынында бекем, бийик болчу. Алар эшиктерин бекем жаап алышып, астейдил коргонууну максат кылышкан. Бирок, Аллах Таала Өзүнүн «коркуу» деген аскерлерин алардын жүрөгүнө багыттады. Натыйжада азыр эле эрдемсинип турган яхудийлер титиреп-какшап, көчүп кетүү үчүн өз үйлөрүн өз колдору менен буза баштады.

[2] Мусулмандар курчоодогу Бану Назирди алсыратыш үчүн курма бактарын кесе баштаганда, мунафыктар муну айыптап чыгышты. Мындай адат мусулмандардын согуш эрежесинде да жок болчу. Ошондуктан, пайгамбарыбыз дагы кыжаалат болуп турганда ушул аят түшүп, арадан кыжаалатчылык көтөрүлдү.

[3] Аллахтын дининин күч алышы үчүн

[4] Мунун себеби, пайгамбар менен анын тууганлары саадака жебейт.

[5] Мурунку замандарда көбүнчө аскерлерди улоо жана курал-жарак менен бай адамдар каржылап, олжону дагы байлар алышкан. Бул аят ошол эрежени жокко чыгарды.

وَٱلَّذِينَ جَآءُو مِنۢ بَعۡدِهِمۡ يَقُولُونَ رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا
وَلِإِخۡوَٰنِنَا ٱلَّذِينَ سَبَقُونَا بِٱلۡإِيمَٰنِ وَلَا تَجۡعَلۡ فِي قُلُوبِنَا
غِلّٗا لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ رَبَّنَآ إِنَّكَ رَءُوفٞ رَّحِيمٌ ١٠ أَلَمۡ تَرَ إِلَى
ٱلَّذِينَ نَافَقُواْ يَقُولُونَ لِإِخۡوَٰنِهِمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ
ٱلۡكِتَٰبِ لَئِنۡ أُخۡرِجۡتُمۡ لَنَخۡرُجَنَّ مَعَكُمۡ وَلَا نُطِيعُ فِيكُمۡ
أَحَدًا أَبَدٗا وَإِن قُوتِلۡتُمۡ لَنَنصُرَنَّكُمۡ وَٱللَّهُ يَشۡهَدُ إِنَّهُمۡ لَكَٰذِبُونَ
١١ لَئِنۡ أُخۡرِجُواْ لَا يَخۡرُجُونَ مَعَهُمۡ وَلَئِن قُوتِلُواْ لَا يَنصُرُونَهُمۡ
وَلَئِن نَّصَرُوهُمۡ لَيُوَلُّنَّ ٱلۡأَدۡبَٰرَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ ١٢
لَأَنتُمۡ أَشَدُّ رَهۡبَةٗ فِي صُدُورِهِم مِّنَ ٱللَّهِۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَوۡمٞ
لَّا يَفۡقَهُونَ ١٣ لَا يُقَٰتِلُونَكُمۡ جَمِيعًا إِلَّا فِي قُرٗى
مُّحَصَّنَةٍ أَوۡ مِن وَرَآءِ جُدُرِۭۚ بَأۡسُهُم بَيۡنَهُمۡ شَدِيدٞۚ تَحۡسَبُهُمۡ
جَمِيعٗا وَقُلُوبُهُمۡ شَتَّىٰۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمۡ قَوۡمٞ لَّا يَعۡقِلُونَ ١٤
كَمَثَلِ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ قَرِيبٗاۖ ذَاقُواْ وَبَالَ أَمۡرِهِمۡ وَلَهُمۡ عَذَابٌ
أَلِيمٞ ١٥ كَمَثَلِ ٱلشَّيۡطَٰنِ إِذۡ قَالَ لِلۡإِنسَٰنِ ٱكۡفُرۡ فَلَمَّا كَفَرَ
قَالَ إِنِّي بَرِيٓءٞ مِّنكَ إِنِّيٓ أَخَافُ ٱللَّهَ رَبَّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ١٦

жиберилген кембагал мухажирлерге (бөлүнөт). Алар (хижрат кылуу менен) Аллахтын пазилетин, ыразычылыгын үмүт кылышкан жана Аллах(тын дини) менен пайгамбарына жардам беришкен. Алар (ыйманында) чынчыл пенделер!

9 Ал эми, аларды (алардын көчүп келишин) утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мадиналык) момундар, өздөрүнө хижрат кылып клгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды(н пайдасын) өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсинин ачкөздүгүнөн сактана алса, дал ошолор гана жеңишке (Бейишке) жетет.

10 Алардан (Мухажирлер жана ансарлардан куралган абалкы мусулман уммасынан )кийин келген адамдар (дубатилектеринде мындай) дешет: «Эй, парбардигерибиз!Бизди жана бизден мурда ыйман менен өткн бурадарларыбызды кечире көр! Биздин жүрөгүбүзгө ыймандуу адамдарга карата жек көрүүнү салба! Эй, парбардигерибиз! Өзүң Ырайымдуу, Боорукерсиң!

11 (Эй, Мухаммад!) мунафык адамдарга карабайсыңбы, китеп ээлеринен болгон нөктөштөрүнө келип: «эгер силер (Мадинадан) чыгарылсаңар, биз дагы силер менен бирге чыгабыз! Силер(ге зыян жеткирүү) жөнүндө эч качан, эч кимге моюн сунбайбыз! Эгер силерге согуш ачылса, албетте жардам беребиз!» дешет. Бирок, алардын анык жалганчы экенине Аллах күбө!

12 Эгер алар чыгарылса, (мунафыктар) алар менен бирге чыкпайт жана эгер өлтүтүрүлүп жатса да эч жардам беришпейт. Жардам берген күндө деле артына карап качышмак жана (аларга Аллахтан) жардам берилбей калмак.

13 (Эй, ыйман жоокерлери! Алардын сепилдерин курчап турганыңарда) силер алардын жүрөетөрүнө Аллахтан да айбаттуураак сезилдиңер[1]. Мунун себеби, алар (Аллахтын кудуретин) билбеген коом эле.

14 Алар силер менен (ачык майданда) биримдикте согуша албайт. Чеп менен оролгон шаарларынын ичинде же дубалдардын ар жагында гана («чогуу» боло алышат). Алардын айбат-сүрү здрүнүн ичинде гана күчтүү. (Ошондуктан,) аларды биримдикте деп ойлойсуңар. Бирок, алардын жүрөктөрү ыдырап бүткөн. Мунун себеби, алар (Аллахтын аяттарынын алдында) акылын иштетпеген коом.

15 Алар өздөрүнөн бир аз эле мурдагы кылмышынын жазасын тарткан (каапыр)

[1] Алар Аллахтан коркуунун ордуна жоокерлерден коркушту. Бирок, алар чындап корккон нерсе (корку сезими) Аллах тараптан келди.

فَكَانَ عَٰقِبَتَهُمَآ أَنَّهُمَا فِى ٱلنَّارِ خَٰلِدَيْنِ فِيهَا ۚ وَذَٰلِكَ جَزَٰٓؤُا۟
ٱلظَّٰلِمِينَ ﴿١٧﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ ٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ وَلْتَنظُرْ
نَفْسٌ مَّا قَدَّمَتْ لِغَدٍ ۖ وَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرٌۢ بِمَا تَعْمَلُونَ
﴿١٨﴾ وَلَا تَكُونُوا۟ كَٱلَّذِينَ نَسُوا۟ ٱللَّهَ فَأَنسَىٰهُمْ أَنفُسَهُمْ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ
هُمُ ٱلْفَٰسِقُونَ ﴿١٩﴾ لَا يَسْتَوِىٓ أَصْحَٰبُ ٱلنَّارِ وَأَصْحَٰبُ
ٱلْجَنَّةِ ۚ أَصْحَٰبُ ٱلْجَنَّةِ هُمُ ٱلْفَآئِزُونَ ﴿٢٠﴾ لَوْ أَنزَلْنَا هَٰذَا
ٱلْقُرْءَانَ عَلَىٰ جَبَلٍ لَّرَأَيْتَهُۥ خَٰشِعًا مُّتَصَدِّعًا مِّنْ خَشْيَةِ
ٱللَّهِ ۚ وَتِلْكَ ٱلْأَمْثَٰلُ نَضْرِبُهَا لِلنَّاسِ لَعَلَّهُمْ يَتَفَكَّرُونَ
﴿٢١﴾ هُوَ ٱللَّهُ ٱلَّذِى لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ۖ عَٰلِمُ ٱلْغَيْبِ وَٱلشَّهَٰدَةِ ۖ
هُوَ ٱلرَّحْمَٰنُ ٱلرَّحِيمُ ﴿٢٢﴾ هُوَ ٱللَّهُ ٱلَّذِى لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ
ٱلْمَلِكُ ٱلْقُدُّوسُ ٱلسَّلَٰمُ ٱلْمُؤْمِنُ ٱلْمُهَيْمِنُ ٱلْعَزِيزُ
ٱلْجَبَّارُ ٱلْمُتَكَبِّرُ ۚ سُبْحَٰنَ ٱللَّهِ عَمَّا يُشْرِكُونَ
﴿٢٣﴾ هُوَ ٱللَّهُ ٱلْخَٰلِقُ ٱلْبَارِئُ ٱلْمُصَوِّرُ ۖ لَهُ ٱلْأَسْمَآءُ ٱلْحُسْنَىٰ ۚ
يُسَبِّحُ لَهُۥ مَا فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ ۖ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْحَكِيمُ ﴿٢٤﴾

ترتيبها ٦٠ — سُورَةُ ٱلْمُمْتَحَنَةِ — آياتها ١٣

адамдарга окшойт[1]. Аларга жан ооруткан азап бар.

(16) (Ал эми, аларды согушка козутуп, өздөрү келбей койгон мунафыктар) шайтанга окшойт. Бир кезде ал инсанга (каапырчылыкты кооз көргөзүп): «каапыр бол» деди. Каапыр болду эле, (дароо өзүн ала качып): «сени менен ишим жок. Мен ааламдардын Раббисинен коркомун!» деди.

(17) Анан экөөнүн тең акыбети тозокто түбөлүк калуу болуп калды. Заалымдардын жазасы – ушул!

(18) Эй, ыйман келтирген пенделер! Аллахтан корккула! Ар бирж ан эртеңки (кыямат) күн үчүн эмне алып келгенине карасын! Аллахтан корккула! Аллах эмне иш жасап жатканыңардан Кабардар.

(19) Аллахты унуткан, натыйжада Аллах өздөрүн-өздөрүнө унуттурган адамдарга окшобогула! Алар – бузулган (Аллахка моюн сунбаган) адамдар.

(20) Тозок элдери менен Бейиш элдери тең эмес. Бейишилер – алар жеңүүчүлөр!

(21) Эгер Биз мына бул Курааанды (бир) тоого түшүргөнүбүздө, сен анын Аллахтан корккконунан баш ийип, тытылып кеткенин көрмөксүң. Биз бул салыштырууларды, пикирин иштетсе ажеп эмес деп адамдарга айтып беребиз.

(22) Ал – Аллах! Бир Өзүнөн башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок! Крүнгөндү да, көмүскөнү да Билүүчү! Ал – Ырайымдуу, Мээримдүү!

(23) Ал – Аллах! Бир Өзүнөн башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок! Ал – Малик, Куддус, Салам, Муьмин, Мухаймин, Азиз, Жаббар, Мутакаббир[2]!

(24) Ал – Аллах, Хаалык, Баарив жана Мусаввир! Анын сонун-көркөм ысымдары бар. Ага асмандардагы жана жердеги бардык нерселер тасбех айтат. Ал – Азиз, Хакийм!

---

[1] Бану Назир окуясынан бир аз мурдараак шан-шөкөт менен, айбаттуудай көрүнүп «Бадр» согушуна келген Макка мушриктери өздөрүнөн үч эсе аз мусулмандардан жеӊ илип калышкан.

[2] Булар жана кийинки аяттагылар Аллах Тааланын Курааны Каримде келген ысымдарынан. Булардын маанисин сөз башы бөлүмүндөгү «Аль-асмаа ул хуснаа» темасынан караӊ ыз.

# 60-«Мумтахана» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Эй, ыйман келтирген пенделер! Менин жана өзүңөрдүн душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук (катын) жиберип жатасыңар. Алар силерге келген Акыйкатка каапыр болушкан! Силерди жана пайгамбарды Аллахка – Раббиңерге ыйман келтиргениңер үчүн гана (Маккадан айдап) чыгарышууда! Эгер силер Менин ыраазычылыгымды гана үмүт кылып, Менин Жолумда гана жихад кылуу үчүн чыккан болсоңор (аларды дос тутпагыла!) Силер болсо жашыруун достошуп жатасыңар! Мен силер ичиңерге каткан нерсени да, ашкере кылган нерселерди да эң жакшы билемин! Силерден ким муну жасаса, ал Т/з Жолдон адашыптыр!

2 Алар[2] эгерде силерди(н зыяныңарга бир мүмкүнчүлүк) таап калса эле, ошол замат душман болуп, колдору менен тилдерин силерге жамандык менен агытышат жана каапыр болушуңарды самап турушат.

3 Бала-чакаңар менен тууган-уругуңар кыяматта силерге пайда жеткире албайт[3], (Аллах) араңарды бөлүп койот. Аллах эмне иш жасаганыңарды Көрүүчү.

4 Силер үчүн (Аллахтын пайгамбары) Ибрахимде жана анны менен бирге болгон (ыймандуу) адамдард(ын жашоосунд)а үлгү-сабак бар: бир кезде алар (каапыр) элдерине «биз силерден жана Аллахтан башка силер сыйынган кудайлардан «кол жууп», силерге каапыр болдук! Эми, биз менен силердин араңарда, качан жеке-жалгыз Аллахка ыйман келтиргениңерге чейин түгөнгүс душманчылык жана жек көрүү пайдаа болду!» деп айтышкан. Бирок, Ибрахимдин атасына карата «мен сизге (Аллахтан) кечирим сураймын. Сизге Аллах тарабынан (келе турган азаптан) эч нерсени кайтарууга кудуретим жетпейт» деген сөзүн (үлгү кылбагыла)[4]

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمۡ أَوۡلِيَآءَ تُلۡقُونَ
إِلَيۡهِم بِٱلۡمَوَدَّةِ وَقَدۡ كَفَرُواْ بِمَا جَآءَكُم مِّنَ ٱلۡحَقِّ يُخۡرِجُونَ ٱلرَّسُولَ
وَإِيَّاكُمۡ أَن تُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ رَبِّكُمۡ إِن كُنتُمۡ خَرَجۡتُمۡ جِهَٰدٗا فِي سَبِيلِي
وَٱبۡتِغَآءَ مَرۡضَاتِيۚ تُسِرُّونَ إِلَيۡهِم بِٱلۡمَوَدَّةِ وَأَنَا۠ أَعۡلَمُ بِمَآ أَخۡفَيۡتُمۡ
وَمَآ أَعۡلَنتُمۡۚ وَمَن يَفۡعَلۡهُ مِنكُمۡ فَقَدۡ ضَلَّ سَوَآءَ ٱلسَّبِيلِ ١ إِن
يَثۡقَفُوكُمۡ يَكُونُواْ لَكُمۡ أَعۡدَآءٗ وَيَبۡسُطُوٓاْ إِلَيۡكُمۡ أَيۡدِيَهُمۡ وَأَلۡسِنَتَهُم
بِٱلسُّوٓءِ وَوَدُّواْ لَوۡ تَكۡفُرُونَ ٢ لَن تَنفَعَكُمۡ أَرۡحَامُكُمۡ وَلَآ أَوۡلَٰدُكُمۡۚ
يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ يَفۡصِلُ بَيۡنَكُمۡۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعۡمَلُونَ بَصِيرٞ ٣ قَدۡ
كَانَتۡ لَكُمۡ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٞ فِيٓ إِبۡرَٰهِيمَ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ إِذۡ قَالُواْ لِقَوۡمِهِمۡ
إِنَّا بُرَءَٰٓؤُاْ مِنكُمۡ وَمِمَّا تَعۡبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ كَفَرۡنَا بِكُمۡ وَبَدَا بَيۡنَنَا
وَبَيۡنَكُمُ ٱلۡعَدَٰوَةُ وَٱلۡبَغۡضَآءُ أَبَدًا حَتَّىٰ تُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ وَحۡدَهُۥٓ إِلَّا
قَوۡلَ إِبۡرَٰهِيمَ لِأَبِيهِ لَأَسۡتَغۡفِرَنَّ لَكَ وَمَآ أَمۡلِكُ لَكَ مِنَ ٱللَّهِ مِن شَيۡءٖۖ
رَّبَّنَا عَلَيۡكَ تَوَكَّلۡنَا وَإِلَيۡكَ أَنَبۡنَا وَإِلَيۡكَ ٱلۡمَصِيرُ ٤ رَبَّنَا لَا تَجۡعَلۡنَا
فِتۡنَةٗ لِّلَّذِينَ كَفَرُواْ وَٱغۡفِرۡ لَنَا رَبَّنَآۖ إِنَّكَ أَنتَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ ٥

---

1 Бул сүрө Мадинада түшкөн жана он үч аяттан турат. «Мумтахана» «сыналган аялдар» деп которулат. Сүрөнүн түшүүсүнө төмөндөгү окуя себеп болгон: Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Макканы фатых кылуу үчүн аскерий даярдык баштаганда Хатип ибн Абу Балтаьа деген киши Макка мушриктерине окуяны баяндап кат жазып, бир аялдан берип жиберет. Бирок, Аллах Таала вахий кылып бул иштин сырын пайгамбарыбызга бидирет жана Азиретибиз чабарман аялды жолдон карматып, Хатипке: «булл эмне кылганың ?!» дегенде, ал «Маккада бала-чакасы бар экенин, алар коргоочусуз калганын, булл ишти каапырчылык же чыккынчылык ниетинде эмес, тек гана мушриктерге жагынып үй-бүлөсүн алардын жамандыгынан сактап калуу үчүн жасаганын айтып жан соога сурайт. Ал эми, «мумтахана» (сыналган аялдар) жөнүндө сүрөнүн онунчу аятында сөз болот.

2 Макка мушриктери

3 Силер ошолрду деп душманга дос болгон элең ер

4 Мунун себеби, каапырларга Аллахтан кечирим суралбайт. Ибрахим алейхи салам

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِيهِمْ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرْجُوا۟ ٱللَّهَ وَٱلْيَوْمَ ٱلْـَٔاخِرَ ۚ
وَمَن يَتَوَلَّ فَإِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلْغَنِىُّ ٱلْحَمِيدُ ﴿٦﴾ ۞ عَسَى ٱللَّهُ أَن يَجْعَلَ
بَيْنَكُمْ وَبَيْنَ ٱلَّذِينَ عَادَيْتُم مِّنْهُم مَّوَدَّةً ۚ وَٱللَّهُ قَدِيرٌ ۚ وَٱللَّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ
﴿٧﴾ لَّا يَنْهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ لَمْ يُقَٰتِلُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُم
مِّن دِيَٰرِكُمْ أَن تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوٓا۟ إِلَيْهِمْ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلْمُقْسِطِينَ
﴿٨﴾ إِنَّمَا يَنْهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ قَٰتَلُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ وَأَخْرَجُوكُم
مِّن دِيَٰرِكُمْ وَظَٰهَرُوا۟ عَلَىٰٓ إِخْرَاجِكُمْ أَن تَوَلَّوْهُمْ ۚ وَمَن يَتَوَلَّهُمْ فَأُو۟لَٰٓئِكَ
هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ ﴿٩﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِذَا جَآءَكُمُ ٱلْمُؤْمِنَٰتُ
مُهَٰجِرَٰتٍ فَٱمْتَحِنُوهُنَّ ۖ ٱللَّهُ أَعْلَمُ بِإِيمَٰنِهِنَّ ۖ فَإِنْ عَلِمْتُمُوهُنَّ مُؤْمِنَٰتٍ
فَلَا تَرْجِعُوهُنَّ إِلَى ٱلْكُفَّارِ ۖ لَا هُنَّ حِلٌّ لَّهُمْ وَلَا هُمْ يَحِلُّونَ لَهُنَّ ۖ وَءَاتُوهُم
مَّآ أَنفَقُوا۟ ۚ وَلَا جُنَاحَ عَلَيْكُمْ أَن تَنكِحُوهُنَّ إِذَآ ءَاتَيْتُمُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ ۚ
وَلَا تُمْسِكُوا۟ بِعِصَمِ ٱلْكَوَافِرِ وَسْـَٔلُوا۟ مَآ أَنفَقْتُمْ وَلْيَسْـَٔلُوا۟ مَآ أَنفَقُوا۟ ۚ
ذَٰلِكُمْ حُكْمُ ٱللَّهِ ۖ يَحْكُمُ بَيْنَكُمْ ۚ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ ﴿١٠﴾ وَإِن فَاتَكُمْ
شَىْءٌ مِّنْ أَزْوَٰجِكُمْ إِلَى ٱلْكُفَّارِ فَعَاقَبْتُمْ فَـَٔاتُوا۟ ٱلَّذِينَ ذَهَبَتْ
أَزْوَٰجُهُم مِّثْلَ مَآ أَنفَقُوا۟ ۚ وَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ ٱلَّذِىٓ أَنتُم بِهِۦ مُؤْمِنُونَ ﴿١١﴾

(5) Эй, Парбардигерибиз! Бизди каапырларга фитна (көз каранды) кылбагай элең[1] жана күнөөлөрүбүздү кечиргей элең! Эй, Парбардигерибиз! Аныгында Сен Кудуреттүү, Даанышмансың!

(6) Аларда силер – Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтиргендер үчүн эң сонун үлгүлөр бар. Ким (үлгү алуудан) жүз бурса, (билип койгула:) Аллах Беймуктаж, Даңазалуу Зат!

(7) Аллах алардын (Макка мушриктеринин) ичиндеги силер душмандашкан адамдар менен араңарда достук жаратып койсо ажеп эмес. Аллах (буга) Кудуреттүү! Аллах – Кечиримдүү, Мээримдүү!

(8) Силер менен дин себептүү согушпаган жана силерди мекениңерден чыгарбаган адамдарга жакшылык жана адилет кылуудан Аллах силерди кайтарбайт. Аллах адилеттүүлөрдү сүйөт.

(9) Аллах силерди, силерге каршы дин себептүү согушуп, мекениңерден чыгарган жана жана чыгарууга жардам берген адамдарды дос тутуудан кайтарат. Ким аларды дос туткан болсо, алар анык заалымдар!

(10) Эй, ыйман келтирген пенделер! Эгер силерге ыймандуу аялдар хижрат кылып келсе, аларды сынагыла. Аллах алардын ыйманын эң жакшы билет. Эгер алардын ыймандуу экенин аныктасаңар, каапырларга кайтарып жибербегиле. (Себеби,) алар мушриктерге адал эмес, мушриктер аларга адал эмес.[2] Жана (эгер үйлөнсөңөр) аларга (мушрик күйөөлөрү) берген өлчөмдөгү махырды бергиле. Качан (ушул) махырды төлөсөңөр, аларга үйлөнүүдө силерге күнөө жок. Жана каапыр болуп (Мадинадан Маккага кетип) калган аялдардын билегинен да кармабагыла[3]! Кийин алардан берген махырыңарды сурап алгыла, алар (силер үйлөнгөн мухажир аялдардын Маккада калган мушрик күйөөлөрү) дагы (ал аялдарга) берген махырын силерден сурап алышсын. Аллахтын өкүмү – ушул. Ал силердин араңарда өкүм кылат. Аллах Билүүчү, Даанышман!

(11) Эгерде, силердин аялдардан кимдир бирөөсү каапырлар тарапка өтүп (бир

---

бул сөзүн атасынын ишеними кандай экенин билбей туруп айткан. Качан гана атасынын Аллах душманы экени ашкере болгондо «Эй, атаке! Мен сизден жана сиздин кудайларыңыздан кечтим!» деп араны ачык кылган.

[1] Бизди каапырлардын колу менен азапка салбагай элең !

[2] Күндөрдүн биринде бир нече аялдар исламга кирип Макка мушриктеринен качып, Мадинага хижрат кылып келишет. Бирок, ошого чейин Пайгамбарыбыз менен мушриктердин арасында «Маккадан Мадинага качып келгендерди кайтарып берилет» деген келишим бар эле. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам «эгер бул аялдарды кайтарып жиберсем, мушрик күйөөлөрү менен турмушу кандай болот?» деп ойлонуп калганда, маселеге чечим катары Аллах Таала ушул аяттарды түшүргөн.

[3] Эгер ушундуй болсо, талак түшөт жана ал аял менен ажырашууга тура келет.

мушрикке тийип) кетсе, (жана анын мушрик эри силерге махырды кайрып бербесе) анан силер (согушта мушриктерди) жеңип алсаңар, аялы кетип калган кишилерге (олжодон) махыры барабарынча бөлүп бергиле. Жана өзүңөр ыйман келтирген Аллахтан корккула!

12 Эй, пайгамбар! Эгер сага ыймандуу аялдар келип, Аллахка эч несении шерик кылбоого, уурулук, зынаа кылбоого, (кыз төрөлгөн же төрөлө элек) балдарын өлтүрбөөгө, бирөөдөн бала арттырып эрине таңуулабоого жана жакшы (сооп) иштерге буюрганыңда сага каяша айтпоого ант беришсе[1], алардан антын кабыл ал жана алардын күнөөлөрүнө Аллахтан кечирим сура. Аллах Кечиримдүү, Ырайымдуу.

13 Эй, ыйман келтирген пенделер! Аллахтын каарына жолуккан (мушрик) коом менен дос болбогула! Каапырлар мүрзөдөгү адамдардан (алардын кайра тирилүүсүнөн) үмүт үзгөнү сыяктуу, алар (мушриктер) дагы Акыреттен үмүт кылышпайт.

## 61-«Сафф» сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Аллахка асмандардагы жана жердеги бардык нерселер тасбех айтты. Ал – Кудуреттүү, Даанышман!

2 Эй, момундар! Эмне үчүн жасабаган ишиңерди сүйлөйсүңөр?!

3 Жасабаган ишиңерди сүйлөө Аллахтын алдында эң чоң күнөө![3]

يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ إِذَا جَآءَكَ ٱلْمُؤْمِنَٰتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَىٰٓ أَن لَّا يُشْرِكْنَ
بِٱللَّهِ شَيْـًٔا وَلَا يَسْرِقْنَ وَلَا يَزْنِينَ وَلَا يَقْتُلْنَ أَوْلَٰدَهُنَّ وَلَا يَأْتِينَ
بِبُهْتَٰنٍ يَفْتَرِينَهُۥ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلَا يَعْصِينَكَ
فِى مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَٱسْتَغْفِرْ لَهُنَّ ٱللَّهَ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ
١٢ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تَتَوَلَّوْا۟ قَوْمًا غَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيْهِمْ
قَدْ يَئِسُوا۟ مِنَ ٱلْءَاخِرَةِ كَمَا يَئِسَ ٱلْكُفَّارُ مِنْ أَصْحَٰبِ ٱلْقُبُورِ ١٣

ترتيبها ٦١ — سُورَةُ الصَّفِّ — آياتها ١٤

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

سَبَّحَ لِلَّهِ مَا فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِى ٱلْأَرْضِ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْحَكِيمُ
١ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لِمَ تَقُولُونَ مَا لَا تَفْعَلُونَ ٢
كَبُرَ مَقْتًا عِندَ ٱللَّهِ أَن تَقُولُوا۟ مَا لَا تَفْعَلُونَ ٣ إِنَّ
ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلَّذِينَ يُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِهِۦ صَفًّا كَأَنَّهُم
بُنْيَٰنٌ مَّرْصُوصٌ ٤ وَإِذْ قَالَ مُوسَىٰ لِقَوْمِهِۦ يَٰقَوْمِ لِمَ
تُؤْذُونَنِى وَقَد تَّعْلَمُونَ أَنِّى رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيْكُمْ فَلَمَّا
زَاغُوٓا۟ أَزَاغَ ٱللَّهُ قُلُوبَهُمْ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلْفَٰسِقِينَ ٥

4 Аллах Өзүнүн Жолунда тегиз курулган үйлөр сыяктуу сап-сап болуп согушкан пенделерин сүйөт.

5 (Эй, Мухаммад!) эскергин, бир кезде Муса өзүнүн коомуна «эй, коомум! Эмнеге мени ирээнжитип жатасыңар? Мен Аллахтын силерге жиберилген пайгамбары экенимди билесиңер-го!» деди. Анан качан гана алар (акыйкаттан) бурулуп кеткенде, Аллах дагы алардын жүрөгүн (акыйкатты кабыл алуудан) буруп койду. Аллах бузуку коомду Туура Жолго баштабайт!

6 Эскергин, (бир кезде) Марямдын уулу Ыйса (мындай) деди: «эй, Исрайил урпактары! Мен силерге Аллахтан жиберилген пайгамбар боломун. (Мен) өзүмдөн мурдагы Тооратты(н өкүмдөрүн) тастыктаймын жана менден кийин келе турган, ысымы «Ахмад» болгон пайгамбар жөнүндө (алдын ала)

---

[1] Исламга кирген аялдар пайгамбарыбызга ушул иштерди жасабоого ант беришкен. Булл ант исламда «байөат» деп аталат.

[2] Бул сүрө Мадинада түшкөн. Он төрт аяттан турат. «Сафф» сөзүнүн мааниси «сап». Бул сөздөн Аллахтын жолунда сапка тизилип согушкан адамдар көздө тутулат.

[3] Кээ бир мусулмандар каапырлардын зулумуна чыдабай кеткенде «эх, качан Аллахтан согуш жөнүндө өкүм келээр экен» деп бейсабыр болушкан. Анан, убактысы жетип Аллах Тааладан жихадка чыккыла деген өкүм келгенде, жанагы «баатырлар» болбогур нерселерди шылтоолоп согуштан кара жанын калкалап калышты.

وَإِذْ قَالَ عِيسَى ٱبْنُ مَرْيَمَ يَٰبَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ إِنِّى رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيْكُم مُّصَدِّقًا
لِّمَا بَيْنَ يَدَىَّ مِنَ ٱلتَّوْرَىٰةِ وَمُبَشِّرًۢا بِرَسُولٍ يَأْتِى مِنۢ بَعْدِى ٱسْمُهُۥٓ أَحْمَدُ ۖ فَلَمَّا
جَآءَهُم بِٱلْبَيِّنَٰتِ قَالُوا۟ هَٰذَا سِحْرٌ مُّبِينٌ ﴿٦﴾ وَمَنْ أَظْلَمُ مِمَّنِ ٱفْتَرَىٰ
عَلَى ٱللَّهِ ٱلْكَذِبَ وَهُوَ يُدْعَىٰٓ إِلَى ٱلْإِسْلَٰمِ ۚ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلظَّٰلِمِينَ
﴿٧﴾ يُرِيدُونَ لِيُطْفِـُٔوا۟ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفْوَٰهِهِمْ وَٱللَّهُ مُتِمُّ نُورِهِۦ وَلَوْ كَرِهَ
ٱلْكَٰفِرُونَ ﴿٨﴾ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرْسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلْهُدَىٰ وَدِينِ ٱلْحَقِّ لِيُظْهِرَهُۥ
عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْمُشْرِكُونَ ﴿٩﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ هَلْ أَدُلُّكُمْ
عَلَىٰ تِجَٰرَةٍ تُنجِيكُم مِّنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ ﴿١٠﴾ تُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَتُجَٰهِدُونَ
فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ بِأَمْوَٰلِكُمْ وَأَنفُسِكُمْ ۚ ذَٰلِكُمْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ ﴿١١﴾
يَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَيُدْخِلْكُمْ جَنَّٰتٍ تَجْرِى مِن تَحْتِهَا ٱلْأَنْهَٰرُ وَمَسَٰكِنَ
طَيِّبَةً فِى جَنَّٰتِ عَدْنٍ ۚ ذَٰلِكَ ٱلْفَوْزُ ٱلْعَظِيمُ ﴿١٢﴾ وَأُخْرَىٰ تُحِبُّونَهَا ۖ نَصْرٌ
مِّنَ ٱللَّهِ وَفَتْحٌ قَرِيبٌ ۗ وَبَشِّرِ ٱلْمُؤْمِنِينَ ﴿١٣﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ كُونُوٓا۟
أَنصَارَ ٱللَّهِ كَمَا قَالَ عِيسَى ٱبْنُ مَرْيَمَ لِلْحَوَارِيِّۦنَ مَنْ أَنصَارِىٓ إِلَى ٱللَّهِ ۖ
قَالَ ٱلْحَوَارِيُّونَ نَحْنُ أَنصَارُ ٱللَّهِ ۖ فَـَٔامَنَت طَّآئِفَةٌ مِّنۢ بَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ
وَكَفَرَت طَّآئِفَةٌ ۖ فَأَيَّدْنَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ عَلَىٰ عَدُوِّهِمْ فَأَصْبَحُوا۟ ظَٰهِرِينَ ﴿١٤﴾

сүйүнчү кабар айтамын»[1]. Анан качан ал (Мухаммад) аларга анык далилдерди алып келгенде (ыйман келтирүүнүн ордуна) «бул анык сыйкыр-го!» дешти.

(7) Исламга чакырылганда Аллахка жалган токуган адамдан заалымыраак ким бар?! Аллах заалым адамдарды Туура Жолго баштабайт!

(8) Аллахтын Нурун оозу менен (үйлөп) өчүрүүнү каалашат! Бирок, каапырлар жаман көргөнү менен Аллах Өзүнүн Нурун толук (бүт ааламга) жеткирет!

(9) Ал Өзүнүн пайгамбарын Туура Жол жана Акыйкат Дин менен – ал динди бардык диндерден үстөм кылуу үчүн – жиберди[2]. Эгер мушриктер жаман көрсө да.

(10) Эй, ыйман келтирген пенделер! Мен силерди жан ооруткан азаптан сактап калчу «соодага» баштайынбы?

(11) (Ал сода төмөндөгүчө:) Аллахка жана Анын пайгамбарына ыйман келтиресиңер, Аллахтын Жолунда малыңар жана жаныңар менен жихад кыласыңар. Ушул силер үчүн жакшы (соода) эгер билсеңер.

(12) (Ошондо Аллах) силердин күнөөңөрдү кечирип, түбүнөн дарыялар аккан бейиштерге жана Адн (түбөлүктүүлүк) бейиштериндеги пакиза жашоо жайларына киргизет. Бул – Улуу Жеңиш!

(13) Дагы силер жакшы көргөн нерсени (да Аллах силерге белек кылат. Ал –) Аллахтын жардамы жана жакында келе турган жеңиш! (Эй, Мухаммад! Сен ушул жеңишти) ыймандууларга сүйүнчүлө!

(14) Эй, ыйман келтирген пенделер! Аллахтын (дининин) жардамчылары болгула! Ушул сыяктуу Марямдын уулу Ыйса дагы шакирттерине «Аллах Жолунда ким мага жардамчы болот?» дегенде, шакирттери «Биз – Аллахтын жардамчылары!» дешкен. Анан, Исрайил урпактарынан бир тайпасы (Ыйсанын динине) ыйман келтирип, дагы бир тайпалар каапыр болушту. Биз ыйман келтиргендерди душмандарынан кубаттуу кылдык эле, натыйжада алар жеңип чыгышты.

---

[1] «Ахмад» - бул пайгамбарыбыздын Инжилде жазылган аты. Бул ысымдын биринчи мааниси «Аллахты мактаган», экинчи мааниси «Макталган». Христиандар Инжилди өзгөрткөндө ал ысымды өчүрүп жиберишкен. Бирок, байыркы латин тилиндеги нускаларында «Параклет» (Макталган) деген ысым сакталып калган.

[2] Ушул күндөрдөгү акыркы маалыматтар ырастагандай, тутунган, ээрчиген адамдарынын саны боюнча, Ислам Дини дүйнөдө биринчи орунга чыкты!

# 62- «Жумьа» сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Аллахка асмандардагы жана жердеги бардык нерселер тасбех айтат. Ал – Малик, Куддус, Азиз жана Хакийм[2].

2 Ал уммий адамдар[3] арасына өздөрүнүн ичинен (тандап алган) элчи-пайгамбарды жиберди. Ошол (пайгамбар) аларга Аллахтын аяттарын тилават кылат, аларды (ширк жана башка күнөөлөрдөн) тазартат жана Китеп менен Сүннөттү таалим берет. Алар мындан мурда анык адашууда болушкан.

3 Жана (Аллах ал пайгамбарды) али аларга кошулбаган алардан башка элдерге[4] да жиберди. Ал – Кудуреттүү, Даанышман.

4 Бул Аллахтын каалаган пенделерине бере турган пазилети. Аллах улуу пазилет Ээси![5]

5 Тооратты (колдорунда) көтөргөнү менен, кийин анны(н өкүм-буйруктарын иш жүзүнө аткара) көтөрбөгөн адамдар, үстүнө көп китеп көтөргөн эшек сыяктуу. Аллахтын аяттарын жалганга чыгарган коомдун тамсили кандай жаман! Аллах заалым коомду Туура Жолго баштабайт!

سُورَةُ الجُمُعَةِ — ترتيبها ٦٢ — آياتها ١١

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

يُسَبِّحُ لِلَّهِ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلْأَرْضِ ٱلْمَلِكِ ٱلْقُدُّوسِ ٱلْعَزِيزِ
ٱلْحَكِيمِ ١ هُوَ ٱلَّذِي بَعَثَ فِي ٱلْأُمِّيِّـۧنَ رَسُولًا مِّنْهُمْ يَتْلُواْ
عَلَيْهِمْ ءَايَٰتِهِۦ وَيُزَكِّيهِمْ وَيُعَلِّمُهُمُ ٱلْكِتَٰبَ وَٱلْحِكْمَةَ وَإِن كَانُواْ
مِن قَبْلُ لَفِي ضَلَٰلٍ مُّبِينٍ ٢ وَءَاخَرِينَ مِنْهُمْ لَمَّا يَلْحَقُواْ بِهِمْۚ
وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْحَكِيمُ ٣ ذَٰلِكَ فَضْلُ ٱللَّهِ يُؤْتِيهِ مَن يَشَآءُۚ وَٱللَّهُ
ذُو ٱلْفَضْلِ ٱلْعَظِيمِ ٤ مَثَلُ ٱلَّذِينَ حُمِّلُواْ ٱلتَّوْرَىٰةَ ثُمَّ لَمْ
يَحْمِلُوهَا كَمَثَلِ ٱلْحِمَارِ يَحْمِلُ أَسْفَارَۢاۚ بِئْسَ مَثَلُ ٱلْقَوْمِ
ٱلَّذِينَ كَذَّبُواْ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِۚ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِي ٱلْقَوْمَ ٱلظَّٰلِمِينَ ٥
قُلْ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ هَادُوٓاْ إِن زَعَمْتُمْ أَنَّكُمْ أَوْلِيَآءُ لِلَّهِ مِن
دُونِ ٱلنَّاسِ فَتَمَنَّوُاْ ٱلْمَوْتَ إِن كُنتُمْ صَٰدِقِينَ ٦ وَلَا يَتَمَنَّوْنَهُۥٓ
أَبَدَۢا بِمَا قَدَّمَتْ أَيْدِيهِمْۚ وَٱللَّهُ عَلِيمُۢ بِٱلظَّٰلِمِينَ ٧ قُلْ إِنَّ
ٱلْمَوْتَ ٱلَّذِي تَفِرُّونَ مِنْهُ فَإِنَّهُۥ مُلَٰقِيكُمْۖ ثُمَّ تُرَدُّونَ
إِلَىٰ عَٰلِمِ ٱلْغَيْبِ وَٱلشَّهَٰدَةِ فَيُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ ٨

6 (Эй, Мухаммад!) Айткын: «эй, яхудийлер! Эгер силер «бардык адамдар эмес, мына биз гана Аллахтын сүйгөн пенделерибиз» деп ойлосоңор, анда өлүмдү самагыла, эгер чынчыл болсоңор»

7 (Жок,) алар жасаган (көп күнөө) иштери себептүү эч качан өлүмдү сагынышпайт. Аллах заалымдарды Билүүчү.

8 Айт: «силер качып (коркуп) жүргөн өлүмгө албетте жолугасыңар. Кийин, көмүскөнү да, көрүнгөндү да Билүүчүгө кайтарыласыңар. Ал силерге жасаган иштериңердин кабарын билдирет.

9 Эй, ыйман келтирген пенделер! Эгер Жума күндө (Жума намазына

---

1 Бул сүрө дагы Мадинада түшкөн. Он бир аяттан турат.

2 Сөз башы бөлүмүнөн «Асмаа ул хуснаа» темасына кайрылыңыз.

3 Арабтар энени «уммун» дешет. «Уммий» дегендин сөздүкт өгү мааниси энеден туулган бойдон окуу-жазууну билбей чоң ойгон дегенди түшүндүрөт. Ал эми, бул жерде Аллах Таала арабтарды «уммий» деп атаганынын себеби, аларда маданият, илим-билим жана Ыйык Китеп болбогон.

4 Бул элдер сахаабалардан кийин келип, алардын дин-кербенине кошула турган мусулмандар же болбосо, тээ кыяматка чейин ислам үммөтүнө кошула бере турган араптардан башка элдер.

5 Уммий арабтар арасынан Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламга пайгамбарчылык пазилети келгенде яхудийлер «Аллах пайгамбарды уммийлердин арасынан тандамак беле? Тандаса, мына биздин арабыздан тандайт. Себеби, бизде илим – Ыйык Китеп бар» дешип ыйман келтирбей коюшкан. Бирок, дал ошол Тооратта акыркы пайгамбар арабтардын арасынан келиши жөнүндө ыйык кабар айтылган эле.

يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِذَا نُودِىَ لِلصَّلَوٰةِ مِن يَوْمِ ٱلْجُمُعَةِ
فَٱسْعَوْا۟ إِلَىٰ ذِكْرِ ٱللَّهِ وَذَرُوا۟ ٱلْبَيْعَ ۚ ذَٰلِكُمْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ
تَعْلَمُونَ ٩ فَإِذَا قُضِيَتِ ٱلصَّلَوٰةُ فَٱنتَشِرُوا۟ فِى ٱلْأَرْضِ
وَٱبْتَغُوا۟ مِن فَضْلِ ٱللَّهِ وَٱذْكُرُوا۟ ٱللَّهَ كَثِيرًا لَّعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ
١٠ وَإِذَا رَأَوْا۟ تِجَٰرَةً أَوْ لَهْوًا ٱنفَضُّوٓا۟ إِلَيْهَا وَتَرَكُوكَ قَآئِمًا ۚ قُلْ
مَا عِندَ ٱللَّهِ خَيْرٌ مِّنَ ٱللَّهْوِ وَمِنَ ٱلتِّجَٰرَةِ ۚ وَٱللَّهُ خَيْرُ ٱلرَّٰزِقِينَ ١١

## سُورَةُ المُنَافِقُونَ

ترتيبها ٦٣ — آياتها ١١

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِذَا جَآءَكَ ٱلْمُنَٰفِقُونَ قَالُوا۟ نَشْهَدُ إِنَّكَ لَرَسُولُ ٱللَّهِ ۗ وَٱللَّهُ يَعْلَمُ
إِنَّكَ لَرَسُولُهُۥ وَٱللَّهُ يَشْهَدُ إِنَّ ٱلْمُنَٰفِقِينَ لَكَٰذِبُونَ ١
ٱتَّخَذُوٓا۟ أَيْمَٰنَهُمْ جُنَّةً فَصَدُّوا۟ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ إِنَّهُمْ سَآءَ مَا كَانُوا۟
يَعْمَلُونَ ٢ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ ءَامَنُوا۟ ثُمَّ كَفَرُوا۟ فَطُبِعَ عَلَىٰ قُلُوبِهِمْ
فَهُمْ لَا يَفْقَهُونَ ٣ ۞ وَإِذَا رَأَيْتَهُمْ تُعْجِبُكَ أَجْسَامُهُمْ ۖ
وَإِن يَقُولُوا۟ تَسْمَعْ لِقَوْلِهِمْ ۖ كَأَنَّهُمْ خُشُبٌ مُّسَنَّدَةٌ ۖ يَحْسَبُونَ كُلَّ
صَيْحَةٍ عَلَيْهِمْ ۚ هُمُ ٱلْعَدُوُّ فَٱحْذَرْهُمْ ۚ قَٰتَلَهُمُ ٱللَّهُ ۖ أَنَّىٰ يُؤْفَكُونَ ٤

чакырып) азан айтылчу болсо, тезинен Аллахты эскерүүгө (мечиттерге) шашылгыла жана сооданы (намаз бүткөнгө чейин) токтоткула. Бул өзүңөр үчүн жакшы, эгер билсеңер.

(10) Ал эми, намаз бүткөндө Аллахтын ырыскыларын издеп жер бетине жайылгыла жана Аллахты көп эскергиле. (Ошондо) жеңишке (Бейишке) жетээрсиңер!

(11) Алар (кээ бир мусулмандар) сооданы жан оюн-тамашаны көргөндө ошого чуркап кетишти жана сени (мечит минбарында) турганың бойдон калтырышты. Айткын: «Аллахтын алдындагы соопсоодадан жана оюн-тамашадан жакшы. Аллах эң жакшы ырыскы берүүчү.[1]

# 63-«Мунафикун» сүрөсү[2]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) (Эй, Мухаммад!) Эгер сага мунафыктар келсе «биз күблүк беребиз: сен Аллахтын элчисисиң» дешет. Аллах билет, сен Өзүнүн элчиси экениңди. Аллах мунафыктардын анык жалганчылыгына күбөлүк берет.[3]

(2) Алар анттарын калканыч кылып кармашып (өздрүнө кошуп башка адамдарды да) Аллахтын Жолунан тосушкан. Алардын иштери кандай жаман!

(3) Мунун (жок ыймандарын коздоп көргөзүүлөрүнүн) себеби, алар (оозунда) ыймандуу болуп, (жүрөгүндө) каапыр болгону. Натыйжада жүрөктөрүнө мөөр басылып, (жакшылык менен жамандыкты) ажырата албай турган болуп калышты.

(4) Эгер аларга карасаң (келишкен) келбеттери сени кызыктырат. Эгер (жалганды коздоп) сүйлсө аларды угасың. Алар (дубалга) жөлөп коюлган (жансыз) жыгач сыяктуу. (Ар дайым далбасада жашаганы себептүү) ар бир добушту өздөрүнүн зыянына деп ойлошот. Алар – душмандар, абайла алардан! Аллах кыйраткырлар, (чындыктан бурулуп) кайда бара жатышат!

---

[1] Жума күндөрдүн биринде пайгамбар саллаллоху алайхи ва саллам минбарда хутба кылып турган. Ошол маалда Мадинага шаан-шөкөт менен соода кербени кирип келет. Көпчүлүк сахаабалар хутбаны таштап чуркап кетишет. Бул аят ошол окуяга байланыштүү түшкөн.

[2] Мадинада түшкөн. Он бир аяттан турат. «Мунафикундун» мааниси «эки жүздүүлөр»

[3] Мадинадагы кээ бир бай адамдар эми гана бийлик тизгинин колуна алмак болуп турганда пайгамбарыбыз хижрат кылып келип калат жана жалпы эл анны ээрчип калышат. Ызаасы ичинде калган жанагылар ичинде «ит өлүп» исламды жана пайгамбарды жек көрүп турушса да, сыртынан пайгамбарыбызга ыйман келтиришээрин бат-бат кайталап, кээде ант ичип да турушкан.

5 Аларга «(тооба кылып) келгиле, Аллахтын элчиси силердин күнөөңөрдү кечиришин Аллахтан сурайт» деп айтылганда, моюн толгоп кетишкен жана сен аларды текеберлик менен (адамдарды акыйкаттан) тосконун көрдүң.
6 Сен алар үчүн (Аллахтан) кечирим сурасаң да же сурабасаң да – айырмасы жок: Аллах эч качан кечирбейт! Аллах бузуку коомду Туура Жолго баштабайт!
7 Алар (өз кишилерине) «Аллахтын элчисинин айланасындагы адамдарга эхсан-көмөк көргөзбөгүлө, (ажеп эмес, Мухаммадтын айланасынан) тарап кетишсе» дешет. Асмандар менен жердин казналары Аллахтын колундаго! Бирок, мунафыктар муну түшүнбөйт.
8 Алар (дагы) «эгер Мадинага кайтсак, улук адамдар селсаяктарды (шаардан) айдап чыгат» дешкен[1]. Улуулук Аллахка, Анын элчисине жана ыйман келтиргендерге таандык. Бирок, мунафыктар муну билишпейт.
9 Эй, ыйман келтирген пенделер! Мал-дүйнөңөр менен бала-чакаңар силерди Аллахты эскерүүдөн (ибадаттардан) алаксытып койбосун! Ким ушундай кылса, алар – зыян тартакандар!
10 Качан гана силерден бирөөңөргө өлүм (сааты) келгенде «эй, Раббим! Эгер мени бир аз мөөнөткө (жанымды албай) койо турсаң, садака кылып, жакшы адамдардан болоор элем!» деп (чыйпылыктап) калаардан мурда силерге Аллах берген ырыскылардан садака кылып калгыла.

---

[1] Казаттардан биринде Маккадан келген мухажирлер менен Мадиналык ансарлар экиге бөлүнүп жаатташа кетишет. Муну көргөн мунафыктардын башчысы Абдуллах ибн Салул «ие, ит семирсе ээсин кабат турбайбы! Мадинага кайтып барганда көрүшөт! Улук адамдар (ансарлар) селсаяктарды кууп жиберебиз» дейт.

وَإِذَا قِيلَ لَهُمْ تَعَالَوْا يَسْتَغْفِرْ لَكُمْ رَسُولُ ٱللَّهِ لَوَّوْا رُءُوسَهُمْ
وَرَأَيْتَهُمْ يَصُدُّونَ وَهُم مُّسْتَكْبِرُونَ ٥ سَوَآءٌ عَلَيْهِمْ
أَسْتَغْفَرْتَ لَهُمْ أَمْ لَمْ تَسْتَغْفِرْ لَهُمْ لَن يَغْفِرَ ٱللَّهُ لَهُمْ ۚ إِنَّ
ٱللَّهَ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلْفَٰسِقِينَ ٦ هُمُ ٱلَّذِينَ يَقُولُونَ
لَا تُنفِقُوا۟ عَلَىٰ مَنْ عِندَ رَسُولِ ٱللَّهِ حَتَّىٰ يَنفَضُّوا۟ وَلِلَّهِ
خَزَآئِنُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَلَٰكِنَّ ٱلْمُنَٰفِقِينَ لَا يَفْقَهُونَ
٧ يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَآ إِلَى ٱلْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ ٱلْأَعَزُّ
مِنْهَا ٱلْأَذَلَّ ۚ وَلِلَّهِ ٱلْعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِۦ وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَلَٰكِنَّ
ٱلْمُنَٰفِقِينَ لَا يَعْلَمُونَ ٨ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تُلْهِكُمْ
أَمْوَٰلُكُمْ وَلَآ أَوْلَٰدُكُمْ عَن ذِكْرِ ٱللَّهِ ۚ وَمَن يَفْعَلْ
ذَٰلِكَ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْخَٰسِرُونَ ٩ وَأَنفِقُوا۟ مِن مَّا رَزَقْنَٰكُم
مِّن قَبْلِ أَن يَأْتِىَ أَحَدَكُمُ ٱلْمَوْتُ فَيَقُولَ رَبِّ لَوْلَآ أَخَّرْتَنِىٓ
إِلَىٰٓ أَجَلٍ قَرِيبٍ فَأَصَّدَّقَ وَأَكُن مِّنَ ٱلصَّٰلِحِينَ ١٠ وَلَن
يُؤَخِّرَ ٱللَّهُ نَفْسًا إِذَا جَآءَ أَجَلُهَا ۚ وَٱللَّهُ خَبِيرٌۢ بِمَا تَعْمَلُونَ ١١

## سُورَةُ التَّغَابُنِ

ترتيبها ٦٤ — آياتها ١٨

11 Ажалы жетип калса, Аллах эч бир жанга мөөнөт бербейт! Аллах силердин бардык ишиңерден Кабардар!

# 64-«Тагаабун» сүрсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Аллахка асмандардагы жана жердеги бардык (жандуу-жансыз) нерселер тасбех айтат. Мүлк Анын Колунда, мактоо Өзүнө гана таандык! Ал ар нерсеге Кудуреттүү!
2 (Эй, инсандар!) Ал силерди жараткан. Силердин араңарда каапыр да бар, ыймандуу да бар. Аллах бардык ишиңерди Көрүүчү!
3 Ал асмандар менен жерди акыйкат менен жаратты, силерге сүрөт-келбет берди жана көрүнүшүңөрдү көрктүү кылды. Кайтып бару – Өзүнө!
4 Асмандардагы жана жердеги бардык нерсени билет жана силердин сырыңарды да сыртыңарды да билет. Аллах жүрөктөрдө катылган нерселерди да Билүүчү!
5 (Эй, мушриктер!) силерге мурдагы каапыр жамаатардын кабары келбеди беле? Алар өз кылмыштарынын жазасын тартышкан[2]. Жана аларга (кыяматта) катуу азап бар.
6 Мунун себеби, аларга пайгамбарлары анык далилдерди алып келгенде «бизди адам перзенти Туура Жолго баштайт бекен» деп, каапыр болуп, жүз буруп кетишти[3]. Аллах аларга муктаж эмес. Аллах – Беймуктаж, Макталган!
7 Каапырлар «биз эч качан кайра тирилбейбиз» деп ойлошту. Айткын: «жок, андай эмес! Раббиме ант ичип айтамын: силер шексиз (Аллахтын кудурети менен) кайра тирилесиңер жана албетте, силерге жасаган ишиңердин кабары берилет. Бул Аллах үчүн жеңил.
8 Эми, (эсиңерге келип) Аллахка, Анын пайгамбарына жана биз түшүргөн Нурга (Кураанга) ыйман келтиргиле! Аллах бардык ишиңерден Кабардар!
9 (Аллах) силерди чогулуш күнүнө чогултқан (кыямат) күндү (эстегиле). Ал – Тагаабун Күнү[4]! Ким Аллахка ыйман келтирип, жакшы амал кылган болсо, (Аллах) анын күнөөлөрүн кечирип, астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет. Алар анда түбөлүк калышат. Бул – Улуу жетишендик!

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ
يُسَبِّحُ لِلَّهِ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الْأَرْضِ لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ
وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ ١ هُوَ الَّذِي خَلَقَكُمْ فَمِنكُمْ كَافِرٌ
وَمِنكُم مُّؤْمِنٌ وَاللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ بَصِيرٌ ٢ خَلَقَ السَّمَاوَاتِ
وَالْأَرْضَ بِالْحَقِّ وَصَوَّرَكُمْ فَأَحْسَنَ صُوَرَكُمْ وَإِلَيْهِ الْمَصِيرُ ٣
يَعْلَمُ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَيَعْلَمُ مَا تُسِرُّونَ وَمَا تُعْلِنُونَ وَاللَّهُ
عَلِيمٌ بِذَاتِ الصُّدُورِ ٤ أَلَمْ يَأْتِكُمْ نَبَأُ الَّذِينَ كَفَرُوا مِن قَبْلُ
فَذَاقُوا وَبَالَ أَمْرِهِمْ وَلَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ ٥ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُ كَانَت تَّأْتِيهِمْ
رُسُلُهُم بِالْبَيِّنَاتِ فَقَالُوا أَبَشَرٌ يَهْدُونَنَا فَكَفَرُوا وَتَوَلَّوا وَّاسْتَغْنَى
اللَّهُ وَاللَّهُ غَنِيٌّ حَمِيدٌ ٦ زَعَمَ الَّذِينَ كَفَرُوا أَن لَّن يُبْعَثُوا قُلْ بَلَىٰ وَرَبِّي
لَتُبْعَثُنَّ ثُمَّ لَتُنَبَّؤُنَّ بِمَا عَمِلْتُمْ وَذَٰلِكَ عَلَى اللَّهِ يَسِيرٌ ٧ فَآمِنُوا بِاللَّهِ
وَرَسُولِهِ وَالنُّورِ الَّذِي أَنزَلْنَا وَاللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ خَبِيرٌ ٨ يَوْمَ
يَجْمَعُكُمْ لِيَوْمِ الْجَمْعِ ذَٰلِكَ يَوْمُ التَّغَابُنِ وَمَن يُؤْمِن بِاللَّهِ وَيَعْمَلْ
صَالِحًا يُكَفِّرْ عَنْهُ سَيِّئَاتِهِ وَيُدْخِلْهُ جَنَّاتٍ تَجْرِي مِن تَحْتِهَا
الْأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا أَبَدًا ذَٰلِكَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ ٩

---

[1] Бул сүрө Мадинада түшкөн. Он сегиз аяттан турат. «Тагаабундун» мааниси жана чечмелениши 9-аятта айтылат.

[2] Кээ бирөөлөрүнүн башына таш жааган, кээ бирлерин жер жуткан.

[3] Алар текеберчилигинен улам «бизге периштеден пайгамбар келсе ыйман келтирет элек, өзүбүз сыяктуу, тамак-аш жеп, базар аралап жүргөн адам перзенти кантип пайгамбар болсун?!» дешкен.

[4] «Тагаабундун» мааниси «бири-биринен ажыратылуу». Ал күндө ыймандуулар каапырлардан ажыратылып, Бейишке жиберилсе, каапырлар ыймандуулардан бөлүнүп, тозокко айдалат.

وَٱلَّذِينَ كَفَرُواْ وَكَذَّبُواْ بِـَٔايَٰتِنَآ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ
ٱلنَّارِ خَٰلِدِينَ فِيهَاۖ وَبِئۡسَ ٱلۡمَصِيرُ ﴿١٠﴾ مَآ أَصَابَ مِن
مُّصِيبَةٍ إِلَّا بِإِذۡنِ ٱللَّهِۗ وَمَن يُؤۡمِنۢ بِٱللَّهِ يَهۡدِ قَلۡبَهُۥۚ وَٱللَّهُ بِكُلِّ
شَيۡءٍ عَلِيمٞ ﴿١١﴾ وَأَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَۚ فَإِن
تَوَلَّيۡتُمۡ فَإِنَّمَا عَلَىٰ رَسُولِنَا ٱلۡبَلَٰغُ ٱلۡمُبِينُ ﴿١٢﴾ ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ
إِلَّا هُوَۚ وَعَلَى ٱللَّهِ فَلۡيَتَوَكَّلِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ﴿١٣﴾ يَٰٓأَيُّهَا
ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِنَّ مِنۡ أَزۡوَٰجِكُمۡ وَأَوۡلَٰدِكُمۡ عَدُوّٗا
لَّكُمۡ فَٱحۡذَرُوهُمۡۚ وَإِن تَعۡفُواْ وَتَصۡفَحُواْ وَتَغۡفِرُواْ
فَإِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٌ ﴿١٤﴾ إِنَّمَآ أَمۡوَٰلُكُمۡ وَأَوۡلَٰدُكُمۡ
فِتۡنَةٞۚ وَٱللَّهُ عِندَهُۥٓ أَجۡرٌ عَظِيمٞ ﴿١٥﴾ فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ مَا ٱسۡتَطَعۡتُمۡ
وَٱسۡمَعُواْ وَأَطِيعُواْ وَأَنفِقُواْ خَيۡرٗا لِّأَنفُسِكُمۡۗ وَمَن
يُوقَ شُحَّ نَفۡسِهِۦ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ﴿١٦﴾ إِن تُقۡرِضُواْ
ٱللَّهَ قَرۡضًا حَسَنٗا يُضَٰعِفۡهُ لَكُمۡ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡۚ وَٱللَّهُ شَكُورٌ
حَلِيمٌ ﴿١٧﴾ عَٰلِمُ ٱلۡغَيۡبِ وَٱلشَّهَٰدَةِ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ ﴿١٨﴾

ترتيبها ٦٥ — سُورَةُ الطَّلَاقِ — آياتها ١٢

(10) Ал эми, каапыр болуп, Биздин аяттарыбызды жалган дегендер тозок ээлери болуп, анда түбөлүк калышат. Кандай жаман акыбет!

(11) (Пенделерге) жеткен ар бир көргүлүк Аллахтын гана уруксаты менен болот. Ким Аллахка ыйман келтирсе, анын жүрөгүн Туура Жолго багыттап койот. Аллах ар бир нерсени Билүүчү!

(12) Аллахка моюн сунгула, пайгамбарга моюн сунгула! Эгер моюн сунбасаңар (өзүңөргө зыян.) Биздин элчибиздин милдети (акыйкатты) анык жеткирип коюудан гана турат.

(13) (Ал –) Аллах! Бир Өзүнөн башка сыйынуга татыктуу кудай жок! Ыймандуулар аллахка гана тобокел кылышсын!

(14) Эй, ыйман келтирген пенделер! (Кээ бир учурда) силерге аялыңар менен перзенттериңер арасынан (Аллах Жолунан тосуучу) душмандар чыгат. Алардан абайлагыла! Эгер аларды кечирип, айкөлдүк кылсаңар (билип алгыла) Аллах деле Кечиримдүү, Ырайымдуу!

(15) Чынында, мал-дүйнөңөр менен бала-чакаңар силерге сыноо. Улуу сооптор Аллахтын алдында.

(16) Аллахтан алыңар жеткенче такыба кылгыла жана (пайгамбардын өкүм-насаатарын) угуп, моюн сунгула. Жана (Аллах Жолунда) садака кылгыла. (Бул ишиңер) өзүңөргө жакшы. Ким напсинин ачкөздүгүнөн сактана алган болсо, дал ошолор жеңишке жеткендер.

(17) Эгер Аллахка жакшынакай карыз берсеңер[1], силерге бир нече барабар[2] көбөйтүп кайтарат жана (буга кошумча иретинде) күнөөңөрдү да кечирет. Аллах Шакур жана Халийм[3].

(18) (Аллах) көмүскөнү да, көрүнгөндү да Билүүчү, Кудуреттүү, Даанышман!

---

1 Аллах Жолунда садака кылсаң ар

2 Он эседен жети жүз эсеге чейин

3 Аллах Тааланын ысымдарынан экөө. «Сөз башы» бөлүмүнөн «Асмаа ул хуснаа» темасына караң ыз.

# 65-«Талак» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) Эй, пайгамбар! Эгер аялдарга талак берчү болсоңор, «идда» мөөнөттөрүндө талак бергиле[2]. Анан идда мөөнөтүн эсептегиле жана Раббиңер – Аллахтан корккула! Анык бир бузук иш (зынаа) кылбаса, аларды үйүнөн чыгарып койбогула жана алар да чыгып кетишпесин! Булар – Аллахтын чектөөлөрү. Ким Аллах белгилеген чектен чыгып кетсе, өзүнө зулум кылган болот. Сен билбейсиң, Аллах ушундан (өкүмдөрдү сактагандан) кийин (эр-катын үчүн бир пайдалуу) ишти болтурса ажеп эмес.[3]

(2) Эгер аялдар (идда) мөөнөтүн бүтүрсө, же жакшылык менен алып калгыла же же жакшылык менен ажырашкыла. (Жарашсаңар да, ажырашсаңар да) өзүңөрдөн эки адилеттүү адамды күбө кылгыла. (Эй, күбө болгондор!) силер Аллах үчүн (түз-туура) күбөлүк бергиле! Мунуңар Аллахка жана Акырет Күнүнө ыйман келтирген адамдарга үлгү болоор иш. Ким Аллахтан такыба кылса, анын жолун ачып койот

(3) жана эсине да келбеген тараптан ырыскы таап берет. (Ошентип,) ким Аллахка тобокел кылса, Өзү жетиштүү. Аллах Өз ишин аягына чыгарат. Аллах ар бир нерсеге ченем-өлчөм белгилеген.

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ إِذَا طَلَّقۡتُمُ ٱلنِّسَآءَ فَطَلِّقُوهُنَّ لِعِدَّتِهِنَّ وَأَحۡصُواْ
ٱلۡعِدَّةَۖ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ رَبَّكُمۡۖ لَا تُخۡرِجُوهُنَّ مِنۢ بُيُوتِهِنَّ
وَلَا يَخۡرُجۡنَ إِلَّآ أَن يَأۡتِينَ بِفَٰحِشَةٖ مُّبَيِّنَةٖۚ وَتِلۡكَ حُدُودُ
ٱللَّهِۚ وَمَن يَتَعَدَّ حُدُودَ ٱللَّهِ فَقَدۡ ظَلَمَ نَفۡسَهُۥۚ لَا تَدۡرِي لَعَلَّ
ٱللَّهَ يُحۡدِثُ بَعۡدَ ذَٰلِكَ أَمۡرٗا ١ فَإِذَا بَلَغۡنَ أَجَلَهُنَّ فَأَمۡسِكُوهُنَّ
بِمَعۡرُوفٍ أَوۡ فَارِقُوهُنَّ بِمَعۡرُوفٖ وَأَشۡهِدُواْ ذَوَيۡ عَدۡلٖ مِّنكُمۡ
وَأَقِيمُواْ ٱلشَّهَٰدَةَ لِلَّهِۚ ذَٰلِكُمۡ يُوعَظُ بِهِۦ مَن كَانَ يُؤۡمِنُ
بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ وَمَن يَتَّقِ ٱللَّهَ يَجۡعَل لَّهُۥ مَخۡرَجٗا ٢ وَيَرۡزُقۡهُ
مِنۡ حَيۡثُ لَا يَحۡتَسِبُۚ وَمَن يَتَوَكَّلۡ عَلَى ٱللَّهِ فَهُوَ حَسۡبُهُۥٓۚ إِنَّ ٱللَّهَ
بَٰلِغُ أَمۡرِهِۦۚ قَدۡ جَعَلَ ٱللَّهُ لِكُلِّ شَيۡءٖ قَدۡرٗا ٣ وَٱلَّٰٓـِٔي يَئِسۡنَ
مِنَ ٱلۡمَحِيضِ مِن نِّسَآئِكُمۡ إِنِ ٱرۡتَبۡتُمۡ فَعِدَّتُهُنَّ ثَلَٰثَةُ أَشۡهُرٖ
وَٱلَّٰٓـِٔي لَمۡ يَحِضۡنَۚ وَأُوْلَٰتُ ٱلۡأَحۡمَالِ أَجَلُهُنَّ أَن يَضَعۡنَ حَمۡلَهُنَّۚ
وَمَن يَتَّقِ ٱللَّهَ يَجۡعَل لَّهُۥ مِنۡ أَمۡرِهِۦ يُسۡرٗا ٤ ذَٰلِكَ أَمۡرُ ٱللَّهِ أَنزَلَهُۥٓ
إِلَيۡكُمۡۚ وَمَن يَتَّقِ ٱللَّهَ يُكَفِّرۡ عَنۡهُ سَيِّـَٔاتِهِۦ وَيُعۡظِمۡ لَهُۥٓ أَجۡرًا ٥

(4) Ал эми, (талагы берилген) аялдарыңардын арасында этек кир келбей калгандары (кексе жаштагылары) болсо жана («булардын идда мөөнөтү кандай болот?» деп) шектенсеңер, алардын иддасы - үч ай. Эми, (балакатка жетпеген же бир ооруу себептүү) тап-такыр этек кири келбеген аялдар болсо, (булардын иддасын да үч ай деп эсептейсиңер) Боюна бүтүп калган аялдардын идда мөөнөтүм – төрөгөнгө чейин. Ким Аллахтан такыба кылса, анын ишин жеңилдетип койот.

(5) Силерге Аллах түшүргөн буйрук – ушул. Ким Аллахтан корксо, анын күнөөлөрүн өчүрөт жана сообун көбөйтөт.

---

[1] Бул сүрө Мадинада түшкөн. 12 аяттан турат.

[2] «Идда мөөнөттөрүндө талак бергиле» дегени, иддасына чейин, айыздан таза абалында, жакындык кылбай туруп талак бергиле деген мааниде.

[3] Мусулман адамдар талакты оюнчук кылып албаш керек. Анын да эрежелери бар. Ал эми, эрежеси менен талагын берген алдарды үйдөн чыгарып жиберилбейт. Ал аял идда мөөнөтү (үч ирет этек кири келип, үч ирет тазалануу убактысы) аяктаганга чейин үйүндө отурууга жана талак кылган эри тарабынан каржылануууга тийиш. А, эгер талактын себеби аялдын бузуктугунда болсо, анда эрежеси менен талак кылгандан кийин үйдөн чыгарып жиберсе болот.

أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُم مِّن وُجْدِكُمْ وَلَا تُضَآرُّوهُنَّ لِتُضَيِّقُوا۟
عَلَيْهِنَّ ۚ وَإِن كُنَّ أُو۟لَٰتِ حَمْلٍ فَأَنفِقُوا۟ عَلَيْهِنَّ حَتَّىٰ يَضَعْنَ حَمْلَهُنَّ ۚ
فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَـَٔاتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ ۖ وَأْتَمِرُوا۟ بَيْنَكُم بِمَعْرُوفٍ ۖ وَإِن
تَعَاسَرْتُمْ فَسَتُرْضِعُ لَهُۥٓ أُخْرَىٰ ﴿٦﴾ لِيُنفِقْ ذُو سَعَةٍ مِّن سَعَتِهِۦ ۖ
وَمَن قُدِرَ عَلَيْهِ رِزْقُهُۥ فَلْيُنفِقْ مِمَّآ ءَاتَىٰهُ ٱللَّهُ ۚ لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفْسًا
إِلَّا مَآ ءَاتَىٰهَا ۚ سَيَجْعَلُ ٱللَّهُ بَعْدَ عُسْرٍ يُسْرًا ﴿٧﴾ وَكَأَيِّن مِّن قَرْيَةٍ
عَتَتْ عَنْ أَمْرِ رَبِّهَا وَرُسُلِهِۦ فَحَاسَبْنَٰهَا حِسَابًا شَدِيدًا وَعَذَّبْنَٰهَا
عَذَابًا نُّكْرًا ﴿٨﴾ فَذَاقَتْ وَبَالَ أَمْرِهَا وَكَانَ عَٰقِبَةُ أَمْرِهَا خُسْرًا ﴿٩﴾
أَعَدَّ ٱللَّهُ لَهُمْ عَذَابًا شَدِيدًا ۖ فَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ يَٰٓأُو۟لِى ٱلْأَلْبَٰبِ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ ۚ
قَدْ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيْكُمْ ذِكْرًا ﴿١٠﴾ رَّسُولًا يَتْلُوا۟ عَلَيْكُمْ ءَايَٰتِ ٱللَّهِ مُبَيِّنَٰتٍ
لِّيُخْرِجَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ مِنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِ ۚ
وَمَن يُؤْمِنۢ بِٱللَّهِ وَيَعْمَلْ صَٰلِحًا يُدْخِلْهُ جَنَّٰتٍ تَجْرِى مِن تَحْتِهَا
ٱلْأَنْهَٰرُ خَٰلِدِينَ فِيهَآ أَبَدًا ۖ قَدْ أَحْسَنَ ٱللَّهُ لَهُۥ رِزْقًا ﴿١١﴾ ٱللَّهُ ٱلَّذِى خَلَقَ
سَبْعَ سَمَٰوَٰتٍ وَمِنَ ٱلْأَرْضِ مِثْلَهُنَّ يَتَنَزَّلُ ٱلْأَمْرُ بَيْنَهُنَّ لِتَعْلَمُوٓا۟ أَنَّ
ٱللَّهَ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرٌ وَأَنَّ ٱللَّهَ قَدْ أَحَاطَ بِكُلِّ شَىْءٍ عِلْمًۢا ﴿١٢﴾

6 Аларга[1] мүмкүн болушунча өзүңөр жашаган үйлөрдөн орун бергиле. Аларга кысым көргөзүү менен зыян жеткирбегиле. Эгер алардын боюна бүткөн болсо, боюндагысын төрөгөнгө чейин (бардык муктаждыгын) камсыздагыла. Эгерде силер үчүн (балаңарды) эмизип берсе, акысын төлөп бергиле[2] жана (сүт акысынын баасын) өз ара, жакшылык менен келишип алгыла. Эгер (келише албай) кыйналсаңар, ал (эр) үчүн (баласын) башка аял эмизип берет.

7 7. Бай адам байлыгынан (кеңири) камкордук кылсын. Кимдин ырыскысы чектелген болсо, Аллах берген нерселерден (колунан келишинче) камкордук кылсын. Аллах эч кимди Өзү бергенден ашыкчасына мажбурлабайт. Аллах жакында кыйынчылыктын артынан жеңилдик берет.

8 8. (Илгерки заманда) нечендеген шаар-кыштактар(дын элдери) Раббисинин жана Анын пайгамбарларынын буйругунан баш тартышты. Анан Биз алар менен кату эсептешип, жагымсыз азаптарга салдык.

9 Алар кылмыштарынын жазасын татышты. Кылмыштарынын акыбети зыян тартуу (өлүм-алекет) болду!

10 Аллах (акыретте дагы) аларга кату азапты даярдап койгон. Эми, Аллахтан корккула, эй, ыйман келтирген акылдуулар! Аллах силерге (Туура Жолго багыттоочу) эскермени жиберди.

11 (Ал эскерме – Аллахтын) элчиси. Ал силерге Аллахтын анык аяттарын окуп берет, ыйман келтирип, жакшы амал кылгандарды караңгылыктардан Нурга чыгаруу үчүн. Ким Аллахка ыйман келтирип, жакшы амал кылган болсо, аны түбүнөн дарыялар аккан жана анда түбөлүк калуучу бейиштерге киргизет. Аллах ага эң сонун ырыскыны (Бейишти) берди!

12 Аллах жети кабат асмандарды жана жерден да ошончосун жаратты. Алардын (асман-жердин) арасына (Анын) буйруктар(ы) түшүп турат, Аллах ар нерсеге кудуреттүү экенин жана Аллах ар нерсени илими менен камтып алганын билишиңер үчүн.

---

1 Талагы берилген аялдарга

2 Талак кылынган аял идда мөөнтүндө төрөсө, бала атаныкы болгону себептүү, баланы эмизгени үчүн анын атасынан (мурдагы эринен) акы талап кылса, ата аны төлөп бериши зарыл.

# 66-«Тахрим» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Эй, пайгамбар! Эмне үчүн аялдарыңдын ыразычылыгы үчүн Аллах сага адал кылган нерселерди (өзүңө) арам кылып жатасың?! Аллах Кечиримдүү, Боорукер!

2 Аллах силерге антыңардан кайтуунун жолун үйрөткөн-го[2]. Силердин кожоюнуңар – Аллах. Ал – Билүүчү, Даанышмын.

3 Бир кезде пайгамбар аялдарынан кээ бирине сырын ачты (жана «эч кимге айтпа» деди) Ал эми (аялы) аны ашкерелеп жиберенде муну Аллах (пайгамбарына) билдирди. (Пайгамбар Аллах билдирген нерселерден) кээ бирин (сыр ачкан аялына) айтты, кээ бирин айтпады. Ага айтканда ал: «муну сизге ким билдирди?!» деди. Айткын: «Билүүчү, Кабардар (Аллах) билдирди!»[3]

4 (Эй, пайгамбардын эки аялы!) эгер силер Аллахка тооба кылсаңар жүрөгүңөрдү (пайгамбар сүйгөн нерсени сүйүүгө, ага жакпаган нерсени жек көрүүгө) муютат. Ал эми, ага каршы чыксаңар, (билип алгыла) анын (ишенген) Кожосу – Аллах! Андан кийин анын жардамчылары Жибрийл, ыйманы таза момундар жана периштелер!

5 Эгер пайгамбар силердин талагыңарды берип жиберсе, Аллах ага силерден жакшыраак, мусулман, ыймандуу, моюн сунган, тооба кылуучу, ибадатчыл жана орозо кармоочу кыз-жубандарды алмаштырып бериши мүмкүн.

6 Эй, ыйман келтирген пенделер! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү тозоктон коргоп калгыла! Анын отундары адамдардан жана таштардан, үстүндө болсо, Аллах буюрган ишке эч качан каршы чыкпаган, буюрулган нерсени дароо аткара турган орой жана күчтүү периштелер турат!

7 Эй, каапырлар! Бул (кыямат) күндө кечирим сурабай эле койгула, өзүңөр жасаган кылмышка жараша жазаңарды аласыңар!

ترتيبها ٦٦ — سورة التحريم — آياتها ١٢

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ
يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ لِمَ تُحَرِّمُ مَا أَحَلَّ اللَّهُ لَكَ تَبْتَغِي مَرْضَاتَ أَزْوَاجِكَ وَاللَّهُ
غَفُورٌ رَحِيمٌ ﴿١﴾ قَدْ فَرَضَ اللَّهُ لَكُمْ تَحِلَّةَ أَيْمَانِكُمْ وَاللَّهُ مَوْلَاكُمْ
وَهُوَ الْعَلِيمُ الْحَكِيمُ ﴿٢﴾ وَإِذْ أَسَرَّ النَّبِيُّ إِلَىٰ بَعْضِ أَزْوَاجِهِ حَدِيثًا
فَلَمَّا نَبَّأَتْ بِهِ وَأَظْهَرَهُ اللَّهُ عَلَيْهِ عَرَّفَ بَعْضَهُ وَأَعْرَضَ عَنْ بَعْضٍ
فَلَمَّا نَبَّأَهَا بِهِ قَالَتْ مَنْ أَنْبَأَكَ هَٰذَا قَالَ نَبَّأَنِيَ الْعَلِيمُ الْخَبِيرُ
﴿٣﴾ إِنْ تَتُوبَا إِلَى اللَّهِ فَقَدْ صَغَتْ قُلُوبُكُمَا وَإِنْ تَظَاهَرَا عَلَيْهِ
فَإِنَّ اللَّهَ هُوَ مَوْلَاهُ وَجِبْرِيلُ وَصَالِحُ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمَلَائِكَةُ
بَعْدَ ذَٰلِكَ ظَهِيرٌ ﴿٤﴾ عَسَىٰ رَبُّهُ إِنْ طَلَّقَكُنَّ أَنْ يُبْدِلَهُ أَزْوَاجًا
خَيْرًا مِنْكُنَّ مُسْلِمَاتٍ مُؤْمِنَاتٍ قَانِتَاتٍ تَائِبَاتٍ عَابِدَاتٍ سَائِحَاتٍ
ثَيِّبَاتٍ وَأَبْكَارًا ﴿٥﴾ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنْفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ
نَارًا وَقُودُهَا النَّاسُ وَالْحِجَارَةُ عَلَيْهَا مَلَائِكَةٌ غِلَاظٌ شِدَادٌ
لَا يَعْصُونَ اللَّهَ مَا أَمَرَهُمْ وَيَفْعَلُونَ مَا يُؤْمَرُونَ ﴿٦﴾ يَا أَيُّهَا
الَّذِينَ كَفَرُوا لَا تَعْتَذِرُوا الْيَوْمَ إِنَّمَا تُجْزَوْنَ مَا كُنْتُمْ تَعْمَلُونَ ﴿٧﴾

---

[1] Бул сүрө Мадинада түшкөн. Он эки аяттан турат. Сүрөнүн «Тахрий» (Өзүнө бир нерсени арам кылып алуу) деп аталышына төмөндөгү окуя себеп болгон: Күндөрдүн биринде пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Зейнеп деген аялынын үйүнөн бал ичип чыгат жана Хафса менен Айшанын алдына кирет. Бул эки аялы Зейнепке катуу күндөштүк кылчу. Анан экөө сүйлөшүп алып, пайгамбарыбызга «оозуң уз сасып калыптыр» дешет. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам аялдарынын көң үлү үчүн «экинчи бал ичпеймин» деп ант берет. Бул аят ушул кылыгы үчүн пайгамбарыбызга эскертүү.

[2] Аллах Таала үйрөткөн анттан кайтуунун жолу он кедейди тойдуруу же кийинтүү же болбосо бир кул азат кылуу. Эгер ага кудурети жетпесе, үч күн орозо тутуу.

[3] Бул аяттагы сыр ачкан аял Хафса энебиз. Ал сырды Айша энебизге айтып койот. Демек, бул жерде экөө тең күнөөлүү: бири сырды ачуучу, экинчиси аны жактырып угуучу.

يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوۡبَةٗ نَّصُوحًا عَسَىٰ رَبُّكُمۡ
أَن يُكَفِّرَ عَنكُمۡ سَيِّـَٔاتِكُمۡ وَيُدۡخِلَكُمۡ جَنَّٰتٖ تَجۡرِي
مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ يَوۡمَ لَا يُخۡزِي ٱللَّهُ ٱلنَّبِيَّ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ
مَعَهُۥۖ نُورُهُمۡ يَسۡعَىٰ بَيۡنَ أَيۡدِيهِمۡ وَبِأَيۡمَٰنِهِمۡ يَقُولُونَ رَبَّنَآ
أَتۡمِمۡ لَنَا نُورَنَا وَٱغۡفِرۡ لَنَآۖ إِنَّكَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٞ ٨
يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ جَٰهِدِ ٱلۡكُفَّارَ وَٱلۡمُنَٰفِقِينَ وَٱغۡلُظۡ عَلَيۡهِمۡۚ
وَمَأۡوَىٰهُمۡ جَهَنَّمُۖ وَبِئۡسَ ٱلۡمَصِيرُ ٩ ضَرَبَ ٱللَّهُ مَثَلٗا
لِّلَّذِينَ كَفَرُواْ ٱمۡرَأَتَ نُوحٖ وَٱمۡرَأَتَ لُوطٖۖ كَانَتَا تَحۡتَ
عَبۡدَيۡنِ مِنۡ عِبَادِنَا صَٰلِحَيۡنِ فَخَانَتَاهُمَا فَلَمۡ يُغۡنِيَا عَنۡهُمَا
مِنَ ٱللَّهِ شَيۡـٔٗا وَقِيلَ ٱدۡخُلَا ٱلنَّارَ مَعَ ٱلدَّٰخِلِينَ ١٠
وَضَرَبَ ٱللَّهُ مَثَلٗا لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱمۡرَأَتَ فِرۡعَوۡنَ إِذۡ
قَالَتۡ رَبِّ ٱبۡنِ لِي عِندَكَ بَيۡتٗا فِي ٱلۡجَنَّةِ وَنَجِّنِي مِن فِرۡعَوۡنَ
وَعَمَلِهِۦ وَنَجِّنِي مِنَ ٱلۡقَوۡمِ ٱلظَّٰلِمِينَ ١١ وَمَرۡيَمَ ٱبۡنَتَ
عِمۡرَٰنَ ٱلَّتِيٓ أَحۡصَنَتۡ فَرۡجَهَا فَنَفَخۡنَا فِيهِ مِن رُّوحِنَا
وَصَدَّقَتۡ بِكَلِمَٰتِ رَبِّهَا وَكُتُبِهِۦ وَكَانَتۡ مِنَ ٱلۡقَٰنِتِينَ ١٢

8 Эй, ыйман келтирген пенделер! Аллахка чын жүрөктөн тооба кылгыла! (Ошондо) Раббиңер күнөөңөрдү өчүрүп, түбүнөн дарыялар агып турган бейиштерге киргизсе ажеп эмес. Ал (кыямат) күндө Аллах (эч качан) пайгамбар жана аны менен бирге болгондорду шерменде кылбайт! Алардын (Аллах берген) нурлары оң тарабында жана алдында (жарытып) агылганда алар (дуба кылып:) «эй, Парбардигерибиз! («Сырат» көпүрөдөн өтүп алганыбызга чейин) биздин нурубузду кемитпегей элең! Биздин күнөөлөрдү кечиргей элең! Сен ар нерсеге кудуреттүүсүң!» дешет.

9 Эй, пайгамбар! Каапырлар менен мунафыктарга каршы жихад кыл жана чечкиндүү бол! Алардын бараар жери – тозок! Кандай жаман акыбет!

10 Аллах каапырлар(дын акыбети кандай жаман бүтүшүн билгизүү) үчүн Нухтун аялы менен Луттун аялын мисал келтирди. Экөө тең Биздин салих пенделерибиздин (никесинин) астында болчу. Экөө(нүн аялы) экөөнө кыянат кылышты. Анан, эки пайгамбар тең Аллах тарабынан (азап болуп келген) нерседен эки аялды куткара албай калышты. Жана (эки аялдын бири сууга чөгүп, экинчисин жер жутуп өлгөндө, аларга) «киргендер менен бирге тозокко киргиле!» деп айтылды.

11 Аллах ыймандуулар үчүн Фираундун аялын (үлгү катары) мисал келтирди. Бир кезде ал (дуба кылып): «эй, Раббим! Мага Өзүңдүн алдыңда – Бейиште бир үй тургузуп бер жана мени Фираун менен анын амалынан куткар! Мени заалым адамдардан сакта!» деди.

12 (Жана Аллах) Имрандын кызы Марямды дагы мисал (үлгү) кылды. Ал абийирин сактаган кыз болчу. Кийин Биз ага (Жибрийл периштени жиберип) Өз Рухубуздан үйлөдүк.[1] Ал Раббисинин Сөзүн жана Китебин тастыктады жана моюн сунуучулардан болду.

---

[1] Жибрийл периште анын жакасынан үйлөгөндө, ошол дем анын жатынына барат жана Аллах Тааланын «бол!» деген буйругу менен Ыйсага кош бойлуу болот. Маалым болгондой бул окуяда Ыйсаны Аллах Таалага бала кылып таң уулагыдай эч нерсе жок. Ыйса болгону Аллахтын Кудуретинин белгиси жана «бол» деген Сөзүнүн тастыгы.

# 67-«Мүлк» сүрөсү[1]

سُورَةُ المُلْكِ
ترتيبها ٦٧ — آياتها ٣٠

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

تَبَٰرَكَ ٱلَّذِى بِيَدِهِ ٱلْمُلْكُ وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرٌ ١ ٱلَّذِى خَلَقَ
ٱلْمَوْتَ وَٱلْحَيَوٰةَ لِيَبْلُوَكُمْ أَيُّكُمْ أَحْسَنُ عَمَلًا وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْغَفُورُ ٢
ٱلَّذِى خَلَقَ سَبْعَ سَمَٰوَٰتٍ طِبَاقًا مَّا تَرَىٰ فِى خَلْقِ ٱلرَّحْمَٰنِ مِن
تَفَٰوُتٍ فَٱرْجِعِ ٱلْبَصَرَ هَلْ تَرَىٰ مِن فُطُورٍ ٣ ثُمَّ ٱرْجِعِ ٱلْبَصَرَ كَرَّتَيْنِ
يَنقَلِبْ إِلَيْكَ ٱلْبَصَرُ خَاسِئًا وَهُوَ حَسِيرٌ ٤ وَلَقَدْ زَيَّنَّا ٱلسَّمَآءَ
ٱلدُّنْيَا بِمَصَٰبِيحَ وَجَعَلْنَٰهَا رُجُومًا لِّلشَّيَٰطِينِ وَأَعْتَدْنَا لَهُمْ عَذَابَ
ٱلسَّعِيرِ ٥ وَلِلَّذِينَ كَفَرُوا۟ بِرَبِّهِمْ عَذَابُ جَهَنَّمَ وَبِئْسَ ٱلْمَصِيرُ
٦ إِذَآ أُلْقُوا۟ فِيهَا سَمِعُوا۟ لَهَا شَهِيقًا وَهِىَ تَفُورُ ٧ تَكَادُ تَمَيَّزُ
مِنَ ٱلْغَيْظِ كُلَّمَآ أُلْقِىَ فِيهَا فَوْجٌ سَأَلَهُمْ خَزَنَتُهَآ أَلَمْ يَأْتِكُمْ نَذِيرٌ ٨
قَالُوا۟ بَلَىٰ قَدْ جَآءَنَا نَذِيرٌ فَكَذَّبْنَا وَقُلْنَا مَا نَزَّلَ ٱللَّهُ مِن شَىْءٍ إِنْ أَنتُمْ
إِلَّا فِى ضَلَٰلٍ كَبِيرٍ ٩ وَقَالُوا۟ لَوْ كُنَّا نَسْمَعُ أَوْ نَعْقِلُ مَا كُنَّا فِىٓ أَصْحَٰبِ
ٱلسَّعِيرِ ١٠ فَٱعْتَرَفُوا۟ بِذَنۢبِهِمْ فَسُحْقًا لِّأَصْحَٰبِ ٱلسَّعِيرِ ١١
إِنَّ ٱلَّذِينَ يَخْشَوْنَ رَبَّهُم بِٱلْغَيْبِ لَهُم مَّغْفِرَةٌ وَأَجْرٌ كَبِيرٌ ١٢

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) (Бүт ааламдардын) Мүлк(ү) колунда болгон Аллах(тын жакшылыктыры) улук! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү.

(2) Ал силердин киминңер эң мыкты (соопту) иш жасай алышыңарды сынап-тандоо үчүн өлүм менен өмүрдү жараткан.[2] Жана Ал Кудуреттүү, Кечиримдүү!

(3) Ал жети асманды кабат-кабат жараткан. Сен Рахмандын жаратканында эч кандай кемчилдик таба албайсың. Эми дагы бир кара! Кемчилдик көрөөр бекенсиң?!

(4) Анан дагы кайра-кайра үңүл! Көз(үң) сага тунарган, чарчаган бойдон кайта берет!

(5) Биз дүйнө асманын жылдыз-чырактар менен кооздоп, аларды шайтандар үчүн атылуучу таш кылдык. Жана Биз алар (шайтандар) үчүн (акыретте) тозок азабын даярдап койдук.[3]

(6) Жана Раббисине каапыр болгон адамдар үчүн тозок азабы бар! Ал эң жаман кайтуу!

(7) Качан алар анын (тозоктун) ичине ташталганда, коркунучтуу добушун угушат! Ал кайнап турган!

(8) (Тозок өзүнө ташталган каапырлардан) каарданганы себептүү бөлүнүп-жарылгыдай болот! Ар качан ага бир жамаат (каапырлар) ташталганда, анын (периште) кароолчулары: «эмне силерге (ушул тозок жөнүндө) кабар берген пайгамбар келбеди беле?» деп сурайт.

(9) Алар айтышат: “ооба, ырас бизге эскертүүчү-пайгамбар келген. Бирок, биз ага ишенбей «Аллах (силерге) эч нерсе түшүргөн эмес! Силер эң чоң адашуудагы адамсыңар!» дегенбиз”.

(10) Жана айтышат: «Эгер биз (ошол пайгамбарды) угуп, акылыбызды иштеткенде (бүгүн) тозок «ээлери» болуп калбайт элек!».

(11) Ошентип күнөөлөрүн мойнуна алышат. Тозокулар (Аллахтын ырайымынан) алыс!

(12) Кайыптагы Раббисинен корккон адамдарга (Аллах Таала тарабынан) кечирим жана чоң сыйлык (Бейиш) бар.

(13) Жана (эй адамдар) силер сөзүңөрдү сыр тутасыңарбы же ашкере кыласыңарбы, Ал көкүрөктөрдү ээлеген нерселерди Билүүчү!

(14) Жараткан (көкүрөктөрдү ээлеген нерселерди) билбей калат бекен?! Ал Эң

---

[1] *Бул сүрө Меккеде түшүрүлгөн. Отуз аяттан турат.*

[2] Аллах Таала дүйнөнү, өмүрдү жана өмүрдүн акырындагы өлүмдү жөндөн-жөн эле (максатсыз) жаратпады. Тескерисинче, эң таза, эң такыбаа жана ыймандуу адамдар менен ыпылас, бейбаш адамдарды ажыратып, бирин түбөлүк Бейишке, экинчисин түбөлүк Тозокко таштоо үчүн сыноо дүйнөсү кылып жаратты.

[3] Табеин уламаларынан бири Катааданын күбөлүк беришинче жылдыздар үч максат: Биринчиден: асманга кооздук-зыйнат, экинчиден: адашкан жолоочуларга жол көргөзгүч, үчүнчүдөн, Шайтандарга таш бараң үчүн жаратылган.*(Табарий)* Демек жылдыздарга карап төлгө ачуу, эртеңки күндөн кабар берүү жана ал төлгөлөргө ишенүү - бул анык адашуу жана каапырчылык.

وَأَسِرُّوا۟ قَوْلَكُمْ أَوِ ٱجْهَرُوا۟ بِهِۦٓ ۖ إِنَّهُۥ عَلِيمٌۢ بِذَاتِ ٱلصُّدُورِ ﴿١٣﴾ أَلَا
يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ ٱللَّطِيفُ ٱلْخَبِيرُ ﴿١٤﴾ هُوَ ٱلَّذِى جَعَلَ لَكُمُ
ٱلْأَرْضَ ذَلُولًا فَٱمْشُوا۟ فِى مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا۟ مِن رِّزْقِهِۦ ۖ وَإِلَيْهِ ٱلنُّشُورُ
﴿١٥﴾ ءَأَمِنتُم مَّن فِى ٱلسَّمَآءِ أَن يَخْسِفَ بِكُمُ ٱلْأَرْضَ فَإِذَا هِىَ
تَمُورُ ﴿١٦﴾ أَمْ أَمِنتُم مَّن فِى ٱلسَّمَآءِ أَن يُرْسِلَ عَلَيْكُمْ حَاصِبًا ۖ
فَسَتَعْلَمُونَ كَيْفَ نَذِيرِ ﴿١٧﴾ وَلَقَدْ كَذَّبَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ فَكَيْفَ
كَانَ نَكِيرِ ﴿١٨﴾ أَوَلَمْ يَرَوْا۟ إِلَى ٱلطَّيْرِ فَوْقَهُمْ صَٰٓفَّٰتٍ وَيَقْبِضْنَ ۚ مَا
يُمْسِكُهُنَّ إِلَّا ٱلرَّحْمَٰنُ ۚ إِنَّهُۥ بِكُلِّ شَىْءٍۭ بَصِيرٌ ﴿١٩﴾ أَمَّنْ هَٰذَا ٱلَّذِى
هُوَ جُندٌ لَّكُمْ يَنصُرُكُم مِّن دُونِ ٱلرَّحْمَٰنِ ۚ إِنِ ٱلْكَٰفِرُونَ إِلَّا فِى غُرُورٍ
﴿٢٠﴾ أَمَّنْ هَٰذَا ٱلَّذِى يَرْزُقُكُمْ إِنْ أَمْسَكَ رِزْقَهُۥ ۚ بَل لَّجُّوا۟ فِى عُتُوٍّ
وَنُفُورٍ ﴿٢١﴾ أَفَمَن يَمْشِى مُكِبًّا عَلَىٰ وَجْهِهِۦٓ أَهْدَىٰٓ أَمَّن يَمْشِى سَوِيًّا
عَلَىٰ صِرَٰطٍ مُّسْتَقِيمٍ ﴿٢٢﴾ قُلْ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَنشَأَكُمْ وَجَعَلَ لَكُمُ ٱلسَّمْعَ
وَٱلْأَبْصَٰرَ وَٱلْأَفْـِٔدَةَ ۖ قَلِيلًا مَّا تَشْكُرُونَ ﴿٢٣﴾ قُلْ هُوَ ٱلَّذِى ذَرَأَكُمْ
فِى ٱلْأَرْضِ وَإِلَيْهِ تُحْشَرُونَ ﴿٢٤﴾ وَيَقُولُونَ مَتَىٰ هَٰذَا ٱلْوَعْدُ إِن كُنتُمْ
صَٰدِقِينَ ﴿٢٥﴾ قُلْ إِنَّمَا ٱلْعِلْمُ عِندَ ٱللَّهِ وَإِنَّمَآ أَنَا۠ نَذِيرٌ مُّبِينٌ ﴿٢٦﴾

Билимдүү[1] (бардыгынан) Кабардар – го!

(15) Ал силер үчүн жерди моюн сунуучу кылып койду. Эми, анын чар тарабында жүрүп, (Аллахтын) ырыскыларынан жей бергиле! Кайра тирилип баруу – анын Өзүнө гана![2]

(16) Эмне, силер (эй, каапырлар) асмандагы[3] силерди жерге жуткуруп жиберүүсүнөн (тап-такыр) тынчсыңарбы?! Капысынан ал (жер) чайпалып кетсе – чи?!

(17) Же болбосо, силер, асмандагы (Аллах) үстүңөргө таш учурган катуу шамал жиберишинен амансыңарбы!? Жакында (Менин) эскертүү(м) кандай экенин билип аласыңар!

(18) Алардан мурунку (каапыр) пенделер дагы (өздөрүнө жиберилген пайгамбарды) жалганчыга чыгарышкан. Анан (Менин) тааныбай коюуу(м) кандай болду?![4]

(19) Алар, канатын (бир) жайып (бир) жыйнап турган кушка карашпайбы төбөсүндөгү?! Аны (ободо ырайымдуу) Рахман гана кармап турат – го! Ал ар бир нерсени Көрүүчү!

(20) (Эй каапырлар! Ойлонгула- чы:) Силерге Рахмандан башка жардам бере ала турган аскериңер (жардамчыңар) ким экен?! Каапырлар адашуунун гана ичинде!

(21) Эгер (Аллах) Өз ырыскысын токтотуп койсо, силерге ырыскы таап бере ала турган ким экен?! Жок! (каапырлар дагы эле) катаалдыгын, (исламды) жек көрүүсүн улантып жатышат!

---

[1] Жаратуучу Өзү жараткан нерсенин ар кандай абалда экенин билип турат. Биз “эң билимдүү” деп которгон сөз аят текстинде “Латийф” деп жазылган. Бул Аллах Тааланын сонун-көркөм ысымдарынан бири. Мааниси “назик илими бардык нерсеге өтүүчү” дегенди билдирет. Дагы бир мааниси “өтө назиктик *(кылдаттык)* менен ырайым кылуучу”

[2] Аллах Таала моюн сундуруп койгону себептүү эне жер титиреп жарылып кетпей, биз анын койнунда каалаган багытыбызга басып, аман-эсен соода-сатыгыбызды, дыйканчылык - тиричилигибизди өткөрүп, Аллах Таала чачып койгон ырыскыларыбызды терип, жеп жүрөбүз. Капырлар эмне үчүн ушул ырайымдуулукка жооп иретинде Аллах Таалага шүгүр *(ибадат)* кылышпайт?! Же Анын Өзүнө кайтып барбайбыз деп ойлошобу?! Же асмандагы Аллахтын аларга күчү жетпейт бекен?!

[3] Аяттын арапча текстинде “асмандагынын” ким экени айтылган эмес. Аны бизге Пайгамбарыбыздын төмөндөгү хадиси түшүндүрүп берет: *“Ким жердегилерге ырайым кылса, ага асмандагы ырайым кылат” (Сахиху Абу Дауд, Сахиху Термизий)* Бул хадисте Пайгамбарыбыз “асмандагы” дегенде Аллах тааланы назарда тутканы белгилүү. Имам Табарий дагы өзүнүн тафсиринде “асмандагы – бул Аллах” деген.

[4] Аллах Таала илгерки мушриктерден болгон Луттун коомун жерге жуткуруп, үстүнөн таштуу шамал жиберип кыйраткан болчу. Эсирген пенделер оболу Аллахты таанымбайт. Аллах – Боорукер. Мөөнөт берет, пайгамбары аркылуу кайра-кайра ак жолго чакырат. Булар пайда бербегенде, аларды Өзү “таанымбай коет”: жерге, сууга жуткурат, бороон, чагылган, таштуу шамалдарды жиберет. Ой-боюна, жалынып-жалбаруусуна карабайт!

22 Ким туура жол табуучураак? Жер тиктеп эле бара жаткан кишиби же болбосо, туура жолдо (башын) түз (тутуп) бара жаткан кишиби?[1]
23 Айткын (эй Мухаммад) “Ал силерди жаратып, көз, кулак жана жүрөктөрдү берген. Өтө аз шүгүр кылуудасыңар!”
24 Айткын: «Ал силерди жер бетинде өндүрүп-өстүргөн. Жана (кайра тирилгенде) Өзүнө гана чогултуласыңар».
25 Жана алар: «Эгер чынчыл болсоңор бул (кайра тирилүү жөнүндө) убада (Кыямат) качан?» дешет.
26 Айткын: «(ал жөнүндөгү) илим Аллахтын гана алдында. А, мен болгону, анык эскертүүчү-пайгамбармын»
27 Качан гана аны (тозокту) жакындан көрүшкөндө каапыр болгондордун жүздөрү кararып кетет жана аларга: «ушул силер («качан-качан» деп) шаштырган нерсеңер!» деп айтылат.[2]
28 Айткын: «(ойлонуп) көрбөйсүңөрбү, эгер мени жана мени менен бирге болгон (ыймандуу) адамдарды Аллах (силер тилегендей) өлтүрчү болсо (бизге акыреттик Бейиш даяр) же (узун өмүр берип) бизге ырайым кылса (Өзүнө сыйынып, шүгүр кылып жашай беребиз. Ал эми, силердин жаныңарды алчу болсо) анда силерди катуу азаптан ким сактап калат?!
29 Айткын: «Ал – Рахман (Ырайымдуу)! Биз Ага ыйман келтирдик жана тобокел кылдык. А, силер (эй каапырлар) ким анык адашууда экенин жакында билип аласыңар![3]

فَلَمَّا رَأَوْهُ زُلْفَةً سِيٓـَٔتْ وُجُوهُ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ وَقِيلَ هَٰذَا ٱلَّذِى
كُنتُم بِهِۦ تَدَّعُونَ ﴿٢٧﴾ قُلْ أَرَءَيْتُمْ إِنْ أَهْلَكَنِىَ ٱللَّهُ وَمَن مَّعِىَ
أَوْ رَحِمَنَا فَمَن يُجِيرُ ٱلْكَٰفِرِينَ مِنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ ﴿٢٨﴾ قُلْ هُوَ
ٱلرَّحْمَٰنُ ءَامَنَّا بِهِۦ وَعَلَيْهِ تَوَكَّلْنَا فَسَتَعْلَمُونَ مَنْ هُوَ فِى ضَلَٰلٍ مُّبِينٍ
﴿٢٩﴾ قُلْ أَرَءَيْتُمْ إِنْ أَصْبَحَ مَآؤُكُمْ غَوْرًا فَمَن يَأْتِيكُم بِمَآءٍ مَّعِينٍۭ ﴿٣٠﴾

ترتيبها ٦٨ — سُورَةُ القَلَمِ — آياتها ٥٢

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

نٓ ۚ وَٱلْقَلَمِ وَمَا يَسْطُرُونَ ﴿١﴾ مَآ أَنتَ بِنِعْمَةِ رَبِّكَ بِمَجْنُونٍ ﴿٢﴾
وَإِنَّ لَكَ لَأَجْرًا غَيْرَ مَمْنُونٍ ﴿٣﴾ وَإِنَّكَ لَعَلَىٰ خُلُقٍ عَظِيمٍ ﴿٤﴾
فَسَتُبْصِرُ وَيُبْصِرُونَ ﴿٥﴾ بِأَييِّكُمُ ٱلْمَفْتُونُ ﴿٦﴾ إِنَّ رَبَّكَ هُوَ
أَعْلَمُ بِمَن ضَلَّ عَن سَبِيلِهِۦ وَهُوَ أَعْلَمُ بِٱلْمُهْتَدِينَ ﴿٧﴾ فَلَا تُطِعِ
ٱلْمُكَذِّبِينَ ﴿٨﴾ وَدُّوا۟ لَوْ تُدْهِنُ فَيُدْهِنُونَ ﴿٩﴾ وَلَا تُطِعْ كُلَّ
حَلَّافٍ مَّهِينٍ ﴿١٠﴾ هَمَّازٍ مَّشَّآءٍۭ بِنَمِيمٍ ﴿١١﴾ مَّنَّاعٍ لِّلْخَيْرِ مُعْتَدٍ
أَثِيمٍ ﴿١٢﴾ عُتُلٍّۭ بَعْدَ ذَٰلِكَ زَنِيمٍ ﴿١٣﴾ أَن كَانَ ذَا مَالٍ وَبَنِينَ
﴿١٤﴾ إِذَا تُتْلَىٰ عَلَيْهِ ءَايَٰتُنَا قَالَ أَسَٰطِيرُ ٱلْأَوَّلِينَ ﴿١٥﴾

30 Айткын: «(эй, каапырлар) ойлонуп көрбөйсүңөрбү, эгерде силердин сууңар жер астына сиңип кетсе, анда силерге аккан сууну ким келтирип берет?[4]

## 68- “Калем” сүрөсү[5]

---

[1] Бул аятта ушул эле, дүйнөлүк жашоонун кайгысы менен жашап, алыстагы (аркы) дүйнөнү назарына илбей, күнөө менен жашаган адам жер тиктеп бара жаткан кишиге, ал эми, азыркысын гана эмес, кийинки, түбөлүк жашоосун да эсепке алып, ошол дүйнө үчүн даярданып жашаган адам башын түз кармап, байкоо менен бара жаткан кишиге окшотулууда.

[2] Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам ушул сөздөрдү Макка мушриктерине айтканда алар бул насааттарды укмак түгүл *«кайра тирилесиңер дейсиң. Койчу бул сөзүңдү. Эгер болчу болсо, тезирээк болтурбайсыңбы?»* дешип шылдың кылышты.

[3] Аллах Тааланын “жакында” дегени кыямат кайым. Кыяматка чейин дагы бир нече он, балким бир нече жүз, балким бир нече миң, а балким бир нече миллион жыл бардыр. Бул мөөнөт биз – инсандар үчүн өтө алыс. Ал эми, Аллах үчүн арзыбаган убакыт.

[4] Аллах Тааланын жаратылыш мыйзамына ылайык жер суулары күн ысыгы менен бууланып, асманга көтөрүлүп, булуттар пайда болот. Анан Аллах Таала аларды муктаж пенделерине асмандан жамгыр кылып жаадырып, натыйжада дарыя, булак, кудук суулары пайда болот. Эми, Өзүнүн амири менен жер кыртышындагы суулар эң терең катмарга сиңип кетсе жана Аллах асмандан жамгыр жаадырбай койсо, нашүкүр пенделерге сууну Аллахтан башка кудайлары жаадырып бере алабы?!

[5] Бул сүрө Маккада түшкөн. 53 аяттан турат. Бул сүрөнүн дагы бир аталышы “Нуун”.

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Нуун.[1] (Эй Мухаммад) калемге жана ал жазган нерселерге ант ичип (айтамын):

2 Сен Раббиндин нээматы (пайгамбарчылык) себептүү акылынан адашкан киши эмессиң.[2]

3 (Пайгамбарчылык түйшүгүн көтөргөнүң үчүн) сага түгөнгүс сыйлыктар бар!

4 Жана сен улук (адеп-) ахлактын үстүндөсүң.[3]

5 Жакында (Кыямат болуп, чындык ашкереленгенде) көрөсүң, алар да көрүп (билип) алышат

6 силерден кимиңер азгырылган экениңерди.

7 Сенин Раббиң, Өзүнүн жолунан ким адашып кеткенин жана ким туура жол тапканын эң жакшы билет.[4]

8 (Динди) жалган дегендерге моюн сунба!

9 Сен алар менен макул болсоң, алар да сени менен келишип алууну каалашат.

10 Сен моюн суна бербегин: көрүнгөн эле кадырсыз касамкорго,

11 (адамдардын арасын бузуу үчүн) ушак таратып жүрүүчү шылдыңчыларга,

12 чектен чыккан, күнөөкөр, жакшылыкка бут тосуучуларга,

13 орой жана андан соң.., атасынын дайыны жок (тексиз) адамдарга![5]

14 Ал бай жана перзенти көп болгондуктан,

15 ага биздин аяттарыбыз окулганда: «(бул) байыркылардын жөө-жомоктору – го» деди.

16 Биз жакында (Кыяматта) аны тумшугунан тамгалап койобуз![6]

17 Биз аларды бак-бостон ээлерин сынаганыбыз сыяктуу сынадык.[7] Бир кезде (бак-бостон ээлери) бакты (н түшүмүн) таңга маал (эч ким тура элек мезгилде) жыйнап алууга ант ичишти.

18 Алар (ниеттеринде "Аллах кааласа" деген сөздү) эсепке алышпады.

---

[1] "Нуун" адаттагыдай эле, мааниден үзүлгөн тамгалардын бири. Белгилүү болгондой бул тамгалардын маанисин, түшүндүрмөсүн Аллах Тааланын бир Өзү гана билет.

[2] Пайгамбарыбызга Ислам дини вахий аркылуу бериле баштаганда элдерге алар сыйынып жаткан ар түрдүү кудайлардын жалгандыгын айткан. Ошондо алар: «Буга эмне болгон? Ата-бабаларыбыздын динин чанып?! Бул соо эмес – го! Мүмкүн муну жиндер азгырып жатса керек!» дешкен. Аллах Таала жогорку аяттарда илим-билим жана улук Куран аяттары жазыла турган калем жана ал жазган аяттардын урматына ант ичип, пайгамбарын мушриктер айыптаган сөздөрдөн коргоодо.

[3] Пайгамбарыбыз саллоллоху алайхи ва салламдын адеп-ахлагы жөнүндө сурагандарга Айша энебиз: «Анын ахлагы – Кураан» деп жооп берген болчу. Мунун мааниси ал ар дайым Кураан көргөзгөн адептер менен «сугарылып» турган.

[4] Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам «Аллахтан башка бардык кудайлар жалган. Силердин ата-бабаңар адашкан пенделер болчу» дегенде, жалган «кудайлардын» пенделери ага келип: «кел, эй Мухаммад сүйлөшүп алалы, сен биздин кудайларга тил тийгизбе, ата-бабаларыбызды адашкан деп айтпа. Ошондо биз дагы сенин диниңе каршылык кылбайбыз» дешет. Кийинки аяттарда Аллах Өз Пайгамбарына аларга кандай жооп бериш керектигин үйрөткөн.

[5] Кураан чындыктарын айттырбай коюуу үчүн ислам аалымдары менен келишип алууга умтулган касамкор, атасынын дайыны жок, зынаадан төрөлгөндөр ар бир заманда табылат. Пайгамбарыбыздын заманында ошондой адамдардан бири Валид ибн Мугира деген ашынган каапыр эле. Валид чириген бай жана бала-чакасы көп болгон. Ал мезгилдерде кимдин перзенти көп болсо, ал ошону менен да текеберленчү.

[6] Аллах Таала исламдын ашынган душмандарын акыретте катуу азапка салганда, азаптын кара белгиси адегенде эле алардын жүздөрүнөн билинет.

[7] Макка мушриктерине Аллах Таала өтө көп мөөнөт берип, дүйнөлүк нээматтардан кем кылбай, бирок ошол эле учурда кана, качан ыйман келтиришет экен деп сынап турду. Бирок алар ыйманга кирүүнүн ордуна каапырчылыкта текеберленип кетишти жана өздөрүнүн акыреттерин күйдүрүп алышты. Эмки аяттарда Аллах Таала алардын бул жоругун, бак-дарактарынын түшүмүнөн эхсан (садака) кылууга кызганган, мунун натыйжасында Аллах алардын бактарына асмандан өрт жиберип күйдүрүп жиберген кийин не бактан жок, не акыреттик сооптон жок куржалак отуруп калган кишилерге окшотот.

سَنَسِمُهُۥ عَلَى ٱلْخُرْطُومِ ﴿١٦﴾ إِنَّا بَلَوْنَٰهُمْ كَمَا بَلَوْنَآ أَصْحَٰبَ ٱلْجَنَّةِ إِذْ أَقْسَمُوا۟
لَيَصْرِمُنَّهَا مُصْبِحِينَ ﴿١٧﴾ وَلَا يَسْتَثْنُونَ ﴿١٨﴾ فَطَافَ عَلَيْهَا طَآئِفٌ مِّن رَّبِّكَ
وَهُمْ نَآئِمُونَ ﴿١٩﴾ فَأَصْبَحَتْ كَٱلصَّرِيمِ ﴿٢٠﴾ فَتَنَادَوْا۟ مُصْبِحِينَ ﴿٢١﴾ أَنِ
ٱغْدُوا۟ عَلَىٰ حَرْثِكُمْ إِن كُنتُمْ صَٰرِمِينَ ﴿٢٢﴾ فَٱنطَلَقُوا۟ وَهُمْ يَتَخَٰفَتُونَ ﴿٢٣﴾
أَن لَّا يَدْخُلَنَّهَا ٱلْيَوْمَ عَلَيْكُم مِّسْكِينٌ ﴿٢٤﴾ وَغَدَوْا۟ عَلَىٰ حَرْدٍ قَٰدِرِينَ ﴿٢٥﴾ فَلَمَّا
رَأَوْهَا قَالُوٓا۟ إِنَّا لَضَآلُّونَ ﴿٢٦﴾ بَلْ نَحْنُ مَحْرُومُونَ ﴿٢٧﴾ قَالَ أَوْسَطُهُمْ أَلَمْ أَقُل
لَّكُمْ لَوْلَا تُسَبِّحُونَ ﴿٢٨﴾ قَالُوا۟ سُبْحَٰنَ رَبِّنَآ إِنَّا كُنَّا ظَٰلِمِينَ ﴿٢٩﴾ فَأَقْبَلَ
بَعْضُهُمْ عَلَىٰ بَعْضٍ يَتَلَٰوَمُونَ ﴿٣٠﴾ قَالُوا۟ يَٰوَيْلَنَآ إِنَّا كُنَّا طَٰغِينَ ﴿٣١﴾ عَسَىٰ
رَبُّنَآ أَن يُبْدِلَنَا خَيْرًا مِّنْهَآ إِنَّآ إِلَىٰ رَبِّنَا رَٰغِبُونَ ﴿٣٢﴾ كَذَٰلِكَ ٱلْعَذَابُ ۖ وَلَعَذَابُ
ٱلْءَاخِرَةِ أَكْبَرُ ۚ لَوْ كَانُوا۟ يَعْلَمُونَ ﴿٣٣﴾ إِنَّ لِلْمُتَّقِينَ عِندَ رَبِّهِمْ جَنَّٰتِ ٱلنَّعِيمِ
﴿٣٤﴾ أَفَنَجْعَلُ ٱلْمُسْلِمِينَ كَٱلْمُجْرِمِينَ ﴿٣٥﴾ مَا لَكُمْ كَيْفَ تَحْكُمُونَ ﴿٣٦﴾ أَمْ
لَكُمْ كِتَٰبٌ فِيهِ تَدْرُسُونَ ﴿٣٧﴾ إِنَّ لَكُمْ فِيهِ لَمَا تَخَيَّرُونَ ﴿٣٨﴾ أَمْ لَكُمْ أَيْمَٰنٌ
عَلَيْنَا بَٰلِغَةٌ إِلَىٰ يَوْمِ ٱلْقِيَٰمَةِ ۙ إِنَّ لَكُمْ لَمَا تَحْكُمُونَ ﴿٣٩﴾ سَلْهُمْ أَيُّهُم
بِذَٰلِكَ زَعِيمٌ ﴿٤٠﴾ أَمْ لَهُمْ شُرَكَآءُ فَلْيَأْتُوا۟ بِشُرَكَآئِهِمْ إِن كَانُوا۟ صَٰدِقِينَ ﴿٤١﴾
يَوْمَ يُكْشَفُ عَن سَاقٍ وَيُدْعَوْنَ إِلَى ٱلسُّجُودِ فَلَا يَسْتَطِيعُونَ ﴿٤٢﴾

19 Анан алар уктап жатканда бактын үстүндө Сенин Раббиң тарабынан (жиберилген) бир айлануучу (от) айланып турду (дагы...)
20 (күйдүрүп, чычаласын чыгарганда) караңгы түн сыяктуу болуп калды.
21 Анан таң азанда бири-бирин чакырышты:
22 «эгерде (түшүмүңөрдү) жыйнай турган болсоңор эртерээк барбайсыңарбы»
23 (Бардыгы үйүнөн чыгып) жолго түшүштү шыбырашып:
24 «бүгүн силердин үстүңөргө – бактын ичине бир дагы кедей кирип калбасын»
25 Алар эч кимге билдирбей (ушундай катаал, мээримсиз абалда кембагалдарды түшүмдөн) куржалак калтырууга кудуреттүүбүз деп, эрте таңда бара жатышты.
26 Анан.., (кара чычала болуп калган) бакты көрүп: «биз адашып (башка бакка келип) калыптырбыз» дешти.
27 “Жок! Биз (бактан) кол жууп калыптырбыз!”
28 (Ошондо) алардан адилеттүүрөөк бирөөсү: «мен силерге «Аллахты даңазалагыла» (“Аллах кааласа” деп айткыла) дебедим беле?» деди.
29 (Дагы) айтышты: «Раббибиз (кемчилдиктүү сыпаттардан) Аруу-Таза! Биз (өзүбүзгө) зулум кылуучулардан болуп калдык!»
30 Анан бири-бирине карап, бири-бирин айыптай баштады.
31 Жана (мындай) дешти: «шорубуз курусун! Биз (чындап) чектен чыгып кетиптирбиз!
32 Эми Раббибиз анын ордуна андан жакшыраагын бергей эле! Биз Раббибизге табынуучу болдук – го!»
33 (Азгырылган адамдарга сыноо дүйнөдөгү) азап ушундай! Ал эми, акырет азабы (мындан) чоңураак, эгер билишсе!
34 Албетте, такыба кишилер үчүн Раббисинин алдында эң мыкты бейиштер бар.
35 (Эй Макка мушриктери!) эмне, биз мусулмандарды (силерге окшогон) күнөөкерлер сыяктуу кылат бекенбиз?![1]
36 Силерге эмне болгон?! Кандай өкүм чыгарып жатасыңар?!
37 Же силердин алдыңарда аны сабак кылып окуган (ыйык) китеп бар беле?!
38 (Же) Ал (китептин ичинде) силер үчүн өзүңөр каалаган нерсе (бар бекен)?!
39 Же болбосо, силер үчүн Биздин мойнубузда кыямат күнүнө чейин жете турган «силер каалаган (бардык) нерсе(лер) силер үчүн мүмкүн» деген ант-убада бар бекен?!
40 (Эй Мухаммад) алардан сура - чы, кимиси буга кепил боло алат?!
41 Же алардын (каалоо тилектерин орундатып бере турган Аллахтан башка) кудайлары барбы?! Эгер чынчыл болушса, (ошол) кудайларын алып келишсин!
42 (Кыямат) күндө балтыр ачылып, (бардык элдер) сажда кылууга чакырылганда, алар (мушриктер сажда

[1] Аллахка моюн сунган адамдар менен каапырлардын акыбети эч качан бирдей болбойт.

خَٰشِعَةً أَبۡصَٰرُهُمۡ تَرۡهَقُهُمۡ ذِلَّةٞۖ وَقَدۡ كَانُواْ يُدۡعَوۡنَ إِلَى ٱلسُّجُودِ وَهُمۡ سَٰلِمُونَ ٤٣
فَذَرۡنِي وَمَن يُكَذِّبُ بِهَٰذَا ٱلۡحَدِيثِۖ سَنَسۡتَدۡرِجُهُم مِّنۡ حَيۡثُ
لَا يَعۡلَمُونَ ٤٤ وَأُمۡلِي لَهُمۡۚ إِنَّ كَيۡدِي مَتِينٌ ٤٥ أَمۡ تَسۡـَٔلُهُمۡ أَجۡرٗا فَهُم
مِّن مَّغۡرَمٖ مُّثۡقَلُونَ ٤٦ أَمۡ عِندَهُمُ ٱلۡغَيۡبُ فَهُمۡ يَكۡتُبُونَ ٤٧ فَٱصۡبِرۡ
لِحُكۡمِ رَبِّكَ وَلَا تَكُن كَصَاحِبِ ٱلۡحُوتِ إِذۡ نَادَىٰ وَهُوَ مَكۡظُومٞ ٤٨ لَّوۡلَآ
أَن تَدَٰرَكَهُۥ نِعۡمَةٞ مِّن رَّبِّهِۦ لَنُبِذَ بِٱلۡعَرَآءِ وَهُوَ مَذۡمُومٞ ٤٩ فَٱجۡتَبَٰهُ رَبُّهُۥ
فَجَعَلَهُۥ مِنَ ٱلصَّٰلِحِينَ ٥٠ وَإِن يَكَادُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ لَيُزۡلِقُونَكَ بِأَبۡصَٰرِهِمۡ
لَمَّا سَمِعُواْ ٱلذِّكۡرَ وَيَقُولُونَ إِنَّهُۥ لَمَجۡنُونٞ ٥١ وَمَا هُوَ إِلَّا ذِكۡرٞ لِّلۡعَٰلَمِينَ ٥٢

## سُورَةُ الحَاقَّةِ

ترتيبها ٦٩ — آياتها ٥٢

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

ٱلۡحَآقَّةُ ١ مَا ٱلۡحَآقَّةُ ٢ وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡحَآقَّةُ ٣ كَذَّبَتۡ ثَمُودُ
وَعَادُۢ بِٱلۡقَارِعَةِ ٤ فَأَمَّا ثَمُودُ فَأُهۡلِكُواْ بِٱلطَّاغِيَةِ ٥ وَأَمَّا
عَادٞ فَأُهۡلِكُواْ بِرِيحٖ صَرۡصَرٍ عَاتِيَةٖ ٦ سَخَّرَهَا عَلَيۡهِمۡ
سَبۡعَ لَيَالٖ وَثَمَٰنِيَةَ أَيَّامٍ حُسُومٗاۖ فَتَرَى ٱلۡقَوۡمَ فِيهَا صَرۡعَىٰ
كَأَنَّهُمۡ أَعۡجَازُ نَخۡلٍ خَاوِيَةٖ ٧ فَهَلۡ تَرَىٰ لَهُم مِّنۢ بَاقِيَةٖ ٨

кылууга) жарабай калышат.[1]

43 Көздөрү жерге кадалып, аларды кордук орогон абалда (турушат) Алар (дүйнө жашоосунда) сак-саламат болуп (саждага жарап) турганда саждага чакырылышкан эле.

44 (Эй Мухаммад!) Сен бул Сөздү (Курaанды) жалган дегендерди Мага кой! Биз аларды билбеген тарабынан эч билгизбей азапка салабыз![2]

45 Мен аларга мөөнөт беремин. Менин амалкерлигим бекем!

46 Же болбосо (эй, Мухаммад) сен алардан (өзүндүн дааватың үчүн) акы сурап, алар болсо төлөөдөн кыйналып жатышабы?

47 Же алардын алдында кайып (ааламындагы Тагдыр Китеби) барбы (жана) алар (ошондон окугандарын) жазышабы?[3]

48 Эми (эй, Мухаммад) сен Раббиңдин өкүмүнө сабыр кыл! Балыктын «ээси» (Юнус пайгамбар) сыяктуу (элиңе сабырсыз) болбо! Бир кезде ал (балыктын ичине) жутулган бойдон (кап-караңгы курсакта отуруп) Раббисине дуба кылган болчу.[4]

49 Эгерде ага Раббисинин нээматы (жакшылыгы) жетпегенде, жек көрүлгөн абалда жалаң жерге (кароосуз) таштап коюлмак.[5]

50 Анан Раббиси аны (кайрадан пайгамбарчылык үчүн) шайлап, салих (жакшы) инсандардан кылды.

---

[1] Бул аят Кыяматтагы оор абал жөнүндө кабар берет. Абу Саид Худрий разияллоху анху мындай хадис риваят кылган: “ *Мен Расулуллах саллаллоху алайхи ва салламдын мындай дегенин уктум:* “(Кыяматтагы оор күндө) Раббибиз Өзүнүн (эч нерсеге окшобогон) Балтырын ачат. Анан Ага ар бир ыймандуу эркек-аял саждага жыгылат. Ошондо бул дүйнөдө эл көрсүнгө гана ийилип жүргөндөр (жана тап такыр сажда кылбагандар) дагы сажда кылуу үчүн барышат. Бирок, алардын омурткалары катып (саждага жарабай) калат.” *(Бухарий: 4419-хадис. Муслим: 183-хадис)*

[2] Бул аятта Аллах Макка мушриктерин, каапыр болоор замат азапка салбай, акырындык менен, мөөнөт берип, бир аз - бир аздан нээмат жана өмүр берип, даражама - даража алып барып, качан алар эч нерсени капарына илбей, “Аллах бизге кайра нээмат берип жатат го. Демек, бир нерсебиз Аллахка жаккан окшойт” деп бейкапар болуп калгандан кийин гана азап жиберүү жөнүндө айтып жатат.

[3] Эгер Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам дин үйрөткөндүгү үчүн алардан акы сурабаса же алар кайыптагы тагдыр китеби – Лавхул Махфузду окуп, андагы келечек кабарларды жазып жүрбөгөн болсо, тагыраак айтканда, өздөрүнүн тозокко түшпөөсү жөнүндө кайыптан кабар алышпаган болсо, эмне үчүн акыйкатка ушул даражада назарсыз болушат?! Эмне үчүн динге душман болуп Пайгамбарга руханий-денелик зыяндарды жеткиришет?!

[4] Юнус пайгамбардын толугураак баяны менен таанышуу үчүн “Анбия”, “Саффат” жана “Юнус” сүрөлөрүнө кайрылыңыз.

[5] Бирок, андай болбоду. Аллах анын дубасын угуп, кечирип, ырайым кылганы себептүү, балык аны жайдак, ысык, жалаң жерге оозунан чыгарып таштаар замат ал жерге ашкабак дарагын өстүрүп, анын алсызданган денесин илахий көлөкө менен ырахаттандырды.

51 (Эй Мухаммад) каапыр болгон адамдар зикирди (Курааанды) уккан мезгилде (ичи өрттөнүп) сени көздөрү менен оодара сала жаздашат жана: «ал жинди!» дешет.
52 Ал (Кураан) бүт ааламдар үчүн (эң даанышман) насаат-эскертмеден башка эмес!

## 69-“Ал – Хаакка” сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Ал – Хаакка!
2 «Ал – Хаакка» дегени эмне өзү?!
3 (Эй, Мухаммад) «Ал – Хаакка» эмне экенин сен кайдан билмек элең?[2]
4 «Самууд» менен «Аад» (коому) кыяматты жалганга чыгарышкан эле.[3]
5 Анан… Самуд (эли жүрөк жарган) ач айкырык менен кыйратылды.
6 Ал эми, Аад болсо, кутурган бороон шамал менен өлтүрүлдү.
7 (Аллах) ал шамалды алардын үстүнө жети түн, сегиз күн токтоосуз «кызмат кылдырып койду». Анан сен (эй көрүүчү) ал жердеги адамдарды оонап, айкалышып жаткан курма дарагынын денелери сыяктуу кароосуз өлүп жаткандарын көрөсүң!
8 Эми, кара-чы (алардан бирөө-жарымынын) өлбөй калганын көрө алаар бекенсиң?!
9 Анан Фираун, андан илгерки (каапыр) адамдар жана көңтөрүлгөн шаар (элдери – Лут коому) каапырчылык (иштерди) жасашып,
10 Раббисинин пайгамбарына каршы чыгышты эле, (Рабби) аларды өтө катуу азап менен кыйратты!

[1] Элүү эки аяттан турган бул сүрө Маккада түшүрүлгөн. “Ал-Хаакка” – бул Кыяматтын бир аталышы. Мааниси “чындап болуучу”

[2] «Аль-Хаакка» Кыяматтын бир нече атактуу ысымдарынын бирөөсү. Кыямат кайымдын мындан башка да «Аль-Кариьа” (Катуу согуучу), “Аль-Ваакеьа” (Окуя), “Ат-Тоомма” (Чоң апаат), “Ас-Соохха” (Катуу добуш), Ас-Сааьа” (Саат) ж.б.у.с. аталыштары дагы бар.

[3] “Самууд” – бул Хижр деген жерде (Азыркы Саудияга караштуу аймак) жашаган илгерки бир уруунун аты. Аллах Таала аларга Салих пайгамбарды жиберип, Аллахка, кыяматка ишенүүгө жана Өзүнүн пайгамбары көргөзгөндөй жашоого буюрган. Ал эми, “Аад” болсо Хазрамауут деген жерде жашаган илгерки уруу. Аллах Таала аларга Хууд пайгамбарды жиберген.

11 (Нух доорундагы топон) суу ташкан убакытта, Биз (каапырларды кыйратып) силерди кемеде көтөрүп койгон элек,
12 аны (кемени) силерге үлгү-сабак кылуу үчүн жана акылдуу адамдар (сабак катары) билип жүрүү үчүн.
13 Эми, качан «Сур» (деп аталган чоор) бир ирет тартылганда,[4]
14 жер менен тоолор көтөрүлүп, бир ирет кагыштырылып (тоолор упадай урап, жер менен тегиз болуп калганда,)
15 Дал ошол күндө Ваакеьа (Кыямат) болот.
16 Жана ал күндө үлпүлдөк (алсыз) болуп калган асман жарылганда,
17 жана асмандын ар тарабында периштелер (Аллахтын кызматына даяр туруп), алардын үстүндө сегиз (күч - кубаттуу периште) Раббиңдин Аршын көтөргөндө,[5]
18 дал ошол күндө силер (Раббиңерге) жолуктуруласыңар. Силердин эч бир сыр(ыңар) жашыруун калбайт.[6]
19 Кимге китеби оң тарабынан берилсе, ал (сүйүнгөн бойдон мындай) дейт: «э-эй! Мына менин китебимди окуп көргүлө!
20 Мен бул эсеп-китебиме жолугууга анык ишенген болчумун!»

[4] Кыямат кайым башталганынын бир белгиси Исрафил периштенин “сур” деген кернейди тартуусу. Ошол замат топуракта чирип жаткан денелер жамгырдан кийин жайнап чыккан өсүмдүктөр сыяктанып өнүп чыга баштайт. Кийин аларга рухтары учуп келип, биригет.

[5] Аллах Тааланын “Арш” деп аталган Улук Тактысын көтөрүү вазыйпасы жүктөлгөн периштелердин күчү жана келбет- көлөмү жөнүндө Абу Дауддун “Сунан” китебинде келген бир хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай дегени баяндалат: “...Аршты көтөргөн периштелерден биринин кулагынын жумшагынан желкесине чейин жети жүз жылдык жол” (Ибн Касир)

[6] Анан Аллах Таала жеке Өзү сот-сурагын жүргүзүп баштайт. Элдерге бул дүйнөдөгү жасаган иштеринин тизмеси – амал баракчалары (китептери) таратылат. Ал китептерди ар бир адам баласынын эки желкесинде олтурган эки периште бардык жашыруун иштерине чейин жазып алышкан болчу. Ошондо жакшылардын китептери оң тарабынан, жамандардын китеби сол тарабынан берилет.

وَجَآءَ فِرۡعَوۡنُ وَمَن قَبۡلَهُۥ وَٱلۡمُؤۡتَفِكَٰتُ بِٱلۡخَاطِئَةِ ﴿٩﴾ فَعَصَوۡاْ رَسُولَ
رَبِّهِمۡ فَأَخَذَهُمۡ أَخۡذَةٗ رَّابِيَةً ﴿١٠﴾ إِنَّا لَمَّا طَغَا ٱلۡمَآءُ حَمَلۡنَٰكُمۡ فِي ٱلۡجَارِيَةِ
﴿١١﴾ لِنَجۡعَلَهَا لَكُمۡ تَذۡكِرَةٗ وَتَعِيَهَآ أُذُنٞ وَٰعِيَةٞ ﴿١٢﴾ فَإِذَا نُفِخَ فِي ٱلصُّورِ
نَفۡخَةٞ وَٰحِدَةٞ ﴿١٣﴾ وَحُمِلَتِ ٱلۡأَرۡضُ وَٱلۡجِبَالُ فَدُكَّتَا دَكَّةٗ وَٰحِدَةٗ ﴿١٤﴾
فَيَوۡمَئِذٖ وَقَعَتِ ٱلۡوَاقِعَةُ ﴿١٥﴾ وَٱنشَقَّتِ ٱلسَّمَآءُ فَهِيَ يَوۡمَئِذٖ وَاهِيَةٞ
﴿١٦﴾ وَٱلۡمَلَكُ عَلَىٰٓ أَرۡجَآئِهَاۚ وَيَحۡمِلُ عَرۡشَ رَبِّكَ فَوۡقَهُمۡ يَوۡمَئِذٖ ثَمَٰنِيَةٞ
﴿١٧﴾ يَوۡمَئِذٖ تُعۡرَضُونَ لَا تَخۡفَىٰ مِنكُمۡ خَافِيَةٞ ﴿١٨﴾ فَأَمَّا مَنۡ أُوتِيَ
كِتَٰبَهُۥ بِيَمِينِهِۦ فَيَقُولُ هَآؤُمُ ٱقۡرَءُواْ كِتَٰبِيَهۡ ﴿١٩﴾ إِنِّي ظَنَنتُ أَنِّي مُلَٰقٍ
حِسَابِيَهۡ ﴿٢٠﴾ فَهُوَ فِي عِيشَةٖ رَّاضِيَةٖ ﴿٢١﴾ فِي جَنَّةٍ عَالِيَةٖ ﴿٢٢﴾
قُطُوفُهَا دَانِيَةٞ ﴿٢٣﴾ كُلُواْ وَٱشۡرَبُواْ هَنِيٓـَٔۢا بِمَآ أَسۡلَفۡتُمۡ فِي ٱلۡأَيَّامِ
ٱلۡخَالِيَةِ ﴿٢٤﴾ وَأَمَّا مَنۡ أُوتِيَ كِتَٰبَهُۥ بِشِمَالِهِۦ فَيَقُولُ يَٰلَيۡتَنِي لَمۡ أُوتَ كِتَٰبِيَهۡ
﴿٢٥﴾ وَلَمۡ أَدۡرِ مَا حِسَابِيَهۡ ﴿٢٦﴾ يَٰلَيۡتَهَا كَانَتِ ٱلۡقَاضِيَةَ ﴿٢٧﴾ مَآ أَغۡنَىٰ
عَنِّي مَالِيَهۡۜ ﴿٢٨﴾ هَلَكَ عَنِّي سُلۡطَٰنِيَهۡ ﴿٢٩﴾ خُذُوهُ فَغُلُّوهُ ﴿٣٠﴾ ثُمَّ ٱلۡجَحِيمَ
صَلُّوهُ ﴿٣١﴾ ثُمَّ فِي سِلۡسِلَةٖ ذَرۡعُهَا سَبۡعُونَ ذِرَاعٗا فَٱسۡلُكُوهُ ﴿٣٢﴾ إِنَّهُۥ
كَانَ لَا يُؤۡمِنُ بِٱللَّهِ ٱلۡعَظِيمِ ﴿٣٣﴾ وَلَا يَحُضُّ عَلَىٰ طَعَامِ ٱلۡمِسۡكِينِ ﴿٣٤﴾

21 Анан ал өзү ыраазы болгон жашоодо –
22 – эң жогорку Бейиште болот.
23 Анын мөмөлөрү (отурган жерден кол сунсаң эле жеткидей аралыкта) ийилип турут.
24 (Анан аларга айтылат) «Өткөн (дүйнө жашоосунда) жасаган (сооптуу) ишиңер себептүү жегиле, ичкиле – аш болсун!»
25 Ал эми, (амал) китеби сол тарабынан берилген (бактысыз адамдар кайгырып мындай) дешет: «оо, атаганат! Менин китебим берилбей эле койсо экен
26 жана эсебим кандай экенин билбей эле калсам экен..,
27 Оо, кана эми, ал (менин өлүмүм) чечүүчү болсо! (кайра тирилүү деген болбосо!)
28 Мал-дүйнөм мага пайда бербей калды!
29 Менин күч-кубатым (салтанат-бийлигим) жок болуп кетти!»[1]

30 (Эй периштелер!) аны кармап, кишендегиле!
31 Андан соң тозокко таштагыла!
32 Андан соң узундугу жетимиш чыканак келген чынжырга өткөргүлө!»[2]
33 (Себеби), Ал Улук Аллахка ыйман келтирбеди
34 жана бей-бечараларды тамактандырууга (эч кимди) кызыктырбады.
35 Ал (азаптуу) күндө ал жерде ага (эч бир) дас-жардамчы болбойт.
36 Тамак-аш да болбойт. Бир гана «гислийн» (деген «тамак»)[3] болот.
37 Аны күнөөлүү адамдар гана жейт.
38 Мен силер көргөн нерселер менен ант ичип..,
39 жана көрө албаган (бардык) нерселер менен ант ичип (айтамын):
40 «Ал (Кураан) Улук пайгамбардын (Аллах үйрөткөн) Сөзү!
41 Ал акындын сөзү эмес! Өтө аз ыйман келтирип жатасыңар!
42 Ал бакшы-көзү ачыктын сөзү да эмес![4] (Аллахты) өтө аз эскерип жатасыңар!
43 Ал – ааламдардын Раббиси тарабынан түшүрүлгөн!
44 Эгер ал (Мухаммад) (Кураандагы) кээ бир сөздөрдү (ичинен токуп алган жана «ушул – Аллахтын сөзү» деп, аны) Бизге оодарган болсо,
45 Биз аны күч менен кармап, өч алмакпыз.

---

1 Мына ушинтип муң-арманын айтып бүтүп-бүтөлекте эле, анын үстүнөн Аллах Тааланын каардуу бирок, адилет өкүмү жарыяланат.

2 Аяттын арапча текстинде «услукууху» деп келген сөздү кээ бир котормочулар «байлагыла», «таңгыла» деп которушат. Бирок, мунун сөздүктөгү мааниси «жүргүзүү», «өткөрүү». Демек, күнөөкер, тозоку пенде узундугу жетимиш чыканак болгон чынжырга, шыкка өткөрүлгөн шишкебек сыяктуу өткөрүлөт. Узун чынжыр кылмышкердин арка жагынан киргизилип, оозунан чыгарылат. Мындай азаптан Аллахтын Өзү сактасын! *(Саадий)*

3 «Гислийн» - бул тозокто күйгөн кылмышкерлердин денесинен агып чыккан ириңден даярдалган «тамак». Ал өтө кайнак, эң ачуу жана адам чыдагыс сасык болот. Аллах сактасын!

4 Кээ бир каапырлар “Мухаммад жиндер менен байланыш түзгөн бакшы. Ага кабарларды жиндер жеткирип турат” дешкен. Бул аят ошолорго жооп.

(46) Кийин жүрөк тамырын үзүп жибермекпиз!
(47) Анан силердин араңардан эч ким аны (Бизден) куткарып кала алмак эмес!
(48) Ал (Кураан) такыбаа кишилер үчүн эскерме-сабак.
(49) Силердин араңарда (Кураанды) «жалган»дегендер бар экенин Биз эң жакшы билебиз!
(50) Жана ал каапырларга кайгы![1]
(51) Ал – анык Чындык!
(52) Эми, Улук Раббиңдин ысымына (ар дайым) тасбех айта жүр![2]

## 70-“Маариж” сүрөсү[3]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) (Мушриктерден) бир суроочу[4] собол кылды түшүүчү азап жөнүндө –
(2) – каапырлардын башына. (Азап сөзсүз келет. Ошондо) аны кайтаруучу (күч) болбой калат!
(3) (Ал азап) Мааридж – тепкичтер[5] ээси Аллах тарабынан (келет)
(4) Периштелер менен Рух Ага (Аллах Таалага) өлчөмү элүү миң жылга тең болгон күндө көтөрүлүп (жетип) барышат.[6]

فَلَيْسَ لَهُ ٱلْيَوْمَ هَٰهُنَا حَمِيمٌ ٣٥ وَلَا طَعَامٌ إِلَّا مِنْ غِسْلِينٍ ٣٦ لَّا يَأْكُلُهُۥٓ
إِلَّا ٱلْخَٰطِـُٔونَ ٣٧ فَلَآ أُقْسِمُ بِمَا تُبْصِرُونَ ٣٨ وَمَا لَا تُبْصِرُونَ ٣٩
إِنَّهُۥ لَقَوْلُ رَسُولٍ كَرِيمٍ ٤٠ وَمَا هُوَ بِقَوْلِ شَاعِرٍ ۚ قَلِيلًا مَّا تُؤْمِنُونَ ٤١
وَلَا بِقَوْلِ كَاهِنٍ ۚ قَلِيلًا مَّا تَذَكَّرُونَ ٤٢ تَنزِيلٌ مِّن رَّبِّ ٱلْعَٰلَمِينَ ٤٣ وَلَوْ
تَقَوَّلَ عَلَيْنَا بَعْضَ ٱلْأَقَاوِيلِ ٤٤ لَأَخَذْنَا مِنْهُ بِٱلْيَمِينِ ٤٥ ثُمَّ لَقَطَعْنَا
مِنْهُ ٱلْوَتِينَ ٤٦ فَمَا مِنكُم مِّنْ أَحَدٍ عَنْهُ حَٰجِزِينَ ٤٧ وَإِنَّهُۥ لَتَذْكِرَةٌ
لِّلْمُتَّقِينَ ٤٨ وَإِنَّا لَنَعْلَمُ أَنَّ مِنكُم مُّكَذِّبِينَ ٤٩ وَإِنَّهُۥ لَحَسْرَةٌ عَلَى
ٱلْكَٰفِرِينَ ٥٠ وَإِنَّهُۥ لَحَقُّ ٱلْيَقِينِ ٥١ فَسَبِّحْ بِٱسْمِ رَبِّكَ ٱلْعَظِيمِ ٥٢

ترتيبها ٧٠ — سُورَةُ ٱلْمَعَارِجِ — آياتها ٤٤

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

سَأَلَ سَآئِلٌۢ بِعَذَابٍ وَاقِعٍ ١ لِّلْكَٰفِرِينَ لَيْسَ لَهُۥ دَافِعٌ ٢ مِّنَ
ٱللَّهِ ذِى ٱلْمَعَارِجِ ٣ تَعْرُجُ ٱلْمَلَٰٓئِكَةُ وَٱلرُّوحُ إِلَيْهِ فِى
يَوْمٍ كَانَ مِقْدَارُهُۥ خَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ ٤ فَٱصْبِرْ صَبْرًا جَمِيلًا ٥
إِنَّهُمْ يَرَوْنَهُۥ بَعِيدًا ٦ وَنَرَىٰهُ قَرِيبًا ٧ يَوْمَ تَكُونُ ٱلسَّمَآءُ كَٱلْمُهْلِ
٨ وَتَكُونُ ٱلْجِبَالُ كَٱلْعِهْنِ ٩ وَلَا يَسْـَٔلُ حَمِيمٌ حَمِيمًا ١٠

(5) (Эй Мухаммад) Сен (Мушриктердин «жалган» деген сөзүнө жана зыяндуу иштерине) эң сонун сабыр кыл!
(6) Алар аны (кайра тирилүүнү акылдардан) алыс деп ойлошот.
(7) А, Биз болсо, жакын (анык) деп билебиз.
(8) Ал күндө асман эритилген жез сыяктуу,
(9) ал эми, тоолор тытылган жүн сыяктуу болуп калат.
(10) (Ал күндө эч бир) дос өзүнүн жакын досун(ун абалын) сурай албайт!
(11) Аларды (бири-бирине) көрсөтүлөт. Күнөөкер (тозоку) адам ошол күндүн азабы беделине перзенттерин,

---

[1] Кураандын каапырларга кайгы болушунун себеби, акыретте алар «эх! ушул Куранга ээрчигенибизде ушул азапка жолукпайт болчубуз!» деп кайгы тартышат. (Саадий)

[2] Аллах Таала бизге Өзүн – Өзү тааныткан. Демек, биз аны Өзү тааныткандый жогорку жана кемчилдиксиз сыпаттар менен гана таанып, сыпатташыбыз керек. Пенденин “Субханаллах!” деп дуба кылып жүрүүсү “тасбех” деп аталат. “Субханаллахтын” мааниси “Мен Аллахты ар кандай Өзүнө ылайык эмес сыпаттардан аруулаймын жана Өзү үйрөткөн, Өзүнө ылайык болгон бийик, ыйык жана кемчилдиксиз сыпаттар менен сыпаттаймын” дегенди билдирет.

[3] Бул сүрө Маккада түшкөн. 44 аяттан турат. “Мааридж” сөзүнүн “шатылар” же “тепкичтер” деп которулат.

[4] Бул каапыр Назр ибн Хаарис деген киши эле. Ал Пайгамбарыбызды шылдыңдап: “бизге азап качан келет” деп сурады жана «Эй Аллах! Эгер ушул Кураанды Мухаммадка Өзүң түшүргөнүң чын болсо, биздин үстүбүзгө таш жаадырып жибер!» деп дуба кылды. (Ибн Касийр)

[5] Бул жерде жети кабат асманды тепкичтерге окшотуу бар.

[6] Бул аяттагы «Рух» сөзүн кээ бир тафсирлерде «жан» деп түшүндүргөн. (Саадий, Ибн Касийр) Башка кээ бир аалымдар Жибрийл периште дешет. (Жалалайн) Бул аяттан алына турган дагы бир түшүнүк: Аллах Тааланын бийикте (асмандардын үстүндө) экени. Бул маани аяттагы “көтөрүлөт” деген сөздөн түшүнүлүүдө.

يُبَصَّرُونَهُمۡۚ يَوَدُّ ٱلۡمُجۡرِمُ لَوۡ يَفۡتَدِي مِنۡ عَذَابِ يَوۡمِئِذِۭ بِبَنِيهِ ﴿١١﴾
وَصَٰحِبَتِهِۦ وَأَخِيهِ ﴿١٢﴾ وَفَصِيلَتِهِ ٱلَّتِي تُـٔۡوِيهِ ﴿١٣﴾ وَمَن فِي ٱلۡأَرۡضِ
جَمِيعٗا ثُمَّ يُنجِيهِ ﴿١٤﴾ كَلَّآۖ إِنَّهَا لَظَىٰ ﴿١٥﴾ نَزَّاعَةٗ لِّلشَّوَىٰ ﴿١٦﴾ تَدۡعُواْ
مَنۡ أَدۡبَرَ وَتَوَلَّىٰ ﴿١٧﴾ وَجَمَعَ فَأَوۡعَىٰٓ ﴿١٨﴾ ۞ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ خُلِقَ هَلُوعًا
إِذَا مَسَّهُ ٱلشَّرُّ جَزُوعٗا ﴿١٩﴾ وَإِذَا مَسَّهُ ٱلۡخَيۡرُ مَنُوعًا ﴿٢٠﴾ إِلَّا ﴿٢١﴾
ٱلۡمُصَلِّينَ ﴿٢٢﴾ ٱلَّذِينَ هُمۡ عَلَىٰ صَلَاتِهِمۡ دَآئِمُونَ ﴿٢٣﴾ وَٱلَّذِينَ فِيٓ
أَمۡوَٰلِهِمۡ حَقّٞ مَّعۡلُومٞ ﴿٢٤﴾ لِّلسَّآئِلِ وَٱلۡمَحۡرُومِ ﴿٢٥﴾ وَٱلَّذِينَ يُصَدِّقُونَ
بِيَوۡمِ ٱلدِّينِ ﴿٢٦﴾ وَٱلَّذِينَ هُم مِّنۡ عَذَابِ رَبِّهِم مُّشۡفِقُونَ ﴿٢٧﴾ إِنَّ عَذَابَ
رَبِّهِمۡ غَيۡرُ مَأۡمُونٖ ﴿٢٨﴾ وَٱلَّذِينَ هُمۡ لِفُرُوجِهِمۡ حَٰفِظُونَ ﴿٢٩﴾ إِلَّا عَلَىٰٓ
أَزۡوَٰجِهِمۡ أَوۡ مَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُهُمۡ فَإِنَّهُمۡ غَيۡرُ مَلُومِينَ ﴿٣٠﴾ فَمَنِ ٱبۡتَغَىٰ وَرَآءَ
ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡعَادُونَ ﴿٣١﴾ وَٱلَّذِينَ هُمۡ لِأَمَٰنَٰتِهِمۡ وَعَهۡدِهِمۡ رَٰعُونَ
﴿٣٢﴾ وَٱلَّذِينَ هُم بِشَهَٰدَٰتِهِمۡ قَآئِمُونَ ﴿٣٣﴾ وَٱلَّذِينَ هُمۡ عَلَىٰ صَلَاتِهِمۡ يُحَافِظُونَ
﴿٣٤﴾ أُوْلَٰٓئِكَ فِي جَنَّٰتٖ مُّكۡرَمُونَ ﴿٣٥﴾ فَمَالِ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ قِبَلَكَ مُهۡطِعِينَ
﴿٣٦﴾ عَنِ ٱلۡيَمِينِ وَعَنِ ٱلشِّمَالِ عِزِينَ ﴿٣٧﴾ أَيَطۡمَعُ كُلُّ ٱمۡرِيٕٖ مِّنۡهُمۡ
أَن يُدۡخَلَ جَنَّةَ نَعِيمٖ ﴿٣٨﴾ كَلَّآۖ إِنَّا خَلَقۡنَٰهُم مِّمَّا يَعۡلَمُونَ ﴿٣٩﴾

(12) аялын жана ага-инилерин,
(13) өзүнө арка-жөлөк болгон тууган уруктарын..,
(14) жана деги эле, жер бетиндеги бардык адамдарды садага чаап, анан (ушул төлөмү) өзүн (тозоктон) куткарып кетүүсүн каалайт.
(15) Жок! Ал (тозок) – алоолонгон от
(16) терилерди шылып алуучу!
(17) Ал от (кучагына) чакырат (акыйкаттан) жүз буруп, артка кеткендерди
(18) жана (адал-арамна карабай дүйнө-мүлк) жыйнап, (андан садака кылбай) басып-чогултуп жаткан адамдарды!
(19) Чынында инсан чыдамсыз жаратылган.
(20) Эгер аны жаман (тагдыр) кармаса, чыйпылыктап жиберет.
(21) Жакшы (тагдыр) кармаса кызганчаак болуп калат.
(22) Намаз окуучулар гана андай эмес.
(23) Алар намаздарын дайым (калтырбай) окушат.
(24) Алардын дүйнө мүлкүндө белгилүү акы (үлүш) бар
(25) муктаждар жана сурагандар үчүн.
(26) Алар эсеп (акырет) күнүн тастыкташат...
(27) Алар Раббисинин азабынан коркушат...
(28) Чынында, Раббисинин азабы(нан) аманда болуу (эч ким үчүн кепилденген) эмес.
(29) Жана алар жыныс мүчөлөрүн (арамдан) сакташат.
(30) Өздөрүнүн (ак никедеги) аялдарына жана күңдөрүнө гана («барышат»). Ошондо алар (күнөөлүү деп) айыпталбайт.
(31) Ким ушунун артынан (башкаларды никесиз) «кааласа», алар чектен чыккандар!
(32) Жана алар өз аманаттарын, убада-келишимдерин бекем сакташат...
(33) Күбөлүк бергенде (жалган аралаштырбай) түз болушат...
(34) Алар намаздарын (ын убактысын) сакташат...
(35) Алар – Бейиштерде сыйлануучулар!
(36) (Эй, Мухаммад) каапырларга эмне болду, сен тарапка шашылышат?
(37) Оң каптал жана сол капталдан топурап?[1]
(38) Алардын ар бири Нээмат Бейишине кирүүнү каалайбы?
(39) Жок! (эч андай болбойт!) Биз аларды өздөрүнө белгилүү нерседен (бир тамчы атырылган арам суудан) жараттык.
(40) Чыгыштар менен батыштардын Раббисине ант, Биз кудуреттүүбүз:
(41) аларды жакшыраак (ыймандуу элдерге) алмаштырып коюуга! Жана Биз (буга) алсыз эмеспиз![2]
(42) (Эй Мухаммад) эми, жөн кой аларды. Убада кылынган (өлүп, азапка дуушар боло турган) күндөрүнө жолукканга

---

[1] Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Кураан окуганда каапырлар топурап келишип, "Мухаммад дагы эмне дээр экен" деп аңдып турушчу. Анан сахаабаларды мыскылдап, "биз аксөөкпүз. Силерден өйдө таптагы адамдарбыз. Ошондуктан биз силерден илгери Бейишке киребиз" дешчү.

[2] Эгер кааласа Аллах Таала аларды көз ирмемде жер менен жексен кылууга жана алардын ордуна башка, ыймандуу адамдарды жашатып коюуга кудуреттүү. Бирок, Аллах Таала аларга тозок отуна дагы да ылайыгыраак болуш үчүн мөөнөт берди.

чейин (күнөө деңизине) шомкуп, ойноп-күлүп жүрө беришсин!
43 (Ал эми) ошол күндө алар мүрзөлөрүнөн, бир байракты ээрчиген сыяктуу (чогуу жана) тез чыгып келишет.
44 Көздөрү (жер тиктеп) бөжүрөйүп, (ар тараптан) кордук ороп турат. Мына ушул – аларга убада кылынган Күн!

## 71-«Нух» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Биз Нухту өз коомуна элчи-пайгамбар кылып жибердик (жана ага): «аларга катуу азап келишинен мурда коомуңду (тозок азабынан) эскерткин»[2] (деп вахий кылдык).
2 Ал айтты: «Эй коомум! Мен силерге анык эскертүүчү-пайгамбармын.
3 Аллахка гана ибадат кылып, Андан корккула жана мага моюн сунгула!
4 (Ошондо) Ал силердин күнөөңөрдү кечирип, белгилүү күндөргө (дүйнө жашоосун жашап бүткөнүңөргө) чейин силерди(н өлүмүңөрдү) кечиктирет. (Ал эми) Аллахтын ажалы келип калганда эч кечиктирилбейт, эгер билсеңер»[3]

فَلَآ أُقْسِمُ بِرَبِّ ٱلْمَشَٰرِقِ وَٱلْمَغَٰرِبِ إِنَّا لَقَٰدِرُونَ ﴿٤٠﴾ عَلَىٰٓ أَن نُّبَدِّلَ خَيْرًا مِّنْهُمْ
وَمَا نَحْنُ بِمَسْبُوقِينَ ﴿٤١﴾ فَذَرْهُمْ يَخُوضُوا۟ وَيَلْعَبُوا۟ حَتَّىٰ يُلَٰقُوا۟ يَوْمَهُمُ ٱلَّذِى
يُوعَدُونَ ﴿٤٢﴾ يَوْمَ يَخْرُجُونَ مِنَ ٱلْأَجْدَاثِ سِرَاعًا كَأَنَّهُمْ إِلَىٰ نُصُبٍ يُوفِضُونَ
﴿٤٣﴾ خَٰشِعَةً أَبْصَٰرُهُمْ تَرْهَقُهُمْ ذِلَّةٌ ذَٰلِكَ ٱلْيَوْمُ ٱلَّذِى كَانُوا۟ يُوعَدُونَ ﴿٤٤﴾

ترتيبها ٧١ — سُورَةُ نُوحٍ — آياتها ٢٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِنَّآ أَرْسَلْنَا نُوحًا إِلَىٰ قَوْمِهِۦٓ أَنْ أَنذِرْ قَوْمَكَ مِن قَبْلِ أَن يَأْتِيَهُمْ
عَذَابٌ أَلِيمٌ ﴿١﴾ قَالَ يَٰقَوْمِ إِنِّى لَكُمْ نَذِيرٌ مُّبِينٌ ﴿٢﴾ أَنِ ٱعْبُدُوا۟
ٱللَّهَ وَٱتَّقُوهُ وَأَطِيعُونِ ﴿٣﴾ يَغْفِرْ لَكُم مِّن ذُنُوبِكُمْ وَيُؤَخِّرْكُمْ
إِلَىٰٓ أَجَلٍ مُّسَمًّى ۚ إِنَّ أَجَلَ ٱللَّهِ إِذَا جَآءَ لَا يُؤَخَّرُ ۖ لَوْ كُنتُمْ تَعْلَمُونَ
﴿٤﴾ قَالَ رَبِّ إِنِّى دَعَوْتُ قَوْمِى لَيْلًا وَنَهَارًا ﴿٥﴾ فَلَمْ يَزِدْهُمْ دُعَآءِىٓ إِلَّا
فِرَارًا ﴿٦﴾ وَإِنِّى كُلَّمَا دَعَوْتُهُمْ لِتَغْفِرَ لَهُمْ جَعَلُوٓا۟ أَصَٰبِعَهُمْ
فِىٓ ءَاذَانِهِمْ وَٱسْتَغْشَوْا۟ ثِيَابَهُمْ وَأَصَرُّوا۟ وَٱسْتَكْبَرُوا۟ ٱسْتِكْبَارًا
﴿٧﴾ ثُمَّ إِنِّى دَعَوْتُهُمْ جِهَارًا ﴿٨﴾ ثُمَّ إِنِّىٓ أَعْلَنتُ لَهُمْ وَأَسْرَرْتُ
لَهُمْ إِسْرَارًا ﴿٩﴾ فَقُلْتُ ٱسْتَغْفِرُوا۟ رَبَّكُمْ إِنَّهُۥ كَانَ غَفَّارًا ﴿١٠﴾

5 (Нух) айтты : «Эй Раббим! Мен коомумду түнү-күнү (токтоосуз) даават кылдым.[4]

---

[1] Бул сүрө Маккада түшкөн. 28 аяттан турат.

[2] Аллах Таала эч бир элди жана эч бир адамды эскертмейинче жазалабайт. “Эскертүү” дегени эмне? Эмне үчүн Аллах Таала көп аяттарда Өзүнүн пайгамбарларына “коомуңа үйрөткүн” дебей, “коомуңа эскерткин” деп буюрат? Анткени, ар бир пайгамбардын элдери көп учурда Аллах Таала, акырет, бейиш жана тозок бар экенин эң жакшы билишкен. Анда алардын каапырчылыгы эмнеде? Алардын каапырчылыгы өздөрүнүн пенделик милдеттерин унутканында! Аллах Таалага ишенип, бирок ибадат кылбаганында! Жок. Алар Аллахты жана акыретти тап-такыр эстеринен чыгарып жиберишкен эмес. Кез-кези менен Аллах Тааланы эстеп калышчу. Кайсы мезгилдерде? Ооба. Баштарына кайгы-капа түшкөндө. Ошондо алар Аллах Таалага өтө ыклас менен дуба жана тооба кылышып, эгер ушул кырсыктан аман сактаса Өзүнө гана сыйынууга убада берип жиберишет. Аллах Таала алардан кайгыны арылтканда, азыр эле айткан сөздөрүн, берген убадаларын унутуп, дагы каапырчылык иштерин улантышат.

[3] Белгилүү болгондой Нух коому Аллах жана пайгамбарына моюн сунбаганы себептүү Топон суу балээси менен кыйратылган. Бирок, ошол жазаны жибергенге чейин Аллах Таала аларга ар кимиси өз үйүндө бутун узун сунган бойдон, азап-жазасыз өлүү үчүн мүмкүнчүлүк берген. Эгер алар Нухтун дааватын угуп, Аллахтан башка кудайларга сыйынган күнөө-кылмыштарын токтотуп, кудуреттүү Аллахтын Өзүнө гана сыйынып жашаганда, ажал аларды дүйнө дооранын сүрүп бүткөндө гана алмак. Бирок, алар Аллахка башка кудайларды шерик кылуу адаттарынан арылуунун ордуна Нухтун өзүнө зөөкүрлүк көргөзүштү.

[4] Бул аятта дааватчыга чоң сабак бар. Демек, даават деген белгилүү убакытка чектелбейт, өмүр бою жасалат. Нух пайгамбардын иштеген иши, сүйлөгөн сөзү, жасаган кыймыл аракети, адеп-ахлагы, коомдогу мамилесинин өзү даават болду. Эл динди анын өзүнөн, сөзүнөн, ар бир кыймылынан, жүрүш-турушунан, адамдар менен мамилесинен көрө алды. Мына ушундай даават кылгандан кийин кандай натыйжа

يُرْسِلِ ٱلسَّمَآءَ عَلَيْكُم مِّدْرَارًا ﴿١١﴾ وَيُمْدِدْكُم بِأَمْوَٰلٍ وَبَنِينَ وَيَجْعَل
لَّكُمْ جَنَّٰتٍ وَيَجْعَل لَّكُمْ أَنْهَٰرًا ﴿١٢﴾ مَّا لَكُمْ لَا تَرْجُونَ لِلَّهِ وَقَارًا ﴿١٣﴾
وَقَدْ خَلَقَكُمْ أَطْوَارًا ﴿١٤﴾ أَلَمْ تَرَوْا۟ كَيْفَ خَلَقَ ٱللَّهُ سَبْعَ سَمَٰوَٰتٍ
طِبَاقًا ﴿١٥﴾ وَجَعَلَ ٱلْقَمَرَ فِيهِنَّ نُورًا وَجَعَلَ ٱلشَّمْسَ سِرَاجًا ﴿١٦﴾
وَٱللَّهُ أَنۢبَتَكُم مِّنَ ٱلْأَرْضِ نَبَاتًا ﴿١٧﴾ ثُمَّ يُعِيدُكُمْ فِيهَا وَيُخْرِجُكُمْ
إِخْرَاجًا ﴿١٨﴾ وَٱللَّهُ جَعَلَ لَكُمُ ٱلْأَرْضَ بِسَاطًا ﴿١٩﴾ لِّتَسْلُكُوا۟ مِنْهَا
سُبُلًا فِجَاجًا ﴿٢٠﴾ قَالَ نُوحٌ رَّبِّ إِنَّهُمْ عَصَوْنِى وَٱتَّبَعُوا۟ مَن لَّمْ يَزِدْهُ
مَالُهُۥ وَوَلَدُهُۥٓ إِلَّا خَسَارًا ﴿٢١﴾ وَمَكَرُوا۟ مَكْرًا كُبَّارًا ﴿٢٢﴾ وَقَالُوا۟
لَا تَذَرُنَّ ءَالِهَتَكُمْ وَلَا تَذَرُنَّ وَدًّا وَلَا سُوَاعًا وَلَا يَغُوثَ وَيَعُوقَ
وَنَسْرًا ﴿٢٣﴾ وَقَدْ أَضَلُّوا۟ كَثِيرًا ۖ وَلَا تَزِدِ ٱلظَّٰلِمِينَ إِلَّا ضَلَٰلًا ﴿٢٤﴾
مِّمَّا خَطِيٓـَٰٔتِهِمْ أُغْرِقُوا۟ فَأُدْخِلُوا۟ نَارًا فَلَمْ يَجِدُوا۟ لَهُم مِّن دُونِ
ٱللَّهِ أَنصَارًا ﴿٢٥﴾ وَقَالَ نُوحٌ رَّبِّ لَا تَذَرْ عَلَى ٱلْأَرْضِ مِنَ ٱلْكَٰفِرِينَ
دَيَّارًا ﴿٢٦﴾ إِنَّكَ إِن تَذَرْهُمْ يُضِلُّوا۟ عِبَادَكَ وَلَا يَلِدُوٓا۟ إِلَّا فَاجِرًا
كَفَّارًا ﴿٢٧﴾ رَّبِّ ٱغْفِرْ لِى وَلِوَٰلِدَىَّ وَلِمَن دَخَلَ بَيْتِىَ
مُؤْمِنًا وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَٱلْمُؤْمِنَٰتِ وَلَا تَزِدِ ٱلظَّٰلِمِينَ إِلَّا تَبَارًۢا ﴿٢٨﴾

6 Бирок менин даабатым алардын (акыйкаттан) качуусун гана көбөйттү!

7 Сен аларды кечирүүң үчүн мен ар качан аларды даават кылып баштасам, бармактарын кулактарына киргизип, кийимдери менен оронуп алып (мени укпай, көшөргөн бойдон ширк ибадаттарын) уланта беришти жана аябай текеберленишти.

8 Кийин мен аларды ашкере түрдө даават кылдым.

9 Андан соң аларга (дааватымды) ачык-жарыя айттым жана (кези келгенде) жашыруун түрдө да айтым.

10 Анан мен аларга (мындай) дедим: «Раббиңерден кечирим сурагыла! Ал чынында Кечиримдүү!

11 Силерге асмандан себелеген жамгыр жиберет.

12 Жана дүйнө-мүлк, перзенттер менен кубаттап, бак-бостондорду жана (соолубас) дарыяларды берет.[1]

13 Силерге эмне болгон, Аллахка улуулукту каалабайсыңар?[2]

14 Ал силерди доор – доор менен жаратты-го![3]

15 Аллах (Таала) жети асманды кабат – кабаты менен кандай (чеберчиликте) жаратканына карабайсыңарбы?!

16 Жана Ал асмандардын койнундагы Айды нур, ал эми Күндү (аалам үчүн) чырак кылып койгон.

17 Жана Аллах силерди жерден гана өстүрүп чыгарган.[4]

18 Кийин силерди (өлгөн күнүңөрдө) кайра топуракка кайтарып, (кыяматта) дагы (топурактан) чыгарып алат.[5]

---

болду? Өзү айтат: *“Бирок менин дааватым алардын (акыйкаттан) качуусун гана көбөйттү! (Эй, Аллахым) Сен аларды кечирүүң үчүн мен ар качан аларды даават кылып баштасам, бармактарын кулактарына киргизип, кийимдери менен оронуп алып (мени укпай, көшөргөн бойдон ширк ибадаттарын) уланта беришти жана аябай текеберленишти”* Мунун мааниси эмне? Нух түшүнүктүү кылып жеткире албадыбы динди? Жок, андай эмес. Мунун эки себеби бар эле: **1)** Аллахтын Туура Жолуна багытталуу (хидаят) Аллах Тааланын гана колунда. Аллах хидаятка баштабаган адамдар пайгамбар даават кылса да туура жолго түшпөйт. **2)** Көралбастык жана текеберлик. Ар бир коомдун бузуку каапырлары көбүнчө мансаптуу жана бай адамдардан болот. Аларга Аллах Тааланы эскертип даават кылынса, “биздей аксөөктөргө ушул кембагал акыл үйрөтөбү?” деп ичи тарлык жана текеберчилик менен дааватты четке кагышат.

---

1 Демек, Ар дайым Аллах Тааладан кечирим сурап туруу ырыскынын мол болуусуна себеп болот экен.

2 Ага баш ийип, ибадат кылбайсыңар?

3 Бул аяттагы «доор» деген сөздү кээ бир аалымдар эненин жатынындагы түйүлдүк доорунан баштап, төрөлгөндөн кийинки бөбөктүк, балалык, өспүрүмдүк, жигиттик (жибек кыздык) орто жаш, карылык доорлору деп түшүндүрүшөт.

4 Бардык инсаниаттын атасы Адам алейхи саламды топурактан жараткан

5 Имам Бухарий жана Имам Муслимдердин “Сахих” китептеринде Абу Хурайра деген сахаабадан риваят кылынган хадисте айтылышы боюнча адамдар өлгөндө денеси чирип, топуракка айланат. Бир гана

19 Аллах силер үчүн жерди(н бетин) жалаң-тегиз кылды.
20 Анда(гы) кең жолдордон жүрүүңөр үчүн.
21 Нух айтты: “эй, Раббим! Алар мага каршы чыгышты жана дүйнөсү менен бала-чакасы зыяндан башканы көбөйтпөй турган киши(лер) ге ээрчишти.[1]
22 Алар (байлар динге каршы) өтө чоң айла-амалдарды жасашты.
23 Жана (элдерге) “бут-кудайыңарды таштабагыла “Вадды” дагы, “Сүвааны” дагы, “Ягусту” дагы, “Яукту” дагы, “Насрды” дагы таштабагыла!” дешти.[2]
24 Алар көп элдерди азгырышты. Жана Сен (эй, Аллахым!) заалымдарга адашуучулуктан башканы көбөйтпө!
25 Күнөөлөрү себептүү (топон суугa) чөктүрүлүштү! Анан (нарки дүйнөдө) отко кириптер кылынышты дагы, өздөрүнө Аллахтан башка жардамчы таппай калышты![3]
26 Нух айтты: “Эй, Раббим! Жер бетинде каапырлардан эч бирин калтырбагын!
27 Эгер аларды (тирүү) койсоң пенделериңди азгырышат жана бузуку, каапырларды гана насил (урпак) кылып калтырышат!
28 Эй, Раббим! Мени, менин ата-энемди, ыйман келтирип менин үйүмө киргендерди жана (бардык) ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды кечиргейсиң! Заалымдарга өлүмдөн башканы көбөйтпөгөйсүң!

## 72-“Жин” сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Айт (эй, Мухаммад) “Мага (Аллах Тааладан мындай деген) вахий келди: жиндерден бир жамаат (Курааныды) угушту жана (бири-бирине мындай) дешти: “биз ажайып Кураан[5] уктук
2 Ал Туура Жолго баштайт экен. Биз ага ыйман келтирдик. Эми, биз Раббибизге эч кимди шерик кылбайбыз!
4 Чынында Раббибиздин кудурети бийик (жана) Ал (Өзүнө) аял да, перзент да туткан эмес![6]
3 Чынында, биздин акмактарыбыз Аллах жөнүндө акылга сыйбаган (жалган) сөздөрдү айтышат.
5 Биз болсо, инсандар менен жиндер Аллага (Анын улуулугуна жарашпаган) жалган сөздөрдү эч качан доомат кылбайт деп ойлочубуз.

---

омуртканын эң этегиндеги чычаң сөөк чирибейт. Кыяматта асмандан инсандын бел суусу сыяктанган жамгыр жаайт жана мүрзөлөрдө чирип жаткан денелер ошол чычаң сөөктөгү данегинен кудум өсүмдүктөр сыяктуу өнүп чыгат.

1 Нухтун дааватына эң ириде дүйнөсү, бала-чакасы көп байлар, күч-кубаттуу адамдар каршы чыгышты. Алар элди Нухка каршы кайраштырып, натыйжада эл дагы аларга ээрчиди.

2 Нухтун эли “Вадд”, “Суваа”, “Ягус”, “Яук” жана “Наср” деп аталган бут-кудайларга ибадат кылышчу. Аталган ысымдар Нух коомунун илгерки-илгерки заманда жашап өткөн олуя ата-бабаларынын ысымдары эле. Алар өлгөндө эл өтө кайгырып калган. Анан күндөрдүн биринде Шайтан келип адамдарга “эгер азрети Вадд, Суваа, Ягус, Наср жана Яуктарды сыйласаңар айкелдерин жасап, ибадат учурунда кыбыла тарапка коюп алгыла” деп азгырган. Эл олуялардын урматы үчүн муну жасаган. Анан алардан кийин келген муундар Аллах Таалага дуба кылганда ушул олуяларды ортомчу кыла баштаган. Ушинтип отуруп, бир мезгилдердеги олуялар элдин кудайына айланып калган.

3 Денелери сууга кетти, жандары отко кетти. Жардам берсе аларга чыныгы Кудай – Аллах Таала гана жардам бермек. Аллах Таала кайра аларды жазалап жатса, кайсы кудайы жардамга келет?! Ошентип, каапыр эл топон суунун астында калды. Асмандан да, жерден да, жадагалса, тандырлардын ичинен да оргуштап суу чыга келди! Нух болсо, бул каапыр элге каргыш үстүнө каргыш жаадырды.

4 Бул сүрө Маккада түшүрүлгөн. Жыйырма сегиз аяттан турат.

5 Кураани Карим жер бетиндеги эки салмактуу элдер – инсандар жана жиндер үчүн түшүрүлгөн. Мунун мааниси Кураан өкүмдөрү инсандарга кандай парыз болсо, жиндерге да ошондой парыз.

6 Аллах Таалага шерик кылуунун эң чоңу “Аллахтын аялы жана баласы” бар деп ишенүү. Бул аятта жиндер дагы Аллах Тааланы аял жана балага муктаж болуудан аруулап жатканы баяндалууда. Бирок, “Аллахтын аялы жана баласы” бар деген сыяктуу акылга сыйбаган (жалган) сөздү айтуучулар биздин арабызда да бар – дешет жиндер.

ترتيبها ٧٢ — سُورَةُ الْجِنِّ — آياتها ٢٨

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ أُوحِيَ إِلَيَّ أَنَّهُ اسْتَمَعَ نَفَرٌ مِّنَ الْجِنِّ فَقَالُوٓا۟ إِنَّا سَمِعْنَا قُرْءَانًا
عَجَبًا ١ يَهْدِىٓ إِلَى الرُّشْدِ فَـَٔامَنَّا بِهِۦ ۖ وَلَن نُّشْرِكَ بِرَبِّنَآ أَحَدًا ٢
وَأَنَّهُۥ تَعَٰلَىٰ جَدُّ رَبِّنَا مَا اتَّخَذَ صَٰحِبَةً وَلَا وَلَدًا ٣ وَأَنَّهُۥ كَانَ
يَقُولُ سَفِيهُنَا عَلَى اللَّهِ شَطَطًا ٤ وَأَنَّا ظَنَنَّآ أَن لَّن تَقُولَ الْإِنسُ
وَالْجِنُّ عَلَى اللَّهِ كَذِبًا ٥ وَأَنَّهُۥ كَانَ رِجَالٌ مِّنَ الْإِنسِ يَعُوذُونَ بِرِجَالٍ
مِّنَ الْجِنِّ فَزَادُوهُمْ رَهَقًا ٦ وَأَنَّهُمْ ظَنُّوا۟ كَمَا ظَنَنتُمْ أَن لَّن يَبْعَثَ
اللَّهُ أَحَدًا ٧ وَأَنَّا لَمَسْنَا السَّمَآءَ فَوَجَدْنَٰهَا مُلِئَتْ حَرَسًا
شَدِيدًا وَشُهُبًا ٨ وَأَنَّا كُنَّا نَقْعُدُ مِنْهَا مَقَٰعِدَ لِلسَّمْعِ ۖ فَمَن
يَسْتَمِعِ الْءَانَ يَجِدْ لَهُۥ شِهَابًا رَّصَدًا ٩ وَأَنَّا لَا نَدْرِىٓ أَشَرٌّ أُرِيدَ
بِمَن فِى الْأَرْضِ أَمْ أَرَادَ بِهِمْ رَبُّهُمْ رَشَدًا ١٠ وَأَنَّا مِنَّا الصَّٰلِحُونَ
وَمِنَّا دُونَ ذَٰلِكَ ۖ كُنَّا طَرَآئِقَ قِدَدًا ١١ وَأَنَّا ظَنَنَّآ أَن لَّن نُّعْجِزَ
اللَّهَ فِى الْأَرْضِ وَلَن نُّعْجِزَهُۥ هَرَبًا ١٢ وَأَنَّا لَمَّا سَمِعْنَا الْهُدَىٰٓ
ءَامَنَّا بِهِۦ ۖ فَمَن يُؤْمِنۢ بِرَبِّهِۦ فَلَا يَخَافُ بَخْسًا وَلَا رَهَقًا ١٣

6 Көрсө, инсандардан кээ бир адамдар кээ бир жиндерден коргоо сурашат экен. Натыйжада алар (жиндер) алардын коркуусун (дагы да) көбөйтүп коюшат.[1]

7 Алар (жиндердин арасындагы каапырлар) дагы силер(дин араңардагы каапырлар) күмөн кылгандай Аллах эч кимди эч качан кайра тирилтире албайт деп ойлошот.

8 Биз асманга тырмышканда, аны (периштелерден турган) корукчулар жана оттуу жылдыздар менен толо экенин көрдүк.[2]

9 Илгери биз асмандагы тыңшоочу орундарга отуруп (кайып кабарын угуп) алаар элек. Эми болсо, ким угууга аракет кылса аңдып-күтүп турган оттуу жылдызга жолугат.

10 Жана биз (асмандагы кайып илиминде) жердеги кишилерге жамандык белгилендиби же Раббиси аларга жакшылык кааладыбы, биле албай калабыз.[3]

11 Биздин арабызда (ыймандуу) жакшыларыбыз да, андан башкачаларыбыз да бар. Биз ар кандай жолдогулар элек.[4]

12 Жана биз аныкында (төмөндөгү чындыкка) ынандык: биз эч качан жер бетинде (же асманда) Аллахты алсыз кыла албайт экенбиз жана Андан качып да кете албайт экенбиз.[5]

13 Биз (Кураандагы) Туура Жолду укканыбызда ага ыйман келтирдик. Ким Раббисине ыйман келтирсе (жасаган сооп иштери) кемитип коюлуудан жана (күнөөлөрүнүн) көбөйтүп коюлуусунан коркпойт.[6]

---

1 Чынында, көпчүлүк адамдар бир коркунучтуу жерге барып калса “ал жердин жиндерден болгон ээси бар” деп, алардан коргоо тилешет. Муну менен алардын коркуусу андан бетер көбөйөт.

2 Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламга чейин жиндер асманга учуп чыгып периштелердин сөздөрүн жашыруун угуп, кээ бир кайып кабарларын билип түшчү экен. Пайгамбарыбызга Кураан түшүрүлгөндөн кийин Аллах Таала асманга периштелер жана учар жылдыздардан турган корукчуларды дайындады.

3 Демек, Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам жиберилгенден бери жиндер тайпасына асман кабардарын угууга катуу тыюу салыныптыр. Анда ар кайсы замандагы “асман менен кабарлаштым” деген көзү ачыктардын сөзүн кандай түшүнөбүз? Бул маселени жиндердин кийинки сөздөрү чечип берет.

4 Жиндердин арасында инсандар менен байланыш жасагандары бар. Эгер кайсы адамдын байланыштагы жини ыймандуу болсо, ага ар кандай нерселерди айтып башын оорутпайт. Эгер сураса учурдагы кээ бир сырларды дароо билип келип, кабарлашы мүмкүн. Себеби Аллах Таала аларга биз элестете албай турган ылдамдуулукту берген. Ал эми кимдин байланышкан жини каапыр болсо анын кулагына жалгандан “кайып кабарларын” шыбырап, ал аркылуу адамдарды шылдыңдап, маскара кылышат. Ошондуктан мусулмандар билиши керек: арабыздагы “эртең андай болот, мындай болот”, “мага кайыптан, космостон кабар келет” деп “кайыптан” сүйлөгөндөр ошол каапыр жиндердин адамдардын башы айлантуучу өнөктөштөрү

5 Жиндер пайгамбарыбыздан Кураанды уга электе “биз жердеги эң күчтүү кожоюндарбыз” деп жүрүшкөн. Эми алардын ыймандуулары Аллах Тааланын чексиз бийлигине моюн сунушту

6 Бул Аллах Тааланын адилети! Ким кандай жакшы иш жасаган болсо, андан кемитилбейт, жамандык, күнөө иштерине

14 Биздин арабызда мусулмандар да бар (ислам жолунан) адашкандар да бар. Эми ким исламга кирген болсо, анда алар туура багытты тандап алышыптыр.
15 Ал эми, адашкандар (демек алар) тозокко отун болгондор!
16 Эгер алар (исламдык) жолдо түз жүрсө мол суу менен сугарабыз,
17 аларды сынаш үчүн.[1] Жана (ошондо) ким Раббисинин эскермесинен (Кураандан) жүз бурса, (Аллах) аны оор азапка жолуктурат.
18 (Бардык) мечиттер Аллахка ибадат кылуу үчүн! Силер Аллахка кошуп башка "кудайларга" дуба кылбагыла![2]
19 Аллахтын пендеси (Мухаммад Кураан окуу менен) Аллахка дуба кылып турганда (жиндер жабалактап келип) бири-бирин басып-тебелеп таштаоого аз калды.
20 Айт (Эй Мухаммад!): "мен жалаң өзүмдүн Раббиме гана дуба (ибадат) кыламын жана Ага эч нерсени шерик кылбаймын.
21 Силер үчүн не зыян, не пайда (жеткерүү) менин колумда эмес"[3]
22 (Дагы) айт: "(эгер мен күнөө иш кылчу болсом) мени Аллахтын азабынан эч ким сактап кала албайт жана мен эч качан (жалынып баруу үчүн) Андан башка коргоочу таба албаймын.[4]
23 (Менин колумда) Аллах тарабынан (келген кабарларды) жеткирүү жана Анын элчи-пайгамбарчылыгы гана (бар) Ким Аллах жана пайгамбарына күнөө кылса, ага тозок оту бар! Ал жерде түбөлүк калышат![5]
24 Качан алар өздөрүнө убада кылынган нерсени (азапты) көргөндө, кимдин колдоочусу алсызыраак жана саны азыраак экенин тез эле билип алышат.[6]

---

кошуп, көбөйтүлбөйт. Болгону болгондой жазылат жана Кыяматта эч кимге зулум кылынбаган абалда эсеп-китеп кылынат.

1 Суунун мол болушу – бул кененчиликтин, төгүн-чачын ырыскынын, бай-бардарлыктын белгиси. Бул оор сыноо. Кайсы элге ушундай абал келгенде, каалаган жыргалына жеткен напси эркелеп, каалоолорун көбөйтүп, шайтандар дагы тузагын кененирээк жайып калышат.

2 Демек, мечиттерде Аллах Таалага кошуп башка кудайларга дуба (ибадат) кылбаш керек. Маселен, христиандардын Аллах Таалага сыйынуучу ибадаткана деп эсептелген чиркөөлөрүндө Ыйсанын, Бүбү Марямдын айкел-сүрөттөрү илинип турат жана алар Аллахка шерик кылып ошол иконаларга да сыйынышат.

3 Азыркы учурда кайсы бир чала молдого же көзү ачыкка адамдар же жиндер жабалактап келсе, дароо Аллах Тааланы унутуп "силердин жолуңарды мен ачам, зыяныңарды мен арылтам" деп жөөлүп калышат. Аллах Тааланын пайгамбары дүйнөдөгү эң улук жана дубасы кабыл болчу адам болушуна карабай "силер үчүн не зыян, не пайда жеткерүү менин колумда эмес" деп жатат. Демек, бардык пайда жана бардык зыян Аллах Тааланын гана колунда.

4 Бул сөз пайгамбарыбыздын тилинен мисал иретинде айтылууда. Эмесе, пайгамбарлар маасум (күнөөдөн корголгон) адамдар. Бул сөздөр пайгамбардын тилинен учкандан кийин андан башкалар өздөрүнө тиешелүү жыйынтык чыгарып алуулары кажет. Башкача айтканда адампенде ким болушуна карабастан, кимдин урпагы болушуна карабастан эгер бир күнөө кылып, ал күнөсүн Аллах Таала кечирбесе, аны Аллахтын азабынан эч ким сактап кала албайт. Ал эми күнөө кылган адам азаптан кутулуу үчүн Аллах Таалага гана жалбарышы, андан гана коргоо, кечирим тилеши керек. Анткени, күнөөлүү адамга Аллах Тааладан башка коргоочу жок!

5 Адамдын тозокто түбөлүк калуусуна себеп болуучу күнөөлөр – бул илхад (атеизм), ширк (ибадатта Аллах Таалага шерик кошуу) жана Пайгамбарды, Кураанды жана Кураан кабарларын жалганга чыгаруу. Булардан башка чоң күнөөлөр пенденин тозокко түшүүсүнө себеп болсо да ал жерде түбөлүк калуусуна себеп болбойт.

6 Аллах Таала Кураанда убада кылган акырет эсеп-китебине ишенбеген мушриктер мусулмандарды колдоочусу жок деп кодулап, "биздин кудайлар бизди колдойт" деп мактанышкан. Бирок, ошол күн келгенде ишенген кудайлары алардан качып, чанып кетет. Оор абалдарына жардам бере алышпайт. Ал эми мусулмандардын оор күнүндө Аллах Тааланын Өзү жардам берет, пайгамбарлары боор тартып Аллах Тааладан кечирим сурап берет. Периштелер дагы аларга жумшак, сылык мамиле кылышат. Бирок, убада кылынган ошол күн (кыямат) качан болушун эч ким: Аллахка жакын периштелер дагы, пайгамбарлар дагы билбейт.

وَأَنَّا مِنَّا ٱلْمُسْلِمُونَ وَمِنَّا ٱلْقَٰسِطُونَ ۖ فَمَنْ أَسْلَمَ فَأُو۟لَٰٓئِكَ
تَحَرَّوْا۟ رَشَدًا ١٤ وَأَمَّا ٱلْقَٰسِطُونَ فَكَانُوا۟ لِجَهَنَّمَ حَطَبًا ١٥
وَأَلَّوِ ٱسْتَقَٰمُوا۟ عَلَى ٱلطَّرِيقَةِ لَأَسْقَيْنَٰهُم مَّآءً غَدَقًا ١٦ لِّنَفْتِنَهُمْ
فِيهِ ۚ وَمَن يُعْرِضْ عَن ذِكْرِ رَبِّهِۦ يَسْلُكْهُ عَذَابًا صَعَدًا ١٧ وَأَنَّ
ٱلْمَسَٰجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدْعُوا۟ مَعَ ٱللَّهِ أَحَدًا ١٨ وَأَنَّهُۥ لَمَّا قَامَ عَبْدُ ٱللَّهِ
يَدْعُوهُ كَادُوا۟ يَكُونُونَ عَلَيْهِ لِبَدًا ١٩ قُلْ إِنَّمَآ أَدْعُوا۟ رَبِّى وَلَآ أُشْرِكُ
بِهِۦٓ أَحَدًا ٢٠ قُلْ إِنِّى لَآ أَمْلِكُ لَكُمْ ضَرًّا وَلَا رَشَدًا ٢١ قُلْ إِنِّى
لَن يُجِيرَنِى مِنَ ٱللَّهِ أَحَدٌ وَلَنْ أَجِدَ مِن دُونِهِۦ مُلْتَحَدًا ٢٢ إِلَّا بَلَٰغًا
مِّنَ ٱللَّهِ وَرِسَٰلَٰتِهِۦ ۚ وَمَن يَعْصِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ فَإِنَّ لَهُۥ نَارَ جَهَنَّمَ
خَٰلِدِينَ فِيهَآ أَبَدًا ٢٣ حَتَّىٰٓ إِذَا رَأَوْا۟ مَا يُوعَدُونَ فَسَيَعْلَمُونَ
مَنْ أَضْعَفُ نَاصِرًا وَأَقَلُّ عَدَدًا ٢٤ قُلْ إِنْ أَدْرِىٓ أَقَرِيبٌ
مَّا تُوعَدُونَ أَمْ يَجْعَلُ لَهُۥ رَبِّىٓ أَمَدًا ٢٥ عَٰلِمُ ٱلْغَيْبِ فَلَا
يُظْهِرُ عَلَىٰ غَيْبِهِۦٓ أَحَدًا ٢٦ إِلَّا مَنِ ٱرْتَضَىٰ مِن رَّسُولٍ فَإِنَّهُۥ
يَسْلُكُ مِنۢ بَيْنِ يَدَيْهِ وَمِنْ خَلْفِهِۦ رَصَدًا ٢٧ لِّيَعْلَمَ أَن قَدْ أَبْلَغُوا۟
رِسَٰلَٰتِ رَبِّهِمْ وَأَحَاطَ بِمَا لَدَيْهِمْ وَأَحْصَىٰ كُلَّ شَىْءٍ عَدَدًۢا ٢٨

25 Айт (эй Мухаммад): "силерге убада кылынган нерсе жакынбы же Раббим ага алыс мөөнөт койгонбу, билбеймин".

26 Кайыпты билүүчү (жалгыз Аллах!) Ал Өз кайыбын эч кимге билдирбейт!

27 Бирок, Өзү каалаган пайгамбар(лар)га гана билдирет. Албетте, Аллах анын (пайгамбарлардын) алды жана арт жагынан (периште) коргоочуларды дайындап койот.[1]

28 (Мухаммад төмөнкүлөрдү) билиши үчүн: (периштелер) Раббисинин кабарларын (жиндерден коргоп) жеткизишкен жана (Раббиси) алардын (пайгамбарлардын) (бардык) абалдарын билип, бардык нерселерди эсеп-китеп кылып койгон.

## 73-"Муззаммил" сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Эй, оронуп жатуучу![3]

2 Түндөсү тур (жана ибадат кыл![4]) Бир аз гана бөлүгүндө-жарымында (уктасаң) мейли.

3 Же болбосо, (уйкуну) андан (жарымдан) бир аз кемит.

4 Же бир аз кош жана Кураанды кыраатын келиштирип оку![5]

5 Биз жакында сага салмактуу Сөздү (Кураани Каримди) таштайбыз.

6 Түнкү убакыттар (да ибадат кылуу жана Кураан окуунун көңүлгө) тамгалануусу катуураак жана сөзү туурараак.

7 Күндүзүндө болсо сенин узун убарагерчилигиң бар.

8 (Кураан окуганыңда "Бисмиллахир Рахмаанир Рахийм" деп) Раббиңдин ысымын эскер жана ал (эскерүү) үчүн (дүйнөлүк ойлордон) тап-такыр үзүл!

9 (Аллах) Чыгыштын жана Батыштын Раббиси! Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок! Демек, (эй Мухаммад) сен Аны гана (өзүңө) таяныч кылып ал![6]

10 (Эй, Мухаммад) алардын айткандарына сабыр кыл жана алардан акырын гана алыс боло тур.

---

[1] Жиндер кайып кабарларын уурдап, адамдардан болгон достору – бакшыларга шыбырап койбосун деп ушул периштелер Аллахтан пайгамбарларга жибериген кайып кабарларын коргоп келишет

[2] Бул сүрө Маккада түшүрүлгөн жана жыйырма аяттан турат. "Муззаммил" "оронуп жатуучу" деген мааниде.

[3] "Оронуп жатуучу" – бул кийимдерине оронуп жаткан пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам.

[4] Бул аятта көргөзүлгөн ибадат эрежеси "тахажжуд" деп аталат.

[5] Пайгамбарыбыздын кыраатты жөнүндө Ибн Аббас: "анык-анык, даана-даана окуйт болчу" деген (Табарий). Анас разияллоху анху болсо "сөздөрдү созуп, аяттарда токтоп-токтоп окуйт эле" деген. (Бухарий, Ибн Касир). Ал эми, Умму Салама энебиз пайгамбарыбыздын кырааты жөнүндө: "ар бир аятта токтоп, бөлүп-бөлүп, шашылбай окуган" деп маалымат берген. Ошондой эле, Пайгамбарыбыздан "Кураанды добушуңар менен коодогула" деген хадис риваят кылынган. (Ибн Касир).

[6] Пайгамбарыбыз Мухамммад саллаллоху алайхи ва саллламдын жөлөнгөн-таянганы Аллах Таала гана болчу. Ошондуктан, оор мезгилдерде Раббиси анын көңүлүнө рух багыштап, душмандардын жандан өткөн жапааларына, айла-амалдарына жана ачуу сөздөрүнө каршы кандай мамиле кылуусун үйрөтүп турган.

## سُورَةُ المُزَّمِّلِ

ترتيبها ٧٣ — آياتها ٢٠

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

يَا أَيُّهَا الْمُزَّمِّلُ ١ قُمِ اللَّيْلَ إِلَّا قَلِيلًا ٢ نِصْفَهُ أَوِ انقُصْ مِنْهُ قَلِيلًا
٣ أَوْ زِدْ عَلَيْهِ وَرَتِّلِ الْقُرْآنَ تَرْتِيلًا ٤ إِنَّا سَنُلْقِي عَلَيْكَ قَوْلًا
ثَقِيلًا ٥ إِنَّ نَاشِئَةَ اللَّيْلِ هِيَ أَشَدُّ وَطْئًا وَأَقْوَمُ قِيلًا ٦ إِنَّ لَكَ فِي
النَّهَارِ سَبْحًا طَوِيلًا ٧ وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ وَتَبَتَّلْ إِلَيْهِ تَبْتِيلًا ٨
رَّبُّ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ لَا إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ فَاتَّخِذْهُ وَكِيلًا ٩ وَاصْبِرْ
عَلَىٰ مَا يَقُولُونَ وَاهْجُرْهُمْ هَجْرًا جَمِيلًا ١٠ وَذَرْنِي وَالْمُكَذِّبِينَ
أُولِي النَّعْمَةِ وَمَهِّلْهُمْ قَلِيلًا ١١ إِنَّ لَدَيْنَا أَنكَالًا وَجَحِيمًا ١٢
وَطَعَامًا ذَا غُصَّةٍ وَعَذَابًا أَلِيمًا ١٣ يَوْمَ تَرْجُفُ الْأَرْضُ وَالْجِبَالُ
وَكَانَتِ الْجِبَالُ كَثِيبًا مَّهِيلًا ١٤ إِنَّا أَرْسَلْنَا إِلَيْكُمْ رَسُولًا شَاهِدًا
عَلَيْكُمْ كَمَا أَرْسَلْنَا إِلَىٰ فِرْعَوْنَ رَسُولًا ١٥ فَعَصَىٰ فِرْعَوْنُ الرَّسُولَ
فَأَخَذْنَاهُ أَخْذًا وَبِيلًا ١٦ فَكَيْفَ تَتَّقُونَ إِن كَفَرْتُمْ يَوْمًا يَجْعَلُ
الْوِلْدَانَ شِيبًا ١٧ السَّمَاءُ مُنفَطِرٌ بِهِ كَانَ وَعْدُهُ مَفْعُولًا ١٨
إِنَّ هَٰذِهِ تَذْكِرَةٌ فَمَن شَاءَ اتَّخَذَ إِلَىٰ رَبِّهِ سَبِيلًا ١٩

(11) (Динди) жалган деген байлык-мансап ээлерин Мага кой жана аларга бир аз мөөнөт бер.[1]

(12) Биздин алдыбызда аларга арналган оор кишендер жана алоолонгон от бар!

(13) Жана тикенектүү тамак менен жан ооруткан азап бар!

(14) Ал (кыямат) күндө жер менен тоолор титиреп, тоолор (суудай) аккан кумдөбөлөргө айланат!

(15) (Эй, Макка каапырлары!) Биз Фираунга (Муса) пайгамбарды жибергенибиз сыяктуу, силерге да (Мухаммад) пайгамбарды жибердик. (Ал) силерге күбө болуп турат.

(16) Фраун пайгамбарга каршы чыкты эле, Биз аны катуу (азап менен) алып койдук.

(17) Эгер каапыр болсоңор жаш балдардын чачын агартып жибере турган Күндөн кантип сактана аласыңар?![2]

(18) Ал (коркунучтуу Күндөгү кыйроолор) себептүү асман дагы барчаланып кетет! Анын (Аллахтын) убадасы аткарылат!

(19) Албетте, бул(айтылганд)ар эскертүү гана. Ким кааласа Раббисине (алып баруучу туура) жолду алат.[3]

(20) (Эй Мухаммад) Раббиң сенин жана сен менен болгон тайпанын түндүн үчтөн экисинен азыраагында жана жарымында жана үчтөн биринде (ибадат үчүн) турушуңду билет. Аллах түн менен күндү ченейт. Ал силердин аны (түндөгү ибадат сааттарды) эсептей албай калганыңарды билип, силерге жеңилдикти кайтарды. Эми, (түндөсү) Курaандан алыңар жеткенче гана окугула. (Себеби Аллах) жакын келечекте силердин араңарда оорулуу адамдар болушун, жана башкалары Аллахтын ырыскы – пазилетин издеп жер бетин кезип

---

1 Айша энебиздин айтканы боюнча ушул аят түшкөндөн бир аз эле мөөнөт өткөн соң, белгилүү Бадр согушу болуп, жанагы дин душмандарынын көпчүлүгү мүрт кеткен экен. (Куртубий) Аллах Тааланын андайларга арнаган жазасы тез эле берилет. Бул дүйнөдө берилбей калса акыретте, Аллах Таалага кайтып барганда берилет.

2 Кыяматтагы коркунучтуу окуялардан улам бардык кош бойлуулар боюндагыны таштап койот. Жап-жаш балдардын кап-кара чачтары заматта агарып калат!

3 Кезектеги (20-) аятты түшүнүү үчүн дагы кайрадан сүрөнүн башындагы төрт аятка кайтып, алардын маанилерин көңүлдөн өткөрүүгө туура келет. Ошентип, сүрөнүн башындагы “Эй, оронуп жатуучу! Түндөсү тур (жана ибадат кыл!) Бир аз гана бөлүгүндө: жарымында (уктасаң) мейли. Же болбосо, (уйкуңду) андан (жарымдан) бир аз кемит же бир аз кош жана Курaанды кыраатын келиштирип оку!” деген аят түшкөндө мусулмандарга түндүн жарымында же үчтөн экисинде же үчтөн биринде туруп, ибадат кылуу парыз болгон эле. Мусулмандар бул буйрукту аткарууга бекем киришишти. Кээ бирөөлөрү айтылган убакта тура албай (ибадат саатарын анык эсептей албай) калуудан коркуп, түнү менен намаз окугандыктан тапандары шишип кетчү. Ушинтип, арадан бир жылга жакын убакыт өткөндө ушул (20-) аят түшүп, мурунку аяттын өкүмүн бекер кылды. Эми, мусулмандар үчүн түнкү ибадаттар парыз (милдет) ибадат эмес, нафил (ыктыярдуу) ибадат болуп калды.

۞ إِنَّ رَبَّكَ يَعۡلَمُ أَنَّكَ تَقُومُ أَدۡنَىٰ مِن ثُلُثَيِ ٱلَّيۡلِ وَنِصۡفَهُۥ وَثُلُثَهُۥ وَطَآئِفَةٞ
مِّنَ ٱلَّذِينَ مَعَكَۚ وَٱللَّهُ يُقَدِّرُ ٱلَّيۡلَ وَٱلنَّهَارَۚ عَلِمَ أَن لَّن تُحۡصُوهُ فَتَابَ
عَلَيۡكُمۡۖ فَٱقۡرَءُواْ مَا تَيَسَّرَ مِنَ ٱلۡقُرۡءَانِۚ عَلِمَ أَن سَيَكُونُ مِنكُم مَّرۡضَىٰ
وَءَاخَرُونَ يَضۡرِبُونَ فِي ٱلۡأَرۡضِ يَبۡتَغُونَ مِن فَضۡلِ ٱللَّهِ وَءَاخَرُونَ
يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۖ فَٱقۡرَءُواْ مَا تَيَسَّرَ مِنۡهُۚ وَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتُواْ
ٱلزَّكَوٰةَ وَأَقۡرِضُواْ ٱللَّهَ قَرۡضًا حَسَنٗاۚ وَمَا تُقَدِّمُواْ لِأَنفُسِكُم مِّنۡ خَيۡرٖ تَجِدُوهُ
عِندَ ٱللَّهِ هُوَ خَيۡرٗا وَأَعۡظَمَ أَجۡرٗاۚ وَٱسۡتَغۡفِرُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمُۢ ﴿٢٠﴾

سُورَةُ المُدَّثِّر

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡمُدَّثِّرُ ﴿١﴾ قُمۡ فَأَنذِرۡ ﴿٢﴾ وَرَبَّكَ فَكَبِّرۡ ﴿٣﴾ وَثِيَابَكَ فَطَهِّرۡ ﴿٤﴾
وَٱلرُّجۡزَ فَٱهۡجُرۡ ﴿٥﴾ وَلَا تَمۡنُن تَسۡتَكۡثِرُ ﴿٦﴾ وَلِرَبِّكَ فَٱصۡبِرۡ ﴿٧﴾
فَإِذَا نُقِرَ فِي ٱلنَّاقُورِ ﴿٨﴾ فَذَٰلِكَ يَوۡمَئِذٖ يَوۡمٌ عَسِيرٌ ﴿٩﴾ عَلَى ٱلۡكَٰفِرِينَ
غَيۡرُ يَسِيرٖ ﴿١٠﴾ ذَرۡنِي وَمَنۡ خَلَقۡتُ وَحِيدٗا ﴿١١﴾ وَجَعَلۡتُ لَهُۥ مَالٗا
مَّمۡدُودٗا ﴿١٢﴾ وَبَنِينَ شُهُودٗا ﴿١٣﴾ وَمَهَّدتُّ لَهُۥ تَمۡهِيدٗا ﴿١٤﴾ ثُمَّ يَطۡمَعُ
أَنۡ أَزِيدَ ﴿١٥﴾ كَلَّآۖ إِنَّهُۥ كَانَ لِأٓيَٰتِنَا عَنِيدٗا ﴿١٦﴾ سَأُرۡهِقُهُۥ صَعُودًا ﴿١٧﴾

(сода же сапар кылып) жүрүшүн, жана башка бирөөлөр Аллах жолунда жихад кылуу менен алектенишин билди. (Ошондой болгон соң) эми, ал-кудуретиңер жеткенче Кураан окугула. Жана намазды (толук) аткарып, зекет бергиле. Жана Аллахка жакшынакай карыз бергиле. Өзүнөр(дүн араңардагы кедей муктаж инсандар) үчүн эмне жакшылык (садака) кылган болсоңор, аны Аллахтын алдында андан да жакшыраак, улугураак сооп иретинде табасыңар. Жана Аллахтан (көп) кечирим сурагыла! Чынында Аллах – Кечиримдүү, Ырайымдуу!

## 74-«Муддассир» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Эй, чүмкөнүп (жатып) алган адам!
2 Туруп (элдерге акыретти) эскерт!
3 Жана Раббиңдин улуулугун даназала![2]
4 Жана кийимиңди тазала![3]
5 Жана ыпластыктан ыраак бол![4]
6 Аз нерсе берип ордуна көп нерсе сураба.[5]
7 (Көргөн жамандыктарга) Раббиң үчүн сабыр кыл!
8 Эми, качан гана (Исрафил периште тарабынан «Сур» деген) керней тартылганда (жана кыямат башталганда)
9 Мына ушул күн – өтө оор күн!
10 Каапырларга жеңил болбогон (күн)!
11 (Эй, Мухаммад) Мен жалгыз жараткан (каапыр) пендени Мага кой.[6]
12 Мен ага эсепсиз дүйнө-мүлк бердим.
13 Жана (ар дайым кызматына) даяр турган уул перзенттерди бердим.
14 Жана ага өтө кененчилик бердим.

---

[1] Бул сүрө Маккада түшкөн. 56 аяттан турат. “Муддассир” деген сөздүн мааниси “чүмкөнүп жаткан адам”

[2] Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам «Хираа» үңкүрүндө Жибрийл периштеден эң биринчи вахийди кабыл алганда, адаттан тышкары окуяга кабылганы себептүү катуу коркуп, үйүнө келип, оронуп-чүмкөнүп жатып алат. Ошол убакытта ушул аяттар түшүп, элдерди ыйманга чакыруу вазыйпасы жүктөлөт жана ишенбеген адамдарга акыреттеги Тозокту эскертүү буюрулат.

[3] Аллах Таала – Аруу, Таза. Андан келген дин-ыйман дагы таза. Демек, бул таза жолго чакыруу үчүн тазаланыш керек. Бул аятты түз маанисинде «тазаалык (даарат)тын шарттарынан бири» деп түшүнүүгө да болот. Бирок, кээ бир уламалар «кийим» дегенден максат инсандын бардык иш – аракеттери, кыял-жоруктары дешет.

[4] Бул аяттагы «ыпластык» сөзүн да уламалар эки түрлүү түшүндүрүшөт. Биринчи тайпалары «ыпластык – бул Аллахтан башка ар түрдүү кудайлар» дешет. Дагы кээ бирөөлөрү «бардык ыплас иштер» дешет

[5] (Куртубий)

[6] Бул аяттагы «каапыр пенде», Макка мушриктеринен бири Валид ибн Мугира аль Махзуумий. Ал пайгамбарыбызга көп душманчылык көргөзүп, өзүнүн байлыгы, бала-чакасы көп адам экени менен мактанаар эле. Аллах Таала бул аятта пайгамбарына эки чындыкты айтууда: Биринчиси, “аны Мен менен жалгыз кой, жазасын Өзүм беремин” деп пайгамбарынын көңүлүн көтөрүү. Экинчиси, пайгамбарына Валидди тегеректеген балдары, жардамчылары көп болгону менен жаратылганда (туулганда) эл катары жалгыз, алсыз туулганын билдирүү.

إِنَّهُۥ فَكَّرَ وَقَدَّرَ ﴿١٨﴾ فَقُتِلَ كَيْفَ قَدَّرَ ﴿١٩﴾ ثُمَّ قُتِلَ كَيْفَ قَدَّرَ ﴿٢٠﴾ ثُمَّ نَظَرَ
﴿٢١﴾ ثُمَّ عَبَسَ وَبَسَرَ ﴿٢٢﴾ ثُمَّ أَدْبَرَ وَٱسْتَكْبَرَ ﴿٢٣﴾ فَقَالَ إِنْ هَٰذَآ إِلَّا سِحْرٌ
يُؤْثَرُ ﴿٢٤﴾ إِنْ هَٰذَآ إِلَّا قَوْلُ ٱلْبَشَرِ ﴿٢٥﴾ سَأُصْلِيهِ سَقَرَ ﴿٢٦﴾ وَمَآ أَدْرَىٰكَ
مَا سَقَرُ ﴿٢٧﴾ لَا تُبْقِى وَلَا تَذَرُ ﴿٢٨﴾ لَوَّاحَةٌ لِّلْبَشَرِ ﴿٢٩﴾ عَلَيْهَا تِسْعَةَ عَشَرَ
﴿٣٠﴾ وَمَا جَعَلْنَآ أَصْحَٰبَ ٱلنَّارِ إِلَّا مَلَٰٓئِكَةً ۙ وَمَا جَعَلْنَا عِدَّتَهُمْ إِلَّا فِتْنَةً
لِّلَّذِينَ كَفَرُوا۟ لِيَسْتَيْقِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَٰبَ وَيَزْدَادَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِيمَٰنًا ۙ
وَلَا يَرْتَابَ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَٰبَ وَٱلْمُؤْمِنُونَ ۙ وَلِيَقُولَ ٱلَّذِينَ فِى قُلُوبِهِم مَّرَضٌ
وَٱلْكَٰفِرُونَ مَاذَآ أَرَادَ ٱللَّهُ بِهَٰذَا مَثَلًا ۚ كَذَٰلِكَ يُضِلُّ ٱللَّهُ مَن يَشَآءُ وَيَهْدِى
مَن يَشَآءُ ۚ وَمَا يَعْلَمُ جُنُودَ رَبِّكَ إِلَّا هُوَ ۚ وَمَا هِىَ إِلَّا ذِكْرَىٰ لِلْبَشَرِ ﴿٣١﴾ كَلَّا
وَٱلْقَمَرِ ﴿٣٢﴾ وَٱلَّيْلِ إِذْ أَدْبَرَ ﴿٣٣﴾ وَٱلصُّبْحِ إِذَآ أَسْفَرَ ﴿٣٤﴾ إِنَّهَا لَإِحْدَى
ٱلْكُبَرِ ﴿٣٥﴾ نَذِيرًا لِّلْبَشَرِ ﴿٣٦﴾ لِمَن شَآءَ مِنكُمْ أَن يَتَقَدَّمَ أَوْ يَتَأَخَّرَ ﴿٣٧﴾ كُلُّ
نَفْسٍۭ بِمَا كَسَبَتْ رَهِينَةٌ ﴿٣٨﴾ إِلَّآ أَصْحَٰبَ ٱلْيَمِينِ ﴿٣٩﴾ فِى جَنَّٰتٍ يَتَسَآءَلُونَ
﴿٤٠﴾ عَنِ ٱلْمُجْرِمِينَ ﴿٤١﴾ مَا سَلَكَكُمْ فِى سَقَرَ ﴿٤٢﴾ قَالُوا۟ لَمْ نَكُ مِنَ
ٱلْمُصَلِّينَ ﴿٤٣﴾ وَلَمْ نَكُ نُطْعِمُ ٱلْمِسْكِينَ ﴿٤٤﴾ وَكُنَّا نَخُوضُ مَعَ
ٱلْخَآئِضِينَ ﴿٤٥﴾ وَكُنَّا نُكَذِّبُ بِيَوْمِ ٱلدِّينِ ﴿٤٦﴾ حَتَّىٰٓ أَتَىٰنَا ٱلْيَقِينُ ﴿٤٧﴾

15 Андан соң ал (каниетсиз, наадан адам) Биз ага (Акыреттик бейишти да) кошумча кылуубузду үмүт кылат.[1]

16 Жок! (андай болбойт! Себеби) ал Биздин аяттарыбызды (билип, түшүнүп туруп) четке какты!

17 Мен аны жакында (тозоктогу) аска таштын үстүнө чыгарамын!

18 Себеби, ал (Кураандын үстүндө) пикир жүргүздү жана (аны өзүнүн кыска ченем-өлчөмү менен) өлчөдү![2]

19 Өлүмгө жолуккур! Кандай (жаман) өлчөдү!

20 Дагы (бир ирет) өлүмгө жолуккур! Эмне деген (жаман өлчөм менен) өлчөдү!

21 Анан (чыгарган тыянагын) байкап көрдү.

22 Кийин (жактырбай) кабак чытып, маңдайын тырыштырды

23 Андан соң (акыйкаттан артка кетенчиктеп) текеберленди

24 Анан: «бул байыркыдан калган сыйкыр.

25 Бул - адамдын гана сөзү»-деди.

26 Мен аны жакында “Сакар” тозогуна киргиземин.

27 (Эй, Мухаммад) сен “Сакар” тозогунун кандайлыгын билбейсиң.

28 Ал (өзүнө ташталган эч бир кылмышкерди) калтырбайт жана жөн койбойт.

29 (Терини карартып,) өзгөртүп койот!

30 Анын үстүндө он тогуз (орой, копол периштелер) бар.[3]

31 Биз тозоктун кожоюндарын периштелерден гана кылдык жана алардын санын, каапыр болгон адамдарды сыноо учун, китеп элдери (яхудийлер менен христиандар) анык билип алуулары үчүн, жана ыймандуулардын ыйманы дагы (бир нече даражага) көбөйүшү үчүн (он тогуз даана) кылдык. Жана китеп (Тоорат, Инжил) берилген элдер менен момундар (периштелердин саны боюнча) шектенип калбашы үчүн, ал эми, жүрөгүндө кара ниети болгон адамдар (мунаафыктар) менен каапырлар: «Аллах бул мисал менен эмнени каалады экен» деп (шектенип) сүйлөшү үчүн (Аллах тозок периштелеринин санын он тогуз даана кылды). Аллах мына ушинтип, Өзү каалаган пендесин адаштырат жана каалаганын туура жолго салат. (Эй, Мухаммад, периштелерден турган) Раббиңдин аскерлерин(ин санын) бир Өзү гана билет. Жана бул (насааттар) адамдар үчүн эскертүүдөн башка эмес.

32 Андай эмес, Мен айга ант (ичип),

33 кайтып кеткен түнгө ант (ичип),

---

[1] Ал жана ага окшогондор Аллахтын бул берешендиги истидраж (акырындап, сездирбей жазага киргизүү кылуу) экенин түшүнбөй «Аллах мени сүйөт. Бул дүйнөдө берген нээматын Акыретте да берет» деп ойлошот.

[2] Кураани Карим аны окуган, аяттарынын үстүндө пикир кылган бардык адамдарга хидаят (туура жол) боло бербейт. Аны окуп жаткандагы ниет кандай болсо, ошого жараша болот. Кураани Каримди өзүнүн кыска акылына ченеп окугандар албетте, адашышат.

[3] Аллах Таала Тозок периштелерине атайлап ушундай табият берген. Бул дагы тозокуларды кыйноонун бир көрүнүшү. Тозок периштелерин «Забаниялар» деп аталат. Ал эми, бейиштеги кызматчылар өтө жумшакпейил болушат.

فَمَا تَنفَعُهُمْ شَفَٰعَةُ ٱلشَّٰفِعِينَ ٤٨ فَمَا لَهُمْ عَنِ ٱلتَّذْكِرَةِ مُعْرِضِينَ
٤٩ كَأَنَّهُمْ حُمُرٌ مُّسْتَنفِرَةٌ ٥٠ فَرَّتْ مِن قَسْوَرَةٍۭ ٥١ بَلْ يُرِيدُ
كُلُّ ٱمْرِئٍ مِّنْهُمْ أَن يُؤْتَىٰ صُحُفًا مُّنَشَّرَةً ٥٢ كَلَّا ۖ بَل لَّا يَخَافُونَ
ٱلْءَاخِرَةَ ٥٣ كَلَّآ إِنَّهُۥ تَذْكِرَةٌ ٥٤ فَمَن شَآءَ ذَكَرَهُۥ ٥٥
وَمَا يَذْكُرُونَ إِلَّآ أَن يَشَآءَ ٱللَّهُ ۚ هُوَ أَهْلُ ٱلتَّقْوَىٰ وَأَهْلُ ٱلْمَغْفِرَةِ ٥٦

ترتيبها ٧٥ — سُورَةُ القِيَامَةِ — آياتها ٤٠

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

لَآ أُقْسِمُ بِيَوْمِ ٱلْقِيَٰمَةِ ١ وَلَآ أُقْسِمُ بِٱلنَّفْسِ ٱللَّوَّامَةِ ٢ أَيَحْسَبُ
ٱلْإِنسَٰنُ أَلَّن نَّجْمَعَ عِظَامَهُۥ ٣ بَلَىٰ قَٰدِرِينَ عَلَىٰٓ أَن نُّسَوِّىَ بَنَانَهُۥ ٤ بَلْ
يُرِيدُ ٱلْإِنسَٰنُ لِيَفْجُرَ أَمَامَهُۥ ٥ يَسْـَٔلُ أَيَّانَ يَوْمُ ٱلْقِيَٰمَةِ ٦ فَإِذَا بَرِقَ ٱلْبَصَرُ
٧ وَخَسَفَ ٱلْقَمَرُ ٨ وَجُمِعَ ٱلشَّمْسُ وَٱلْقَمَرُ ٩ يَقُولُ ٱلْإِنسَٰنُ يَوْمَئِذٍ
أَيْنَ ٱلْمَفَرُّ ١٠ كَلَّا لَا وَزَرَ ١١ إِلَىٰ رَبِّكَ يَوْمَئِذٍ ٱلْمُسْتَقَرُّ ١٢ يُنَبَّؤُا۟ ٱلْإِنسَٰنُ
يَوْمَئِذٍۭ بِمَا قَدَّمَ وَأَخَّرَ ١٣ بَلِ ٱلْإِنسَٰنُ عَلَىٰ نَفْسِهِۦ بَصِيرَةٌ ١٤ وَلَوْ أَلْقَىٰ
مَعَاذِيرَهُۥ ١٥ لَا تُحَرِّكْ بِهِۦ لِسَانَكَ لِتَعْجَلَ بِهِۦٓ ١٦ إِنَّ عَلَيْنَا جَمْعَهُۥ
وَقُرْءَانَهُۥ ١٧ فَإِذَا قَرَأْنَٰهُ فَٱتَّبِعْ قُرْءَانَهُۥ ١٨ ثُمَّ إِنَّ عَلَيْنَا بَيَانَهُۥ ١٩

34 (агарып) келе жаткан таңга ант (ичип)...

35 (Айтамын): чынында ал (“Сакар” тозогу) чоң балээлердин бири![1]

36 (“Сакар” тозогу) адамдарга эскертүү!

37 Силердин араңардагы, (Аллахтын ыраазычылыгына) умтулууну же болбосо кетенчиктеп кетүүнү каалагандар үчүн

38 Ар бир жан (ээси) өзү жасаган (күнөө) иштердин туткуну.

39 Оң тарап ээлери гана андай (туткун) эмес.[2]

40 Алар Бейиштерде туруп сурашат

41 (Тозоктогу) кылмышкерлерден:

42 «силерди «Сакар» тозогуна эмне түшүрдү?»

43 Алар айтышат: «Биз намаз окуучулардан болбодук.

44 Жана бей-бечараларды тамактандырбадык.

45 (Күнөө деңизине) чөмүлгөндөр менен бирге чөмүлдүк.

46 Жана акырет күндү жалган дедик.

47 Башыбызга өлүм келгенге чейин»

48 Эми аларга (тозокуларга) эч бир шапаатчынын шапааты пайда бербейт.[3]

49 Аларга (каапырларга) эмне болду, насааттан (Кураандан) жүз буруп качышат?

50 Жапайы эшектерге окшоп,

51 арстандан үркүп качкан?

52 Жок, алардын ар бири (жеке өзүнө гана, атайын арналган) ачык китептер берилишин каалашат![4]

53 Жок, андай эмес! (чынында) алар акыреттен коркушпайт!

54 Жок, андай эмес! Чынында, бул (Кураан эң чоң) эскерме-насаат!

55 Ким кааласа андан сабак алат.

56 Бирок, (андан) Аллах каалаган пенделер гана насаат ала билишет.

---

[1] Аллах Таала Өзү жараткан олуттуу нерселер менен ант иче берет. Бирок, пенделер Аллахтан башка нерсеге ант ичпеш керек. Ошондуктан, кээ бир адамдардын “жер урсун”, “көк урсун”, “арбак урсун”, “нан урсун”, “кара түндө турамын”, “дасторкондун үстүндө турамын” деген сыяктуу анттары чоң күнөө болуп саналат.

[2] Бул аяттагы «Оң тарап ээлери» ким экенин түшүндүрүүдө ар кандай пикирлер айтылган. Али разияллоху анху “алар – бөбөктөр” деген болсо, Ибн Аббас “алар – периштелер” деп түшүндүргөн. Анткени, бөбөктөр менен периштелер тап-такыр күнөөсүз болушат. *(Тафсийру Табарий)* Тафсирчи аалымдардын арасында “алар – амал китеби оң тарабынан берилип, Бейишке өкүм кылынган ыкластуу мусулмандар” дегендери да бар. *(Тафсийру Куртубий)* Эң туурасын Аллах билүүчү.

[3] Акыретте Аллах Таала Өзү каалаган пенделерине шапаатчылык (күнөөлөрдү сурап алуучулук, ортомчулук) укугун берет. Мына ошол шапаатчылардан бирөө жарымы эгер тозоктогу өзүнө жакын кылмышкердин күнөөсүн кечирүүнү Аллахтан сураса, Аллах аны кабыл кылбайт.

[4] Каапырлар ушундай текебер болот. Алар Кураандын акыйкат экенин жокко чыгаруу үчүн ар кандай айла-амалдарды жасап, ар кандай доомат сөздөрдү айтышты. Эч бир майнап чыкпаган соң, Абу Жахл баш болгон мушриктер пайгамбарыбызга келип: “эй, Мухаммад, эгер сен чын Пайгамбар болсоң, Раббиңе айткын, биздин ар бирибизге бирден китеп жиберсин жана анда “мен чыны менен Мухаммадды силерге элчи кылып жибергенмин” деп жазылуу болсун” деп талап кылышты. *(Куртубий)*

(Анткени), Ал (Аллах Таала) гана коркууга жана кечирим суроого татыктуу!

# 75-«Кыямат» сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Мен Кыямат күнүнө ант ичип,
2 айыптоочу напси[2] менен ант ичип, (айтамын:)
3 "инсан (өзүнчө) Биз тууралуу анын сөөктөрүн (кыямат күндө кайра тирилтүү үчүн) эч качан чогулта албайт деп ойлойбу?!"
4 Жок! Биз анын бармактарын да өз ордуна (далма-дал) келтирүүгө кудуреттүүбүз![3]
5 Балким (шекчил) инсан өзүнүн келечегин(деги кайра тирилүүнү) жалганга чыгаргысы келээр..,
6 (Жана шектенүү менен) «кыямат күнү качан?» деп сураар!
7 Качан (кыяматтын убактысы келгенде) көз(дөр коркуудан) чекчейип калат.
8 Айдын нуру өчөт
9 жана Күн менен Ай бириктирилет.[4]
10 Ошол күндө инсан «кайга качсам экен!» деп калат!
11 Жо-о-ок! Качып бара турган орун жок!
12 Ал күндө (ар бир адам жеке Өзүнө сурак берүү үчүн) Раббиңе гана кайтуу бар.
13 Ал күндө (ар бир) инсанга мурдагы жана кийинки жасаган (жакшы –жаман) иштери жөнүндө кабар берилет.
14 Ал гана эмес, инсан(дын көз, кулак, кол, жана буту) өзүнүн зыянына күбөлүк берет.[5]
15 Жана эгерде шылтоо-себептерин айтса да (кабыл алынбайт).[6]
16 (Эй, Мухаммад, сага Жибрийл периште окуп берген аяттарды жаттоого) шашылып тилиңди кыймылдата бербе![7]
17 Аны (сенин жүрөгүңө) чогултуу да, окулушу(н тилиңе бекем орноштуруу) да Биздин милдет.
18 Эми, качан Биз(дин элчибиз Жибрийл) аны окуп бүткөндө анын кыраатына (жайбаракат) ээрчигин.
19 Андан соң аны (маани-маңызы сакталган бойдон) түшүндүрүп берүү дагы Биздин милдет.
20 Жок, (эй, күнөөкер адамдар!) силер өткөөл дүйнөнү сүйөсүңөр
21 жана (түбөлүк) акыретти таштап койосуңар.[8]
22 Ал күндө (ыймандуу) жүздөр нурданып,
23 Раббисине (үмүт менен) карап турат.
24 Ал эми, (ыймансыз) жүздөр ал күндө капаланып,
25 өздөрүнө запкылуу азап берилишин (анык) билип калат.
26 Акыйкатта, (пенделердин жаны) алкымына капталганда..,

---

[1] Бул сүрө Маккада түшкөн. 40 аяттан турат.

[2] Ар бир адамдын напсиси аны көбүнчө оңой, жыргал, бирок күнөө иштерге азгырат. Ал эми, күнөөнүн убактылуу ылаззаты өтүп кетээри менен, же болбосо, өлүм убактысы келгенде ар бир адамдын напсиси өзүнүн ээсин (демек өзүн) кетирген күнөөлөрү, катачылыктары үчүн айыптайт. Бул кеч болсо да өз күнөөсүнө бушайман болгон напси. Ал эми ыйманы күчтүү момундардын напсиси, аларды күнөө ишке бара электе эле, өз «ээсин» «барба эле барба» деп айыптап, коргоп, насаат айтып турат.

[3] Эң назик деп эсептелген бармак сөөктөрүн орду-ордуна коюууга кудуреттүү болгон Аллах Таала үчүн дененин башка сөөктөрүн өз ордуна чогултуу оор эмес.

[4] Ошол күн келгенге чейин «күн айга жете албайт жана түн күндүздөн өтүп кете албайт».*(«Я-Син"-38)* Ал эми, Кыяматта бул дүйнө жок болушу үчүн ааламдык кыйроолор башталат. Күндүн ай менен кагылышып, биригип кетүүсү ошол кыйроонун бир гана окуясы.

[5] *(Куртубий)*

[6] Кээ бирөөлөр өзүнүн дене мүчөлөрү жасаган күнөөлөрүнө күбөлүк берип турса да кууланып, түрлөнүп, ар кандай шылтоолорду айтып, өзүн актаганга жан талашат. Бирок, анын шылтоолору кабыл алынбайт.

[7] Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Аллахтан вахий (аяттар) келишин ушунчалык куса болуп күтөт болчу. Анан, Жибрийл периште келип, сагынткан аяттарды үйрөтө баштаганда, аяттар аягына чыккыча болбой, Жибрийлди ээрчип окуй берчу. «Эсимен чыгып калбаса экен» деп кооптонуусу да мунусуна шыкак болчу. Бирок, Аллах Таала Куравни Карим аяттарын Өз пайгамбарынын жүрөгүнө орноштуруу милдетин Өзүнө алган эле

[8] Дин ишине тоскоол болбогон жана адамды азгырбаган шартта дүйнөнү сүйүү күнөө эмес. Күнөө – бул дүйнөнү акыреттен көбүрөөк сүйүү жана дүйнөгө азгырылып, акыретти унутуп коюу. Каапырлардын дүйнөнү сүйүүсү ушундай.

كَلَّا بَلْ تُحِبُّونَ الْعَاجِلَةَ ﴿٢٠﴾ وَتَذَرُونَ الْآخِرَةَ ﴿٢١﴾ وُجُوهٌ يَوْمَئِذٍ نَّاضِرَةٌ ﴿٢٢﴾
إِلَىٰ رَبِّهَا نَاظِرَةٌ ﴿٢٣﴾ وَوُجُوهٌ يَوْمَئِذٍ بَاسِرَةٌ ﴿٢٤﴾ تَظُنُّ أَن يُفْعَلَ بِهَا فَاقِرَةٌ ﴿٢٥﴾
كَلَّا إِذَا بَلَغَتِ التَّرَاقِيَ ﴿٢٦﴾ وَقِيلَ مَنْ ۜ رَاقٍ ﴿٢٧﴾ وَظَنَّ أَنَّهُ الْفِرَاقُ ﴿٢٨﴾ وَالْتَفَّتِ
السَّاقُ بِالسَّاقِ ﴿٢٩﴾ إِلَىٰ رَبِّكَ يَوْمَئِذٍ الْمَسَاقُ ﴿٣٠﴾ فَلَا صَدَّقَ وَلَا صَلَّىٰ
﴿٣١﴾ وَلَٰكِن كَذَّبَ وَتَوَلَّىٰ ﴿٣٢﴾ ثُمَّ ذَهَبَ إِلَىٰ أَهْلِهِ يَتَمَطَّىٰ ﴿٣٣﴾ أَوْلَىٰ لَكَ
فَأَوْلَىٰ ﴿٣٤﴾ ثُمَّ أَوْلَىٰ لَكَ فَأَوْلَىٰ ﴿٣٥﴾ أَيَحْسَبُ الْإِنسَانُ أَن يُتْرَكَ سُدًى ﴿٣٦﴾
أَلَمْ يَكُ نُطْفَةً مِّن مَّنِيٍّ يُمْنَىٰ ﴿٣٧﴾ ثُمَّ كَانَ عَلَقَةً فَخَلَقَ فَسَوَّىٰ ﴿٣٨﴾ فَجَعَلَ مِنْهُ
الزَّوْجَيْنِ الذَّكَرَ وَالْأُنثَىٰ ﴿٣٩﴾ أَلَيْسَ ذَٰلِكَ بِقَادِرٍ عَلَىٰ أَن يُحْيِيَ الْمَوْتَىٰ ﴿٤٠﴾

ترتيبها ٧٦ — سُورَةُ الْإِنسَانِ — آياتها ٣١

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

هَلْ أَتَىٰ عَلَى الْإِنسَانِ حِينٌ مِّنَ الدَّهْرِ لَمْ يَكُن شَيْئًا مَّذْكُورًا ﴿١﴾
إِنَّا خَلَقْنَا الْإِنسَانَ مِن نُّطْفَةٍ أَمْشَاجٍ نَّبْتَلِيهِ فَجَعَلْنَاهُ سَمِيعًا
بَصِيرًا ﴿٢﴾ إِنَّا هَدَيْنَاهُ السَّبِيلَ إِمَّا شَاكِرًا وَإِمَّا كَفُورًا ﴿٣﴾
إِنَّا أَعْتَدْنَا لِلْكَافِرِينَ سَلَاسِلَ وَأَغْلَالًا وَسَعِيرًا ﴿٤﴾ إِنَّ
الْأَبْرَارَ يَشْرَبُونَ مِن كَأْسٍ كَانَ مِزَاجُهَا كَافُورًا ﴿٥﴾

(27) «Ким дем салып койоор экен?!» деп (кабатыр сөздөр) айтылганда..,

(28) (Күнөөкөр пенде «дүйнөдөн) ажыроо дегени ушул турбайбы» деп ойлоп калганда..,

(29) Жана балтыр балтырга жабышып, тыбырчылаганда..,

(30) Дал ошол күндө Раббиңдин алдына айдап келүү болоор![1]

(31) Ал эми, (каапыр пайгамбарды да) тастыктабады, намаз да окубады.

(32) Бирок, «жалган» деп далысын салып койду.

---

[1] Ооба. Жан алкымга тыгылып, балтырлар тыбырап калганда эң ашынган каапырлар дагы дем салууучуну издеп калышат. Бирок, эми кеч болгон! Жан оорубаган, күч-кубаттан тайбаган мезгилдерде "кудай" деш керек эле. Алар өлүм алдында дем салуучу издегени менен, сак-саламат мезгилде "напсиңдин жолуна ээрчибе, пайгамбар алып келген жолго жүр, намаз оку" десең ынабай, каапырчылыкты тандашкан.

(33) Андан соң текеберленип (каңгыраган, бош жүрөк менен) үй-бүлөсүнө кетти.[2]

(34) Өлүм болсун сага өлүм!

(35) Андан соң (дагы) сага өлүм болсун, өлүм!

(36) (Күнөөкер) инсан өзүн (дүйнөдө) беймаксат таштап коюлган деп ойлойбу?![3]

(37) Ал (түпкүлүгүндө) атырылган бел суунун бир тамчысы эмес беле?!

(38) Анан коюу кан болду. Анан (Аллах) аны кадыресе адам шекилине келтирди (жана жан киргизди)

(39) Анан аны (түйүлдүктү) эки жуп: эркек менен аял кылып жаратты.

(40) Эми, ушул (Аллах) өлүктөрдү (экинчи ирет) тирилтүүгө кудуреттүү эмеспи?!

## 76-«Инсан» сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) Инсандын үстүнөн (ал жарала электе) доорлордун (нечендеген) мезгил(дер)и өткөн. (Анда инсан) эскерүүгө арзыган нерсе эмес болчу.

(2) Чынында, Биз инсанды (энелик менен аталык уруктун) аралашмасынан турган бир тамчы суудан жараттык. (Жана ушул абалын билээр бекен деп) аны сынап, уга турган, көрө турган (аң-сезимдүү) кылдык.

(3) (Кийин) Биз ага (жакшы менен жаман) жолду тааныттык. (Эми ал) же шүкүр (ибадат) кылуучу болот, же каапыр болот.

(4) Биз чынында каапырлар үчүн чынжырларды, (темир) көгөндөрдү жана тозокту даярдап койдук.

(5) Жакшы (ыймандуу) адамдар (Бейишке түшүп) «каафуур»[5] аралаштырылган (шарапты) чөйчөктөрдөн ичишет.

---

[2] *(Саадий, Куртубий)*

[3] Инсаниятты жаратуудан Аллах Тааланын максаты эмне эле? Бул суроого Аллах Таала: **"Мен** (бардык) **жин**(дер) **жана инсан**(дар)**ды Өзүмө гана ибадат кылуулары үчүн жараттым"** деп жооп берет. *("Зарият"-56)*

[4] Бул сүрө Мадинада түшүрүлгөн. 31 аяттан турат.

[5] "Каафуур" дегени Бейиштеги шарапка анын муздактыгын, жыттуулугун жана өткүрлүгүн ашырыш үчүн аралаштырыла турган өтө тунук булак. *(Куртубий)*

عَيْنًا يَشْرَبُ بِهَا عِبَادُ اللَّهِ يُفَجِّرُونَهَا تَفْجِيرًا ﴿٦﴾ يُوفُونَ بِالنَّذْرِ وَيَخَافُونَ
يَوْمًا كَانَ شَرُّهُ مُسْتَطِيرًا ﴿٧﴾ وَيُطْعِمُونَ الطَّعَامَ عَلَىٰ حُبِّهِ مِسْكِينًا
وَيَتِيمًا وَأَسِيرًا ﴿٨﴾ إِنَّمَا نُطْعِمُكُمْ لِوَجْهِ اللَّهِ لَا نُرِيدُ مِنكُمْ جَزَاءً وَلَا شُكُورًا
﴿٩﴾ إِنَّا نَخَافُ مِن رَّبِّنَا يَوْمًا عَبُوسًا قَمْطَرِيرًا ﴿١٠﴾ فَوَقَاهُمُ اللَّهُ شَرَّ ذَٰلِكَ
الْيَوْمِ وَلَقَّاهُمْ نَضْرَةً وَسُرُورًا ﴿١١﴾ وَجَزَاهُم بِمَا صَبَرُوا جَنَّةً وَحَرِيرًا
﴿١٢﴾ مُّتَّكِئِينَ فِيهَا عَلَى الْأَرَائِكِ ۖ لَا يَرَوْنَ فِيهَا شَمْسًا وَلَا زَمْهَرِيرًا ﴿١٣﴾
وَدَانِيَةً عَلَيْهِمْ ظِلَالُهَا وَذُلِّلَتْ قُطُوفُهَا تَذْلِيلًا ﴿١٤﴾ وَيُطَافُ عَلَيْهِم بِآنِيَةٍ
مِّن فِضَّةٍ وَأَكْوَابٍ كَانَتْ قَوَارِيرَا ﴿١٥﴾ قَوَارِيرَ مِن فِضَّةٍ قَدَّرُوهَا تَقْدِيرًا ﴿١٦﴾
وَيُسْقَوْنَ فِيهَا كَأْسًا كَانَ مِزَاجُهَا زَنجَبِيلًا ﴿١٧﴾ عَيْنًا فِيهَا تُسَمَّىٰ سَلْسَبِيلًا
﴿١٨﴾ ۞ وَيَطُوفُ عَلَيْهِمْ وِلْدَانٌ مُّخَلَّدُونَ إِذَا رَأَيْتَهُمْ حَسِبْتَهُمْ لُؤْلُؤًا مَّنثُورًا
﴿١٩﴾ وَإِذَا رَأَيْتَ ثَمَّ رَأَيْتَ نَعِيمًا وَمُلْكًا كَبِيرًا ﴿٢٠﴾ عَالِيَهُمْ ثِيَابُ سُندُسٍ
خُضْرٌ وَإِسْتَبْرَقٌ ۖ وَحُلُّوا أَسَاوِرَ مِن فِضَّةٍ وَسَقَاهُمْ رَبُّهُمْ شَرَابًا
طَهُورًا ﴿٢١﴾ إِنَّ هَٰذَا كَانَ لَكُمْ جَزَاءً وَكَانَ سَعْيُكُم مَّشْكُورًا ﴿٢٢﴾ إِنَّا
نَحْنُ نَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْقُرْآنَ تَنزِيلًا ﴿٢٣﴾ فَاصْبِرْ لِحُكْمِ رَبِّكَ وَلَا تُطِعْ
مِنْهُمْ آثِمًا أَوْ كَفُورًا ﴿٢٤﴾ وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ بُكْرَةً وَأَصِيلًا ﴿٢٥﴾

(6) (“Каафуур”) булагы... Аны Аллахтын (Бейишке арзыган) пенделери (каалаган жерине) агызышып, (каалагандай) ичишет.[1]

(7) Алар (дүйнө жашоосунда) назирлерин[2] аткарышкан жана жамандыгы (коркунучу) жайылган күндөн (кыяматтан жана андагы Аллахтын азабынан) коркушкан.

(8) Жана бей-бечараларга, жетимдер менен туткундагыларга, өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедирип[3] (мындай дешкен):

(9) «биз силерди Аллахтын жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз.

(10) Биз Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган, оор күндөн (кыяматтан) коркобуз»

(11) Анан Аллах аларды ушул күндүн жамандыгынан куткарып (жүздөрүнө) нур жана кубаныч (белгилерин) берди.

(12) Жана (дүйнө жашоосунда шайтандын, напсинин азгырыктарына) сабыр кылгандары себептүү аларды Бейиш менен, жибек (кийимдер) менен сыйлады.[4]

(13) Алар бейиштеги сөрүлөргө жөлөнүп отурушат. Ал жерде алар күндү(н ысыгын) да, кычыраган суукту да көрүшпөйт.[5]

(14) Аларга Бейиш (бактарынын) көлөкөсү тийип, мөмөлөрү ийилип турат.

(15) Аларга күмүш идиштер(де тамак-аш) жана шише чөйчөктөр(дө шарап) айлантып турулат.

(16) Күмүш чөйчөктөр… Аны(н ичиндеги шарапты кызматчылар кажетке жараша) өлчөп-ченеп (куюп) турушат.

(17) Ал жерде (ыймандууларга) занжабил[6] аралаштырылган шарап

---

[1] Каалаcа, атайын арыкчалар менен «жетелеп» бейиш бактарынын ичине алып кирип, каалаcа бал, сүт жана туп-тунук суулар аккан дарялардын жээгиндеги сөрүлөрдө жамбаштап жатып ичишет. Эгер каалашса алтындан, жакуттан жасалган сарайлардын алдына агызып барышат.
Кийинки аятта мына ушундай бейиш жыргалына кимдер арзый турганы айтылат.

[2] “Назир” бул, бир пенденин “мен паландай ниетиме жеткеним үчүн Аллах Таалага арнап түкүндөй ибадат кылып беремин” деп, өзүнө-өзү милдет жүктөшүнө айтылат. Иши оңунан келген кээ бир мусулмандар өзү каалаганча орозо кармап же намаз окуп берүүнү, же болбосо булардан башка ибадаттарды назир кылышат. Кайсы пенде Аллах Таалага арнап кандайдыр назир кылса, аны албетте аткарышы – парыз.

[3] Чыныгы мусулмандар жетимдердин малын баса калып жебейт. Кайра аларга өз жанынан каражат кылып, өзү сүйгөн тамактардан жедирет. Ошондой эле, чыныгы мусулмандар согуш мезгилинде туткундарга катаал мамиле жасабайт.

[4] Жибек кийимдерди бул дүйнөдө кийүү мусулман эркектер үчүн арам. Бул текеберленип кетпесин дегендик. Ал эми, ден-соолукка байланыштуу кандайдыр себеп менен (маселен, котур сыяктуу жараат чыкканда) жибек кийим кийсе, буга тоскоол жок. Анткени, Исламда “зарылдыктар тыюу салууларды жокко чыгарат” деген эреже бар.

[5] Бул аят Бейиштеги аба-ырайы жөнүндө маалымат берет. Ал жерде өтө катуу ысык да, кычыраган суук да жок. Жан эргиткен орточо аба ырайы гана болот.

[6] Имбирь

18 (жана) «Салсабил» деп аталган (агып турган) булак (суусу) ичирилет.
19 Аларды(н кызматында) түбөлүк жаш жигиттер айланып-тегеренишет. Эгер сен аларды көрсөң чачылган берметтерби деп ойлоп каласың.
20 Назар салсаң ал жерде (түгөнгүс) нээматарды жана өтө чоң дөөлөттү көрөсүң.[1]
21 Алардын (Бейишке түшкөн ыймандуулардын) үстүндө жашыл жибектен жана (алтын-күмүш, асыл таштар кадалган) баркут-кымкаптан кийимдер… (Эркек – аялы дебей, колдоруна) күмүш билериктер тагылган… Раббилери аларды түнүк-пакиза шарап менен сугарган…
22 (Эй, ыймандуу пенделер!) Булар – силер үчүн сыйлык! Жана силердин (дүйнөдөгү аз гана) аракетиңер[2] ченемсиз нээматтар менен төлөндү!
23 Чынында Биз (Эй, Мухаммад) сага Зикирди[3] бөлүп-бөлүп түшүрдүк.
24 Сен эми, Раббиңдин өкүмүнө сабыр кылгын[4] жана алардан (каапырлардан) болгон нашүкүр, күнөөкер адамдарга моюн сунбагын!
25 Жана Раббиңдин ысымын эртели-кеч эскерип (зикир кылып) жүргүн![5]
26 Түндүн бир бөлүгүндө Ага сажда кыл жана түндөсү узун –узун тасбех айт!
27 Чынында, алар (каапырлар) дүйнөнү сүйүшөт жана оор күндү (Кыяматты) артына таштап (көңүл бурбай) коюшат.
28 Аларды Биз жаратып, бүт тулку-боюн бекем-кубаттуу кылган элек! Эгер кааласак, аларды (жаратылышы боюнча) өздөрүнө окшогон[6] (бирок, каапыр болбой турган, башка) пенделерге алмаштырып коебуз![7]
29 Аныгында, бул (Кураан) бир эскерме. Ким кааласа, Раббиси тарапка (түз) жолду кармай алат.
30 (Бирок) силер Аллах каалаган нерсени гана каалай аласыңар. Аллах Билүүчү, Даанышман!
31 Ал Өзү каалаган пенделерин Өз ырайымынын астына киргизет. Ал эми, заалымдарга болсо, катуу азапты даярдап койгон!

---

[1] Бул дүйнөдө дин-ыйманын байлык мүлккө алмаштырбаган момундарды ал жерде Аллах Таала дөөлөт-мүлктүн түрүнө көмүп салат. Ал мүлктүн кээ бир түрлөрү жогоруда баяндалды. Кээ бирлеринин баяны кийинки аяттарда.

[2] Бул дүйнөдө Аллахтын мыйзамын кармап жашоо үчүн анча деле көп аракеттер талап кылынбайт. Булкунган напсини тыйып, ар кадамда чабуулга өтчү Шайтан азгырыктарына сергек болсо эле, шариятты кармап жашоо өтө жеңил. Адамдар өткүнчү дүйнө үчүн жасаган аракеттеринин ондон бирин да дин үчүн жумшабайт. Көпчүлүк динчил адамдар деле “бир аз байлык чогултуп, үй-жай курап алайын, андан кийин динге аракет кыламын” деген ой менен жашап жатышат. Алар буга үлгүрөбү?! Аллах Таала болсо Кураанда оболу ыйманды оңдогула андан кийин баары оңолот, асман-жерден береке эшиктери ачылат деген мааниде насаат айтат. *(“Аьраф”-96)* Наадан пенде дагы эле өз билгенинен калбайт.

[3] “Зикир” – бул Кураани Каримдин бир аты. Мааниси “эскерүү” же болбосо “эскертүү”. Демек, Кураани Каримди тез-тез окуп, эскерип, анда айтылган маанилерди көңүлгө түйүп жүрүш керек. Бул иш Кураан менен амал кылып жашоого өбөлгө болот.

[4] Раббинин эки түрдүү өкүмү бар: **1)** Тагдырдагы өкүм. **2)** Диний өкүм. Раббисинин тагдырга тиешелүү өкүмү боюнча пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын аялы, абасы, баласы жана кызы өзүнөн мурда кайтыш болгон. Буга сабырдан башка даба жок. Диний өкүмгө сабыр кылуу маселен, жихадтардын, дааваттардын оорчулуктарына, түнкү жана эрте менен ки намазга туруунун оорчулугуна, Рамазан орозосунун ачкачылыгына ж.б.у.с. ибадаттардын түйшүгүнө сабыр кылуу менен болот.

[5] Албетте, эртели-кеч Аллах Тааланы эскерип, Анын ар бир кыймыл-аракетибизди көрүп, билип турганын эсинен чыгарбаган адам күнөө иштерге кол урбайт.

[6] Каапырларды да Аллах жараткан. Алар деле Адам-Атанын урпактары. Аллах Таала аларга өмүр тартуулады. Бакубат жашоого себеп боло турган акыл-эс менен күч-кубаттан да кем кылбады. Бирок, алар Аллах берген акыл-эс менен күч-кудуретти кайра Аллах Тааланын жолуна каршы иштетишти. Бул жеткен кыянатчылык эле.

[7] Тарых бою Аллах Таала кыянатчыл коомдордон кана-канчасын кыйратып таштады. Алар мекендеген жайлар башка коомдорго мурас калды. Бирок, каапырлар тарыхтан үлгү албай жатышат.

# 77-«Мурсалат» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Ант ичемин: (ааламдарды башкарууга тиешелүү илахий) үрп-адат боюнча жибелерген (периштелер) менен!
2 Өтө катуу жүргөн шамалдар менен!
3 (Булуттарды Аллах каалаган багытка) таратуучу (периштелер) менен!
4 (Акыйкат менен жалганды) ажыратып бере турган (Кураан аяттары) менен!
5 (Пайгамбарларга Аллах тарабынан жиберилген) илахий кабарды ташуучу периштелер менен!
6 (Ал периштелердин вахий алып келиши, чынчылдарга) үзүр-кечирим, (бузукуларга) эскертүү болушу үчүн.
7 (Эй, адамдар!) силерге убада кылынган күн[2] албетте болуучу!
8 Жылдыздар(дын нуру) өчүрүлүп,
9 асман (аңырайып) ачылып,
10 тоолор (татылган жүн сыяктуу) сапырылып калганда…
11 Жана пайгамбарларга (өз үмөттөрүн сот-сурагына күбө болууга) убакыт берилгенде… (ошондо гана кыямат кайым болуп, акыйкат менен жалган ажырайт).
12 (Пенделердин сот-сурагы) кайсы күнгө белгиленди эле?
13 Ажыратуу күнүнө![3]
14 (Эй, Мухаммад) сен ажыратуу күнү кандай күн экенин билбейсиң.[4]

وَمِنَ ٱلَّيۡلِ فَٱسۡجُدۡ لَهُۥ وَسَبِّحۡهُ لَيۡلٗا طَوِيلًا ٢٦ إِنَّ
هَٰٓؤُلَآءِ يُحِبُّونَ ٱلۡعَاجِلَةَ وَيَذَرُونَ وَرَآءَهُمۡ يَوۡمٗا ثَقِيلٗا ٢٧ نَّحۡنُ
خَلَقۡنَٰهُمۡ وَشَدَدۡنَآ أَسۡرَهُمۡۖ وَإِذَا شِئۡنَا بَدَّلۡنَآ أَمۡثَٰلَهُمۡ تَبۡدِيلًا
٢٨ إِنَّ هَٰذِهِۦ تَذۡكِرَةٞۖ فَمَن شَآءَ ٱتَّخَذَ إِلَىٰ رَبِّهِۦ سَبِيلٗا ٢٩
وَمَا تَشَآءُونَ إِلَّآ أَن يَشَآءَ ٱللَّهُۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلِيمًا حَكِيمٗا ٣٠
يُدۡخِلُ مَن يَشَآءُ فِي رَحۡمَتِهِۦۚ وَٱلظَّٰلِمِينَ أَعَدَّ لَهُمۡ عَذَابًا أَلِيمَۢا ٣١

ترتيبها ٧٧ — سُورَةُ المُرۡسَلَاتِ — آياتها ٥٠

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلۡمُرۡسَلَٰتِ عُرۡفٗا ١ فَٱلۡعَٰصِفَٰتِ عَصۡفٗا ٢ وَٱلنَّٰشِرَٰتِ نَشۡرٗا ٣
فَٱلۡفَٰرِقَٰتِ فَرۡقٗا ٤ فَٱلۡمُلۡقِيَٰتِ ذِكۡرًا ٥ عُذۡرًا أَوۡ نُذۡرًا ٦ إِنَّمَا
تُوعَدُونَ لَوَٰقِعٞ ٧ فَإِذَا ٱلنُّجُومُ طُمِسَتۡ ٨ وَإِذَا ٱلسَّمَآءُ فُرِجَتۡ
٩ وَإِذَا ٱلۡجِبَالُ نُسِفَتۡ ١٠ وَإِذَا ٱلرُّسُلُ أُقِّتَتۡ ١١ لِأَيِّ يَوۡمٍ أُجِّلَتۡ
١٢ لِيَوۡمِ ٱلۡفَصۡلِ ١٣ وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا يَوۡمُ ٱلۡفَصۡلِ ١٤ وَيۡلٞ يَوۡمَئِذٖ
لِّلۡمُكَذِّبِينَ ١٥ أَلَمۡ نُهۡلِكِ ٱلۡأَوَّلِينَ ١٦ ثُمَّ نُتۡبِعُهُمُ ٱلۡأٓخِرِينَ
١٧ كَذَٰلِكَ نَفۡعَلُ بِٱلۡمُجۡرِمِينَ ١٨ وَيۡلٞ يَوۡمَئِذٖ لِّلۡمُكَذِّبِينَ ١٩

15 Ал күндө (Акыретти) жалганга чыгаргандарга өлүм![5]
16 Биз абалкыларды (азап менен кармап) өлтүрбөдүк беле?![6]
17 Анан акыркы (каапыр)ларды да (дал ошондой тагдыр менен) аларга ээрчитип койдук!
18 Биз кылмышкер адамдар менен ушундай (мамиле) кылабыз.

---

1 Бул сүрө Маккада түшкөн. 50 аяттан турат. «Мурсалаттын» мааниси “жиберилгендер”

2 Кыямат

3 Ал күндө бардык элдер бир майданга пайгамбарлары менен бирге чогултулуп, алардын күбөлүгүндө сурак кылынат. Ошол сурактан кийин акыйкат жалгандан ажырайт, жакшылар жамандан ажырайт.

4 Аллах үйрөтмөйүнчө пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам кайып кабарларын билген эмес. Аллах Таала кабар бергенден кийин гана бул күн жөнүндө көп хадистерди айткан. Ошол хадистерден биринде мындай деген: “Кыямат күндө адамдар чогултулганда, чокуларын күн куйкалап, көздөрү чекчейген бойдон асманды тиктеп кырк жыл ажыратуу күнүн күтүшөт.” (Куртубий). Башка хадистерде айтылышы боюнча ошол күтүү күндөрүндө Аллахтын көлөкөсүнөн башка эч бир көлөкө болбойт. Аллах каалаган ыймандуу адамдар Аллахтын көлөкөсүнө калкаланып жан сакташат.

5 Биз “өлүм” деп которгон сөз аяттын арабча текстинде “увайл” деп келет. Жалпысынан алганда Увайл – бул тозоктогу өтө жийиркеничтүү жана өтө сасык бир чоң чуңкур. Ага тозокулардын күйгөн жарааттарынан сыркыган ириңдер жана башка ыпылас чыгындылар агып турат. Аллах сактасын!

6 Аллах Таала акыретти жалган дегендерди ушул дүйнөдө да көп жазалаган. Нух коомунун, Лут коомунун, Аад жана Самуд элдеринин аянычтуу кыйроолору азыркы жана кийинки каапырлар үчүн сабак болууга тийиш.

أَلَمْ نَخْلُقكُّم مِّن مَّآءٍ مَّهِينٍ ٢٠ فَجَعَلْنَٰهُ فِى قَرَارٍ مَّكِينٍ ٢١ إِلَىٰ قَدَرٍ
مَّعْلُومٍ ٢٢ فَقَدَرْنَا فَنِعْمَ ٱلْقَٰدِرُونَ ٢٣ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ٢٤
أَلَمْ نَجْعَلِ ٱلْأَرْضَ كِفَاتًا ٢٥ أَحْيَآءً وَأَمْوَٰتًا ٢٦ وَجَعَلْنَا فِيهَا رَوَٰسِىَ
شَٰمِخَٰتٍ وَأَسْقَيْنَٰكُم مَّآءً فُرَاتًا ٢٧ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ٢٨
ٱنطَلِقُوٓا۟ إِلَىٰ مَا كُنتُم بِهِۦ تُكَذِّبُونَ ٢٩ ٱنطَلِقُوٓا۟ إِلَىٰ ظِلٍّ ذِى ثَلَٰثِ
شُعَبٍ ٣٠ لَّا ظَلِيلٍ وَلَا يُغْنِى مِنَ ٱللَّهَبِ ٣١ إِنَّهَا تَرْمِى بِشَرَرٍ
كَٱلْقَصْرِ ٣٢ كَأَنَّهُۥ جِمَٰلَتٌ صُفْرٌ ٣٣ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ٣٤
هَٰذَا يَوْمُ لَا يَنطِقُونَ ٣٥ وَلَا يُؤْذَنُ لَهُمْ فَيَعْتَذِرُونَ ٣٦ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ
لِّلْمُكَذِّبِينَ ٣٧ هَٰذَا يَوْمُ ٱلْفَصْلِ جَمَعْنَٰكُمْ وَٱلْأَوَّلِينَ ٣٨ فَإِن كَانَ
لَكُمْ كَيْدٌ فَكِيدُونِ ٣٩ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ٤٠ إِنَّ ٱلْمُتَّقِينَ فِى
ظِلَٰلٍ وَعُيُونٍ ٤١ وَفَوَٰكِهَ مِمَّا يَشْتَهُونَ ٤٢ كُلُوا۟ وَٱشْرَبُوا۟ هَنِيٓـًٔۢا
بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ ٤٣ إِنَّا كَذَٰلِكَ نَجْزِى ٱلْمُحْسِنِينَ ٤٤ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ
لِّلْمُكَذِّبِينَ ٤٥ كُلُوا۟ وَتَمَتَّعُوا۟ قَلِيلًا إِنَّكُم مُّجْرِمُونَ ٤٦ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ
لِّلْمُكَذِّبِينَ ٤٧ وَإِذَا قِيلَ لَهُمُ ٱرْكَعُوا۟ لَا يَرْكَعُونَ ٤٨ وَيْلٌ
يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ٤٩ فَبِأَىِّ حَدِيثٍۭ بَعْدَهُۥ يُؤْمِنُونَ ٥٠

19 Ал күндө (акыретти) «жалган» дегендерге өлүм!

20 (Эй, кайра тирилүүнү «жалган» дегендер!) Биз силерди жийиркеничтүү (бир тамчы бел) суудан жаратпадык беле?!

21 Анан ал “сууну” бекем жайга (эненин жатынына) орноштордук,

22 белгилүү убакытка (туулганыңарга) чейин.

23 Жана Биз (ошол арам сууну оболу көюу кан, анан бир бөлүк эт, андан кийин сөөк, андан кийин кадыресе адам кылып жаратууга) кудуреттүү болдук. Биз эң жакшы Кудуреттүүбүз!

24 Ал күндө (Кыяматты) «жалган» дегендерге өлүм!

25 Биз жерди кучактоочу кылбадык беле,

26 өлүктөр менен тириктерди?[1]

27 Жана Биз жер бетине (аны бекем сактоо үчүн) үлкөн тоолорду жараттык. Жана силерди (мөңгүлөрдөн агып келүүчү) ширин суу(лар) менен сугардык.[2]

28 Ал күндө (ушул нээматтарды) «жалган» дегендерге өлүм!

29 (Ошол күндө аларга айтылат): «өзүңөр жалган деген Тозокко жөнөгүлө!

30 Үч бутактуу (оттон болгон) «көлөкөгө»[3] жөнөгүлө!»

31 (Ал «көлөкөдө») салкындык жок. Алоодон да тосо албайт!

32 Ал (тозок) сарай сыяктуу (үлкөн) учкундарды атып турат!

33 Ал учкундар саргымтыл кара төөлөргө окшойт.

34 Ал күндө (кыяматты) «жалган» дегендерге кайгы!

---

[1] Аллах Тааланын бир ысымы «Аль – Маннан» мунун мааниси «Өз жакшылыгын эскертип туруучу» Кураандын көп аяттарында Аллах Таала Өзүнүн «Аль – Маннан» сыпатын эскертип, жакшылыктарын миннат (колко) кылат. Аллахтын жакшылыктарынан бири, Ал жерди өлүктөр учун да, тирүүлөр үчүн да эне сыяктуу кылып койгон. Тирүүлөрдү кантип өз бооруна батырып энелик кылганы айтпаса деле түшүнүктүү. Ал эми, өлүктөргө энелик кылуусу аларды өз бооруна (мүрзөгө) алып, жырткычтарга жем болуудан же башка кордуктардан сактайт. Дагы кайталоочу нерсе, жердин бул энелик боорукерлиги түпкүлүгүндө Аллах Тааланын ырайымы. Эгер Аллах Таала жерди инсаниятка мойун сундуруп койбогондо бул жакшылыктар болмок эмес.

[2] Жердин салмактуу жана бекем турушунда тоолордун ролу өзгөчө экенин геология жана геодезия илимдери тастыктаган. Ал эми, Аллах Таала жараткан табият мыйзамы боюнча, деңиз жана океандардын туздуу суулары күн нуру менен бууланып, ошол бууланыш процесси менен бирге дистилляцияланып (тузунан ажырап) асманга көтөрүлүп, жамгыр-карга айланып, талаа-түздөргө, тоо-таштарга жаайт. Бийик тоолордун башынан көчкөн жүздөгөн тонналык көчкүлөрдөн муз тоолор – мөңгүлөр жаралат. Мөңгүлөр улам күн ысыган сайын, акырындык менен эрип, алардан дарыялар жаралып, кайрадан түздүктө жашаган жан-жаныбарларга ширин суу болуп агып барат. Мунун баары Аллах Тааланын ырайымы, даанышмандыгы жана кудуретинен.

[3] Тырнакчанын ичиндеги көлөкө – бул асманга өрдөгөн сайын үч бутакка бөлүнүп турган тозок оту же болбосо анын түтүнү.

35 Бул күндө алар (уруксатсыз) сүйлөй албайт.
36 Алар үчүн актанууга да уруксат жок!
37 Ал күндө (кыяматты) «жалган» дегендерге кайгы!
38 Бул – ажыратуу күнү! Силерди да, абалкыларды да (сот-сурак үчүн ) чогулттук.
39 Эгер (эй, каапырлар, бул сурактан жана азаптан кутулуп кетүү үчүн) силерде амал болсо, Мага амалыңарды көргөзгүлө!
40 Ал күндө (кыямматы) «жалган» дегендерге кайгы!
41 Ал эми, такыба пенделер (чыныгы) көлөкөлөрдө, булактарда,
42 жана (коңүлдөрү) каалаган мөмө-жемиштерде…
43 (Аларга айтылат:) «жегиле, ичкиле, аш болсун! (Бул зыяпат- сыйлык, сооп) иштерди жасаганыңар себептүү!»
44 Биз сооп иш жасагандарды ушинтип сыйлайбыз!
45 Ал күндө (кыяматты) «жалган» дегендерге кайгы!
46 (Эй, кыяматты «жалган» деген каапырлар! Дүйнөдө) бир аз пайданалып, жеп-ичип калгыла! Силер кылмышкерсиңер!
47 Ал күндө (кыяматты) «жалган» дегендерге кайгы!
48 Эгер аларга (Аллага) рукуу кылгыла» деп айтылса рукуу кылышпайт![1]
49 Ал күндө (Кыяматты) «жалган» дегендерге кайгы!
50 Андан (Кураандан) кийин, дагы кандай сөзгө ыйман келтиришет?![2]

سُورَةُ النَّبَإِ

آياتها ٤٠ — ترتيبها ٧٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

عَمَّ يَتَسَآءَلُونَ ﴿١﴾ عَنِ ٱلنَّبَإِ ٱلْعَظِيمِ ﴿٢﴾ ٱلَّذِى هُمْ فِيهِ مُخْتَلِفُونَ ﴿٣﴾
كَلَّا سَيَعْلَمُونَ ﴿٤﴾ ثُمَّ كَلَّا سَيَعْلَمُونَ ﴿٥﴾ أَلَمْ نَجْعَلِ ٱلْأَرْضَ مِهَٰدًا ﴿٦﴾
وَٱلْجِبَالَ أَوْتَادًا ﴿٧﴾ وَخَلَقْنَٰكُمْ أَزْوَٰجًا ﴿٨﴾ وَجَعَلْنَا نَوْمَكُمْ سُبَاتًا
﴿٩﴾ وَجَعَلْنَا ٱلَّيْلَ لِبَاسًا ﴿١٠﴾ وَجَعَلْنَا ٱلنَّهَارَ مَعَاشًا ﴿١١﴾ وَبَنَيْنَا
فَوْقَكُمْ سَبْعًا شِدَادًا ﴿١٢﴾ وَجَعَلْنَا سِرَاجًا وَهَّاجًا ﴿١٣﴾ وَأَنزَلْنَا
مِنَ ٱلْمُعْصِرَٰتِ مَآءً ثَجَّاجًا ﴿١٤﴾ لِّنُخْرِجَ بِهِۦ حَبًّا وَنَبَاتًا ﴿١٥﴾ وَجَنَّٰتٍ
أَلْفَافًا ﴿١٦﴾ إِنَّ يَوْمَ ٱلْفَصْلِ كَانَ مِيقَٰتًا ﴿١٧﴾ يَوْمَ يُنفَخُ فِى ٱلصُّورِ
فَتَأْتُونَ أَفْوَاجًا ﴿١٨﴾ وَفُتِحَتِ ٱلسَّمَآءُ فَكَانَتْ أَبْوَٰبًا ﴿١٩﴾ وَسُيِّرَتِ
ٱلْجِبَالُ فَكَانَتْ سَرَابًا ﴿٢٠﴾ إِنَّ جَهَنَّمَ كَانَتْ مِرْصَادًا ﴿٢١﴾ لِّلطَّٰغِينَ
مَـَٔابًا ﴿٢٢﴾ لَّٰبِثِينَ فِيهَآ أَحْقَابًا ﴿٢٣﴾ لَّا يَذُوقُونَ فِيهَا بَرْدًا وَلَا شَرَابًا
﴿٢٤﴾ إِلَّا حَمِيمًا وَغَسَّاقًا ﴿٢٥﴾ جَزَآءً وِفَاقًا ﴿٢٦﴾ إِنَّهُمْ كَانُوا۟
لَا يَرْجُونَ حِسَابًا ﴿٢٧﴾ وَكَذَّبُوا۟ بِـَٔايَٰتِنَا كِذَّابًا ﴿٢٨﴾ وَكُلَّ شَىْءٍ
أَحْصَيْنَٰهُ كِتَٰبًا ﴿٢٩﴾ فَذُوقُوا۟ فَلَن نَّزِيدَكُمْ إِلَّا عَذَابًا ﴿٣٠﴾

## 78-«Набаь» сүрөсү[3]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Алар эмне жөнүндө сурашууда?
2 Улуу кабар жөнүндө
3 анда талаш пикир жаратышкан.[4]

---

[1] «Рукуу» - бул намаздагы ийилүү. Кыяматка ишенбегендер албетте намаз окууну ашыкча түйшүк деп билишет. Алар – жеткен текебер кишилер. Ийилишпейт. Бирок, алардын Аллах Таалага ийилбеген мойундары жана омурткалары өзүнөн мансабы жогорураак кишинин алдында тал чыбыктан бетер ийилип кетет. Демек, алар дүйнөкул, шоораткул адамдар! Ошентип, Аллах Таалага кулчулук кылууну каалабагандар өздөрү сыяктуу күнөөкер пенделерге кул болуп калышат.

[2] Кураани Каримди - акыркы чындык. Андан кийин чындык жок! Чындыкты четке каккан адам жалганга ыйман келтирет.

[3] Бул сүрө Маккада түшкөн. 40 аяттан турат. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Аллах Таала тарабынан алып келген улук кабарлар арап тилинде «Набаь» деп аталат. Бул улук кабарлардын акыйкат экенине далил-белгилер канчалык көп болгонуна карабай, көпчүлүк мушриктер ага ишенген эмес жана бири-бирине «Мухаммад айткан нерселер жалган болуш керек-э? Сен эмне дейсиң?» деген сыяктуу суроолорду беришкен. Ошондой эле, алардын шектенүүлөрү бирдей болбой, өз ара талашып-тартышып турушкан. Айрыкча алар Акырет кабарларын жокко чыгарууда көп талашып-тартышышкан. “Набаь” сүрөсү ушул окуяларды чагылдыруу менен башталат.

[4] Кийинки аятта Аллах Таала мушриктер жокко чыгарган Кыямат тез эле келип калаарын жана

إِنَّ لِلْمُتَّقِينَ مَفَازًا ﴿٣١﴾ حَدَآئِقَ وَأَعْنَٰبًا ﴿٣٢﴾ وَكَوَاعِبَ أَتْرَابًا ﴿٣٣﴾ وَكَأْسًا
دِهَاقًا ﴿٣٤﴾ لَّا يَسْمَعُونَ فِيهَا لَغْوًا وَلَا كِذَّٰبًا ﴿٣٥﴾ جَزَآءً مِّن رَّبِّكَ عَطَآءً
حِسَابًا ﴿٣٦﴾ رَّبِّ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَمَا بَيْنَهُمَا ٱلرَّحْمَٰنِ ۖ لَا يَمْلِكُونَ
مِنْهُ خِطَابًا ﴿٣٧﴾ يَوْمَ يَقُومُ ٱلرُّوحُ وَٱلْمَلَٰٓئِكَةُ صَفًّا ۖ لَّا يَتَكَلَّمُونَ
إِلَّا مَنْ أَذِنَ لَهُ ٱلرَّحْمَٰنُ وَقَالَ صَوَابًا ﴿٣٨﴾ ذَٰلِكَ ٱلْيَوْمُ ٱلْحَقُّ ۖ فَمَن
شَآءَ ٱتَّخَذَ إِلَىٰ رَبِّهِۦ مَـَٔابًا ﴿٣٩﴾ إِنَّآ أَنذَرْنَٰكُمْ عَذَابًا قَرِيبًا يَوْمَ
يَنظُرُ ٱلْمَرْءُ مَا قَدَّمَتْ يَدَاهُ وَيَقُولُ ٱلْكَافِرُ يَٰلَيْتَنِى كُنتُ تُرَٰبًۢا ﴿٤٠﴾

## سُورَةُ النَّازِعَاتِ

ترتيبها ٧٩ — آياتها ٤٦

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلنَّٰزِعَٰتِ غَرْقًا ﴿١﴾ وَٱلنَّٰشِطَٰتِ نَشْطًا ﴿٢﴾ وَٱلسَّٰبِحَٰتِ سَبْحًا
﴿٣﴾ فَٱلسَّٰبِقَٰتِ سَبْقًا ﴿٤﴾ فَٱلْمُدَبِّرَٰتِ أَمْرًا ﴿٥﴾ يَوْمَ تَرْجُفُ ٱلرَّاجِفَةُ
﴿٦﴾ تَتْبَعُهَا ٱلرَّادِفَةُ ﴿٧﴾ قُلُوبٌ يَوْمَئِذٍ وَاجِفَةٌ ﴿٨﴾ أَبْصَٰرُهَا
خَٰشِعَةٌ ﴿٩﴾ يَقُولُونَ أَءِنَّا لَمَرْدُودُونَ فِى ٱلْحَافِرَةِ ﴿١٠﴾ أَءِذَا كُنَّا
عِظَٰمًا نَّخِرَةً ﴿١١﴾ قَالُوا۟ تِلْكَ إِذًا كَرَّةٌ خَاسِرَةٌ ﴿١٢﴾ فَإِنَّمَا هِىَ زَجْرَةٌ
وَٰحِدَةٌ ﴿١٣﴾ فَإِذَا هُم بِٱلسَّاهِرَةِ ﴿١٤﴾ هَلْ أَتَىٰكَ حَدِيثُ مُوسَىٰٓ ﴿١٥﴾

4 Жок, андай эмес! Жакында билип алышат!
5 Дагы бир ирет андай эмес! Жакында билип алышат.
6 Биз силерге жерди жайылган (төшөк сыяктуу) кылып койбодукпу?!
7 Тоолорду (бекем) казыктар (сыяктуу кылып жаратпадыкпы?)
8 Жана Биз силерди жуп-түгөй[1] кылып жараттык.
9 Уйкуңарды (талыккан денеңер үчүн) ырыхат кылдык.
10 Түндү (силер үчүн) кийим (сыяктуу) кылдык.
11 Күндүздү жашоо үчүн жараттык.
12 Жана силердин үстүңөргө бекем жети (кабат) асманды куруп,
13 ысык-нурлуу чыракты (күндү) жараттык.
14 Жана (силерге) булуттардан мол-мол суунy түшүрдүк.
15 Өндүрүп берүү үчүн дан азыктарды жана өсүмдүктөрдү.
16 Жана да калың бак-бостондорду.
17 Албетте (ыймандуу менен каапыр) ажыратыла турган (кыямат) күн (Аллах тарабынан) белгиленген убакыт.
18 Ал күндө Сур (чоор) тартылат. Анан силер топ-топ болуп (Раббиңерге сурак бергени) келесиңер.
19 (Кыямат күн башталганда) асман ачылып (жарылып) эшиктер (пайда) болот.
20 Жана тоолор (ордунан) учурулуп, закым болуп калат!
21 Албетте, тозок күтүп туруучу (жана)
22 чектен чыккан адамдар үчүн кайтып баруучу орун!
23 Алар анда кылымдар бою турушат.
24 Ал жерде не муздактык не суусундук татышпайт.
25 Болгону (тозокулардын денесинен аккан) сасык ириң жана (ичегилерди тилип, үзүп жибере турган даражадагы) кайнак суу (менен гана “азыктанышат”)
26 (Бул – күнөөлөрүнө) ылайык жаза!!!
27 Алар (Акыреттеги) эсеп – китепке ишенишпеген.
28 жана Биздин аяттарыбызды ачык түрдө жалганга чыгарышкан.
29 Биз бардык иштерди тизмектеп, китеп кылып жазып койгонбуз.
30 Эми, (жазаңарды) таткыла! Биз силерге азапты гана көбөйтөбүз!
31 Ал эми, такыбаа кишилерге ийгилик жайы (Бейиш),
32 бак-бостондор, жүзүмдүктөр,
33 бир курактагы, көкүрөгү тикчийген селкилер,
34 жана («рахийк» деп аталган аябай даамдуу шарап менен) мелмилдеп толуп турган кеселер бар.
35 Ал жерде пайдасы жок жана күнөө-жалган сөздөрдү угушпайт.
36 (Эй, Мухаммад, ушунун бардыгы) Раббиң тарабынан берилген сыйлык-белектер!
37 (Ушул сыйлыкты берген Рабби) асмандар менен жердин, ал экөөнүн арасындагы бардык нерселердин да Раббиси болгон Ырайымдуу Зат. (Ошондуктан, ал күндө эч ким Анын уруксаты болмоюнча) сөз сүйлөөгө батына албайт.
38 Рух (Жибрийл периште) жана (башка

---

ошол күндө өздөрү «жалган» деген Тозокту өз көздөрү менен көрүп, анык билип алышаарын эки ирет кайталоо менен айтат.

[1] эркек-ургаачы

бардык) периштелер сап-сап болуп турган (ошол) күндө Ырайымдуу Зат уруксат бергендер гана (сүйлөп,) чын сөздү айтышат.
39 Бул – чындап болуучу Күн. Ал эми, ким кааласа (жакшы амал кылат жана) Раббисине (ошол амалдар менен) кайтууну (бекем) кармайт.
40 Биз силерди жакын(да келе турган) азаптан эскерткен элек. Ал күндө адам баласы эки колу эмне алып келгенин көрөт жана каапыр адам: «кана эми, (ушундай азапка дуушар болгондон көрө) топурак эле болуп калсам!!!» - дейт.

## 79-”Назиат” сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Каапырлардын жанын) терең-терeңинен (оорутуп) сууруп алуучу периштелер менен ант ичип,
2 (ыймандуулардын жанын оорутпай) “чечип алуучу” периштелер менен ант ичип,
3 (асман мейкиндигинде өйдө-ылдый) сүзүп жүрүүчү периштелер менен ант ичип,
4 (Аллахтын буйругун аткарууда) бири-бири менен жарышуучу периштелер менен ант ичип,
5 (Аллах табыштаган ааламдык) иштерди башкаруучу периштелер менен ант ичип (айтамын):
6 Ал Күндө (Сур кернейдин биринчи деминен улам) титирөөчү (жер) титирейт.
7 Анын артынан кийинки Сур тартылат.
8 Ошол күндө (каапыр) жүрөктөр катуу коркуп,
9 Көздөрү жоодурап калат.
10 (Каапырларга Кыяматтагы кайра тирилүү жөнүндө айтылчу болсо, адамды мыскылдан, какшыктап, мындай) дешет: «эмне, биз мурдакы (тирүү) абалыбызга кайтарылабызбы,
11 чириген сөөк болуп калсак деле?!»
12 (Дагы мындай) дешти: «анда бул биз үчүн зыяндуу кайтыш болоор!»
13 Ал болгону (Исрафил периште тарткан чоордун) бир гана айкырыгы.
14 Анан капыстан... (тирилип, мүрзөлөрүнөн) жер бетине чыгып калышат!
15 (Эй, Мухаммад!) сага Мусанын кабары келди беле?
16 Бир кезде Раббиси ага ыйык Туваа өрөөнүндө (мындай деп) сүйлөдү:
17 «Фираунга баргын! Ал чектен ашып кетти.
18 Жана ага (мындай) дегин: «Өзүңдү (ширк күнөөсүнөн) тазалоону
19 жана мен сени (жалгыз, шериксиз) Раббиңе баштоомду каалайсыңбы? Анан сен (Аллахка ширк келтирүүдөн) коркуп калаар элең»
20 (Муса Фираунга барды жана) ага чоң моожизаны (жыланга айланган аса таякты) көргөздү.
21 Бирок ал «жалган!» деп, каршы чыкты.
22 Кийин тетири басып, (душмандашууга) аракет кылды
23 жана (адамдарын) чогултуп, бийик добуш менен:
24 «Мен силердин эң жогорку Раббиңер боломун» деди.
25 Анан... Аллах аны дүйнөлүк (жазаа) жана акыреттик азап менен жазалады.
26 Албетте мында (Раббисинен) корккон пенделер үчүн (чоң) сабак бар.
27 (Эй, каапырлар!) силерди жаратуу кыйыныраакпы же асмандыбы?! Аны (Аллах) жаратты!
28 Шыбын бийик көтөрүп, бекем-кемчилдиксиз кылды.
29 Түнүн караңгы кылды жана (таң аттырып) жарыгын чыгарды.
30 Андан кийин жерди жайып (коздоп) койду.
31 Андан сууларын, жайлоолорун чыгарды.
32 Тоолорду (бекем) орнотту.
33 Силер үчүн жана силердин айбандарыңар үчүн пайдалануу (ырыскы) болсун деп.
34 Качан чоң кыямат келсе,
35 ал күндө инсан (дүйнөдөгү) иш - аракеттерин эскерет.
36 Караган адамдарга тозок (анык) көргөзүлөт.
37 Кимде-ким чектен чыккан болсо

---

[1] Бул сүрө Маккада түшүрүлгөн. 46 аяттан турат. “Назиат” деген сөз “жандарды сууруп алуучу периштелер” деген мааниде.

إِذْ نَادَىٰهُ رَبُّهُۥ بِٱلْوَادِ ٱلْمُقَدَّسِ طُوًى ﴿١٦﴾ ٱذْهَبْ إِلَىٰ فِرْعَوْنَ إِنَّهُۥ طَغَىٰ ﴿١٧﴾
فَقُلْ هَل لَّكَ إِلَىٰٓ أَن تَزَكَّىٰ ﴿١٨﴾ وَأَهْدِيَكَ إِلَىٰ رَبِّكَ فَتَخْشَىٰ ﴿١٩﴾ فَأَرَىٰهُ
ٱلْءَايَةَ ٱلْكُبْرَىٰ ﴿٢٠﴾ فَكَذَّبَ وَعَصَىٰ ﴿٢١﴾ ثُمَّ أَدْبَرَ يَسْعَىٰ ﴿٢٢﴾ فَحَشَرَ
فَنَادَىٰ ﴿٢٣﴾ فَقَالَ أَنَا۠ رَبُّكُمُ ٱلْأَعْلَىٰ ﴿٢٤﴾ فَأَخَذَهُ ٱللَّهُ نَكَالَ ٱلْءَاخِرَةِ وَٱلْأُولَىٰٓ
﴿٢٥﴾ إِنَّ فِى ذَٰلِكَ لَعِبْرَةً لِّمَن يَخْشَىٰٓ ﴿٢٦﴾ ءَأَنتُمْ أَشَدُّ خَلْقًا أَمِ ٱلسَّمَآءُ ۚ بَنَىٰهَا
﴿٢٧﴾ رَفَعَ سَمْكَهَا فَسَوَّىٰهَا ﴿٢٨﴾ وَأَغْطَشَ لَيْلَهَا وَأَخْرَجَ ضُحَىٰهَا ﴿٢٩﴾
وَٱلْأَرْضَ بَعْدَ ذَٰلِكَ دَحَىٰهَآ ﴿٣٠﴾ أَخْرَجَ مِنْهَا مَآءَهَا وَمَرْعَىٰهَا ﴿٣١﴾
وَٱلْجِبَالَ أَرْسَىٰهَا ﴿٣٢﴾ مَتَٰعًا لَّكُمْ وَلِأَنْعَٰمِكُمْ ﴿٣٣﴾ فَإِذَا جَآءَتِ ٱلطَّآمَّةُ
ٱلْكُبْرَىٰ ﴿٣٤﴾ يَوْمَ يَتَذَكَّرُ ٱلْإِنسَٰنُ مَا سَعَىٰ ﴿٣٥﴾ وَبُرِّزَتِ ٱلْجَحِيمُ
لِمَن يَرَىٰ ﴿٣٦﴾ فَأَمَّا مَن طَغَىٰ ﴿٣٧﴾ وَءَاثَرَ ٱلْحَيَوٰةَ ٱلدُّنْيَا ﴿٣٨﴾ فَإِنَّ ٱلْجَحِيمَ
هِىَ ٱلْمَأْوَىٰ ﴿٣٩﴾ وَأَمَّا مَنْ خَافَ مَقَامَ رَبِّهِۦ وَنَهَى ٱلنَّفْسَ عَنِ ٱلْهَوَىٰ
﴿٤٠﴾ فَإِنَّ ٱلْجَنَّةَ هِىَ ٱلْمَأْوَىٰ ﴿٤١﴾ يَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلسَّاعَةِ أَيَّانَ مُرْسَىٰهَا
﴿٤٢﴾ فِيمَ أَنتَ مِن ذِكْرَىٰهَآ ﴿٤٣﴾ إِلَىٰ رَبِّكَ مُنتَهَىٰهَآ ﴿٤٤﴾ إِنَّمَآ أَنتَ مُنذِرُ
مَن يَخْشَىٰهَا ﴿٤٥﴾ كَأَنَّهُمْ يَوْمَ يَرَوْنَهَا لَمْ يَلْبَثُوٓا۟ إِلَّا عَشِيَّةً أَوْ ضُحَىٰهَا ﴿٤٦﴾

ترتيبها ٨٠ — سُورَةُ عَبَسَ — آياتها ٤٢

38 жана дүйнө жошоосун (акыреттен) абзел көргөн болсо,

39 албетте, анын орду Тозокто!

40 Ал эми, кимде – ким Раббисинин алдында (эсеп берип) туруудан коркуп, өзүн (арам) каалоо-кумарлардан тыйса,

41 албетте, анын орду Бейиште!

42 (Эй, Мухаммад! Кайра тирилүүдөн шектенген адамдар) сенден Кыяматтын качан болушун сурашат.

43 Аны(н убактысын) эскерип-билүүдөн сен алыссың?!

44 Анын (качан болоору жөнүндөгү илимдин башы жана) аягы Раббиңе гана тиешелүү.

45 Сен болгону андан (Кыяматтан) корко турган кишилерди эскертүүчүсүң.

46 Алар (Кыяматты «жалган» дегендер) аны (өз көздөрү менен) көргөн күндө, (бул дүйнөдө) бир күн кечке чейин же түшкө чейин гана турган сыяктуу болуп калышат.

# 80-«Абаса» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Пайгамбар) кабагын бүркөп, тетири карап алды.

2 Алдына (маселе сурап ) сокур киши келгенде,

3 (Эй, Мухаммад!) сен кайдан билесиң, ал (сокур киши жаман кулк-мүнөздөрдөн) тазадыр!

4 Же болбосо, (Аллах Тааланы) эскерээр, анан эскермеси ага пайда берээр?!

5 Ал эми, байлыгы менен сыймыктанган адам(дар келгенде)

6 сен ошо(лор)го бурулуп алдың!

7 (Бирок), алардын тазарбай (ыйманга келбей) калуусуна сен жоопкер эмессиң.

8 Ал эми, сага чуркап келген (сокур ) адам…

9 (Аллахтан жана кыямат күндөн) коркоор эле.

10 Сен андан алагды болуп калдың!!!

11 Жок! (Эй, Мухаммад! Эми андай кылбагын!) Бул (аяттар сага Аллах тарабынан) эскерме-сабак.

12 Ким кааласа – аны эскерет.[2]

13 (Аяттар Лавхул Махфуз деп аталган) Улук Барактар да,

14 (Лавхул Махфуз) Таза–Пакиза (жана кадыр баркы) Жогору.

15 (Жана) периштелердин колунда.

---

[1] Бул сүрө дагы Маккада түшкөн. Түшүүсүнүн себеби төмөндөгүчө: Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам Макканын этибарлуу байларын динге даават кылып отурганда, шариятка өтө берилген, өзүн ширктен жана башка чоң күнөөлөрдүн тазалаган Абдуллах ибн Умм-Мактум деген сокур киши келип, бир маселе сурайт. Ал пайгамбардын бош эмес экенин көрбөгөн. Пайгамбар саллаллоху алайхи ва саллам болсо, сөзүнүн бөлүнгөнүнө ачууланып, кабагын бүркөп, жооп бербей, байлар менен сүйлөшүүсүн улантат. Бирок, бул байлар жанагы сокур киши сыяктуу күнөө иштерден өздөрүн тазалабаган, динге өзү умтулуп келбеген кишилер эле. Аллах Таала пайгамбарынын бул жоругунун ката экенин эскертип, аны жемелеп, ушул сүрөнү түшүргөн. Сүрө 42 аяттан турат. «Абаса» «кабак бүркөдү», «маңдайын тырыштырды» деген мааниде.

[2] Кийинки аяттарда Аллах Таала бул аяттардын кадырын, пакизалыгын жана улуулугун баяндайт.

(16) (Алар) Өтө улук, аябай таза (ишенимдүү)
(17) Наалаты инсан! Аны эмне (мынчалык) аша чапкан каапырга айлантты?!
(18) Ал (Аллах) аны эмнеден жаратты эле?!
(19) Бир тамчы (арам) суудан жараткан! Анан аны(н жаралуу баскычтарын) өлчөп- тагдыр кылган.
(20) Андан кийин (бул дүйнөгө келгенде) ага жолдорду[1] оңой кылып берди.
(21) Андан соң анын жанын алып, мүрзөгө койду.
(22) Андан соң Өзү каалаган убакта (Кыяматта) кайрадан тирилтип алат.
(23) Жок! Ал өзүнө (Аллах) буюрган парыздарды эч аткарбады!
(24) Эми, инсан (адеп бой көтөрө бербей) өзүнүн тамак-ашына карабайбы?![2]
(25) Сууну (асмандан) мол-көл кылып мына Биз жаадырдык!
(26) Андан соң жерди жарып,
(27) (ар түрдүү) данды (жана өсүмдүктөрдү) өндүрдүк:
(28) жүзүмдөрдү, көк чөптөрдү,
(29) зайтундарды, курмаларды,
(30) коюуу бактарды,
(31) мөмө-жемиштерди, жашылчаларды.
(32) Силер жана чарба айбандарыңар пайдалангыла деп.
(33) Эми, качан (кулактарды) тундуруучу (кыяматтагы) айкырык (Сур кернейинин экинчи тартылуусу) келгенде,
(34) ал күндө киши өзүнүн ага- инисинен качып калат.
(35) Апасы менен атасынан дагы.
(36) Аялы менен балдарынан дагы!
(37) (Анткени) ал күндө ар бир адам үчүн аны (башкаларга) көңүл бурдурбай кое турган (өтө оор) абал болот!
(38) Ал күндө (ыймандуу) жүздөр албырып,
(39) күлүп-жайнап, шат-курсат!
(40) (ыймансыз) жүздөрдү ал күндө чаң-тозон каптап,

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

عَبَسَ وَتَوَلَّىٰٓ ١ أَن جَآءَهُ ٱلۡأَعۡمَىٰ ٢ وَمَا يُدۡرِيكَ لَعَلَّهُۥ يَزَّكَّىٰٓ ٣ أَوۡ
يَذَّكَّرُ فَتَنفَعَهُ ٱلذِّكۡرَىٰٓ ٤ أَمَّا مَنِ ٱسۡتَغۡنَىٰ ٥ فَأَنتَ لَهُۥ تَصَدَّىٰ ٦
وَمَا عَلَيۡكَ أَلَّا يَزَّكَّىٰ ٧ وَأَمَّا مَن جَآءَكَ يَسۡعَىٰ ٨ وَهُوَ يَخۡشَىٰ ٩ فَأَنتَ
عَنۡهُ تَلَهَّىٰ ١٠ كَلَّآ إِنَّهَا تَذۡكِرَةٞ ١١ فَمَن شَآءَ ذَكَرَهُۥ ١٢ فِي صُحُفٖ مُّكَرَّمَةٖ
١٣ مَّرۡفُوعَةٖ مُّطَهَّرَةِۭ ١٤ بِأَيۡدِي سَفَرَةٖ ١٥ كِرَامِۭ بَرَرَةٖ ١٦ قُتِلَ ٱلۡإِنسَٰنُ
مَآ أَكۡفَرَهُۥ ١٧ مِنۡ أَيِّ شَيۡءٍ خَلَقَهُۥ ١٨ مِن نُّطۡفَةٍ خَلَقَهُۥ فَقَدَّرَهُۥ ١٩ ثُمَّ
ٱلسَّبِيلَ يَسَّرَهُۥ ٢٠ ثُمَّ أَمَاتَهُۥ فَأَقۡبَرَهُۥ ٢١ ثُمَّ إِذَا شَآءَ أَنشَرَهُۥ ٢٢ كَلَّا لَمَّا
يَقۡضِ مَآ أَمَرَهُۥ ٢٣ فَلۡيَنظُرِ ٱلۡإِنسَٰنُ إِلَىٰ طَعَامِهِۦٓ ٢٤ أَنَّا صَبَبۡنَا ٱلۡمَآءَ صَبّٗا
٢٥ ثُمَّ شَقَقۡنَا ٱلۡأَرۡضَ شَقّٗا ٢٦ فَأَنۢبَتۡنَا فِيهَا حَبّٗا ٢٧ وَعِنَبٗا وَقَضۡبٗا ٢٨
وَزَيۡتُونٗا وَنَخۡلٗا ٢٩ وَحَدَآئِقَ غُلۡبٗا ٣٠ وَفَٰكِهَةٗ وَأَبّٗا ٣١ مَّتَٰعٗا لَّكُمۡ
وَلِأَنۡعَٰمِكُمۡ ٣٢ فَإِذَا جَآءَتِ ٱلصَّآخَّةُ ٣٣ يَوۡمَ يَفِرُّ ٱلۡمَرۡءُ مِنۡ أَخِيهِ ٣٤
وَأُمِّهِۦ وَأَبِيهِ ٣٥ وَصَٰحِبَتِهِۦ وَبَنِيهِ ٣٦ لِكُلِّ ٱمۡرِيٕٖ مِّنۡهُمۡ يَوۡمَئِذٖ شَأۡنٞ
يُغۡنِيهِ ٣٧ وُجُوهٞ يَوۡمَئِذٖ مُّسۡفِرَةٞ ٣٨ ضَاحِكَةٞ مُّسۡتَبۡشِرَةٞ ٣٩ وَوُجُوهٞ
يَوۡمَئِذٍ عَلَيۡهَا غَبَرَةٞ ٤٠ تَرۡهَقُهَا قَتَرَةٌ ٤١ أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَفَرَةُ ٱلۡفَجَرَةُ ٤٢

(41) караңгылык ороп алат!
(42) Дал ошолор каапыр, нашүкүр адамдар![3]

## 81-«Таквир» сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) Күн оролуп (нуру жоголуп),
(2) жылдыздар (кыйрап) төгүлүп,
(3) Тоолор (татылган жүн сыяктуу) учурулуп,
(4) курсагында он айлык баласы бар (кымбат баалуу) төөлөр дагы көңүл сыртында калып,[5]

---

[1] Дүйнөлүк –тиричилик жолдорун оңой-жеңил кылды. Ал эми, кааласа диний багытта эң оңой, эң жеңил дин менен Аллахтын ыраазычылыгын таба турган кылды.

[2] Кайдан келди алар?! Кантип жаралды?! Өзү жаратып алдыбы?! Жок! Бардыгы Аллахтын нээматтары!

[3] Алар Раббиси ар канча нээмат – жакшылык берсе да шүкүр кылбай, кайра Аллахтын жолуна каршы чыгышты! Аллах бардыгыбызды ушундай каапырчылыктан сактасын!

[4] Бул сүрө Маккада түшкөн. 29 аяттан турат. “Таквир” сөзүнүн мааниси “оролуу”

[5] Кыямат кыйроосу башталганда адамдардын көзүнө өз жанынан бөлөк эч нерсенин кызыгы калбайт: Арабтардын назарында эң баалуу деп эсептелип, аздектелген жана «Ишаар» (курсагында он айлык баласы бар) деп аталган төөлөр менен дагы эч кимдин иши болбой, кароосуз калат.

آياتها ٢٩ سُورَةُ التَّكْوِيرِ ترتيبها ٨١

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

إِذَا الشَّمْسُ كُوِّرَتْ ﴿١﴾ وَإِذَا النُّجُومُ انكَدَرَتْ ﴿٢﴾ وَإِذَا الْجِبَالُ
سُيِّرَتْ ﴿٣﴾ وَإِذَا الْعِشَارُ عُطِّلَتْ ﴿٤﴾ وَإِذَا الْوُحُوشُ حُشِرَتْ
﴿٥﴾ وَإِذَا الْبِحَارُ سُجِّرَتْ ﴿٦﴾ وَإِذَا النُّفُوسُ زُوِّجَتْ ﴿٧﴾ وَإِذَا
الْمَوْءُودَةُ سُئِلَتْ ﴿٨﴾ بِأَيِّ ذَنبٍ قُتِلَتْ ﴿٩﴾ وَإِذَا الصُّحُفُ نُشِرَتْ
﴿١٠﴾ وَإِذَا السَّمَاءُ كُشِطَتْ ﴿١١﴾ وَإِذَا الْجَحِيمُ سُعِّرَتْ ﴿١٢﴾ وَإِذَا الْجَنَّةُ
أُزْلِفَتْ ﴿١٣﴾ عَلِمَتْ نَفْسٌ مَّا أَحْضَرَتْ ﴿١٤﴾ فَلَا أُقْسِمُ بِالْخُنَّسِ ﴿١٥﴾
الْجَوَارِ الْكُنَّسِ ﴿١٦﴾ وَاللَّيْلِ إِذَا عَسْعَسَ ﴿١٧﴾ وَالصُّبْحِ إِذَا تَنَفَّسَ ﴿١٨﴾
إِنَّهُ لَقَوْلُ رَسُولٍ كَرِيمٍ ﴿١٩﴾ ذِي قُوَّةٍ عِندَ ذِي الْعَرْشِ مَكِينٍ ﴿٢٠﴾ مُّطَاعٍ
ثَمَّ أَمِينٍ ﴿٢١﴾ وَمَا صَاحِبُكُم بِمَجْنُونٍ ﴿٢٢﴾ وَلَقَدْ رَآهُ بِالْأُفُقِ الْمُبِينِ
﴿٢٣﴾ وَمَا هُوَ عَلَى الْغَيْبِ بِضَنِينٍ ﴿٢٤﴾ وَمَا هُوَ بِقَوْلِ شَيْطَانٍ رَّجِيمٍ ﴿٢٥﴾
فَأَيْنَ تَذْهَبُونَ ﴿٢٦﴾ إِنْ هُوَ إِلَّا ذِكْرٌ لِّلْعَالَمِينَ ﴿٢٧﴾ لِمَن شَاءَ مِنكُمْ أَن
يَسْتَقِيمَ ﴿٢٨﴾ وَمَا تَشَاءُونَ إِلَّا أَن يَشَاءَ اللَّهُ رَبُّ الْعَالَمِينَ ﴿٢٩﴾

آياتها ١٩ سُورَةُ الانفِطَارِ ترتيبها ٨٢

5 жапайы айбандар (үркүп, бир жерге) чогулуп,[1]
6 деңиздер жанып – от болуп,
7 жандар бири - бирине коштолуп…[2]
8 Тирүү бойдон көмүп жиберилген бөбөк кыздар суралганда
9 эмне күнөө себептүү өлтүрүлдү(нөр деп)…[3]
10 Жана (бардык адамдарга) амал баракчалары таратылып,
11 асман сыйрып алынганда...
12 жана Тозок (катуу) кыздырылып,
13 Бейиш (ыймандуу адамдарга) жакын алып келингенде…
14 (Ошол күндө бардык) жан (акырет үчүн) эмне алып келгенин билип алат.
15 Жок. Артта кала турган жылдыздарга ант ичип,
16 (аларга) жолдош, көрүнбөгөн жылдыздарга ант ичип,
17 (караңгысы менен) келген түнгө ант ичип,
18 агарган таңга ант ичип (айтамын):
19 Чынында, ал (Кураан) Улуу Элчинин Сөзү![4]
20 Арш Ээсинин[5] алдында (Жибрийлдин) туруктуу урматы бар (жана ал) өтө күч – кубаттуу.
21 Ал жерде (жогорку жамаат арасында) сөзү өтүмдүү (жана) ишенимдүү.
22 (Эй, мушриктер!) Силердин дайым бирге жүргөн шеригиңер (Мухаммад) жинди эмес.
23 Ал чынында аны (Жибрийлди) айкын мейкиндикте көргөн.
24 Жана ал кайыпты (силерден) кызгануучу эмес.[6]
25 Жана ал[7] каргышка жолуккан Шайтандын сөзү да эмес![8]
26 Эми, (чындыктан жүз буруп) кайда бара жатасыңар?!
27 Ал (Кураан) албетте, ааламдар үчүн эскертүү!
28 Силердин араңардан оңолууну каалагандар үчүн (эскертүү!)
29 Жана силер (эй, пенделер) ааламдардын Раббиси каалагандан башканы каалай албайсыңар!

## 82-«Инфитар» сүрөсү[9]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

---

[1] Жаралгандан бери бири-бирине кас болуп келген коен - карышкыр, кабылан-кийик сыяктуу жапайы айбандар ошол күндүн коркунучунан катуу үркүп, бир жерге чогулуп калышат.

[2] Ал эми «жандардын кошулуусун» кээ бир тафсирчилер жандын денелерге кошулуп кайра тирилүүсү деп түшүндүрүшөт.

[3] Жахилия доорунда арабтар эгер кыз перзент көрсө аны тирүү бойдон көмүп салышчу. Ислам келип, бул жапайы жорукту токтоткон.

[4] Бул аяттагы улуу элчи Жибрийл периште. Ал вахий кабарларын Аллахтан кабыл адып, Мухаммадка жеткирген

[5] Аллахтын

[6] Аллах ага кандай гана кайып кабарын билдирсе, бардыгын адамдарга жеткирген. Ошондой эле, кайыптагы Аллахтан келген Дин-Шарияттын бирин калтырбай элдерге жеткирген.

[7] Кураан

[8] Мушриктер «Мухаммадка эч ким сүйлөй албаган сөздөрдү жин-шайтандар үйрөтөт» дешет болчу.

[9] Бул сүрө Маккада түшкөн. 19 аяттан турат. Инфитардын” мааниси “жарылуу”

(1) Асман жарылып,
(2) жылдыздар төгүлүп,
(3) деңиздер (толуп-ташып), бири-бирине кошулганда...
(4) Жана мүрзөлөр оодарылыпганда
(5) (ар-бир) жан (ээси) эмне ишти алып келгенин жана (эмне ишти кечиктирип) калтырганын билип алат.[1]
(6) Эй, (каапыр) инсан! Сени Улук Раббиң жөнүндө (туура ойлонуудан) эмне алдап койду?!
(7) Ал сени жаратып, келбетинди келиштире түздөгөн эле – го!
(8) Ал сени Өзү каалаган сүрөттө калыптандырган!!!
(9) Жок! силер (ойлонуп, моюн сунуунун ордуна) сурак күнүн «жалган» дедиңер!
(10) Чынында, силердин үстүңөрдө (ар бир ишиңерди унутпай) сактоочу периштелер бар!
(11) (Ар бир нерсени) жазып турган улук периштелер бар!
(12) Силердин бардык ишиңерди билип турушат.
(13) Чынында жакшы кишилер нээмат бейиштеринде болушат.[2]
(14) Ал эми, бузуку кишилер тозокто болушат!
(15) Алар Ага (Тозокко) сурак күнүндө ташталат!
(16) жана андан чыга алышпайт!
(17) (Эй, Мухаммад! Биз үйрөтпөсөк) сурак күнү эмне экенин сен кайдан билмексиң?
(18) Анан, сурак күнү эмне экенин сен кайдан билмексиң?[3]
(19) Ал күндө (Аллахтан уруксат болмоюн) эч ким эч кимге эч кандай (пайда) жеткире албайт! Ал күндө бардык иш Аллахтын ыктыярында!

---

[1] Кыяматта Мүрзөлөр оодарылып, ичиндеги өлүктөргө жан киргизилип, жер сыртына чыгарылат жана бардык адамдар энеден туума жылаңач жана жыныстык мүчөлөрү бүтүн («сүннөт» кылынбаган) абалда сот-сурак майданына айдап келинет.

[2] Бул жерде «жакшы кишилер» деп Аллахтын жана адамдардын укугун таанып, аларга кыянат кылбаган жана жаман ойду ойлобогон, жаман иштерди жасабаган кишилерге айтылган. (Саадий)

[3] Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам кайып кабарларын Аллах Тааладан вахий аркылуу кабар келмейинче, өз алдынча билген эмес.

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِذَا ٱلسَّمَآءُ ٱنفَطَرَتۡ ﴿١﴾ وَإِذَا ٱلۡكَوَاكِبُ ٱنتَثَرَتۡ ﴿٢﴾ وَإِذَا ٱلۡبِحَارُ
فُجِّرَتۡ ﴿٣﴾ وَإِذَا ٱلۡقُبُورُ بُعۡثِرَتۡ ﴿٤﴾ عَلِمَتۡ نَفۡسٞ مَّا قَدَّمَتۡ
وَأَخَّرَتۡ ﴿٥﴾ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡإِنسَٰنُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ ٱلۡكَرِيمِ ﴿٦﴾ ٱلَّذِي
خَلَقَكَ فَسَوَّىٰكَ فَعَدَلَكَ ﴿٧﴾ فِيٓ أَيِّ صُورَةٖ مَّا شَآءَ رَكَّبَكَ ﴿٨﴾
كَلَّا بَلۡ تُكَذِّبُونَ بِٱلدِّينِ ﴿٩﴾ وَإِنَّ عَلَيۡكُمۡ لَحَٰفِظِينَ ﴿١٠﴾ كِرَامٗا
كَٰتِبِينَ ﴿١١﴾ يَعۡلَمُونَ مَا تَفۡعَلُونَ ﴿١٢﴾ إِنَّ ٱلۡأَبۡرَارَ لَفِي نَعِيمٖ ﴿١٣﴾ وَإِنَّ
ٱلۡفُجَّارَ لَفِي جَحِيمٖ ﴿١٤﴾ يَصۡلَوۡنَهَا يَوۡمَ ٱلدِّينِ ﴿١٥﴾ وَمَا هُمۡ عَنۡهَا بِغَآئِبِينَ
﴿١٦﴾ وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا يَوۡمُ ٱلدِّينِ ﴿١٧﴾ ثُمَّ مَآ أَدۡرَىٰكَ مَا يَوۡمُ ٱلدِّينِ
﴿١٨﴾ يَوۡمَ لَا تَمۡلِكُ نَفۡسٞ لِّنَفۡسٖ شَيۡـٔٗاۖ وَٱلۡأَمۡرُ يَوۡمَئِذٖ لِّلَّهِ ﴿١٩﴾

سُورَةُ المُطَفِّفِين — ترتيبها ٨٣ — آياتها ٣٦

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَيۡلٞ لِّلۡمُطَفِّفِينَ ﴿١﴾ ٱلَّذِينَ إِذَا ٱكۡتَالُواْ عَلَى ٱلنَّاسِ يَسۡتَوۡفُونَ ﴿٢﴾
وَإِذَا كَالُوهُمۡ أَو وَّزَنُوهُمۡ يُخۡسِرُونَ ﴿٣﴾ أَلَا يَظُنُّ أُوْلَٰٓئِكَ أَنَّهُم
مَّبۡعُوثُونَ ﴿٤﴾ لِيَوۡمٍ عَظِيمٖ ﴿٥﴾ يَوۡمَ يَقُومُ ٱلنَّاسُ لِرَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ﴿٦﴾

# 83-«Мутаффифийн» сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) Таразадан алдагандарга чоң азап болсун!
(2) Алар адамдардан (бир нерсени) өлчөтүп (же тарттырып) алган кезде толтура- толтура алышат дагы…
(3) өздөрү бирөөлөргө өлчөп же тартып бергенде кемитип беришет.
(4) Алар кайра тирилүүлөрүн ойлонушпайт бекен?
(5) Улуу Күн – Кыяматта!
(6) Ал күндө (бардык) адамдар ааламдардын Раббисинин алдында (эсеп-китеп үчүн) тикесинен туруп калышат!
(7) Жок! Бузукбаштардын амал китептери «Сижжийнде» экени анык!
(8) (Эй, Мухаммад!) сен «Сижжийн» эмне

---

[4] Бул сүрө Маккада түшкөн. 36 аяттан турат. “Мутаффифийн” деген сөздүн мааниси “таразадан алдагандар”.

كَلَّآ إِنَّ كِتَٰبَ ٱلْفُجَّارِ لَفِى سِجِّينٍ ٧ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا سِجِّينٌ ٨ كِتَٰبٌ
مَّرْقُومٌ ٩ وَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِّلْمُكَذِّبِينَ ١٠ ٱلَّذِينَ يُكَذِّبُونَ بِيَوْمِ ٱلدِّينِ ١١
وَمَا يُكَذِّبُ بِهِۦٓ إِلَّا كُلُّ مُعْتَدٍ أَثِيمٍ ١٢ إِذَا تُتْلَىٰ عَلَيْهِ ءَايَٰتُنَا قَالَ أَسَٰطِيرُ
ٱلْأَوَّلِينَ ١٣ كَلَّا ۖ بَلْ ۜ رَانَ عَلَىٰ قُلُوبِهِم مَّا كَانُوا۟ يَكْسِبُونَ ١٤ كَلَّآ إِنَّهُمْ
عَن رَّبِّهِمْ يَوْمَئِذٍ لَّمَحْجُوبُونَ ١٥ ثُمَّ إِنَّهُمْ لَصَالُوا۟ ٱلْجَحِيمِ ١٦ ثُمَّ يُقَالُ
هَٰذَا ٱلَّذِى كُنتُم بِهِۦ تُكَذِّبُونَ ١٧ كَلَّآ إِنَّ كِتَٰبَ ٱلْأَبْرَارِ لَفِى عِلِّيِّينَ
١٨ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا عِلِّيُّونَ ١٩ كِتَٰبٌ مَّرْقُومٌ ٢٠ يَشْهَدُهُ ٱلْمُقَرَّبُونَ
٢١ إِنَّ ٱلْأَبْرَارَ لَفِى نَعِيمٍ ٢٢ عَلَى ٱلْأَرَآئِكِ يَنظُرُونَ ٢٣ تَعْرِفُ فِى
وُجُوهِهِمْ نَضْرَةَ ٱلنَّعِيمِ ٢٤ يُسْقَوْنَ مِن رَّحِيقٍ مَّخْتُومٍ ٢٥
خِتَٰمُهُۥ مِسْكٌ ۚ وَفِى ذَٰلِكَ فَلْيَتَنَافَسِ ٱلْمُتَنَٰفِسُونَ ٢٦ وَمِزَاجُهُۥ
مِن تَسْنِيمٍ ٢٧ عَيْنًا يَشْرَبُ بِهَا ٱلْمُقَرَّبُونَ ٢٨ إِنَّ ٱلَّذِينَ
أَجْرَمُوا۟ كَانُوا۟ مِنَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ يَضْحَكُونَ ٢٩ وَإِذَا مَرُّوا۟ بِهِمْ
يَتَغَامَزُونَ ٣٠ وَإِذَا ٱنقَلَبُوٓا۟ إِلَىٰٓ أَهْلِهِمُ ٱنقَلَبُوا۟ فَكِهِينَ ٣١
وَإِذَا رَأَوْهُمْ قَالُوٓا۟ إِنَّ هَٰٓؤُلَآءِ لَضَآلُّونَ ٣٢ وَمَآ أُرْسِلُوا۟ عَلَيْهِمْ
حَٰفِظِينَ ٣٣ فَٱلْيَوْمَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ مِنَ ٱلْكُفَّارِ يَضْحَكُونَ ٣٤

экенин билбейсиң! [1]

9 Ал – жазылган китеп.

10 Ал (Кыямат) күндө (аны) жалган дегендерге чоң азап берилет!

11 Алар сурак күндү жалган дегендер.

12 Ал күндү ар бир чектен чыккан, күнөөгө баткан (каапыр) пенделер «жалган» дешет.

13 А(лар)га Биздин аяттарыбыз окулуп берилген кезде «(бул) - байыркылардын жөө жомогу» дешет.

14 Жок, тетирисинче, жасаган (күнөө) иштери жүрөктөрүн ороп алган.[2]

15 Чынында, ошол (кыямат) күндө алар Раббилеринен тосулган болушат.[3]

16 Андан соң, алар тозокко ташталышат.

17 Кийин аларга: «силер аны «жалган» деген нерсе (тозок) ушул!» деп айтылат.

18 Чынында, жакшы пенделердин китептери[4] «Иллийюнда».

19 (Эй, Мухаммад!) Сен «Иллийюн» эмне экенин билбейсиң.[5]

20 (Ал) жазылган китеп.

21 Аны (Аллахка) жакын болгондор (периштелер) көрүп турат.

22 Жакшы[6] пенделер «Наим» (деп аталган) бейиштерде.

23 Сөрүлөрдүн үстүндө (бейиш нээматтарына жана жаратকандын жамалына) карап отурушат.

24 Сен алардын жүздөрүнөн «Наим» бейишинин кубаныч-таасирин көрө аласың.

25 Аларга (мас кылуу кесепетинен) сакталган таттуу шараптар ичирилет.

26 Ал шараптын сактагычы - «миск»[7]. Эми, ушул нерсе үчүн жарышкандар жарышсын!

27 Ал шараптын (дагы бир) аралашмасы «таснимден»

28 (Тасним - бул) Аллахка эң жакын болгон пенделер гана иче ала турган булак.

29 Ал эми, күнөөкер адамдар (бул дүйнөдө) ыймандуу кишилердин үстүнөн күлгөн.

30 Качан (ыймандуулар) алардын жанынан өтүп калса, (бири-бирине) ымдап көргөзүп, шылдыңдашкан.

---

[1] “Сижжийн” – бул жети кабат жердин түбүндөгү өтө тар, кысылган, караңгы орун. Таразадан урган кыянатчылардын рухтары (жандары) жана амал китептери ошол жерде сакталат.

[2] Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: “Эгер пенде бир күнөө иш жасаса, жүрөгүнө чекиттей кара так орноп калат. Ошондо, эгер Аллах Тааладан кечирим сурап, тооба кылса жүрөгү тазаланат. Эгерде күнөө ишин улантчу болсо, ал кара так чоңоюп-чоңоюп олтуруп, бүт жүрөгүн ороп калат” (Куртубий)

[3] Кыяматта үч түрлүү азап бар: биринчиси: от-тозок азабы, экинчиси: жемелеп, сөгүш берүү азабы, үчүнчүсү Аллахтын жүзүн көрүүдөн бей насип калуу азабы.

[4] Амал баракчалары

[5] «Иллийюн» - бул Сижжийндин тескериси. Эгер Сижжийн жети кабат жердин түбүндө болсо, Иллийюн жогорку бейиштердеги орун. Ал жерде бейиши болгон пенделердин амал китептери сакталат.

[6] Ыймандуу

[7] «Миск» - бул жыпар жыты өтө күчтүү болгон нерсе. Ошол нерсени шарапка аралаштыруу менен анын жыты сакталып, мас кылуучу касиети жоготулат.

(31) Үй-бүлөсүнө кайтканда (мыскылдагандан ырахат алып) шат- курсант кайтышкан.
(32) Эгер аларды көрүп калса, «булар-адашкандар» деп айтышкан.
(33) Алар (каапырлар) аларга (ыймандууларга) кароолчу кылып жиберилбеген-го!
(34) Эми, ал (Кыямат) күндө болсо, ыйман келтиргендер каапырлардын үстүнөн күлүшөт
(35) (жана) сөрүлөрдүн үстүндө (бейиш нээматтарына) карап (жыргап) отурушат.
(36) Каапырлар жасаган (күнөө) иштерине сооп алмак беле?!

## 84-«Иншикак» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

(1) Капыстан асман жарылып кетти!
(2) Ал Раббисине моюн сунган эле жана (моюн сунушу) акыйкат болчу!
(3) Жана жер (дагы) күтүлбөгөндө (силкине-силкине) созулуп,
(4) ичиндеги нерселерин (төрөгөн сыяктуу) чыгарып, бошонуп калды!
(5) Ал дагы Раббисине моюн сунган эле жана (ушундай болушу) акыйкат болчу![2]
(6) Эй, инсан! Сен Раббиңе (жолугуу үчүн соопту же күнөөлүү иштер менен) түйшөлүп, акырында Ага жолуктуң.[3]
(7) Кимдин (амал) китеби оң тарабынан берилсе,
(8) ал жакында өтө жеңил суралат
(9) жана (бейиштеги) үй-бүлөсүнө сүйүнгөн бойдон кайтып келет.
(10) Ал эми, кимдин (амал) китеби аркасынан берилсе
(11) тез эле (өзүнө) өлүм чакырып,
(12) тозокко ташталат!
(13) Чынында, ал (дүйнө жашоосунда) үй-бүлөсүнүн ичинде шат-курсант болчу.

عَلَى ٱلْأَرَآئِكِ يَنظُرُونَ ﴿٣٥﴾ هَلْ ثُوِّبَ ٱلْكُفَّارُ مَا كَانُوا۟ يَفْعَلُونَ ﴿٣٦﴾

ترتيبها ٨٤ — سُورَةُ ٱلِانشِقَاقِ — آياتها ٢٥

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِذَا ٱلسَّمَآءُ ٱنشَقَّتْ ﴿١﴾ وَأَذِنَتْ لِرَبِّهَا وَحُقَّتْ ﴿٢﴾ وَإِذَا ٱلْأَرْضُ مُدَّتْ
﴿٣﴾ وَأَلْقَتْ مَا فِيهَا وَتَخَلَّتْ ﴿٤﴾ وَأَذِنَتْ لِرَبِّهَا وَحُقَّتْ ﴿٥﴾ يَٰٓأَيُّهَا
ٱلْإِنسَٰنُ إِنَّكَ كَادِحٌ إِلَىٰ رَبِّكَ كَدْحًا فَمُلَٰقِيهِ ﴿٦﴾ فَأَمَّا مَنْ أُوتِىَ
كِتَٰبَهُۥ بِيَمِينِهِۦ ﴿٧﴾ فَسَوْفَ يُحَاسَبُ حِسَابًا يَسِيرًا ﴿٨﴾ وَيَنقَلِبُ
إِلَىٰٓ أَهْلِهِۦ مَسْرُورًا ﴿٩﴾ وَأَمَّا مَنْ أُوتِىَ كِتَٰبَهُۥ وَرَآءَ ظَهْرِهِۦ ﴿١٠﴾ فَسَوْفَ
يَدْعُوا۟ ثُبُورًا ﴿١١﴾ وَيَصْلَىٰ سَعِيرًا ﴿١٢﴾ إِنَّهُۥ كَانَ فِىٓ أَهْلِهِۦ مَسْرُورًا ﴿١٣﴾
إِنَّهُۥ ظَنَّ أَن لَّن يَحُورَ ﴿١٤﴾ بَلَىٰٓ إِنَّ رَبَّهُۥ كَانَ بِهِۦ بَصِيرًا ﴿١٥﴾ فَلَآ أُقْسِمُ
بِٱلشَّفَقِ ﴿١٦﴾ وَٱلَّيْلِ وَمَا وَسَقَ ﴿١٧﴾ وَٱلْقَمَرِ إِذَا ٱتَّسَقَ ﴿١٨﴾
لَتَرْكَبُنَّ طَبَقًا عَن طَبَقٍ ﴿١٩﴾ فَمَا لَهُمْ لَا يُؤْمِنُونَ ﴿٢٠﴾ وَإِذَا قُرِئَ
عَلَيْهِمُ ٱلْقُرْءَانُ لَا يَسْجُدُونَ ۩ ﴿٢١﴾ بَلِ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ يُكَذِّبُونَ
﴿٢٢﴾ وَٱللَّهُ أَعْلَمُ بِمَا يُوعُونَ ﴿٢٣﴾ فَبَشِّرْهُم بِعَذَابٍ أَلِيمٍ ﴿٢٤﴾
إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَهُمْ أَجْرٌ غَيْرُ مَمْنُونٍۭ ﴿٢٥﴾

(14) Чынында, ал өзүн эч качан (Раббисине) кайтпагандай сезчү.
(15) Жок! Андай эмес! (Ал раббисине кайтып барат!) Акыйкатта, Раббиси аны көрүп турган!
(16) Мен (күн батып бараткандагы) күүгүмгө ант ичип,
(17) түнгө, жана да түн өз койнуна алган (бардык) нерсеге ант ичип...
(18) Жана толгон кездеги (толун) айга ант ичип (айтамын):
(19) (Эй, инсандар!) силер аныгында, баскычтан баскычка минесиңер![4]
(20) Аларга эмне болду, ыйман келтирбей жатышат?!

---

[1] Маккада түшкөн. 25 аяттан турат. “Иншикатын” мааниси “жарылуу”

[2] Жер мүрзөдөгү өлүктөр менен кен-байлыктарын чыгарып, созулган сыяктуу теп-тегиз жалаңдыкка айланат. Тоо-таштар күкүм болуп, тегизделип калат. Мүрзөлөрдөн тирилип, суурулуп чыккан инсандар Раббисине жолугуу үчүн сот-сурак майданына айдалат.

[3] Эми алар сообу көп болсо Раббисинен пазилет-сыйлык алышат, күнөөсү көп болсо, азап-жаза алышат. Ал жерде аларга амал китептери таратылып берилет.

[4] Бардык инсан ата-энесин бел сууларынын аралашмасы - нутфа баскычынан коюуу кан, бир тиштем эт, сөөк, ымыркай баскычын «минип-өтүп» төрөлгөн. Анан бөбөктүк, балалык, өспүрүмдүк, жигиттик, кишилик, картаңдык баскычтарын басып өтүп мүрзөгө келип кайра топуракка айланат.(Саадий)


ترتيبها ٨٥ — سُورَةُ ٱلْبُرُوجِ — آياتها ٢٢

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلسَّمَآءِ ذَاتِ ٱلْبُرُوجِ ﴿١﴾ وَٱلْيَوْمِ ٱلْمَوْعُودِ ﴿٢﴾ وَشَاهِدٍ وَمَشْهُودٍ
﴿٣﴾ قُتِلَ أَصْحَٰبُ ٱلْأُخْدُودِ ﴿٤﴾ ٱلنَّارِ ذَاتِ ٱلْوَقُودِ ﴿٥﴾ إِذْ هُمْ عَلَيْهَا
قُعُودٌ ﴿٦﴾ وَهُمْ عَلَىٰ مَا يَفْعَلُونَ بِٱلْمُؤْمِنِينَ شُهُودٌ ﴿٧﴾ وَمَا نَقَمُوا۟
مِنْهُمْ إِلَّآ أَن يُؤْمِنُوا۟ بِٱللَّهِ ٱلْعَزِيزِ ٱلْحَمِيدِ ﴿٨﴾ ٱلَّذِى لَهُۥ مُلْكُ
ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ ۚ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ شَهِيدٌ ﴿٩﴾ إِنَّ ٱلَّذِينَ
فَتَنُوا۟ ٱلْمُؤْمِنِينَ وَٱلْمُؤْمِنَٰتِ ثُمَّ لَمْ يَتُوبُوا۟ فَلَهُمْ عَذَابُ جَهَنَّمَ وَلَهُمْ
عَذَابُ ٱلْحَرِيقِ ﴿١٠﴾ إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَهُمْ
جَنَّٰتٌ تَجْرِى مِن تَحْتِهَا ٱلْأَنْهَٰرُ ۚ ذَٰلِكَ ٱلْفَوْزُ ٱلْكَبِيرُ ﴿١١﴾ إِنَّ بَطْشَ
رَبِّكَ لَشَدِيدٌ ﴿١٢﴾ إِنَّهُۥ هُوَ يُبْدِئُ وَيُعِيدُ ﴿١٣﴾ وَهُوَ ٱلْغَفُورُ ٱلْوَدُودُ ﴿١٤﴾
ذُو ٱلْعَرْشِ ٱلْمَجِيدُ ﴿١٥﴾ فَعَّالٌ لِّمَا يُرِيدُ ﴿١٦﴾ هَلْ أَتَىٰكَ حَدِيثُ ٱلْجُنُودِ
﴿١٧﴾ فِرْعَوْنَ وَثَمُودَ ﴿١٨﴾ بَلِ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ فِى تَكْذِيبٍ ﴿١٩﴾ وَٱللَّهُ مِن
وَرَآئِهِم مُّحِيطٌۢ ﴿٢٠﴾ بَلْ هُوَ قُرْءَانٌ مَّجِيدٌ ﴿٢١﴾ فِى لَوْحٍ مَّحْفُوظٍۭ ﴿٢٢﴾

ترتيبها ٨٦ — سُورَةُ ٱلطَّارِقِ — آياتها ١٧

21 Жана эгер аларга Кураан окуп берилчү болсо, сажда кылышпайт?![1]
22 Тескерисинче, каапыр болгон пенделер (кайра тирилүүнү) «жалган» дешет!
23 Бирок, алар ичине эмне жашырганын Аллах эң жакшы билет.
24 (Эй, Мухаммад!) сен аларга жан ооруткан азаптын кабарын бер!
25 А бирок, ыйман келтирип, жакшы (сооп) иштерди жасагандар(га бейишти сүйүнчүлө). Алар үчүн түгөнгүс сыйлыктар бар!

## 85-«Буруж» сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Мен топжылдыздар мекени – асманга ант ичип,
2 Убада кылынган (Кыямат) күнгө ант ичип...

[1] Бул аят сажда аяты болуп, аны окугандарга жана уккандарга отурган эле жеринде бир жолу сажда кылуу ваажып болот.

[2] Бул сүрө Маккада түшкөн. 22 аяттан турат. “Буруж” деп топжылдыздар түркүмүнө айтылат.

3 (Ошол күнгө) күбө болгондорго жана күбө болунган(окуялар)га ант ичип (айтамын):
4 Чуңкур ээлерине – өлүм болсун![3]
5 (Ал чуңкур) отундуу жалын!
6 Ошондо, алар (отко ыргытылган ыймандуулардын күйгөнүнөн ырахат алып) чуңкурдун жээгинде олтурушкан!
7 Алар ыймандууларга (желдеттери) жасап жаткан (азаптуу) иштерге күбө болуп турушкан!
8 (Каапырлар) аларды Жеңүүчү, мактоого арзыган Аллахка ыйман келтиргендери үчүн гана азапка салышты![4]
9 Ал асмандар жана жер мүлкүнүн (жалгыз) Ээси! Аллах ар бир нерсеге күбө болуп турат!
10 Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды динден кайтарууга аракеттенип, андан кийин тооба кылбаган адамдарга тозок азабы бар! Жана аларга күйдүрүүчү азап бар!
11 Ал эми, (Аллага, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга, акырет күнгө, жана жакшы-жаман тагдырга) ыйман келтирип, жакшы амал жасаган пенделер үчүн түбүнөн дарялар аккан бейиштер бар! Бул – чоң ийгилик!
12 Чынында, Раббиңдин (азап менен) кармашы аябай катуу!
13 Бир Өзү гана жоктон бар кылат жана (Кыяматта жашоону) кайра жаратат.
14 Ал – Кечиримдүү, (жана) Вадууд![5]
15 (Ал) Арштын Кожоюну (жана) Улуу!
16 Каалаган нерсесин жасоочу!
17 (Эй, Мухаммад) сага (Мусанын изинен кууган) аскерлердин,
18 Фираундун жана Самуд коомунун

[3] Бул чуңкурду байыркы заманда жашаган каапыр адамдар өздөрүнүн көпкудайлык динине баш ийбей, жалгыз Аллах Таалага ибадат кылган ыймандууларды жазалаш үчүн даярдаган. Ал кандай чуңкур болгонун кийинки аяттан билип алабыз.

[4] Жалгыз Аллахка ыйман келтирген момундарды чуңкурдун жээгине алып келип “ыйманыңдан кайт!” деп талап коюшкан. Ыймандан кайтпагандарды жалындуу чуңкурга ыргытып жиберишкен.

[5] Өзүнө моюн сунгандарды сүйүүчү жана Өзү дагы ыймандуулар тарабынан өтө катуу сүйүлгөн

(аянычтуу) кабары келди беле?[1]

19 Жок, каапырлар (дагы эле, Курааны жана кайра тирилүүнү) «жалган» дешүүдө.

20 Аллах болсо, алардын (бардык иштерин) камтып-билип турат.

21 Аныгында ал-Улуу Кураан! *(Каапырлар миң ирет «жалган» десе да кадыр-баркы төмөндөбөйт. Себеби, ал:)*

22 Лавхул- Махфузда!

## 86-«Таарик» сүрөсү[2]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Мен Асманга жана түндөсү келүүчүгө ант ичемин.

2 (Эй, Мухаммад) сен түндөсү келүүчү (Таарик) эмне экенин билбейсиң.

3 Ал (нуру менен караңгылыкты) тешүүчү жылдыз.

4 Бардык адам(дар)дын үстүндө сактоочу периште бар.

5 Эми, инсан өзүнүн эмнеден жаралганына байкоо салсын!

6 Атырылган (арам) суудан жаратылган.

7 (Ал суу) омуртка жана көкүрөк кабынын арасынан (бөлүнүп) чыгат.

8 Ал (Аллах) аны (экинчи ирет дагы жашоого) кайтарууга кудуреттүү![3]

9 Сырлар ашкереленген (кыямат) күндө.

10 (Ал күндө) ага эч бир кудурет, эч бир жардам берүүчү болбойт.[4]

11 Асманга ант, кайра-кайра жааган жамгырлуу!

12 Жерге ант жарып чыккан өсүмдүктүү:

13 Ал[5] аныгында (акыйкат менен жалганды) ажыратуучу Сөз!

14 Азил-тамаша (сөз) эмес!

---

[1] Ооба, келген. Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам ал окуяларды Макка мушриктерине сабак болоор деп окуп да берген. Бирок, алар ыйманга келиштиби?

[2] Маккада түшкөн. 17 аяттан турат.

[3] Бир тамчы арам суудан сонун келбеттүү адамды жараткан Аллах Таала чирип топурак болгон денелерди кайрадан жаратып алууга албетте кудуреттүү.

[4] Бул дүйнөдө инсан кылмыш жасаса акчанын, тааныштын жана абройюнун кудурети менен жазадан кутулуп кете алат. Акыретте-чи? Анда ал тек гана Аллахтын өкүмү астында болот

[5] Кураан

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلسَّمَآءِ وَٱلطَّارِقِ ﴿١﴾ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا ٱلطَّارِقُ ﴿٢﴾ ٱلنَّجْمُ ٱلثَّاقِبُ ﴿٣﴾ إِن كُلُّ
نَفْسٍ لَّمَّا عَلَيْهَا حَافِظٌ ﴿٤﴾ فَلْيَنظُرِ ٱلْإِنسَٰنُ مِمَّ خُلِقَ ﴿٥﴾ خُلِقَ مِن مَّآءٍ
دَافِقٍ ﴿٦﴾ يَخْرُجُ مِنۢ بَيْنِ ٱلصُّلْبِ وَٱلتَّرَآئِبِ ﴿٧﴾ إِنَّهُۥ عَلَىٰ رَجْعِهِۦ لَقَادِرٌ ﴿٨﴾
يَوْمَ تُبْلَى ٱلسَّرَآئِرُ ﴿٩﴾ فَمَا لَهُۥ مِن قُوَّةٍ وَلَا نَاصِرٍ ﴿١٠﴾ وَٱلسَّمَآءِ ذَاتِ ٱلرَّجْعِ ﴿١١﴾
وَٱلْأَرْضِ ذَاتِ ٱلصَّدْعِ ﴿١٢﴾ إِنَّهُۥ لَقَوْلٌ فَصْلٌ ﴿١٣﴾ وَمَا هُوَ بِٱلْهَزْلِ ﴿١٤﴾ إِنَّهُمْ
يَكِيدُونَ كَيْدًا ﴿١٥﴾ وَأَكِيدُ كَيْدًا ﴿١٦﴾ فَمَهِّلِ ٱلْكَٰفِرِينَ أَمْهِلْهُمْ رُوَيْدًۢا ﴿١٧﴾

ترتيبها ٨٧ — سُورَةُ الأَعْلَىٰ — آياتها ١٩

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

سَبِّحِ ٱسْمَ رَبِّكَ ٱلْأَعْلَى ﴿١﴾ ٱلَّذِى خَلَقَ فَسَوَّىٰ ﴿٢﴾ وَٱلَّذِى قَدَّرَ فَهَدَىٰ
﴿٣﴾ وَٱلَّذِىٓ أَخْرَجَ ٱلْمَرْعَىٰ ﴿٤﴾ فَجَعَلَهُۥ غُثَآءً أَحْوَىٰ ﴿٥﴾ سَنُقْرِئُكَ
فَلَا تَنسَىٰٓ ﴿٦﴾ إِلَّا مَا شَآءَ ٱللَّهُ ۚ إِنَّهُۥ يَعْلَمُ ٱلْجَهْرَ وَمَا يَخْفَىٰ ﴿٧﴾ وَنُيَسِّرُكَ
لِلْيُسْرَىٰ ﴿٨﴾ فَذَكِّرْ إِن نَّفَعَتِ ٱلذِّكْرَىٰ ﴿٩﴾ سَيَذَّكَّرُ مَن يَخْشَىٰ ﴿١٠﴾
وَيَتَجَنَّبُهَا ٱلْأَشْقَى ﴿١١﴾ ٱلَّذِى يَصْلَى ٱلنَّارَ ٱلْكُبْرَىٰ ﴿١٢﴾ ثُمَّ لَا يَمُوتُ
فِيهَا وَلَا يَحْيَىٰ ﴿١٣﴾ قَدْ أَفْلَحَ مَن تَزَكَّىٰ ﴿١٤﴾ وَذَكَرَ ٱسْمَ رَبِّهِۦ فَصَلَّىٰ ﴿١٥﴾

15 Алар (каапырлар динге каршы) айла амалдарды жасашат.

16 Мен дагы амалкерлик кыламын.

17 Эми, сен (эй, Мухаммад) каапырларды кое тур. Аларга бир аз гана мөөнөт бере тур.[6]

## 87-«Аьлаа» сүрөсү[7]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Эң жогорку Раббиңдин ысымын (бардык кемчилдиктүү сыпаттардан) аруула!

2 Ал (бүт ааламдарды) жараткан жана теңсалмактуу кылган.

3 Жана (ааламдардагы жандуу-жансыз нерселердин өмүрүн, тагдырын) өлчөп-

---

[6] Каапырлар айлакерлик жасашат. Аллах алардан амалдуурак: же ошол учурдун өзүндө жазалайт же болбосо, аларга дагы эле кенен ырыскы, узун өмүр - мөөнөт берет. Алар көөп, күнөө үстүнө күнөө жасап, тозок азабына дагы да көбүрөөк ылайык болушат.

[7] Маккада түшкөн. 19 аяттан турат. “Аьлаа” “эң жогорку” деген мааниде.

بَلْ تُؤْثِرُونَ ٱلْحَيَوٰةَ ٱلدُّنْيَا ﴿١٦﴾ وَٱلْـَٔاخِرَةُ خَيْرٌ وَأَبْقَىٰٓ ﴿١٧﴾ إِنَّ
هَـٰذَا لَفِى ٱلصُّحُفِ ٱلْأُولَىٰ ﴿١٨﴾ صُحُفِ إِبْرَٰهِيمَ وَمُوسَىٰ ﴿١٩﴾

سُورَةُ الغَاشِيَةِ
ترتيبها ٨٨ — آياتها ٢٦

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَـٰنِ ٱلرَّحِيمِ

هَلْ أَتَىٰكَ حَدِيثُ ٱلْغَـٰشِيَةِ ﴿١﴾ وُجُوهٌ يَوْمَئِذٍ خَـٰشِعَةٌ ﴿٢﴾
عَامِلَةٌ نَّاصِبَةٌ ﴿٣﴾ تَصْلَىٰ نَارًا حَامِيَةً ﴿٤﴾ تُسْقَىٰ مِنْ عَيْنٍ ءَانِيَةٍ ﴿٥﴾
لَّيْسَ لَهُمْ طَعَامٌ إِلَّا مِن ضَرِيعٍ ﴿٦﴾ لَّا يُسْمِنُ وَلَا يُغْنِى مِن جُوعٍ ﴿٧﴾
وُجُوهٌ يَوْمَئِذٍ نَّاعِمَةٌ ﴿٨﴾ لِّسَعْيِهَا رَاضِيَةٌ ﴿٩﴾ فِى جَنَّةٍ عَالِيَةٍ ﴿١٠﴾
لَّا تَسْمَعُ فِيهَا لَـٰغِيَةً ﴿١١﴾ فِيهَا عَيْنٌ جَارِيَةٌ ﴿١٢﴾ فِيهَا سُرُرٌ مَّرْفُوعَةٌ ﴿١٣﴾
وَأَكْوَابٌ مَّوْضُوعَةٌ ﴿١٤﴾ وَنَمَارِقُ مَصْفُوفَةٌ ﴿١٥﴾ وَزَرَابِىُّ مَبْثُوثَةٌ ﴿١٦﴾
أَفَلَا يَنظُرُونَ إِلَى ٱلْإِبِلِ كَيْفَ خُلِقَتْ ﴿١٧﴾ وَإِلَى ٱلسَّمَآءِ كَيْفَ
رُفِعَتْ ﴿١٨﴾ وَإِلَى ٱلْجِبَالِ كَيْفَ نُصِبَتْ ﴿١٩﴾ وَإِلَى ٱلْأَرْضِ كَيْفَ
سُطِحَتْ ﴿٢٠﴾ فَذَكِّرْ إِنَّمَآ أَنتَ مُذَكِّرٌ ﴿٢١﴾ لَّسْتَ عَلَيْهِم
بِمُصَيْطِرٍ ﴿٢٢﴾ إِلَّا مَن تَوَلَّىٰ وَكَفَرَ ﴿٢٣﴾ فَيُعَذِّبُهُ ٱللَّهُ ٱلْعَذَابَ
ٱلْأَكْبَرَ ﴿٢٤﴾ إِنَّ إِلَيْنَآ إِيَابَهُمْ ﴿٢٥﴾ ثُمَّ إِنَّ عَلَيْنَا حِسَابَهُم ﴿٢٦﴾

белгилеп, (ар бирине өзгөчө касиеттер берип, жашоо жолуна) багыттаган.

4 Ал (эрте жазда жерден ар түрдүү өсүмдүктү чыгарып,

5 андан соң (кеч күздө) карарган чөп кылып койот.

6 (Эй, Мухаммад) Биз сага (Кураанды) окутабыз. Анан сен эч унутпайсың.

7 Бирок, Аллах (унуттурууну) каалаган нерселерди гана унутасың. Ал чынында, ашкере жана купуя нерселерди билет.

8 Жана Биз сага оңой жолду жеңил кылып беребиз.[1]

9 Эми, насаат пайда берсе (адамдарга Кураан менен) насаат айткын.

10 (Насаатты) Аллахтан корккон адамдар гана эсине алышат.

[1] Аяттагы "оңой жол" – бул Ислам дини. Ислам дини диндердин арасындагы эң жеңил, эң оңой дин. Аны үйрөнүү да, үйрөтүү да, аны менен жашоо да жеңил. Анын ибадаттары да жеңил.

11 Шордуу адам болсо андан качат.

12 Ал эбегейсиз чоң отко кире турган киши.

13 Ал анын (тозоктун) ичинде же өлалбайт же жашай албайт![2]

14 Ким (ыйман менен) тазарган болсо, ал ийгиликке жетти!

15 Жана Раббисинин ысымын эскерип, намаз окуса (ийгиликке жетти)

16 Силер (эй, каапырлар!) дүйнө жашоосун (Акыреттен) жогору койосуңар!

17 Бирок, Акырет (жашоосу) жакшы жана түбөлүк!

18 Чынында, бул (айтылгандар) абалкы сахипаларда дагы бар эле.

19 Ибрахимдин жана Мусанын сахипаларында.

## 88-«Гаашия» сүрөсү[3]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 (Эй, Мухаммад!) сага Ороп алуучунун кабары келдиби?[4]

2 Ал Күндө (каапыр) жүздөр коркууда(н кубарып, жер карайт.)

3 (Тозоктогу кишендерден) чарчаган, кыйналган абалда...

4 кызып турган отко кирет!

5 (Аларга) кайнаган булактан суу ичирилет!

6 Алар үчүн (тозокто) тикенден башка тамак жок![5]

7 (Ал) семиртпейт жана тойдурбайт!

8 Ал күндө (ыймандуу) жүздөр шат – куунак!

9 (Бул дүйнөдөгү адал, сооп) иш – аракеттерине ыраазы!

10 Жогорку Бейиште!

11 Анда маанисиз сөздөрдү укпайт.

[2] Азаптын катуулугунан "ушунан көрө өлгөнүм жакшы эле!" деп, өлүмдү самайт. Бирок, бул мүмкүн эмес. Жазасын тартыш керек. Ал эми, ал жашаган жашоону жашоо деп болобу?! "Же жашай албайт" дегени – ушул.

[3] Маккада түшкөн. 26 аяттан турат. "Гаашиянын" мааниси "Ороп алуучу"

[4] "Ороп алуучу" – бул Кыямат окуясы. Анткени, Кыямат окуясы башталганда ааламдык кыйроолор жана башка дүрбөлөңдүү алааматтар себептүү бардык жан-жаныбарларды чоң коркуунуч ороп калат. Айрыкча каапырлар катуу коркушат. Себеби, алар бул күнгө ишенишпеген эле. Кийинки аяттар ошол күндөгү каапырлардын абалы жөнүндө.

[5] Бул тикен "зарийь" деп аталат.

12 Анда агып турган булактар,
13 бийик-бийик сөрүлөр,
14 (ичишке даярдап) коюлган чөйчөктөр,
15 сап-сап тизилген жаздыктар
16 жана төшөлгөн килемдер бар!
17 Алар[1] карашпайбы, төөнүн кандай жаратылганына?!
18 Асмандын кандай көтөрүп коюлганына..,
19 Тоолордун кандай сайып коюлганына..,[2]
20 Жана жердин кандай жайып коюлганына?[3]
21 (Эй, Мухаммад) эскерткин! Анткени, сен эскертүүчүсүң![4]
22 Сен аларга үстөмдүк кылуучу эмессиң!
23 Бирок, ким жүз бурса жана каапыр болсо,
24 аны Аллах чоң азапка салат!
25 Алар (өлгөндөн соң) Бизге кайтышат.
26 Кийин алар менен Өзүбүз эсептешип алабыз!

## 89-«Фажр» сүрөсү[5]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Таңга ант!
2 Он түнгө ант!
3 Жуп менен такка ант!
4 Жана өтүп жаткан түнгө ант![6]

ترتيبها ٨٩ — سُورَةُ الفَجْرِ — آياتها ٣٠

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلْفَجْرِ ﴿١﴾ وَلَيَالٍ عَشْرٍ ﴿٢﴾ وَٱلشَّفْعِ وَٱلْوَتْرِ ﴿٣﴾ وَٱلَّيْلِ إِذَا يَسْرِ
﴿٤﴾ هَلْ فِى ذَٰلِكَ قَسَمٌ لِّذِى حِجْرٍ ﴿٥﴾ أَلَمْ تَرَ كَيْفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِعَادٍ
﴿٦﴾ إِرَمَ ذَاتِ ٱلْعِمَادِ ﴿٧﴾ ٱلَّتِى لَمْ يُخْلَقْ مِثْلُهَا فِى ٱلْبِلَٰدِ ﴿٨﴾
وَثَمُودَ ٱلَّذِينَ جَابُوا۟ ٱلصَّخْرَ بِٱلْوَادِ ﴿٩﴾ وَفِرْعَوْنَ ذِى ٱلْأَوْتَادِ ﴿١٠﴾
ٱلَّذِينَ طَغَوْا۟ فِى ٱلْبِلَٰدِ ﴿١١﴾ فَأَكْثَرُوا۟ فِيهَا ٱلْفَسَادَ ﴿١٢﴾ فَصَبَّ
عَلَيْهِمْ رَبُّكَ سَوْطَ عَذَابٍ ﴿١٣﴾ إِنَّ رَبَّكَ لَبِٱلْمِرْصَادِ ﴿١٤﴾ فَأَمَّا
ٱلْإِنسَٰنُ إِذَا مَا ٱبْتَلَىٰهُ رَبُّهُۥ فَأَكْرَمَهُۥ وَنَعَّمَهُۥ فَيَقُولُ رَبِّىٓ أَكْرَمَنِ
﴿١٥﴾ وَأَمَّآ إِذَا مَا ٱبْتَلَىٰهُ فَقَدَرَ عَلَيْهِ رِزْقَهُۥ فَيَقُولُ رَبِّىٓ أَهَٰنَنِ ﴿١٦﴾
كَلَّا ۖ بَل لَّا تُكْرِمُونَ ٱلْيَتِيمَ ﴿١٧﴾ وَلَا تَحَٰٓضُّونَ عَلَىٰ طَعَامِ
ٱلْمِسْكِينِ ﴿١٨﴾ وَتَأْكُلُونَ ٱلتُّرَاثَ أَكْلًا لَّمًّا ﴿١٩﴾
وَتُحِبُّونَ ٱلْمَالَ حُبًّا جَمًّا ﴿٢٠﴾ كَلَّآ إِذَا دُكَّتِ ٱلْأَرْضُ دَكًّا
دَكًّا ﴿٢١﴾ وَجَآءَ رَبُّكَ وَٱلْمَلَكُ صَفًّا صَفًّا ﴿٢٢﴾ وَجِا۟ىٓءَ يَوْمَئِذٍۭ
بِجَهَنَّمَ ۚ يَوْمَئِذٍ يَتَذَكَّرُ ٱلْإِنسَٰنُ وَأَنَّىٰ لَهُ ٱلذِّكْرَىٰ ﴿٢٣﴾

5 Мына ушуларда акылдуу адам үчүн (канааттандырарлык) ант бар беле?
6 Раббиң Аад коомун эмне кылганын көрбөдүңбү?!
7 Түркүктүү Ирам шаарын(эмне кылганынчы?)
8 Ага окшогону эч бир өлкөдө жаратылбаган эле.[7]
9 Жана өрөөндө (үй куруу үчүн) аска зоолорду ойгон Самуд коомун (Раббиң эмне кылганын көрбөдүңбү?)
10 Казыктар (пирамидалар) ээси болгон

---

1 Каапырлар
2 Тоолор - жердин казыктары. Тоолордун жердин түбүнө сайылган бөлүгү жер үстү бөлүгүнөн үч-төрт эсеге узун. Алар менен бекемделгени себептүү жер обу жок силкине бербей, аман-эсен турат
3 Алтынчы кылымдын кишисине "жердин тоголоктугуна карашпайбы?" деген кайрылуу болсо алар муну түшүнмөк да эмес, ишенмек да эмес. Айрыкча ал чөл адамы болсо, андан бетер таң калмак. Андан көрө аларга жердин кандай төшөк сымал жайып, тегиз кылып коюлганы айтылса, Аллахтын кудуретине көбүрөөк ушундан далил табышы мүмкүн эле.
4 Демек, пайгамбарлар – эскертүүчүлөр. Алар адамдарга Аллах Тааланын өкүмдөрүн жеткирип, эскертип гана коюшат. Алардын аркаларынан "жасадыбы, жасабадыбы?" деп акмалап жүрүшпөйт жана зордук-зомбулук да көргөзүшпөйт.
5 Маккада түшкөн. 30 аяттан турат. «Фажр» "Таң" деген мааниде.
6 Бул аяттардагы "таң" Курбан айт күндүн таңы, "он түн" Зул-Хижжа айынын алгачкы он түнү, "жуп" бул Зул-Хижжанын онунчу күнү, "так" тогузунчу – Арафат күнү. Ал эми, "өтүп жаткан түн" бул Курбан айттын түнү. Чынында Аллах Таала ант үчүн тандаган бул төрт нерсенин улуулугу, орчундуулугу акылдуу адамды канааттандырат.
7 Аад коому кумдуу сахарада жашаганына карабай, түркүктүү чатырлардан Ирам деген шаар кура алган аябай чоң келбеттүү, бакубат эл болгон. Алар пайгамбарлары Хууд алейхи саламга кордук көргөзгөндө Аллах Таала катуу шамал жиберип бардыгын кыйраткан.

يَقُولُ يَٰلَيۡتَنِي قَدَّمۡتُ لِحَيَاتِي ﴿٢٤﴾ فَيَوۡمَئِذٖ لَّا يُعَذِّبُ عَذَابَهُۥٓ أَحَدٞ ﴿٢٥﴾
وَلَا يُوثِقُ وَثَاقَهُۥٓ أَحَدٞ ﴿٢٦﴾ يَٰٓأَيَّتُهَا ٱلنَّفۡسُ ٱلۡمُطۡمَئِنَّةُ ﴿٢٧﴾ ٱرۡجِعِيٓ
إِلَىٰ رَبِّكِ رَاضِيَةٗ مَّرۡضِيَّةٗ ﴿٢٨﴾ فَٱدۡخُلِي فِي عِبَٰدِي ﴿٢٩﴾ وَٱدۡخُلِي جَنَّتِي ﴿٣٠﴾

سُورَةُ ٱلۡبَلَدِ — ترتيبها ٩٠ — آياتها ٢٠

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

لَآ أُقۡسِمُ بِهَٰذَا ٱلۡبَلَدِ ﴿١﴾ وَأَنتَ حِلُّۢ بِهَٰذَا ٱلۡبَلَدِ ﴿٢﴾ وَوَالِدٖ وَمَا وَلَدَ
﴿٣﴾ لَقَدۡ خَلَقۡنَا ٱلۡإِنسَٰنَ فِي كَبَدٍ ﴿٤﴾ أَيَحۡسَبُ أَن لَّن يَقۡدِرَ عَلَيۡهِ
أَحَدٞ ﴿٥﴾ يَقُولُ أَهۡلَكۡتُ مَالٗا لُّبَدًا ﴿٦﴾ أَيَحۡسَبُ أَن لَّمۡ يَرَهُۥٓ أَحَدٌ
﴿٧﴾ أَلَمۡ نَجۡعَل لَّهُۥ عَيۡنَيۡنِ ﴿٨﴾ وَلِسَانٗا وَشَفَتَيۡنِ ﴿٩﴾ وَهَدَيۡنَٰهُ
ٱلنَّجۡدَيۡنِ ﴿١٠﴾ فَلَا ٱقۡتَحَمَ ٱلۡعَقَبَةَ ﴿١١﴾ وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡعَقَبَةُ ﴿١٢﴾
فَكُّ رَقَبَةٍ ﴿١٣﴾ أَوۡ إِطۡعَٰمٞ فِي يَوۡمٖ ذِي مَسۡغَبَةٖ ﴿١٤﴾ يَتِيمٗا ذَا مَقۡرَبَةٍ
﴿١٥﴾ أَوۡ مِسۡكِينٗا ذَا مَتۡرَبَةٖ ﴿١٦﴾ ثُمَّ كَانَ مِنَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَتَوَاصَوۡاْ
بِٱلصَّبۡرِ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡمَرۡحَمَةِ ﴿١٧﴾ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلۡمَيۡمَنَةِ ﴿١٨﴾ وَٱلَّذِينَ
كَفَرُواْ بِـَٔايَٰتِنَا هُمۡ أَصۡحَٰبُ ٱلۡمَشۡـَٔمَةِ ﴿١٩﴾ عَلَيۡهِمۡ نَارٞ مُّؤۡصَدَةُۢ ﴿٢٠﴾

سُورَةُ ٱلشَّمۡسِ — ترتيبها ٩١ — آياتها ١٥

Фираундү (кандай жазалаганын көрбөдүңбү?)
11 Алар (ар кайсы) өлкөлөрдө чектен чыгып кетишкен
12 жана бузукулукту көбөйтүшкөн болчу.
13 Раббиң алардын башына ар түрдүү азаптарды жаадырды.
14 Чынында, Раббиң көз салып туруучу.
15 Раббиси инсанды (байлык менен) сынап, ага жоомарттык көргөзсө жана нээмат берсе “Раббим мени урматтады” дейт.
16 Ал эми, аны (кембагалдык менен) сынап, ырыскысын чене берсе “Раббим мени кордоду” дейт.
17 Жок! Силер жетимди урматтабайсыңар!
18 Кедейди тамактандырууга (бири-бириңерди) үгүттөбөйсүңөр!
19 Жана (жетимге калган) мурасты апсыгып жейсиңер!
20 Жана мал-дүйнөнү жан-дилиңер менен сүйөсүңөр!
21 Жок! Качан (кыямат башталып) жер катуу титирегенде
22 жана Раббиң менен периштелер сап-сап болуп келгенде..,
23 Ошол күндө тозок жакын алып келингенде.., дал ошол күндө гана (каапыр,) инсан (бул дүйнөдөгү каталарын) эскерет. Бирок, эми эскерүү ага пайда берсе кана (атаганат)!
24 (Ошондо ал) “кана эми, (акыреттеги) жашоомо (кандайдыр сооп) алып келген болсом!” дейт.[1]
25 Ал күндө Аллах азаптагандай эч ким азаптай албайт.
26 Аллах байлагандай эч ким байлай албайт![2]
27 Эй, тынч – бейпил жан!
28 (Менден) ыраазы болгон жана (Мени) ыраазы кылган абалда Раббиңе кайткын.
29 Менин (жакшы) пенделериме кошулгун
30 жана Менин Бейишиме киргин!

## 90-«Балад» сүрөсү[3]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Ушул шаарга[4] ант!
2 Сен (эй, Мухаммад) ушул шаарда жашайсың.
3 (Адам)-Атага жана урпактарга ант!
4 Биз инсанды машакатка жараттык.[5]
5 (Каапыр) инсан ага эч кимдин күчү жетпейт деп ойлойбу?
6 Ал “эсепсиз мал-дүйнө короттум” дейт.
7 Ал өзүн эч ким көрбөй турат деп ойлойбу?
8 Биз ага эки көз бербедикпи?
9 Тил жана эки эрин бербедикпи?!
10 Жана Биз аны эки жолго багыттадык.[6]

---

[1] Ага Аллахтын жазасы буйрулат: колу-бутун кишендер менен байланып азапка салынат.

[2] Ал күндө ыймансыздардын жаны туйлап, толгонуп, дүйнөдө татыксыз жашаганы себептүү бушайман чегип турган болсо, ыймандуулардын жаны тынч, бейпил жана ыраазы болуп турат.

[3] Маккада түшкөн. 20 аяттан турат. «Балад» деген сөздүн мааниси “шаар”

[4] Маккага

[5] Адампенде каалайбы-каалабайбы, бул дүйнө турушу менен машакат. Аллах Таала ушундай жаратқандан соң, мындан башкача болбойт. Ал эми, кээ бир адамдар өздөрүнө ушул эле дүйнөдө бейиш куруп алгылары келет жана машакатсыз жашайбыз деп... машакат чегишет.

[6] Ар бир акылдуу инсандын алдында эки жол бар: жакшы жана жаман. Ал өзүнүн ыйманына

11 Ал (каапыр инсан) оор жолго жүрбөдү.
12 (Эй, Мухаммад) сен оор жол эмне экенин билбейсиң.
13 (Оор жол – бул) кул азат кылуу
14 Же болбосо каатчылык күндө тамак-аш берүү –
15 тууганчылыгы бар жетимге
16 же чаңга буланган кедейге
17 Кийин (бул кайрымдуулукту жасаган) адам ыймандуулардан жана бири-бирин сабырга, ырайымдуулукка чакыруучулардан болсо,
18 ошолор гана оң тарап ээлери!
19 Ал эми, Биздин аяттарыбызга каапыр болгондор... алар - сол тарап ээлери.[1]
20 Аларды ар тараптан от каптап алган.

## 91-«Шамс» сүрөсү[2]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Күн жана анын жарыгына ант!
2 Анын (Күндүн) артынан келген Айга ант!
3 Жана аны ашкере көргөзгөн күндүзгө ант!
4 Жана аны ороп кала турган түнгө ант!
5 Асманга жана аны (бекем) курганга[3] ант!
6 Жерге жана аны жайганга ант!
7 Напсиге жана аны (түз жол үстүндө) жаратканга ант![4]
8 Ал (Аллах) анын бузукулугуна да, такыбаалыгына да илхам берип койду.
9 Эми, кимде-ким аны (бузук кулк-мүнөздөн) тазалаган болсо жеңишке (Бейишке) жетет.
10 Кимде-ким (күнөө менен) тебелеп–

жараша экөөнөн бирин тандап алат. Албетте, напси-балээсине азгырылган инсан жеңилине, оңоюна, ылаззатына умтулуп жаман – арам жолго жүрөт. Ал эми, акылын иштеткен ыймандуу адамдар ар канча оор, өр жана машакаттуу болсо да Акыретте пайда бере турган жакшылык жолуна жүрүшөт.

[1] Кыяматта алардын амал баракчалары сол тарабынан берилип, бактысыз кишилерден болот.

[2] Маккада түшкөн. 15 аяттан турат. «Шамс» деген сөздүн мааниси "күн"

[3] Аллах Таала Өзүнүн Улуу Кудурети менен ант берүүдө

[4] Аллах Таала бардык инсаниятты түз табияты менен б. а. адал, таза жана туура Ислам жолунун үстүндө жаратат. Кийин ата-энелери аларды же яхудий, же христиан, же отко сыйынуучу каапыр кылып тарбиялайт. (Ибн Касир)

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

وَالشَّمْسِ وَضُحَاهَا ﴿١﴾ وَالْقَمَرِ إِذَا تَلَاهَا ﴿٢﴾ وَالنَّهَارِ إِذَا جَلَّاهَا ﴿٣﴾
وَاللَّيْلِ إِذَا يَغْشَاهَا ﴿٤﴾ وَالسَّمَاءِ وَمَا بَنَاهَا ﴿٥﴾ وَالْأَرْضِ وَمَا طَحَاهَا
﴿٦﴾ وَنَفْسٍ وَمَا سَوَّاهَا ﴿٧﴾ فَأَلْهَمَهَا فُجُورَهَا وَتَقْوَاهَا ﴿٨﴾ قَدْ
أَفْلَحَ مَن زَكَّاهَا ﴿٩﴾ وَقَدْ خَابَ مَن دَسَّاهَا ﴿١٠﴾ كَذَّبَتْ ثَمُودُ
بِطَغْوَاهَا ﴿١١﴾ إِذِ انبَعَثَ أَشْقَاهَا ﴿١٢﴾ فَقَالَ لَهُمْ رَسُولُ اللَّهِ
نَاقَةَ اللَّهِ وَسُقْيَاهَا ﴿١٣﴾ فَكَذَّبُوهُ فَعَقَرُوهَا فَدَمْدَمَ
عَلَيْهِمْ رَبُّهُم بِذَنبِهِمْ فَسَوَّاهَا ﴿١٤﴾ وَلَا يَخَافُ عُقْبَاهَا ﴿١٥﴾

ترتيبها ٩٢ — سُورَةُ اللَّيْلِ — آياتها ٢١

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

وَاللَّيْلِ إِذَا يَغْشَىٰ ﴿١﴾ وَالنَّهَارِ إِذَا تَجَلَّىٰ ﴿٢﴾ وَمَا خَلَقَ الذَّكَرَ وَالْأُنثَىٰ ﴿٣﴾
إِنَّ سَعْيَكُمْ لَشَتَّىٰ ﴿٤﴾ فَأَمَّا مَنْ أَعْطَىٰ وَاتَّقَىٰ ﴿٥﴾ وَصَدَّقَ بِالْحُسْنَىٰ ﴿٦﴾
فَسَنُيَسِّرُهُ لِلْيُسْرَىٰ ﴿٧﴾ وَأَمَّا مَن بَخِلَ وَاسْتَغْنَىٰ ﴿٨﴾ وَكَذَّبَ بِالْحُسْنَىٰ
﴿٩﴾ فَسَنُيَسِّرُهُ لِلْعُسْرَىٰ ﴿١٠﴾ وَمَا يُغْنِي عَنْهُ مَالُهُ إِذَا تَرَدَّىٰ ﴿١١﴾ إِنَّ عَلَيْنَا
لَلْهُدَىٰ ﴿١٢﴾ وَإِنَّ لَنَا لَلْآخِرَةَ وَالْأُولَىٰ ﴿١٣﴾ فَأَنذَرْتُكُمْ نَارًا تَلَظَّىٰ ﴿١٤﴾

кордогон болсо (Бейиштен) үмүтсүз болот.[5]
11 Самуд (коому) өзүнүн чектен чыгуусу менен (пайгамбары Салихты) жалганчыга чыгарды.
12 Бир кезде анын эң бактысыз адамы (пайгамбарга берилген моожиза төөнү союш үчүн) козголду.
13 Аларга Аллахтын элчиси "Аллахтын төөсүнө (жамандык кылуудан) жана анын суу ичүүсүнө (тоскоол болуудан абайлагыла. Эгер баш ийбесеңер, силерге Аллахтын азабы келет!") деди.
14 Аны "жалганчы" дешти жана (төөнү) союп жиберишти. Натыйжада (ушул)

[5] Напсини бузбай, таза кармап жүрүүнүн жападан-жалгыз жолу пайгамбар көргөзгөндөй жашоо жана амал кылуу. Ал эми, пайгамбар таалимин тоотпой, өзбашымча жашаган же болбосо ага каяша айткан элдер ар кайсы доордо Аллах Тааланын каарына жолуккан жана жолуга бермекчи. Ошондой коомдордун бири Самуд коому.

لَا يَصْلَىٰهَآ إِلَّا ٱلْأَشْقَى ﴿١٥﴾ ٱلَّذِى كَذَّبَ وَتَوَلَّىٰ ﴿١٦﴾ وَسَيُجَنَّبُهَا
ٱلْأَتْقَى ﴿١٧﴾ ٱلَّذِى يُؤْتِى مَالَهُۥ يَتَزَكَّىٰ ﴿١٨﴾ وَمَا لِأَحَدٍ عِندَهُۥ مِن
نِّعْمَةٍ تُجْزَىٰٓ ﴿١٩﴾ إِلَّا ٱبْتِغَآءَ وَجْهِ رَبِّهِ ٱلْأَعْلَىٰ ﴿٢٠﴾ وَلَسَوْفَ يَرْضَىٰ ﴿٢١﴾

سُورَةُ الضُّحَىٰ — ترتيبها ٩٣ — آياتها ١١

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلضُّحَىٰ ﴿١﴾ وَٱلَّيْلِ إِذَا سَجَىٰ ﴿٢﴾ مَا وَدَّعَكَ رَبُّكَ وَمَا قَلَىٰ ﴿٣﴾
وَلَلْءَاخِرَةُ خَيْرٌ لَّكَ مِنَ ٱلْأُولَىٰ ﴿٤﴾ وَلَسَوْفَ يُعْطِيكَ رَبُّكَ
فَتَرْضَىٰٓ ﴿٥﴾ أَلَمْ يَجِدْكَ يَتِيمًا فَـَٔاوَىٰ ﴿٦﴾ وَوَجَدَكَ ضَآلًّا
فَهَدَىٰ ﴿٧﴾ وَوَجَدَكَ عَآئِلًا فَأَغْنَىٰ ﴿٨﴾ فَأَمَّا ٱلْيَتِيمَ فَلَا تَقْهَرْ
﴿٩﴾ وَأَمَّا ٱلسَّآئِلَ فَلَا تَنْهَرْ ﴿١٠﴾ وَأَمَّا بِنِعْمَةِ رَبِّكَ فَحَدِّثْ ﴿١١﴾

سُورَةُ الشَّرْحِ — ترتيبها ٩٤ — آياتها ٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

أَلَمْ نَشْرَحْ لَكَ صَدْرَكَ ﴿١﴾ وَوَضَعْنَا عَنكَ وِزْرَكَ ﴿٢﴾ ٱلَّذِىٓ
أَنقَضَ ظَهْرَكَ ﴿٣﴾ وَرَفَعْنَا لَكَ ذِكْرَكَ ﴿٤﴾ فَإِنَّ مَعَ ٱلْعُسْرِ يُسْرًا ﴿٥﴾ إِنَّ
مَعَ ٱلْعُسْرِ يُسْرًا ﴿٦﴾ فَإِذَا فَرَغْتَ فَٱنصَبْ ﴿٧﴾ وَإِلَىٰ رَبِّكَ فَٱرْغَب ﴿٨﴾

күнөөлөрү себептүү Раббиси аларды ойрон кылды жана аны (азапты бардыгына) тең кылды![1]

15 Ал (Аллах Таала) бул иштин акыбетинен коркпойт.

## 92-“Лейл” сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 (Ааламдарды караңгылыгы менен) ороп алган түнгө ант!

2 (Жарыгы менен) көрүнгөн күндүзгө ант!

3 Жана эркек менен ургаачыны жараткан Затка ант!

4 Албетте (эй, инсандар) силердин аракетиңер ар кандай.

5 Эми, ким (байлыгынан Аллах жолунда) берсе жана такыбаа болсо...

6 Жана Жакшылыкты (ыйманды) тастыктаса...

7 Биз ага жакшылыкты (бактылуу жашоону) жеңил кылабыз.

8 Ал эми, ким (байлыгын Аллах жолуна сарп кылуудан) сараңдык кылса жана (Аллах бере турган соопту) “керек эмес” десе...

9 Жана ыйманды жалган десе...

10 Биз ага түйшүктүү жолго түшүүнү жеңил кылабыз.

11 (Тозок чуңкуруна) оңкосунан сайылган убакта (кызганган) мал-мүлкү ага пайда бербей калат!

12 Албетте, (адамдарды) туура жолго баштоо Бизге гана таандык иш.

13 Аныгында, акырет (жашоосу) да, Дүйнө (жашоосу) да Биздин ыктыярыбызда.

14 Мен силерди алоолонгон оттон эскерттим.

15 Ал отко шору каткан адам гана кирет.

16 Ал (Исламды) жалган деп (чындыктан) жүз бурган болчу.

17 Андан (тозоктон) такыбаа киши ыраак болот.

18 Ал мал-мүлкүн (Аллах жолунда) берип, (өзүн сараңдыктан) тазалаган киши.

19 Ал адамда эч ким үчүн (беделине) сыйлык кайтарыла турган жакшылык жок.[3]

20 (Ал жасай турган жакшылыктардын бардыгы) эң жогорку Раббисинин ыразычылыгы үчүн гана (жасалат)

21 Жана жакында (Аллах аны чоң сыйлык менен сыйлайт. Ошондо ал дагы Раббисинен) ыраазы болот.

## 93-“Зухаа” сүрөсү[4]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Шашке маалына ант!

2 Тынч – караңгы түнгө ант!

3 (Эй, Мухаммад!) Раббиң сени таштаган жок жана (сенден) ачууланган жок.

4 Сен үчүн акырет (жашоосу) абалкысынан (дүйнө жашоосунан) жакшыраак.

5 Раббиң сага жакында (сыйлыктарын) берет. Анан сен ыраазы болосуң.

6 Ал (Аллах) сени жетим абалда таап, андан кийин башпаанек бербеди беле?[5]

---

[1] Төөнү бир эле адам сойгон бирок, башкалары аны кайтарган эмес. Тескерисинче, шыкак берип турушкан. Ошондуктан, азап коомдун бардыгына тең болду.

[2] Бул сүрө дагы Маккада түшкөн. 21 аяттан турат. «Лейл» деген сөздүн мааниси “түн”

[3] “Мага да кайтараар” деген үмүттө жасала турган эгоисттик жакшылыктар анда таптакыр жок.

[4] Маккада түшкөн. 11 аяттан турат. «Зухаа» деген сөздүн мааниси “шашке маалы”

[5] Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам

7 Жана (Аллах) сени адашкан абалда таап[1], андан кийин туура жол көргөздү-го!
8 Жана (Раббиң) сени кембагал абалда таап, андан кийин бай кылды.
9 Эми, сен жетимге каарыңды төкпө.
10 Жана сураган адамга орой мамиле кылба.[2]
11 Эми, сен Раббиңдин нээматтары жөнүндө сүйлө.[3]

## 94-«Шарх» сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Эй, Мухаммад!) Биз сенин көкүрөгүңдү кеңейтпедикпи?[5]
2 Сенден күнөө(лөрү)ңдү алып салдык.
3 Ал сенин жоонуңду эзип турган.
4 Жана Биз сенин атагыңды көтөрдүк.[6]
5 Албетте, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар.
6 Албетте, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар.
7 Эми, качан (намаздан) бошосоң (көп дуба кылууга) тырыш

---

туулганга чейин эле атасы кайтыш болгон. Анан эсин таанып-тааный элек балалык курагында апасы да бул дүйнө менен кош айтышып, тоголок жетим болуп калды. Кийин Аллах Таала ага чоң атасы Абдул Мутталибтин үйүнөн, ал өлгөндөн соң абасы Абу Талиптин үйүнө башпаанек таап берди.

1 Аллахтын илими берилгенге чейин пайгамбарыбыз не китеп, не ыйман эмнелигин билбеген абалда эле. Кийин Аллах ага билбегенин билдирди жана эң сонун иш жасаган, эң адеп-ахлактуу адамга айлантты.

2 Жетимдерге ырайымдуу болуп, ким бир нерсе сураса, кудуретиң жетсе - бер, жок болсо жакшы, сылык сөз менен кайтар. Бул аяттагы суралган нерсе предметтерге гана чектелбейт. Маселен, кээ бир адамдар жардам, кээ бирөөлөр илим сурайт.

3 Аллах Тааланын нээмат-жакшылыктары жөнүндө элдерге сүйлөп берүү аларды шүкүр кылууга шыктандырат. Анткени, жакшылык кылганды сүйүү - бул жүрөктөрдүн табияты.

4 Маккада түшүрүлгөн. Сегиз аяттан турат. “Шарх” сөзү “ачуу”, “кеңейтүү” деген мааниде.

5 Аллах Таала пайгамбарынын көкүрөгүн, дил-жүрөгүн динге, дааватка жана улуу кулк-мүнөзгө кең кылды.

6 Мусулмандар качан Аллахты эскеришсе, “Мухаммад” деген ысымды да кошо эскеришет: келме айтканда, азан, такбир айтканда. Аллах эч бир адамдын атагын Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын атагын көтөргөнчөлүк көтөргөн эмес.

### سُورَةُ التِّينِ

ترتيبها ٩٥ — آياتها ٨

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

وَالتِّينِ وَالزَّيْتُونِ ﴿١﴾ وَطُورِ سِينِينَ ﴿٢﴾ وَهَٰذَا الْبَلَدِ الْأَمِينِ ﴿٣﴾
لَقَدْ خَلَقْنَا الْإِنسَانَ فِي أَحْسَنِ تَقْوِيمٍ ﴿٤﴾ ثُمَّ رَدَدْنَاهُ أَسْفَلَ سَافِلِينَ
﴿٥﴾ إِلَّا الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ فَلَهُمْ أَجْرٌ غَيْرُ مَمْنُونٍ ﴿٦﴾
فَمَا يُكَذِّبُكَ بَعْدُ بِالدِّينِ ﴿٧﴾ أَلَيْسَ اللَّهُ بِأَحْكَمِ الْحَاكِمِينَ ﴿٨﴾

### سُورَةُ الْعَلَقِ

ترتيبها ٩٦ — آياتها ١٩

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

اقْرَأْ بِاسْمِ رَبِّكَ الَّذِي خَلَقَ ﴿١﴾ خَلَقَ الْإِنسَانَ مِنْ عَلَقٍ ﴿٢﴾ اقْرَأْ وَرَبُّكَ
الْأَكْرَمُ ﴿٣﴾ الَّذِي عَلَّمَ بِالْقَلَمِ ﴿٤﴾ عَلَّمَ الْإِنسَانَ مَا لَمْ يَعْلَمْ ﴿٥﴾ كَلَّا إِنَّ
الْإِنسَانَ لَيَطْغَىٰ ﴿٦﴾ أَن رَّآهُ اسْتَغْنَىٰ ﴿٧﴾ إِنَّ إِلَىٰ رَبِّكَ الرُّجْعَىٰ ﴿٨﴾ أَرَأَيْتَ
الَّذِي يَنْهَىٰ ﴿٩﴾ عَبْدًا إِذَا صَلَّىٰ ﴿١٠﴾ أَرَأَيْتَ إِن كَانَ عَلَى الْهُدَىٰ ﴿١١﴾ أَوْ أَمَرَ
بِالتَّقْوَىٰ ﴿١٢﴾ أَرَأَيْتَ إِن كَذَّبَ وَتَوَلَّىٰ ﴿١٣﴾ أَلَمْ يَعْلَم بِأَنَّ اللَّهَ يَرَىٰ ﴿١٤﴾ كَلَّا لَئِن
لَّمْ يَنتَهِ لَنَسْفَعًا بِالنَّاصِيَةِ ﴿١٥﴾ نَاصِيَةٍ كَاذِبَةٍ خَاطِئَةٍ ﴿١٦﴾ فَلْيَدْعُ نَادِيَهُ
﴿١٧﴾ سَنَدْعُ الزَّبَانِيَةَ ﴿١٨﴾ كَلَّا لَا تُطِعْهُ وَاسْجُدْ وَاقْتَرِب ۩ ﴿١٩﴾

8 жана Раббиңе[7] гана көңүл бур!

## 95-“Тийн” сүрөсү[8]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Анжырга ант, Зайтунга ант!
2 Жана Синай (өрөөнүндөгү) Тур тоосуна ант!
3 Жана мына бул тынч шаар(Макка)га ант![9]
4 Чынында Биз инсанды эң сонун келбетте жараттык.
5 Кийин Биз аны (эгер ибадат кылбаса тозоктогу) эң төмөн жерге кайтарабыз.

---

7 Анын алдындагы соопторго

8 Маккада түшкөн. 8 аяттан турат. «Тийн» деген сөздүн мааниси “Анжыр”

9 Аллах Таала Ыйса пайгамбардын мекенинин негизги белгилери болгон анжыр, зайтун дарактарына, Муса алейхи салам Аллах Таала менен сүйлөшкөн Синай – Тур тоосуна жана Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын пайгамбарчылыгы түшкөн Макка шаарына ант ичип, кийинки аяттардагы маанилүү нерсенин кабарын берүүдө.

سُورَةُ القَدْرِ — ترتيبها ٩٧ — آياتها ٥

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِنَّآ أَنزَلْنَٰهُ فِى لَيْلَةِ ٱلْقَدْرِ ﴿١﴾ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا لَيْلَةُ ٱلْقَدْرِ ﴿٢﴾
لَيْلَةُ ٱلْقَدْرِ خَيْرٌ مِّنْ أَلْفِ شَهْرٍ ﴿٣﴾ تَنَزَّلُ ٱلْمَلَٰٓئِكَةُ وَٱلرُّوحُ
فِيهَا بِإِذْنِ رَبِّهِم مِّن كُلِّ أَمْرٍ ﴿٤﴾ سَلَٰمٌ هِىَ حَتَّىٰ مَطْلَعِ ٱلْفَجْرِ ﴿٥﴾

سُورَةُ البَيِّنَةِ — ترتيبها ٩٨ — آياتها ٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

لَمْ يَكُنِ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ وَٱلْمُشْرِكِينَ مُنفَكِّينَ
حَتَّىٰ تَأْتِيَهُمُ ٱلْبَيِّنَةُ ﴿١﴾ رَسُولٌ مِّنَ ٱللَّهِ يَتْلُوا۟ صُحُفًا مُّطَهَّرَةً ﴿٢﴾
فِيهَا كُتُبٌ قَيِّمَةٌ ﴿٣﴾ وَمَا تَفَرَّقَ ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ ٱلْكِتَٰبَ إِلَّا مِنۢ
بَعْدِ مَا جَآءَتْهُمُ ٱلْبَيِّنَةُ ﴿٤﴾ وَمَآ أُمِرُوٓا۟ إِلَّا لِيَعْبُدُوا۟ ٱللَّهَ مُخْلِصِينَ
لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ وَيُقِيمُوا۟ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤْتُوا۟ ٱلزَّكَوٰةَ ۚ وَذَٰلِكَ دِينُ
ٱلْقَيِّمَةِ ﴿٥﴾ إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ وَٱلْمُشْرِكِينَ
فِى نَارِ جَهَنَّمَ خَٰلِدِينَ فِيهَآ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ هُمْ شَرُّ ٱلْبَرِيَّةِ ﴿٦﴾ إِنَّ
ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ أُو۟لَٰٓئِكَ هُمْ خَيْرُ ٱلْبَرِيَّةِ ﴿٧﴾

(6) Ал эми, ыйман келтирип салих амал кылгандар... аларга (Бейиштеги бийик оруңдарда) түгөнгүс сооп-сыйлыктар бар.
(7) (Эй, инсан! ) Ушундан (Аллахтын ушунча нээматын жана кудуретинин белгилерин көргөндөн) кийин сени динди “жалган” дешке эмне мажбур кылды?
(8) Аллах эң даанышман өкүмдар эмеспи?

## 96-«Алак» сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

(1) Жараткан Раббиңдин ысымы менен оку!
(2) Ал инсанды уюган кандан жаратты.
(3) Оку, сенин Раббиң эң улук Зат!
(4) Ал инсанга калем менен (жазууну) үйрөттү.
(5) Инсанга билбегенин (Кураанды жана башка илимдерди) билгизди.
(6) Жок! Чынында, инсан чектен ашат
(7) өзүн бай-беймуктаж көргөндө![2]
(8) Анысында, кайтып баруу Раббиңе гана.
(9) Көрдүңбү сен тыюу салган кишини
(10) намаз окуган адамга?
(11) Эмне деп ойлойсуң, эгер ал (намаз окуучу) түз жолдо болсо...
(12) Же (адамдарды) такыбага буюрса...
(13) (Эй, Мухаммад) эмне дейсиң, эгер ал (каапыр чындыкты) “жалган” десе жана жүз үйрүп кетсе...
(14) Билбейби ал Аллах көрүп турганын?!
(15) Жок! Эгер (каршылыгын) токтотпосо, Биз анын маңдайынан катуу чапчып алабыз!
(16) Дал ошол жалганчы, күнөөкер маңдайынан!
(17) Эми, ал өзүнүн (ишенген) адамдарын чакыра берсин!
(18) Биз дагы (“Забаания периштелери” деп аталган) тозок сакчыларын чакырабыз![3]
(19) Жок, сен ага моюн сунба! (Раббиңе) сажда кыл жана (ушул сыяктуу саждалар жана башка ибадаттар менен Аллах Таалага) жакын бол![4]

## 97-“Кадыр” сүрөсү[5]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

(1) Чынында, Биз аны (Кураанды) Кадыр Түнүндө түшүрдүк.
(2) Кадыр түн эмне экенин (эгер Биз үйрөтпөсөк,) сен кайдан билмек элең?![6]
(3) Кадыр түн миң айдан да жакшы.
(4) (Анткени,) бул түндө периштелер жана Рух (Жибрийл) Раббисинин уруксаты боюнча, ар түрдүү иштер менен (жер бетине ) түшүшөт.
(5) Ал таң атканга чейин сак – саламаттык (түнү)![7]

---

[1] Маккада түшкөн. Он тогуз аяттан турат. «Алактын» мааниси «уюган кан». Кураан аяттарынын ичинде эң биринчи түшкөнү менен өзгөчөлөнгөн бул сүрөнүн дагы бир аталышы «Икроь».

[2] Раббисин жана Акыреттеги сот-суракты унутат. Өзү унутканы жетпегендей, башкаларды дагы жолдон урат, сооп иштерден, намаздан тыят.

[3] Ал эми, дин душманы тарабынан намаздан токтотулган кишиге Аллах Тааланын буйругу кийинки аятта.

[4] Бул аят Кураани Каримдеги он төрт орунда келчү сажда аяттарынан бири жана муну окуган же уккан адамдар бир ирет сажда кылышат.

[5] Маккада түшүрүлгөн.5 аяттан турат.

[6] Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам не окууну, не жазууну билбеген сабатсыз (уммий) киши эле. Ага ар бир илимди, ошонун арасынан Кадыр түнү жөнүндөгү илимди да Аллах Тааланын Өзү Жибрийл периште аркылуу үйрөткөн.

[7] Анткени, бул түндө Рамазан айынын бардык

## 98-“Баййина” сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

(1) (Яхудий жана христиандардан турган) Китеп ээлеринен жана мушриктерден болгон каапырлар аларга Анык Чындык келмейинче (адашуучулугунан) ажырай алышпады.
(2) (Анык Чындык – ал) таза-пакиза барактарды (Куранды) окуп берген Аллахтын элчиси.
(3) Ал барактарда акыйкатты баяндаган жазуулар бар.
(4) Китеп берилген элдер (яхудийлер менен христиандар) аларга “Анык Чындык” келгенден кийин гана бөлүнүп кетишти.[2]
(5) Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга, андан (Таухидтен) башка динден жүз бурууга, намаз окууга, зекет берүүгө буюрулушкан эле жана дал ушул гана Туура Дин!
(6) Китеп элдери жана мушриктерден болгон каапырлар Тозок отунун ичинде! Ал жерде түбөлүк калышат! Алар (чындыкты билип туруп жүз бурганы себептүү) жаралгандардын эң жаманы!
(7) Ал эми ыйман келтирип, салих амалдарды жасаган адамдар... алар – жаратылгандардын эң жакшысы.
(8) Раббисинин алдында алардын сыйлыктары – анда дайым жашоочу Бейиштер! Алардын түбүнөн дарыялар агып турат жана алар анда түбөлүк калышат. (Мунун себеби) алардан Аллах ыразы болду, алар Аллахтан ыразы болушту. Бул (сыйлыктар) Раббисинен корккон адамдар үчүн!

## 99-“Залзала” сүрөсү[3]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

جَزَآؤُهُمۡ عِندَ رَبِّهِمۡ جَنَّٰتُ عَدۡنٖ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ خَٰلِدِينَ
فِيهَآ أَبَدٗاۖ رَّضِيَ ٱللَّهُ عَنۡهُمۡ وَرَضُواْ عَنۡهُۚ ذَٰلِكَ لِمَنۡ خَشِيَ رَبَّهُۥ ٨

سُورَةُ الزَّلزَلَةِ — ترتيبها ٩٩ — آياتها ٨

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِذَا زُلۡزِلَتِ ٱلۡأَرۡضُ زِلۡزَالَهَا ١ وَأَخۡرَجَتِ ٱلۡأَرۡضُ أَثۡقَالَهَا
٢ وَقَالَ ٱلۡإِنسَٰنُ مَا لَهَا ٣ يَوۡمَئِذٖ تُحَدِّثُ أَخۡبَارَهَا ٤
بِأَنَّ رَبَّكَ أَوۡحَىٰ لَهَا ٥ يَوۡمَئِذٖ يَصۡدُرُ ٱلنَّاسُ أَشۡتَاتٗا
لِّيُرَوۡاْ أَعۡمَٰلَهُمۡ ٦ فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا
يَرَهُۥ ٧ وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ ٨

سُورَةُ العَادِيَاتِ — ترتيبها ١٠٠ — آياتها ١١

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلۡعَٰدِيَٰتِ ضَبۡحٗا ١ فَٱلۡمُورِيَٰتِ قَدۡحٗا ٢ فَٱلۡمُغِيرَٰتِ صُبۡحٗا
٣ فَأَثَرۡنَ بِهِۦ نَقۡعٗا ٤ فَوَسَطۡنَ بِهِۦ جَمۡعًا ٥ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ
لِرَبِّهِۦ لَكَنُودٞ ٦ وَإِنَّهُۥ عَلَىٰ ذَٰلِكَ لَشَهِيدٞ ٧ وَإِنَّهُۥ لِحُبِّ
ٱلۡخَيۡرِ لَشَدِيدٌ ٨ ۞ أَفَلَا يَعۡلَمُ إِذَا بُعۡثِرَ مَا فِي ٱلۡقُبُورِ ٩

(1) Жер катуу титирегенде
(2) жана өзүнүн “жүктөрүн” чыгарып таштаганда...[4]
(3) Инсан (коркуп жана таң калып) “буга эмне болду?!” дейт.
(4) Ошол Күндө жер өз кабарларын сүйлөйт.
(5) Анткени, ага Раббиң (“сүйлө!” деп) вахий кылган.[5]
(6) Ал Күндө адамдар амалдары көргөзүлүшү үчүн топ-топ болуп келишет.
(7) Жана ким кыпын салмагындай[6] жакшылык кылган болсо – аны көрөт

---

түндөрү сыяктуу, адамдарды азгыра турган шайтандар кишенделген болот. Күнөөдөн саламат болгон адам Акыреттеги тозоктон да саламат болот.

[1] Мадинада түшүрүлгөн. Сегиз аяттан турат. “Баййинанын” мааниси “Анык Чындык”

[2] Кээ бирлери Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдан өздөрүнүн ыйык китептеринде алдын ала айтылган пайгамбардын сыпаттарын таап, ага ыйман келтиришти. Көпчүлүгү “пайгамбар сөзсүз бизден – яхудийлерден чыгыш керек эле” деген көралбастыктан улам каапыр болушту.

[3] Мадинада түшүрүлгөн.Сегиз аяттан турат. “Залзаланын” мааниси “жер титирөө”

[4] Бул аяттар Кыямат кайымдын болоор алдындагы алааматтар жөнүндө баян. Ошондо жер катуу титирегенден улам анын ичиндеги өлүктөр жана кен байлыктардан турган “жүктөр” сыртына чыгып калат.

[5] Жер дагы Кыяматта күбөгө өтүүчү макулуктардын бири. Аллах “сүйлө” деп буюрганда, ал өзүнүн үстүндө ким эмне иш жасаганын айтып берет.

[6] Бул аяттагы مِثْقَالَ ذَرَّةٍ “мискаала зарратин” деген сөздү “кыпындай” деп которуу анын

وَحُصِّلَ مَا فِي ٱلصُّدُورِ ﴿١٠﴾ إِنَّ رَبَّهُم بِهِمْ يَوْمَئِذٍ لَّخَبِيرٌ ﴿١١﴾

ترتيبها ١٠١ — سُورَةُ ٱلْقَارِعَةِ — آياتها ١١

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

ٱلْقَارِعَةُ ﴿١﴾ مَا ٱلْقَارِعَةُ ﴿٢﴾ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا ٱلْقَارِعَةُ
﴿٣﴾ يَوْمَ يَكُونُ ٱلنَّاسُ كَٱلْفَرَاشِ ٱلْمَبْثُوثِ ﴿٤﴾
وَتَكُونُ ٱلْجِبَالُ كَٱلْعِهْنِ ٱلْمَنفُوشِ ﴿٥﴾ فَأَمَّا
مَن ثَقُلَتْ مَوَٰزِينُهُۥ ﴿٦﴾ فَهُوَ فِي عِيشَةٍ رَّاضِيَةٍ
﴿٧﴾ وَأَمَّا مَنْ خَفَّتْ مَوَٰزِينُهُۥ ﴿٨﴾ فَأُمُّهُۥ هَاوِيَةٌ
﴿٩﴾ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا هِيَهْ ﴿١٠﴾ نَارٌ حَامِيَةٌۢ ﴿١١﴾

ترتيبها ١٠٢ — سُورَةُ ٱلتَّكَاثُرِ — آياتها ٨

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

أَلْهَىٰكُمُ ٱلتَّكَاثُرُ ﴿١﴾ حَتَّىٰ زُرْتُمُ ٱلْمَقَابِرَ ﴿٢﴾ كَلَّا سَوْفَ
تَعْلَمُونَ ﴿٣﴾ ثُمَّ كَلَّا سَوْفَ تَعْلَمُونَ ﴿٤﴾ كَلَّا لَوْ تَعْلَمُونَ
عِلْمَ ٱلْيَقِينِ ﴿٥﴾ لَتَرَوُنَّ ٱلْجَحِيمَ ﴿٦﴾ ثُمَّ لَتَرَوُنَّهَا
عَيْنَ ٱلْيَقِينِ ﴿٧﴾ ثُمَّ لَتُسْـَٔلُنَّ يَوْمَئِذٍ عَنِ ٱلنَّعِيمِ ﴿٨﴾

8 жана ким кыпын салмагындай жамандык жасаган болсо – ошону көрөт.

## 100-“Аадият” сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Арсылдап чуркаган тулпарларга ант!
2 Туягынан от чачырата чуркаган аттарга ант!
3 Таң азанда (душманга) чабуул койгон аттарга ант!
4 Анан алар чабуулу менен топуракты тозгутту.
5 Андан соң (душман) топторунун ортосуна жарып кирди.[2]
6 Инсан деген анығында, Раббисине ниашүкүр![3]
7 Буга анын өзү деле күбө!
8 Ал байлыкты катуу сүйөт!
9 Ал билбейби мүрзөдөгү өлүктөр (тирилтип), чыгарылганда…
10 Көкүрөктөгү сырлар (сууруп алынып) ашкере кылынганда…
11 Ошол Күндө Раббиси кабардар-го, алардан?![4]

## 101-«Кориьа» сүрөсү[5]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Кориьа!
2 Кориьа эмне өзү?![6]
3 (Эй, Мухаммад!) Сен Кориьа эмне экенин билбейсиң!
4 Ал күндө адамдар тозуп кеткен (түңкү) көпөлөктөр сыяктуу болуп (дүрбөлөңгө түшүп) калат.[7]
5 Жана тоолор тытылган жүн сыяктуу болот!
6 Эми, (ал күндө) кимдин (сооп) таразасы оор келсе,
7 ыраазы боло турган жашоодо (Бейиште) болот.
8 Ал эми, кимдин (сооп) таразасы жеңил келсе,
9 анын энеси – «Хаавия!»
10 (Эй, Мухаммад) сен «Хаавия» эмне экенин билбейсиң.
11 Ал – катуу кыздырылган тозок!

---

маанисин толук ачып бере албайт. Аяттагы مثقال “мискаала” деген сөз салмакты түшүндүрөт. Бул маани өз кезегинде Кыяматтагы Таразага ишаарат.

1 Бул сүрө Маккада түшүрүлгөн. Он бир аяттан турат. “Аадияттын” мааниси “Тулпарлар”

2 Аллах Тааланын күлүк аттар менен ант ичишинин себеби, алар Аллахтын керемет жаныбарлары жана теңдешсиз нээматы.

3 Аллах Тааланын нээматтарына ибадат-кулчулук менен жооп бериши керек болчу. Бирок, ал мунун ордуна күнөө үстүнө күнөө жасайт.

4 Негизинен Аллах Тааланын бардык нерселерден кабардарлыгы ошол күнгө чектелбейт. Бул жердеги чектөө ал күндүн өтө маанилүүлүгүн ачып берүү үчүн. Ооба Аллах Таала ал күндө пендеге ушул дүйнөдө жасаган бардык иштерин билдирет. Эгер ал иш өтө жашыруун, өтө сырдуу болсо да, адамдар ал күнөө ишти унутуп жиберген болсо да, Аллах унуткан эмес!

5 Маккада түшкөн. 11 аяттан турат.

6 «Кориьа» - бул кыяматтын бир аталышы. Сөздүктөгү мааниси «жүрөктөрдү түшүүрүүчү дүрбөлөн» дегенди билдирет.

7 Тозуган түңкү көпөлөктөр эмне кылганын билбей, жабалактап өзүн отко ура берет. Демек, кыямат дүрбөлөңү башталганда инсандар эс-акылынан таныш, бири-бирин басып-тебелеп туш-тушуна тозуп кетишет. Тозубай болобу?! Асман жарылып, жер тетиреп, деңиздер өрттөнүп, жылдыздар төгүлүп турса!!!

## 102-«Такаасур» сүрөсү[1]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 (Эй, адамдар! Дүйнө, бала-чака) көбөйтүү (жана аны менен сыймыктануу) силерди (ибадаттан) алаксытып койду!
2 Тээ мүрзөгө келгениңерге чейин.
3 Жок! (Өмүр деген дүйнөгө кул болуу үчүн берилген эмес!) Силер (муну) жакында билип аласыңар!
4 Дагы бир ирет жок! Силер жакында (кыяматтагы сот-сурак учурунда) билип аласыңар!
5 Андай эмес, Эгер силер (чындыкты ушул дүйнөдө) анык билгениңерде (дүйнөгө кул болбойт элеңер)
6 (Эми) тозокту көрүшүңөр анык!
7 Анан аны албетте өз көзүңөр менен көрөсүңөр!
8 Андан соң, ошол күндө (Аллах аманатка берген) нээматтар жөнүндө албетте сураласыңар!

## 103-«Асыр» сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Асырга ант![3]
2 Албетте, (ар бир) инсан зыянда!
3 Ал эми, ыйман келтирип, салих (сооп) амалдарды жасап, бири-бирине акыйкатты жана сабырдуулукту осуят (насаат) кылгандар гана (зыянда эмес)

## 104-«Хумаза» сүрөсү[4]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Адамдарды кылыгы жана тили менен шылдыңдаган бардык шылдыңчыга азап-тозок болсун!
2 Ал мал-мүлктү (адал-арамына карабай) чогултту жана эсептеди.
3 Дүйнө-мүлкү аны түбөлүк жашатат деп ойлойт.
4 Жок! Алар (Кыяматта) сөзсүз «Хутамага» ташталат!

ترتيبها ١٠٣ سُورَةُ العَصۡرِ آياتها ٣

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَٱلۡعَصۡرِ ١ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لَفِي خُسۡرٍ ٢ إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ
وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡحَقِّ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلصَّبۡرِ ٣

ترتيبها ١٠٤ سُورَةُ الهُمَزَةِ آياتها ٩

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

وَيۡلٞ لِّكُلِّ هُمَزَةٖ لُّمَزَةٍ ١ ٱلَّذِي جَمَعَ مَالٗا وَعَدَّدَهُۥ ٢
يَحۡسَبُ أَنَّ مَالَهُۥٓ أَخۡلَدَهُۥ ٣ كَلَّاۖ لَيُنۢبَذَنَّ فِي ٱلۡحُطَمَةِ ٤
وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡحُطَمَةُ ٥ نَارُ ٱللَّهِ ٱلۡمُوقَدَةُ ٦ ٱلَّتِي تَطَّلِعُ
عَلَى ٱلۡأَفۡـِٔدَةِ ٧ إِنَّهَا عَلَيۡهِم مُّؤۡصَدَةٞ ٨ فِي عَمَدٖ مُّمَدَّدَةِۭ ٩

ترتيبها ١٠٥ سُورَةُ الفِيلِ آياتها ٥

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

أَلَمۡ تَرَ كَيۡفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِأَصۡحَٰبِ ٱلۡفِيلِ ١ أَلَمۡ يَجۡعَلۡ كَيۡدَهُمۡ
فِي تَضۡلِيلٖ ٢ وَأَرۡسَلَ عَلَيۡهِمۡ طَيۡرًا أَبَابِيلَ ٣ تَرۡمِيهِم
بِحِجَارَةٖ مِّن سِجِّيلٖ ٤ فَجَعَلَهُمۡ كَعَصۡفٖ مَّأۡكُولِۭ ٥

5 (Эй, Мухаммад!) Сен «Хутама» эмне экенин билбейсиң.
6 Аллахтын алоолонгон тозогу!
7 Ал (денеден тешип өтүп) жүрөктөргө чейин жетет!
8 Чынында, ал (тозок) алардын үстүнөн жаап коюлган.
9 (Эшиктери) узун устундар менен (бекемделген)

## 105-«Фийл» сүрөсү[5]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Раббиң пил ээлерин эмне кылганын

---

[1] Маккада түшкөн. 8 аяттан турат. «Такаасурдун» мааниси "көбөйтүү"

[2] Маккада түшкөн. 3 аяттан турат.

[3] «Асыр» сөзүн аалымдар ар кандай түшүндүрүшкөн. Бирөөлөрү «Асыр - бул кылым» десе, экинчи пикирдегилери «Асыр намазынын убактысы», ал эми үчүнчү бөлүгү «Асыр намазы» деп түшүндүрүшөт.

[4] Маккада түшкөн. Тогуз аяттан турат. «Хумазанын» мааниси "шылдыңдоочулар"

[5] Маккада түшкөн жана беш аяттан турган бул сүрөдө Аллах Таала пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдул Мутталиптин доорунда болгон окуяны икая кылат: Хабашанын каапыр падышасы Абраха Каабаны бузуп жиберүү үчүн пилдер жана сансыз кошуун менен келген мезгилде Аллах Таала пил ээлеринин ойлогон айла - амалдарын текке кетирип, төмөнкү аяттарда айтылгандай кордук өлүмүнө дуушар кылат.

ترتيبها ١٠٦ سُورَةُ قُرَيْشٍ آياتها ٤

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

لِإِيلَٰفِ قُرَيْشٍ ١ إِۦلَٰفِهِمْ رِحْلَةَ ٱلشِّتَآءِ وَٱلصَّيْفِ
٢ فَلْيَعْبُدُوا۟ رَبَّ هَٰذَا ٱلْبَيْتِ ٣ ٱلَّذِىٓ أَطْعَمَهُم
مِّن جُوعٍ وَءَامَنَهُم مِّنْ خَوْفٍۭ ٤

ترتيبها ١٠٧ سُورَةُ الْمَاعُونِ آياتها ٧

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

أَرَءَيْتَ ٱلَّذِى يُكَذِّبُ بِٱلدِّينِ ١ فَذَٰلِكَ ٱلَّذِى
يَدُعُّ ٱلْيَتِيمَ ٢ وَلَا يَحُضُّ عَلَىٰ طَعَامِ ٱلْمِسْكِينِ ٣
فَوَيْلٌ لِّلْمُصَلِّينَ ٤ ٱلَّذِينَ هُمْ عَن صَلَاتِهِمْ سَاهُونَ
٥ ٱلَّذِينَ هُمْ يُرَآءُونَ ٦ وَيَمْنَعُونَ ٱلْمَاعُونَ ٧

ترتيبها ١٠٨ سُورَةُ الْكَوْثَرِ آياتها ٣

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِنَّآ أَعْطَيْنَٰكَ ٱلْكَوْثَرَ ١ فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَٱنْحَرْ ٢
إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ ٱلْأَبْتَرُ ٣

билбедиңби![1]

2 (Раббиң) алардын (Каабаны бузуп жиберүү үчүн ойлогон) айла-амалдарын текке кетирбедиби?

3 Жана аларга каршы топ-топ куштарды жиберди.[2]

4 (Куштар чеңгелиндеги) чопо-таштар менен аларды ташбаракга алышты.[3]

5 (Аллах) аларды мойсолгон жалбырактай кылып койду![4]

---

[1] Кайрылуу Мухаммад сллаллоху алайхи ва салламга.

[2] Булар жөнөкөй куш эмес, Аллах Тааланын куш түспөлүндөгү аскерлери-периштелер болчу

[3] Ал чопо-таштар чачырап тийген Абраханын жана аскерлеринин денеси курт жеген жалбырактай илме-тешик болуп калды.

[4] Аллах Өзүнүн Үйүн ушантип сактады. Ушул окуядан эки айга жетпеген күндөрдөн соң, Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам жарык дүйнөгө келген. Бул жыл араб жана Ислам элинин тарыхында «Пил жылы» деп жазылып калды.

## 106-«Курайш» сүрөсү[5]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Курайштын ынтымагы үчүн!

2 Кыш жана жай мезгилиндеги сапарында алардын ынтымак-тынчтыгы үчүн!

3 Эми, алар (ар кандай таш-кудай, жыгач-кудайларын таштап, өздөрүнө ынтымак жашоо тартуулаган) ушул Үйдүн (Каабынын) Раббисине гана ибадат кылышсын!

4 Ал (Рабби) каатчылыкта аларды тамактандырды жана коркунуч(тар)дан аман сактады!

## 107-«Маувн» сүрөсү[6]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 (Эй, Мухаммад) сен динди «жалган» деген кишини көрдүң беле?!

2 Мынаке, ал, жетимди(н акына кыянат кылып,) түрткүлөгөн адам!

3 Жана жакырды тамактандырууга (элдерди) үгүттөгөн эмес.[7]

4 (Кээ бир) намаз окуучуларга азап-тозок болсун!

5 Алар намаздарын унутуп коюшат.[8]

6 Алар (намазда жана башка ибадаттарда) рия[9] кылышат.

---

[5] Маккада түшкөн жана төрт аяттан турган бул сүрө, «Фийл» сүрөсүнүн уландысы сыяктуу: Кааба менен Абраханын окуясынан соң бүт араб дүйнөсүндө Каабанын тегерегинде жашаган Курайш уруусунун урматы, болуп көрбөгөндөй көкөлөдү. Эми Курайш кербендери жай айларында Шамга (Сирияга) кыш мезгилинде Йеменге каттачу болсо, илгеркидей жолтосор-каракчылардан коркпойт. Өзүнүн болочок пайгамбарынын уруусу-Курайш үчүн ынтымак жашоо шартын Аллах Таала ушинтип түзүп берди.

[6] Маккада түшкөн. 7 аяттан турат. «Маувн» "күндөлүк керектелүүчү шаймандар" деген мааниде.

[7] Кийинки аяттарда Аллах Таала кээ бир адамдар намаз окуса деле... тозокко түшүп калуусун айтат. Ал кандай адамдар экен? Жооп кийинки аятта.

[8] Намазды унутуп коюу деп өз убактысынан себепсиз кечиктирүү, парыздарын, шарттарын кемитип окуу сыяктуу күнөөлөргө айтылат.

[9] «Рия» - бул элкөрсүнгө жасалган ибадат. Рия от сыяктуу. Ибадаттын сооторун күйдүрүп жиберет.

7 Жана (муктаждардан) буюм-шаймандарды кызганышат.

## 108-«Каусар» сүрөсү[1]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Эй, Мухаммад) чынында Биз сага «Каусарды» бердик.[2]
2 Эми, (ушул жакшылыктар үчүн шүгүр кылып) Раббиңе намаз оку жана курмандык чал!
3 Албетте сени айыптап- жамандаган адамдын өзүнүн арты кесилген![3]

## 109-«Каафирун» сүрөсү[4]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Эй Мухаммад, каапырларга) айткын: «эй, каапырлар!
2 Мен (эч качан) силер ибадат кылган(кудайлар)га ибадат кылбаймын!
3 Силер дагы мен сыйынганга[5] сыйынуучу эмессиңер.
4 Мен силер ибадат кылган(кудайлар)га ибадат кылбаймын!
5 Силер да мен ибадат кылган(Аллах Таала)га ибадат кылуучу эмессиңер.
6 (Демек,) силерге өз дининер, мага өз диним!»

## 110-«Насыр» сүрөсү[6]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 (Эй, Мухаммад, эгер сага) Аллахтын жардамы жана жеңиши келсе
2 жана адамдарды Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрсөң...

---

1 Үч аяттан турган бул сүрө Маккада түшкөн.
2 «Каусар» - бул «көп жакшылык» дегенди билдирет. Аллах Таала пайгамбарына бул дүйнөдө көп жакшылыктарды берген. Ал эми, Акырет Бейишинде болсо, «Каусар» деп аталган дарыя менен ушундай аталыштагы булакты сыйлык катары берет.
3 Пайгамбарыбыздан уул перзент калбаганы маалым. Анын уулу Касым өлгөндө ашкере душмандарынан бири Аас ибн Ваил аны акаарат кылып “арты кесилди” (ишин улантуучусу калбады) дейт. Бирок, Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын артында, ага эртели-кеч салават-салам айтып, акына дуба кылып турган миллиондогон үммөттөрү калды. Ал эми, ага жана анын динине душмандык кылып, айыптап, жамандап жүргөндөрдүн өзү дагы, аты-жыты дагы жок болду.
4 Маккада түшкөн. 6 аяттан турат. «Каафирун» «Каапырлар» деген мааниде.
5 Аллах Таалага
6 Мадинада түшкөн. 3 аяттан турат. «Насыр» сөзү «жардам» деген мааниде.

سُورَةُ الكَافِرُونَ — ترتيبها ١٠٩ — آياتها ٦

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

قُلْ يَٰٓأَيُّهَا ٱلْكَٰفِرُونَ ١ لَآ أَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ ٢
وَلَآ أَنتُمْ عَٰبِدُونَ مَآ أَعْبُدُ ٣ وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٌ مَّا عَبَدتُّمْ ٤
وَلَآ أَنتُمْ عَٰبِدُونَ مَآ أَعْبُدُ ٥ لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِىَ دِينِ ٦

سُورَةُ النَّصْرِ — ترتيبها ١١٠ — آياتها ٣

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

إِذَا جَآءَ نَصْرُ ٱللَّهِ وَٱلْفَتْحُ ١ وَرَأَيْتَ ٱلنَّاسَ
يَدْخُلُونَ فِى دِينِ ٱللَّهِ أَفْوَاجًا ٢ فَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ
وَٱسْتَغْفِرْهُ ۚ إِنَّهُۥ كَانَ تَوَّابًۢا ٣

سُورَةُ المَسَدِ — ترتيبها ١١١ — آياتها ٥

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

تَبَّتْ يَدَآ أَبِى لَهَبٍ وَتَبَّ ١ مَآ أَغْنَىٰ عَنْهُ مَالُهُۥ وَمَا
كَسَبَ ٢ سَيَصْلَىٰ نَارًا ذَاتَ لَهَبٍ ٣ وَٱمْرَأَتُهُۥ
حَمَّالَةَ ٱلْحَطَبِ ٤ فِى جِيدِهَا حَبْلٌ مِّن مَّسَدٍۭ ٥

3 Анда, Раббиңе хамд (мактоо) айтуу менен (Аны жаман, төмөн сыпаттардан) аруула, күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура! Чынында, Ал тообаларды кабыл кылуучу!

## 111-«Масад» сүрөсү[7]

***Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!***

1 Абу Лахабтын эки колу (өзү) куруп кетсин! Куруп да калды![8]
2 Ага не мал – дүйнөсү, не кесиби пайда бербеди!
3 Ал жакында алоолонгон Тозокко ташталат!

---

7 Маккада түшкөн. 5 аяттан турат.
8 Абу Лахаб пайгамбарыбыздын абаларынан бири болчу. Бирок, Исламга ашынган душман болгондуктан, аялы Умму Жамил экөө, динге жана пайгамбарга көп зыяндар жеткирип жүрүшчү. Аллах Таала Өз пайгамбарына зыян жеткирген душманды ушинтип каардуу каргышка калтыргандан көп өтпөй Абу Лахаб аянычтуу өлүм тапты. Бул өлүм аятта алдын ала айтылган “куруп да калды” (өлдү) деген башааратты тастыктаган окуя болду.

سُورَةُ الإِخْلَاصِ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ هُوَ اللَّهُ أَحَدٌ ﴿١﴾ اللَّهُ الصَّمَدُ ﴿٢﴾ لَمْ يَلِدْ
وَلَمْ يُولَدْ ﴿٣﴾ وَلَمْ يَكُن لَّهُ كُفُوًا أَحَدٌ ﴿٤﴾

سُورَةُ الفَلَقِ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ الْفَلَقِ ﴿١﴾ مِن شَرِّ مَا خَلَقَ ﴿٢﴾ وَمِن
شَرِّ غَاسِقٍ إِذَا وَقَبَ ﴿٣﴾ وَمِن شَرِّ النَّفَّاثَاتِ فِي
الْعُقَدِ ﴿٤﴾ وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ﴿٥﴾

سُورَةُ النَّاسِ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ النَّاسِ ﴿١﴾ مَلِكِ النَّاسِ ﴿٢﴾ إِلَٰهِ
النَّاسِ ﴿٣﴾ مِن شَرِّ الْوَسْوَاسِ الْخَنَّاسِ ﴿٤﴾ الَّذِي
يُوَسْوِسُ فِي صُدُورِ النَّاسِ ﴿٥﴾
مِنَ الْجِنَّةِ وَالنَّاسِ ﴿٦﴾

4 Ал эми (пайгамбарга каршы доомат - ушак көтөрүп жүргөн) анын аялы болсо (наркы дүйнөдө) отун көтөргөн абалда!
5 Мойнунда курма дарагынын буласынан (эшилген) жип![1]

## 112-«Ихлас» сүрөсү[2]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Айт (Эй, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!
2 Аллах – Сомад (Беймуктаж)
3 Ал туубаган жана да туулбаган!
4 Жана эч ким Ага тең эмес!

## 113-«Фалак» сүрөсү[3]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Айт (Эй, Мухаммад) «таң Раббисинен коргоо тилеймин:
2 (Өзү) жараткан (зыяндуу) нерселердин жамандыгынан..,
3 Каптап кирген учурдагы (караңгы) түндүн жамандыгынан..,[4]
4 Түйүндөргө дем салган сайкырчылардын жамандыгынан..,
5 Кызганган учурда, сук арткан кишинин жамандыгынан.[5]

## 114-«Ан – Нас» сүрөсү[6]

*Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын ысымы менен!*

1 Айткын (эй, Мухаммад) «мен коргоо тилеймин инсандардын Раббисинен!
2 Инсандардын падышасынан,
3 инсандардын (сыйынууга татыктуу) Кудайынан,
4 (Аллахтын ысымы эскерилгенде) жашынып калуучунун[7] жамандыгынан.
5 Ал (Шайтан) адамдардын көкүрөгүндө азгырык жүргүзөт.
6 (Ал шайтандар) жиндерден жана адамдардан болот.[8]

---

[1] Тафсирчи уламалар Умму Жамилдин отун көтөрүүсү жөнүндө «ал күйөөсү ташталган тозокко отун көтөрүп кирет. Бул дүйнөдө дин жана пайгамбарларга каршы жалган-жалаа жана ушак-айың сөздөрдү көтөрүп жүргөнүнүн жазасы» дешет.

[2] Маккада түшкөн. 4 аяттан турат.

[3] Маккада түшкөн. Беш аяттан турат. Ушул жана мындан кийинки "Ан-Нас" сүрөлөрүнүн түшүүсүнө төмөнкү окуя себеп болгон: Лабид деген бир жөөт сыйкырчысы көралбастыктын айынан он бир түйүнчөккө дем салып, пайгамбарыбызды сыйкырлап коет. Мунун натыйжасында пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам бир аз унутчаак болуп калганда Аллах Таала "Фалак" жана "Нас" сүрөлөрүн үйрөтүп, алар менен өзүнө дем салууга буюрат. Пайгамбарыбыз ар бир аятты окуган сайын бирден түйүн чечилип, сыйкырдан кутулат. Бул эки сүрөнү пайгамбарыбыз ар кандай жамандыктардан сактанууга жана ооруганда шыпаа болуу үчүн окуганы белгилүү.

[4] Караңгы каптап кирээри менен жин - шайтандар тозуп, ар кандай жамандыктар көбөйөт.

[5] Кээ бир адамдардын сук назары адамга зыян кылышы мүмкүн. Муну эл арасында «көз тийди» деп коюшат. Бул аят көз тийиши акыйкат экенине далил болот.

[6] Бул сүрө Маккада түшкөн. 6 аяттан турат. «Ан – Нас» «инсандар» деген маанини билдирет.

[7] Шайтандын

[8] Аллах Таала Курaанда инсандарды ак жолдон азгырган адамдарды да «шайтан» деп атайт.

# Мусулмандын жашоосундагы эң зарыл маселелер

**1. Мусулман адам ишеним-акидасын кайдан алат?** Аллах Тааланын китеби Кураан менен пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын сахих сүннөттөрүнөн алат.

**2. Эгер биз өз ара талашып калсак, эмне кылуу керек?** Шарятка – Аллахтын Китеби менен пайгамбарыбыздын сүннөтүнө кайтып, өкүм-чечимди ошолордон издешибиз керек. Аллах Таала айткан:
﴿ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ ﴾ ***«Эгер бир нерседе талашып калсаңар, аны Аллах жана пайгамбарына кайтаргыла».*** Ал эми, пайгамбарыбыз бул маселеде: ***«Мен силерге эки нерсени (мурас) калтырдым. Аларды бекем кармасаңар эч качан адашпайсыңар. Алар: Аллахтын китеби жана пайгамбарынын сүннөтү»*** деген. **(Муваттаь)**

**3. Кыямат күндө «фирка ан-наажия» (тозоктон кутулган жамаат) ким болот?** Мунун жообу пайгамбарыбыздын мына бул сөзүндө: ***«…Менин үммөтүм жетимиз үч бөліккє бөлүнүп кетет. Алардын бардыгы Тозоко түшүп, бирөөсү гана кутулат***. (Сахаабалар) айтышты: «Алар кимдер, о, Аллахтын элчиси?». (Пайгамбарыбыз) айтты: ***«Менин жана сахаабаларымдын жолунан жүргөндөр»*** **(Ахмад жана Термизий риваяты)**. Чындык – бул пайгамбарыбыз жана сахаабалардай дин тутуу. Демек, биз эгер тотзоктон кутула турган жамаат (фирка ан-нажия) болууну жана амалдарыбыз кабыл болуусун кааласак, динде ошолордун изинен ээрчишибиз керек. Динде жаңылык (бидят) жаратуудан абайлашыбыз керек.

**4. Изги** (жакшы) **амалдарга сооп болуусунун жана кабыл болуусунун шарттары барбы?** Ооба. үч шарты бар: 1) **Ыйман**. Аллах Таала каапыр-мушриктредин амалдарын кабыл албайт. 2) **Ыклас**. Башкача айтканда, ал иш Аллах Тааланын ыразычылыгы үчүн гана жасалган болушу. 3) **Пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламдын көргөзмөсүнө ылайык болуусу**. Ким пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам үйрөткөндөн башкача же анын сїннєтїнє дал келбеген иштерди жасаса, ал иш эгер сыртынан жакшы болуп көрүнсө да кабыл болбойт. Текке кетет. Аллах Таала айткан:
﴿ وَقَدِمۡنَآ إِلَىٰ مَا عَمِلُواْ مِنۡ عَمَلٖ فَجَعَلۡنَٰهُ هَبَآءٗ مَّنثُورًا ﴾ ***«Биз алар жасаган иштерге келип, аларды чаң-тозонго айланттык !»*** **(25/23)**

**5. Ислам дини канча бөлүктөн турат?** Їч бөлүктөн турат. Алар: Ислам, Ыйман жана Эхсан.

**6. Ислам эмне жана анын канча түркүгү бар?** Ислам – бул Аллах Таалага таухид менен моюн сунуу, Ага таат-ибадат менен баш ийүү жана ширк менен ширк элдеринен үзүлүү. Ал эми, анын түркүгү бешөө. Бул жөнүндө пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген: ***«Ислам беш нерсенин үстүнө курулган: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, жалгыз Єзү бар, Мухаммад Анын элчиси» деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажыга бару жана Рамазан орозосун тутуу»*** **(Муттафакун алайх)**

**7. Ыйман эмне жана канча түркүгү бар?** Ыйман – бул жүрөк менен ишенүү, тил менен айтуу жана дене мүчөлөр менен амал кылуу. Ыйман Аллахка ибадат жана моюн сунуу менен көбөйгөнү сыяктуу күнөө кылуу менен азаят.

Аллах Таала айткан: ﴿ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَنزَلَ ٱلسَّكِينَةَ فِى قُلُوبِ ٱلْمُؤْمِنِينَ لِيَزْدَادُوٓا۟ إِيمَٰنًا مَّعَ إِيمَٰنِهِمْ ﴾ ***«Ал (Аллах Таала) ыймандуулардын жүрөгүнө бейпилдик түшүрдү, алардын ыймандарына дагы ыйман кошуп, көбөйтүү үчүн»*** **(«Фатх»-4)** Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын мына бул сөзү дагы ыймандын көбөйүп-азаюуусуна далил болот: ***«Ыймандын жетимиштен ашыгыраак даражасы бар. Эң жогорку даражасы – бул «ла илаха иллаллах» келмесин айтуу, эң төмөнкү даражасы жолдон зыяндуу нерселерди алып коюу. Уят дагы ыймандын бир бөлүгү»*** **(Муслим).** Бул пикирди кубатточу дагы бир маани: эгер мусулман адам бир жакшы, сооп иш жасаса, жүрөгүндө кубат-кайрат пайда болот. Ал эми, бир күнөө иш жасаса, жүрөгү кемтилип калгандай болот. Бул жөнүндө Аллах Таала мындай деген: ﴿ إِنَّ ٱلْحَسَنَٰتِ يُذْهِبْنَ ٱلسَّيِّـَٔاتِ ﴾ «***Соон иштер күнөө иштерди кетирет***» **(Худ-114)** Ыймандын түркүгү алтоо. Аларды пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам мындайча санаган: ***«Аллах Таалага, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө жана тагдырдын жакшысыда-жаманыда Аллахтан экенине ыйман келтиришиң»*** **(Бухарий)**

**8. «Ла илаха иллаллах» келмесинин мааниси эмне?** Мунун мааниси биринчиден, Аллахтан башка бардык кудайларды ибадатка татыксыз экенин айтуу менен, аларды жокко чыгарып, экинчиден, ибадатты жалгыз Аллах Таалага далилдөө.

**9. Аллах биз менен биргеби?** Ооба. Аллах биз менен бирге, бирок, биргелиги Заты менен эмес, илими, көрүүсү, сактоосу, кудурети жана каалоосу менен. Ал эми, Анын Заты макулуктардын затына окшобойт. Аны макулуктарынан эч ким жана эч нерсе камтып алалбайт.

**10. Аллахты көз менен көрө алабызбы?** Аллах Тааланы бул дүйнөдө эч ким көрө албайт. Бирок, ыймандуулар Аны акыретте: Махшарда жана Бейиште көрүшөт. Аллах Таала айткан: ﴿ وُجُوهٌ يَوْمَئِذٍ نَّاضِرَةٌ ﴿٢٢﴾ إِلَىٰ رَبِّهَا نَاظِرَةٌ ﴾ ***«Ал күндө (ыймандуу) жүздөр Раббисин көрүү менен шат-курсант»*** **(Кыямат-22)**

**11. Аллах Тааланын ысым-сыпаттарын билүүнүн кандай пайдасы бар?** Аллах Таала пенделерге эң оболу Өзүн таанууну парыз кылды. Эгер пенделер Аны тааныса, анан Ага чындап ибадат кылышат. Аллах Таала айтты: ﴿ فَٱعْلَمْ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا ٱللَّهُ وَٱسْتَغْفِرْ لِذَنۢبِكَ ﴾ ***«Билгин: эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, бир гана Аллах бар жана күнөөлөрүң үчүн кечирим сура».*** **(47/19)** Аллах Тааланын «Ырайымдуу» деген атын эскерүү Ага жалбарууга себеп болот, «Каардуу» деген ысымы менен таануу Андан коркууга себеп болот. Ал эми, «Ырыскы Берүүчү» деген ысымын эскерген пенде Ага шүгүр кылууга ашыгат. Ал эми, Аллахтын ысым-сыпаттары менен ибадат кылуу дегенден максат: ал ысым-сыпаттар менен алардын маанилерин терең билүү жана алар менен амал кылуу. Аллах Тааланын ушундуй ысым-сыпаттары бар: пенде эгер аны менен сыпатталса мактоого ылайык болот. Маселен: илим, ырайымдуулук, адилеттүүлүк сыяктуу. Бирок ысым-сыпаттардын кээ бирлери бар: пенденин алар менен сыпатталуусу жаман. Маселен: улухийят (өзүн кудай эсептөө), тажаббур (єз чоў деп эсептєє) жана такаббур (өзүн

жогору баалоо) сыяктуу. Ал эми, пенделердин сыпаттарына токтолсок, пенде аны менен мактоого арзый турган жана аны менен сыпатталууга буюрулган сыпаттар төмөндөгүлөр: Аллахка кулчулук, дайым Ага муктаждыгын билдирип, сурап туруу, кичипейилдик жана суроо узатуу жана башка ушул сыяктуулар. Бирок, бул сыпаттар менен Рабби Тааланы сыпаттоого болбойт! Пенделер арасынан Аллах Таалага эң сүйүктүү болгону Ал жакшы көргөн сыпаттар менен сыпатталган адам. Ал эми, Аллах Таала эң жаман көргөндөр алар Аллах жаман көргөн сыпаттар менен сыпатталган адамдар.

**12. Аллах Тааланын кандай ысым-сыпаттары бар?** Аллах Таала айткан: ﴿ وَلِلَّهِ ٱلۡأَسۡمَآءُ ٱلۡحُسۡنَىٰ فَٱدۡعُوهُ بِهَا ﴾ ***«Аллахтын сонун-көркөм ысымдары бар, Ага ошолор менен дуба кылгыла»*** **(7/180)** Расулуллах саллаллоху алайхи ва салламдан дагы мындай хадис риваят кылынган: ***«Чынында Аллах Тааланын токсон тогуз ысымы бар. Бири кем жүз. Ким ошолорду (маанисин түшүнүп жана амал кылып) санаса – Бейишке кирет»*** **(Муттафакун алайх)**. Хадистеги «санаса» деген сөздүн мааниси, ал ысым-сыпаттардын маанилери менен амал кылса деген түшүнүктү билдирет. Маселен, Аллах Тааланын «Хакиим» (Даанышман) деген ысымын санаса, өзүнүн бардын иштерин Аллахка тапшырат. Анткени, бардык иштер Анын гана даанышман эрежелери менен болот. Эгерде Анын «Куддус» (бардык кемчиликтен Аруу-Таза) деген ысымын атаса, Аллах Тааланын бардык айып-кемччиликтерден Таза-Пакиза экенин эсине түшүрүп, Аны даңазалап, ошол ысым менен Аллахка жалбарып, дуба кылат. Кураани Карим менен сахих Сүннөттөн издеген адамдар төмөнкү ысым-сыпаттарды таба алат:

| Ысым-сыпаттар | Ысым-сыпаттардын маанилери |
|---|---|
| (ٱللَّٰه) Аллах | Бардык элдердин жалгыз Раббиси жана сыйынууга татыктуу кудайы. Сыйынуу Ага гана арналат, баштар Анын алдында гана ийилет, руку, сажда ж.б. ибадаттар Ага гана арналат. |
| Ар Рахман (الرَّحمَن) | Өтө Ырайымдуу. Бул ысым Аллах таалага гана тиешелүү жана Анын ырайымы бардык нерселерге тиет. |
| Ар Рахийм (الرَّحِيم) | Ыймандууларга Боорукер. Аллах тааланын ыймандууларга ырайымдуулугу бул дүйнөдө аларды туура жолго баштоосу, акыретте болсо бейишке киргизүүсү менен билдирилет. |
| Ал Афувв (العَفُو) | Күнөөлөрдү өчүрүүчү. Аллах таала пенделеринин күнөөлөрүн, алар ошол жазага ылайык болгон абалда өчүрөт. |
| Ал Гафуур (الغَفُور) | Күнөөлөрдү жашыруучу. Аллах таала пенделеринин күнөөлөрүн ачпайт, тескерисинче шерменде元ликтен сактап, жаап-жашырат. |
| Ал Гаффар (الغَفَّار) | Кеӊ пейил, Кечирүүчү. |
| Ар Рауф (الرَّءُوف) | Өтө Боорукер. Аллах тааланын бул ырайымдуулугу бул дүйнөдө бардык макулуктарга жалпы тиет. Бирок, акыретте Аллах сүйгөн пенделерге гана насип кылат. |
| Ал Халийм (الحَلِيم) | Өтө жумшактык менен кечирүүчү. (күнөө кылган пенделерин жазалоого кудуреттүү болуп турган абалда аларга кечирим берет. |

| | |
|---|---|
| Ат Тавваб (التَّوَّاب) | Каалаган пендесине тообаны насип кылып, анын тообасын кабыл алат. |
| Ас Ситтийр (السِّتِّيْر) | Пардалоочу. Пенделерин элдерге шерменде кылбай, анын кінєєлєрін пардалап койот. Ошондой эле Аллах таала бирєєнін айыбын жашырган адамды сійєт. |
| Ал Ганий (الْغَنِىُّ) | Єзінін ысым-сыпаттарында кемчилдиксиз болгону себептії эч кимге жана эч нерсеге муктаж эмес. Бирок, ааламдын бардыгы Ага муктаж. |
| Ал Карийм (الْكَرِيم) | Берешен, Каалаган пендесине Єзінін нээматтарын каалагандай берет. Пендеси сураса-сурабаса да сахабаттуулук менен берет. |
| Ал Акрам (الأكْرَم) | Сахабаттуу, Улук. Тенгдешсиз улуулуктун, сахабат-колу ачыктыктын Ээси. Бардык жакшылыктар Ал тараптан. Ыймандууларды Єз пазилети менен сыйлайт, жїз бургандарга Єз адилети менен мєєнєт берет. |
| Ал Ваххаб (الْوَهَّاب) | Кєп сыйлык берїїчї. Беришинде эч кандай жеке пайданы їмтєтпєй жана суратпай берет. |
| Ал Жаваад (الْجَوَاد) | Калк-калайыкка кєп жакшылык кылуучу. Анын пазилет-артыкчылыгы ыймандууларга кєбїрєєк. |
| Ал Вадууд (الْوَدُود) | Єзінін досторун Сїйїїчї. Анын сїйїїсї аларды кечирїї, аларга нээмат берїї, алардан ыразы болуу жана амалдарын кабыл алуу аркылуу билдирилет. Анын сїйїїсїнє арзыгандарды жер эли да сїйїп калат. |
| Ал Муътий (الْمُعْطِي ) | Єзінін казнасынан каалаган пендесине каалаган нерсесин Берїїчї. Анын берген нерселери Єзінін достору (олуялар) їчїн кєбїрєєк болот. Ал Муьтий ысымынын дагы бир мааниси "ар бир жаратылган нерсеге сїрєт-шекил Берїїчї" дегенди билдирет. |
| Ал Ваасеь (الْوَاسِع) | Сыпаттары эч ким санай албай турган даражада Кенен. Ошондой эле, Анын улуулугу, салтанаты (бийлиги) кечирими, ырайымы, пазилети жана жакшылыгы Кенен. |
| Ал Мухсин (الْمُحْسِنُ) | Затында, ысым-сыпаттарында жана пейилинде сулуулук Ээси. Ошондой эле, калк-калайыкка эхсан (жакшылык) кылуучу жана бардык нерселерди сулуу-кєркєм жаратуучу. |
| Ар Раазик (الرَّازِق) | Калк-калайыкка Ырыскы берїїчї. Ал бїткїл ааламды жаратуудан мурун эле алардын ырыскыларын єлчєп (тагдыр кылып) койгон жана канча замандар єтсє да ошол ырыскыларды аларга жеткирїї Єз кепилдигинде. |
| Ар Раззак (الرَّزَّاق) | Кєп ырыскы бєлїштїрїїчї. Єзї жараткан нерселерди, алар сурабасада ырыскыландырат. Жадагалса, кінєєлїї адамдарга да ырыскы жеткиреп турат. |
| Ал Латийф (اللطِيْف) | Бардык сырларды єтє назик Билїїчї. Ага эч нерсе жашыруун эмес. Пенделерине алар кїтпєгєн тараптан пайдаларды жана жакшылыктарды жеткирет. |
| Ал Хабийр (الْخَبِيْر) | Бардык нерселерден Кабардар. Єз илими менен сырткы жана ички бардык нерселерди Билїїчї. |
| Ал Фаттах (الْفَتَّاح) | Єз илими жана даанышмандыгы менен ырыскынын, ырайымдын жана мїлк-байлыктын казналарын Ачуучу. |
| Ал Алийм (الْعَلِيم) | Бардык нерселердин сыртын жана ичин, купуясын жана ашкересин, єткєнїн жана келечегин Билїїчї. Андан эч нерсе жашыруун эмес. |
| Ал Барру (الْبَرّ) | Калк-калайыкка эсепсиз жакшылык кылуучу. Анын нээмат-жакшылыгын эч ким санап бїтїрє албайт. Ал убадасын аткарып, пенделерин кечирет, жардам берет, коргойт. Пендесинин биртке амалын дагы кабыл алып, аны чоўойтот. |

| | |
|---|---|
| Ал Хакийм (الْحَكِيم) | Ар нерсени өз ордуна койгон Даанышман. Анын даанышмандык менен түзгөн пландарына эч ким тоскоол боло албайт. |
| Ал Хакам (الْحَكَم) | Элдерге адилет менен өкүм кылуучу. Эч кимге зулум кылбайт. Ал Өзүнүн ыйык китебин дагы пенделер арасында адилет менен өкүм кылуу үчүн түшүрдү. |
| Аш Шаакир (الشَّاكِر) | Өзүнө моюн сунган пенделерге шүкр (ыразычылык) билдирүүчү. Аз гана амал үчүн көп сыйлык-сооп берүүчү. Ошондой эле Өзү берген нээматка шүкүр кылган пенделерине дагы көп нээмат жана акыреттик сооп берүүчү. |
| Аш Шакуур (الشَّكُور) | Шүкүр кылуучу. (Мунун мааниси, пенденин аз гана амалына көп сооп берет) |
| Ал Жамийл (الْجَمِيل) | Өзүнүн затында, ысым-сыпаттарында жана пейилинде Сулуу. Жаратылыштагы бардык сулуулуктун Жаратуучусу. |
| Ал Мажийд (الْمَجِيد) | Асмандарда жана жерде улуулук, сыймыктуулук ээси. |
| Ал Валий (الْوَلِى) | Өзүнүн досторуна Дос, Жардамчы. Ааламдын иштерин Башкаруучу. |
| Ал Хамийд (الْحَمِيد) | Өзүнүн ысым-сыпаттарында Макталган. Ошондуктан Ага оорчулук-жеѕилдик, машакат-ырахат мезгилдеринде бирдей шүгүр (мактоо) айтылат. |
| Ал Маула (الْمَوْلَى) | Абсолут Ээ, Падыша жана Кожоюн. Өзүнүн досторуна Жардамчы. |
| Ан Насийр (النَّصِير) | Каалаган пендесине нусрат (жардам) берүүчү. Ал кимге жардам берсе, аны эч ким жеѕе албайт, Ал кимди кор кылса, ага эч ким жардамчы боло албайт. |
| Ас Самийъ (السَّمِيع) | Бардык нерселердин ичи-тышын, ашкересин жана сырын Угуучу. Дубаларды угуп, кабыл кылуучу. |
| Ал Басийр (الْبَصِير) | Ааламдагы бардык чоѕ-кичине, назик жана кылдат, жашыруун жана ашкере нерселерди Көрүүчү. |
| Аш Шахийд (الشَّهِيد) | Калк-калайыкты көзөмөлдөөчү – Күбө. Адилет жана түздүк менен Өзүнүн бирлигине (таухидине) Күбө. Ошондой эле, Өзүн таухид аркылуу тааныган момундардын, пайгамбарлардын жана периштелердин чынчылдыгына Күбө. |
| Ар Ракийб (الرَّقِيب) | Пенделердин амалдарын эсеп-китеп кылып, ар дайым алардын көзөмөлдөп туруучу. Аны ушул көзөмөлдөө макамынан эч ким жана эч нерсе алаксыта албайт. |
| Ар Рафийк (الرَّفِيق) | Пейилинде өтө Жумшак. Күнөөлүү элдерди жазалоого шашылбай, аларга мөөнөт берет, пенделерин күчү жетпеген ишке буюрбайт. |
| Ал Карийб (الْقَرِيب) | Бардык элдерге Өзүнүн илими жана кудурети менен Жакын. Айрыкча, ыймандууларга жумшактыгы жана жардамы менен Жакын. Ал – Арштын үстүндө. Анын улук, бийик жана таберик Заты макулуктарга аралашкан (ар жерде) эмес. |
| Ал Мужийб (الْمُجِيب) | Сурагандардын дубаларын Кабыл алуучу. |
| Ал Мукийт (الْمُقِيت) | Ырыскыны жаратуучу жана аны Өз макулуктарына жеткирип берүүчү. Пенделердин ырыскыларын жана амалдарын кемчилдиксиз сактоочу. |
| Ал Хасийб (الْحَسِيب) | Пенделердин диний жана дүйнөлүк иштерине Кепил болуучу. Анын кепилдигинен ыймандууларга чоѕ үлүш бар. Дагы бир мааниси: пенделердин амалдарын Эсептөөчү. |

| | |
|---|---|
| Ал Муъмин (الْمُؤْمِن) | Пайгамбарлар жана аларга ээрчигендердин чынчылдыгына Єзї кїбє болгонун жана алардын чынчылдыгына далил келтиргенин Тастыктоочу. Дагы бир мааниси: дїйнє-акыретте амандык (тынчтык) берїїчї. Ал Єзїнє ыйман келтирген адамдарга зулумдан, азаптан жана кыямат коркунучтарынан амандык берет. |
| Ал Маннан (الْمَنَّان) | Кєп жакшылыктар кылуучу. Ал калк-калайыкты нээматтары менен ороп салган. |
| Ат Тойййб (الطَّيِّب) | Бардык айып-кемчилдиктерден Таза. Абсолют сулуулук жана кемчилдиксиздиктин Ээси. Ал Єзї Таза болгону себептїї амалдардын дагы тазаларын жана ыклас менен жасалгандарын кабыл алат |
| Аш Шаафий (الشَّافِى) | Жїрєк жана дене ооруларына Шыпаа берїїчї. Пенделердин колунда Аллах таала каалагандан башка шыпаа жок. Бардык шыпаа Аллахтын колунда. |
| Ал Хафийз (الْحَفِيظ) | Ыймандуу пенделерди жана алардын амалдарын Сактоочу. Ошондой эле, Єзїнїн кудурети менен ааламдардагы бардык макулуктарды (жаратылган нерселерди) Сактоочу. |
| Ал Вакийл (الْوَكِيل) | Ааламдардын жалгыз Башкаруучусу, бардык жардам сураган калктардын Таянычы. Ыймандуу адамдар ар бир ишке киришїї алдынан Ага тобокел кылышат (таянышат), Андан жардам сурашат жана жардам бергенден соў Ага шїгїр кылышат. Эгер кандайдыр мусибат (сыноо) менен сыналчу болсо, ал сыноого ыразы болушат. |
| Ал Халлак (الْخَلاَّق) | Кєп жана токтоосуз Жаратуучу. Аллах таала жаратуудан токтогон эмес жана токтобойт. |
| Ал Холик (الْخَالِق) | Бардык нерселерди абалкыдан жана теўжешсиз Жаратуучусу. |
| Ал Баариъ ` (الْبَارِئ) | Єзїнїн эзелки тагдырында жаратууну каалаган нерселерди жоктон Жаратуучу. |
| Ал Мусаввир (الْمُصَوِّر) | Єзїнїн ырайымы жана даанышмандыгы менен бардык нерселерге Єзї каалагандай сїрєт-кейип Жасоочу. |
| Ар Робб (الرَّبُّ) | Кожоюн, Жаратуучу, Ээ. Калк-калайыкты Єз нээматтары менен Тарбиялоочу. Ал Єзїнїн досторунун алардын жїрєктєрїн тазартуу менен тарбиялайт. |
| Ал Азийм (الْعَظِيم) | Затында жана ысым-сыпаттарында абсолют улуулуктун Ээси. Ошондуктан, бардык элдер Аны жана Анын буйруктарын улук билип, урматтоолору кажет. |
| Ал Каахир (الْقَاهِر) | Жеўїїчї. Єзїнїн каалоосуна моюн сундуруучу. Пенделер ар дайым Анын алдында тємєн. Ал болсо, ар дайым Жеўїїчї жана Жогору. У эса доимо ғолиб ва олийдир. Ал эми, Каххар ысымы Каахирдин кїчєтїлгєн маанисин билдирет. |
| Ал Каххар (الْقَهَّار) | |
| Ал Мухаймин (الْمُهَيْمِن) | Бардык нерселерди сактап, камтып туруучу. |
| Ал Азиз (الْعَزِيز) | Бардык улуулуктун жана кудуреттин Ээси. Андыктан, Анын кудурети улук – Жеўилгис, каары жана кїчї ченемсиз – эч нерсе Анын уруксатысыз арекеттене албайт. |
| Ал Жаббар (الْجَبَّار) | Бардык нерселерди Єзїнїн каалоосуна жана єкїмїнє мажбур тїрдє моюн сундуруучу. Ал кааласа муктажга жардам берет, кедейди бай кылат, оорду жеўил кылат, оорулууга шыпаа берет жана кайгы-капаны кетирет. |

| | |
|---|---|
| Ал Мутакаббир (الْمُتَكَبِّر) | Бардык кемчилдиктерден жана жамандыктардан Жогору. Пенделерге зулум кылуудан Бийик. Бул сыпатарды “кибрия” деп аталат. Аллах ушул кибриялык сыпатты Єзінєн талашкандарды тозокко салат. |
| Ал Кабийр (الكَبِير) | Єзінін затында жана ысым-сыпаттарында бардык нерседен Улук. Анын улуулугунун алдында ар кандай чоў нерсе кыпын!. |
| Ал Хайий (الْحَيِي) | Єзінін улуулугуна ылайык Ыйбалуу. Анын ыйбасы биреєдєн тартынгандан эмес, балким Анын улуулугунан жана жакшылыгынан улам. |
| Ал Хайй (الْحَى) | Тібєлік Жашоочу. Анын жашоосунун башталышы да, акыры да жок. Ааламдардагы бардык жашоо Андан. |
| Ал Кайюм (القَيُّوم) | бардык нерселерди сактап, коргоп Туруучу. |
| Ал Ваарис (الوَارِث) | Бардык жаратылган нерселер жок болгондон кийин жалгыз калуучу. Бардык нерселер жоголот, инсандар дагы єтєт, біт ааламдардын мілкі чыныгы ээси – Аллахка кайтат (калат). |
| Ад Даййан (الدَّيَان) | Кыяматта Суракка тартуучу. Бардык элдер Анын алдында баш ийип турушат. Ал бардык элдерди сурагандан кийин, жакшылык жасагандардын сообун кєбєйтіп берет, кінєєліілєрді жазага тартат, эгер кааласа кечирип жиберет. |
| Ал Малик (الْمَلِك) | Ааламдардын Падышасы. Буйрук дагы тыюу дагы жеке Єзінє таандык. Ал Єз мілкі жана элине каалагандай мамиле жасайт. Аныкынан ашыкча пазилет жана укук эч кимде жок. |
| Ал Маалик (الْمَالِك) | калк-калайыкты жараткан абсолют Кожоюн, Ээ, Падыша. |
| Ал Малийк (الْمَلِيك) | Абсолют мілк Ээси. Ал Малийк Ал Мааликтин кічєтілгєн маанисин билдирет. |
| Ас Суббух (السُبُّوح) | Бардык айып-кемчилдиктерден Аруу. Анткени, Ал абсолюттук сулуулуктун жана кемчилдиксиздиктин Ээси. |
| Ал Куддус (الْقُدُّوس) | Бардык айып-кемчилдиктерден Аруу-Таза. Анын аруулугунун окшошу жок! |
| Ас Салам (السَّلاَمُ) | Єзінін пейил-иштеринде жана ысым-сыпаттарында бардык айыптардан Саламат. Дійнєдєгі жана акыреттеги бардык саламатчылык Андан. |
| Ал Хакк (الْحَقّ) | Єзінін затында жана сыпаттарында, ошондой эле, кудайлык сыпаттарында Акыйкат. Чыныгы Маъбуд (кудай) – Анын Єзі. Андан башка кудайлардын бардыгы жалган кудайлар. |
| Ал Мубийн (الْمُبِيْن) | Пенделерге туура жолду да, адашуу жолдорун да кєргєзіп, анык баяндап беріічі. |
| Ал Ковий (القوِى) | Кічтіі. Ал каалаган жасай ала турган даражада абсолюттук кіч-кудурет Ээси. |
| Ал Матийн (الْمَتِيْن) | Кіч-кудуретинде Бекем. Єз ишин аткарууда Ага эч кандай кыйынчылык, тоскоолдук жана чарчагандык болбойт. |
| Ал Каадир (الْقَادِر) | Бардык нерсеге Кудуреттіі. Жер-асмандардагы эч нерсе Аны алсыз кыла албайт. Ал бардык нерселердин тагдырын белгилейт. |
| Ал Кадийр (الْقَدِيْر) | Бул ысым Ал Каадир менен бирдей мааниде, бирок, ага караганда кічєтілгєн мааниге ээ. |
| Ал Муктадир (الْمُقْتَدِر) | Чексиз кудурет Ээси. |

| | |
|---|---|
| **Ал Алий (الْعَلِيُّ),**<br>**Ал Аълаа (الأَعْلَى)** | Ал-абалы, каары жана заты Бийик. Бардык нерсе Анын каары менен салтанат-бийлигинин астында. Андан бийик-жогору болгон эч ким жок. |
| Ал Мутаъал (الْمُتَعَالُ) | Бийик, Жогорку. Анын бийиктигинин алдында ар нерсе төмөн. |
| Ал Мукаддим (الْمُقَدِّمُ) | Оздуруучу, алга кылуучу. Ал Өзүнүн даанышмандыгы менен каалаган нерсесин алдыга жылдырат, каалаган пендесин оздурат. |
| Ал Муаххир (الْمُؤَخِّرُ) | Өзүнүн даанышмандыгы менен каалаган нерсесин Кечендетүүчү, артка жылдыруучу. Ошондой эле Ал, тообо кылууларын күтүп, күнөөлүү пенделерге азап жиберүүнү да артка жылдырат. |
| Ал Мусаъьир (الْمُسَعِّرُ) | Баалоочу, кадырын өлчөөчү. Ал бардык нерселердин кадыр-баркын жана таасирин баалап, аны жогору же төмөн кылат. Демек, ар кандай нерсе Анын баасынын, сынынын алдында арзан же кымбат, кадырлуу же кадырсыз болот. |
| Ал Каабиз (الْقَابِضُ) | Ырыскыларды жана жандарды Алуучу. Ал Өзүнүн даанышмандыгы менен каалаган пендесинин ырыскысын же жанын алат. |
| Ал Баасит (الْبَاسِطُ) | Ырыскыны жана ырайымды Кеңейтүүчү. Тообо кылган күнөөлүүлөр үчүн кечирим колун кең ачуучу. |
| Ал Аввалу (الأَوَّلُ) | Эң Абалкы, Эзелки. Андан мурун эч ким жана эч нерсе болгон эмес. Бардык нерселерди Ал жараткан. Ал эми, Өз барлыгынын башталышы жок. |
| Ал Аахиру (الآخِرُ) | Эң Акыркы. Андан кийин эч ким жана эч нерсе болбойт. Ал – Түбөлүк! Башка бардык нерселер өтүүчү. Анын барлыгынын акыры жок. |
| Аз Заахиру (الظَّاهِرُ) | бардык нерселерден Үстүңкү. Андан үстүдө эч нерсе жок. Ал бардыгынан жогору жана бардык нерселерди камтып турат. |
| Ал Баатину (الْبَاطِنُ) | Бардык нерселерден Тереӊ. Андан тереӊ эч нерсе жок. |
| Ал Витр (الْوِتْرُ) | Теңдешсиз Жеке, шериксиз Жалгыз. |
| Ас Саййид (السَّيِّدُ) | Элдердин үстүнөн толук ээлик кылуучу. Ал элдердин Ээси жана Раббиси. Ал эми бардык калк-калайык болсо Анын жаратканы жана пенделери. |
| Ас Сомад (الصَّمَدُ) | Беймуктаж. Бардык макулуктар Ага муктаж, Ал эч кимге жана эч нерсеге муктаж эмес. Ал бардыгын тамактандырат, Өзү тамака муктаж эмес. |
| **Ал Вахид (الْوَاحِدُ)**<br>**Ал Ахад (الأَحَدُ)** | Бардык кемчилдиксиз сыпаттарында Жалгыз. Ал – теӊи жана окшошу жок Бирөө. Ошондуктан бардык калк-калайык Өзүнө гана сыйынуулары важып. |
| Ал Илах (الإِلَهُ) | ибадатка татыктуу жалгыз Кудай. |

**13. Аллах Тааланын ысымдары менен сыпаттарынын арасында кандай айырма бар?** Аллах Тааланын ысымдары менен сыпаттары, эгер алар менен коргоо тиленсе же касам (ант) ичилсе, анда бири-биринен айырмаланбайт[1].

[1] Маселен, ысымы менен ант ичип: «Аллахка ант!» десе да болот. Ошондой эле, сыпаты менен

Ал эми, төмөнкү маселелерде ал экөөнүн арасында айырмачылыктар болот: **1)** Аллахтын ысымдары менен бирөөнү атаса болот, бирок, сыпаты менен аталбайт. Маселен, «Карим» (Жоомарт) Аллах Тааланын ысымдарынан бири. Сиз мунун алдына «Абду» (пенде) деген көмөкчү сөздү кошуп «Абдул Карим» (Жоомарттын пендеси) деп балаңызга ат кылып коюшуңуз мүмкүн. Ал эми, «Карам» (Жоомарттуулук) – бул Аллах Тааланын сыпаты. Бирок, сиз эч кимге «Абдул Карам» (Жоомарттуулуктун пендеси) деп ат кылып коюшуңуз мүмкүн эмес. Ошондой эле, Аллахка дуба кылганда «Эй, Карим!» деп ысымы менен жалбарышыңыз мүмкүн. Бирок, «Эй, карам!» деп жалбарсаңыз болбойт.

**2)** Аллах Тааланын сыпаттары Анын ысымдарынан чыгарып алынат. Маселен, «Рахман» (Ырайымдуу) деген ысымынан «рахмат» (ырайымдуулук) деген сыпаты чыгарылган. Ал эми, сыпаттарынан ысымдары чыгарылбайт. Маселен, Аллах Тааланын «истиваа»[1] (көтөрүлүү) деген сыпаты бар. Бул сыпаттан эч качан «Муставий» (көтөрүлүүчү) деген ысым чыгарылбайт.

**3)** Ошондой эле, Аллах Тааланын ысымдары Анын пейилдеринен дагы алынбайт. Маселен, Аллах Тааланын эч нерсеге окшобогон пейилдеринен бири «газаб» (ачуулануу). Аллах Тааланын ачуусу келет. Бирок, биз бул пейилден «Гаазиб» (Ачуулануучу) деген ысымды чыгаруу мүмкүн эмес.

**14. Периштелерге ыйман келтирүүнүн мааниси эмне?** Мунун мааниси алардын бар экенине, Аллах Таала аларды Өзүнө ибадат үчүн жана буйруктарын аткаруучулар кылып жаратканына анык-айкын ишенүү. Аллах Таала айткан: ﴿ عِبَادٌ مُّكْرَمُونَ ٢٦ لَا يَسْبِقُونَهُۥ بِٱلْقَوْلِ وَهُم بِأَمْرِهِۦ يَعْمَلُونَ ﴾ ***«Алар – урматтуу пенделер. Аллахтан озунуп сүйлөбөйт. Алар дайым Анын буйругу менен иш кылышат».*** **(Анбия-26)**

**Периштелерге ыйман келтирүү төмнкү иштерди өзүнө камтыйт:** **1)**Алардын бар экенине ишенүү. **2)** Алардын арасынан бизге аты аталгандарына ыйман келтирүү. Маселен, Жибрийл периштеге. **3)** Бизге Аллах Таала жана пайгамбарыбыз кабар бергендей, алардын үлкөн келбеттүү сыпаттарына ыйман келтирүү. **4)** Алардын атайын иштерине ыйман келтирүү. Маселен, «Малакул маувт» деген периштенин атайын дайындалган иши жандарды алуу экенине ыйман келтирүү.

**15. Кураан эмне?** Кураан – бул Аллах Тааланын Сөзү (Калаамуллах). Аны тилават кылуу – ибадат. Кураан Андан келген, Өзүнө кайтат. Кураан тамгасы жана добушу менен Аллахтын сүйлөгөнү. Аны Аллах Тааладан Жибрийл периште угуп, Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламга алып келген. Асмандан түшкөн Ыйык Китептердин бардыгы Аллахтын Сөздөрү[2].

**16. Дин ишибизде Сүннөттүн эмне кереги бар? Кураандын өзү менен чектелсе болбойбу?** Болбойт. Аллах Таала Сүннөттөрдү да алууга буюруп,

---

ант ичип: «Ырайымдууга ант!» десе да боло берет.

[1] Арштын їстїнє

[2] Бирок, учурдагы Тоорат менен Инжилге адамдардын сєздєрї аралашып кеткен.

мындай деген:﴿ وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ ﴾ ***«Пайгамбар силерге эмнени берсе – алгыла, эмнеден кайтарса – кайткыла».*** **(59/7)** Сүннөт бизге Кураан аяттарын түшүндүрүп берет. Эгер Сүннөт болбосо, биз намаз сыяктуу дин маселелерин кеңири билмек эмеспиз. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам бир хадисинде: ***«Уккула, мага Кураан менен бирге дагы ошончосу (сүннөттөр) берилди. Бир замандар келет, анда бир тамакка тойгон адам(дар) чыгып: «силер Кураанды кармасаңар жетиштүү. Анда эмнени адал деп тапсаңар –аны адал санагыла. Эмнени арам деп тапсаңар – аны арамга чыгаргыла» деп жалган сөздөрдү айтат».*** **(Ахмад, Абу Дауд)**

**17. Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн мааниси эмне?** Мунун мааниси: «чынында, Аллах Таала ар бир эл арасынан, аларды жеке Аллах Таалага сыйынууга жана Андан башка жалган кудайларга каапыр болууга даават кылган пайгамбарларды чыгарган, алардын бардыгы чынчыл, кийинки пайгамбарлар тарабынан тастыкталган, тура жолго баштоочу, улуу-урматтуу, ыйык-таза, такыбалуу, аманаттуу, адашпаган пенделер. Алар өздөрүнө жүктөлгөн элчилик милдетин толук аткарып, динди элдерге жеткиришкен, алар элдердин эң абзелдери жана алар туулгандан өлгөнгө чейин Аллах Таалага ширк кылышкан эмес» деп, анык ишенүү.

**18. Кыяматта кандай шапааттар[1] бар?** Көп шапаатар бар. Эң чоң шапаат бул – «улуу шапаат» деп аталган шапаат. Бул шапаат адамдар «Мавкиф» майданында өздөрүнө өкүм кылынышын күтүп элүү миң жыл тургандан кийин пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллаху алайхи ва саллам тарабынан болот. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам Аллах Тааладан адамдарга ажырым-сурак кылууну сурап, аларды колдойт. Бул шапаат пайгамбарыбызга гана тиешелүү. Аллах Таала бул улуу даражаны[2] ага убада кылган эле. Экинчи шапаат-колдоо Бейиштин эшигин ачылышын суроо маалында болот. Бейиштин эшигинен эң биринчи пайгамбарыбыз кирет. үммөттөр арасынан мусулмандар эң биринчи киришет. Үчүнчү шапаат кээ бир тозокко буюрулган адамдарды ага киритпөөсүн Аллахтан суранган учурда болот. Төртүнчү шапаат – бул күнөө кылган бирок, Аллахка ширк келтирбеген адамдарды колдоп, аларды тозоктон чыгарууну Аллах Тааладан суроо. Бешинчи шапаат Бейиштеги кээ бир коомдордун даражасын көтөрүүнү Аллахтан суроо. Акыркы үч шапаат бардык пайгамбарларга, периштелерге, салих пенделерге жана шейиттерге тиешелүү. Бирок, булардын башында да пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам турат. Алтынчы шапаат кээ бир коомдорду Бейишке эсеп-китепсиз (сураксыз) киритүү жөнүндө болот. Жетинчи шапаат кээ бир каапырлардын азабын жеңилдетүү жөнүндө болот. Бул пайгамбарыбызга гана чектелүү ал киши каапыр бойдон өлгөн абасы Абу Талиптин азабын жеңилдетүүнү Аллахтан сурайт. Кийин Аллах Таала Өз

---

[1] Шапаат – сєздіктє «колдоочу», «арачы». Ал эми шарияттык мааниси бирєєнікoлдоо їчїн анын н кїнєєсїн Аллах Тааладан сурап берїї.

[2] Шариятта бул даража «макаамун махмуд» деп аталат.

ырайымы менен кээ бир коомдорду эч кимдин шапаатысыз эле тозоктон чыгарып, Бейишке киргизет. Алар ажал убактысында таухид (келмеси) менен өлүшкөн эле.

**19. Бул дүйнөдө көзү тирүү адамдардан шапаат** (жардам, колдоо) **сураса болобу?** Болот. Шариятыбыз бирөөгө жардам берүүнү парыз кылган. Буга далил Аллах Тааланын: ﴿ وَتَعَاوَنُوا۟ عَلَى ٱلْبِرِّ وَٱلتَّقْوَىٰ ﴾ ***«жакшылык жана такыба иштерде бири-бириңерге жардам бергиле»*** **(Маида-2)** деген сөзү. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы: ***«эгер пенде бирөөгө жардам берүү менен убара болсо, ага Аллах тала жардам берет»*** деген. **(Муслим риваяты)** Ал эми шапаат (ортомчулук) боюнча айтсак, бул улук, пазилеттүү иштерден. Аллах Таала айткан: ﴿ مَّن يَشْفَعْ شَفَٰعَةً حَسَنَةً يَكُن لَّهُۥ نَصِيبٌ مِّنْهَا ﴾ ***«Ким жакшы шапаат (жардам) кылса, ага ошондон үлүш бар».*** **(Ниса-85)** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы бул багытта мындай деген: ***«Шапаат кылгыла – соопко ээ болосуңар»*** **(Бухарий).** Бирок, шапаат суроонун шарттары бар. Алар төмөндөгүлөр: **1)** Жардам сурала турган адам тирүү болушу. Анткени, өлүктөр бирөөгө жардам бермек тургай, өздөрү жардамга муктаж. **2)** Ал өзүнө эмне маселеде кайрылуу болуп жатканын түшүнүүсү. **3)** Жардам сурала турган адам (сураган адамдын) алдында болушу. **4)** Суралган нерсе мүмкүн нерселерден болушу. **5)** Дүйнө иштеринен болушу. **6)** Зыяны жок иштерден болушу.

**20. Тавассул[1] мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо нече түргө бөлүнөт?** Ооба. Тавассул мүмкүн. Анын эки түрү бар: Биринчиси: мүмкүн тавассул. Экинчиси мүмкүн эмес (арам) тавассул. Мүмкүн (Шарият жол берген) тавассул үч түргө бөлүнөт: **1)** Аллах Таалага Анын ысым-сыпаттарын ортого коюп кайрылуу. **2)**Пенде өзүнүн кээ бир жакшы иштерин ортого коюп Аллахка кайрылуу. Бул үңкүргө камалып калып, өздөрүнүн жакшы иштерин Аллах Таалага тавассул кылгандан кийин гана Аллах аларга жардам бергени жөнүндөгү хадисте баяндалган. **(Бухарий, Муслим)** **3)** Дубасы кабыл болот деп ишенген такыба, салих, мусулман адамды Аллах Таалага васила кылуу. Мунун шарты ал адам тирүү жана васила кылган адамдын алдында болушу зарыл.

**Ал эми, арам тавассул дагы өз кезегинде экиге бөлүнөт: 1)** Аллах Таалага пайгамбарлардын, олуялардын арбактарын тавассул кылуу. Маселен: «эй, Аллахым! Пайгамбарыбыздын урматы үчүн мага паландай тилегимди бер?!», «Эй, Раббим! Пирибиз паланчанын урматы менен суранам, мага түкүндөй тилегимди бер?!» деген сыяктуу. Туура. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын Аллахтын алдында урматы өтө бийик, ошондой эле олуя, салих адамдардын да урмат-сыйы бар. Бирок, пайгамбарды, динди бизден жакшы билген сахаабалар эч качан ал кишинин (пайгамбарыбыздын) арбагын єздєрї менен Аллахтын ортосуна коюп тавассул кылышкан эмес. Аларга эң оор болгон каатчылык келгенде да, ал улук заттын кабыры алардын алдында

[1] Тавассул же васила – дубасы кабыл болуу їчїн бир адамды же нерсени ортого коюп, Аллахка жагынууга аракет жана Ага дуба кылуу.

турса да, пайгамбарыбыздын арбагын ортого коюп, Аллахтан сурашкан эмес. Тескерисинче, пайгамбарыбыздын амекиси Аббаска барышып, «Бизге дуба кылыңыз, Аллахым жамгыр жаадырса экен!» деп, аны (тирүү адамды) тавассул кылышкан. **2)** Аллахтан муктаждыкты сурап жаткан пенде, пайгамбардын же олуялардын атына ант ичиши. Маселен: «Эй, Аллахым! Улук пайгамбарыңдын ысымына ант ичип Сенден суранам, тилегимди бер?!» деген сыяктуу. Анткени, макулукка ант бергенде макулукту оозданну мүмкүн эмес болсо, Аллахка ант ичип жатканда макулукту аралаштыруу андан бетер арам.

**21. Акыретке ыйман келтирүүнүн мааниси эмне?** Мунун мааниси: «Дүйнөнүн акыры албетте болот. Бардык адамдар өлүп, кабырга коюлушат. Кабырда сыноо деген бар. Кабыр азабы жана ырахаты деген бар. Кыямат башталаарда «Сур» кернейи тартылып, бардык адамдар мүрзөлөрүнөн тирилип туруп, Раббисине сурак баргени барышат. Ал жерде ар бир адамга амал баракчалары таратылат. Тараза коюлуп, күнөөлөр менен сооптор тартыылат. Анан «Сират» көпүрөсү деген бар, «хауз» деген бар, «шапаат» деген бар. Ушулардан кийин пенде же Бейишке же Тозокко кетет» деп, анык ишенүү жана булардын баарын тастыктоо.

**22. Кыяматтын чоң белгилери кайсылар?** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын кабар бергени боюнча: ***«Силер он белгини көрмөйүнчө кыямат болбойт. (деп, аларды) санады: түтүн, Дажжал, Даабба, күндүн Батыштан чыгышы, Ыйса бин Марямдын (асмандан жерге) түшүүсү, Яажуж-Маажуж, үч каатчылык: Чыгыштагы каатчылык, Батыштагы каатчылык жана араб жарым аралындагы каатчылык. Ал эми, булардын (белгилердин) акыркысы Емендөн чыгып, адамдарды (кыяматта) чогулуучу жерине айдап баруучу от»*** (Муслим)

**23. Адамдарга келе турган эң чоң сыноо кайсы?** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***«Адам-Ата жаратылгандан баштап, кыяматтын аралыгында Дажжалдан чоңураак балээ (сыноо) жок»*** (Муслим). Ал (Дажжал) Адам урпагынан болуп, акыр заманда чыгат. Эки көзүнүн аралыгында (ك ف ر) «**к-ф-р**» (капыр) деген жазуу болот. Аны ар бир ыймандуу окуй алат. Анын оң көзү кылый, (шиңгилден ажырап) бөртүп турган жүзүмгө окшойт. Оболу ал жакшылык иштерди жасадым деп жар салат, кийин «пайгамбармын» дейт, андан кийин «кудаймын» дейт. Бир комго келип, аларды өзүнө ыйман келтирүүгө чакырат. Алар «сен жалганчысың!» деп, сөзүн четке какканда, кайтып кетет. Анан, жанагы ишенбеген адамдардын малдары дагы ага ээрчип кетип, куржалак калышат. Анан дагы бир элге келип, аларды «даават кылат». Алар тастыктап, ыйман келтиришет. Анан, Дажжал асманга «жамгырыңды жаадыр!» деп буюраар замат,жамгыр себелеп баштайт. Жерге «чөптөрүңдү чыгар!» деп буюрса, бар-жок көгала майдан жайлоо болуп калат. Адамдарга келгенде суу жана от менен келет. Оту муздак суу, суусу от ... Ар бир момун-мусулман ар намазынын акырында анын фитнасынан Аллахка жалбарып, коргоо тилеши кажет. Кайсы адам эгер аны көрсө, «Кахф» сүрөсүнүн башталышын окусун

жана ага – анын фитнасына жолугуудан абайласын! Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«Ким Дажжал жөнүндө укса, андан качсын! Аллахка ант: өзүн ыймандуу эсептеген адам ага келет жана ал козгогон шектенүүлөрдөн улам, аны ээрчип кетет!»*** **(Абу Дауд)**. Ошентип, Дажжал жер бетинде кырк күн турат. Бир күнү бир жылга тете, дагы бир күнү бир айга тете, дагы бир күнү бир жумага барабар, калган күндөрү биздин күнүбүздөй. Ал Макка жана Мадинадан башка[1] бардык өлкөлөргө, жерлерге жетип, кирип барат. Кийин асмандан Ыйса алейхи салам түшүп, аны өлтүрөт.

**24. Бейиш менен Тозок барбы?** Ооба. Аллах Таала аларды инсаниятtan мурун жараткан. Алар түбөлүк. Аллах Таала Өзүнүн пазилети менен Бейишке ылайык адамдарды да жараткан, Өзүнө гана белгилүү даанышмандыгы менен тозокко ылайык адамдарды да жараткан.

**25. Тагдырга ыйман келтирүү дегени эмне?** Бул ар бир жакшылык жана ар бир жамандык Аллах Таала белгилеген өкүм жана тагдыр менен гана болот деп анык ишенүү. Аллах Таала каалаганын жасоочу. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«Эгер Аллах Таала асмандар жана жердегилерди азапка салса дагы, аларга зулум кылбай[2] азаптайт. Ал эми, эгер ырайым кылса, бул ырайымы алардын (сооп) амалдарынан ашыгыраак болот. Эгер сен Аллахтын жолунда Ухуд тоосунча алтын садака кылсаң да, тээ тагдырга ыйман келтирмейинче жана сага жеткен кайгы сага тийбей калбасын жана сага жетпеген кырсыктар сага арналбаганын анык билмейинче (садакаңды) кабыл албайт! Эгер сен бул ишенимден башка ишеним менен өлсөң, анда тозокко түшөсүң!»*** **(Ахмад жана Абу Дауд риваяты)**

**Тагдырга ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине камтыйт: 1)** Аллах Таала бардык чоң-кичине нерселерди жибинен ийнесине чейин билет деп ишенүү. **2)** Ал Өзүнүн бул илимин Лавхул Махфузга жазганына ишенүү. Анткени, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«Аллах Таала калк-калайыктын тагдырын жер-асмандарды жаратуудан элүү миң жыл илгери жазып койгон»*** **(Муслим)** **3)** Аллахтын каалоосу бардык нерсеге өтүүчү. Аны эч нерсе катара албайт. Анын кудуретинен күчтүү эч нерсе жок. Ал каалаган ар нерсе болот. Каалабаган эч нерсе болбойт деп ишенүү. **4)**Аллах нерселердин бардыгынын Жаратуучусу. Андан башканын бардыгы макулук (жаратылган) деп ишенүү.

**26. Адамдарда дагы каалоо жана кудурет барбы?** Ооба. Бирок, алардын каалоо-кудуреттери Аллах Тааланын каалоосунан өз алдынча эмес. Аллах Таала айткан: ﴿وَمَا تَشَاءُونَ إِلَّا أَن يَشَاءَ اللَّهُ﴾ ***«Силер Аллах каалаган нерселерди гана каалай аласыңар»*** **(81/29)**. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы: ***«Амал кыла бергиле. Ар бир адамга (Аллах тарабынан арнап) жаратылган иштер жеңил кылып берилет»*** деген. **(Муттафакун алайх)** Бирок, Аллах Таала

---

[1] Кээ бир булактарда Байтул-Макдиске жана Тур тоосунун тегерегине да кире албайт деп айтылынат.

[2] Єз кылмыштарына жараша

бизге жакшы-жаманды, адал-арамды ажыратуу үчүн акыл, көз, кулак берди. Бир адам уурулук кылып, анан: «Аллах мага ушуну жазса эмне кылайын?» деп актанса, акылга тура келеби? Адамдардын алдында акталабы? Демек, тагдырга шилтеп жаман иштерди жасоо жеткен жалганчылык[1]. Аллах Таала айтты:

﴿سَيَقُولُ الَّذِينَ أَشْرَكُوا لَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا أَشْرَكْنَا وَلَا آبَاؤُنَا وَلَا حَرَّمْنَا مِن شَيْءٍ ۚ كَذَٰلِكَ كَذَّبَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ﴾

***«Ширк келтирген адамдар дароо: «эгер Аллах каалаганда биз дагы, ата-бабаларыбыз дагы ширк кылбайт элек, өзүбүзчө эч нерсени арам кылып албайт элек» дешет. Алардан мурдагы (каапыр) адамдар да ушинтип жалган айтышкан»*** **(6/148)**

**27. Эхсан деген эмне?** Дал ушундай суроо менен кайрылган кишиге пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мындай деп жооп берген: ***«Аллахка Аны көрүп тургандай ибадат кылууң. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп турат»*** **(Муслим)** Эхсан диндеги үч бийик дараженын бири.

**28. Таухид нече бөлүктөн турат?** Үч бөлүктөн турат: **1)** Рубубийя таухиди. Мунун мааниси Аллах Тааланы, жаратуу, ырыскы таап берүү, өлтүрүү, тирилтүү сыяктуу пейилдеринде шериксиз деп ишенүү. Пайгамбарыбыздын доорундагы каапырлар дагы бул ишенимди моюндарына алышкан. **2)**Улухийя таухиди. Мунун мааниси, Аллах Тааланы намаз, дуба, назир, садака сыяктуу ибадаттар менен жалгыздоо[2]. Бардык пайгамбарлар ушул (экинчи) таухидди орнотуу үчүн жиберилишкен[3]. Бардык ыйык китептер дагы ушул максатта түшүрүлгөн. **3)** Ысым-сыпаттар таухиди. Мунун мааниси Жалгыз Аллах Таала гана бардык кемчилдиксиз жана оң сыпаттарга Ээ, бардык кемчилдиктүү, терс сыпаттардан Аруу деп ишенүү жана Аны таанып-билүүдө Ага ар кандай ысып-сыпаттарды таңуулай бербей, Өзү жана пайгамбары үйрөткөн ысымдар менен гана, аларды бузбай, бурмалабай, жокко чыгарбай жана башка нерсенин сыпатына окшотпой таануу.

**29. «Валий» (олуя) деген ким?** Валий деген – бул такыбалуу, таза ибудаттуу адам. Мунун далили төмөндөгү аят-хадисте: Аллах Таала айткан:

﴿أَلَا إِنَّ أَوْلِيَاءَ اللَّهِ لَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ ﴿٦٢﴾ الَّذِينَ آمَنُوا وَكَانُوا يَتَّقُونَ﴾ ***«Чынында, Аллахтын валий-достору.., аларга (кыяматта) коркунуч жок жана алар кайгы-капага батышпайт. Алар ыйман келтирген жана такыбалуу кишилер болушкан».*** **(Юнус-62)** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***«Чынында, менен досум Аллах жана салих (таза ыймандуу) момундар»*** **(Муттафакун алайх)**

---

[1] Халифа Умардын доорунда бир уурунун колун кесїїгє єкїм кылса, «эй, момундардын эмири! Мен Аллахтын тагдыры менен уурулук жасадым-го?!» деп актанууну каалаганда, ал: «биз дагы Аллахтын тагдыры менен сенин колуўду кесебиз» деп жооп берген экен.

[2] Башкача айтканда Аны жеке-жалгыз ибадатка ылайык Зат деп ишенїї жана бардык ибадаттарды Єзїнє гана арноо.

[3] Анткени, алардын каапыр элдери Аллахтын бар экенине, жаратуучу, ырыскы берїїчї, єлтїрїїчї, тирилтїїчї жана асман жердин кожоюну экенине ыйман келтиришкен, бирок, сыйынууга келгенде ибадаттарын Аллахтан башкага арноо менен ширк келтиришкен. Пайгамбарлар ошол ширкти жоюу вазыйпасы менен жиберилген.

**30. Биз пайгамбарыбыздын сахаабаларына карата кандай мамиле жасашыбыз зарыл?** Биз аларды сүйүшүбүз, аларга Аллахтан ыраазылык тилешибиз[1], жүрөгүбүздү аларды жек көрүүдөн, тилибизди аларды жамандоодон саламат сакташыбыз, алардын жакшылык-пазилеттерин жайылтышыбыз, каталарынан, өз ара жаңжалдарынан тилибизди тыйышыбыз важып. Туура. Алар деле пенде, алар деле ката кетирүүдөн маьсум (корголгон) эмес. Бирок, алар жакшылыкка ижтихад[2] кылышкан. Ижтихад кылганда туура тапкандары эки соопко, адашкандары бир соопко ээ болушкан, ижтихад кылганы үчүн. Алардын каталары кечирилген. Эгер алардан кандайдыр ката кеткен болсо да, муну менен пазилет-улуулуктары жуулуп кетпейт. Сахаабалар улуулук-пазилетте єз ара айырмаланышат.

**Алардын арасындагы эӱ абзелдери тємєндєгїлєр:** **1)** Абу Бакр, **2)**Умар, **3)**Усман, **4)** Али, **5)** Талха, **6)** Зубайр, **7)** Абдуррахман бин Ауф, **8)** Саъд бин Абу Ваккас, **9)** Саийд бин Зейд, **10)** Абу Убайда бин Жаррах.

Алардан кийин бардык мухажирлер,[3] алардан кийин Бадр казатына катышкан мухажирлер менен ансарлар,[4] алардан кийин башка сахабалар. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам сахабалары жөнүндө мындай деген: ***«Менин сахаабаларымды сөкпөгүлө! Жанымдын Ээсине ант ичип айтамын: эгер силерден бирөңөр Ухуд тоосунча алтын садака кылса да, алардан биринин бир «мудд[5]» садака кылганынча дагы, анын жарымынча дагы соопко ээ боло албайт!»*** **(Бухарий, Муслим)**

**Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы мындай деген:** ***"Ким менин сахабаларымды сєксє, ага Аллахтын, периштелердин жана бардык адамдардын наалаты болсун!"*** **(Табараани)**

**31. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламды Аллах сыпаттагандан жогорураак бийиктиктерге көтөрүп, аша чаап мактасак болобу?** Албетте, пайгамбарыбыздын бардык калк-калайыктан улуулугунда, абзелдигинде шеек жок. Бирок, биз аны христиандар Ыйса алейхи саламды мактагандай аша чаап мактагандан кайтарылганбыз. Пайгамбарыбыздын өзү бизге мындай таалим берген: ***«Мени, христиандар Марямдын уулун көкөлөтө мактаганы сыяктуу аша чаап мактабагыла. Мен Аллахтын кулумун. Ошон үчүн «Аллахтын кулу жана элчиси»*** дегиле» **(Бухарий)**

**32. Китеп ээлери (яхудийлер менен христиандар) ыймандуу деп эсептелеби?** Яхудийлер дагы, христиандар дагы, алардан башка динди кармагандар дагы – бардыгы каапыр. Эгер түпкүлүгүндө туура болгон динге[6]

---

[1] Ошон їчїн мусулмандар сахаабалардын атын укканда «разияллоху анху» (андан Аллах ыраазы болсун!) дешет

[2] Ижтихад – Аят-хадистерге таянуу менен динде бир маселени чечїї

[3] Меккеден Мединага кєчїп (хижрат кылып) баргандар.

[4] Меккеден кєчїп келген мухажирлерди єздерїнєн артык кєрїп тосуп алган, анан аларга, ислам пайгамбарына жана исламга чоӊ жардам берген мединалык сахабалар.

[5] Єлчєм бирдиги. Бир мудд орточо 900 граммдын тегерегиндеги салмакка барабар

[6] Яхудий дини дагы, насаара дини дагы тїпкїлїгїндє Аллахтан келген чындык. Бирок, кийин аны бузуп-бурмалап жиберишкен.

ээрчиген болсо да. Пайгамбарыбыз Ислам динин алып келгенден кийин эч бир адамдан башка динде жасаган ибадаты кабыл болбойт. Анткени, Аллах Таала мындай деген: ﴿ فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ ﴾ ***«Андан** (ибадаты) **кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыян тарткандардан болот»*** **(3/85)** Эгер кайсы бир мусулман аларды каапыр деп ишенбесе же алардын диндеринин жалгандыгынан шек санаса анын єзї да каапыр болот. Себеби, ал Аллах Тааланын мына бул өкүмүнө каршы чыкты: ﴿ وَمَن يَكۡفُرۡ بِهِۦ مِنَ ٱلۡأَحۡزَابِ فَٱلنَّارُ مَوۡعِدُهُۥۚ ﴾ ***«Бардык** (диний) **жамааттар арасынан ким ага** (Кураанга) **ыйман келтирбесе, ага убада кылынган жер – тозок!»*** **(11/17)**.

**Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан:** ***«Мухаммаддын жанына Ээ болгон Затка** (Аллахка) **ант ичип айтамын: бул элдерден яхудийси болобу, насаарасы**[1] **болобу, мени(н пайгамбарчылыгым жөнүндө) угуп, андан кийин мага ыйман келтирбеген абалда өлсө, ал тозок элдеринин ичинде!»*** **(Муслим)**

**33. Каапырларга зулум кылса болобу?** Зулум Аллах Тааланын мына бул кудсий хадисинен[2] улам арам кылынган: ***«Мен Өзүмө зулумду арам кылганмын. Силердин араңарда дагы арам кылдым. Эми, өз ара бири-бириңерге зулум кылбагыла!»*** **(Муслим)** Каапырлар, аларга мамиле жаатынан эки түрдүү болот: Биринчиси, Келишимдегилер. Алар үч бөлүккө бөлүнөт: **1)**Зиммийлер[3]. Алар мусулмандар менен түзгөн келишим боюнча (мусулмандардын кепилчилиги-коргоосу астында болгону себептүү) жизья салыгын төлөп, ислам мамлекетинде тынч-аман турушат жана ушул эле келишим боюнча алар Аллах менен пайгамбарынын өкүмүнүн астында болушат. Ошондуктан, ар бир мусулманга кепилденген тынчтык, укук аларга да берилет. **2)** Тынчтык келишимин түзгөндөр. Алар менен түзүлгөн келишим боюнча, өз мекендеринде бейпил жашай беришет, аларга кол салынбайт. Бирок, аларга ислам мыйзамдары (Аллах менен пайгамбардын өкүмү) жүргүзүлбөйт. Алар дагы мусулмандарга согуш ачпоого милдеттендирилет. Пайгамбарыбыз Мадина яхудийлери менен ушундай келишим түзгөн. **3)**Амандык берилгендер. Алар ислам мамлекетине зыяратка же соодага же дипломатиялык алакалар себептүү убактылуу жашоого келген каапырлар. Аларды өлтүрүлбөйт, жизья алынбайт. Ал эми, саясий башпаанек сурап келгендер болсо, аларга ислам сунуш кылынат. Кабыл алса – алды, албаса мекенине аман-эсен жеткирип коюлат. Экинчиси, согуш абалындагылар. Алар зиммадагылардан да, тынчтык келишиминдегилерден да эмес. Алардын арасында мусулмандарга ачык согуш жарыялагандары, айла-амал менен динге зыян келтиргендери бар. Аларга каршы (ислам жетекчисинин туусунун алдында) согуш алып барылат.

---

[1] Христиан
[2] Кудсий хадис – мааниси Аллах тааладан, бирок пайгамбарыбыздын тили менен айтылган хадистер.
[3] Мусулмандардын зиммасында (кепилчилигинин астында) болгону себептїї ушундай аталат.

**34. Бидьат деген эмне?** Ибн Ражабтын сөзү боюнча бидьат – бул шариятта негизи, далили жок кийин кошулган нерселер. Эгер кийин кошулса да, шарияттан далили жана негизи болсо, аны сөздүктө «бидьат» (кошулган жаңылык) деп аталганы менен шарияттык түшүнүктө бидьат болбойт.[1]

**35. Динде «бидьату хасана»** (жакшы бидьат) **жана «бидьату сайййиьа»** (жаман бидьат) **дегендер барбы?** Шарияттык түшүнүктөгү бидьаттарды айыптаган аят-хадистер көп. Жогоруда айткандай, алар кийин кошулган бирок, шариятта негиз-далили болбогон нерселер. Ушундай бидьаттар жөнүндө пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «***ким биздин ишибизден (исламдан) болбогон нерсени жасаса, өзүнө кайтат***» деген. **(Бухарий, Муслим)**. Дагы мындай деген: «***ар бир жаңы кошулган нерсе - бидьат, ар бир бидьат – адашуу***!» **(Абу Дауд)**. Имам Маалик (Аллах ага ырайымын төккөн болсун!) шарияттык түшүнүктөгү бидьат жөнүндө мындай пикир айткан: «ким исламда (мурда болбогон) бир жаңылыкты баштап, аны «бул – бидьату хасана» десе, «Мухаммад пайгамбарчылыкка кыянат кылды» деген менен барабар. Анткени, Аллах Таала: ﴿ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي﴾ ***«Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып бердим жана силерге нээматымдын (диндин) түгөл-бардыгын бердим»*** **(Маида-3)** деген. Сөздүктөгү бидьат түшүнүгүн мактап келген кээ бир хадистер бар[2]. Алар «бидьат» (жаңылык) деп аталганы менен, кийин жаратылган жаңылык эмес, мурда болгон бирок, унутулган нерселер. Пайгамбарыбыз сахаабаларын андай нерселерди эскерип, жасоого сахаабаларын үндөп мындай деген: ***«Ким исламда бир (унутулган) жакшы жолду баштаса, ал иштин жана андан кийин ошол ишти жасаган адамдардын сообу ага жетип турат жана алардын[3] сообунан эч нерсе кемибейт »*** **(Муслим)**. Умар разияллоху анхунун таравех намазы жөнүндө «бул кандай жакшы бидьат!» деген сөзү дагы ушул мааниде айтылган. Анткени, таравех намазын пайгамбарыбыздын өзү дагы ага катуу буйруган жана сахаабалары менен үч түн[4] окуган, андан кийин «сахаабаларым парыз кылып албасын» деп коркуп, токтотуп койгон эле. Умар мына ушул таравех намазын кайра жандандырып, адамдарды чогултту[5].

**36. Нифактын[6] канча түрү бар?** Нифак (мунафыктык) эки түр болот: **1)Ишенимдеги нифак (чоң нифак).** Бул сыртынан ыймандуу көрүнүп, ичинде каапыр болуу. Мындай нифак адамды динден чыгарат. Эгер ал адам

---

[1] Демек, бидьат эки тїрдїї болот экен: **1)** сєздїк тїшїнїктєгї бидьат, **2)** шарияттык тїшїнїктєгї бидьат. Биринчиси жакшы жана сооп, экинчиси жаман жана кїнєє

[2] Дагы бир ирет кайталайбыз: ал хадистер шарияттык тїшїнїктєгї бидьат жєнїндє эмес, сєздїктєгї бидьат тїшїнїгї боюнча айтылган.

[3] Ошол жакшы ишти андан кийин жасаган адамдардын

[4] Рамазан айынын їч тїнїндє

[5] жана адамдардын жамаатын, ынтымагын кєрїп, «бул кандай жакшы бидьат!» деди.

[6] Пайгамбарыбыз Мадинага хижрат кылып келгенде эми гана бийликти алайын деп калган кээ бир манаптар максатына жете албай калат жана сыртынан мусулман болуп, ичинен исламга душмандык позициясын кармайт. Ислам тарыхында алар «мунафыктар» деген аталыш менен калган. «Нифак», «мунафыктык» дегени бизчесинен «эки жїздїїлїк» дегенге туура келет.

ошол ишенимнен жазбай өлсө, каапыр кетет. Аллах Таала айткан: ﴿إِنَّ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ فِي ٱلدَّرۡكِ ٱلۡأَسۡفَلِ مِنَ ٱلنَّارِ﴾ ***«Албетте, мунафыктар тозоктун эң төмнүндө!»*** **(4/145).** **Мунафыктардын сыпаттары булар:** Аллахты жана ыймандууларды алдоого аракет кылышат, мусулмандарды маскаралашат, мусулмандардын зыянына каапырларга жардам беришет жана жакшы (кайрымдуулук) иштери менен дүйнөлүк пайдаларды көздөшөт[1].

**2) Амал-иштеги нифак (кичинекей нифак).** Бул нифак адамды динден чыгарбаса да, эгер пенде тооба кылып кайтпачу болсо, чоң нифакка алып барат деген коркунуч бар. Бул нифак менен «ооругандардын» белгилери: жалган сүйлөйт, убадага кыянат кылат, жаңжалдашса сөгүнөт, келишим түзсө бузат жана ишентирип туруп, алдап кетет. Урматтуу бурадарым, өзүңө баам сала жүр жана ушул эки нифактын белгилери өзүңдө табылып калуусунан сак бол! Сахаабалар (Аллах алардан ыразы болсун!) амалдагы нифактан дайым абайлап турушкан. Ибн Мулайка айтат: «Мен пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламдын сахаабаларынан отуз адамды көрүп калганмын. Бардыгы өзүңдө нифак болуусунан коркушат болчу». Хасан Басрий айткан: «нифактан корккон адам – ыймандуу, нифакты тоготпогон адам – мунафык». Ибрахим Таймий рахимахуллаҳ айткан: “Мен ар качан сөзімді жасаган ишиме салыштырганда, жалганчы болуудан коркуп турамын” Умар бин Хаттаб Хузайфадан (Аллах андан ыразы болсун) сурады: “Аллахтын аты менен сураймын, айтчы, Расулуллах мени мунафыктардын катарында санады беле?”. “Жок – деди Хузайфа – бирок, сизден кийин эч кимге тазкия (жакшы мінездеме) бере албаймын”

**37. Аллахтын алдында эң чоў күнөө кайсы?** Аллах Таалага ширк келтирүү. Аллах Таала: ﴿إِنَّ ٱلشِّرۡكَ لَظُلۡمٌ عَظِيمٞ﴾ ***«Чынында, ширк – бул эң чоң зулум!»*** деген. **(31/13)** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдан «Эң чоң күнөө кайсы?» деп сурашканда, ***«Сени жараткан Аллахка шерик кошушуң»*** деп жооп берген. **(Бухарий, Муслим)**

**38. Ширктин канча түрү бар?** Эки түрү бар: **1) Чоң ширк.** Бул пендени динден чыгарат жана Аллах Таала муну кечирбейт. Ал мындай деген: ﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَغۡفِرُ أَن يُشۡرَكَ بِهِۦ وَيَغۡفِرُ مَا دُونَ ذَٰلِكَ لِمَن يَشَآءُ﴾ ***«Чынында, Аллах Өзүнө шерик кошулуусун кечирбейт. Андан башкасын каалаган пендеси үчүн кечирет»*** **(4/48)**

**Чоң ширк төрт түр болот: А)** дуба-тилек ширки, **Б)** ниет, каалоо ширки. Бул ширк амалдарды Аллахтан башкага арноо менен болот. **В)** моюн сунуу ширки. Бул Аллах арам кылган нерсени «адал» деген жана адал кылган нерсени «арам» деген аалымдарга моюн сунуу менен болот. **Г)** сүйүү ширки. Бул, Аллахтан башка бирөөнү Аллахты сүйгөндөй сүйүү. **2) Кичинекей ширк.** Бул ширк адамды исламдан чыгарбайт жана эки түргө бөлүнөт: А)билинген ширк. Бул ширктин курамына Аллахтан башкага ант ичүү, «Аллах жана сиз каалаcаңыз», «эгер Аллах жана паланча болбогондо» деген сыяктуу сөздер жана балээни тосот, көздөн сактайт деген ниетте колго,

[1] Аллахтын ыразычылыган кездешпейт.

моюнга, колтукка, бешикке, эшик башына жана башкаларга тумар, тырмак, көзтикен сыяктуу нерселерди илип коюу, төлгө ачуу жана куштан, ысымдардан, сөздөрдөн, белгилүү жерлерден ырым кылуу сыяктуу иштер кирет. **Б)** билинбеген (жашыруун) ширк. Ширктин бул түрү рия[1], сумьа[2] сыяктуу ниетте жаралган нерселер.

**39. Чоң ширктен кичинекей ширктин эмне айырмасы бар?** Алардын айырмасы төмөндөгүлөр: чоң ширк кылган адамдын өкүмү: бул дүйнөдө исламдан чыгат, акыретте тозокто түбөлүк калат. Кичинекей ширкти жасаган адамдын өкүмү: бул дүйнөдө исламдан чыкпайт, каапыр болбойт, акыретте тозокто түбөлүк калбайт. Ошондой эле, чоң ширк пенденин бардык жакшы амалдарын күйдүрүп жиберет. Ал эми, кичинекей ширк өзү аралашкан ишти гана күйдүрөт, башкаларын күйдүрбөйт[3]. Бул жерде бир талаш маселе бар. Кээ бир аалымдар «кичине ширк, чоң ширк сыяктуу эле тооба кылган адам үчүн кечирилет» десе, башка бирөлөрү «жок, ал (кичинекекй ширк) чоң күнөөлөр сыяктуу Аллахтын каалоосунда. Каалаган адамы үчүн кечирет, каалабаган пендесине кечирбейт» дешет. Кандай болгон күндө деле ширк маселеси өтө орчундуу жана алардан абайлоо зарыл.

**40. Кичине ширктен (риядан) сактануунун жолдору кандай? Сактана албай калган адамдын каффараты-чы[4]?** Сактануунун жолу ар бир адам жасаган ишинен Аллахтын ыразычылыгын көздөшү керек. Ал эми, өтө билинбегендеринен мына бул хадисте келген дуба менен коргоо тиленет: пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***«О, адамдар! Мына бул (кичинекей) ширктен абайлагыла! Ал деген кумурсканын кыбыраганынан да жашыруун болот».*** Айтылды: «ыя, расулуллах! Эгер ал кумурсканын кыбыраганын бетер билинбес болсо, кантип сактанабыз?» (Пайгамбарыбыз) айтты: ***«(Аллахка дуба кылып, мындай) дегиле: «Эй, Аллахым! Бизди, билип туруп Өзүңө бир нерсени шерик кылып коюубуздан сакта жана билбей кылган күнөөлөрүбүздү кечир!»*** **(Ахмад риваяты)** Ал эми, Аллахтан башкага ант ичкен адамдын каффаараты маселесинде пайгамбарыбыз мындай деген: ***«Ким Лат жана Узза (деген кудайлар) менен ант ичсе, (анын каффааратына) «ла илаха иллаллах!» десин»*** **(Бухарий, Муслим)** Ал эми, ырым-жырымдын кафараты жөнүндө пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: «***Кимди кандайдыр ырым ишинен кайтарган болсо[5], ал Аллахка ширк кылыптыр***» дегенде, сахаабалар «мунун каффаараты кандай?» деп сурашты. Анда пайгамбарыбыз: ***«Эй, Аллахым! Жакшылык дагы Өзүңдөн, жамандык дагы Өзүңдөн. Сенден башка сыйынууга татыктуу кудай жок!» деп дуба кылышың»*** деп жооп берди. **(Ахмад)**

---

[1] «Рия» - мааниси «кєрїї». Шариятта элкєрсїнгє жасалган иштер.
[2] «Сумьа» - мааниси «угуу». Шариятта эл уксун деген ниетте жасалган нерселер.
[3] Маселен, бир адам эл кєрсїнгє (рия кылып) намаз окуса, ошол намазы гана кїйєт
[4] Каффаарат – бир кїнєє ишти жууп жибериш їчїн жасала турган сооп иш
[5] Маселен, кээ бир адамдар жолунан кара мышык єтсє, ар кандай ишин таштап, аркасына кайтып кетет.

**41. Каапырчылыктын нече түрү бар?** Эки түрү бар: **1)Чоң каапырчылык**. Адамды ислам чөйрөсүнөн чыгарып салуучу бул каапырчылык беш көрүнүштө болот: **А)** Динди жалганга чыгаруу каапырчылыгы. **Б)** Ишенет бирок, текеберчиликтен улам амал кылбай (моюн сунбай) коюуу каапырчылыгы. Шайтандын каапырчылыгы ушундай эле[1]. **В)** шектенүү каапырчылыгы. **Г)**жүз буру каапырчылыгы. **Д)** нифак каапырчылыгы.

**2) Кичине каапырчылык**.[2] Маселен, адам өлтүрүү сыяктуу. Мунусу адамды динден чыгарбай турган каапырчылык.

**42. Назирдин[3] өкүмү кандай?** Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам назир кылуудан кайтарып, ***«ал силерге жакшылык алып келбейт»*** деген. **(Бухарий)** Эгер назир калыс Аллах үчүн болсо, өкүмү - ушул. Ал эми, Аллахтан бир мазар же бир олуя, арбак же шайык үчүн болсо, андай назир ширк эсептелинет жана мындай назирди аткарылбайт[4].

**43. Бакшылар, көзү ачыктар жана палчы-рамчыларга барууну өкүмү кандай?** Бул – арам! Эгер пенде аларга барышын барып, алардан сурап бирок, «мен буларга ишенбеймин» десе, (барганы себептүү) кырк күндүк намазы кабыл болбойт. Мунун далили пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын ***«Ким көзү ачыкка барып, бир нерсе сураса, анын кырк түндүк намазы кабыл болбойт»*** деген сөзү. **(Муслим)** Ал эми, эгерде көзү ачыктарга барып, алар айткан кайып кабарларды тастыктаса, анда каапыр болот. Буга далил пайгамбарыбыздын ***«Ким көзү ачыкка же бакшыга барып, анын айткандарын тастыктаса, Мухаммадка түшүрүлгөн нерсеге (ислам динине) каапыр болуптур»*** деген сөзү. **(Абу Дауд)**

**44. Жылдыз себептүү суу тилеш кандай абалда чоң жана качан кичине ширк болот?** Ким «жылдыздар Аллахтын каалоосунан өз алдынча таасир кылат» десе жамгырды жылдыз жаадырат деп ишенген болот. Бул – чоң ширк. Бирок, «жылдыздар Аллахтын каалоосу менен жамгыр жаашына таасир кылат. Аллах аны жамгыр жаашына таасир бериш үчүн жараткан. Аллах жараткан адат боюнча ушул жылдыз көрүнсө гана жамгыр жаайт» деп этикад кылса[5] анда, бул иши арам жана кичинекей ширк болот. Себеби, анын жамгырга жылдызды гана себеп кылып көргөзүүүсүнө не шарияттык, не акылга таянган далил жок. Ал эми, жылдыздардын арекетин мезгил алмашуусуна жана жамгыр жаачу убакыттарга далил кылса, мында шариятка каршы эч нерсе жок.

---

[1] Ал Аллах Тааланы жакшы тааныган, Чындыкты билген болушуна карабай, текеберликтен улам, Аллах Таала «Адамга сажда кылгыла!» дегенде моюн толгоп койду.

[2] Бул жерде «каапырчылык» сөзү кінєє маанисинде. Дагы жакшыраак тїшїнїї їчїн улук пайгамбарыбыздын «менден кийин бири-бирин єлтїрє турган каапырларга айланып калбагыла!» деген сєзїн эскерилсе, жетиштїї болоор

[3] Назир – бул бир пенденин «эгер Аллах Таала менин паландай тилегимди берсе, Ал їчїн тїкїнчє ирекет намаз окуп беремин (же орозо тутуп беремин, ж.б.у.с. ибадаттарды аткарып беремин)» деп убада бериши.

[4] Бирок, назир Аллах їчїн болсо, аны аткаруу - парыз

[5] Ишенсе

**45. Мусулмандардын өз өкүмдарлары алдындагы милдеттери эмнелерден турат?** Мусулмандар өздөрүнүн арасынан чыккан башчыларына ар кандай кырдааладарды моюн сунуулары кажет. Эгер кээ бир мезгилдерде аларга зулум кылса да, көтөрүлүш кылышпайт, алардын зыянына дуба кылышпайт, моюн сунууда дайым болушат. Аларга тынчтык-бейпилик жана оңолуусун тилеп акысына дуба кылышат. Эгер күнөөгө буюрбаса эле, аларга моюн сунуу Аллахка моюн сунуу болуп саналат[1]. Эгер күнөөгө буюрса, ошол буйругуна моюн сунулбайт, бирок, башкаларына моюн сунуу улантылат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«эмириңди угасың жана моюн сунасың. Эгер ал сенин жоонуңа сабаса да, малыңды тартып алса да уккунуң жана моюн сунгунуң!»*** **(Муслим)**

**46. Аллах Таала буюрган жана кайтарган нерселер жөнүндө «эмне себептен буюрду экен?» деп сураганга болобу?** Ооба. Бир шарт менен: эгер «ушул нерсенин себебин билсем жана канааттансам гана ыйман келтирип, амал кыламын» дебесе. Ыймандуу адамдын илим-билими анын чындыкта бекем болуусун гана көбөйтүүсү кажет. Аллахтын буйруктары менен тыюуларына бирин калтырбай жана себебин сурабай моюн сунуу адамдын толук ибадаттуу, Аллах Таалага жана Анын даанышмандыгына толук ыймандуу экенине далил болот. Сахаабалардын ыйманы ушундай болгон.

**47. Аллах Тааланын ﴿مَّآ أَصَابَكَ مِنْ حَسَنَةٍ فَمِنَ ٱللَّهِ ۖ وَمَآ أَصَابَكَ مِن سَيِّئَةٍ فَمِن نَّفْسِكَ﴾** ***«Сага кандай жакшылык жетсе – ал Аллахтан жана сага кандай жамандык жетсе – ал өзүңдөн»*** **деген сөзүн кандай түшүнөбүз?** Бул аяттагы «жакшылык» Аллахтын нээматтары. Ал эми, «жамандык» - бул сыноолор, кайгы-капалар. Албетте, булардын бардыгы Аллах Тааладан тагдыр кылынган. Бул аятта жакшылыыктын Аллахка таандык кылынганынын себеби, аны жакшылап жасаган Аллах. Ал эми, жамандыкты Аллах (Өзүнө гана белгилүү) бир даанышмандык менен жаратат. Биз ага даанышмандык катары карасак, андан жа жакшылык таба алабыз. Анткени, Аллах Таала эч качан жаман иш жасабайт. Анын жасаганынынын бардыгы жакшылык. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«(О, Аллахым! Бардык жакшылыктар Сенин Колуңда, жамандыктын сага тиешеси жок (шайтандан жана пенделердин єзїнєн)»*** **(Муслим)** Демек, пенделердин иштеринин жаратуучусу Аллах, ошол эле убакытта ал иш пенделер тарабынан аткарылат. Аллах Таала айткан:

﴿فَأَمَّا مَنْ أَعْطَىٰ وَٱتَّقَىٰ ﴿٥﴾ وَصَدَّقَ بِٱلْحُسْنَىٰ ﴿٦﴾ فَسَنُيَسِّرُهُۥ لِلْيُسْرَىٰ ﴿٧﴾ وَأَمَّا مَنۢ بَخِلَ وَٱسْتَغْنَىٰ ﴿٨﴾ وَكَذَّبَ بِٱلْحُسْنَىٰ ﴿٩﴾ فَسَنُيَسِّرُهُۥ لِلْعُسْرَىٰ﴾

***“Эми, ким*** *(байлыгынан Аллах жолунда садака)* ***берсе жана такыбаа болсо жана жакшылыкты*** *(ыйманды)* ***тастыктаса, Биз ага жакшылыкты*** *(бактылуу жашоону)* ***жеңил кылабыз. Ал эми, ким*** *(байлыгын Аллах жолуна сарп кылуудан)* ***сараңдык кылса жана*** *(Аллах бере турган соопту)* ***“керек эмес” десе, жана ыйманды жалган десе, Биз ага түйшүктүү жолго түшүүнү жеңил кылабыз”*** **(Лейл-5-10)**

---

[1] Анткени, Аллах Таала Курaанда «єзїўєрдєн болгон башчыларга моюн сунгула» деп буюрган.

**48. Мен бир адамды “паланча шахид (шейит)” десем болобу?** Кайсыдыр бир бир адамды шахид деп өкүм кылуу, аны Бейишке өкүм кылуу деген мааниде. Биздин – Ахлу Сунна мусулмандарынын туткан багытыбыз боюнча эч качан бир дайындуу адамды “бул бейишке түшөт” же “бул тозокко барат” деп айта албайбыз, пайгамбарыбыз айткан болсо гана айта алабыз. Анткени, биз ал адамдын кандай абалда өлгөнүн, өлүмү алдынан эмне болгонун (же эмне дегенин) билбейбиз. Өкүм өлүм алдындагы абалга карата айтылат. Адамдын ниетин Аллах Таала гана билет.

**49. Өлүктөрдөн жардам сурап дуба кылуунун өкүмү кандай?** Бул – ширк! Анткени, дуба ибадат болуп саналат. Ибадатка Аллахтан башка эч ким ылайык эмес. Аллах Таала айткан: ***«Аллахтан башка силер дуба кылып жаткан нерселер кыпындай нерсеге да ээ эмес! Эгер сурасаңар, дубаңарды укпайт. Эгер укса да жооп队ралмак эмес. Ал эми, кыямат күнүндө алар силердин ширк кылганыңарды танып[1] кетишет!»*** **(35/13, 14)** Ал эми, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам болсо, Аллахтан башкага дуба кылган адамдын тозокко түшүүсүн башаарат[2] кылган: ***«Ким Аллахка башка нерсени теңеп, ошого дуба кылган бойдон өлсө, тозокко түшөт»*** **(Бухарий)**. Ой, жарыктыг-ай! Өздөрү жардамга муктаж болуп жаткан єлүктөр кантип бирөөгө жардам бере алат?! Ар бир адамдын амалы өлгөндө токтойт, анын аркасынан (аны колдоо үчүн кылынган) дубалар жана башка кээ бир нерселер[3] жетип турат. Өлүктөр аркасынан колдоочу дубалар келсе сүйүнүшөт. Абалы ушул болсо, кантип муктаждарды колдойт?

**50. Бир мусулман адамды «каапыр» десе болобу?** Эгер ал адамдын анык каапырчылык, анык мунафыктык же анык ширк кылганын билбесек эч кимди «каапыр» дей албайбыз. Биз адамдардын сыртындагысын кабыл алып, ичин Аллах Таалага тапшырабыз.

**51. Каабадан башка нерсени тооп кылса болобу[4]?** Жер бетинде бир Каабадан башка тооп кылууга мүмкүн болгон орун жок. Андан башка жерлерди ар канча даңазалуу болсо да, Каабага теңеп болбойт. Ким андан башка нерсени улуу-урматтуу билип тооп кылса күнөөлүү болот.

---

[1] Кыяматта бардык жалган кудайлар чогултулуп, аларды Аллахке шерик кылгандарга жолуктурулат жана «силер мына бул адамдарга «мени кудай кылып, мага сыйын, мага дуба кыл» деп айттыўар беле?» деп сураганда, алар «жок, биз буларды таанылбайбыз. Биз аларга мындай сөздөрді айткан эмеспиз» дешет.

[2] Башаарат – пайгамбарыбыздын алдын ала берген кабарлары

[3] Ошол адам тирїї мезгилинде жасаган, токтобой турган иштеринин сообу

[4] Тооп кылуу – тегеренип айлануу

# Жүректүн амалдары

Аллах таала биздин жүрөгүбүздү денебиздин падышасы кылып жаратты. Башка мүчөлөр болсо, анын аскерлери сыяктуу. Демек, качан падыша жакшы болсо, аскерлери да жакшы болот. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***"Денеде бир бөлүк эт бар. Эгер ошол таза болсо, бүт дене таза болот, эгер ал бузулса, бүт дене бузулат. Уккула: ал – жүрөк!"*** **(Муттафакун алайх)**
Адамдын жүрөгү же ыйман менен такыбанын же болбосо, ширк менен мунафыктыктын гана орду болот. Ошондуктан пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам өзүнүн жүрөк тушун үч ирет көргөзүп: ***"Такыба ушул жерде"*** деген. **(Имам Муслим риваяти)**.

Пенденин ыйманы ишеним (этикад), сөз жана амалдан турат. Башкача айтканда, **Ыйман** – бул жүрөк менен этикад кылып, ошол этикадды тил менен сүйлөп, андан кийин жүрөк жана дене мүчөлөрү менен амал кылуудан турат. Жүрөк амалдары сүйүү, коркуу, ыклас, тобокел, сабр, хушу, рия, үмүт ж.б.у.с.лар болсо, дене мүчөлөрүнүн амалдары намаз, орозо, кыраат, руку, сажда сыяктуу Аллахка жакын кылуучу амалдар. Пенденин жүрөгүндө кандай нерсе болбосун, ал сөзсүз түрдө кандайдыр жолдор менен дене мүчөлөрүндө көрүнөт. Жүрөк амалдары жакшы жана жаманга бөлүнөт. Бардык жакшы жүрөк амалдарынын каршысында анын тескериси – жүрөк илдеттери бар. Маселен, ыклыстын каршысында рия илдети, якийн(анык ыйман)дын каршысында шек-күмөн илдети, сүйүүнүн каршысынды жек көрүү илдети ж.б. Эгерде биз жүрөгүбүздү тазалоодон капилетте калсак, аны күнөөлөр ороп алат. Бул жөнүндө пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген: ***"Качан пенде бир күнөө иш жасаса, анын жүрөгүндө бир*** *(кара)* ***чекит пайда болот. Ал кара так качан гана жүрөгүнөн ошол күнөөнү сууруп таштаганда жана тооба кылганда гана жоголот. Ал эми, күнөөнү кайталай берчү болсон, ал чекит чоўоюп олтуруп, акырында жүрөктүн бардыгын каптап калат. Муну Аллах таала Өзүнүн китебинде мындай сыпаттаган:*** ﴿كَلَّا ۖ بَلْ ۜ رَانَ عَلَىٰ قُلُوبِهِم مَّا كَانُوا يَكْسِبُونَ﴾ ***"Жок, тескерисинче алардын жүрөктөрүн өздөрүнүн (жаман) амалдары ороп алган"*** **(Термизий)**.
**Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам дагы мындай деген:** ***"Фитна-бузукулуктар кудум эле чийге кошулган ноодалар сыяктуу биринин артынан бири келет. Эгер жүрөк ал фитнаны кабыл ала турган болсо, анда бир кара чекит пайда болот. Ал эми кайсы жүрөк аны четке какса, анда ак чекит пайда болот. Ошентип, эки жүрөктөн бири таза, ак жүрөккө айланып, тээ жер-асман турганга чейин ага фитна таасир кылбайт. Экинчиси болсо, кара кумура сыяктуу күўүрт, жакшылыкты да, жамандыкты да таанибай турган, жалаў напси-каалоосу умтулган нерсени тан ала турган жана тоўуп калган жүрөккө айланат".*** **(Имам Муслим)**.

Пенделер үчүн дене мүчөлөрүнүн амалдарынан мурун жүрөк амалдарын үйрөнүү зарылыраак. Анткени, жүрөк амалдары – негиз, ал эми дене мүчөлөрүнүн амалдары аны толуктоочу бөлүкчөлөр. Ошондуктан пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: ***"Аллах силердин сүрөтүўөргө (сырткы көрүнүшүўөргө) жана мал-дүйнөўөргө эмес, жүрөгүўөргө жана амалыўарга карайт"*** деген. **(Имам Муслим)**. Жүрөк деген ой-пикирдин орду. Ошондуктан Аллах тааланын

назарында пенделердин абзелдиктери алардын жїрєгїндєгї ыйман, якийн, ыклас жана башка ушул сыяктууларга карап бааланат. Хасан Басрий айткан: “Аллах таала Абу Бакрды башкалардан абзел кылган болсо, мунун себеби анын намазы же орозосунда эмес, жїрєгїндєгї ыйманында эле”.

**Ошентип, жїрєк амалдары тємєндєгї себептер менен дене мїчєлєрїнїн амалдарынан абзел болот: 1)** Эгер жїрєк амалына кандайдыр кемчилдик (бузуктук) аралашып калса, бул дене амалдарын жараксыз кылат. Маселен, дене амалына аралашкан рия сыяктуу. **2)** Жїрєк амалдары – негиз. Анткени, жїрєк менен ниет кылынбаган сєз же амалдын кадыр-баркы болбойт. **3)** Жїрєк амалы бейиштеги жогорку даражаларга алып барат. Маселен, захид болуу[1]. **4)** Жїрєк амалдары дене амалдарынан кыйын жана оор. Ибн Мункадир айткан: “Жїрєгїм оўдолуусу їчїн мен аны кырк жыл кыйнадым”. **5)** Жїрєк амалы эў сонун таасир калтырат. Маселен, Аллахты сїйїї. **6)** Жїрєк амалына чоў сооп бар. Абу Дардаа разияллоху анху: “Бир саат пикир кылуу бир тїн токтоосуз нафил ибадат кылуудан абзел” деген. **7)** Жїрєк амалдары болбосо дененин мїчєлєрї кыймылга келбейт. **8)** Жїрєк амалдары дене амалдарынын сообунун кєбєйїїсїнє же азаюусуна, жадагалса хабата[2] болушуна себеп болот. Маселен, намаздагы хушуь[3]. **9)** Кээ бир учурда жїрєк амалы али аткарылбаган дене мїчєсїнїн амалынын ордун басат. Маселен, мал-пулу жок абалда садаканы ниет кылуу. **10)** Жїрєк амалына эсепсиз сооптор бар. Маселен, сабрдуулук. **11)** Дене мїчєлєрї иштебей, анын амалдары токтоп турган учурда дагы жїрєктїн амалдары улана берет. **12)** Жїрєктїн амалы дене амалынан мурун же бирге болушу мїмкїн.

**Дене мїчєлєрї бир ишти аткараардан мурда жїрєктє пайда боло турган абалдар дагы бар.** Алар: **1)** Хажис (учкул ой). Бул жїрєкє капысынан келе калган пикир. **2)** Хатира (эс-тутум). Бул жїрєктє бекем орногон ой-пикирлер. **3)** Напси менен сїйлєшїї. Бул бир нерсени жасасамбы, жасабасамбы деп экиленїї. **4)** Каалоо. Бул бир ишти жасоого жїрєктїн умтулганы. **5)** Чечим же максат. Бул жїрєк каалаган ишти жасоого чечим чыгаруу же катуу максат кылуу.

Бул беш абалдын абалкы їчєєсїнїн жакшылыгына сооп жок, жамандыгына кїнєє жок. Ал эми, каалоо (4-абал) жакшылык їчїн болсо – сооп, жамандыкты каалаганга кїнєє жок. Эми, ал каалоо чечимге жана катуу максатка айланганда, жакшылык їчїн болсо – сооп, жамандак їчїн болсо – кїнєє, эгер ал жамандыкты жасабаса дагы. Анткени, эгер мїмкїнчїлїк болсо, ал жамандыкты жасамак. Аллах таала айтты: ﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ يُحِبُّونَ أَن تَشِيعَ ٱلۡفَٰحِشَةُ فِي ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَهُمۡ عَذَابٌ أَلِيمٞ فِي ٱلدُّنۡيَا وَٱلۡأٓخِرَةِ ﴾ ***“Ыймандуу адамдар жєнїндє бузук сєздєрдї жайылтууну сїйгєн адамдар їчїн дїйнєдє жана акыретте жан ооруткан азап бар!”*** **(Нур-19)**.

**Расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам айтты:** ***“Эгер эки мусулман бири-бирине кылыч кєтєрсє, єлгєнї дагы, єлтїргєнї дагы тозоко тїшєт”.*** Ошондо

---

[1] Захид болуу – бул жїрєктїн дїйнєгє берилбегендиги.
[2] Хабата – бир амалдын эсепке алынбай, жок болуп кетиши.
[3] Хушуь – намаздагы Аллахтан коркуу, Ага байлануу абалы.

мен "Эй, Аллахтын элчиси, мунусу го, адам өлтүрдү, өлгөнүндө эмне күнөө?" деп сурадым. Ал айтты: "Анткени, ал дагы муну өлтүрүүнү каалап турган". (Бухарий).

**Эгер бир киши кандайдыр күнөө иш кылууга бекем чечим (максат) кылып, андан кийин бул ниетинен кайтса, мунун төрт себеби болушу мүмкүн**: **1)** Аллахтан корккону себептүү. Мындай абалда ага соop жазылат. **2)** Адамдардан корккону себептүү. Мындай шартта ал күнөөлүү болот. Анткени, күнөөдөн кайтуу – ибадат. Мусулман адам ибадатты Аллах үчүн гана жасашы зарыл. **3)** Ал (күнөө) ишке мүмкүнчүлүк таппаганы себептүү. Мында дагы ал адам күнөөлүү болот. Анткени, чечим (бекем максат) кылган эле. **4)** Себептерине киришиб, бирок жасоого алсыз болуп калганы себептүү. Мында ага ошол күнөөнү толук жасагандын күнөөсү жазылат. Анткени, алым жетсе кылат элем деген катуу максат (чечим) өз ээсин, жогорудагы хадисте айтылганы боюнча, ошол ишти жасоочу менен теӯ абалга алып келет. Ошондой эле, ким бир арам ишти бир ирет жасап, качан мүмкүнчүлүк тапканда кайталоого чечим (максат) кылса, ошол ниети себептүү ошол ишти үзгүлтүксүз жасаган адамдын катарында жаза тартууга ылайык болот, эгер ал арам ишти кайталабаган болсо да.

## Жүрөк амалдарынан дагы кээ бирлери

**Ниет.** Бул – бир нерсени жасоого катуу максат кылуу. Амалдар ниетсиз эсепке өтпөйт. Расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***"Амалдар ниятке карап (этибарлуу) болот. Ар бир адамга ниет кылган нерсеси(нин күнөөсү же сообу) болот.*** (Муттафакун алайх). Ибнул Мубарак айткан: "Нечен-нечен майда (аз) амалдар бар, алар ниет себептүү көбөйөт. Нечендеген чоӯ амалдар бар, алар ниет себептүү кыпындай болуп калышы мүмкүн". Фузайл рахимахуллах айтты: "Аллах сенде ниет болушун каалайт. Эгер амал жалаӯ Аллах үчүн болсо, ал "ихлас" деп аталат. Аллах үчүн болбогон бардык амалдарга кыпындай да соop жок. Эгер амал Аллахтан башка үчүн болсо, ал "рия" жана "нифак" деп аталат.

**Пайда.** Бардык адамдар өлүм-алекетте, аалым (билүүчү) болбосо, бардык аалымдар алекет-өлүмдө эгер амал кылуучу болбосо, бардык амал кылуучулар өлүмдө эгер ыкластуу (ихластуу) болбосо. Пенденин эӯ алгачкы вазыйпасы – Аллахка (ыклас менен чын) моюн сунуу. Моюн сунуу ниетке үйрөтөт. Анан амал кылып бара берсе, ниет оӯоло берет. Ниетсиз амал машакат, ыклассыз ниет рия болот. Ал эми ыймандуы иш жүзүнө ашырбаган ыклас чаӯ-тозонго айланат.

**Амалдар** үч түргө бөлүнөт: **1) Күнөө амалдар**. Эч кандай жакшы ниет күнөө амалды итаат-соопко айланта албайт. Ал эми, жаман иш жаман ниетте жасалчу болсо, анын күнөөсү көп болот. **2) Мубах амалдар**. Бардык мубах амалдарда бир же болбосо бир нече ниет, максат болот. Ошол ниеттерге карап ал мубах амал кээде "курбат" (Аллахка жакын болуу) сыяктуу чоӯ амалга айланышы мүмкүн. **3) Ибадаттар (моюн сунуулар).** Ибадаттар дагы кабыл болушу жана соop кошуп жазылышы жаатынан ниетке байланыштуу болот.[1]

[1] Пайгамбарыбызз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: «Ким бир жакшылыкты ниет кылып, бирок аны жасай албаса, ага Аллах Өзүнүн алдында толук бир соop жазат. Эгер ниетидеги

Эгер пенде ибадаты менен рияны максат кылса, ал ибадаты кїнєєгє жана кичинекей ширкке айланат. Кээде чоў ширкке алып барышы да мїмкїн.

**Риянын амалга аралашуусу дагы їч тїрлїї кєрїнїштє болот: 1) Ибадаттын негизги себеби адамдарга кєрїнїї (рия) болушу**. Мындай амал ширк жана ал текке кетет. (кабыл болбойт). **2) Амал Аллах їчїн болот бирок, кийин ага рия аралашып калат**. Эгерде бул ибадаттын акыры башталышына негизделген болбосо – маселен, садака сыяктуу – анда ал ибадаттын башталышы кабыл, акыры (рия аралашканы) кабыл эмес. Эгер ибадаттын акыры башталышына негизделген болсо, - маселен намаз – анда, анын эки єкїмї бар: **А)** рияны ошол замат токтотуу. Мында амал таза жана кабыл болот. **Б)** рияга канааттануу. Мындай абалда амал толугу менен текке кетет (кабыл болбойт). **3) Рия амал бїткєндєн кийин пайда болот**. Мындай азгырылуунун амалга дагы амал ээсине дагы таасири жок.

**Риянын жашыруун эшиктери.**

Пенде риянын жашыруун эшиктеринен абайлоосу зарыл. Эгер пенденин амалынан максат байлык жыйноо болсо, анын сообу же кїнєєсї ниетине карап, тємєндєгї їч абалдан бириндегидей болот: 1) Эгер жакшы амал жалаў байлык їчїн болсо – маселен, жалаў акча їчїн имамчылык кылуу - анда бул адам кїнєєлїї болот. Анткени, Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы мындай деген: ***“Ким Аллахтын ыразычылыгы їчїн гана алына турган илимди бир дїйнєлїк максат їчїн їйрєнсє, кыяматта бейиштин жытын дагы жыттабайт!”*** **(Абу Дауд)**. 2) Жакшы амал Аллахтын ыразычылыгы їчїн дагы, дїйнє їчїн дагы болсо... андай адамдын ыйманы жана исламы кемчилдиктїї. Маселен, соода максатында ажылык кылуу. Бул ажылыктын сообу ошол адамдын ыкласынын даражасына карап ар кандай болот. 3) Эгер жакшы амал жалаў Аллах їчїн болсо, бирок ушул амалын улантууга кудуреттїї болуу їчїн айлык акы алса... бул адамдын сообу толук берилет. Айлык акы алганы себептїї сообу кемитилбейт. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы мындай деди: ***“Силер ажр*** *(кызмат акы)* ***алуу жаатынан эў акылуу болгон нерсе – бул Аллахтын китеби”.*** **(Бухарий)**.

---

жакшылыкты жасаган болсо, ага Аллах Єзїнїн алдында он эседен жети жїз эсегече чейин, андан кєбїрєєк соол жазат. Эми ким бир жамандыкка ниет кылса бирок аны жасабаса, Аллах ага Єзїнїн алдында толук бир сооп жазат. Эгер ниетиндеги жамандыкты жасаган болсо, ага бир гана кїнєє жазат”. **(Муттафауун алайх)**. **Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы мындай деди**: «Бул їммєттїн мисалы (тємєндєгї) тєрт киши сыяктуу: бир киши...Аллах ага илимди дагы байлыкты дагы берген. Ал илимине амал кылат, байлыгын дагы єз ордуна иштетет. Дагы бир киши... Аллах ага илим берген бирок, байлык берген эмес. Ал айтат: “Эгер менде дагы паланчаныкындай байлык болсо, ошондой (жакшы) амалдарды жасамакмын!”. **Расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам айтты**: **«Бул эки киши соопто теў болду».** Дагы бир киши... Аллах ага байлык берген бирок, илим бербеген. Ал оолугуп, байлыгын кїнєє иштерге сарп кылат. Дагы бир киши... Аллах ага байлык дагы илим дагы берген эмес. Ал єзїнє-єзї: “Эгер Аллах мага паланчаныкындай байлык берсе, ошол жасагандай иштерди жасамакмын!”-дейт. Расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам айтты: **«Бул эки киши кїнєєдє теў болду».** **(Имам Термизий риваяти)**.

**Билгин,** ыкластуу (калыс) амал кылуучулар дагы бир нече даражага бөлүнөт: 1) Эң төмөн даража. Бул соопту үмүт кылып, азаптан коркуп ибадат кылуу. 2)Орто даража. Бул Аллахтын буйругуна "лаппай" деп жооп берип, Ага шүгүрчүлүк билдирүү үчүн ибадат кылуу. 3) Эң жогорку даража. Бул Аллахты тааланы сүйүп, даңазалап, Андан айбаттануу менен ибадат кылуу. Мунусу сыддыктердын[1] даражасы.

**Тооба.** Тооба кылуу ар дайым (өлгөнгө чейин) важып. Анткени, күнөөгө түшүп калуу–бул адам перзентинин табиятынан. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: ***"Бардык адам перзенти ката кылуучу, ката кылуучулардын эң жакшысы тооба кылуучу"*** деген. **(Термизий)**. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам дагы мындай деген: ***"Эгер силер эч кандай күнөө кылбасаңар, Аллах силерди кетирип, ордуңарга күнөө кылып, андан кийин Аллахтан кечирим сурай турган жана Аллах аларды кечире турган коомду алып келет!"*** **(Муслим)**. Бирок, тообаны кечеңдетип, күнөөдөн токтолбой коюу өтө чоң ката! Шайтан адам перзентин төмөндөгү жети жолдон бири менен азгырууну каалайт: **1)** ширк жана каапырчылык менен. Эгер бул жол пайда бербесе, **2)** ишеним-акыдадагы бидяттар менен жана пайгамбардын сахабаларын ээрчибей коюу жолу менен. **3)** эгер бул жол дагы пайда бербесе, анда пендени чоң күнөөлөргө жетелейт. **4)** мындан да натыйжа чыгара албаса, анда кичине күнөөлөргө баштайт. **5)** мындан да пайда таппаса, мубах (соот болбой турган) амалдарды көп кылууга чакырат. **6)** мындан да пайда чыгара албаса, анда сообу көп ибадаттар бул жакта калып, анча зарыл эмес ибадаттарды кылдырууга аракет кылат. **7)** Эгер ушул жол менен да максатына жете албаса, ал адамга инсандардан жана жиндерден турган лашкерлерин жиберип, ошолор менен бийлик орнотууга аракет кылат.

**Күнөөлөр эки түрдүү болот: 1.** Чоң күнөөлөр. Булар шариат боюнча ушул дүйнөдө жазасы белгиленген жана Курaанда азап убада кылынган же болбосо ага Аллахтын наалаты болушу айтылган күнөөлөр. **2.** Кичинекей күнөөлөр. Булар жогорудагыдай сапатка ээ болбогон, алардын катарына кирбеген башка ар кандай күнөөлөр. Эгер пенде кичине күнөөлөргө жеңил карап, тескерисинче аларды жасоо менен сыймыктанчу болсо жана адамдардан эч уялбай аларды ачык-ашкере жасай берсе, мындай жорук пенденин кичине күнөөлөрүн чоң күнөөгө айлантып коюшу мүмкүн. Ал эми, чоң болобу, кичине болобу, бардык күнөөлөр үчүн тооба эшиктери ачык. Тообалар тээ күн батыш тараптан чыкканга (кыямат башталганга) чейин жана өлүм далбасасы башталып, жан алкымга тыгылганга чейин кабыл алына берет. Эгер тооба кылуучунун тообасы **чын жүрөктөн болсо,** булутка чейин жете турган күнөөлөрү болсо да (Аллахтын ырайымы жана пазилети менен) жакшылыктарга айланып калышы мүмкүн.

**Тообалар төмөнкү шарттар менен гана кабыл алынат: 1.** Күнөөсүн ошол замат токтотуу. **2.** Өткөн ишке бушайман болуу. **3.** Келечекте экинчи

[1] Сыддыктын мааниси боюнча бир аз кийин келчү атайын "Сыдк" деген кичи темага караңыз.

кайталабоого бел байлоо. **4.** Эгер кїнєє пендеге карата жасалган болсо, ошол адамдын акысын кайтарып же кечирим сурап ыраазы кылуу.

**Адамдар тооба кылуу боюнча тєрт тїргє бєлїнєт: 1)** Кээ бирєєлєр тооба кылгандан кийин ємїрїнїн акырына чейин мурдагы кїнєєлєрїн кайталабай, ар бир адамда боло турган майда-чїйдє адашуучулуктарды эсепке албаганда, тообасында бекем турат. Мындай тообаны "насух тообасы" деп аталат жана ал тооба орношкон напсини (жїрєктї) "***ан-нафсул мутмаинна***" (бейпил жан) деп коюлат. **2)** Дагы бир адам тооба кылгандан кийин, негизги ибадаттарда бекем болот бирок, атайлап кылбаса да, адаттанып калган кїнєєсїнєн тыйыла албайт. Бирок, їйрєнїп калган жаман адатын жасаган сайын бушайман болуп, єзїн-єзї жемелейт жана ал кїнєєсїнєн арылууга аракет кыла берет. Мындай адамдын жанын (же жїрєгїн) "***ан-нафсул-лавваама***" (єзїн жемелеген жан) деп аталат. **3)** Дагы бир тїрдїї тооба кылган адамдар кїнєєлєрїн бир аз мєєнєткє чейин токтотушат. Кийин каалоо-кумарына жеўилип, дагы кїнєєгє батат. Бирок, ошол эле маалда ал адам ибадаттан їзїлбєйт. Адаттанган кїнєєсїнєн башка кєп кїнєєлєрдєн, аларды жасоо мїмкїнчїлїгї болгонуна карабай, кол їзєт. Бирок, жанагы їйрєнїп калган кїнєєсїнє келгенде єзїн тизгиндей албай калат. Бирок, иш єткєндєн кийин "бул кїнєєнї экинчи жасабаймын!" деп єзїнє убада берет. Мындай жан ээсинин жанын "***ан-нафсул масьуула***" (єзїн-єзї жоопкер кылган жан) деп аталат. Мындай адамдын акыбети коркунучтуу! Анткени, їйрєнгєн кїнєєсїнє тооба кылууга їлгїрбєй калуусу мїмкїн. Ошондо "ар кандай иш акыркы бєлїгї менен этибарлуу" деген шарият мыйзамы боюнча оор акыбетке кабылып калат. **4)** Дагы бир тїрдїї адамдардын нафси (жїрєгї, жаны) тообадан кийин бир аз оўолот. Бирок, дагы кїнєєгє чумкуйт. Бул адам пейилине бушайман болгону менен, тообага кайтууну ойлобойт. Мындай нафска "***нафсун аммааратун бис-сууь***" (жамандыкка буюруучу нафс) деп аталат. Мындай нафс ээлеринин ємїрї жаман акыбет менен бїтїп калышы мїмкїн.

◗ **Сыдк** (чынчылдык). Бул бардык амалдардын негизи. "Сыдк" сєзїнїн алты мааниси бар: **1)** сєздєгї чынчылдык. **2)** ниеттеги чынчылдык, б.а. ыклас. **3)** бир нерсеге батыл киришип, бекем максат кылуудагы чынчылдык **4)**максат кылган ишин аткаруудагы чынчылдык (вафаа) **5)** амалдагы чынчылдык. Б.а. иштин сырткы менен ичи бир кыл болушу. Маселен намаздагы хушуь[1] сыяктуу. **6)** Диндин бардык макам-абалдарын аткаруудагы чынчылдык. Динде маселен, хавф (Аллахтан гана коркуу), ражаа (Аллахтан гана їмїт кылуу), зухд (дїйнєгє берилбєє), таваккул (Аллахка гана жєлєнїї) ж.б.у.с. абалдар бар. Ушулардын бардыгында чынчыл болуу эў жогорку даражадагы чынчылдык жана андай адамда "сыддык" (эў чынчыл адам) деп аталат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***"Чынчыл болууга умтулгула! Анткени, чынчылдык жакшылыкка жетелейт, жакшылык***

[1] Хушуь – бул намаздын эў абзел сапаты. Эгер бир адам сырткы кєрїнїшїндє аябай берилип, эрип, эзилип, Аллахтан коркуп, жалбарып, їмїт кылып... кыскасы хушуь абалында окуп жатса, анын ички дїйнєсї дагы ушуга ылайык келсе, ал адам амалында чынчыл киши болот.

***бейишке жетелейт. Албетте, адам чынчылдыгында дайым жана бекем болуу менен Аллахтын алдында “сыддык” деп жазылат!”.*** **(Муттафакун алайх).** Кайсы бир пендеге чындыкты табуу тумандуу болуп калса жана ал чындыкты издєєдє напсиге азгырылбай, Аллахка чынчыл болсо, ал чындыкты табат. Эгер таппай калса, Аллах анын їзїрїн кабыл алат (кїнєєлїї кылбайт).

Сыдктын тескериси – жалган. Кимдин жїрєгїндє жалган болсо, ал эў оболу анын тилине чыгат жана аны бузат. Кийин башка мїчєлєрдє кєрїнїп, алардын амалдарынын бузулушуна себеп болот. Акырындык менен ал адамдын бардык сєздєрї, амалдары жана абалдарын каптап, жїрєккє бекем орношуп калат.

**Сїйїї.** Пенде Аллахты, Анын элчисини жана ыймандууларды сїйїї аркылуу ыймандын таттуу даамын сезе алат. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Кимде їч нерсе болсо, ал адам ыймандын даамын табат: Аллах жана Анын пайгамбары ага башкалардан сїйїктїрєєк болушу, адамдарды жалаў Аллах їчїн сїйїшї жана ыймандан каапырчылыкка кайтууну отко ташталууну жаман кєргєндєй жаман кєрїшї”.*** **(Муттафакун алайх).**

Эгерде бир жїрєктє Аллахты сїйїї сезими тамырлап, ал ыклас жана пайгамбарга моюн сунуу менен сугарылчу болсо, Раббисинин каалоосу менен тез аранын ичинде ар тїркїн мємєлєрдї берет.

**Сїйїїнїн тєрт тїрї бар. 1.** Аллах тааланы сїйїї. Бул – ыймандын негизи! **2.** Аллахтын жолундагы сїйїї. Бул – Аллах їчїн сїйїї жана Аллах їчїн жаман кєрїї сезимидир.[1] Аллах жолундагы ыймандуулар менен такыба адамдарды

---

[1] **Достошуу жана ажырашуу** маселесинде адамдар үч түргө бөлүнөт. 1) Калыс дос тутуп, душмандашууга мүмкүн болбогондор. Булар – асыл ыймандуулар, пайгамбарлар, ыйманында чынчыл сыддыктар. Биринчи сапта биздин пайгамбарыбыз, анын үй-бүлөсү жана сахаабалары турат. 2) Эч качан дос тутуп болбой турган, тескерисинче, алардан үзүлүү парыз болгон адамдар. Алар – каапырлар[1]. 3) Бир тараптан дос тутулса, экинчи тараптан жаман көрүлүшү зарыл болгон адамдар. Алар – күнөөлүү мусулмандар. жүрөгүндө ыйманы болгону себептүү жакшы көрөсүң, Ал эми, Аллах Таалага күнөө кылган сайын жаман көрөсүң. Каапырлардан үзүлүү аларды жаман көрүү менен, салам бербөө менен, аларга баш ийбөө менен, аларга алкыш айтпоо менен жана алардын мекенинен чыгып кетүү менен болот. Ыймандууларды дос тутуу, алардын мекенине хижрат кылып баруу менен, алардан мал-жанынды аябай жардам берүү менен, алар сүйүнгөндө сүйүнүп, күйүнгөндө күйүнүү менен, аларга жакшылык болушун тилөө ж.б.у.с. нерселер менен болот. Каапырлардан үзүлүү дагы, ыймандууларды дос тутуу дагы Аллахтын буйругу. Каапырларды дос тутуунун эки түрдүү өкүмү бар: 1) Адамды динден чыгарып муртад кылат. Мындай абал мусулмандар менен согушкан каапырларга жардам бергенде, аларды каапыр деп эсептебегенде же алардын каапыр экенинен шектенгенде жаралат. 2) Адамды динден чыгарбайт, бирок күнөөлүү кылат. Мындай абал алардын майрамдарына катышканда же куттуктаганда, аларга окшоого умтулганда пайда болот. Бул жерде динге душмандык кылбаган, зыяны жок каапырга мамиле түзүү менен жогоруда өткөн каапырларды дос тутуунун арасын ажыратып алуу зарыл. Душмандашпаган каапырлар менен, аларды берилип сүйүп калбастан мамиле түзсө, алсыздарына ырайым көргөзсө, Аллах Таала мындан кайтарбаган: ﴿ لَّا يَنْهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ لَمْ يُقَٰتِلُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُم مِّن دِيَٰرِكُمْ أَن تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوٓا۟ إِلَيْهِمْ ﴾ ***«Аллах Таала силерди, динде силер менен согушпаган, мекениңерден чыгарып жибербеген адамдарга жакшылык жана адилет кылуудан кайтарбайт».*** **(60/8)** Азыр эле айткандай, каапырлардан үзүлүү, аларды жек көрүү жана душман тутуу башка нерсе. Бул маселеде Аллах Таала мындай көргөзмө берген: ﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تَتَّخِذُوا۟ عَدُوِّى وَعَدُوَّكُمْ أَوْلِيَآءَ تُلْقُونَ إِلَيْهِم بِٱلْمَوَدَّةِ ﴾ ***«Эй, ыймандуу пенделер! Менин жана өзүңөрдүн душманыңарды дос тутуп албагыла! Силер аларга достук сунуштап жатасыңар!».*** **(60/1)** Ошентип, аларды сүйбөй эле, жаман көрүп

сүйүү ислам шарияты боюнча важып амал саналат. 3. Аллахтан башка “кудайды” Аллахка кошуп сүйүү. Бул чоӯ ширк деп саналат. 4. Табигый сүйүү. Бул ар бир пенде өзүнүн атасын, туугандарын, мекенин ж.б.у.с. нерселерди сүйүү. Мындай сүйүү шариятта мубах саналат. Адампенде Аллах таалага сүйүктүү болуусу үчүн дүйнөгө берилбеши керек. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: ***“Дүйнөдө захид болсоӯ Аллах сени сүйөт”.*** **(Ибн Мажжа)**

◗ **Таваккул.** Бул бир талапка жетүү же жагымсыз нерсени жоюу үчүн бардык шарияттык себептерди жасагандан кийин ал ишти жалаӯ Аллахка тапшыруу жана Ага жөлөнүү дегени. Таваккул кылбоочулук таухидке сокку урат. Ошондой эле эч бир себебин жасабай эле тобокел (таваккул) кылуу – наадандык. Таваккулдын үч түрү бар: 1) Важып таваккул. Бул ар бир пенденин бардык иштеринде Аллах Таалага жөлөнүүсү. Бардык пайда-зыянды Аллахтан көрүүсү. 2) Арам таваккул. Мунун эки түрү бар: Биринчиси чоң ширк, экинчиси кичине ширк болуп саналат. Чоң ширк болгону пенденин Аллахты унутуп тап-такыр башка себептерге жөлөнүп, пайда-зыянды ошолордон көрүп калуусу. Кичине ширк деп эсептелгени ырыскыны пендеден тилеп калуу. Эгер ал адам негизги (абсолют) ырыскы берүүчү Аллах Таала деп ишенсе да, кээ бир убактарда ырыскыны белгилүү бир адамдан көрүп калса кичине ширк кылган болот 3) Мүмкүн таваккул. Бул пенденин бир дүйнө ишинде колунан иш келген адамга ишенүүсү, ага таянуусу.

◗ **Шүкүр.** Бул Аллах берген нээматтарга пенденин ыразычылык билдирүүсү. Пенденин жүрөгү Аллахка ыйман келтирүү менен шүкүр кылат, пенденин тили Аллахка хамд-сана (мактоо) айтуу менен шүкүр кылат, ал эми дене мүчөлөрү болсо, Аллахтын динине амал кылуу менен шүкүр кылат. Шүкүрдүн дагы бир түшүндүрмөсү: пенде Аллах берген нээматтарды Аллахка моюн сунуу жана Анын ыразычылыгы үчүн иштетүүсү.

◗ **Сабыр.** Машакат-кыйынчылыктарда Аллах тааладан башкага арызданиуудан тыйылууга сабыр же сабырдуулук деп аталат. Аллах таала айткан: ﴿إِنَّمَا يُوَفَّى ٱلصَّٰبِرُونَ أَجْرَهُم بِغَيْرِ حِسَابٖ﴾ ***“Сабырдуулар үчүн сооптору эсепсиз берилет”*** **(Зумар-10)**. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мынай деген: ***“Ким сабыр кылууда бекем болсо, аны Аллах соорото́т. Эч бир адамга сабырдан да жакшыраак, кененирээк белек берилген эмес”.*** **(Муттафакун алайх)**.

**Умар разияллоху анху айткан экен:** “Мен кандай гана кайгы менен сыналсам да, анда мен үчүн Аллахтын төрт нээматынан бири болоор эле: же ал кайгы менин динимде болбойт эле же чоӯ кайгы болбойт эле же мен ага ыраазы болоор элем[1] же ал сыноо себептүү Раббимден сооп үміт кылар элем”.

**Сабырнинг бир нече даражалары бар: 1)** Төмөн даража. Бул жактыра бербей сабыр кылуу. **2)**Орто даража. Бул ыраазы болуп сабыр кылуу. **3)**Жогорку даража. Бул Аллахтын сыноо-балээсине хамд айтып, шүгүр келтирүү.

---

эле, бирок, адилет менен мамиле кылса болот. Пайгамбарыбыз Мадинадагы яхудийлер менен ушундай мамиле кылган.

[1] Пенде Аллахтын сыноосуна ыраазы болуусу менен Анын белек-сообуна арзыйт.

Ким бирөөдөн зулум көрсө жана Аллах таалага жалбарып, заалымды каргаса, өзүнүн напсине жардам берген болот жана эгер сабыр кылбаса да акысын алат. Сабыр эки түр болот: денеге таандык жана нафска таандык . Биз бул жерде денеге таандык сабырга токтолбойбуз. Ал эми, нафска таандык сабыр табигый каалоо-кумарга тиешелүү болот.[1]

**Пенде өзүнүн жашоосунда эки нерсеге жолугат: А)** Каалоосуна ылайык келген нерселер. Мында пенде Аллах тааланын акысын орундатуу жаатындагы сабырга, б.а. шүкүр кылууга жана ал нээматтарды күнөөлүү иштерге ысырап кылбоого муктаж болот. **Б)** Каалоосуна каршы келген нерселер.

**Булар үч түр болот: 1)** Аллах таалага моюн сунууга (ибадаттарга) сабыр кылуу. Мында парыздарга сабыр кылуу – важып, нафилдерге сабыр кылуу - мустахаб. **2)** Күнөөлөргө сабыр кылуу. Мында арамды таштоо – важып, макрухту таштоо – мустахаб. **3)** Аллахтын тагдырына сабыр кылуу. Мында Аллахтан башкага даттануудан тилди сактоо, Аллахтын тагдырына кейигендиктен жүрөктү сактоо жана өкүрүп ыйлоо, өзүнүн жакасын тытмалоо сыяктуу Аллахка жакпаган нерселерден денесинин мүчөлөрүн сактоо важып. Ал эми, Аллахтын тагдырына унчукпай, дилинен гана ыраазы болуу – мустахаб. **Ушул маселеде бир суроо:** шүгүр кылуучу бай абзелби же сабыр кылуучу кембагал абзелби? Эгерде бай адам байлыгын Аллахка моюн сунуу жолунда сарп кылса жана сактаса, ал сабырдуу кембагалдан абзел болот. Ал эми, байлыгынын көп бөлүгүн ар кандай мубах иштерге сарп кылса, анда ага караганда сабырдуу кембагал абзел болот. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***"(Напил) орозо кармабаган шүгүр кылуучу (напил) орозо кармаган сабыр кылуучунун даражасында болот"***. **(Аҳмад)**.

◗ **Ризаа.** Бул бир нерсе менен канааттануу. Ризаа амал аткарылгандан кийин жаралат. Эӯ жогорку даражадагы ризаа бул – Аллахтын тагдырына ыраазы болуу. Ошондой эле, пенденин бир жагымсыз нерседен коргоо тилеп Аллах таалага дуба кылуусу ризаага тескери келген иш эмес.

◗ **Хушуъ.** Бул Аллах тааланы даӯазалоо, Анын алдында кичипейилдик жана кордук абалында туруу. Хузайфа айткан: "нифак (экижүздүүлүк) аралашкан хушуъдан сак болгула!". Ошондо андан: "нифак аралашкан хушуъ дегениӯиз эмнеси?" деп сурашты. Анда ал: "Дене хушуьда, ал эми жүрөк кайдигер болсо – мына ушул нифак аралашкан хушуь болот" деп жооп берди. Хузайфа буга кошумчалап дагы мындай деген эле: "Силер диниӯерден эӯ оболу хушуьну жоготконсуӯар!". Шарият кайсыл гана ибадатта хушуьга буюрган болсо, ал ибадаттын даражасы андагы хушуьнун даражасы менен өлчөнөт. Маселен, намазды алсак, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам бир намаз окуп турган киши жөнүндө, ал үчүн намазынын жарымы, анан төрттөн бири анан

[1] Эгер нафска тиешелүү сабыр курсак жана жыныстык кумарга карата болсо, андай сабырга "иффат" (ыйба, тартынуу) деп аталат. Эгер согушта болсо "шижаат" деп, эгер ачууну жутуу болсо "халимдик" деп, эгер бир ишти билдирбөө болсо "сыр жашыруу" деп аталат. Эгерде сабыр жашоо нээматтарына карата болсо, анда "зухд, захиддык" деп, эгер аз нерсеге карата болсо "каниет" деп аталат.

бештен бири...ондон бири калганын, кээде болсо, намазында тап-такыр хушуь болбогону себептїї намазы дагы эсепке алынбаганын айткан.

◗ **Ражаа.** Бул Аллах тааланын ырайымынын кеўдигинен їміт кылуу. Ражаанын тескериси їмітсїздік. Ражаага таянып амал кылуу **хавф**ка[1] таянып амал кылуудан жогору бааланат. Анткени, ражаа Аллахка жакшы кїмєн кылууну натыйжа берет. Аллах таала айткан: “***Мен пендемдин жакшы кїмєнїндєгїдєймїн***”. **(Муслим)**.

**Ражаа эки даражадан турат: 1)** Жогорку даража. Бул моюн сунуу менен амал кылгандан кийин Аллахтын сообун їміт кылуу. Аиша энебиз (Аллах андан ыразы болсун!) пайгамбарыбыздан: “О, Аллахтын элчиси! ﴿وَٱلَّذِينَ يُؤْتُونَ مَآ ءَاتَوا۟ وَّقُلُوبُهُمْ وَجِلَةٌ﴾ “***Алар алып келген нерселерин (амалдарын) Раббисине кайтуучулугун ойлоп, жїрєктєрї титиреп алып келген адамдар***” деген аятта айтылган адамдар уурулук кылган, зынаа кылган, арак ичкен жана...(ошон їчїн) Аллахтан корккон адамдарбы?”-деп сураганда, ***“Жок, о Сыддыктын кызы, алар орозр туткан, садака кылган жана кабыл болбой калабы деп корккон (жїрєгї титиреген) адамдар. Алар*** *(Аллах ошол аяттын уландысында айткандай)* ***жакшы иштерде бири-бирине атаандашкан адамдар”***-деп жооп берди.**(Термизий)**.

**2) Тємєн даража.** Кїнєєдєн кийин тооба кылып, андан кийин гана Аллахтын ырайымын їміт кылуу. Кээ бир адамдар булардан да аша чаап, тооба кылуунун ордуна кїнєєсїн уланта берет жана...Аллахтын ырайымынан да їміт кыла беришет. Бул ражаага кирбейт. Муну “таманна” (чийки ой же куру кыял) деп аталат. Жогорудагы эки тїрдїї ражаанын биринчиси жакшы, кийинкиси жаман. Ыймандуу пенделер жакшы амал кылып, ушунубуз кабыл болоор бекен деп коркот (хавф кылат), жана Аллахтын ырайымы менен кабыл болушун ражаа (їміт) кылат. Ал эми мунафык-экижїздїїлєр жаман амалдарды жасап деле Аллахтын ырайымын їміт кыла беришет.

◗ **Хавф** (Коркуу). Бул жамандыкка тїшїп калуудан корккон нафстин кайгы чегишидир. Ар бир пенде єзїндє **сїйїї, коркуу жана їміт**тї чогултушу зарыл. Ибнул Каййим айткан: “Жїрєк Аллахка умтулуусунда бир куш сыяктуу. Сїйїї анын башы, коркуу менен їміт эки канаты. Эгер жїрєктє коркуу болсо, андагы бардык каалоо-кумар орундарын кїйдїрїп жиберет жана андан дїйнєнї айдап чыгат”. Адам баласын важыптарды (парыздарды) аткарууга жана арамдан сактанууга тїрткєн коркуу **важып коркуу** деп аталат. Ал эми, мустахаб иштерди кылууга жана макрухтардан сактанууга тїрткєн коркуу **мустахаб коркуу** болот. Коркуунун 3 тїрї бар: 1) Улухиятка байланыштуу коркуу. Бул – чыныгы илах (кудай) болгон Аллахтан коркуу. Ал эми муїриктердин жалган кудайларынан “булар мага зыян бериши мїмкїн” деп коркуу чоў ширк болот. 2) Арам коркуу. Бул адамдардан коркуп, парыздарды таштоо же ушундай коркуудан улам арам иштерди жасоо. 3) Мїмкїн болгон коркуу. Бул ар бир адамдагы табигый коркуу. Маселен, бир табигый зыяндан же жапайы айбандан коркуу сыяктуу.

---

[1] Хавфтын тїшїндїрмєсї кийинки абзацтарда.

**Зухд.** Бул бир нерсеге (дүйнөгө) кызыгууну токтотуп, андан жакшыраагына (акырет кайгысына) жүз буруу. Ушундай адамды захид деп аталат. Пенде бул дүйнөдө захид болсо, жүрөгү дагы, денеси дагы ырахатка чөмүлөт. Ал эми, дүйнөгө ач карышкырдай умтулуу кайгы-капаны көбөйтөт. Анткени, байлыкты (мал-дүйнөнү) сүйүү бардык күнөөлөрдүн башы. Дүйнөгө берилбөө болсо, бардык ибадаттардын башы. Захид болуу үчүн дүйнөнү колдон эмес, жүрөктөн чыгарыш керек. Ал эми, дүйнөнү колдон дагы, жүрөктөн дагы чыгарып захид болуу – бул наадандардын иши. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: “***Жакшы адамдын колундагы мал-дүйнө кандай сонун***!” (Ахмад).

**Кембагал адамдар мал-дүйнөгө мамиле жаатынан беш түргө бөлүнөт:** **1)** Мал-дүйнөгө көңүлү жоктугу, анын жамандыгынан жана убара кылып коюусунан корккону себептүү андан качат. Бул – чыныгы **захид** адам. **2)** Мал-дүйнөсү болсо сүйүнбөйт, аны өтө жаман да көрбөйт. Бул адам **раазий** (ыраазы) деп аталат. **3)** Мал-дүйнөнүн болушу менен сүйүнөт, ага кызыгат. Бирок, бул кызыгуу өлүп-тириле турган даражада эмес. Тескерисинче, Аллах берсе – сүйүнөт. Бирок, дүйнө табуу үчүн жан алекетке түшүү керек болсо, анчалыкка барбайт. Бул адам **каанийь** (канааттуу) деп аталат. **4)** Өзү дүйнөнү сүйөт. Бирок, алсыздыгынан улам аны таба албайт. Эгер дүйнө табуу үчүн өтө машакаттуу тобокелге баруу керек болсо – ага барат. Бул адам хаарис (ачкөз) деп аталат. **5)** Дагы бир күнүмдүк тиричилик үчүн гана мал-дүйнөгө муктаж. Жадагалса, ошого да жеткире албайт. Бул адам музтарр (зарыккан) деп аталат.

## Манилүү маек

Абдуллах деген жигит Абдуннабий деген адамга жолугуп калды жана анын ысымын чанып: «адам баласынын Аллахтан башкага кулчулук кылуусу мүмкүнбү?!» деди.[1] Кийин Абдуннабийге карап мындай деди:

**Абдуллах:** Сен Аллахтан башкага ибадат (кулчулук) кыласыңбы?

**Абдуннабий:** Жок, мен Аллахтан башкага ибадат кылбаймын. Мен – мусулманмын жана жалгыз гана Аллах Таалага ибадат кыламын.

**Абдуллах:** Анда, эмне үчүн ысымың пайгамбарларына сыйынган христиандардын ысымына окшош. Алар өздөрүн Ыйсанын кулу деп эсептешет жана Ыйсага сыйынышат. Сенин ысымыңды уккан адам дароо «бул пайгамбарга сыйынат турбайбы» деп ойлошу турган иш. Мусулман адамдын ишениминде мындай ысымды алып жүрүү туура эмес. Анткени, биз – мусулмандар пайгамбарды кудай деп эмес, Аллахтын кулу жана пайгамбары деп ишенебиз.

**Абдуннабий:** Бирок, пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллаху алайхи ва саллам ааламдагы адамдардын эң жакшысы жана пайгамбарлардын улугу экени жалганбы? Биз бул ысымды алып жүрүү менен пайгамбарыбызды таберик кылабыз, анын Аллах алдындагы бийик даражасын ортомчу кылып, Аллахка жакындашабыз жана андан шапаат тилейбиз. Сен таң калба, досум. Маселен, менин агамдын аты «Абдул Хусейн» (Хусейндин кулу), ал эми атамдын аты «Абдур Расул» (Элчинин кулу) болгон. Мындай ысымдар байыртадан коюлуп, адамдар арасында кенен тарап келе жатпайбы. Демек, бал ысымдар ата-бабаларыбыздан бери келе жатат. Сен маселени өтө тар алат экенсиң. Бул андай эле оор күнөө эмес. Дин жеңил экенин билбейсиңби?

**Абдуллах:** Ой, сенин бул айткандарың абалкысынан бетер жарабайт! Сен эмне, жалаң Аллахтын колунан келе турган нерселерди башкалардан сурайын дейсиңби? Мусулман адам муктаждыгын Аллахтан башкадан сурабайт, мейли ал пайгамбар болобу же Хусейн сыяктуу пайгамбарга жакын олуя адам болобу – баары бир. Анткени, бул ишиң таухидке жатпайт. Аллах бизди таухидке, башкача айтканда Аллахтан башка эч кимге жана эч нерсеге сыйынбоого буюрганын билбейсиңби? Сага азыр кээ бир маселелерди айтамын. Ошондо сенин ишиң жеңил иш эмес экенин жана «Абдуннабий» деп ысым коюунун жаман акыбеттерин билип аласың. Менин максатым сени осол кылуу эмес, болгону, акыйкатты айтып, ошого ээргешүүгө, жалганды айтып, андан абайлоого чакыруу жана амр мааруф-нахйи мункар[2] жасоо. Бирок, алдын ала сага Аллах Тааланын мына бул сөздөрүн эскертип койоюн:

﴿إِنَّمَا كَانَ قَوْلَ ٱلْمُؤْمِنِينَ إِذَا دُعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ لِيَحْكُمَ بَيْنَهُمْ أَن يَقُولُواْ سَمِعْنَا وَأَطَعْنَا﴾ ***«Араларында өкүм кылуу үчүн Аллах жана Анын пайгамбарына чакырылганда, ыймандуу пенделердин сөзү «уктук жана моюн сундук» дегенден башкача болбойт»*** **(24/51)**

---

[1] Анткени, «Абдуллахтын» мааниси «Аллахтын кулу», ал эми «Абдуннабий» деген ысымдын мааниси «пайгамбардын кулу» деген мааниде.

[2] Мааниси «ислам буюрган жакшы нерселерге буюруу жана ислам кайтарган жаман нерселерден кайтаруу» Амр мааруф-нахйи мункар исламдагы парыздардан бири

﴾ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ ﴿ ***«Эгер бир нерседе талашып калчу болсоңор, аны****(н жообун алганы)* ***Аллах жана пайгамбарына кайтаргыла, эгер Аллахка жана акырет күнүнө ишенчү болсоңор»*** **(4/59)**

Ошентип, сен атың «Абдуннабий» болгону менен Аллахка шерик кошпой ибадат кыламын жана «ла илаха иллаллооху Мухаммадун расулуллах» деп ыйман келтиремин дейсиң. Айтчы мага ушул таухид келмесинин маанисин билесиңби?

**Абдуннабий:** Ооба, билемин. Таухид бул сенин «Аллах бар. Ал асмандар менен жерди жараткан. Ал тирилтет жана өлтүрөт. Жаамы жаратылышты жалгыз Өзү башкарат. Ал ырыскы берет. Ал бардыгын билет, бардыгынан кабардар жана бардык нерсеге кудуреттүү деп ишенүүң.

**Абдуллах:** Эгер таухид сенин ушул айтканыңдай болсо, анда Фираун, Абу Жахыл жана башкалар муваххид (жалгыз Аллахка сыйынуучу) беле? Себеби, алар деле «Аллах бар, Ал жаратылыштын жалгыз башкаруучусу» деп ишенишкен. Маселен, Аллах Таала Фираун жана анын каапыр адамдарын мындай сыпаттаган: ﴾ وَجَحَدُواْ بِهَا وَٱسۡتَيۡقَنَتۡهَآ أَنفُسُهُمۡ ظُلۡمٗا وَعُلُوّٗاۚ ﴿ ***«Алар аны*** *(жалгыз Аллахка сыйынууну)* ***зулумдук, текебердик менен четке кагышты. Бирок, жүрөктөрү муну*** *(Аллахтын жалгыз экенин)* ***анык билип турган»*** **(27/14)**

**Абдуннабий:** Анда єзїў айтчы, эй, Абдуллах, тавхид деген эмне?

**Абдуллах:** Таухид бул Аллах тааланы ибадат-сыйынуу менен жалгыздоо. «Ибадат» деп Аллах Таала жакшы көргөн жана ыраазы болгон иштерге жана сөздөргө айтылат. Сенин «Аллахтан башка кудай жок» деген келмеңдин мааниси «Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок», б.а. Аллахтан башкага ибадат-кулчулук кылынбайт деген мааниде. Дагы сенден бир нерсе сурайын: айтчы мага, Аллах Таала пайгамбарларды эмне кызмат менен жиберген? Маселен, Нух пайгамбарды?

**Абдуннабий:** Мушриктерди Аллахка сыйынууга чакырып, ширк иштерин таштоого буюруу үчүн жиберген.

**Абдуллах:** Нух коому эмне иштери себептүү мушрик болушту эле?

**Абдуннабий:** Билбейм.

**Абдуллах:** Нухтун коому өздөрүнүн арасында өткөн «Вадд», «Суваь», «Ягус», Яьук» жана «Наср» деген олуя адамдарды аша чаап мактап, аларды ыйык тутууда чектен чыккандары себептүү, аларды ушул ширктеринен кайтаруу үчүн Нух пайгамбарды жиберген.

**Абдуннабий:** Сен «Вадд», «Суваь», «Ягус», Яьук» жана «Наср» деген ысымдар олуялардын ысымдары деп ойлойсуңбу, каапыр, зулум адамдардын ысымдары эмеспи?

**Абдуллах:** Ооба. Алар Нух коому кудай кылып алган олуя адамдардын ысымдары болгон. Кийин Нух коомунун бул ширк амалына арабтар дагы ээрчип, жанагы ысымдарды бут-кудай кылып алышкан. Буга далил иретинде Абдуллах ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган мына бул сөз жетиштүү. Ал айткан: «Нухтун коомундагы буттар кийин арабтарга да өттү. «Вадд» Думат ал Жандал деген жердеги Калб уруусуна таандык

арабтардын кудайы эле. «Суваь» болсо, Хузейл уруусунун, «Ягус» Сабаьга жакын Жауф деген жердеги Мурад уруусунун кудайы болуп, кийин анны Бану Кутейф уруусу кудай кылып алышкан. Ал эми, «Яук» Хамадандыктардын кудайы болсо, «Наср» Химярдагы Зул Калаа урууларынын кудайы эле. Булардын бардыгы Нух коомундагы олуя адамдардын ысымдары. Алар өлгөндө Нух коомуна шайтандар келип, «ошол олуялар отурган жерлерге алардын айкелдерин кургула жана ысымдары менен атап койгула» деп азгырган. Эл муну аткарган. Бирок, алар айкелдерге сыйынган эмес. Качан бул муун өтүп кеткенде, адамдар арасынан (таухид) илими жоголуп, кийинки муундар ошол айкелдерге сыйынып калышкан» **(Бухарий риваяты)**

**Абдуннабий:** Мунуң кызык экен.

**Абдуллах:** Мен сага мындан да кызыгын айтып берем. Эгер билсең, Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламды дагы Аллах Таала пайгамбар кылып жиберген учурда анын кому Аллахтан кечирим сураган, ибадаттуу, аажы амалын аткарган, Байтуллахты тооп кылган, Сафаа-Марва арасында саьй ибадатын аткарган, аажы кылган, садака берген эл болгон. Бирок, алар Аллахка дуба кылып жатканда өздөрү менен Аллахтын арасына периштелерди же башка олуя адамдардын арбактарын ортомчу кылышып, «алар бизди Аллах Таалага жакындаштырат», «Алар бизди Аллахтын алдында шапаат кылат (күнөөлөрүбүздү Аллахтан сурап алат) дешчү. Алардын арасында Аллах менен өзүнүн арасына Ыйса пайгамбарды ортомчу кылгандары (христиандары) да бар эле. Анан, Аллах Таала ошол адамдардын арасынан Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламды тандап алып, ага бабасы Ибрахимге жиберген динин жаңылап берди жана бул динди адамдарга жайылтууну буюрду. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам адамдарды аралап, аларга «жалбаруу жана ибадат менен жакындашуу Аллахтан башкага арналбайт», «Аллах жалгыз, эч бир шериги жок», «Андан башка эч ким ырыскы бере албайт», «жети асмандар жана анын ичинде жашагандар, жети жер жана анда жашагандар – бардыгы Аллах Тааланын кулдары, Анын жеке башкаруусунун, кудуретинин астында, жадакалса, силер «кудай» деп сыйынып жаткан нерселердин бардыгы Аллахтын бийлик-башкаруусунун астында» деп жаңы дин түшүнүктөрүн жайылтты.

**Абдуннабий:** Чын эле айткандарың мен үчүн кызык болууда. Бирок, айткандарыңа далил барбы, деги?

**Абдуллах:** Далилдер толтура. Маселен, Аллах Тааланын мына бул сөздөрү:

﴿ قُلْ مَن يَرْزُقُكُم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلْأَرْضِ أَمَّن يَمْلِكُ ٱلسَّمْعَ وَٱلْأَبْصَـٰرَ وَمَن يُخْرِجُ ٱلْحَىَّ مِنَ ٱلْمَيِّتِ وَيُخْرِجُ ٱلْمَيِّتَ مِنَ ٱلْحَىِّ
وَمَن يُدَبِّرُ ٱلْأَمْرَ فَسَيَقُولُونَ ٱللَّهُ فَقُلْ أَفَلَا تَتَّقُونَ ﴾

*(Эй, мухаммад!)* ***аларга айт: «силерге асман жана жерден ким ырыскы берет? Же ким кулактарга жана көздөргө*** *(адамдарга)* ***кожоюндук кылат жана ким тирүүнү өлүктөн, өлүктү тирүүдөн чыгарат жана ким*** *(ааламдык иштерди)* ***башкарат?» Алар дароо: «Аллах!» деп айтышат. Сен аларга «анда,*** *(ошол Аллахтан)* ***коркпойсуңарбы?» дегин.»*** **(10/31)**

﴿ قُل لِّمَنِ ٱلْأَرْضُ وَمَن فِيهَآ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ ﴿٨٤﴾ سَيَقُولُونَ لِلَّهِ ۚ قُلْ أَفَلَا تَذَكَّرُونَ ﴿٨٥﴾ قُلْ مَن رَّبُّ ٱلسَّمَـٰوَٰتِ

ٱلسَّبۡعِ وَرَبُّ ٱلۡعَرۡشِ ٱلۡعَظِيمِ ﴿٨٦﴾ سَيَقُولُونَ لِلَّهِۚ قُلۡ أَفَلَا تَتَّقُونَ ﴿٨٧﴾ قُلۡ مَنۢ بِيَدِهِۦ مَلَكُوتُ كُلِّ شَيۡءٖ وَهُوَ
يُجِيرُ وَلَا يُجَارُ عَلَيۡهِ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ ﴿٨٨﴾ سَيَقُولُونَ لِلَّهِۚ قُلۡ فَأَنَّىٰ تُسۡحَرُونَ

***«Айт: «Эгер билсеңер, айткылачы, жер жана андагынын баары кимдики?» Алар дароо «Аллахтыкы» дешет. Айткын: «анда*** *(ошол Аллахты)* ***эскербейсиңерби?!» Айт: «жети асмандардын жана Улуу Арштын Раббиси ким?» Алар дароо «Аллахтыкы» дешет. Айткын: «анда*** *(ошол Аллахтан)* ***коркпойсуңарбы?!». Айт: «эгер билсеңер, айткылачы, бардык нерселердин эгелик-падышаалыгы колунда болгон жана*** *(бардык ааламдарды)* ***коргой алган, Анын Өзүн эч ким коргой албай турган Зат ким? Алар дароо «Аллахтыкы» дешет. Айткын: «анда*** *(ошол Аллахка ибадат кылбай)* ***кандай алдануудасыңар?!»*** **(23/84, 89)**

Мындан сырткары дагы мушриктер аажы ибадаты маалында Аллах Таалага: «лаббайка Аллохумма, лаббайк! Лаббайка, лаа шарийка лак! Иллаа шарийкан хува лак. Тамлукуху ва ма малак»[1] деп, лаббайка айтышып, Аллах Тааланын ааламдарга жалгыз кожоюн экенин (же болбосо Рубубият таухидин) моюндарына алышат болчу. Бирок, бул ишенимдери аларды ислам чөйрөсүнө кошо алган эмес жана алар дал ошол periштелерге, пайгамбарлар менен олуялардын арбактарына жалбарып, аларды өздөрү менен Аллахтын арасына ортомчу коюп, ушул иштери менен Аллах Таалага жакын болобуз деген ишенимдери себептүү каапыр аталып, аларга каршы согушуу адал болду. Мына ушул маселе себептүү жалынып-жалбаруулар, дуба-тилектер, назирлер[2], курмандыктар, жардам суроолор.., дегеле, ибадат аттуунун бардыгы жалгыз гана Аллах Таалага арналышы керек.

**Абдуннабий:** Эгер Аллах Тааланын бар экенине жана ааламдарга кожоюн экенине ишенүү таухид болуп эсептелбесе, анда чыныгы таухид эмне?

**Абдуллах:** Пайгамбарлардын жиберилүүсүнө себеп болгон жана мушриктер моюндагысы келбеген таухид – бул Аллах Тааланы ибадат менен жалгыздоо. Башкача айтканда, пенде дуба, назир, курмандык, жалбаруу, жардам суроо жана башка бардык ибадаттарды Аллах Таалага гана арноо. Сенин «лаа илааха иллаллах» деген келмеңдин мааниси дагы – ушул. Курайш мушриктери «кудай» дегенде ушул ибадаттарды арнаган периштелерди, пайгамбарларды, олуяларды, дарактарды, мүрзөлөрдү жиндерди ж.б.у.с. нерселерди түшүнүшкөн. Алар Аллахты жалгыз жаратуучу, жалгыз ырыскы берүүчү, кожоюн деп ишенгени менен жалгыз кудай деп ишенишкен эмес[3]. Ошондуктан, пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам ислам динин алып келгенде аларды «ла илаха иллаллах» (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок) деген келмени жашоодо иш жүзүнө ашырууга чакырды.

---

[1] Эй, Аллах, Сени угабыз! Сени угабыз, шеригиң жок! Бир гана шеригиң бар Сенин. Сен ага кожоюнсуң, ал Сага кожоюн эмес

[2] «Назир» бул, адам баласынын өз кудайы үчүн бир ибадатты аткарууга ниет кылуусу

[3] Бул жерде окуучу арап тилиндеги илах (кудай) сөзүнүн маанисин жакшы түшүнүп алуусу кажет. Жахилия арабтарынын түшүнүгүндө ибадаттар ага багытталган бардык обьекттер илах (кудай) деп эсептелген.

**Абдуннабий:** Сен муну менен Курайш мушриктери «ла илаха иллаллах» келмесинин маанисин азыркы мусулмандардын көпчүлүгүнөн жакшыраак түшүнгөн демекчисиңби?

**Абдуллах:** Ооба. Бул ачуу чындык! Биз «жаахыл» (наадан) деп эсептеген каапырлар «ла илааха иллаллахтын» мааниси, ибадаттын бардык түрлөрүн Аллах Таалага багыттоо жана Андан башка бардык ибадат обьекттерин[1] жокко чыгаруу, алардан үзүлүү деп түшүнүшкөн. Ошондуктан, пайгамбарыбыздын «ла илааха иллаллах» (Аллахтан башка кудай жок) деген чакырыгына ﴿ أَجَعَلَ ٱلْأَلِهَةَ إِلَٰهًا وَٰحِدًا إِنَّ هَٰذَا لَشَىْءٌ عُجَابٌ ﴾ ***«Ие? Бул көп кудайларды бир кудай кылгысы келеби?! Бул таң калычтуу*** *(болбогур)* ***нерсе!»*** деп жооп беришкен. Алар Аллах Тааланын бар экенин, жалгыз жаратуучу, жалгыз башкаруучу экенин билип туруп ушинтишкен. Ал эми, азыркы көп мусулмандар «ла илааха иллаллах» деген келмени мушриктерчелик туура түшүнө албаганы өкүнүчтүү. Алар (көпчүлүк мусулмандар) бул келмени маанилерине көңүл бурбай, жөн эле оозунда айтып коюу жетиштүү дешет. Араларындагы «мен – кыйынмын» дегендери болсо, «Аллахтан башка кудай жок» деген келменин маанисин «Аллахтан башка жаратуучу, башкаруучу, ырыскы берүүчү жок» деген шекилде ката түшүнүшөт.

**Абдуннабий:** Бирөк, мен Аллахка эч нерсени шерик кылганым жок, тетирисинче, Аллахтан башка жаратуучу, ырыскы берүүчү, пайда жана зыян келтирүүчү жок деп ишенемин. Мен Хасан, Хусейин, Жийлааний же башка ыйыктар түгүл пайгамбарыбызга да «мага пайда бер, зыяндан корго!» деп дуба кылбаймын. Билесиңби, биз күнөөлүү пенделербиз. Ал эми, улук адамдардын Аллахтын алдында улук даражалары бар. Мен аларга кайрылып «Аллахтын алдындагы улук даражаңар менен мени шапаат кылып (колдоп) койгула!» деп эле кайрыламын. Мунун эмнеси ширк?

**Абдуллах:** Мен сага жогоруда пайгамбардын согушкан душмандары дагы сен ишенгендей ишенишин айтпадымбы. Алар дагы табынган бут-кудайларына бир нерсе жасап бер деп кайрылышкан эмес. «Аллахтын алдында улук даражаңар менен бизди колдоп койгула!» деп кайрылышкан. Жогоруда бул пикирге Курaандан далил айтпадымбы.

**Абдуннабий:** Бирок, сен айткан аят буттарга табынган бутпарастар үчүн түшкөн. Сен кантип пайгамбарлардын, олуялардын арбактарын буттарга теңеп жатасың?

**Абдуллах:** Дагы эсиңе салайын, сага жогоруда ошол буттар ыйык адамдардын ысымдары экенин айттым-го[2]. Каапырлар алардан (буттардан) Аллахтын алдындагы улук даражалары себептүү колдоону гана суранышкан. Буга далил Аллах Тааланын мына бул сөзүндө: ﴿ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوْلِيَآءَ مَا نَعْبُدُهُمْ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلْفَىٰٓ ﴾ ***«Андан*** *(Аллахтан)* ***башканы олуя-кудай кылып алгандар «биз аларга*** *(буттарга)* ***бизди Аллахка мүмкүн болушунча көбүрөөк жакындаштырат***

---

[1] Кудайларды

[2] Вадд, Суваь, Яук, Ягус, Насыр деген аталыштарга кайра кайрылыўыз

***деп ибадат** (дуба) **кылабыз»** (дешет)»* **(39/3)**. Ал эми, «кантип пайгамбарлар менен олуяларды буттарга теңеп жатасың?» деген сөзүңө келсек, айтаар элем: пайгамбарыбыз ислам динин алып келгенде каапырлардын арасында олуяларга дуба кылгандар дагы бар эле. Алар жөнүндө Аллах Таала мындай деген:

﴿ أُوْلَٰٓئِكَ ٱلَّذِينَ يَدۡعُونَ يَبۡتَغُونَ إِلَىٰ رَبِّهِمُ ٱلۡوَسِيلَةَ أَيُّهُمۡ أَقۡرَبُ وَيَرۡجُونَ رَحۡمَتَهُۥ وَيَخَافُونَ عَذَابَهُۥٓۚ إِنَّ عَذَابَ رَبِّكَ كَانَ مَحۡذُورٗا ﴾

***«Алар** (кудай деп ойлоп) **дуба кылып жаткан** (пайгамбар, олуя) **адамдардын өздөрү Раббисиге ортомчу издеп калышат, «кимибиз жакыныраак болоор экенбиз» дешип. Жана Анын ырайымынан үмүт кылып, азабынан коркуп турушат. Чынында, Раббиңдин азабы коркунучтуу!».*** **(17/57)** Мушриктердин арасында Ыйса пайгамбар менен анын апасын кудай тутуп, ошолорго дуба кылгандар дагы бар эле:﴿ وَإِذۡ قَالَ ٱللَّهُ يَٰعِيسَى ٱبۡنَ مَرۡيَمَ ءَأَنتَ قُلۡتَ لِلنَّاسِ ٱتَّخِذُونِي وَأُمِّيَ إِلَٰهَيۡنِ مِن دُونِ ٱللَّهِ ﴾

***«Ошондо,** (кыяматта) **Аллах: «эй, Марямдын уулу Ыйса! Сен адамдарга «Аллахты коюп, мени жана апамды кудай кылып алгыла» деп аткан белең?!»*** дейт. **(5/116)** Дагы алардын арасында периштелерге дуба (ибадат) кылгандары болгон: ﴿ وَيَوۡمَ يَحۡشُرُهُمۡ جَمِيعٗا ثُمَّ يَقُولُ لِلۡمَلَٰٓئِكَةِ أَهَٰٓؤُلَآءِ إِيَّاكُمۡ كَانُواْ يَعۡبُدُونَ ﴾ ***«Ошол күндө алардын бардыгы чогулталат. Кийин** (Аллах) **периштлерге «силерге ибадат кылгандар мына булар беле!?» дейт»*** **(34/40)**

Эми, өзүң ойло, бул аяттарда Аллах Таала ибадатын буттарга жалынгандарды да, олуяларга жалбаргандарды да, периштелерге дуба кылгандарды да жалпысынан каапыр деп атады. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам алардан эч кимисинин арасын ажыратпай, бардыгы менен тегиз согушту.

**Абдуннабий:** Бирок, каапырлар алардан пайда тилешкен. Мен пайданы Аллахтан гана тилеймин. Туура айтасың, олуялардын колунда эч нерсе жок. Мен болгону алар мени Аллахтын алдында колдоп коюусун гана үмүт кыламын.

**Абдуллах:** Сенин бул сөзүң менен мына бул аяттагы каапырлардын сөзүнүн арасында эч кандай айырма жок:

﴿ وَيَعۡبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ مَا لَا يَضُرُّهُمۡ وَلَا يَنفَعُهُمۡ وَيَقُولُونَ هَٰٓؤُلَآءِ شُفَعَٰٓؤُنَا عِندَ ٱللَّهِ ﴾***«Алар Аллахтан башка, өздөрүнө не пайда, не зыян жеткире албай турган нерселерге ибадат кылышып: «алар биздин Аллахтын алдындагы колдоочуларыбыз» дешет»*** **(10/18)**

**Абдуннабий:** Эй, мен Аллахтан башкага ибадат кылганым жок! Олуяларга дуба кылдым. Ушул ибадат болобу?

**Абдуллах:** Айтчы, мага: Аллах Таала ибадатты жеке Өзүнө гана (ыклас менен) кылынуусун сага парыз кылганбы? Ибадатка Аллахтан башка эч ким ылайык эмес экенине ишенесиңби? Аллах Тааланын: ﴿ وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ ﴾ ***«Алар бардык ибадаттарды ыклас менен Аллах үчүн гана кылууга буюрулушкан...”*** **(Байийна- 5)** деген сөзүнө макулсуңбу?

**Абдуннабий:** Ооба.

**Абдуллах:** Анда мага ушул аяттагы «ыклас менен» деген сөздү түшүндүрүп берчи?

**Абдуннабий:** Сурооңө жакшы түшүнө бербедим, өзүң түшүндүрүп бер.

**Абдуллах:** Анда, ук: Аллах Таала башка бир аятта:

﴿ ٱدۡعُواْ رَبَّكُمۡ تَضَرُّعٗا وَخُفۡيَةًۚ إِنَّهُۥ لَا يُحِبُّ ٱلۡمُعۡتَدِينَ ﴾ ***«Раббиңерге жашыруун жана жалбарып дуба кылгыла. Ал чектен чыккандарды сүйбөйт»*** деген **(7/55)**

**Дуба Аллахка ибадатпы же жокпу?**

**Абдунабий:** Туура. Дуба деген ибадаттын негизи. Пайгамбарыбыз дагы: ***«дуба – бул ибадат»*** **Абу Дауд** деген-го.

**Абдуллах:** Эгер дуба – бул ибадат деп ишенсең жана түнү-күнү Аллахка жалбарып дуба кылсаң, дагы.., ушул эле убакытта ушул эле муктаждыктарыңды Аллахтан башкадан сурап, мүрзөдө жаткан пайгамбарларга, олуяларга дуба кылсаң, ушул «дуба» деген ибадатта сен Аллахка шерик кылган болосуңбу?

**Абдуннабий:** Бул сөзүңдө шеек жок. Шерик кылган болуп каламын.

**Абдуллах:** Дагы бир мисал: эгер сен Аллах Тааланын ﴿ فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَٱنۡحَرۡ ﴾ ***«Раббиң үчүн гана намаз оку жана (Раббиң үчүн гана) курмандык чал»*** **Абу Дауд** деген аятын билсең, ушул өкүмгө моюн сунуп, курмандыгыңды Аллах үчүн гана сойосуң, туурабы? Ошондо, сенин бул курмандыгың ибадат болобу же болбойбу?

**Абдуннабий:** Ибадат болот.

**Абдуллах:** Эми, эгер сен ошол курмандыгыңды пайгамбаргабы, периштегеби, жингеби, мазаргабы.., иши кылып Аллахтан башка нерсеге арнасаң, ширк кылган болосуңбу?

**Абдуннабий:** Албетте, мында ширк болот.

**Абдуллах:** Мен сага дуба менен курмандыкты гана мисал келтирдим. Анткени, дуба оозеки ибадаттардын эң көрүнүктүүсү болсо, курмандык чалуу кол менен жасалган ибадаттардын эң атактуусу. Булардан башка дагы көп ибадаттар бар: назир, ант, коргоо тилөө, жардам тилөө сыяктуу. Эми, кара, Кураанда айтылган мушриктер ушул ибадаттарды периштелерге, олуяларга, Лат, Узза жана башка кудайларга арноо менен ошолорго ибадат кылышат беле?

**Абдуннабий:** Ооба. Ошентишет болчу.

**Абдуллах:** Алардын ширктери Аллахтан башкага дуба кылуу, курмандык чалуу, Аллахтан башкадан жардам суроо, Аллахтан башкага жалбаруу ж.б.у.с. ибадаттардан гана турган. Эгер ушуну эле эсепке албай койсо, алар бир жакшына «биз – Аллахтын пенделерибиз, Аллахтын өкүмүнүн астындабыз, Аллахтын жалгыз жаратуучу, жалгыз кожоюн экенине ишенебиз» деп жүрүшкөн. Анан..., качан пайгамбарлардын, олуялардын арбактарына жалбарып, алардын түздөн-түз өзүнөн шапаат-колдоо сурап баштады эле, Аллах аларды «мушриктер» деп атады.

**Абдуннабий:** Эй, Абдуллах! Сен эмне, пайгамбарыбыздын шапаатына ишенбейсиңби!?

**Абдуллах:** Кантип ишенбейин! Ишенемин. Пайгамбарыбыз – ага ата энем курман болсун – эң улуу Шапаатчы! Анын шапаатын үмүт кыламын! Бирок, билесиңби, бардык шапаатар Аллахтын ыктыярында. Аллах Таала айткан: ﴿ قُل لِّلَّهِ ٱلشَّفَٰعَةُ جَمِيعٗا ﴾ ***«Айт** (эй, Мухаммад) **бардык шапааттар Аллахка таандык»*** **(39/44)** Ошондуктан, эч ким Аллахтан уруксат болмоюнча шапаат кыла албайт: ﴿ مَن ذَا ٱلَّذِي يَشۡفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذۡنِهِۦ ﴾ ***«Ким экен Анын алдында шапаат кыла турган?! Анын уруксаты болмоюн эч ким шапаат кыла албайт!»*** **(2/255)**

Демек, ким шапаат кылса дагы Аллахтын гана уруксаты менен жана Аллах ыраазы (макул) болгон адамдарды гана шапаат кылат. *(21/28)* Ошентип, шапааттын бардыгы Аллахтан экени малым болгон соң, мен аны Аллахтан гана сураймын жана «эй, Аллахым! Мени пайгамбарыбыздын шапаатынан кур койбогой элең! Эй, Аллахым! Улук пайгамбарыңды мага шапаатчы кыл?!» деп дуба кыламын.

**Абдуннабий:** Биз сен менен жогоруда эч кимден колунан келбеген нерсени сурап болбойт деп сүйлөшкөнбүз, туурабы? Ал эми, шапаатты Аллах Таала пайгамбарыбызга берген соң, ал шапаатын ээси болуп атпайбы. Демек, мен пайгамбарыбыздан анда бар нерсени, мага бере ала турган нерсени тилеп жатамын. Бул ширк болбосо керек!

**Абдуллах:** Ооба. Эгер Аллах Таала сени Өзүнөн башка эч кимден эч нерсе сурабоого буюрбаганда, айткандарыңы жүз пайыз кошулат элем. Бирок, Аллах Таала: ﴿فَلَا تَدْعُوا مَعَ اللَّهِ أَحَدًا﴾ «***Аллах менен кошуп эч кимге дуба кылбагыла***!» **(Жин-18)** деп буюрган. Сенин шапаат тилегениң – дуба. Пайгамбарыбызга шапаатты берген ошол эле Аллахыбыз аны Өзүнөн башкасынан суроого тыюу салууда. Мындан тышкары акыретте пайгамбарыбыздан башка кээ бир периштелерге, адамдын эрезеге жетпей чарчап (өлүп) калган бөбөктөрүнө жана олуяларга дагы шапаат кылуу укугу берилет. Сен эмне «Аллах аларга шапаатты берсе, алардан дагы тилей беремин» дейсиңби? Эгер ошентчү болсоң, анда сен жогоруда баян кылынган олуяларга ибадат кылгандардын катарына кошулуп каласың, эгер «жок» десең, «Аллах Таала шапаатты пайгамбарыбызга берген соң, ал шапаатын ээси болуп атпайбы» деген сөзүң жокко чыгат.

**Абдуннабий:** Мен Аллахка ширк кылган жокмун. Олуяларга жалбарып (муктаждык жана шапаат) суроо ширк эмес!

**Абдуллах:** Сен Аллах Тааланын алдында ширк күнөөсү зынаа кылуудан дагы чоңураак жана Аллахтын алдында кечирилгис күнөө экенине ишенесиңби?

**Абдуннабий:** Ооба. Ал нерсе Кураанда ачык эле жазылып турбайбы.

**Абдуллах:** Сен «ширк кылганым жок» дейсиң. Айтчы мага: «ширк кылбадым» деген сөзүңдү кандай түшүндүрөсүң?

**Абдуннабий:** Мен маселен, буттарга ибадат кылганым жок, аларга жалбарганым жок, алардан корккonum жок…

**Абдуллах:** Буттарга ибадат кылуу эмнелигин билесиңби, теги? Сен ширк дегенде таш-кудай, жыгач-кудайларга табынгандарды гана түшүнөт окшойсуң? Олуяларга таянып, аларга жалбарууну ширкке кошпойт окшойсуң?

**Абдуннабий:** Ооба. Мен ширкти дал ушундай түшүнөмүн.

**Абдуллах:** Ой-бо-о-й! анда мен сага жанатан бери айткан аяттар, пайгамбарларга, олуяларга, периштелерге жана башкаларга таянуунун арамдыгы, муну жасаган адамдын каапыр болушу жөнүндөгү далилдер бул кулагыңдан кирип, тигинисинен чыгып кеткен-го!

**Абдуннабий:** Чыкпай эле.., сен айткан периштелерге, пайгамбарларга таянып дуба кылгандар, ушул дубасы себептүү каапыр болушкан эмес, «периштелер

– Аллахтын кыздары» жана «Ыйса – Аллахтын баласы» деген сөздөрү себептүү каапыр болушкан. Биз эч качан өзүбүз дуба кылган олуяларды «Абдул Каадыр – Аллахтын баласы» же «Зейнеп – Аллахтын кызы» дегенибиз жок.

**Абдуллах:** Сен айткан каапырчылык тап-такыр башкача, (биз талашкан маселеден) өз алдынча каапырчылык. Эгер буга токтолчу болсок, Аллах Таала айткан: ﴿ قُلْ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١ ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ۝٢ لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ ﴾ ***«Айткын** (эй, Мухаммад) **«Ал – Аллах теңдешсиз жалгыз, Аллах – Беймуктаж, туубаган жана туулбаган».*** **(Ихлас: 1-3)** Ким бул маанилерди четке какса шексиз каапыр болот. Сен бул эки каапырчылыктын арасындагы айырмачылыкты билип ал. Дагы бир далил «Лат» кудайына ибадат кылган мушриктер, аны (өлгөнгө чейин) олуя адам болгонуна карабай, Аллахтын баласы дешкен эмес. Жиндерге ибадат кылгандардын абалы дагы ушундай. Ошондой эле, төрт мазхаб уламаларынын бардыгы муртад[1] адамдын өкүмүнүн баянында «эгер мусулман адам «Аллахтын баласы бар» десе муртад болот. Ошондой эле, Аллахка шерик кошсо да муртад болот» деп, эки каапырчылыктын арасын ажыратышкан.

**Абдуннабий:** Бирок, Аллах Таала олуялар жөнүндө: ﴿ أَلَآ إِنَّ أَوْلِيَآءَ ٱللَّهِ لَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ ﴾ ***«Уккула, Аллахтын досторуна (кыяматта) коркунуч жок жана алар кайгы-капага да батышпайт»*** **(Юнус-62)** дебеди беле?

**Абдуллах:** Буга биз дагы ыйман келтиребиз. Бирок, бул аларга ибадат кылгыла деген сөз эмес. Биз олуялардын бардык кадыр-барк жана даражаларына ишенебиз. Бир гана аларга ибадат кылууга, аларды Аллахка тең жана шерик кылынуусуна каршыбыз. Эмесе, аларды урматтоо, кереметтерине ишенүү бардыгыбыздын милдетибиз эмеспи. Олуялардын кереметин бидьатчы адамдар гана четке кагат. Аллахтын дини эки тараптын арасындагы ортолук, эки адашуунун ортосундагы туура жол жана эки жалгандын арасындагы чындык.

**Абдуннабий:** Кураанда айтылган мушриктер «ла илаха иллаллах» деп күбөлүк бербеген, пайгамбарды жалганчы дешкен, кайра тирилүүгө ишенишпеген, Курааны четке кагып, «бул – сыйкыр» дешкен. А, биз болсо, «ла илаха иллаллах» деп күбөлүк берсек, пайгамбарыбызды, Курааны тастыктасак, кайра тирилүүгө ишенсек, намаз окусак, орозо кармасак.., дагы кантип ошолорго окшоп калат экенбиз?!

**Абдуллах:** бардык уламалардын пикири боюнча, эгер бир адам пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламдын бир сөзүн тастыктап, башка сөзүн четке какса, исламдан чыгып, каапыр болот. Ошондой эле, эгер Курaандын кээ бир аяттарына ишенип, кээ бирлерине ишенбегендер, таухидке ишенип, намазды четке каккандар, намазды окуп, зекетке ынабагандар, ушулардын бардыгын жасап, орозону же ажылыкты же кайра тирилүүнү четке каккандар бардык

---

[1] Динден кайткан

уламалардын келишилген пикири боюнча каапыр болот. Сен бул өкүм менен макулсуңбу?

**Абдуннабий:** Албетте, булар Курaанда ачык эле айтылган.

**Абдуллах:** Эгер макул болсоң, билип ал: таухид пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам алып келген диндеги эң орчундуу маселе. Ал намаз, зекет, ажылыктардан дагы зарылыраак, чоңураак маселе. Эми өзүң ойлочу, ушул намаз, зекет же орозону четке каккандар каапыр болуп, кантип эле таухидти четке каккандар каапыр болбой калат? Акыры, пайгамбарлардын бардыгы дал ушул таухидти орнотуу үчүн жиберилбеди беле?! (Сен намаз окуган, орозо кармаган адам каапыр болбойт дейсиң,) Эстебейсиңби, пайгамбарыбыздын сахаабалары (Абу Бакр Сыддык башчылыгында) Ямамадагы Бану Ханиф уруусу менен, аларды каапыр санап, согушушпады беле? Алар бардык парыздарды аткарып, бир гана зекетти бербейбиз дешкен.

**Абдуннабий:** Бирок, алар мусулман болгону менен жалганчы Мусайламаны пайгамбар дешкен болчу да. А, биз Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламдан кийин пайгамбар чыкпайт деп ишенебиз.

**Абдуллах:** Ошентсе да, силер кээ бир олуялардын, пайгамбарлардын жана башкалардын даражасын асман жердин жаратуучусунан дагы бийикке көтөрүп жатасыңар! Азыр эле өзүң (Мусайламанын мисалында айткандай) эгер адамдар жөнөкөй бир адамды пайгамбар даражасына көтөрүү менен, окуган намаздарына карабай, каапыр болгон болсо, оозундагы келмелери бекер болгон болсо, пенделерден бир пендени Аллах Тааланын даражасына көтөргөндөр каапыр болбой калабы?! Али *нун ишин эстечи… Ал өзүн кудай даражасына көтөргөн мусулмандарды тирүүлөй өрттөп жибербеди беле! Жазалангандар жөн мусулман эмес, сахаабалардан таалим алган мусулмандар болгон. Бирок, силер олуяларды кудай даражасына көтөргөндөй, Алини кудай даражасына көтөрүшкөн. Өзүң ойло Алини кудай кылган адамдар каапыр болуп, олуяларды көкөлөтүп, сыйынгандар каапыр болбой калабы?

**Дагы:** Эгер сен айткандай болуп, абалкы мусулмандар буттарга табынуу, пайгамбарды, Курaанды жалганга чыгаруу жана акыретти четке кагуу менен гана каапыр болушкан болсо, анда, ар бир мазхаб аалымдарынын фикх илиминде «муртадтын өкүмү» деген атайын бөлүм ачышынын кандай мааниси калат? Муртад деп алар мусулман болгондон кийин кээ бир тайылуулар себептүү исламдан чыгып, каапыр болуп калган адамдарды айтышкан. Мисален, тили башка, дили башка болуу, Аллахтын ачуусун келтирген сөздү айтуу, динди мазактаган сөз сүйлөө ж.б.у.с. бир аятта Аллах Таала мындай деген: ﴿ قُلْ أَبِٱللَّهِ وَءَايَٰتِهِۦ وَرَسُولِهِۦ كُنتُمْ تَسْتَهْزِءُونَ ۝٦٥ لَا تَعْتَذِرُوا۟ قَدْ كَفَرْتُم بَعْدَ إِيمَٰنِكُمْ ﴾ «***Айт*** *(эй, Мухаммад:)* ***«Аллахты, Анын аяттарын жана пайгамбарын мазактоочу болуп калдыңарбы?! Кечирим сурабай эле койгула, ыйманга келгенден кийин каапыр болуп бүттүңөр!»*** **(9/66)**. Бул аят Аллахтын пайгамбары менен желкеме-желке туруп Табук казатына катышкан бирок, исламды мазактагансымал сүйлөгөн адамдар жөнүндө түшкөн.

**Дагы:** Аллах Таала Курaaнда Бану Исрайил коомунан бир топ мусулман, илимдүү, жакшы адамдардын Муса пайгамбардан ﴿ٱجۡعَل لَّنَآ إِلَٰهًا﴾ ***«Бизге дагы кудай** (бут) **жасап бер!***[1]**»** деп талап кылгандарын икая кылган.**(7/138)** Кийин сахаабалардан кээ бирөлөрү пайгамбарыбыздан «бизге дагы «Затул Анват» жасап берсеңиз?» деп суранышканда, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам «силердин бул сөзүңөр Бану Исрайил коомунун Мусадан «бизге дагы алардыкындай бут-кудай жасап бер» деген сөзүнө окшоду» деп, аларды жемелеген[2].

**Абдуннабий:** Бирок, Бану Исрайил дагы, пайгамбарыбыздан «Затул Анват» жасап берүүнү сурагандар дагы каапыр болуп калышпады-го?

**Абдуллах:** Себеби, алар сураганы менен ал нерсени жасашкан жок. Эгер жасашканда каапыр болуп калышмак. Пайгамбарыбыздан ыйык дарак жасоону сурагандарды ошол замат кайтарды. Эгер кайтышпаганда, алар дагы анык каапыр болушмак.

**Абдуннабий:** Менде башка бир чечилбеген маселе бар. Ал Усама бин Зейдтин иши жөнүндө. Эгер эстесең, бир жерде «ла илаха иллаллах!» деп чаңырган адамды өлтүрүп койот. Кийин пайгамбарыбыз аны жемелеп ***«О, Усама! Сен аны «ла илаха иллаллах» дегенден кийин өлтүрдүңбү?!»*** дейт. *(Бухарий)* Дагы бир маселе, пайгамбарыбыздын ***«мен адамдар менен «ла илаха иллаллах» дегенге чейин согушууга буюрулдум»*** деген сөзү[3]. **(Муслим)** Эми, сен жогоруда айткан сөздөр бул хадистерге каршы келип калбайбы?

**Абдуллах:** Өзүңө белгилүү болгондой, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам Мадинадагы яхудийлер менен согушкан, аларды туткун кылып алган. Алар (оозунда) «ла илаха иллаллах» (Аллахтан башка кудай жок) деген адамдар эле. Кийин пайгамбарыбыздын сахаабалары Ямамадагы Бану Ханиф менен согушушту. Алар дагы «ла илааха иллаллах, Мухаммадун расулуллах» дешет болчу, намаз окушат болчу. Али * өзүн көкөлөткөндөрдү күйдүрүп жиберди. Алар дагы намаз окуган, орозо кармаган адамдар эле. Сен азыр эле «ким акыреттеги кайра тирилүүнү четке какса, ислам негиздеринен бирине ишенбесе каапыр болот жана өлтүрүлөт» деген уламалардын өкүмүнө макул болбодуң беле? Таухидтин аталган негиздерден чоңураак негиз экенин да билесиң. Эми, кантип кичнекей негизди чангандар каапыр болуп, чоң негизге баш ийбегендер каапыр болбой калат? Сен мисал келтирген хадистериңдин маанисин жакшы

---

[1] Муса пайгамбар коому менен бара жатканда бир бутпарас элдин жеринен єтїшєт. Ошондо, Бану Исрайил коому андан «Бизге дагы алардыкы сыяктуу бут-кудай жасап бер» деп талап кыла баштайт.

[2] Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам сахаабалары менен Хунейн согушунан кайтып келе жатканда, «Затул Анват» деген атактуу дарактын жанынан єтїшєт. Жахилия доорунун мушриктери бул даракка курал-жарактарын илип, бул бизге кїч-кубат багыштайт деп ишенишчї. Кээ бир сахаабалар пайгамбарыбыздан «О, Аллахтын элчиси! Бизге дагы алардыкындай бир «Затул Анват» жасап берсеўиз?» деп суранганда, бул сєздї Бану Исрайил коомунун Мусадан «бизге кудай жасап бер» деп сураганына окшотуп, ачуусу келген.

[3] Абдуннабий муну менен «ла илаха иллаллах» деген адамдар толук мусулман болот жана алар менен согушууга мїмкїн болбой калат. Олуяларга табынгандар дагы «ла илаха иллаллах» деген адамдар…демекчи болууда

түшүнбөгөн окшойсуң. **Ал эми, Усаманын хадисине токтолсок:** ал жанагы адамдын үстүндө кылыч кезеп турганда, «ла илаха иллаллах!» деп чаңырган эле. Бирок, Усама аны өлүмдөн корккону себептүү гана айтты деп ойлоп, өлтүрүп салды. Бирок, исламды тили менен жарыялаган адамдан, качан айтканынын чын-төгүнү билингенге чейин колду тыюу керек болчу. Анткени, Аллах Таала айткан:﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا ضَرَبۡتُمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَتَبَيَّنُواْ ﴾***«Эй, ыйман келтиргендер! Эгер Аллах жолунда чыксаңар,** (сөздүн)* ***анығына жеткиле!»*** **(4/94)**

**Эми, экинчи:** *«мен адамдар менен, «ла илаха иллаллах» дегенге чейин согушууга буюрулдум»* деген **хадис жөнүндө[1]:** Мунун мааниси дагы биринчи хадистин мааниси сыяктуу. Башкача айтканда «ла илаха иллаллах» деген адамдан, сөзүнүн чын-төгүнү билингенге чейин колду тыйып турулат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам хавариждер[2] жөнүндө дагы мындай деген: «аларды тапкан жериңерде өлтүргүлө!» *(Бухарий)* Хавариждер «ла илаха иллаллахты» эң көп айткан, көп ибадаттуу адамдар эле. Жадакалса, сахаабалар алардын ибадатынын алдында өздөрүнүкүн жупуну деп билишкен. Качан исламга каршылыгы билингенден кийин алардын сахаабалардан илим алганы дагы, ушунча көп ибадаттары дагы, көп тахлилдери дагы[3] өлүмгө өкүм кылынуусуна тоскоол боло алган жок.

**Абдуннабий:** Анда, сен «адамдар кыяматта Адамдан кийин Нухтан кийин Ибрахимден кийин Мусадан, кийин Ыйсадан жардам сурап кайрылышат. Бардыгы бир себеп айтып, өзүн оолактаткандан кийин Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламга жетип келет» деген маанидеги хадиске эмне дейсиң? Бул хадис Аллахтан башкадан жардам суроонун ширк эместигине далил болот-го.

**Абдуллах:** Сен маселени чаташтырып жатасың. Биз тирүү жана алдында турган адамдан жардам суроону четке каккан эмеспиз. Тирүү жана колунан келген адамдан дүйнө иштеринде жардам сураса болот. Кураани Каримде Аллах Таала: ﴿ فَٱسۡتَغَـٰثَهُ ٱلَّذِي مِن شِيعَتِهِۦ عَلَى ٱلَّذِي مِنۡ عَدُوِّهِۦ ﴾ ***«Өз жамаатындагы бирөөлөр душмандарынан болгон адамдарга каршы андан жардам сурашты»*** деген. **(28/15)** Ошонун сыңарындай, бир адам согушта досторунан жардам сурашы же алардын колунан келген башка нерсени сурашы мүмкүн. Биз олуялардын мүрзөлөрүнүн алдында ибадат катары жардым суроого каршыбыз. Биринчиден ал олуялар суроочунун алдында эмес, өлүк, наркы дүйнөдө. Экинчиден жардам сурагандар бир Аллахтан башканын колунан келбеген (ден-соолук, бакыт-таалай сыяктуу) нерселерди сурашат. Биз мына ушуга каршыбыз. Ал эми, сен айткан хадисте айтылган окуяда, адамдар кыямат күнү Мавкиф деген жерде сурактын башталышын күтүп, кууруган ысыкта көп туруп кыйналгандан улам, пайгамбарларга келип, «Аллахка дуба кылсаңыз, тезирээк азаптуу күндү бүтүрүп, бейишилерге ырахат тартуулоосун сурап бериңиз» деген маааниде кайрылышат. Мындай жардам суроо эк

---

[1] Бухарий
[2] Хавариждер – исламдык жамаатка каршы болуп, алардан ажырап чыгып кеткендер.
[3] Тахлил – «ла илаха иллаллах» келмесин кайталоо

идүйнөдө тең мүмкүн. Шарты: сен жардам сураган адам тирүү, сенин алдыңда, сөзүңдү угуп турган болушу керек. Ал эми, ал адам өлгөн соң, анын мүрзөсүнө барып жардам сураштан кудай сактасын! Салафу салихиндер жадакалса, мүрзөнүн алдында Аллахка дуба кылуудан дагы кайтарышкан[1].

**Абдуннабий:** Эми, мына бул суроомо жооп бер-чи: Ибрахим алейхи саламды отко таштаганда Жибрийл periште келип «жардам берейинби?» дегенде, ал «сенден жардам сурабаймын» (Аллахтан гана тилеймин) деген, чынбы? Эгер Жибрийлден жардам сураш ширк болгондо, ал Ибрахимге өзүнүн жардамын сунуш кылат беле?

**Абдуллах:** Бул шектенүүң дагы абалкысына окшош экен. Биринчиден, бул аасар[2] сахих (таза булак) эмес. Эгерде сахих болгон тагдырда дагы, Жибрийл ага колунан келген нерсе менен жардам берүүнү сунуштады. Себеби, Аллах Таала аны Кураанда **«өтө күч-кубаттуу»** деп сыпаттаган. *(53/5)* Эгер ошондо Аллах Таала ага Ибрахим ташталган отту гана эмес, ал от жагылган жерди, тоолорду кошуп жердин чыгыш же батышына таштап жибер деп буюрса да колунан келмек. Ибрахим менен Жибрийлдин мисалы көп байлыгы бар бир адам кембагал кишиге «мен сага карызга акча берейин, муктаждыктарыңды жоюп ал» дегенде, ал «ырахмат. Мен Аллахым мага ырыскы таап бергенге чейин сабыр кыла турамын» деп жооп бергенине окшойт. Мындай жардам суроо менен азыркы мүрзө кулдарынын жалбарууларынын арасы жер менен асмандай алыс!

**Эми, бурадарым, чынында, Мухаммад саллаллаху алайхи ва саллам жиберилген (анын доорундагы) абалкы мушриктер жасаган ширк, үч себептен улам азыркы, биздин замандагы мушриктер жасаган ширктен жеңилирээк болгон!**

**Биринчиден:** абалкы мушриктер кенендик, бейпилдикте гана ширк кылып, баштарына оор күн түшкөндө Аллахтын Өзүнө дуба кылышкан. Аллах Таала айтты: ﴿ فَإِذَا رَكِبُوا۟ فِى ٱلْفُلْكِ دَعَوُا۟ ٱللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ فَلَمَّا نَجَّىٰهُمْ إِلَى ٱلْبَرِّ إِذَا هُمْ يُشْرِكُونَ ﴾ ***«Эгер кемеге минишсе (жана толкундар коop туудурса) Аллахтын Өзүнө ыклас менен дуба кылышат. Ал эми, жээкке (аман-эсен) чыгарып койсок.., капыстан ширк кыла башташат»*** **(29/65)** Ал эми, азыркы замандагы мушриктер болсо, тынчтык-бейпилдикте да, оорчулук-машакаттарда да ширк кылганы кылган! Эгер абалкы мушриктер оор кырдаалда «йа, Аллах!» деп, жеке-жалгыз жаратканга дуба кылса, азыркы замандын мушриктери «йа, Али!», «йа, Хусейн!», йа, Бахауддин!» деп дуба кылышат. Бирок, алардын дубаларын өлүктөр укса бир жөн…

**Экинчиден:** Абалкы мушриктер Аллахка кошуп Аллахтын алдында даражасы бар пайгамбарларга, периштелерге же олуяларга дуба кылышкан. Жок дегенде, Аллахка табиятынан моюн сунган таштарга жана дарактарга дуба кылышкан. Заманыбыздын мушриктери болсо Аллахка кошуп күнөөлүү,

---

[1] Єлïктєн сураганга окшоп калбасын деген мааниде
[2] Сахаабалардын жана алардан кийинкилердин сєзï. Хадистен кийинки даражада турат

пасык адамдарга дуба кылышат. [1] Албетте, салыштырмалуу түрдө караганда, пайгамбарга, периштеге жана салих адамдарга жана эч күнөө жасабай турган таштарга дуба кылуу пасык, күнөөлүү адамдарга жалбаруудан жеңилирээк күнөө.

**Үчүнчүдөн:** Абалкы мушриктердин бардыгы Аллах Таалага ибадатта гана ширк кылышкан. Бирок, Аллах Тааланын бар, бир жаратуучу, ырыскы берүүчү экенине ишенишкен. Заманабыздын мушриктери Аллахка ибадатта ширк келтирүү менен бирге, жаратууда дагы шерик кошуп: «дүйнөнү табигат жараткан» дешет.

Акырында сөзүмдү, өткөн сөздөрдөн өзүң түшүнгөн орчундуу бир маселе менен бүтүргүм келип турат. Ал да болсо, таухид деген нерсе жүрөктүн ишеними, тилдин ошол ишенимди сүйлөгөнү жана дене мүчөлөр менен амал кылганы менен орундалат. Эгер ушул үчөөнөн бирөө гана бузулса, адам мусулман болбой калат. Ал эми, таухид эмне экенин билип туруп, аны менен амал кылбаса, Фираун жана Шайтан сыяктуу өжөр каапырга айланат. Көп адамдар ушул маселеде ката кылышат жана «мунун бары туура. Бирок, муну биз жасай албайбыз. Биз жашаган коомдук шарттар муну көтөрбөйт. Коом жана эл-журт менен келишпесең дагы болбойт, зыяны тийип калышы мүмкүн» дешет. Ал бечаралардын напсиге жеңилгенден башка шылтоосу жок. Бирок, алар көп каапыр жолбашчылар чындыкты таанып, билип туруп ушул сыяктуу шылтоодон улам тозокко ылайык болуп калганын билишет бекен… Аллах Таала айткан эле: ﴿ٱشۡتَرَوۡاْ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ ثَمَنٗا قَلِيلٗا فَصَدُّواْ عَن سَبِيلِهِۦٓۚ إِنَّهُمۡ سَآءَ مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ﴾ ***«Аллахтын аяттарын аз гана байлыкка сатып жиберишти жана Анын жолунан тосушту. Алардын жасаганы кандай жаман!»*** **(9/3)**

Ким өзү түшүнбөй жана жүрөгүнөн ишенбей, сыртынан эле тавхид менен амал кылса, ал – мунафык! Андай адам ачык каршы чыккан каапырдан да жаманыраак. Мунун далили Аллах Тааланын мына бул сөзүндө: ﴿إِنَّ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ فِي ٱلدَّرۡكِ ٱلۡأَسۡفَلِ مِنَ ٱلنَّارِ﴾ ***«Чынында, мунафыктар Тозоктун эң төмөнүндө!»*** **(4/145)** Эгер сен адамдардын абалдарына, сөздөрүнө байкоо салсаң, маселени дагы тереңирээк түшүнөсүң: алардан кээ бири дүйнөсүнөн корккону себептүү гана таухидти таштап коюуда. Алар Каруун[2] сыяктуу. Дагы кээ бирөөлөр мартаба-мансабынан коркуп таухид менен жашабай жатат. Алар Хааманга[3] окшойт. Ал эми, адамдар арасында бийлигинен ажырап калуудан кооптонуп таухидке каршы чыккандары да бар. Алар Фираундун тагдырдаштары. Дагы сен сыртында таухидти кармаган болуп көрүнүп, ичи иригендерди да көрөсүң. Алардан «жүрөктөгү ишенимиң кандай?» деп сурасаң, эч нерсе айта алышпайт.

**Мен сенин мына бул эки аятты жакшы түшүнүүңдү каалайт элем:** Биринчи аят мына бул: ﴿لَا تَعۡتَذِرُواْ قَدۡ كَفَرۡتُم بَعۡدَ إِيمَٰنِكُمۡ﴾ ***«Эми, кечирим сурабай эле***

---

[1] Адамдар сыйынган кээ бир мїрзєлєр текшерилгенде, ага пасык адамдар кємїлгєнї жєнїндєгї фактылар жашоодо арбын

[2] Ачкєздїгїнєн байлыгын кыя албай чындыкты кабылдабай койгон бай адам. Натыйжада, Аллах Таала аны бїт байлыгы менен жерге жуткуруп жиберген.

[3] Фираундун увазири

***койгула! Силер ыймандан кийин каапыр болуп бүттүңөр!»*** **(9/66)** Эгер эсиңде болсо, пайгамбарыбыз менен бирге румдуктарга каршы согушкан кээ бир адамдар оюнкарактык жана мыскыл сөздөрдү сүйлөгөнү себептүү, ушул аяттын өкүмү менен каапыр болуп калышкан. Ойлосоң, бул болгону азил-тамаша сөз болчу! Кээде адам тамашалаганда тили гана «күнөө кылып», жүрөгү таза болушу да мүмкүн. Эми, ушуга салыштырмалуу макулуктун[1] колундагы бир аз дүйнө үмүтүндө же андан коркуп каапырчылык сөздү кадимкидей сүйлөгөн, каапырчылык иштерди кадимкидей жасаган **бечара** адамдардын абалы кандай болот?! Алар албетте, Шайтанга жетеленип калган адамдар. Анткени: ﴿ٱلشَّيْطَٰنُ يَعِدُكُمُ ٱلْفَقْرَ وَيَأْمُرُكُم بِٱلْفَحْشَآءِ﴾ ***«Шайтан силерди бузукулукка буюруп, муктаждыкты[2] убада кылат»*** **(2/268)** Жана ﴿إِنَّمَا ذَٰلِكُمُ ٱلشَّيْطَٰنُ يُخَوِّفُ أَوْلِيَآءَهُۥ﴾ ***«Албетте, ал – Шайтан силерди өзүнүн досторунан коркутат[3]»*** **(3/175)** Ал шордуу Аллах Тааланын ﴿وَٱللَّهُ يَعِدُكُم مَّغْفِرَةً مِّنْهُ وَفَضْلًا﴾ ***«Аллах силерге Өзүнүн кечиримин жана пазилетин убада кылат»*** **(2/268)** деген убадасын тастыктабады. Жана Жаратkандын мына бул эскертүүсүнөн коркподу: ﴿فَلَا تَخَافُوهُمْ وَخَافُونِ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ﴾ ***«Алардан коркпогула, Менден гана корккула, эгер ыймандуу болсоңор!»*** **(3/175)** Мына ушундай абалдагы бечаралар Аллахтын олуя-достору болобу же Шайтандынбы?

**Экинчи аят:** Аллах Таала айткан:

﴿مَن كَفَرَ بِٱللَّهِ مِنۢ بَعْدِ إِيمَٰنِهِۦٓ إِلَّا مَنْ أُكْرِهَ وَقَلْبُهُۥ مُطْمَئِنٌّۢ بِٱلْإِيمَٰنِ وَلَٰكِن مَّن شَرَحَ بِٱلْكُفْرِ صَدْرًا فَعَلَيْهِمْ غَضَبٌ مِّنَ ٱللَّهِ وَلَهُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ﴾

***«Жүрөгү ыйманга канаатанган бойдон калып,*** (каапырчылыкка) ***зордоп киргизилгендерди эсепке албаганда, кимде-ким ыйманга келгенден кийин Аллахка каапыр болсо, ким каапырчылыкка көкүрөгүн кенен ачып койсо, аларга Аллахтан каар-казап жана улуу азап бар!»*** **(16/106)** Демек, каапырчылыкка мажбурлангандан башка абалдарда корkконунанбы, бир нерсе үмүт кылыппы, адамдар менен мунаса үчүнбү же мекен, клан, үй-бүлө кызыкчылыгы үчүнбү же азил-тамаша иретиндеби же мындан башка ар кандай себептер мененби, таухидтен тетири кетсе ал каапыр болот экен. Дагы аяттан малым болгону: адамды бир нерсе сүйлөгөнгө же жасаганга мажбурлаш мүмкүн, бирок эч кимди эч кандай ишенимге мажбурлап болбойт. Ал эми акыреттеги азап көбүнчө ишенимсиздик же түшүнбөстүк же каапырчылыкты сүйүү себебинен эмес, дүйнөгө азгырылгандык себептүү берилет экен. Аллах Таала айтты: ﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمُ ٱسْتَحَبُّوا۟ ٱلْحَيَوٰةَ ٱلدُّنْيَا عَلَى ٱلْءَاخِرَةِ وَأَنَّ ٱللَّهَ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلْكَٰفِرِينَ﴾ ***«Мунун себеби, алар дүйнө жашоосун акыреттен көбүрөөк сүйүп калышты. Аллах каапыр коомдорду туура жолго баштабайт!»*** **(16/107)** Дагы бардыгын Аллахтын Өзү билүүчү.

---

[1] Аллах жараткан пенденин
[2] Жанагы бечара кожоюнуна єзїн муктаждай кєргєзбєдї беле
[3] Жанагы бечаралар каапыр жетекчибиз бир нерсе кылып койбойт бекен деп коркуп, таухидтен алыстап кетишкен

**Бурадарым Абдуннабий**! Ушунча сөздү уктуң эми, Аллахка тооба кылып, Өзүнө кайтуунун жана мурдагы ширкий пикирлериңди таштоонун убактысы келгендир. Өзүң уккандай, маселе олуттуу.

**Абдуннабий:** Аллах мени кечирсин! Тооба кылдым! Өзүнө кайттым! Мен эми ыкылас менен «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси» деп күбөлүк беремин! Аллахтан башка, адамдар сыйынган бардык «кудайларды» таштадым! Өткөнүмдү Аллах кечирсе экен! Кыяматта Өзүнүн мээрими жана кечирими менен мамиле кылса экен! Эй, Аллахым! Мени таухид жолунда, таза акида-ишеним үстүндө бекем кыл! Эй, бурадарым Абдуллах! Насааттарың үчүн Аллах сенден ыраазы болсун жана Өзүнүн түз жолуна адамдарды үндөп жүрө бер! «Дин – бул насаат» дегени ушул турбайбы. Мен насаатыңды алдым. Эми, атымды өзгөртүп, Абдуррахман болоюн! О, эгер мен сага жолукпаганда жана Аллах Таалага мурдагы ишенимим менен жолуканда тозоктон кутулмак эмес экенмин!!! Эми, сенден акыркы өтүнүчүм, мага адамдар көбүрөөк чаташтыра турган күнөөлөрдү санап, эскертип койсуң?

**Абдуллах**: Жаным менен! Анда эмесе кулак сал:

✹ Кураан менен Сүннөттөн талаш маселе чыгып калса, сенин ураанын фитнаны жана бурмалоону каалап талашкандардын урааны сяктуу болуп калбасын! Чынында, алардын маанисин Аллах Таала гана эң туура билүүчү. Сенин ураанын терең илимдүү адамдардын ураанында болсун. Алар муташабих (түшүнүү кыйын) аяттар жөнүндө: ﴿ءَامَنَّا بِهِۦ كُلٌّ مِّنۡ عِندِ رَبِّنَا﴾ ***«Буга ыйман келтиребиз. Бардыгы Аллахтын алдынан»*** дешкен. **(3/7)** Ал эми, талаш маселелер жөнүндө пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «Шектенген нерсеңди шектенбеген нерсеңе алмаштыр» деген. **(Ахмад, Термизий)** Дагы айтканы бар: «Ким шектүү нерселерден абайласа, динин жана абийирин таза сактаганы. Ким шектүү нерселерге түшсө, арамга түшкөнү» **(Бухарий, Муслим)** Дагы мындай деген: «Күнөө – бул жүрөгүңдө козголуп, аны адамдар көрүшүн каалабаган нерсе» **(Муслим)** Дагы бир хадисинде мындай деген: «Жүрөгүңдөн жана өзүңдөн (абийириңден) фатваа сура. – муну үч ирет кайталады – жакшылык деген бул сенин абийириң канаатанган нерсе, күнөө деген бул жүрөктө козголгон жана көкүрөктө тайсалдаган нерсе. Эгер адамдар сага (боло берет деп) фатваа берсе дагы (жүрөгүңдөн сура) **(Ахмад)**

✹ Напси-балээңе ээрчип кетүүдөн абайла! Аллах Таала мындан пайгамбарын эскертип: ﴿أَرَءَيۡتَ مَنِ ٱتَّخَذَ إِلَٰهَهُۥ هَوَىٰهُ﴾ ***«Өзүнүн напсисин кудай кылып алган адамдарды карабайсыңбы?»*** деген. (Фуркан-43)

✹ Кандайдыр адамдарга, пикирлерге жана ата-бабадан калган ырым-жырымдарга кенедей жармашып алба! Булар сени чындактан тосчу нерселер. Чындык деген ыймандуу адамдын жоготкону. Аны кайдан (жана кимден) тапса алууга укуктуу. Аллах Таала айткан:

﴿وَإِذَا قِيلَ لَهُمُ ٱتَّبِعُواْ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ قَالُواْ بَلۡ نَتَّبِعُ مَآ أَلۡفَيۡنَا عَلَيۡهِ ءَابَآءَنَآۚ أَوَلَوۡ كَانَ ءَابَآؤُهُمۡ لَا يَعۡقِلُونَ شَيۡـٔٗا وَلَا يَهۡتَدُونَ﴾

***«Аларга*** *(мушриктерге)* ***«Аллах түшүргөн нерсеге*** *(исламга)* ***ээрчигиле» деп айтылганда, «Жок, биз ата-бабаларыбызды эмненин үстүндө тапсак,***

***ошого ээрчийбиз» дешти. Эгер ата-бабалары эч нерсеге акылы жетпеген жана туура жол таппаган адамдар болсо дагыбы?»*** **(2/170)**

❃ Каапырларга окшобо! Бул ар бир балээнин башы. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: ***«Ким бир коомго өзүн окшоштурса – ошолордон»*** деген. **(Абу Дауд)**

❃ Аллахтан башкага тобокел кылуудан сак бол! Аллах Таала айткан:
﴿وَمَن يَتَوَكَّلْ عَلَى ٱللَّهِ فَهُوَ حَسْبُهُۥٓ﴾ ***«Ким Аллахка тобокел кылса, ага Өзү жетиштүү»*** **(65/3)**

❃ Аллахка күнөө болчу иштерде эч бир адамга моюн сунба! Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: ***«Жаратуучуга күнөө болчу иште жаратылганга моюн сунуу жок!»*** деген.

❃ Аллах Таалага жаман ойлобо! Аллах Таала бир кудсий хадисте ***«Мен пендемдин оюндагыдаймын[1]»*** деген. **(Бухарий, Муслим)**

❃ Балээден сактайт деп ар кандай жип, мончок сыяктуу нерселерди тагып жүрбө!

❃ Көздөн сактанам деп тумар такпа! Анткени, ал – ширк! Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: ***«ким бир нерсе тагып алса, ошого өзүн тапшырган болот»*** деген. **(Термизий)**

❃ Ар кандай таштарды, дарактарды, имараттарды жана тарыхый нерселерди ыйык-таберик кылба! Бул дагы ширктин бир түрү.

❃ Куштан жана башка жаныбарлардан (жансыз нерселерден дагы) «жамандык келтирет» деп ырым кыла бербе! Пайгамбарыбыз ***«Куштан ырым кылуу – ширк»*** деп үч ирет кайталаган. **(Абу Дауд)**

❃ Кайыптан кабар айткан гороскопту жана сыйкырчыларды тастыктаба, ширк болуп калат. Анткени, кайыпты Аллахтан башка эч ким билбейт.

❃ Жамгырдын жаашын жылдыздан дебе, Аллахтан де. Антпегенде, ширк болот.

❃ Аллахтан башка менен ат ичпе! Хадисте айтылган: ***«Ким Аллахтан башка(нын аты менен) ант ичсе, каапыр болду (же мушрик болду)»***. Ширк анттарга мисалдар: «пайгамбарга ант!», «аманатка ант!», «абийириме ант!», «кепилдигиме ант!», «өмүрүмө ант!»

❃ Заманды, шамалды, күндү, суукту же ысыкты сөкпө! Анткени, аларды жараткан Аллахты сөккөн болуп каласың!

❃ Эгер сага бир кырсык-мусыйбат жетсе, «эгер-эгер[2]» дей бербе. Бул Шайтанга эшик ачуу жана Аллахтын тагдырына таарынуу. Кырсык маалында «Каддараллоху, ва маа шааьа фаьал[3]» дегин.

❃ Мүрзөлөрдү мечит кылып алуудан сак бол! Ичинде мүрзө болгон мечитте намаз окулбайт! Аиша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айткан:

---

[1] Эгер бир адам кандайдыр кырсыкка жолукса дагы, маселен, «Аллах менден єч алып жатат-го» деп ойлобой, «ушул сыноосу мага ырайым жана кінєєлєрім їчїн каффаарат болсо экен» деп ойлосун. Жаман ойлосо, Аллах ойлогонундай єч алышы мімкїн, жакшы ойлосо ырайымына чємїлїші турган иш.

[2] «Эгер паландай кылсам, мындай болбойт элем. тїкїндєй кылганмда сактанып калмакмын…» деген сыяктуу

[3] Мааниси: «Аллахтын тагдыры. Эмнени кааласа жасайт»

«Расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам өлүмү алдынан мындай деди: ***«Аллах Таала пайгамбарларынын мүрзөсүн мечит кылып алган яхудийлер менен насааралаларга наалат-каргыш айтты! Алардын иштеринен сак болунсун!»*** **(Аиша)** айтты: «Эгер ушул (сөзү) болбогондо анын мүрзөсүн көрүнүктүү кылып[1] коюшмак[2].» *(Бухарий)* пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам дагы бир хадисинде мындай деген: ***«силерден мурдагы элдер пайгамбарлары менен салих (такыба) адамдарынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан. Силер мүрзөлөрдү мечит кылып албагыла! Мен силерди мындан кайтарамын!»*** **(Абу Аваана)**

Пайгамбарыбыз айтпаган бирок, анын атынан токуп чыгарылган жалган хадистер бар, алардан абайла! Жалган хадистерден кээ бирлери мына булар: «Аллахка менин даражамды тавассул (ортомчу) кылгыла. Аллахтын алдында менин бийик даражам бар», «эгер силерди иштер чарчатса[3] мүрзөдө жаткандарга кайрылгыла», «Аллах Таала ар бир олуянын мүрзөсүнө бирден периште дайындаган. Ал адамдардын муктаждыктарын орундатып берет», «эгер бирөөңөр бир ташка ыкылас кылса, ошо да пайда берет…» жана булардан башка көп мавзуу (жасалма) хадистер бар.

«Диний майрамдар» деген аталыштагы жыйындардан сак бол. Алар «Мавлид», «Исраа-Мээраж түнү», «Шаабандын ортолук түнү» жана башка кийин чыгарылган нерселер. Буларга пайгамбарыбыздан да, сахаабалардан да далил жок. Алар пайгамбарыбызды бизден көбүрөөк сүйгөнүнө карабай, жакшылыктарды жасоого бизден умтулуучураак экенине карабай, аталган «майрамдарды» белгилеген эмес. Эгер жакшылык жана мүмкүн нерсе болгондо алар бизден мурдараак жасашмак.

---

[1] Үстїнє кїмбєз куруп

[2] Азыркы кїндє караган адамга деле пайгамбарыбыздын мїрзєсї мечиттин ичинде жана їстїнє кїмбєз курулган сыяктанат. Сахаабалардын убактысында мечит башка пайгамбарыбыздын мїрзєсї башка болгон. Кийинки халифтердин доорунда, мечитти кеўейтїї жараянында мїрзє мечиттин имаратынын ичинде калып калгандай кєрїнїшкє ээ болуп калган. Бирок, азыр деле мїрзє мечиттен деп эсептелбейт.

[3] Оор болсо

# «Ла илаха иллаллах[1]» келмеси жөнүндө

Бул келме эки негизден турат. Биринчиси «Ла илааха», экинчиси «иллаллах». Пенде биринчи негиз менен Аллахтан башка жалган «кудайлардан» кудайлыгын четке кагып, «Ла илаха!» (эч бир кудай жок) дейт. Анан экинчи негиз менен «иллаллах!» деп, чыныгы кудайлыкты жеке Аллахка гана чектейт жана таандык кылат. Аллах таала айткан:
﴿ وَإِذۡ قَالَ إِبۡرَٰهِيمُ لِأَبِيهِ وَقَوۡمِهِۦٓ إِنَّنِي بَرَآءٞ مِّمَّا تَعۡبُدُونَ ٢٦ إِلَّا ٱلَّذِي فَطَرَنِي فَإِنَّهُۥ سَيَهۡدِينِ ﴾ ***“Бир кезде, Ибрахим атасы жана коомуна*** (мындай) ***деди: “Мен силер сыйынган кудайлардан аруу-тазамын! Бир гана мени жоктон бар кылган*** (чыныгы кудайга сыйынамын). ***Ал мени Туура Жолго баштайт!”*** **(Зухруф: 26-27)**
Демек, “Аллах таалага кандай гана жол менен болбосун, сыйынсам болду да” дебестен, Ага Анын Өзї көргөзгөндөй, чыныгы тавхид менен, эч нерсени шерик кылбай сыйынуу керек. Чыныгы тавхид Аллахты бардык шерик кудайлардан арылтуу, ошондой эле, ширк жана ширк элдеринен ажыралуу менен болот.
Аасарларда[1] айтылышынча «ла илаха иллаллах – Бейиштин ачкычы» экен. **Бирок, бул келмени айткан ар бир адамга Бейиш ачыла береби?**
Вахб ибн Мунаббахтан сурашты: «ла илааха иллаллах Бейиштин ачкычы эмеспи?». Ооба – деди ал – бирок, ар бир ачкычтын тиштери болот. Эгер Бейиш дарбазасына тиштери бар ачкыч менен келсең – ачылат, эгер ачкычыңдын тиши жок болсо кантип ачылсын!»
Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам көп хадистеринде «ким «ла илааха иллаллахты» ыклас менен…», «жүрөгү аны менен түз болгон абалда…», «жүрөктөн чыгарып, чындап айтса…» деген сыяктүү ибаралар[2] менен ошол ачкычтын тиштери эмнелер экенин түшүндүргөн. Бул жана мындан башка хадистердин жыйынтыгы боюнча, пенденин бейишке кириши «ла илааха иллаллахтын» маанисин билүүгө, өлгөнчө аны менен бекем турууга, анын маанилерине баш ийүүгө жана башка нерселерге байланыштуу экен. Уламалар бардык далилдерди жыйынтыктап келип, бир нече шарттарды иштеп чыгышкан. Адам качан ошол шарттарды аткаргандан кийин гана анын келмеси бейишке ачкыч болууга жарайт. Башкача айтканда бейиштин ачкычтары уламалар иштеп чыккан төмөндөгү шарттардан турат:
**❶Илим**: Бардык сөздүн мааниси болгондой эле, «ла илаха иллаллах» келмесинин дагы, ар бир пенде анын анык-тунук билүүсү зарыл болгон төмөндөгүчө мааниси бар: «Аллахтан башка бардык жандуу-жансыз нерселерде кудайлык (ибадатка татыктуулук) касиеттери жок деп билип, аны (кудайлыкты) жеке-жалгыз Аллахка таандык кылуу. Же болбосо, бир Аллахтан башка эч нерсе ибадат-сыйынууга татыктуу эмес деп ишенип, ушул ишеним менен амал кылуу». Ыйманды билүү жөнүндө Аллах Таала: **«**(Маанисин) **билген абалда** (ла илаха иллаллах деп) **Чындыкка күбөлүк берген адамдар**

---

[1] Аасар – сахаабалардан жана алардан кийинки табеиндерден калган сөздөр
[2] Ибара – текст

**гана** (шапаат кылууга укуктуу болот)» деген болсо, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «ким жеке Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенин[1] билген абалда өлсө бейишке кирет» деген.

**❷Анык ишеним**. Мунун мааниси ыйман келмесинин маанилерине эч кандай шеек-күмөн санабай, экиленбей анык, терең ишенүү. Аллах Таала Кураанда ыймандуу адамдарды мындайча сыпаттаган: ﴿إِنَّمَا ٱلْمُؤْمِنُونَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ ثُمَّ لَمْ يَرْتَابُوا۟ وَجَٰهَدُوا۟ بِأَمْوَٰلِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ أُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلصَّٰدِقُونَ﴾ ***«Ыймандуулар, алар Аллахка жана Анын элчисине*** *(анык)* ***ишенишет. Кийин шектенип калышпайт. Дагы алар Аллахтын жолунда малдары жана жандары менен жихад кылышат. Дал ошолор*** *(ыйманында)* ***чынчыл адамдар!»*** (49/15) Демек, ыйман келмесин ооздо гана айтып коюу жетишсиз. Эгер анын маанилерине жүрөк анык ишенбесе бул накта мунафыктык болот. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «***…Ким ал экөө (келме) менен Раббисине жолукса жана экөөндө шектенбеген болсо, бейишке кирет***» (Муслим)

**❸Кабыл алуу**: Пенде ыйман келмесин билгенден, анык ишенгенден кийин, бул билим менен ишенимдин таасири болушу керек. Бул таасир ушул келме талап кылган нерсени жүрөк жана тил менен кабылдоодон турат. Ким таухид[2] дааватын текеберчилик же же көралбастык же өжөрлүк же башка себеп менен кабыл албай кайтарып жиберсе каапыр болот. Аллах Таала айткан: ﴿إِنَّهُمْ كَانُوٓا۟ إِذَا قِيلَ لَهُمْ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا ٱللَّهُ يَسْتَكْبِرُونَ﴾ ***«Качан аларга «ла илаха иллаллах» айтылганда текеберленишти»*** (37/35)

**❹Баш ийүү:** Таухидке толук моюн сунуу зарыл. Ыймандан чыныгы белгиси жана иш жүзүндөгү көрүнүшү – ушул. Ал эми моюн сунуу Аллах Таала буюрган бардык нерселерди аткаруу жана кайтарган бардык нерселерден кйтуу менен болот. Аллах Таала айткан: ***«Ким соор иштерди жасаган абалда жүзүн*** *(өзүн)* ***Аллахка*** *(толук)* ***моюн сундурса демек, ал бекем тутканы кармаптыр. Иштердин акыбети Аллахка!»*** (31/22)

**❺Чынчылдык.** Пенденин сөзүндө жалганга жоо болгон чынчылдык болушу. Ким тили менен бирди айтып, жүрөгү башкача согуп турса, ал – мунафык! Аллах Таала мунафыктарды мындай сыпаттаган: ﴿يَقُولُونَ بِأَلْسِنَتِهِم مَّا لَيْسَ فِى قُلُوبِهِمْ﴾ «***жүрөгүндө жок нерселерди тили менен сүйлөшөт***» (48/11)

**❻Сүйүү.** Ыймандуу адам бул келмени[3], аны менен амал кылууну, бул келмени айткан, аны менен амал кылган адамдарды сүйүүсү кажет. Бир пенде раббисин сүйсө, Ал сүйгөн нерселерди сүйөт[4], Аны дос туткан адамдарды дос тутат, душмандарын душман тутат[5] жана Анын пайгамбарынын изине (жолуна) гана эрчийт.

---

[1] «Ла илааха иллаллах» келмесин
[2] Ушул келменин маанисин билип, аны менен амал кылуунун ъзї таухид
[3] «Ла илаха иллаллахты»
[4] Эгер ал нерселер ъзїнъ (напсисине) жагымсыз болсо да
[5] Эгер алар туугандары, жакын адамдары болсо да

❼ **Ыклас.** Мунун мааниси «ла илаха иллаллах» келмесин Аллах үчүн гана айтуу жана анын мааниси менен Аллах үчүн гана амал кылуу. Аллах тала айтты: ﴿ وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ ﴾ ***«Алар** (Таухидтен) **башка динден жүз бурган абалда бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга... ...буюрулушкан эле”*** **(98/5)** Ал эми, пайгамбарыбыз ыклас жөнүнүдө мындай деген: «***Ла илаха иллаллахты» Аллахтын Жүзү үчүн гана айткан адамды (күйдүрүүнү) тозокко арам кылды***» **(Бухарий)**

# «Мухаммадун Расулуллах[1]» келмеси жөнүндө

Ар бир адам өлүп, мүрзөгө коюлганда үч нерседен суралат. Эгер аларга жооп бере алса – (тозок азабынан) кутулат, жооп бербесе – тутулат. Ушул үчөөнүн бири «пайгамбарың ким?» деген суроо. Бул суроого Аллах «Мухаммадун – Расулуллах» келмесинин шарттарын билгизген, анда кадамын бекем кылган жана кабырында илхам берген адамдар гана жооп бере алат.

**Эмесе бул келменин шарттарына көңүл буралы:**

❶ **Пайгамбардын ар бир буйругуна моюн сунуу.** Анткени, ага моюн сунууну бизге Аллах Таала буюрган: ﴿مَّن يُطِعِ ٱلرَّسُولَ فَقَدۡ أَطَاعَ ٱللَّهَ﴾ ***«Ким пайгамбарга моюн сунган болсо, демек ал Аллахка моюн сунуптур»*** **(4/80)** Дагы мындай деди: ﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡۚ وَٱللَّهُ غَفُورٞ رَّحِيمٞ﴾ ***«Айт*** *(эй, Мухаммад)* ***«эгер Аллахты сүйсөңөр, анда мага ээрчигиле.*** *(Ошондо гана)* ***Аллах силерди сүйөт»*** **(3/31)** Бейишке түз кирем дегендер пайгамбарга түз жана толук ээрчиш керек. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «Бардык үммөтүм бейишке киргенде баш тарткандар эле калат». (Сахаабалар:) «Ыя, Расулуллах! Баш тарткандар кимдер?» деп сурашты эле, «мага моюн сунгандар бейишке киришет, моюн сунбагандар – алар баш тарткандар» (Бухарий) Албетте, пайгамбарды сүйгөн адам ага моюн сунат. Анткени, моюн сунуу сүйүүнүн натыйжасы жана иш жүзүндөгү далили.

❷ **Пайгамбардын кабарларын тастыктоо.** Ким пайгамбардан сахих (таза) абалда жетип келген кабарлардан бир нерсени гана жалганга чыгарса, Аллах жана пайгамбарын жалганчыга чыгарган болот. Себеби, пайгамбарыбыздын буйруктары түздөн-түз Аллахтан келген. Далил Аллах Тааланын мына бул сөзүндө: ﴿وَمَا يَنطِقُ عَنِ ٱلۡهَوَىٰٓ ٣ إِنۡ هُوَ إِلَّا وَحۡيٞ يُوحَىٰ﴾ ***«Ал*** *(пайгамбар)* ***өз каалоосунан сүйлөбөйт»***

❸ **Пайгамбар кайтарган нерседен кайтуу.** Эң баштап кайтарганы ширк кийин чоң күнөөлөр андан кийин кичине күнөлөр жана макүрөөлөр[1]. Пенденин ыйманы пайгамбарга болгон сүйүүсүнүн даражасына жараша көбөйөт. Эгер ыйманы көбөйсө, Аллах ага жакшы, сооп иштерди сүйкүмдүү кылат, куфр[2], бузукулук, күнөө иштерди жаман көргүзүп койот.

❹ **Аллах таалага пайгамбар үйрөткөн таризде гана ибадат кылуу.** Ибадаттагы негизги маселе абайлоо, байкоо[3]. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: «***ким биз буюрбаган бир амалды жасаса, ал өзүнө сыйлоо***![4]» **(Муслим)**

➢ **Маселе:** Билгин, пайгамбарды жана ал буюрган нерселерди сүйүү важып. Ким алардан бирин жаман көрсө, эгер өзү ошол нерсе менен амал кылса дагы каапыр болуп калат. Ошондой эле, аны сүйүү жөнөкөй эле, катардагы сүйүү

---

[1] Макуїрєє – кїнєє эмес бирок, жагымсыз нерселер
[2] Каапырчылык
[3] Анын ибадаты кайдан келген, ким буюрган, пайгамбарыбызданбы же башкаданбы, парызбы, сїннєтпї же кийин пайда болгон бидьатпы – жакшылап байкаш керек
[4] «Єзїўє сыйлоо» – кабыл болбогон же жагымсыз нерселерге карата айтылчу элдик сєз

болбостон, ал үчүн бардык сүйүктүү[1] нерселерди курман кыла турган сүйүү болушу керек.

- **Пайгамбарды чындап сүйгөн адамдардын белгилери:** ал көргөзгөн жолдон гана жүрөт, сөзүндө жана ишинде сүннөттөрүнө моюн сунат, буйруктарын аткарып, кайтарган нерселеринен кайтат, ар кандай кырдаалда анын адебиндей адеп менен «жасанат», аны көп эскерип, акысына көп салаваттар айтат, аны менен бейиште бирге болууну самайт, аны эскерген убакытта салабаттуу болот. Ибн Исхак айтат: «сахаабалар пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламды эскергенде, титиреп, ыйлап жиберишчү» Дагы аны сүйгөн адамдардын белгилеринен: ал жаман көргөн адамдарды жаман көрөт, душмандарын душман санайт, сүннөтүнө тескери бидьат иш жасагандардан, мунафыктардан алыс болот, анын сүйгөн адамдарын: үй бүлөсүн, сахаабаларын сүйөт, үй-бүлөсүн жана сахаабаларын жаман көргөн адамдарды жаман көрөт… Анын адебиндей адептүү болууга умтулат. Аиша энебиз: «анын адеп-ахлагы Кураандай эле» дегени сыяктуу, Кураан буюрган бардык иштерди аткарып, Кураан кайтарган бардык иштерден кайтат.
- **Ал эми, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын сыпатына токтолсок,** ал киши эр жүрөк, айрыкча, согуштарда көбүрөөк эр жүрөк эле. Адамдардын арасындагы эң жоомарты болгон. Жоомарттыгы Рамазан айында дагы да көбөйгөн. Адамдарга эң көп насаат айтуучу, эң жумшак пейил адам эле. Эч кимден жеке керт башы үчүн өч албаган. Аллахтын буйруктарын аткарууда кайраттуу, ибадат маалында эң кичи пейил, салабаттуу.., ыйба, уят маселесинде чатырдагы келиндерден бетер ыйбалуу.., үй-бүлөсүнө эң көп жакшылык кылуучу, адамдарга эң ырайымдуу.., мындан башка да санаса түгөнгүс жакшы сыпаттардын ээси эле.

[1] Аллахтан башка

# Даарат

**Намаз –** бул ислам түркүктөрүнүн экинчиси. Бирок, бул улуу ибадат дааратсыз кабыл болбойт. Ал эми, өз кезегинде даарат дагы суу же топураксыз мүмкүн эмес.

**Суунун түрлөрү:** 1) Таза суу. «Таза суу» деп өзү таза болуу менен бирге башка нерсени дагы таза кыла ала турган сууга айтылат. Анын өкүмү: бейтаараттыкты кетирет жана нажасты[1] тазалайт. 2) Нажас суу. Бул аз болсо да кандайдыр нажасат аралашып үч касиетинен бири: даамы же түсү же жыты өзгөргөн суу. Эскертүү: эгер суу аз болсо нажасат аралашуусу менен нажас болот. Ал эми, көп болсо жана ага нажасат аралашса, бирок, аталган касиеттерин өзгөртүп жибербесе нажас болбойт. Көптүктүн шарият белгилеген көлөмү эки «кулла[2]» же андан жогорусу.

**Идиш-аяктар:** Алтын же күмүш идиштен башка бардык идиштерди колдонууга мүмкүн. Эгер идиш алтын же күмүш болсо, аны менен даарат алууга мүмкүн бирок, күнөө болот. Каапырлардын кийими менен идиштери, нажас экени билинбесе, кийгенге жана иштеткенге уруксат.

**Тарптын (өлөксөнүн) териси**: Тап-такыр нажас. Өлөксөнүн эки түтрү бар: 1)эти желбей турган, арам айбандыкы, 2) эти желе турган бирок, адалданбай (муунуп же кулап) өлгөн айбандыкы. Экинчи түр өлөксөнүн терисин аштагандан кийин колдонсо болот, бирок кургак нерселерге гана. Нымдуу нерселерге колдонсо болбойт

**Истинжа:** «Истинжа» деп, арка жана алды чыгаруу тешиктеринен келген нерселерди тазалоого айтылат. Эгер тазалоо суу менен болсо ушул аталышта (истинжа деп) аталат. Ал эми, тазалоо таш кагаз жана ушул сыяктуу башка нерселер мене болсо анда, «истижмар» деп аталат. Эгер жалаң истижмар менен гана тазаланууга туура келсе, анда таза, мубах жана желбей турган нерсе менен тазалаш зарыл. «Иштеткен» нерсеси үч же андан көбүрөөк болууга тийиш. Адам даарат ушатканда аркасынан келсе да, алдынан келсе да истинжа же истижмар кылышы важып. Ошондой эле, даарат ушаткан адамга ажатын бүтүргөндөн кийин деле ошол калыбында «отура» берүү, суу аккан жерлерге, адамдар каттаган жолго, адамдар пайдалана туурган көлөкөгө, мөмөлүү дарактын түбүнө жана талаада кыбылага карап «отуруу» арам болуп саналат. Мындан сырткары, ажатканага Аллахтын аты жазылган нерселер менен кирүү, ажат учурунда сүйлөшүү, жаныбарлардын уясына «чаптыруу», уятын оң колу менен кармоо жана үйдүн ичинде кыбылага карап «отуруу» макүрөө болуп саналат. Бирок, кээде айласыздыктан (башка шарт жоктугунан) улам бул эрежелер сакталбай калса эч нерсе болбойт. Ал эми, ажатын чыгарып жаткан адам таш-кесек же суу, же экөөнү бирдей колдонгондо так санак менен (3,5,7…) жасаганы – мустахаб.

**Мисвак.** Мисвак колдонуу – сүннөт. Айрыкча намазды, Кураан окуну баштаардын алдында, дааратта ооз чайкаганда, уйкудан турганда, мечитке же үйгө кирээрде жана ооз жыттанып калганда анын сүннөттүгү дагы да

[1] Нажас – ыпылас нерселер
[2] Кулла – єлчєм бирдиги. Бир кулла 100 литрден ашыгыраакка барабар

зарылыраак болот. Даарат менен мисвакта оң колду, истинжаада сол колду иштетүү сүннөт.

**Даарат** жана анын негиздери. 1) жүздү жуу. Ооз-мурунду чайкоо ушунун ичинде. 2) эки колду бармак учунан баштап, чыканактан ткөрө жуу. 3) башка эки кулакты кошуп маасы тартуу[1]. 4) эки бутту кызыл ашыкты кошуп жуу. 5)тартип менен жуу. 6) үзгүлтүккө учуратпай даарат алуу.

Дааратын важыптары[2]. Баштаардан мурун «бисмилланы» айтуу, эгер идиштен даарат даарат алчу болсо[3], уйкудан турган адам колун идишке матыраардан мурда үч ирет жууп алуу.

Дааратын сүннөттөрү: мисвак колдонуу, эки колду ашыгына чейин жуу, жүздүү жууганда ооз менен мурунду чайкоодон баштоо, орозодон башка мезгилде ооз-мурунду абдан чайкоо, коюу сакалды манжалар менен тахлил кылуу (аралатуу), манжалардын арасын тахлил кылуу, оң мүчөдөн баштоо, эки же үч кайра жуу, мурунга суу алганда оң кол менен алып, сол кол менен чимкирүү, жуулуп жаткан мүчөлөрдү ышкалоо, дааратты абдан сапаттуу алуу, акырында даааратка тиешелүү дубаларды окуу.

**Дааратын макүрөөлөрү**: өтө муздак же өтө ысык суу менен даарат алуу, бир мүчөнү үчтөн ашык жуу, мүчөлөрдөн суу тамчылатуу, көздүн ичин жуу. Ал эми, даараттан кийин аарчынуу – мубах[4].

**Эскертүү**: оозду чайкаганда сууну (тиш араларындагы нерселерди чыгаргыдай даражада) катуу козгош керек. Ал эми, мурунга суу алганда, тээ дем алган түтүккө чейин суу жетиши керек.

**Даарат алуунун эрежеси**: Алдын ала ниет кылынат[5], анан бисмилла айтылып, алакандар үстү менен жуулат. Кийин ооз-мурун чайкалат. Кийин жүзүн жууйт[6], андан кийин эки колду чыканактар менен кошо жууйт, андан кийин башка толук маасы тартылат. Эки кулак алды-аркасы менен баштын эсебине кирет. андан соң сөөмөйдү кулак тешиктерине киргизип, ал эми баш бармак менен кулак сыртын тазаланат. Анан, акырында эки буту кызыл ашык менен кошо жууйт.

**Эскертүү**: эгер сакал суюк болсо, түктөрдүн астын жышып жуу важып. Эгер коюу болсо, үстүнөн жууп, тахлил кылат.

Маасыга жана жаурабка маасы тартуу. [7] Бул эки бут кийимге жеңил даарат[1] алганда гана маасы тартса болот. Ошондо да, экөөнө маасы тартуу үчүн

---

[1] «Маасы» «масх» деген арабча сєздін бузулуп окулушу. Мааниси «сылоо»

[2] «Важып» «зарылдык» деген мааниде

[3] Кээ бир єлкєлєрдє адат боюнча бидон сыяктуу чоўураак идиштеги суудан кєпчілік даарат ала беришет. Биздегидей ар кимге бирден чєєгїн жок.

[4] Мубах – ыктыярга ташталган иштер. Жасаганга соопжок, жасабаганга кїнєє жок

[5] Ниетти тил менен айтуу зарыл эмес. Анткени, ниет деген жїрєктїн иши

[6] Жїздїн «майданы» узунасынан чач чыккан жерден, ээктин астына чейин, туурасы эки кулактын аралыгы.

[7] Бул сїйлємдєгї биринчи «маасы» кадимки эле териден же жасалма териден тигилген, кончу кызыл ашыкты каптагыдай даражада же тизеге чейин узундукта болгон бут кийим, экинчи «маасы» «сылоо» деген мааниде. Бул сєздїн шарияттагы тїшїнїгї бармактарды суулап туруп, керектїї нерсенин їстїнєн жїргїзїп (сылап) коюу. Бул амал жуугандын ордун басат. Ал эми

төмөндөгү шарттар болушу керек: 1) толук даарат менен кийилген болушу, 2)суу менен[2] даарат алган болушу, 3) кызыл ашыкты жапкан болушу, 4)мубах (уурдалбаган) болушу, 5) бут кийимдер нажастан таза болушу.

Селдеге маасы тартуу. Селдеге дагы төмөндөгү шарттар табылганда маасы тартса болот: 1) эркетерде болсо, 2) башты толук ороп-камтып турган болсо, 3) селдени кичине даарат (жүнүп[3] эмес) абалда орогон болсо, 4) даараты суу менен алынган болсо.

Жоолуктун үстүнөн маасы тартуу. Төмөнкү шарттарда мүмкүн: 1) аялдар орогон болсо, 2) ээктин алдынан оролгон болсо, 3) жеңил даарат менен оролгон болсо, 4) даараты суу менен болсо, 5) башты (ээктен өдө) толук жапкан болсо.

**Маасынын[4] мөөнөтү**: Маасы тартылган убакыттан баштап мукум[5] адам үчүн бир сутка (24 саат), мусапыр[6] үчүн үч сутка.

**Маселе**: Эгер бир адам сапарда маасы тартып, үйүнө келсе (мукум болсо) же мукум абалында маасы тартып, сапарга кетсе же кайсы абалда маасы тартканын унутуп калса, ушул үч абалда тең мукумдун масысындай маасы тартат.

**Жабира**[7]: Жабирага төмөнкү шарттарда маасы тартылат: 1) аны зарылдык себептүү орогон болсо, 2) керектүү жерден ашыкча оролбогон болсо, 3)даарат алган убакытта оролгон болсо. Эгер жабира мүчөнүн керектүү жеринен башка жерди да жапкан болсо, аны (ашыкчаны) чечип, астын жууйт. Эгер бул ден соолук үчүн зыяндуу десе, анда, кайра ороп койот. Бардыгына (керек жерге да, ашыкчасына да) тартылган маасы жетиштүү болот.

Маселе: ✸ «Оболу оңуна тартайын» дебестен, эки бут кийимге барабар тарткан жакшы. ✸ Бут кийимдин тапанына же аркасына маасы тартылбайт. ✸ Маасы тартылчу бут кийим жуулбайт жана маасы кайра-кайра тартыла бербейт. ✸ Селде менен жоолуктун көбүрөөк бөлүгүнө маасы тартылат.

Дааратты сындыруучу нерселер: 1) арка жана алды чыгаруу тешигинен чыккан ар кандай нерселер, 2) уйку же жиндилик себептүү эсин жоготуу. Бирок, отурган, турган абалдагы жеңил уйку дааратты сындырбайт. 3)адаттан тышкары орундардан заара же кала чыгып кетсе, 4) денесинен кала жана заарадан башка нажастар чыкса, 5) төөнүн этин жесе[8], 6) жыныстык мүчөнү

---

жаурабдын маасыдан айырмасы: эгер бут кийим териден жасалса «маасы» (арабчада «хуфф»), жүн же ушул сыяктуу териден башка матаадан жасалса «жаураб» деп аталат. Булардын экөөнө теӊ маасы тартылат. Имам Аазам оболу жаурабка маасы тарткан эмес. Бирок, өмүрүнүн акырында ооруп калганда өзү тарткан жана уруксат берген.

1 Жеӊил даарат – кадимки биз түшүнгөн даарат. Ал эми кусулду «чоӊ даарат» деп аталат

2 Демек, таяммум менен даараттуу болсо маасы жарабайт экен

3 Жүнүп – адамдын бел суусу түшкөндөгү абалы

4 Бул жерде «сылоо» маанисиндеги «маасы» назарда тутулууда. Башкача айтканда маасы тарткан бут кийимди жана баш кийимдерди нече күнгө чейин кийгенге жараганы жөнүндө сөз болууда.

5 Мукум – мусапырдын тескериси. Сапарга чыкпаган адам.

6 Мусапыр – 85 км. Же андан көп алыстыктагы жерге сапар кылган адам

7 Жабира – гипс же ошол сыяктуу тактакечтин үстүнөн же түздөн-түз жарааттын үстүнөн табылган нерсе

8 Ханафий мазхабында дааратты сындарбайт

(кийимдин үстүнөн эмес) түздөн-түз кармаса[1], 7) эркек-аял бири-биринин жыныстык мүчөсүн шахват менен (делебеси козголуп) кармаса, 8)каапыр болсо.

**Маселе:** Эгер бир адам даараты бар экенин билип туруп, «жок болсочу?» деп шектенсе же жок экенин билип туруп, «бар беле?» деп шектенип калса, билгенине басым жасайт.

**Кусул.** Канткенде кусул важып (зарыл) болот? 1) уктаган же ойгоо маалда бел суу эргүү (оргазм) менен же эргүүсүз чыкса, 2) (бел суу чыкпаса дагы) эркектин мүчөсүнүн башы аялдын кынына кирсе, 3) каапыр же муртад[2] адам мусулман болсо, 4) хайз (айыз) каны келсе, 5) нифас каны[3] келсе, 6) мусулман адам өлсө.

Кусулдун парыздары: бүт тулку боюна, оозу-мурдунун ичинен бери суу жеткирип жуунуу. Мындай (толук) жуунуу тмөнкү тогуз нерсе менен болот: 1) ниет кылуу, 2) бисмилланы айтуу, 3) идишке кол матыруудан мурун колун жууп алуу, 4) жыныстык мүчсүн жана жууксуз болгон жерлерин суу менен тазалоо, 5) даарат алуу, 6) башына үч ирет суу куюу, 7) бүт-тулку боюна суу жеткирүү, 8) денесин колу менен жышып чыгуу, 9) оңдон баштоо

Даараты жок адамга мүмкүн эмес: **1)** Кураанды кармоо, **2)** намаз, **3)** Каабаны тавaф кылуу

Кусул кылбаган (жүнүп) адамга мүмкүн эмес: жогоруда саналгандарга кошумча: 4) Кураан окуу, 5) мечите туруу[4].

Дагы макүрөө болот: 1) жүнүп адамдын дааратсыз укташы, 2) кусулда сууну ысырап кылуу

**Таяммум:** Шарттары: 1) суу таппай калса, 2) топурак таза, мубах (уурдалбаган), тозуган (ылай эмес) жана күйбөгөн болсо.

**Аркандары**[5]: 1) жүздү толук сылоо, 2) кийин эки колду чыканакка чейин сылоо, 3) тартип менен жасоо, 4) мувааалат (амалдардын арасын үзбөй жасоо)

**Эмнелер сындырат:** 1) дааратты сындырган бардык нерселер, 2) суу табылып калса, 3) таяммумга себеп болгон нерсе (маселен оорууу[6]) жоголсо.

**Сүннөттөрү:** 1) жүнүп абалынан таяммум кылуучуга тартип менен муваалат, 2) намаздын акыркы убактына кечиктирүү[7], жасап болгон соң даараттан кийин окулчу дубаларды окуу. Макүрөөсү: колду жерге кайра-кайра чапкылоо.

Кандай жасалат? Ободу ниет кылынат кийин бисмилланы айтылат кийин колу (алаканы) менен топуракка бир ирет урулат, кийин алакандары менен бетин сылайт, андан кийин эки колун чыканакка чейин сылайт.

Нажасатты кетирүү: Айтылуу нажастар үч түр: айбандардан, өлүксөлөрдөн жана жансыз нерселерден болот. Айбандар эки түргө бөлүнөт: 1) Нажас

---

[1] Ханафия мазхабында бул дагы даараттты сындарбайт
[2] Муртад – динден кайткан адам
[3] Төрөгөндөн кийин келчү кан
[4] Бирок, мечиттин ичинен аралап өтүп кетсе болот
[5] негиздери
[6] Себеби, ооруган адам дагы эгер суу зыян кылса даараттын ордуна таяммум кылат
[7] Анткени суу табылып калышы мүмкүн

айбандар. Буга: ит, доңуз, экөөнөн туулгандар, эти желбей турган куштар жана айбандар. Бул саналгандардын заарасы, каласы, тери, спермасы, сүтү, шилекейи, чимкириги жана кусундусу нажас. 2) Адал айбандар. Булар үч түргө бөлүнөт: А) адамзат.[1] анын бел суусу, тери, шилекейи, сүтү, чимкириги, какырыгы жана аялдардын кынынан келчү суюктугу – таза (нажас эмес)[2]. Ошондой эле, заарасы, каласы, мазийси[3], вадийси[4] жана канынан башка адамдан ажыралып чыкчу бардык нерселер нажас эмес[5]. Б) Эти адал болгон бардык жаныбарлардын заарасы, каласы, спермасы, сүтү, тери, шилекейи, чимкириги, кусундусу, мазийси жана вадийси таза (б.а. дааратты кетирбейт) В) Ал эми, эшек, мышык, чычкан сыяктуу аралашып жашоого аргасыз болгон айбандардын тери жана шилекейи гана таза. Өлөксөлөрдүн бардыгы нажас. Бир гана адамдын, балыктын, чегирткенин жана аккыдай көп каны жок чаян, кумурска, чымын сыяктуулардын өлүгү нажас эмес. Жогоруда саналгандарынан башка жер, тоо-таш сыяктуу жаны жок нерселердин бардыгы таза.

Маселе: ✸ кан, ириң, пасат[6] – булар адамдан чыкса да, эти адал айбандан чыкса да, бардыгы нажас. Намаз жана башка ибадаттарда аз ганасынан да сактануу зарыл. ✸ Кандын эки түрү таза: 1) балыктын каны, 2) «Бисмилла» менен союлган жандыктын этинде, майда тамырларында калган кан. ✸ Тирүү айбандан кесип алынган эти жана агызып алынган каны – бардыгы нажас. ✸ Нажасты кетирүү үчүн ниет зарыл эмес. Маселен, атайын жууп-тазалабай, жамгыр менен кетсе да таза боло берет. Нажас нерсени кол менен кармоо жана нажастын үстүндө басып жүрүү дааратты кетирбейт. ✸ Нажастан жуккан жана илешкен нерсени дене же кийимден тазалап коюуу жетиштүү. Тазалоонун шарттары: 1) таза суу менен жуулат, 2) эгер жуулган нерсени сыгуу мүмкүн болсо, таза суудан оолактатып сыгылат. 3) эгер жуу менен кетпесе ушалоо, кыруу ж.б.у.с. усулдар менен кетирилет. 4) эгер нажас иттен болсо, жети ирет жууп, сегизинчисинде топурак менен жууйт

Эскертүүлөр: ✸ жер сыртындагы нажас эгер суюк болсо, жыты жана түсү жоголгонго чейин үстүнө суу куюу менен тазаланат. Эгерде нажас ичеге-карын сыяктуу нерсе болсо, аны алып таштап, изин жууп кетирилет. ✸ Эгер нажас тийген жер билинбей калса, шектелген орундар жүрөк канааттанганга чейин жуулат. ✸ Уктап жаткан адамдан жел чыкса, истинжаа кылбайт, анткени, жел нажас эмес. Бирок, эгер намаз окуну каалаcа, дааратын жаңылайт.

---

[1] Окуучу адамды эмнеге айбанга кошуп койду деп кыжаалат болбосун. Арабча «хайваан» деген сєз «хаят» – жашоо деген сєздєн алынган. Демек, бардык жашап жаткан (жандуу) нерселер хайваан (айбан) деп атала берет. Ошондуктан, адамзатты «эки буттуу айбан» деп да айтылат. Бул жерде бул аталыш тап-такыр кемсинткен сєз эмес

[2] Бирок, ханафий мазхабында адамдын бел суусу менен аялдардын ылдыйкы суюктугу нажас болуп эсептелинет

[3] Мазий – шахват (делебе) козуганда жыныстык мїчєдєн келїїчї тїсї жок суюктук

[4] Вадий – адам ооруганда, кїч келгенде жана дїїлїккєндє жыныстык мїчєдєн чыгуучу ак тїстєгї суюктук

[5] Ал эми, ириў – бул кандын бузулганы болгону себептїї кандын эсебинде

[6] ириўдин бир тїрї

# Аялдардан келчү табигый кандардын өкүмү

**(хайз[1] жана истихааза[2])**

| Суроолор | Жооптор |
|---|---|
| **Хайз көрүү жашы: эң азы жана эң көбү?** | Эң азы тогуз жаш. Эгер ага чейин кындан кан келсе, ал «истихааза» каны болот. Эң көбүнө чек жок |
| Хайздын эң азы нече күн? | 24 саат. Андан аз болсо, истихааза болот |
| **Эң көбүчү?** | 15 күн. Андан көпкө созулса, анда истихааза |
| **Эки хайз аралыгында нече тазалык күн бар?** | 13 күн бар. эгер бул мөөнөттөн эрте кан келсе, ал – истихааза каны |
| **Көпчүлүк аялдардын (адаттагы) кан көрүү мөөнөтү?** | 6 же 7 күн |
| **Көпчүлүк аялдардын (адаттагы) тазалык мөөнөтү?** | 23 же 24 күн |
| **Кош бойлуу убакыттагы кан хайз каныбы?** | Кош бойлуу аялдардан келген кир, сары түстөгү жана башка кандар хайз эмес, истихааза |
| **Хайз токтогону кантип билинет?** | Аялдар эки түр бөлүнөт: 1) кындан келген ак суюктуктан билет. 2) эгер ак суюктук келбесе, кындын ар кандай кандардан кургашы менен билет |
| **Тазалык мезгилде келген суюктуктар?** | Эгер алар ачык түстүү, ак, жабышкак болсо нажас эмес. Ал эми, кан, кир же сары түстө болсо – нажас. Бардыгы даааратты кетирет. Эгер токтобой келсе – ал истихааза |
| **Кындан келген кир, сары кандар?** | Хайздан мурун же кийин ага уланып келсе – хайздан. Эгер уланбай келсе –истихааза |
| **Бир аялдын хайызы адаттагысынан мурда токтоп (таза болуп) калды. Эмне кылат?** | «Таза болдум» деп эсептейт дагы, ибадаттарын баштай берет. |
| **Хайз адаттагы убактысынан эрте же кеч келип калды?** | Кайсы убакытта келсе да, эки хайзынын аралыгы 13 күн (тазалыктын эң аз мөөнөтү) же ашыгыраак күн өтсө – хайзга эсептелет. Ушуга чейин келсе - истихааза |
| **Эгер хайз адаттагы мөөнөтүнөн (6 же 7 күндөн) ашып же ага жетпей калса-чы?** | Эгер 15 күндөн ашып кетпесе хайзга эсептелинет |
| **Эгер хайз каны бир ай же андан көбүрөөк убакытта да токтобой койсо эмне кылыш керек?** | Мында үч абал бар: 1) эгер аял ай сайын келчү күнүн билсе жана күнүн эсептей алса, ал адаттагы мөөнөтүн хайзга эсептейт дагы жуунуп, тазаланып алат. Мында кандын өзгчөлүгүнүн этибары жок. 2) эгер аял айлык хайз күнүн билсе, бирок нече күн уланышын билбесе, 6 же 7 күн отурат дагы, кийин жуунат. 3) ал эми аял хайызынын нече күн уланышын билсе бирок, ай сайын келээр убактысын билбесе, мурдагы айларда отурган мөөнөтүнчө (адатынча) отуруп, андан кийин тазалана берет. |

[1] Хайз – бул аялдардын ай сайын кєрїїчї табигый каны

[2] Истихааза – бул ооруу же башка себеп менен аялдардын хайз келчї жеринен ага турган кан. Хайз менен истихаазаны бири-биринен тємєндєгїчє айырмаласа болот: 1) Хайздын тїсї кочкул-кызыл (карага жакын), ал эми истихазанын тїсї ачык кызыл, мурундан келген канга тїспєлдєш болот. 2) Хайз каны коюу, кээде уюган кан аралаш болот. Ал эми, истихааза суюк жана жараатан аккан канн сыяктуу болот. 3) Адатта хайз каны сасык, жагымсыз жыттанат. Истихаазанын канны кадимки канн сыяктуу жыттанат. Ислам шарияты боюнча хайз кєргєн аялдар намаз окубайт, орозо кармабайт, Каабаны таваф кылбайт, Кураан окубайт жана кармабайт, мечиттерде турбайт, кїйєєсї менен жыныстык алака кылбайт жана хайыз абалындагы аялга талак айтылбайт.

# Нифас[1]

| Суроолор | Жооптор[1] |
|---|---|
| **Эгер төрөгөн аял кан көрбөсө?** | Нифаста деп эсептелбейт, кусул дагы зарыл эмес, орозосун да бузбайт |
| **Төрөттүн белгилери башталганда?** | Төрөттөн белги катары кан келсе да, суу келсе да, нифаска эмес, истихаазага эсеп болот |
| **Төрөт жараяны башталганда келген кан?** | Нифас каны – ушул. Аял ушул мезгилден баштап, тээ нифас бүткөнгө чейинки токтоткон намаздарын кийин каза кылып окубайт |
| **Нифастын санагы качандан бошталат?** | Ымыркай толук төрөлүп бүткөн убакыттан башталат |
| **Нифастын эң аз мөөнөтү?** | Мунун чеги жок. Эгер төрөп болоор замат токтоп калса да, жуунуп, намаздарын баштай берет. 40 күн өтүшүн күтпөйт |
| **Нифастын эң көп мөөнөтү?** | 40 күн. мындан ашык күтпөйт. Кан токтобосо дагы, муну истихаазага жоруп, кусул кылып, намазын баштайт. Эгер бул кан адаттагы хайз убактысына дал келип калса, анда хайз деп этибар кылынат |
| **Эгиз (экөө) же андан көбүрөөк түгөй төрөсөчү?** | Нифас убактысы биринчи перзент төрөлгөндөн башталат |
| **Боюнан түшүп калгандагы кан?** | Түшкөн ымыркай 80 же азыраак күндүк болсо, келген кан истихаазага эсеп кылынат. Эгер 90 күндөн кийин түшсө – мунун канны нифас болот. Эгер 80 менен 90дун арасында түшсө, анда каралат: эгер түшкөн нерседе адамдык белгилер жаралган болсо, анда келген канн нифас, жарала элек болсо – истихааза болот |
| **Эгер 40 күнгө жетпей нифас каны токтоп, аял тазаланса, бирок, кийин 40 күн бүткөнгө чейин кайра кан келсе?** | Абалкы токтогонун аял тазалык деп, жуунган болсо, намаз окуй берет. Эгер канн кайра келсе, 40 күндү толктаганга чейин нифас өкүмдөрүн кармайт |

**Эскертүүлөр:** ✷ Истихаза көргөн аял намаз окуй берет. Бирок, ар бир намаз үчүн тазаланып, дааратын жаңылайт. ✷ Эгер аял хайздан же нифастан күн батканга чейин тазаланса, ошол күндүн бешим жана асир намаздарын окуйт. Эгер күн чыкпай туруп тазаланса, ошол түндүн шам жана куптан намаздарын окушу керек. ✷ Намаз убактысы келгенде, намаз окуганга чейин хайз же нифас көрүп калган аял, ал намаздын казасын кийин окубайт. ✷ Хайз же нифастан кусул кылууну ниет кылган аял өрүлгөн чачын жандырып жибериши зарыл. Бирок, жүнүб абалынан кусул кылууда чач өрүмүн жазбайт. ✷Хайз же нифастагы аялга жыныстык жакындашуу арам. Бирок, кындан абайлаган абалда сылап-сыйпалап жатса болот. ✷ Истихаза көргөн аялга жыныстык мамиле макүрөө. Бирок, эри «муктаж болсо» мүмкүн. ✷ Истихааза көргөн аялдын ар бир намазга кусул кылуусу мустахаб. Буга мүмкүн болбосо, бешим менен асирге бир кусул, шам менен куптанга бир кусул жана багымдатка бир кусул, бардыгы болуп бир кече-күндүздө үч кусул кылса да жакшы. Эгер буга да мүмкүн болбосо, бир күндө бир ирет гана кусул кылып, ар бир намаз үчүн дааратын жаңылайт. ✷Мусулман аял ажылык, умра сыяктуу ибадаттарда жана орозону толук кармоо ниетинде хайз канын токтотуп коюуучу дары-дармектерди колдонсо болот. Бир гана шарты: ден-соолугуна зыян жеткирбесе.

[1] Нифас – бул аялдар тєрєгєндє хайз келген жерден келїїчї кан

# Исламда аял маселеси

Аял заты ыйман жана амал жаатынан караганда, Аллахтын алдындагы пазилетте жана соопто эркек менен теӳ укуктуу. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: “ ***“Аялдар эркектердин теӳи”*** **(Абу Дауд)**. Аял єз укугун талашып, єзїнєн зулумду арылтууну талап кыла алат. Ошондуктан, кээ бир єзгєчє маанилїї єкїмдєрдї эсепке албаганда диний кайрылуу эркек менен аялга барабар таандык. Єзгєчє абалдарда болсо, ислам шарияты эркек менен аялдын жаратылышын, (табиятын) жана кїч-кудуретин эсепке алып, экєєсїнє эки тїрдїї єкїм кылат. Аллах таала айтты: أَلَا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ ***“Жараткан билбейби? Ал*** *(бардык нерселерди эӳ кылдат)* ***Билїїчї*** *(бардык нерселерден)* ***Кабардар***”. **(Мїлк-14)** Аялдардын єзїнє гана тааандык вазыйпалары болгондой эле, эркектердин дагы єз жаратылышына жана психологиясына ылайык вазыйпалар бар. Бул эки жыныстан кимиси єзїнїн табигый єзгєчєлїгїнєн аша чаап, башка иштерди жасаса, анда ал жашоонун теӳсалмактуулугуна зыян жеткирген болот. Аялдар їйдє олтурганы менен эркектерден кем калбаган сооп-сыйлыктарга ээ болушат. Асома бинти Язийд деген аял сахабаларынын арасында турган пайгамбарыбызга (ага Аллахтын саламы болсун!) келип: “Ата-энем сизге садага кетсин, о, Аллахтын элчиси, мен сизге аялдардан элчи болуп келдим. ...Биз аялдар чектелип калганбыз. Силердин (эркектердин) кумарыӳарды канааттандырып, курсагыбызда балаӳарды кєтєрїп їйдє отурабыз. Сиздер болсо, о эркектер, жума намазына, жамаат намазына чыгып, оорулууларды зыярат кылып, кайра-кайра ажыга барып, бардыгынан абзели: Аллахтын жолунда жихаддарга чыгып, соопто бизден озуп кеткенсиӳер. Биз болсо, ажыга же умрага кеткен эрибиздин малына кароол болуп, кийимдерин жамап, балдарын карап їйдє отурабыз. Силер менен соопто шерик боло албайбыз!”. Анда пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам сахабаларына толук бурулуп: ***“Силер єз дини жєнїндє ушул аялдын сєзїнєн жакшыраак сєз уккан белеӳер?”*** деп сурады. Сахабалар айтышты: “О, Аллахтын элчиси! Биз аял киши **(єз дининде)** ушунчалык изденїїсїн кыялыбызга да келтирбептирбиз!” Ошондо пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам жанагы аялга карап: ***“Бара бер, о аял! Сени жиберген аялдарга айт: силердин єз эриӳерге жакшы ємїр жолдоштук кылууӳар, анын ыразылыгын издешиӳер жана эриӳер масилет-кеӳеш салган ишке макул болушууӳар... бул ишиӳер (соопто) эркектердин бардык жакшылыктарына теӳ болот”.*** Кийин жанагы аял курсант бойдон, такбир жана тахлил айтып, аркасына кайтты. **(Байхакий)**. Дагы бир кїнї пайгамбарыбыздын алдына бир аял келип: “О, Аллахтын элчиси! Эркектер Аллахтын жолунда жихад кылып, соопто бизден озуп кетишїїдє! Бизге дагы Аллах жолундагы жихаддын сообундай сооп таба турган амал барбы?”-деп сураганда, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: “Силердин ар бириӳер їй ичинде жасаган эмгегиӳер менен Аллахтын жолунда жихад кылгандын сообун табасыӳар!”-деп жооп берди”. **(Байхакий)**

# Аялдарга тиешелїї кээ бир єкїмдєр:

✸ Єзїнє махрам болбогон эркектер менен ээн жерде жалгыз калуу – арам.[1]. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: ***“Эч бир аял махрам эмес эркек менен ээн жерде калбасын”*** деген. **(Муттафакун алайх)**.

✸ Аялдар їчїн мечитте намаз окуу – мубах (уруксат). Эгер мечитте намаз окуусунан фитна (бузукулук, ушак-айыў) жаралса, анда макрїї (жактырылбаган амал) болот. Аиша энебиз айткан: “Эгер Аллахтын элчиси аялдардын эмне жасагандарын билсе, кудум эле Бану Исрайил аялдарына мечитке барууга тыюу салынганы сыяктуу аларга да тыюу салмак”. (Муттафакун алайх). Ошондой эле, эгер эркектер їчїн мечитте окулган намазына кєп сооп жазылса, аялдар їчїн їйїндє окуган намазына кошумча сооптор жазылат. Кїндєрдїн биринде пайгамбарыбыздын алдына бир аял келип: “О, Аллахтын элчиси! Мен сиздин аркаўызда намаз окууну сїйємїн”-дегенде, ага мындай жооп берген: ***“Мен менен намаз окууну сїйїшїўдї мен билемин. Бирок, сенин єз їйїўдє окуган намазыў сырткы бєлмєўдє окуган намазыўдан абзел. Сырткы бєлмєўдє окуган намазыў коргонуўдун ичинде окуган намазыўдан абзел. Коргонуўдун ичинде окуган намазыў коомуўдун (кєчєўдїн) мечитинде окуган намазыўдан абзел. Ал эми коомуўдун мечитинде огуган намазыў менин мечитимде окуган намазыўдан абзел”.*** **(Ахмад).**

✸ Аялдар ажыга же умрага же ушул сыяктуу алыс сапарга махрамы менен гана баруусу важып. Пайгамбарыбыз салллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Аялдар*** *(жєє жїргєндє)* ***їч кїндєн ашык жолго махрамы менен гана сапар кылсын!”*** **(Муттафакун алайх)**.

✸ Аялдар їчїн мїрзєлєрдї зыярат кылуу жана табыттын артынан узатуу – арам. Пайгамбарыбыз салллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Мїрзєлєрдї зыярат кылган аялдарга Аллахтын наалаты болсун!”*** **(Муслим)**. Умму Атийя (Аллах андан ыразы болсун!) айтты: “Биз жаназага ээрчип баруудан кайтарылдык. Бирок, бизге тыюу катуу болгон эмес”. (Муслим).

✸ Аялдар чачын каалаган тїскє бойой алат. Бир гана жуучунун кєзїн будамайлоо їчїн карага (же башка тїскє) бойоо – макїрєє.

✸ Аялдарга мурастан бєлїнгєн акыларын берїї – важып, бербей коюу – арам. Пайгамбарыбыз салллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Ким бир мураскорду мурасынан ажыратса, кыяматта Аллах аны Бейиш мурасынан ажыратат!”*** **(Ибн Маажжа)**.

✸ Аялга жакшы мамиле кылуу, аны тамак-аш, кийим жана їй-жай сыяктуу зарыл нерселер менен камсыздоо анын эрине важып. Аллах таала айткан: ﴿لِيُنفِقۡ ذُو سَعَةٖ مِّن سَعَتِهِۦۖ وَمَن قُدِرَ عَلَيۡهِ رِزۡقُهُۥ فَلۡيُنفِقۡ مِمَّآ ءَاتَىٰهُ ٱللَّهُۚ﴾ ***“Бай єзїнїн бардарчылыгынан (аялына) сарп кылсын! Ким єз ырыскысына (гана) кудуреттїї кылынган***

---

[1] Аял їчїн аны менен никелениїїсї мїмкїн болбогон адамдар махрам деп эсептелинет. Алар: атасы, чоў аталары, баласы, баласынын балдары, ага-инилери жана алардын балдары, эже-сиўдилери жана алардын балдары, абалары, таекелери (тагалары), кайнаталары, эринин балдары, эмчектеш ага-инилеринин балдары, кыздарынын кїйєєлєрї жана апасынын эри.

***болсо, Аллахтын бергенинен каржыласын!”*** (Талак-7). Эгер аялдын кїйєєсї жок болсо, аны каржылоо (нафака) атасынын жана ага-инилеринин мойнуна жїктєлєт. Эгер аялдын тууган-уругу жок болсо, анда аны башка адамдар каржылашы – мустахаб. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Жесир аялдарга жана бей-бечараларга жардам берген киши Аллахтын жолунда жихад кылган кишидей же болбосо тїнї менен намаз окуп, кїндїзї орозо кармаган киши сыяктуу”.*** (Муттафакун алайх)

✷ Эрди-катын ажырашканда алардын їйлєнє элек, жаш баласы болсо, аны єзїнє алууга аял акылуу. Ал эми ал баланы каржылоо эрдин милдети. Эри каражатты аялы аркылуу берет.

✷ Аялдар баштап салам берїїсї мустахаб эмес. Айрыкча аял жаш жана фитна коркунучу болсо.

✷ Ар апта сайын тырмактарды алуу жана жашыруун оруундардын тїктєрїн тазалап туруу – мустахаб. Тазалоону кырк кїндєн єткєрїп жеберїї – макїрєє.

✷ Денедеги адал тїктєрдї, айрыкча каштын тїктєрїн жулуу – арам. Анткени, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: “***Аллах адал тїктєрдї жулгандарга жана жулдургандарга наалат айтты***”-деген.

✷ **Аза:** Өлгөн адамга үч күндөн ашык аза күтүлбөйт. Бирок, аялдар өлгөн эри үчүн төрт ай жана он күн аза күтүүсү важып. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: “***Аллахка жана акырет кїнїнє ыйман келтирген аялдар їчїн, эринен башка адамга їч кїндєн ашык аза тутуусу – арам***!”-деген. (Муслим). Ошондой эле аялдар аза күтүү күндөрүндө жасанбайт, атыр-упа колдонбойт, тагынчактарын (шакекти дагы) такпайт, кызыл-тазыл, жашыл-сары, сыяктуу зыйнат эсептелген түстүү кийимдерди кийбейт, хына, сурмаларды да колдонбойт. Бирок, тырмагын алуу, арам түктөрдү тазалоо, кусул сыяктуу гигеник талаптарга уруксат. Ошондой эле, азанын түсү деп атайын кара, көк кийимдерди кийбейт. Иддасын эри өлгөн жерде өткөрүүсү важып. Бул жерди башкасына алмаштырбайт. Өтө зарыл болсо уруксат. Дагы (кай жерде иддасын өтөсө дагы) күндүзгү зарыл жумуштардан башка нерсе үчүн көчөгө чыкпайт.

✷ Аялдар їчїн эч бир зарылдык болбосо чачын кырып салуу – арам. Бирок, эркектерге окшоону ниет кылбай кыскартуу – мубах амал. Анткени, ***пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам эркектерге окшошууну каалаган аялдарды наалаттаган.*** (Термизий). Ошондой эле, ***“Ким єзїн (каапыр) коомго окшотчу болсо, ал ошолордон!” деген*** хадистин (Абу Дауд) єкїмї менен мусулман аялдардын каапыр аялдарга єзїн окшотуусу – арам.

✷ Аялдар їйїнєн чыкканда “жилбаб” (кенен кийим) менен жамынып жїрїїсї – важып. Шарият талап кылган жилбаб кийиминде тємєндєгї талаптар сакталуусу кажет: **1)** дененин бардык бєлїгїн жаап туруусу. **2)** єз алдынча турганда зыйнат (жасалга) болбошу керек. **3)** єтє жука болбосун. **4)** тар болбосун. **5)** кєчєгє чыкканда жыпар жыт буркурап турбасын. **6)** эркектердин кийимине окшобосун. **7)** каапырлардын кийимине окшобосун. **8)** єтє шоораттуу болбосун. Ошондой эле, адамдын, айбандын сїрєтї бар кийимдерди кийїї, аларды їйдїн ичине илїї жана алар менен соода кылуу – арам.

**Аялдардын авраты їч тїрдїї адамдар їчїн төмөндөгїчө: 1)** Эри їчїн: эч бир жери аврат эмес. **2)** Башка аялдар жана махрам эркектер їчїн: бети, чачы, моюну, билеги, тапаны жана ушул сыяктуулары аврат эмес. **3)** Башка эркектер. Алар їчїн аялдын бардык мїчөсї аврат.[1] Аял табып табылбай, дарылануу їчїн ачуу өтө зарыл болсо, буга уруксат берилет. Фатима бинт Мунзир, андан Аллах ыразы болсун, мындай деген: "***Биз эркектердин алдында жїзїбїздїї жаап алчубуз***" **(Хааким)**. Аиша энебиз айткан: "***Биз расулуллах саллаллоху алайхи ва салламдын алдында эхрамда болчубуз. Ошол учурда алдыбыздан атту адамдар өтө баштады. Биз башыбыздагы жилбабды бетибизге тїшїрдїк. Атчандан өтїп кеткенде дагы жїзїбїздї ачып алдык***". **(Абу Дауд)**

**Талак:** Эр аялын хайз же нифас маалында, ошондой эле, кошулган тазалык убактысында[2] талак кылуусу арам. Бирок, эгер талак берсе – түшөт. Себепсиз талак берүү – макүрөө, себеби менен талак кылуу – мубах. Ал эми, никеден зыян тарткан адам үчүн талак (ажырушуу) сүннөт. Талак маселесин ар ким өзү чечет. Эгер ата-эне «аялыңды талак кыл» десе аларга моюн сунуу важып эмес. Талак кылууну каалаган адам үчүн бир талактан көп берүү арам. Азыр эле айткандай, талакты жыныстык мамиле кылбаган тазалык учурунда гана берүү важып.

Бир талак бергенден кийин, аял эринин үйүнөн кетпей, идда кармап, идда мөөнөтү түгөнгүчө отурат. Идда бүтмөйүн чыгып кетүүсү же эринин чыгарып жиберүүсү арам. Талакта ниет шарт эмес, ниетсиз айса да түшөт.

**Идда:** Бир нече түрү бар: **1)** Боюнда барларлардын жана боюнда бар болуп туруп эри өлгөндөрдүн иддасы баласын төрөшү менен бүтөт. **2)** Эри өлгөндөрдүн иддасы (эгер боюна бүтө элек болсо) төрт ай жана он күн. **3)**Хайз маалында талак кылынган аялдардын иддасы үч хайз мөөнөтүнчө. үчүнчү хайздан тазалануу менен иддасы бүтөт. **4)** Хайз көрбөгөн аялдардын иддасы үч ай. Иддадагы аял эгер ага ражьий талак берилген болсо, иддасы бүткөнгө чейин эринин үйүндө калуусу важып. Ушул арада эри кааласа анын дене мүчөлөрүнө карашы, аны менен жалгыз калышы мүмкүн. Мунун себеби, Аллах кайрадан "отторун күйгүзүшүп" койсо ажеп эмес деген үмүт. Эгер кайра жашоону кааласа "сени кайтарып алдым" деген сөз менен же кошулуу менен эле эр-катын болуп жашап кетишет. (Кайра нике кыюунун же) аялдын ыразылыгын алуунун кажети жок.

**Аял өзїн-өзї кїйөөгө** бере албайт. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: "***Кайсы аял өз валийсинин уруксатысыз никеленсе, анын никеси эсепке өтпөйт!***" **(Абу Дауд)**

**Улама чач.** Аядар бирөөнїн чачын өзїнїн чачына улашы жана денесине татуировка салдырышы – арам. Булар чоў кїнөөлөрдїн катарына кирет. Анткени, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген: ***"Чач***

---

[1] Бирок, аялдардын колу менен жїзїн аврат эмес деген мужтахиддер да бар.
[2] Бир ирет хайз көрїп, таза болгондо, кошулбай туруп талак берет

***улаганга да, улатканга да, ийне менен (денеге) сїрєт тартуучуга да, тарттырганга да Аллахтын наалаты болсун!”*** **(Муттафакун алайх)**

✷ **Арам талак.** Аялдар їчїн эч бир себепсиз кїйєєсїнєн талак суроо – арам. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***“Кайси аял эч бир себепсиз кїйєєсїнєн талак сураса, ага бейиштин жытын жыттоо арам!”*** **(Абу Дауд)**

✷ **Кїйєєгє моюн сунуу.** Аялдар маъруф (сооп, кїнєє эмес) иштерде эрине моюн сунуулары важып. Айрыкча, кїйєєсї аны тєшєккє чакырганда анын талабын четке какпоосу зарыл. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген: ***“Эгер бир эркек аялын тєшєккє чакырганда четке какса жана (эри) ачууланган бойдон уктаса, тээ таў атканга чейин ал аялга периштелердин наалаты болот!*”** **(Муттафакун алайх)**

✷ **Атыр-упа.** Бєтєн эркектердин алдында же алар сезе турган абалда жыпар жытын буркуратуу аялдарга арам. Анткени, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам айткан: ***“Качан бир аял жыпар жыты буркурап кєчєгє чыкса жана жытын сездирїї їчїн эркектердин алдынан єтсє, анда ал “жанагындай”, башкача айтканда, зына кылуучу!”.*** **(Абу Дауд)**

# Намаз

**Азан менен икамат** мусапыр эмес эркектерге парзы кифая[1]. Жеке окуган жана сапарда окуган адам үчүн – сүннөт. Аялдарга макүрөө. Экөө тең убактысында айтылганда гана жарактуу. Бирок, багымдат намазы үчүн биринчи азан түн оогондон кийин айтылса болот

**Намаздын шарттары:** 1) Мусулман болуу, 2) акылдуу (жинди эмес) болуу, 3) жакшы-жаманды ажырата ала турган (жети жаштан жогору) болуу, 4)даараттуу болуу[2] 5) убактысынын кириши[3]. 6) Авреттин колдон келишинче жабык болуусу. Мында авретти жапкан кийим же башка нерсе денеге жабышкан (тар) болбош керек. Он жаштан[4] өткөн эркектердин аврети киндик менен тизенин аралыгы. Эгер мусулман аял азат (күң эмес) жана эрезеге жеткен болсо, намаз учурунда, бетнен башка бардык мүчөлөрү аврет. **7)**Денеси, кийими жана намаз окуган жери колдон келишинче нажастан таза болушу. **8)** Мүмкүн болушунча кыбылага бурулуу. **9)** Ниет кылуу.

**Намаздын аркандары**[5] он төрт: **1)** Кыям (тик тууру) **2)** киришүү такбири, **3)**«Фатиханы» окуу, 4) ар бир ирекетте руку кылуу, **5)** рукуудөн өйдө болуу, **6)** ошол абалда тулку-боюн тик тутуу, **7)** жети мүчө менен сажда кылуу[6], **8)**эки сажда аралыгында отуруу, **9)** акыркы ташаххуд, **10)** акыркы ташаххуд үчүн отуруу, **11)** акыркы ташаххудта пайгамбарыбызга салават-салам окуу, **12)** биринчи салам, **13)** феьлий (арекет менен жасала турган) рукундөрдү канааттануу менен жасоо, **14)** аталган рукундөрдү тартиби менен жасоо.

**Намаз ушул рукундөр менен гана жарактуу болот. Эгер атайлап же унутуп ушулардан бирөөсүн жасабаса намаз бузулат.**

**Намаздын важыптары:** сегиз: **1)** киришүү такбириден башка бардык такбирлер, **2)** имамга дагы, жалгыз окуганга дагы «самиьаллоху лиман хамидах»ты айтуу, **3)** рукуудөн кайтканда «Раббанаа лакал хамд» дубасын айтуу, **4)** рукуудө «субхаана Раббиял Азийм» дубасын бир ирет айтуу, **5)**саждада «субхаана Раббиял аьлаа» дубасын бир ирет айтуу, **6)** эки сажда аралыгындагы кыска отурууда «Рабби игфир лий» дубасын бир ирет айтуу, **7)**абалкы ташаххуд, **8)** абалкы ташаххуд үчүн отуруу. Бул важыптарды

---

[1] Парзы кифая – мусулмандардан бирєєсї аткарса, башкаларынан милдет кєтєрїлєт

[2] Ар ким колунан келгенче дааратту болот. Мунун кеўири баяны «даарат» бєлїмїндє келет

[3] Бешимдин убактысы кїн тикеден оогондон баштап, адамдын кєлєкєсї єзїнїн бою барабар узарганга чейин, Дигер (асыр) намазынын убактысы эки категорияга бєлїнєт: **А)** Ыктыяр убактысы. Бул адамдын кєлєкєсї єзїнїн бою барабар болгондон баштап, эки эсе узарганга чейин. **Б)** Зарылдык убактысы. Бул адамдын кєлєкєсї эки эссе болгондон баштап, шам намазынын убактысы киргенге (кїн батканга) чейин. Кийин шам намазы кирет. Убактысы кїндїн кызылы (кїїгїм, иўир) жоголгонго чейин. Андан кийин кирип келген Куптан намазында дагы ыктыяр, зарылдык убактылары бар. Мында ыктыяр убактысы жарым тїнгє чейин. Зарылдык убактысы таў азанына чейин. Багымдат намазы таў (кїн чыгыш тарап) агаргандан баштап, кїн чыкканга чейин.

[4] Негизинен эркек балдар 12 жашынан эрезеге жетет. Бирок, тез жетилген курак 10 жаш. Бул жерде автор пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын «балаўарды жети жашка чыкканда намазга буюргула. Он жашка чыкканда намаз окубаса ургула» деген хадисине таянган болсо керек.

[5] Аркан же рукун – тїркїк, негиз деген мааниде

[6] Алар: жїз, (маўдай, мурун) эки алакан, эки тизе, эки буттун бармактары

атайлап жасабаса намазы бузулат. Ал эми, унутуп калтырса, сахув саждасы[1] менен ордуна келет.

**Намаздын сүннөттрү:** эки түргө бөлүнөт: Кавлий (оозеки) жана Феьлий (арекет менен жасалчу). Кавлий сүннөттөр мына булар: истифтах дубасын[2] окуу, «аувзу» менен «бисмиллахты» айтуу, «Фатихадан» кийин кураан сүрөлөрүнөн билгенин окуу, имам (белгилүү ирекеттерде) добушун көтөрүп окуу[3], «Роббана ва лакал хамд» дегенден кийин «хамдан касийрон, тойййибан, мубааракан фийх. Мильас-самааваати ва мильал ард» дубасын окуу, руку менен саждадагы «сабхана…» дубасын жана «Раббигфир лий» дубасын бирден ашырып (так сан менен) айтуу, саламдан мурун дуба кылуу. Ал эми, феьлий сүннөттөр төмөнкүлөр: киришүү такбиринде, рукууга бараарда, рукуудөн кайтканда, биринчи ташаххуд отуруусунан турганда эки колду көтөрүү, кыямда турганда кол куушуруп туруу, сажда кылчу жерге карап туруу, эки бутун бири-бирине жабыштырбай туруу, саждага барганда жайнамазга биринчи эки тизени, анан эки алаканды анан маңдайды анан мурунду тийгизүү жана колтукту кенен ачып, курсакты эки сандан, эки санды(н арка жагын) балтырдан алыс тутуу, эки тизени да бири-биринен алысыраак коюу, эки тапан сайылгандай бирок, бармактарынын «курсагы» жерге тийип, арасы бир аз ачылган бойдон туруу. Эки алаканды ачык бойдон бирок, бармактардын арасы ачылбаган абалда жерге коюу. Турганда болсо, тапандын «көкүрөк» тарабына таянып, эки кол менен эки тизеге таянып туруу. …Эки сажда аралыгындагы отуруу менен биринчи ташаххуддагы отуруу «ифтираш» (сол буту астына «төшөк» кылып отуруу) абалында болуу. Экинчи (акыркы) ташаххуддагы отуруу «таваррук[4]» абалында болуу. Отурганда эки кол, алаканы ачык бойдон бирок, бармактардын арасы ачылбаган абалда сандын үстүндө (тизеге жакын) болуу. Ал эми, ташаххуд дубасындагы Аллахтын жалгыздыгын билдирген «ла илааха иллаллах» келмесин окуганда, оң алаканын жумуп, сөөмөйүн көтөрүп, «Аллах бир» деген сыяктуу ишаарат кылуу. Салам бергенде башын оболу оң анан сол тарабына буруу. Бул саналгандарды унутса дагы, атайлап жасабай койсо дагы намаз бузулбайт.

**Сахув саждалары:** Бул сажда шартына карап кээде сүннөт, кээде мубах, кээде важып болот. **1) Кандай абалда сүннөт[5] болот?** Эгер намаз окуучу унутуу себептүү шарияттык сөздөрдү өз ордунан башка орунда окуп жиберсе, маселен, сажда учурунда Кураан окуп жиберсе, анда ага сахув саждасын жасоо сүннөт болот. **2) Качан мубах[6] болот?** Эгерде сүннөттөрдөн бирин

---

[1] Кеўири тішіндірмєсі кийинки темаларда

[2] Истифтах дубасы бул: Субхаанака Аллохумма ва би хамдика ва таборок исмука, ва таьала жаддука ва илааха гайрук»

[3] Ээрчип (иктида кылып) окугандар добушун чыгарышпайт. Ал эми жалгыз окугандар ыктыярдуу

[4] Китептин акырындагы сірєттїі намаз темасына кайрылыўыз

[5] Сіннєттін єкімі: жасаганга сооп, жасабаганга кінєє жок.

[6] Мубахтын єкімі: жасаганга сооп жок, жасабаганга кінєє жок

унутса мубах болот. **3) Качан важып болот?** Эгер намазда рукууну же сажданы же кыямды (туруу) же кааданы (отуруу) буюрулгандан ашыкча жасаса же намазды бүтүрбөй салам берип жиберсе же Курaaнды мааниси бузула турган даражада «обонго салып» жиберсе же важыптардан бирин таштап кетсе же ашыкча жасадым деп шектенип калса сахув саждасын кылуу важып болот. Ал эми, ким важып болгон сахув саждасын атайлап жасабай койсо, намазы бузулат. Бул сажда салам берүүдөн мурун жасалса да, кийин жасалса да болот. Негизинен бир сажда жетиштүү. Бирок, эгер кааласа, эки сажда кылса – ыктыяры. Эгер сахув саждасын жасоого ниеттенип, бирок арадан көп убакыт өтүү менен унутуп калса – сакыт болот[1].

**Намаз окуунун эрежеси:** Намазга турган адам эки колун желкесинин тушуна көтөрүү барабарында кыбылага карап «Аллаху акбар» дейт. Муну жана башка бардык такбирлерди имам бийик добуш менен айтат, аркадагыларга эшиттирүү үчүн. Имамдан башкалар добуш чыгарбай айтат. Анан кол куушурат. Мында оң колу менен сол колун кармап, көкүрөктөн ылдыйраакка койот. Көздөрү сажда ордуна кадалган болууга тийиш. Кийин «سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ وَبِحَمْدِكَ، وَتَبَارَكَ اسْمُكَ، وَتَعَالَى جَدُّكَ، وَلا إِلَهَ غَيْرُكَ» деп истифтах дубасын окуп, анан «аувзуну» кийин «бисмиллахты» добуш чыгарбай айтат дагы, андан кийин «Фатиха» сүрөсүн окуйт. Андай кийин билген сүрөлөрүнөн бирин зам сүрө кылат[2]. Багымдат намазына Фатихадан кийин 50-сүрө менен 78-сүрөнүн аралыгындагы узун сүрөлөрдөн, Шам намазына 93-дөн баштап 114-сүрө аралыгындагы кыска сүрөлөрдөн, ал эми, башка намаздарга 78-менен 93-нүн аралыгындагы орточо деп эсептелген сүрөлөрдөн зам сүрө кылуу – мустахаб. Багымдат намазында жана Шам менен Куптандын абалкы эки ирекетинде имам добушун чыгарып кыраат кылат. Башкаларында добушун көтөрбөйт. Андан кийин «Аллаху акбар» деп такбир айтып, рукууга барат. Рукуу – бул эки колу менен тизесин мыкчыган абалда, башы менен арка бели барабар болуп ийилип туруу. Тизени мыкчыганда бармактардын арасы ачык болууга тийиш. Ушул калыбынан жазбай үч ирет «субхаана Роббиял Азийм» дейт. Кийин «самиьаллоху лиман хамидах» деп кыямга[3] кайтат. Кыямда турган абалда «Роббана ва лакал хамду хамдан касийрон тоййибан, мубооракан фийх, мильас –самааваати ва мильал арди ва мильа маа шеьта мин шайьин баьду» деген зикирди айтат. Кийин такбир айтып, саждага кетет. Мында колтук кененирээк ачылып, курсак эки сандан, эки сан балтырдан алысыраак абалда, эки кол желке тушунда, колдун дагы, буттун дагы бармактары кыбылага багытталган болушу кажет. Ушул абалдан жазбай «субхаана Роббиял аьлаа» деп үч ирет зикир айтылат. Саждада каалаган дубасын окуп, бир нече мүнөт туруп калса да – ыктыяры. Кийин такбир айтуу менен башын көтөрүп, сол бутун «төшөк» кылып, үстүнө отурат. Оң буту сайылгандай

---

[1] Милдеттен кутулат.
[2] Зам сүрө – Фатиха сүрөсүнө бир сүрө кошуп окуу
[3] Кыям – намаздагы тик турган абал

абалда болот. Эки буттун тең бармактары кыбылага каратылат. Ушул абалда эки ирет «Робби игфир лий» дубасын окуйт. Кийин экинчи ирет сажда кылып, тапандарынын «көкүрөгүнө» таянуу менен кыямга туруп, экинчи ирекетти баштайт. Экинчи ирекет дагы биринчисиндей аткарылат. Абалкы эки ирекет бүткөндө биринчи ташаххуд үчүн отурулат. Мында сол бутту «төшөк» кылып отуруп, сол кол сол сандын, оң кол оң сандын үстүнң коюлат. Оң колдун алаканы жумулуп, сөөмөй менен баш бармактын учу бири-бирине тийгизилет жана сөөмөй менен «Аллах бир» дегендей ишаарат жасоо менен бирге «Аттахияту лиллахи вас солавату ват тоййибаат. Ассалааму алайка айюхан набийю ва рахматуллохи ва баракаатух. Ассалааму алайна ва ала ибадиллаахис солихийн. Ашхаду анл-лаа илаха иллаллоху ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух» дубасын окуйт. Кийин кыямга туруп, үчүнчү жана төртүнчү ирекеттерди абалкы эккөөндөй окуп, (бирок, кийинкилерде Фатиханын нзү окулат. Зам сүрө кошулбайт) Кийин акыркы ташаххуд үчүн отурат. Бул отурушта сол бутту кайрып, оң буттун астына «төшөк» кылынат жана жерге көчүк менен отурулат. Оң бут абалкы отургандагы калыбында же тапандын сол капталы менен «жамбаштаган» абалда болот. Анан «аттахияту» менен «Аллохумма соли ала…», «Аллохумма, баарик алаа…» дубалары окулат. Булардан кийин пайгамбарыбыз окуган дубалардан каалаган дубасын окуса да болот. Кийин оң жана сол тарабына «ассаламу алайкум ва рахматуллох» деп салам берүү менен намазды бүтүрөт.[1]

**Оорулуу адамдын намазы**: Эгер бир оорулуу адамга туруп окуу зыян кылса же тап-такыр турууга кудурети жетпесе, отурган абалда намаз окуйт. Эгер буга да жарабаса жамбаштап жатып, буга да алы жетпесе чалкасынан жатып окуйт. Эгер рукуу-сажда мүмкүн болбосо, ымаа-ишаарат кылат. Эгер ал намздарын каза кылган болсо, айыккандан кийин окуйт. Эгер ар бир намазды өз убагында окууга шарт болбосо, Бешим менен Асирди жана Шам менен Куптанды кошуп окуйт. Кошконда абалкы намаздын убактысында окуса да, кийинки намаз убактысында окуса да – ыктыяры.

---

[1] Намаздан кийин төмөнкү дубадарды окуу сүннөт: «***Астагфируллах***» 3 ирет, Анан «***Аллахумма, Антас-Салааму ва минкас-салаам. Табооракта йа зал жалаали вал икроом. Лаа илааха иллаллоху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува алаа кули шайьин Кадийр. Лаа хаула ва ла куввата илла биллаах. Ла илаха иллаллоху ва ла наьбуду илла иййааху, лахун-неьмату ва лахул фадлу ва лахус-санаа ул хасан. Лаа илааха иллаллоху мухлисийна лахуд дийн, ва лав карихал каафируун. Аллохумма, ла мааниьа лима аьтойта, ва ла муьтийа лимаа манаьта. Ва янфаьу зал жадди минк алжадд*** ». Багымдат менен Шам намазынан кийин жогоруда өткөндөргө кошуп мына буларды окуйт: «Лаа илааха иллаллоху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду, юхйий ва юмийту, ва хува алаа кули шайьин Кадийр (10 ирет). Кийин «Субхааналлах» (33 ирет), кийин «аль-хамду лиллах» (33 ирет) кийин «Аллоху акбар» (33 ирет). Анан жүзүнчүсүнө «Лаа илааха иллаллоху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува алаа кули шайьин Кадийр» дубасын дагы бир ирет окуп, анан «Аят-аль-Курсий» аяты менен «Кул хуваллоху Ахад» анан «кул аьувзу би Роббил фалак» анан «кул аувзу би Роббин наас» сүрөлөрүн окуйт. Шам менен Багымдат намаздарынан кийин бул үч сүрөнү үч иреттен окуйт.

**Мусапырдын намазы**: эгер бир адам 80 км.ден алыс жерге сапарга чыкса жана сапары мубах болсо (күнөө себептүү болбосо) ал төрт ирекеттик намаздарды эки ирекетке кыскартып окуйт. Эгер барган жеринде 4 күндөн ашыгыраак[1] турууну ниет кылса, жолдо касыр кылат бирок, жетип келээри менен толук окуйт. Эгер мусапыр мукумга (өз жериндеги адамга) иктидаа кылып (ээрчип) окуса же үйүндө окушу керек болгон намазын унутуп, сапарда эстесе, же мунун тетирисинче болсо, намаздарын толук окуйт. **Эскертүү:** мусапыр эгер каалаcа намазын толук окушу мүмкүн. Бирок, кыскартканы абзел.

**Жума намазы**: Жума окуу Бешим окугандан абзел. Жума Бешимдин кыскартырылганы эмес, Бешимдин ордуна өтүүчү, эки ирекеттен турган өз алдынча намаз. Бул намазга «Жума» деп ниет кылынат. Бешимдин ниети менен Жума окулбайт. Дагы бул намаз эч качан асир намазы менен кошуп окулбайт.

**Витир[2] намазы**: Бул намазды окуу – сүннөт. Убактысы Куптандан баштап Багымдат намазына чейин. Эң азы бир ирекет, эң көбү он бир ирекет. Эң көбүн окуганда ар эки ирекеттен кийин салам менен болуп, акыркысын так окуган абзел. Же болбосо төрт ирекет же алты ирекет же сегиз ирекет окуп, акырында бир ирекет так окусада болот. Же болбосо, үч, беш, жети же тогуз ирекетти бирден окуп бүтүрсө да мүмкүн.

**Жаназа намазы**: Мусулман адам өлсө аны жуу, кепиндөө, ага жаназа окуу, көтөрүп мүрзөгө алып баруу жана көмүү - фарзу кифая[3]. Ал эми, исламдык согушта өлгөн шейиттер жуулбайт кепинделбейт жана аларга жаназа окулбайт. Кандай абалда өлсө, ошол бойдон көмүлөт. Эркек адамд үч бөлүк ак мата менен, аялдар беш бөлүк менен кепинделет. Жаназа намазында имам (же жалгыз окуган адам) эркек кишинин көкүрөк тушунда, ал эми аял болсо, ортолук тушта турат. Жаназа намазында төрт такбир айтылат. Биринчи такбир менен намазга киришип, «аувзуну» анан «бисмиллахты» айтып, ичинен Фатиха сүрөсүн окуйт. Анан экинчи ирет такбир айтып, пайгамбарыбызга салаваттар айтат. Кийин үчүнчү такбирди айтат жана өлүктүн акысына дуба кылат. Анан төртүнчү такбирди айтып, бир аз демин ырастагандан кийин оң тарабына салам берүү менен намазды бүтүрөт.

**Маселелер**:

- Мүрзөнү бир карыштан өйдө көтөрүү, актап-сырдап, үстүн бетондоо, күмбөз-мунара куруу, тооп кылып айлануу, үстүнө мечит куруу, өбүү, үстүндө бир нерсе түтөтүү, жазуу, үстүндө отуруу, басып-тебелөө, жана өлүктү мечиттин ичине коюу – арам! Мүрзөнүн үстүнө курулган күмбөздөрдү бузуу – важып.

---

[1] Кээ бир риваяттарда 15 кїндєн ашыгыраак
[2] Витир «так» (жуп эмес) деген мааниде
[3] Фарзу кифая – мусулмандардан бир нечеси же бирєєсї аткарганда калгандарынан милдет тїшє турган парыз

Өлгөн адамдын жакындарына ар кандай сөз менен таазия билдирүүнүн (көңүл айтуунун) зыяны жок. Таазия сөздөрүнөн бири мына бул:
أعظم الله أجرك وأحسن عزاءك وغفر لميّتك «Аллах (бул кайгыга сабыр кылганың үчүн) көп соон берсин! Кайгыңды жеңилдетсин жана маркумдун күнөөлөрүн кечирсин!» Эгер бир мусулмандын каапыр тууган өлсө ага أعظم الله أجرك وأحسن عزاءك «Аллах (бул кайгыга сабыр кылганың үчүн) көп соон берсин! Кайгыңды жеңилдетсин!» деп көңүл айтылат. Ал эми, каапырларга таазия билдирилбейт, эгер анын мусулман тууганы өлсө дагы.

Эгер мусулман адам өлгөндө туугандарынын өкүрүп ыйлашынан шектенсе, аларга «мен өлгөндө өкүрүп ыйлабагыла» деп осуят калтыруусу важып. Антпегенде, ал (өлүк) алардын өкүрүп ыйлаганы себептүү азапка салынат.

Имам Шафеьий мындай деген: «Маркумдун туугандары таазияга келгендердин таазиясын кабыл алуу үчүн бир үйгө чогулуп отуруулары макүрөө» Анткени, өлүк коюлгандан кийин бардыгы, эркек же аял болсун, иш-ишине тарап, тиричилигин улантуусу кажет.

Маркумдун жакындарына тамак жасап алып бару – сүннөт. Ал эми, алардын тамагынан жеш жана таазияга келгендер үчүн тамак даярдоо макүрөө.

Мусулмандын мүрзөсүн зыяраткылуу – сүннөт. Бирок, алыстагы мүрзөнү зыярат кылуу үчүн сапарга чыгуу исламда жок. Каапырдын мүрзөсүн зыярат кылууга да уруксат. Каапырды дагы мусулмандын мүрзөсүн зыярат кылуудан тосулбайт.

Кепинге Кураан аяттарын жазуу – арам.

**Эки айт намазы**: Булар – фарзы кифая. Убактысы «Зуха[1]» намазынын убактысындай. Эгер ошол күндүн айт экени күн тикеден өткөндө гана билинсе, эртеси күнү каза кылып окулат. **Окулуу тартиби:** «Ушул Рамазан же Курбан айт намазын кошумча такбирлери менен окуу їчїн ниет кылып, ушул имамга ыктыда кылдым, «Аллоху Акбар»-деп кулак кагылат. Анан «субхаанака» дубасы окулат. «Аллоху Акбар»-деп кулак кагылып колдор эки жан тарапка ташталып 3 жолу такбир айтылат да колдор байланат.Имам «Фатиха» сїрєсї менен «Саббихисма…» сїрєсүн окуп, рукуу жана саждага барат, кайрадан экинчи ирекетке турулат, экинчи ирекетте «Ал хамду» менен «Гаашия» сїрєсү окулуп, «Аллоху Акбар» деп кулак кагылат. Колду байлабастан жан тарапка таштап, 3 жолу кол кєтєрїп, «Аллоху Акбар» деп такбир айткан соў 4-жолу «Аллоху Акбар» деп рукуугє кетилет. Андан кийин саждага барып сажда тасбихтерин айтып, олтургандан кийин «Аттахияту» жана «Аллохумма соли…» жана «Аллохумма баарик…» дубаларын окуп, салам берип, намаздан чыгылат. Саламдан кийин эки хутба (маселе) айтылат. Бул маселе арасында такбирди көп айтуу имамга сүннөт.
**Эскертүү:** зам сүрөгө аталган сүрөлөрдөн башкасын окуса да болот.

[1] Ушул аталыштагы нафил намаз кїн найза бою кєтєрїлгєндєн баштап, кїн тикеге келгенге чейин окулат

**Кусуф намазы**[1]: Бул намаз сүннөт. Убактысы күн же ай тутулуу башталгандан баштап, токтогонго чейин. Эгер окулбай калса, казасы жок. Эки ирекеттен турат. Биринчи ирекетте «Фатиха» менен узун сүрөлөрдөн бири окулат. Анан уза-а-к рукуу кылынат. Кийин… саждага барбай эле, «самиаллоху»ну айтып кыямга туруп, «Фатиханы» жана бир узун сүрөнү окуйт. Анан дагы уза-а-ак рукуу кылып, кийин кайрадан кыямга туруп, ушундан кийин гана саждага барат жана эки ирет уза-а-ак сажда кылат. Кийин экинчи ирекетке туруп, кудум абалкы ирекеттей окуп, отуруп, ташаххуд дубаларын окуп, анан эки жагына салам берүү менен намазды бүтүрөт. Эгер кеч калган адам биринчи рукууга жетишпей калса, биринчи ирекеттен кеч калган болот.

**Истискаа намазы**: Бул жамгыр тилеп окулчу намаз. Кургакчылыкта, жаан азайып кеткенде окулушу сүннөт. Убактысы, окулушу жана өкүмдөрү айт намазындай. Айырмасы мында намаздан кийин бир гана хутба окулат. Абал жакшы жагына оодарылышын тилеп кийимди оодарып кийип окуш дагы сүннөт.

[1] Кїн же ай тутулганда окулчу намаз

# Зекет

**Зекеттин түрлөрү:** Зекет төрт түрдүү нерседен берилет: **1)** Жайлоодо оттогон жаныбарлардан. **2)** Жер өндүргөн мөмө-жемиштерден. **3)** Баалуу буюмдардан. **4)** Соода таварларынан.

**Зекет берүүнүн шарттары:** Бешөө: **1)** Мусулман болуу, **2)** эркин адам болуу, **3)** мүлктүн эсеби нисапка[1] жетүү, **4)** мүлктүн толук ээси болуу, **5)** Жер өндүргөн мөмө-жемиштерден башка мүлк-байлыкка бир жыл айлануу.

Чарба[2] малдарынын зекети: чарба малдары үч түрдүү болот: **1)** төөлөр, **2)**уйлар, **3)** майда туяктуулар. Бул жаныбарлардан зекет алынышы (же берилиши) үчүн эки шарты табылышы керек: Биринчиси: бир жыл же ашыгыраак убакыт жайлоодо оттогон болушу, экинчиси: сүтү үчүн же көбөйтүү үчүн кармалган болушу. (иштетүү үчүн кармалгандардан зекет берилбейт). Кандай мал болбосун, эгер соода үчүн кармалса, ал соода товарларынын эсебине кирип калат жана андан товар катарында зекет алынат.

**Төөнүн зекети:**

| Саны: | 1-4 | 5-9 | 10-14 | 15-19 | 20-24 | 25-35 | 36-45 | 46-60 | 61-75 | 76-90 | 91-120 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Зекети: | Берилбейт | 1 кой | 2 кой | 3 кой | 4 кой | Бир жаштагы бото | 2 жашар бир төө | 3 жашар бир төө | 4 жашар бир төө | 2 жашар эки төө | 3 жашар эки төө |
| 120дан өйдөсүнө ар бир элүү төө үчүн бирден 3 жашар төө же ар бир кырк төө үчүн бирден 2 жашар төө зекет берилет. | | | | | | | | | | | |

**Уйдун зекети:**

| Саны: | 1-29 | 30-39 | 40-59 |
|---|---|---|---|
| Зекети: | Берилбейт | Бир жашар 1 торпок | Эки жашар 1 торпок |
| Алтымыштан өйдөсүнө ар бир отузунан бир жашар торпоктон бирөөнү, ар кырыгынан эки жашар торпоктон бирөөнү зекет берилет | | | |

**Майда туяктуулардын зекети:**

| Саны: | 1-39 | 40-120 | 121-200 | 201-399 |
|---|---|---|---|---|
| Зекети: | Берилбейт | 1 кой | 2 кой | **3 кой** |
| 400дөн өйдөсүнө ар бир жүзүнөн бирден кой[3] берилет. Эчки, койдун карысы, бир көзү жогу, бала эмизгени, боозу жана (акчага же башка нерсеге чагылган) баасы зекет катары берилбейт. Эскетүү: эчкилер койдун катарында | | | | |

[1] Нисап – байлыктын шарият белгилеген чеги
[2] «Чарба» сөзї перс-тажик тилиндеги «чарпай» (төрт буттуу) деген сөздөн алынган
[3] Зекетке берилген кой бир жаштан төмөн болбошу керек. Майда туяктуулар алты айда бир жашка толот.

**Жер өндүргөн мөмө-жемиштердин зекети:** Жерден өнүп чыккан ар бир эгинден, мөмөлүү дарактан төмөндөгү шарттарда зекет берилет: 1) Арпа, буудай сыяктуу, идиш менен ченеле турган жана жүзүм, курма сыяктуу сактап коюга жарактуу болсо, Ал эми, идиш менен ченелбей турган жашылчалар жана жашылча-жемиштерден зекет жок. 2) Нисапка жеткен болушу. Жер өндүргөн нерселердин нисабы 653 кг. же андан өйдө. 3) Түшүмдөн зекет берилчү убакытта[1] ал зекет берчү адамдын ээлигинде болушу.

Машакатсыз (жамгырдан же арык-дарыялардан) сугарыла турган эгиндердин «үшүрү» (ондон бири) зекет катары чыгарылат. Машакат менен[2] сугарылган эгиндерден ондон бирдин жарымы берилет. Ал эми, кээде машакатсыз, кээде машакат менен сугарылган эгиндер, эгилгенден жетилгенге чейин машакатсыз сугарылган мөөнөтү көп болсо - үшүр **(10%)** берилет, мунун тескериси болсо үшүрдүн жарымы **(5%)** берилет.

**Баалуу буюмдардын зекети**: Баалуу буюмдар эки түр болот: 1) Алтын. 85 граммга жетпесе зекет жок. 2) Күмүш. Мунун нисабы **595 гр**. Ал эми кагаз жана теңге акчалар алтын же күмүшкө бычылат жана эгер 85 гр. Алтындын жана 595 гр. күмүштүн баасынан ашса, жалпы суммадан эки жарым **(2,5%)** пайызын зекетке чыгарылат.

Мубах (шарият уруксат берген) баалуу тагынчактардан, эгер пайдаланып (тагынып) жүрсө зекет жок. Эгер сактап коюлган же ижарага берилген болсо зекет берилет. Аялдар үчүн тагынуу адат болгон бардык алтын, күмүш жана башкалар мубах эсептелет. Күмүштүн аз ганасын идишке пайдаланса болот. Ошондой эле, эркектер мындан (күмүштөн) аз өлчөмдөгүсүн шакек, көз айнек катарында колдонсо – уруксат. Алтынды идишке пайдалануу жана эркектер денеге тагынчак катары пайдалануу арам. Бирок, денеден башка өз алдынча нерселер үчүн аз гана пайдаланууга уруксат. Маселен, кийимге кадалчу түймө, тишке капталчу пломба сыяктуу. Бир гана шарты аялдардыкына окшобосун.

Эгер бир адамдын дүйнө-мүлкү бир азайып, бир көбөйүп (бир калыпта болбой) турганы себептүү, өз убагында (жылына жеткенде) мүлкүнүн ар бир түрүнөн зекет чыгаруу кыйынга турса, жылдын бир убагын белгилейт жана канча мүлкү бар экенин карайт. Эгер нисапка жеткен болсо эки жарым пайызын **(2,5%)** зекетке чыгарат, эгер мүлкүнүн кээ бир түрүнө жыл айланбаган болсо да. Эгер бир адам көп маяна алса же ижарага берген үйү, жери болсо, бирок, аларды сактабаган болсо, канча көп болсо да зекет бербейт. Эгер сактап-чогулткан болсо, чогулган мүлктөн жыл айланганда зекет чыгарат.

---

[1] Тїшїмдїн зекет берилчї убактысы – жетиле баштаган убакыт. Ал эми, дан эгиндериники каткан же катуу боло баштаган учуру

[2] Кудук же чыгырык менен чыгарылган, же бийик жерлерге насос менен чыгарылган суулар менен сугарылган эгиндер машакат менен сугарылган деп эсептелет.

**Карыздын зекети:** Бир адам бай кишиге же кайтарууга акча-мүлкү жетштүү кишиге карыз берсе, ушул (байдын же өзүнө ток адамдын чөнтөгүндөгү) аласасы үчүн зекет жазыла берет. Ал качан ошол аласасын кайтарып алаар замат, өткөн жылдарын эсептеп, канча көп болсо да зекет чыгарат. Эгерде карызын кайтаруу мүмкү болбосо (кембагалга берсе же алган бай банкрот болсо) ага зекет жок. Себеби, ал өз байлыгына ээ[1] боло албай калган.

**Соода буюмдарынын зекети:** Мусулман адам соода буюмдарынан зекет бериши үчүн мына бул шарттар болушу зарыл: **1)** Өзүнүн башкаруусу астында болушу, **2)** аны менен соода кылууну ниет кылган болушу, **3)**буюмдун баасы нисапка (85 гр. алтындын же 595 гр. күмүштүн баасына) жеткен болушу, **4)** бир жыл айланышы. Ушул шарттар табылган буюмдардын баасынан (өзүнөн эмес) зекет берилет. Эгер соодагерде алтын, күмүш жана акчалар болсо, нисапты толуктоо үчүн аларды жалпы буюмдардын баасына кошуп жиберет. Эгер колундагы машине, кийим,үй ж.б.у.с. соода буюмдарынан өзү пайдаланууну ниет кылган болсо, алардан зекет берилбейт. Бирок, кийин пикирин өзгөртүп, сатууну каалап калса, алардын жыл эсебин кайрадан эсептеп, зекет чыгарат.

**Битир зекети[2]:** Бул, айт күнү кирген маалда өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн бир кече-күндүздүк тамак-ашынан ашыкча тамак-ашка ээ болгон ар бир мусулманга важып. Битир зекетинин өлчөмү, ар кайсы өлкөнүн негизги тамагынан (буудай, курма ж.б.у.с.) жан башына **2,25 кг**. Орозо битир бериши зарыл болгон ар бир адам – эгер берчүсү өз колунда болсо – өзү үчүн жана карамагындагы адамдар үчүн, эртең айт деген күнү бериши керек. Орозо битирди айт күнү, айт намазына чейин берүү мустахаб. Намаздан кийинкиге калтырбаш керек. Бирок, айттан бир-эки күн мурун берсе боло берет. Ошондой эле бир адам көпчүлүктө өкүл болуп берсе да болот, көпчүлүк бир адамдан өкүл болуп берсе да болот.

**Зекетти качан бериш керек?** Жыл айланышы менен дароо бериш керек. Жаш балдар жана жинди адамдардын[3] атынан алардын аталыктары (опекундары) берет. Мындай абалда зекетти ээси ажыратып берүүсү жана аталык аны ээсинин көзүнчө берүүсү сүннөт. Мындай абалда зекет мукаллафтын (аталыктын[4]) ниети менен кабыл болот. Зекетти «мутлак садака[5]» деп ниет кылса зекеттен эсептелбейт, эгер малынын бардыгын садака кылса да. Жакшысы, ар бир мүлктүн зекетин шаарындагы (же айылындагы) кедейлерге берсин. Эгер башка шаарга алып барып бергени (коомго) пайдалуураак болсо, бул дагы мүмкүн. Эгер байлык (2 жылдык) нисапка жетсе, биро толо эки жылдыкын берип кутулса да болот.

---

[1] Мілккє толук эгедер болуу зекеттин шарттарынан бири эле.
[2] Орозо битир
[3] Кээ бир учурда байлыктын бирден-бир ээси жаш бала же жинди адам болуп калышы мімкїн
[4] Анткени, балакатка жетпеген балдар менен жинди адамдар мукаллаф (шарият боюнча жооптуу) эмес.
[5] Зекеттен башка, кедей-кембагалдарга берилчї адаттагы садака

Зекетти кимдерге бериш керек? Зекетти төмөндөгү сегиз орундан бирине берсе гана кабыл болот. Алар: **1)** Кембагалдар, **2)** кедейлер, **3)** зекет боюнча иштегендер[1], **4)** исламга кириши үмүт кылынган каапырлар, **5)** кулдарды азат кылуу үчүн, **6)** карыздарларга, **7)** Аллахтын жолундагыларга[2], **8)**Мусапырларга[3]. Бул саналгандарга зекет муктаждыгына жараша берилет. Ал эми, зекет чогултуучуларга канчага жалданган болсо ошончо беришет, эгер алар бай болсо да. Эгер мамлекет башында хавариждер[4] же зулумкеч падыша турса жана зекет чогултса, аларга берилген зекет эсепке өтөт. Ошондой эле, зекетти мусулман өкүмдар ыктыярдуу түрдө же зордук менен алса да – анын адил же зулумдугуна карабай – зекети эсепке өтөт. Бирок, зекет каапырга, кулга[5], байга, өзүнүн карамагындагы адамга, пайгамбарыбыздын Хашимий уруусундагыларга буюрбайт. Зекетти билбестен өз ордунан башка орунга берип, анан натура бергенин билип калса, иш өткөн болот: кабыл болбойт. Бирок, бирөөнү кембагал деп ойлоп зекет бергенден кийин анын бай экени билинсе, бул зекет эсепке өтөт.

**Ыктыярдуу садакалар**: Кабыл болуп, өлгөндө аркасынан сообу жетип тура турган садакаларды баяндап, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мындай деген: *«Өлгөндөн кийин момундун аркасынан жетип тура турган нерселер мына булар: үйрөткөн жана тараткан илими, калтырган салих (такыба) баласы(нын дубасы), мурас таштаган Курааны, курган мечити, курган мусапырканалары, агызган арыгы (же чыгарган суусу) же болбосо, тирүү, ден-соолугу таза маалында чыгарган садакасы. (Мына ушулардын сообу) өлгөндөн соң анын аркасынан жетип турат»* **(Ибн Маажжа)**

---

[1] Ислам мамлекеттеринде атайын зекет чогултуучу мекемелер жана адамдар болот. Алардын маяналары зекеттин эсебинен берилет.

[2] Алар аллахтын динин жогорулатуу ӥчӥн куралы же же калеми же сєзӥ менен аракет кылгандар

[3] Алардын бай-кедейине каралбайт. Кээде адам єзӥ бай болсо да мусапыр журтта муктаж болуп калышы мӥмкӥн

[4] Хавариждер – Ахлу Суннадан бєлӥнӥп кеткен жана єздєрӥн мусулман эсептеген ишеними бєлєк адамдар

[5] Зекетти кулдарды азат кылууга берӥї менен кулга берӥїнӥн айырмасы бар. Биринчисинде маселен, бир кул єз башын азат кылуу ӥчӥн кожоюну менен келишим тӥзӥп, келишимдеги сумманы таап келгиче убактылуу азаттык алат жана иштеп акча жыйноонун аракетинде болот. Мындай абалдагы кулду шариятта «мукаатаб» же «фи рикааб» деп аталат. Зекетти ушуларга берсе болот. Же бир адам зекет акчасына кул ээсинен кул сатып алып, азат кылат. Мына ушундай абалдарга шарият тили менен «кул азат кылуу ӥчӥн» деп айтылат. Ал эми, кожоюну менен келишим тӥзбєгєн кулга зекет берилбейт. Анткени, кулдун єзӥ бирєєнӥн мӥлкӥ.

# Орозо

Рамазан орозосу ар бир акылдуу, балакатка жеткен, орозо кармоого жараган, хайз жана нифас эмес мусулманга парыз. Жаш балдарды дагы эгер чыдаса, көнүктүрүү үчүн орозо кармоого буюрулат. Рамазандын киргени эки нерсе менен билинет: **1)** эркекпи же аялбы, балагатка жеткен бир мусулмандын хилал айын көргөнүнө күбөлүк бериши менен. **2)** Шаабан айын отуз күн толук эсептө менен. Орозо парызы таң туугандан баштап, күн батканга чейин. Бул парызга киришүү үүчн таң башталаар алдынан ниет кылуу зарыл.

**Орозону эмнелер** бузат? **1)** Жыныстык кошулуу. Мында казасын тутп берүү менен каффаарат[1] дагы төлөйт. Каффаараты: кул азат кылуу. Ким буга ылайык акча таппаса, эки ай үзгүлтүксүз орозо кармап берет. Буга да кудурети жетпегендер жетимиш кедейди тойдурат. Буга да кудурети жетпесе, (тообадан башка) эч нерсе кылбайт. **2)** Өбүшүү, кармалашуу же түшүркөө себептүү бел суунун түшүшү. Мында «күнөөлүүгө» каффаарат жок. **3)** Атайлап бир нерсе жеп-ичүү. Эгер унуткан болсо, орозосу бузулбайт. **4)** Хижама[2] жолу менен же донор болуп кан алдыруу. Бирок, текшерилүү үчүн бир аз алдырылганы жана жараатан аккан канн орозону бузбайт. **5)** Атайлап кусуу. Эгер тамагына чаң кирип кетсе же ооз чайкап мурунга суу алганда алкымына суу жетип калса же ойлонгондо жана уктаганда бел суусу агып калса, орозосу бузулбайт.

Ким таң атканын билбей калып же түн деп ойлоп күндүзү тамак жеп алса – бузулат жана бир күнүнө бир күн (каза) тутуп берет.

Эгер таң маалында күн батты деп ойлоп жеп-ичип алса дагы бузулат жана каза тутуп берет.

Кимдер ооч ачык жүрүшү мүмкүн? **1)** Хайз же нифас көргөн аялдар, **2)**күнөөсүз адамды өлүмдөн куткаруулар (эгер тамак жеш зарыл болсо) **3)** 85 км.ден алыска сапарга чыккандар үчүн, эгер оор болсо, орозосун ачып жиберүү - сүннөт. **4)**Орозо зыян кыла турган оорулуулар. **5)** Күндүзүндө сапарга камданган адам, үйүнөн чыга электе орозосун ачса болот. **6)** Кош бойлуу аялдар[3]. **7)** Бала эмизген аялдар[4]. Булардын бары бир күнүнө бир күн каза тутуп беришет. Өзүнүн ден-соолугу чың болуп, баласынан корккону үчүн гана орозосун ачкан аялдар буга кошумча ар бир каза кылган күнү үчүн бирден кедейди тойдурат. Айыкпай турган оору же карылык себептүү орозо кармай албагандар казасын тутпайт. Анын ордуна ар бир күн үчүн бирден кедейди тойдурушат. Ким бир кечиримдүү себеп менен казасын тутпай жүрүп кийнки Рамазан келип калса, аны орозодон кийин тутуп берет. А, эгер себепсиз тутпаган болсо, каза тутуп берүү менен бирге ар бир күн үчүн бирден кедейди тамактандырат. Кечиримдүү себеп менен казасын тутпай жүрүп, өлүп калса, эс нерсе болбойт[5].

---

1 Ошол кінєєні жууп жиберїїчї штраф

2 Хижама-пайгамбарыбыздан сїннєт жана ден-соолукка єтє пайдалуу болгон кан алдыруу ыкмасы.

3 Эгер єзїнєн же баласынан корксо

4 Эгер єзїнєн же баласынан корксо

5 Б.а. маркумдун эсебинен жакындары каффаарат тєлєшпєйт.

Эгер себепсиз тутпай жүрүп өлсө, анын атынан ар бир күн үчүн бирден кедей тойдурулат жана анын жакындарынан бири ал каза кылган орозону анын атынан тутуп бериши – сүннөт. Ошондой эле, бир адам орозо кармаймын деп назир кылып, кармай албай өлүп кетсе, анын назирин туугандарынан бири тутуп берет. Ким бир зарыл себеп менен орозосун ачууга мажбур болуп калса, кийин кечке чейин ал мажбурлаган абал жоюлса, ошол замат «оозун жаап» орозосун уланта берет. Эгер бир каапыр Орозо айында мусулман болсо, ага ошол замат орозо кармоо парыз болот жана эгер тутпаса, кийин казасын тутуп берет. Ошондой эле, Орозо күнүндө хайз аял тазаланса, ооруу айыкса, мусапыр сапардан келсе, бала эрезеге жетсе, жинди акылын тапса жана ооздору ачык болгон болсо, кийин казасын тутуп беришет, эгер күндүн белгилүү бөлүгүнөн тута баштаган болсо да. Орозодо оозу ачык жүрүүгө уруксат болгон адамдардын үчүн башка бирөө орозо тутуп бербейт.

Нафил орозо: Мунун эң абзели күн аралата тутулганы. Андан кийинки орундагысы Шейшемби, Бейшенби күндүн орозосу, андан кийин ар бир камарий айдан үч күн тутуу. Бул үч күндүн эң абзели «ак күндөр» деп аталган 13-14-15-күндөр. Дагы Мухаррам менен Шаабан айынын көбүрөөк бөлүгүн, Ашура күнүн, (Курман айттагы) Арапа күнүн жана Шаввал айынын алты күнүн орозо менен өткөрүү сүннөт. Ал эми, Ражаб айын орозо үчүн ажыратуу, Жума, Ишемби күндөрү жана Шаабандын отузунчу – шек күнү, күн ачык болгондо орозо тутуу макүрөө. Эки айт күндөрү жана ташрик (Зул-хижжа айынын 11-12-13-) күндөрү орозо тутуу арам. Бирок, «таматтуь» же «кыраан» хаждарында мойнуна союш союу милдети жүктөлүп калган адам аталган күндөрү орозо тута берет.

**Эскертүүлөр**:

✸ Жүнүб, хайз жана нифас болуп калган адамдар таң атканга аз калганда, оболу саарлык кылып, андан кийин жуунса болот. Орозосу эсепке өтө берет.

✸ Аялдар Рамазан орозосун эл катары тутуу үчүн – эгер зыяны тийбесе – хайзды токтото турган дары-дармек колдонсо болот.

✸ Орозо адам оозунун ичиндеги шилекейди жана какырыкты жутса, орозосу ачылбайт. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«Менин үммөтүм ар качан ооз ачаарды тездетип, саарлыкты артка созуу менен орозо кармаса жакшылыктын үстүндө боло берет»*** **(Ахмад)**

Дагы мындай деген: **« لا يَزَالُ الدِّينُ ظَاهِرًا مَا عَجَّلَ النَّاسُ الْفِطْرَ لأَنَّ الْيَهُودَ وَالنَّصَارَى يُؤَخِّرُونَ »**

✸ ***«Адамдар ооз ачаарда шашылып турса эле, дин үстөмдүгүн жоготпойт. Анткени, яхудийлер менен насааралар аны кечиктиришет эле»*** **(Абу Дауд)**

✸ Ооз ачаар маалда дуба кылуу мустахаб. пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «Орозо кармаган адамдын ооз ачаарда кылган дубасы кайтарылбайт» деген. *(Ибн Мааджа)* Ооз ачаар дубаларынан биринде пайгамбарыбыз мындай дуба кылган: **« ذَهَبَ الظَّمَأُ وَابْتَلَّتْ الْعُرُوقُ وَثَبَتَ الأَجْرُ إِنْ شَاءَ اللَّهُ »** «Захаба аз-замаьу, ваб-таллатил урууку, ва сабатал ажру ин шаа Аллах![1]» **(Абу Дауд)**.

---

[1] Дубанын мааниси: «Чаўкоо канып, тамырларга суу жетти жана Аллах кааласа, соөп дагы

✸ Оозду жаңы үзүлгөн курма менен, эгер жок болсо, кургатылганы менен, эгер ал да жок болсо, суу менен ачуу сүннөт.

✸ Орозо кармаган адам сурма тартпайт, көзгө жана кулак ичине бир нерсе тамызбайт. Эгер дарылануу үчүн зарыл болсо мейли. Анда даарынын дамы алкымга жетсе да орозосу бузулдбайт.

✸ Орозодо ар убакыт мисвак колдонуп жүрүү сүннөт, эгер эч кандай ыңгайсыздык болбосо.

✸ Орозо кармаган адам кыйбат, ушак, жалган сыяктуу нерселерден алыс болууга тийиш. Эгер бирөө аны сөксө дагы ага теңелбей «мен орозомун» деп койсун. Эгер ушул осуяттарды аткарбаса орозосунун сообунан кол жууп калышы мүмкүн. анткени, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мындай деген: «ким (орозо маалында) жалган сөздөрүн жана ошого байланышкан иштерин токтотпосо, Аллах анын жеп-ичүүдөн тыйылганына муктаж эмес!» (Ахмад)

✸ Эгер орозо маалында бирөө мейманга чакырса, ага жакшы дуба кылып, «мен орозомун» дейт. Эгер оозу ачык болсо – барат[1].

✸ Кадыр түнү жылдын эң абзел түнү. Ал Рамазан айынын акыркы он күндүгүндө деп белгиленген. Көпчүлүк риваяттар боюнча жыйырма жетинчи түн деп айтылат. Ал түндөгү амал-ибадаттар миң айдыкынан да абзел. Кадыр түндүн белгилери: эрте менен күн адаттагыдан азыраак нур чачып агарып чыгат. Аба ырайы бейпил, тынч, орточо болот. Көбүнчө мусулмадар муну байкабай калышат. Ошондуктан, алар Рамазанда көп ибадат кылып калуулары, айрыкча акыркы он күндүктө эч бир түндү кыямсыз[2] өткөрүп жтбербөөгө тырышуулары кажет. Эгер жамаат менен таравех намазын окуса, кыямдын сообу жазылышы үчүн имамдан мурун кетип калбашы керек.

✸ Нафил орозо кармаган адам аягына чыгышы сүннөт, важып эмес. Эгер ачса да зыяны жок. Казаасын кармабайт.

✸ Ээтикаф. Бул акылдуу (жинди эмес) мусулмандын мечиттен чыкпай иьадат кылуусу. Ээтикафтын шарттары: 1) мусулман жүнүп[3] абалында болбош керек. 2) өтө зарыл иш болмоюнча мечиттен чыкпашы кркек. Зарыл иштерге тамактануу, ажатка баруу, важып болгондо кусул кылуу сыяктуу нерселер кирет. зарылдыксыз мечиттен чыгуу жана аялы менен жыныстык байланыш себептүү ээтикаф бузулат. Ээтикафтын сүннөттөрү: 1) жалаң ибадат менен машгул болот. 2) талашып-тартышпайт. 3) пайдасыз сөздөрдөн тыйылат. Ээткаф ар кайсы убакта сүннөт. айрыкча Рамазанда. Рамазандын акыркы он күндүгүндөгүсү эң абзели. Ээтикафтын эң азы бир саат. Бир рече-күндүздөн азайтпоо мустахаб. Аялдар эринен уруксат алмайынча ээтикаф отурушпайт.

---

тастыкталды»

[1] Орозо маалында дагы оозу ачык жїрїшї мїмкїн болгон адамдардын тизмеси жогоруда берилди

[2] Кыям – тїндєсї туруп, ибадат менен машгул болуу

[3] Жїнїп – бел суусу аккандагы абалы

# Хаж жана Умра

**Мусулман адам** өмүр ичинде бир ирет Хаж жана Умра ибадаттарын аткаруусу парыз. Шарттары: **1)** Адамдын мусулман болуусу. **2)** Акылдуу (жинди эмес) болуусу. **3)** Эрезе. **4)** Азат (кул эмес) болуусу. **5)** Кудурет. Мунун мааниси мусулмандын Макка шаарынын жол киресине жеткидей акча каражаты же улоосу болушу керек. Аялдар үчүн буларга кошумча дагы бир **(6-)** шарт: махрамы менен баруусу. Эгер махрамы жок барса деле ажылыгы эсепке өтөт, бирок, күнөөлүү болот. Ким бул эки парызды кечендетип жүрүп өлүп калса, анын мүлкүнөн хаж жана умранын каражаты алынат[1]. Каапырдын жиндинин ажылыгы эсеп эмес. Жаш бала менен кулдар хаж кылса болот, бирок муну менен парызынан кутулбайт. Бала эрезеге жеткенде, кул азат болгондо башкадан жасап, милдетинен кутулат. Кембагал адамдар карыз алып же башка ыңгайын таап хаж кылса – эсеп.Ал эми, бирнүн атынан хаж кылган адам эгер өзү хаж кылбаган болсо, анын өзүнө жазылат.

**Эхрам[2].** Эхрамга кирүүнү каалагандар оболу кусул кылышат, тырмактарын алышат, жыпар-жытуу нерселерден себинишет жана жашыруун жерлерин тазалашат. Анан «изар» жана «рида» деген эки бөлөк ак матаага оронушат дагы ниеттерине карап «Аллахумма умратан» же «Аллахумма хажжан» же «Аллахумма хажжан ва умратан» деп айтышат. Эгер Маккага жетип барууда жолдо бир коркунуч болсо, «Эй, Аллахым! Эгер мени бир жерде бир нерсе кармап калса, ошол жер менин эхрамдан чыккан жерим!» деп ниет кылат. Аажылар төмөндөгү үч түрлүү хаждын бирин тандап жасашат: **1)** Таматтуь. Эгер аажы хаж (Шаввал, Зул-Каада, Зул-Хижжа) айларында «Аллахумма умратан» деп ниет кылып умрага эхрам байлап, оболу умра жасап, андан кийин умра эхрамынан (тахаллул кылып) чыгып, кайрадан хаж үчүн эхрамга кирсе, ушул таматтуь деп аталат. **2)** Ифрад. Эгер пенде «Аллахумма хажжан» деп, хаж ибадатынын өзүнө гана эхрам байласа ушул ибадаты ифрад болот. 3) Кираан. Мында пенде «Аллахумма хажжан ва умратан» деп экөөнө же умранын өзүнө ниет кылып эхрам байлап, бирок, умра тавафын жасабай туруп, ушул эхрамы менен хаж ибадатына киришип кетет. Пенде качан эхрамга кирип, унаасына минип, Макканын жолуна түшкөндө, мындай деп «лаббайка» айтат: *Лаббайкаллахумма, лаббайк! Лаббайка лаа шарийка лака лаббайк! Иннал хамда, ван ньимата, Лака вал мулк! Лаа шарийка лак!* Лаббайканы көп жана бийик добушта айтуу мустахаб. Аялдар добушун бийиктетпей айтышат.

**Эхрамды эмнелер** бузат?: **1)** чач алдыруу, **2)** тырмак алуу, **3)** эркектер үчүн тигиши бар кийим кийүү. Бирок, эгер «изаар» таппай калса, ордуна шалбар кийсе же кепиш (сланс) таппагандар маасы кийсе болот. Маасынын кончун кызыл ашыктан ылдый жагын гана калтырып, үстүн кыркып салуу керек. Мындай абалдарда фидья төлөнбөйт. **4)** эркектер башын жаппайт. **5)** кийимине

---

[1] Бул каражатты анын туугандары бир хаж кылган адамга берип, маркумдун атынан "хаж бадал" кылдыртат

[2] Ихрам – бул эки бөлік ак матаа. Желкеге жамынчусун "ридаа", ал эми, белден ылдый жагына оролчусун "изаар" деп аталат.

же денесине жыттуу нерсе сеппейт. **6)** ууга чыкпайт, олжо өлтүрбөйт. **7)** нике кыйылбайт. Никеленүү бул учурда арам бирок, фидья-төлөмү жок. 8) шахватын козгогон (дүүлүктүрүүчү) кылыктарды кылбайт. Мунун фидья-төлөмү бир кой союу же үч күн орозо кармоо же алтымыш кедейди тойдуруу. Ал эми, жыныстык кошулуу эгер биринчи тахаллулдан[1] мурун болсо, хаж ибадаты бузулат. Мындай абалда «хажым бузулду» деп таштап койбой, аягына чейин бүтүрүп, кийинки жылдары башкадан хаж кылып, бир төө союп, Макканын кембагалдарына таратып берет. Эгер жыныстык кошулуу биринчи тахаллулдан кийин болсо, анда хажы бузулбайт бирок, бир төө союушу важып болот. Ошондой эле жыныстык мамиле умраны дагы бузат. Мында күнөөлүү бир кой сойот жана кийин казасын (башкадан) жасайт. Жыныстык мамиледен башка «мамилелер» менен хаж дагы умра дагы бузулбайт. Айтылган бардык тыюуулар аялдарга да тиешелүү. Аялдардын эхрамынын эркектердикинен айырмасы, алардын кадимки кийимдери эхрам ордуна өтөт. Болгону, алар жамынчу жамынышпайт, ныкап[2] жана колкап тагышпайт.

**Фидья:** Эки түргө бөлүнөт: **1)** ыктыярдуу фидья: бул эхрам маалында чач алдырганда, атыр себингенде, тырмак алганда, башты жапканда же эркектер тигиши бар кийим кийип алганда төлөнөт. «Ыктыярдуу» деп аталганынын себеби, ушул калпыстыктарды жасаган адам үч күн орозо тутуу же алты кедейди тойдуруу (мында бир мискиндин акысы бир жарым килограмм тамак) же бир кой союудан бирин тандап алат. Ал эми, аң уулаган адамдын төлөмү өзү аткан олжо чоңдугундагы үй жаныбарларынан бирди сойот. Эгер таппаса анын баасын төлөйт. **2)** Тартиптүү фидья: бул тартип боюнча, таматтуь же каарин кылгандардын фидьясы бир кой, жыныстык катышу үчүн бир төө. Эгер муну таппаса, хаж күндөрүнүн эсебинен үч күн, үйүнө барганда жети күн, (бардыгы болуп он күн) орозо тутуп берет. Бардык төлөмдөр менен союштар Аль-Харамдын кембагалдарына таратылат.

**Маккага кирүү**: Аажы Аль-Харам мечитине кирип бараткanda шариятта көргөзүлгөн дуба-зикирлерди окуйт. Кийин, эгер таматтуьну ниет кылган болсо, умра тавафын баштайт. Ал эми ифрад же кираанды ниет кылган болсо, «таваафул кудум» кылат. Тавафты баштаардан мурда ридааны оң колтугунун астынан өткөрүп жамынуу менен оң желкесин ачып алат. Тавафты Хажарул асвадтын тушунан баштайт, мүмкүн болсо аны сылап, (колун) өбөт. Эгер жакындай албаса, анын тушуна келгенде алаканы менен ал тарапка ишаарат кылып, «бисмиллахи, Аллоху акбар!» дейт. Муну ар бир айланууда кайталайт. Айлануу жети ирет. Айланганда Кааба сол желке тарапта болот. Абалкы үч айланууда мүмкүн болушунча «рамла[3]» кылат. Калгандарында

---

[1] “Тахаллул” деп ихрамдан чыгууга айтылат. Ажы ибадатында эки тахаллул бар. Биринчиси чач алдыргандан кийин. Экинчиси (толук тахаллул) “тавафу ифаданын тавафы менен саьйын аткаргандан кийин.

[2] Ныкап – аялдар бетин жапчу кийим.

[3] Рамла – майда-майда кадам таштап, балбандар килемге чыккандай жїгїрїї

секин жүрөт. «Ар-Рукн ал Ямани[1]» деген бурчка жеткенде, мүмкүн болсо аны сылайт. Ушул эки бурчтун аралыгында ар сапар «Раббанаа аатинаа фид-дуня хасанатав-ва фил аахироти хасанатан, ва кинаа азаабан-наар» дубасын окуйт[2]. Айлануу аралыгында мындан башка каалаган дуба-тилектерин кыла берет. Жети тавафты бүткөндө, «Макааму Ибрахимдын» артына (эгер бул мүмкүн болбосо, мечиттин ар кайсы жерине) барып эки ирекет намаз окуйт. Намаздын биринчи ирекетине «кул йа», экинчи ирекетине «кул хуваллоху» сүрөлөрүн зам кылат. Кийин көп-көп Зам-зам суусунан ичет. Анан Хажарул асвадка кайра келип, мүмкүн болсо сылайт. Кийин Хажар менен Кааба эшигинин ортосунда туруп дуба кылат. Кийин Сафаага өтүп, үстүнө чыгат жана «абадаьу бимаа бадаьа-л-Лаауху бих[3]» деп, Кураандан ﴿إِنَّ ٱلصَّفَا وَٱلۡمَرۡوَةَ مِن شَعَآئِرِ ٱللَّهِۖ فَمَنۡ حَجَّ ٱلۡبَيۡتَ أَوِ ٱعۡتَمَرَ فَلَا جُنَاحَ عَلَيۡهِ أَن يَطَّوَّفَ بِهِمَاۚ وَمَن تَطَوَّعَ خَيۡرٗا فَإِنَّ ٱللَّهَ شَاكِرٌ عَلِيمٌ﴾ «Иннас-Сафаа вал Марва мин шаьааириллаах. Фа манн хажжал Байта ав еьтамара фа лаа жунааха алайхи ай-йаттаввафа бихима. Ва манн татавваьа хойрон, фа инналлаауха Шаакирун, Алийм» аятын окуйт[4]. Кийин «Аллаху Акбар! Ла илааха иллаллах!» келмесин кайталап, кыбылага карап, колун көтөрүп дуба кылат. Кийин Марва тарапка саьй кылууну баштайт[5]. Эки жашыл белги аралыгында катуу жүгүрөт. Марвага жетип келгенде, Сафаадагы дубаларды кайталайт. Кийин Сафаага кайтат. Ар сапар эки жашыл белга арасында жүгүрөт. Акыркы жүгүрүүнү Сафаадан баштап, Марвада бүтүрөт. Саьй жети шавттан турат. Сафаадан Марвага чейин бир шавт, кайтканы бир шавтка эсептелет. Кийин чачын кыскартат же алдырат. Алдырган абзел. Бирок, таматтуь умрасын жасагандар кыскартышы керек, анткени, кийин хажда дагы чач алдыруу амалы бар. Таматтуь кылгандар ушундан кийин эхрамдан чыга беришет[6]. Бирок, ифрад менен киран кылгандар таваафул кудумдан кийин тээ айт күнү «Акаба» ташын атып, хаж амалдарын бүтүргөнгө чейин эхрамдан чыгышпайт. Аялдардын тавафы менен саьйы дагы эркектердикиндей. Айырмасы: алар «рамла» кылышпайт жана эки жашыл белги арасында жүгүрүшпөйт.

Хаж кылуунун эрежеси: Тарвия (Зул-Хижжа айынын сегизи) болгондо, эгер эхрамдан чыккан болсо, ошол турган жеринен (Маккадан) эхрамга кирет жана Минаага өрөөнүнө барат. Ал жерде түнөгөндөн кийин, тогузунчу күндүн шашке

---

[1] Хажарул Асвад турган бурчтан мурунку бурч

[2] Мааниси: «Эй Раббим! Бизге ушул дїйнєдє жана акыретте жакшылык берип, тозок азабынан сакта!»

[3] Мааниси: «Аллах баштагандан баштаймын». Себеби, Аллах Таала ушуга байланыштуу аятты «Иннас-Сафаа» деп Сафаадан баштаган. Демек, аажы дагы сафаа-марва аралыгындагы жїрїїнї Сафаадан баштайт.

[4] Мааниси: «Чынында, Сафаа менен Марва Аллахтын (ибадат) белгилеринен. Ким Байт(уллах)ка хаж же умра кылса, ушул экєєнї таваф кылуусунда кїнєє жок. Ким ашыкча (нафил) ибадат кылса (єзїнє) жакшы. Аллах – Шїкїр кылуучу, Билїїчї!»

[5] Сафаа-Марва арасындагы жїрїї шариятта «саьй» деп аталат.

[6] Анткени, хаж їчїн башкадан эхрам байлашат.

маалында Арафатка жөнөйт. Арафаттын бардык жери «мавкиф» (турууга болот) бир гана «Урна» өрөөнү мавкифтен эсептелбейт. Арафатка күн тикеден оогон маалга чейин жетип, Бешим менен Асир намаздарын кошуп жана касыр кылып окуйт, көп-көп зикир-дубалар, тооба-ибадаттар менен машгул болот. Айрыкча «ла илааха иллаллаху вахдаху, ла шарийка лаху, лахул мулку, ва лахул хамду ва хува алаа кули шайьин Кадийр» дубасын көбөйтөт. Күн батканда шашылбай, салабаттуулук менен басып, лаббайка айтып, зикир-дубалар кылып Муздалифа өрөөнүнө түшүлөт. Ал жерде Шам менен Куптан намазын кошуп, касыр кылып окулат. Кийин ошол жерде түнөп калат. Анан Багымдатка туруп, аны эң абалкы маалында окуйт жана таң толук агарганга чейин дуба кылып турат. Кийин күн чыгайын дегенде Минаа тарапка жол тартат. Жолдо «Мухассир» деген өрөөн бар. Ал жерден мүмкүн болушунча тез өтүүгө аракет кылат[1]. Минаага келээр замат «Акаба» деп аталган (Маккага эң жакын, чоң) таш атчу жерге барып, жети таш атат. Таштар койдун кумалагынан чоң болбоого тийиш. Ар бир ташты атканда «Аллаху Акбар!» деп такбир айтат. Таш атканда колду бийик көтөрүп, атайын жасалган чуңкурга түшүрө атыш керек. Таш эгер чуңкур ортосундагы дубалга тийбесе да, чуңкурга түшүүсү кажет. «Акаба» ташын атып баштаганда эле талбия айтуу токтотулат. Кийин курмандыктар союлат, андан кийин чач алдыруу же кыскартуу амалы жасалат. Алдырган абзел. Таш атып, чач алдыргандан кийин эхрамдан чыгат жана ага жыныстык катнаштан башка бардык тыюу салынган нерселер мүмкүн болот. Мунун «биринчи тахаллул» деп аталат. Кийин Маккага түшүп, «Ифаада» тавафын жасайт. Бул таваф – важып. Ушуну менен хаж амалы бүтөт. Эгер пенде таматтуьну ниет кылган же кудум тавафында сайь кылбаган болсо, Сафаа-Марвага өтүп сайь кылат. Мына ушалардан кийин ал толугу менен эхрамдан чыгып, ага бардык нерселер (аялы менен жыныстык жакындык дагы) мүмкүн болот. Бул «экинчи тахаллул» деп аталат. Кийин Минаага түнөгөнү кайтып барат. Бул түнөк – важып. 11-Зул-Хижжа күнү (завалдан) күн оогондон кийин ар бир жамаратка[2] жети даанадан таш атат. Таш атууну биринчи (кичине) жамараттан баштайт. Кийин бир аз (кыбыла тарапка) чыгып дуба кылат. Кийин ортончуга келип, таштарын атып, дуба кылат. Кийин чоң – «Акаба» жамрасына келип, ташын атат бирок, бул жерде дуба үчүн токтобойт. 12-күнү дагы ушул абалда таш атат. Эгер кетүүгө шашылса, күн батканга чейин Минаадан чыгып кетүүгө үлгүрүш керек. Эгер үлгүрбөсө жатып калууга жана эртеси дагы таш атууга туура келет. Бирок, күн батканга чейин жолго чыгып, тыгын себептүү Шамдан кийинге калса зыяны жок. Киран кылган адамдын аажысы ифрадга окшойт. Бир гана айырмасы киранда таматтуьдагы сыяктуу кой союлат. Маккадан чыгып кетүүнү каалагандар «коштошуу (видаа)» тавафын кылмайынча чыгышпайт. Хайз же

[1] Анткени, ал єрєєндє Аллах Таала Абраха менен анын аскерлерин кордоочу азап менен кырып жиберген

[2] «Жамарат» деп аталган жерде «Чоў», «орточо» жана «кичине» деп аталган їч таш атуучу орун бар

нифас болгон аялдар бул тавфты жасашпайт. Эгер адам кийин соода үчүн Маккага кайтып келсе, кетээрде кайрадан таваф кылат. Бул тавафты аткарбай чыккандар эгер көп узап кетпеген болсо, таваф үчүн кайтып келет. Эгер узуп кеткен болсо, мунун фидьясы – бир кой союу.

**Хаждын рукундөрү** төртөө: **1)** Эхрам. **2)** Арафатта туруу. **3)** Ифаада тавафы. **4)** Хаж үчүн сьй кылуу.

**Важыптары** жетөө: **1)** Мийкаттан эхрамга ктрүү. **2)** Арафатта кечке чейин туру. **3)** Муздалифада жарым түнгө чейин жатуу. **4)** Ташрик күндөрү Минаада түнөө. **5)** Жамарат таштарын атуу. **6)** Чач алдыруу же кыскартуу. **7)** Коштошуу тавафы.

**Умранын рукундөрү** үчөө: **1)** Эхрам. **2)** Умра тавафы. **3)** Умра үчүн таваф. **4)** Умра үчүн сьй. Важыптары экөө: **1)** Мийкаттан эхрам байлоо, **2)** чач алдыруу же кыскартуу.

Эгер бир адам рукундөрдөн бири аткарбаса, ибадаты эсепке өтпөйт. Важыпты жасабай койсо, кой союу менен ордуна түшөт. Сүннөттү аткарбай калтырса төлөө жок, ибадаты эсеп.

**Хаж менен Умра тавафы** төмөндөгү 13 шарты менен аткарганда гана туура болот: **1)** Ислам, **2)** акыл, **3)** ниет, **4)** тавафтын убактысы кириши, **5)** авретти жабуу, **6)** дааратту болуу (мунун жаш балдарга тиешеси жок) **7)** анык жети жолу айлануу **8)** Кааба сол капталында болуу. Мында ката кылса, кайрадан айланат. **9)** аркага кайтпоо, **10)** кудурети жеткендер өз буту менен айлануу, **11)** арасын үзбөй айлануу, **12)** Харам мечитинин ичинде болуу, **13)** Хажарул асавадтын тушунан баштоо.

**Тавафтын сүннөттөрү**: Хажарды сылоо, өбүү, анын тушунда такбир айтуу, Рукнул Яманийды сылоо, абалкы үч айланууда оң желкени ачуу, абалкы үч айланууда рамла кылуу, дуба-зикир кылуу, Байтка жакыныраак айлануу, Макаамы Ибрахимдин аркасында эки ирекет намаз окуу.

**Сьйдын шарттары** тогуз: **1)**ислам, **2)**акыл, **3)**ниет, **4)**үзбөй жасоо, **5)**кудурети жеткендер өз буту менен жүрүү, **6)** жети сьйды толук аткаруу, **7)** Сафаа-Марва аралыгын толук басуу, **8)** катасыз тавафтан кийин болуусу, **9)**Сафаадан Марвага жөнөгөндө так, Марвадан Сафаага жөнөгөндө жуп санак болуу.

**Сьйдын сүннөттөрү**: даараттуу болуу, аврет жабык болуу, зикир-дуба кылуу, өз ордунда тез, өз ордунда секин жүрүү, эки дөбөгө көтөрүлүү, тавафтын артынан дароо (арасын үзбөй) жасоо.

**Эскертүү:** Таштарды өз белгиленген күндөрүндө аткан абзел. Бирок, бүгүндүн ташын эртең атса же бардыгын кошуп акыркы ташрик күнү атса да эсепке өтө берет.

**Хаж амалдарынын арасындагы айырмалар жана алардын кыскача тартиби мына бул:**

| Ибадат: | Таматтуь | Киран | Ифрад |
|---|---|---|---|
| **Ихрам, талбиянын башталышы:** | «Лаббайка, умратан, мутаматтиан биха илал хажжан» | «Лаббайка, умратан, ва хажжан» | «Лаббайка, хажжан» |
| **Андан кийин:** | Умранын тавафы | | Тавафул кудум |
| **Андан кийин:** | Умра үчүн саьй | | Хаж үчүн саьй |
| **Андан кийин:** | Чач алдырып, эхрамдан толук чыгат | | Эхрамда калат |
| **8-күн. Бешимге чейин:** | Турган жеринен эхрамга кирип, Минаага кетет. | | Минаага кетет. |
| **9-күн. Күн чыккандан кийин:** | Арафатка жөнөйт. Ал жерде Бешим менен Асирди кошуп, касыр кылып, Бешимдин убактысында окуп, андан кийин кечке чейин дуба-зикир кылат. | | |
| **Күн баткандан кийин:** | Муздалифага барып, дароо Шам менен Куптанды кошуп, касыр кылып окуйт жана түнөп калат. Багымдатты эрте убагында окуп, таң ап-апак болуп агарганга чейин дуба кылат | | |
| **10-күн. (Курман айт) Багымдаттан кийин:** | Минаага түшүп, «Акаба» жамрасына таш атылат | | |
| | Курмандык сойот | Курмандык сойот | ---- |
| | Чач алдырат же кыскартат кийин «Ифаада» тавафын кылат. Ушул үчөөнөн (курмандык, чач алдыруу, ифаада) экисин аткаргандан кийин биринчи тахаллул кылып, эхрамдан чыгат, бардыгын кылса экинчи тахаллул кылып, эхрамдан толук чыгат. | | |
| | Хаж үчүн саьй кылат | ---- | ---- |
| **11-12-13-күндөр:** | Күн оогондон кийин Кичине, Орто анан Чоң (Акаба) жамараттарга таш атат | | |
| **Кайтаарда:** | Коштошуу тавафын жасайт. Хайз же нифастагы аялдар бул вазыйпадан азат болушат | | |

# Ар кандай маселелер

**Пенденин күнөөлөрү төмөнкү иштер менен жуулуп турат**: **1)** чыныгы тооба, **2)** истигфар (Аллахтан кечирим суроо) **3)** соол иштер, **4)** кайгы-кырсыктар менен сыналуу, **5)** саадака, **6)** башка адамдын ага бата берүүсү. Эгер анын мойнунда Аллах кечирбеген жана кечирбеген күнөөлөр калган болсо, алар себептүү мүрзөдө же кыямат (сурак) күнү же тозокто азапка салынат. Ошол азап менен тазалангандан кийин, эгер ыйман келмеси менен өлгөн болсо, бейишке чыгарылат. Ал эми, ширк жана башка каапырчылыгынан тооба кылбай өлгөндөр тозокто түбөлүк калышат.

Чоў-кичине күнөөлөрдөн адамдын жүрөгүнө, динине, ырыскысына, жеке жашоосуна, иштерине жана коомго жаман таасирлер тиет. 1) Жүрөөккө таасири: жалгыздыкка, наадандык-караңгылыкка, кордук жана ар кандай оорууларга себеп болот, Аллахка дубалары жетпей калат.[1] 2) Динге таасири: артынан өзүндөй күнөөлөрдүн туулушуна себеп болот, таат-ибадаттан тосот, пайгамбарыбыздын, периштелердин жана ыймандуу адамдардын дубаларынан кур жалак калат. 3) Ырыскыга таасири: ырыскынын кыркылышына, нээматтын кетишине, тапкан-туткан дүйнөсүнөн берекенин учушуна себеп болот. 4) Жеке жашоого таасири: өмүрдүн берекесин кетирет, тар, кайгылуу жашоого жана иштердин оорлошуусуна себеп болот. 5) Амалга таасири: амалдардын кабыл болуусуна токоол болот. 6) Коомго таасири: тынчтыкты кетирет, калба-тополоңго, диктатор өкүмдарлар менен душмандын бийлигинде калууга, кургакчылыкка, каатчылыкка ж.у.с. балээлерге себеп болот. Эсиңде болсун: Ибнул Жавзий айткан: «Эң жаман жаза – бул пенденин жазаны сезбей жашашы. Андан да жаманыраагы өзүнө жаза болуп келген нерсени кубаныч менен тосуп алуу, маселен, арам байлык же күнөө менен максатына жеткенинее сүйүнүү»

✹ **Кайгы-капалар**: Ар бир адам кайгы-капасыз, шат-курсант абалда, манилүү, ширин жашоону самайт. Буга жетишүүнүн диний, табигый жана амал-ишке байланыштуу бир нече себептери бар. Ал себептердин бардыгын ыймандуу адамдар гана чогулта алат. Алар төмөндөгүлөр: 1) Аллахка ыйман. 2) Аллахтын жана пайгамбарынын буйруктарын аткарып, кайтарган нерселеринен абайлоо. 3) Адамдарга ар кандай жакшы сөз жана иштер менен кайрымдуу болуу. 4) Диний же дүйнөлүк, акыретке жана коомго пайдалуу иштер, илимдер менен машгул болуу. 5) Өткөн жана келечек иштер менен баш оорута бербей, бүгүндүн маселелерин чечүү. 6) Аллахты көп эскерүү. 7)Аллах Тааланын билинген-билинбеген, көрүнгөн-көрүнбөгөн нээматтарын көп эскерүү, тилге алуу. 8) Дүйнө иштеринде өзүнөн төмөн даражадагы адамдарга карап жашоо. 9) Кайгы келтирүүчү себептерден качып, кубаныч келтирүүчү себептер менен машгул болуу. 10) Кайгы-капаны кетирїїнї сурап Аллахка дуба кылуу.

Эсиңде болсун: Ибрахим ал-Хаввас айткан экен: «Жүрөктүн беш дарысы бар: **алар:** Курааанды түшүнүү менен окуу, курсактын бош болушу, түнкү

---

[1] Дуба-тилек жїрєктїн иши

намаздар, таң атаар маалындагы Аллахка жалбаруу жана жакшы адамдар менен отуруу»

✹ Кимдин башына кайгы түшсө жана аны жеңилдетүүнү кааласа "мындан бетер болушу да мүмкүн эле, эми Аллах сабырыма соop жазса экен" деп көңүлүнөн өткөрсүн.

✹ **Нике:** Шахваты (каалоо-кумары) күчтүү бирок, зынаага түшүүдөн коркпогондор үчүн сүннөт, шахваты күчсүз адамдар үчүн мубах, шахваты кандайлыгына карабастан зынаага түшүп калуусунан корккондор үчүн важып. Мындай абалда үйлөнүү важыбы хаж важыбын биринчи планга коюлат[1]. **Арам болот:** аялдарга (эгер кары жашта болсо да), жаш, сулуу балдарга шахват-кумар менен кароо, намахрам аялдар менен жалгыз калуу, бир айбанга сук шахваты менен кароо. Нике төмөнкү шарттар аткарылганда гана эсепке өтөт: **1)** Жубай дайындоо. Эр жигитке анын аталыгы "мен сага кыздарымдан бирин никелеп беремин" дегени жарабайт. 2) Күйөө болумуштун ыразычылыгы, кыздын ыразычылыгы. Ал эми күйөө акылы толук, же эрезеге жеткен болбосо, кыз дагы ушул абалда жана азат болбосо, аларга жубайды валийси тандайт. **3)** Валий (башчы). Аялдарды валийси гана эрге бере алат. Өзүн-өзү эрге бере албайт. Бирок, аял валий тапкан эрди өзүнө тең көрбөсө, зордоп бере албайт. Аялга эң акылуу валий анын атасы, кийин чоң атасы, (атасынын атасы) кийин бабасы (чоң атасынын атасы) кийин баласы кийин небереси, кийин бир тууган ага-иниси, кийин аталаш ага-иниси, кийин агасынын баласы ж.б.у.с. **4)** Күбө: никеге эрезеге жеткен, акылдуу, адилеттүү эки мусулман эркектин күбөлүгү зарыл. **5)**үйлөнүүчүлөрдүн арасында тоскоолдуктардын жоктугу. Тоскоолдуктар деп, эмчектештик, махрам-тууганчылык, жана нике тууганчылыкка (мусаахара[2]) айтылат. **Үйлөнүү арам** (мүмкүн эмес) **болгон аялдар:** Алар эки түргө бөлүнөт: А) Түбөлүк мүмкүн эместер, Б) убактылуу мүмкүн эместер. Түбөлүк мүмкүн эместер төмөндөгүлөр: 1) Кандаштык себептүү. Буларга апасы, апанын апалары, атанын апалары, кызы, баласынын кызы, небересинин кызы.., бардык эже-сиңдилер, эже-сиңдилердин кыздары, эже-сиңдинин балдарынын кыздары, бардык ага-инилеринин кыздары, ушул кыздардын жана алардын уул-кыздарынын кыздары... апчелер (апасынын эже-сиңдилери) жана таежелер (агасынын эже-сиңдилери) кирет. 2) Эмчектештик себептүү арам болгондор. Булар тууганчылыгы болбосо да бир эненин эмчегин эмгендер. Мунун арамдыгы кандаш туугандардын арамдыгы сыяктуу. Мусаахара (кудалашуу) себептүү арам болгондор: алар кайненеси, чоң кайненелери, чоң аталарынын аялдары жана канча терең кетсе да аялынын (ээрчитип келген) кыздары. Ал эми, никеси убактылуу арам

---

[1] Б.а. бир бай адам эгер аталган сыпаттагы бойдок баласы болсо хажга баруудан илгери баласын үйлөгөнү абзел.

[2] Бул сөздүн түшүнүгү этегираакта келет.

болгондор дагы эки түргө бөлүнөт: 1) Эже-сиңдини кошоктоп үйлөнүү[1]. Ошондой эле аялынын үстүнө анын апчелерин же таежелерин алабайт. 2) Башкалардын никесиндеги аялдарга үйлөнүү. Бул дагы убактылуу арам. Эгер алар эринен талак алып, идда отурса үйлөнө берет. أ :Эсиңде болсун: үйлөнүүчүнүн (же турмушка чыгуучунун) ата-энеси аны каалабаган адамына зордук менен үйлөнтө албайт жана эгер ошондой болсо, ата-энесине моюн сунбай койюу важып. Ата-энеси ак кылам десе ак (күнөөлүү) болбойт. Аялына зарыл болгон тамак-аш, кийим-кече, турак-жай сыяктуу нерселер менен аны камсыздоо эрдин мойнунда милдет.

**Талак:** Эр аялын хайз же нифас маалында, ошондой эле, кошулган тазалык убактысында[2] талак кылуусу арам. Бирок, эгер талак берсе – түшөт. Себепсиз талак берүү – макүрөө, себеби менен талак кылуу – мубах. Ал эми, никеден зыян тарткан адам үчүн талак (ажырушуу) сүннөт. Талак маселесин ар ким өзү чечет. Эгер ата-эне «аялыңды талак кыл» десе аларга моюн сунуу важып эмес. Талак кылууну каалаган адам үчүн бир талактан көп берүү арам. Азыр эле айткандай, талакты жыныстык мамиле кылбаган тазалык учурунда гана берүү важып.

Бир талак бергенден кийин, аял эринин үйүнөн кетпей, идда кармап, идда мөөнөтү түгөнгүчө отурат. Идда бүтмөйүн чыгып кетүүсү же эринин чыгарып жиберүүсү арам. Талакта ниет шарт эмес, ниетсиз айса да түшөт.

**Анттар:** Мусулман пенде төмөндөгү төрт шартта ичкен антына каффаарат төлөйт: 1) Антты жүрөгүнөн ниет кылганда. Анткени, жүрөк бейкапар туруп, оозунда эле “Аллахка ант”, “Кудай урсун” дей берсе, муну “лагув” (бекерчи сөз) деп аталат жана каффаарат төлөнбөйт[3]. 2) Келечектеги жана мүмкүн (реалдуу) нерсеге ант ичсе. Анткени, өткөндөгү, өзү билбеген нерсеге же өзүнүн оюнда эле туура деп эсептеген нерсеге же билип туруп жалгандан ичкен анты[4] байланган (жүрөккө түйүлгөн) деп эсептелбейт. Же келечектеги, өзү туура деп эсептеген нерсеге ант ичип, бирок, ал нерсенин тескериси болсо, мында дагы каффаарат төлөбөйт. 3) Ант ичкен адам ыктыярдуу (бирөө тарабынан зордолбогон болсо. 4) Антын бузса. Б.а. «кылбайм!» деп ичкен антынын тескерисин жасаса же «антип жиберем, минтип жиберем!» деп ант ичип, жасабай койсо. Бирок, антты «эгерде» деген сөз менен бир нерсеге байланыштырып ичсе эки шарт менен каффарат төлөбөйт: 1) «эгердеси» антка түздөн-түз байланыштуу болсо. 2) «эгерде» деген сөзү анттын тастыктоочу бөлүгү болсо. Маселен: «Эгер Аллах кааласа, Аллахка ант!» деген сыяктуу. Ал эми, ким бир нерсеге ант ичип, кийин ошол нерсенин тескериси акыйкат эканин билип калса, антынан кайтып, ошол (акыйкат) нерсени жасашы жана анты үчүн каффаарат төлөшү сүннөт.

---

[1] Эжесин алса, їстїнє балдызын алалбайт. Эжесинен ажыраганда гана їйлєнє алат же мунун тескерисинче болушу мїмкїн

[2] Бир ирет хайз кєрїп, таза болгондо, кошулбай туруп талак берет

[3] Кїнєє дагы болбойт.

[4] Бул ант “гамуус” деп аталат жана чоў кїнєєлєрдїн катарына кирет

**Анттын каффаараты:** Он кедейди кийинтүү же тойдуруу (Ар бирине бир жарым килограмм өлчөмүндө тамак жедирсе тойдурган болот) же болбосо, кул азаткылуу. Ким буларга кудурети жетпесе, үч күн үзгүлтүксүз орозо тутат. **Ал эми,** каффаатарка кудурети жетип туруп орозо кармаса, муну менен милдетинен кутулбайт. (Антты бузууга ниет кылгандан кийин) анын каффаатаратын антты бузганга чейин төлөсө да, бузгандан кийин төлөсө да болот. Ким бир гана ишке бир нече ирет ант ичсе да ошол иш үчүн гана (бир ирет) каффаарат төлөйт. Эгер көп ишке ант ичсе, ар бирине бирден төлөйт.

**Назир[1].** Түрлөрү: **1)** Мутлак (жалпы) назир. Маселен, бир адам "эгер айыгып кетсем, Аллахка назирим (атаганым) бар" деп, унчукпай (эмне атаганын анык айтпай) койсо, айыккандан кийин анттын каффааратындай төлөө төлөйт. **2)** Ачуу үстүндө айтылган назир. Бул ачуусу менен бир нерсени жасабоого назир кылуу. Маселен: "эгер сага сүйлөсөм, Аллах үчүн бир жыл орозо кармап берем!" деген сыяктуу. Мунун өкүмү ал адам кааласа назирин аткарат, кааласа кайтып,ал адамга сүйлөгөндө каффаарат төлөйт – ыктыяры. **3)** Мубах назир. Маселен "мен Аллах үчүн ушул кийимимди киемин" деген сыяктуу. Мында кааласа киет, кааласа кийбей анттын каффааратын төлөйт. **4)**Макүрөө назир. "Аллах үчүн аялымды талак кыламын!" деген сыяктуу. Өкүмү: мындай назирди аткарбай, каффаарат төлөө – сүннөт. Эгер назирин аткарса, каффаарат төлөбөйт. **5)** Күнөө назир. "Мен Аллах үчүн уурулук кыламын" деген сыяктуу. Бул назирди аткаруу арам. Анын ордуна анттын каффааратын төлөйт. Эгер аткарса күнөөлүү болот, каффаарат төлөбөйт. Таат-ибадат назири. Аллахка жакын болуу ниетинде "мен Аллах үчүн төкөнчө ирекет намаз окуймун!" деген сыяктуу. Эгер мында "эгер айыксам" дегенге окшош нерсени шарт кылса, жана шыпаа тапса айтканын аткарышы важып. Эгер эч нерсени шарт кылбаса да убада кылган намазын окуп берет.

**Эмчектештик.** Кандаш туугандарга карата арам болгон нерселер эмчектештерге карата дагы арам. Адам адамга үч шарттан улам эмчектеш болуп саналат: 1) Эмген сүт төрөттүн гана сүтү болсо. 2) Баланы сүттөн чыга элек (эки жаштан өтө элек) убакытта эмизсе. 3) Баланы анык беш ирет же андан көбүрөөк эмизген болсо. Бул жерде "эмизүүнүн" мааниси, бала тойбосо дагы, оозун эмчектен алганга чейин эмүү. Эмчектештик эч кимдин мойнуна эмчектеш тууганына камкордукту же мурас алуу-берүүнү милдет кылып жүктөбөйт.

**Осуят:** Мойнунда бирөөнүн айтылбаган акысы бар пенде өлгөнгө чейин аны өз ээсине берүүнү осуят кылат. Осуят көп мүлк калтырган адамга сүннөт. Ал дөөлөтүнүн бештен бир бөлүгүн мураскер болбогон, кембагал туугандарына, эгер алардын арасында кедейлер жок болсо, башка бир мискиге же аалымга же жакшы адамга берүүнү осуят кылса – бул мустахаб. (Ушул сыяктуу) осуят өзүнүн (муктаж) мураскерлери бар кембагал үчүн

[1] Бул дагы ант сыяктанган нерсе, бирок, ант эмес. Кыргызчада "аталган нерсе", "көңүлдөн чыгарылган нерсе" же "убада кылынган нерсе" деген маанилерге дал келет.

макүрөө. Эгер мураскерлери бай болсо, анда мубах. Мүлктүн үчтөн бир бөлүгүнөн көбүн жат адамга осуят кылуу арам. Эгерде, ал өлгөндөн кийин мураскерлери нараазы болчу болсо, (жат адамга) аз ганасын осят кылуу дагы арам. Осуят кылуучунун "мен кайттым", "бекер кылдым", "өзгөрттүм" деген сыяктуу сөздөрү менен осуят өз күчүн жоготот. Осуят жазууну каалаган адам мына бул сөздөр менен баштоосу мустахаб: **"Бисмиллахир-Рахмаанир-Рахийм. Бул паланча уулу түкүнчөнүн осуяты. Мен "жеке Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, анын эч бир шериги жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси экенине, бейиш-тозок чындык экенине, кыямат шексиз келүүчү экенине жана Аллах кабырлардагы өлүктөрдү экинчи ирет кайра тирилтээрине күбөлүк берип (ыйман менен) жашадым. Эми, осуятым бул: эй, аркамда калуучу үй-бүлөм! Аллахтан корккула жана араңарды ондоп (урушпай-талашпай) жашагыла! Эгер "ыймандуумун" десеңер, Аллах менен Анын пайгамбарына моюн сунгула! Мен силерге Ибрахим жана Яькуб алейхи саламдар балдарына осуят кылганы сыяктуу "эй, балдарым! Чынында, Аллах силерге (туура динди) берди. Эми, мусулман болгон абалда гана ааламдан өткүлө!" деп осуят кыламын"**

✹ **Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламга** салават айтылганда саламын дагы кошуп ("саллаллаху алайхи ва саллам" же "алайхис солату вас салам" деп) айтуу мустахаб[1]. Пайгамбарлардан башкаларга салават айтылбайт. Маселен: "Абу Бакр саллаллоху алайхи ва саллам" же "алейхи салам" деп айтылбайт. Бул – макүрөө. Бирок, аларды пайгамбарларга кошуп: "эй, Аллахым! Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, сахаабаларына салават саламдарыңды насип кылгайсың!" десе болот. Сахаабаларга, табеиндерге жана алардан кийинки улук аалымдар, жакшы адамдардын бардыгына карата "Аллах алардан ыразы болсун!", *(разияллоху анхум)* "Аллах аларга ырайымын төксүн" *(рахимахумуллох)* деп айтуу мустахаб.

✹ **Союш:** Айбандарды союу алардын этин жеш важып. Мындай союш үчүн айбандарда төмөнкү шарттар табылышы керек: **1)** эти мубах (адал) болушу, **2)**союшка ал жете турган болушу, **3)** куруктукта жашаган болушу. Ал эми, союш үчүн төмөнкү шарттар болушу кажет: **1)** союучу акылду (жинди эмес) болушу, **2)** сойо турган аспап тиш же тырмактан башка нерсе болушу, **3)**алкым, кекиртек жана эки канн тамыр же экөөнөн бири кесилиши, **4)** союу убактысында "бисмиллах" деп айтуу. Муну унуткандан улам айтпаса эч нерсе болбойт. Арабчадан башка тилде да айтса жарайт. "Бисмиллахка" такбирди кошуп "бисмиллахи Аллоху акбар" деш сүннөт.

✹ **Аң уулоо:** Кандай айбандарды уулоо мүмкүн: **1)** эт адал болсо, **2)**жапайы болсо, **3)** кармоого мүмкүн болбосо. Андын өкүмү: максат кылган адамга мубах, көңүл ачуу үчүн макүрөө. Андын артынан барып, адамдарга зыян

---

[1] Салаватын же саламын калтырып "пайгамбар алейхи салам" же "пайгамбар салаватуллаху алайхи" деп айтылбайт

жеткирүү арам. Шарият боюнча төмөнкү төрт шартта гана аң уулоо мүмкүн: **1)** уучуда союш үчүн талап кылынган шарттар табылышы, **2)** уу аспабы союшка жараган (өткүр) аспаптардан болушу. Эгер ит, ителги, бүркүт сыяктуу жырткычтар менен ууга чыгылса, алар үйрөтүлгөн болушу, **3)** уучу кушту же итти уу максатында гана салышы. Эгер ээсинин мындай максаты болбосо тутулган нерсенин этин жеш арам. **4)** Агытканда "бисмиллахты" айтуу. Эгер адашып айтпай калса дагы аң арам болуп калат.

**Эскертүү:** үй айбандарынын ээлерине аларды жем-суусуна камкордук кылышы важып. Эгер баш тартса, (исламдык бийлик) тарабынан мажбур кылынат. Эгер дагы эле баш тартса же багалбай калган болсо, сатууга, бирөөгө ижарага берүүгө же союуга милдеттендирилет, эгер эти адал айбан болсо. Ошондой эле, мусулман пендеге кол астындагы айбанды каргапшилеши, оор жүк артышы, баласына калтырбай, кактап саап алышы, бетибашына урушу жан бетине тилип белги коюусу арам.

**Тамак.** Адам баласы жеп-иче турган бардык нерселер «тамак» деп аталат. Тамактагы негиз – бул адалдык. Ар бир тамак төмөндөгү үч шарт табылганда адал болуп эсептелинет: 1) таза-пакиза болсо, 2) зыяны жок болсо, 3) ыпылас (жийиркеничтүү) болбосо. Ал эми, кан, тарп (өлүмтүк) сыяктуу нажас (ыпылас) тамактар, уу сыяктуу зыяндуу тамактар жана акылет, сийдик, бит, бүргө сыяктуу жийиркеничтүү нерселер – арам. Кургакта жашаган айбандардын арасынан эшек жана арстан, кабылан, карышкыр, ит, доңуз, маймыл, мышык, түлкү, тыйын чычкан сыяктуу олжосун тиш-тырмагы менен тытып жеген айбандар арам. Канаттуулардын арасынан карчыгай, ителги, үкү, ылаачын сыяктуу тырмагы менен олжо кармагандары жана бүркүт, кузгун, илек-илек сыяктуу тарп (өлүмтүк) жегендери – арам. Арам тамактардын катарына дагы шаарда жашаган арабтар жийиркенген жарганат, чычкан, аары, чымын, көпөлөк, үпсасык, жылан, кирпичечен, курт-кумурска, келемиш, осурак коңуз, кескелдирик сыяктуулар кирет. Ошондой эле, Шарият өлтүрүүгө буюрган чаян же болбосо өлтүрүүдөн кайтарган кумурска сыяктуулар, эти адал айбан менен эти арам карышкыр сыяктуу айбанды аргындаштыруудан туулган айбандын эти арам тамактардын эсебине кирет. Эти адал болгон эки айбандын аргындашуусунан туулган айбан (маселен, ат менен зебрадан туулган качыр) арам эмес. Ушул айтылгандардан башка ат, төө сыяктуу үй жаныбарлары, жираф, койон, кийик-элик сыяктуулар, ошондой эле, төө куш, жапайы тоок, тавус, тотукуш, көгүчкөн, чымчыктын ар кандай түрү, өрдөк-каз, бардык суу куштары жана бардык суу жаныбарлары адал тамактардан саналат. Бирок, ташбака, жылан, тимсах (крокодил) арам. Ал эми, чыла, чалчык жана башка таза эмес нерселерди жеп-иче турган өрдөк сыяктууларды жесе болот, бирок, этинен нажасаттын жыты же даамы келсе – арам. Бул жерде жеш макүрөө болгон нерселер да бар. Алар: топурак, көмүр, ылай сыяктуу жер жыныстары жана сарымсак, пияз сыяктуу сасык жер жемиштери. Бирок, бул жемиштерди бышырып жеш макүрөө эмес. Эгер адам баласы ачкачылыктан өлөр даражага

келсе жана арам тамактардан башка жегилик таппаса анда, жанын сактап калчу даражада гана жеши важып болот.

Мечиттер: аларды муктаждыкка жараша куруу важып. Алар Аллах Таалага эң сүйкүмдүү орун. Анын ичинде ыр-бий, кол чабуу, музыка ойноо, арам ырларды ырдоо, эркек-аял аралашып жүрүү, жыныстык мамиле, соода кылуу арам. Мечитте соожа кылган адамга "соодаңа Аллах береке бербесин" деш сүннөт. Мечиттен жоголгон айбанын издөө дагы арам. Мындай адамга "Аллах жоготконуңду кайтарбасын" деш сүннөт. Бирок, анын ичинде балдарды окутуу, нике кыюу, сот-өкүм чыгаруу, мубах ырларды ырдоо, ээтикаф отургандар жана башкалардын укташы, меймандын түнөп калышы, оорулууну жаткыруу жана кайлула[1] уйкусун уктоо мубах.

Мечиттерди бейпайда, талаш сөздөрдү көп сүйлөөдөн, макүрөө нерсени сүйлөө менен добушун бийиктетүүдөн жана зарылдыксыз жол кылып алуудан сактоо сүннөт. Анда дүйнө иштерин көп сүйлөө, килемдерин, жайнамаздарын, чырактарын жана башка буюм-шаймандарын тойго же таазияга иштетүү макүрөө.

Адамдын же айбандын сүрөтү бар кийим кийүү же ушундай сүрөөттүү нерсени илүү, дубалга жабуу жана ушундай нерселер менен соода кылуу арам.

Зынаа ширктен кийинки орунда турган эң чоң күнөө. Имам Ахмад аткан: *"адам өлтүрүүдөн кийин зынаадан өткөн чоң күнөө бар экенин билбеймин"*. Зынаа ар түрдүү болот. Эң ыпылас зына бул эри бар аял менен, кошунасы менен, жакын тууганы менен зына кылуу. Бузукулуктардын эң ыпыласы бачабаздык. Ошондуктан көп уламалар бачабаздарды өлтүрүүгө өкүм кылышкан, эгер бул жолго үйлөнбөй кирген болсо да. Шамсуддин айтат: *"эгер имам (мусулмандардын башчысы) бачабаздарды күйдүрүп жиберүүнү чечсе күйдүрө берет. Бул өкүм Абу Бакр жана башка бир жамаат сахаабалардан риваят кылынган"*

Каапырларды майрамдары менен куттуктоо жана катышуу, аларга озунуп салам берүү арам. Эгер алар салам берсе, "ва алайка" деп жооп бериш важып. Аларга жана бидьатчыларга урмат көргөзүп ордунан туруу арам. Кол берип учурашүү макүрөө. Ал эми, аларга таазия билдирип, ооруганда көргөнү баруу, эгер шарияттык пайда көздөлбөсө, арам.

---

[1] Кайлула – багымдат намазынан кийин шашкеге чейин уктоо

# Шариятка ылайык рукыя

Аллах[1] Тааланын ааламдык жана адамдык даанышаман эрежелери жөнүндө пикир кылган адам бул дүйнөдөгү сыноолор жана балээлер Аллахтын ошол эрежелеринен бири экенин билип алат. Аллах Таала айткан: ﴿وَلَنَبْلُوَنَّكُم بِشَيْءٍ مِّنَ الْخَوْفِ وَالْجُوعِ وَنَقْصٍ مِّنَ الْأَمْوَالِ وَالْأَنفُسِ وَالثَّمَرَاتِ ۗ وَبَشِّرِ الصَّابِرِينَ﴾ ***«Биз силерди бир аз коркунуч, ачарчылык, мал-мүлктүн, бала-чаканын жана мөмө-жемиштердин каатчылыгы менен сынайбыз. Сабырдууларга*** *(бейишти)* ***сүйүнчүлө!»*** Демек, кимдир бирөө Аллах Тааланын салих пенделери балээ[2]-апааттан алыс болушат деп ойлосоката кылышат. Тескерисинче балээ – бул ыймандын далили. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдан «кайсы адам эң көп балээлерге (сыноолорго) жолугат?» деп сурашканда ***«Пайгамбарлар, андан кийин салих (таза ишеним-ибадаттуу) адамдар андан кийин адамдардын арасындагы ушуларга окшогондор. Адам динине жараша сыналат. Эгер udininde бекем-салабаттуу болсо, балээси да көп болот. Эгер udininde жеңилдик болсо, жеңил сыноолорго жолугат»*** **(Ибн Маажжа)**

**Дагы айтышыбыз мүмкүн:** Аллах Таала сүйгөн пенделерине сыноолорду жиберет. Мунун далили пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын мына бул сөзүндө: ***«Аллах Таала бир коомду сүйсө, аларды сынайт[3]»*** **(Ахмад)** Дагы балээлер Аллах Таала пендесине бир жакшылыкты каалаганынын белгиси болушу да мүмкүн. пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***«эгер Аллах Таала бир (күнөөкер) пендесине жакшылыкты кааласа, ага сыноо-жазаны ушул дүйнөдө тездештирет. Ал эми, кайсы пендесине (өзүнө жараша) жамандык болуусун кааласа, аны күнөөлөрү менен жөн койот жана качан кыямат келгенде, жазаларын толуктап берет»*** **(Термизий)** Дагы балээлердин аз ганасы да күнөөлөр үчүн каффаарат болот. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: ***«кайсы бир мусулман бир тикен же андан чоңураак нерсе менен мусыйбат тартса, Аллах ошол себептүү анын күнөөлөрүн, (күзүндө) дарактын жалбырактары күүлүп түшкөн сыяктуу, өчүрүп (түшүрүп) жиберет»*** **(Бухарий, Муслим)**. Демек, момун-мусулман адам эгер салих (таза ибадаттуу) болуп туруп балээге жолукса, бул анын өткөндөгү жасаган күнөөлөрү үчүн каффаарат, (Аллахтын алдындагы) даражасын көтөрүү болуп саналат. Эгер күнөөлүү болуп туруп балээге жолукса, бул ага каффаарат болуу менен бирге күнөөнүн зыяндуулугун эскертүү болот. Аллах Таала айткан: ﴿ظَهَرَ الْفَسَادُ فِي الْبَرِّ وَالْبَحْرِ بِمَا كَسَبَتْ أَيْدِي النَّاسِ﴾ ***«Адамдардын колдору жасаган (күнөө) иштер себептүү куруктукта жана деңизде (бардык жерде) жамандыктар пайдаа болду»*** **(30/41)**

**Сыноонун түрлөрү**: Сыноо эки түр болот: Жакшылык менен сыноо. Дөөлөт-байлык берүү сыяктуу. Жамандык менен сыноо. Коркунуч, ачарчылык, каатчылык сыяктуу. Аллах Таала айткан: ***«Биз силерди***

---

[1] Дем салуу
[2] «Балээ» деген сөздү араб тилинен котормосу «сыноо»
[3] **Балээлерди эки түргө бөлүү мүмкүн:** 1) Аллах Таалага сүйүктүү болгондорго сыноо үчүн келе турган балээ, 2) Аллахтын каар-казабына (ачуусуна) тийген адамдарды кырып жиберүү үчүн келе турган балээ

***азгырылаар бекен деп, жамандык жана жакшылык менен сынайбыз»*** **(21/35)**
Сыноонун ооруу, өлүм менен келе турган түрү дагы бар. Бул эки балээнин эң негизги себептеринен бири көралбастык себептүү жасала турган көз (сук) артуу жана сыйкыр кылуу. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: ***«Аллахтын өкүм-тагдырынан кийин, үммөтүмдүн өлүмүнө эң көп себеп болгон нерсе – бул көзүгүү»*** **(Таяласай)**
◈ **Көз тийгенден жана сыйкырдан сактануу:** Сактануу шыпаанын жакшы түрлөрүнөн бири. Биз буга көңүл бурушубуз зарыл. Сактанууну эң орчундуулары төмөндөгүлөр**:** ✸ Напсини таухид менен кубаттандыруу, аалам-жаратылыштын жеке-жалгыз башкаруучусу – Аллах деп ыйман келтирүү жана соок иштерди көп аткаруу. ✸ Аллах жөнүндө жакшы ойлоо жана Ага гана тобокел кылуу. Адам көзүккөндө же ооруганда муну белгилүү бир нерседен көрүп, ар кандай күмөндөргө бара бербеш керек. Анткени, күмөнсаноонун өзү ооруу. ✸ Эгер бир адамдын көзү менен «атышы» же сыйкырчылыгы белгилүү болсо, ал кишиден коркуу түрүндө эмес, этияттык түрүндө сактануу керек. ✸ Өзүнө жаккан ажайып нерселерге күбө болгондо, Аллахты эскерип, «бааракаллоху лак» (сага Аллах береке берсин) деген дубаны окуйт. Анткени, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам айткан: ***«Эгер силерден бирөөңөр өзүндө же малында же бурадарында өзүнө жакан нерсени көрсө (ага сук артпастан) «баараклоху лак» десин. Себеби, көз тийиши – бул акыйкат нерсе»*** **(Хааким риваяты)** ✸Көздөн сактануунун дагы бир себеби эрте менен пайгамбар саллаллоху алайхи ва салламдын шаары Мадина Мунаввараныз «ажуа» деп аталган курмаларынан жети дана жеп алуу. ✸ Аллах Таалага жалбаруу жана тобокел кылуу, Ага жакшы күмөндө болуу, көз жана сыйкырдан ар дайым Анын ысымы менен коргонуп жүрүү, зикир жана Аллахтан коргоо тилөө келмелерин ар күн, эртели-кеч айтып жүрүү. Бул зикирлердин таасири Аллахтын каалоосу менен (адамдын ишеним-абалына карап) көбөйүп жана азайып турат.
**Төмөндөгү эки абалда зикирлердин таасири көбөйөт: 1)** Аларда айтылгандар чындык жана Аллахтын каалоосу менен пайда берет деп ишенсе. **2)** Аларды тили айтып, кулагына куюлуп, жүрөгү сергек болсо. Анткени, ал зикирлер – дуба. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын кабар бериши боюнча бейкапар жүрөктөн чыккан дубалар кабыл болбойт.
◈ **Зикирлер менен коргоо тилөө дубаларынын убактысы:** Эрте мененки дубалар Багымдат намазынан кийин ал эми, кечки зикирлер Асыр намазынан кийин айтылууга тийиш. Эгер пенде бул белгилүү убакыттарда унутуп калса, качан эстегенде айтыла берет.
✸ **Көз тийген жана рухааний сыркоолордун белгилери:** Медицина шарияттыык дем салуу бири-бирине карама-каршы нерселер эмес. Кураани Карим рахааний сыркоолорго кандай шыпаа болсо, физиологиялык ооруулрга да ошондой эле шыпаа. Эгер фазаологосялык оорулардан таза адам көзүккөн болсо, анда төтмөндгү белгилерди көрүүгө болот: мигрень (баштын эки чекеси кезеги менен ооруйт), бети саргарат, көп тердейт, көп

заара кылат, аппетити булат, титирейт, ысытмасы ктрүлөт, тердейт, чыйрыгат, жүрөктүн согушу тездейт, арка-бел менен эки желкеде көчүп жүрө турган ооруну сезет, көкүрөгү кысылат, кайгырат, түн уйкусу качат, табигый эмес (себепсиз) коркуу жана ачуусу келгенден толкунданат, көп кекирет жана узун-узун дем алып калат. Ошондой эле, жалгыздыкты, жалкоолукту, көп уктаганды жактырып калат жана башка медициналык диогоноз коюу мүмкүн болбогон, түшүнүксүз абалдарга кабылат. Көз тийген адамда жабыркоонун даражасына карап мына ушул белгилер же алардын кээ бирлери көрүнөт.

**Мусулман адам** ыйманы жана жүргү күчтүү болушу, ар кандай азгырыктарга берилбеши, эгер өзүндө жогорудагы кээ бир белгилерди байкаса, «мен жабыркап калган турбаймынбы!» деп далбасага түшпөшү керек. Себеби, күмөнгө негизделшен далбасанын өзү шыпаасы кыйын болгон оорулардын катарына кирет. Анткени, аталган белгилер физиологиялык ооруу менен ооругандарда, ал эми кээ бир убакыттарда соп-соо адамдарда дагы күзөтүлүшү мүмкүн. Кээде адамдын ыйманынын алсыздыгы себептүү дагы анын жүрөк сыгылып, кайгы-капага батып калат. Мындай кезде пенде өзүнүн Аллахка болгон алакасын күчөтүшү керек.

**1) Эгер ооруу көзүгүү[1] себептүү болсо,** ал Аллахтын уруксаты менен төмөндөгү эки амал себептүү шыпаа табат: **1)** Эгер көз аткан адам белгилүү болсо, (эч тартынып-тайманбастан эле) ага «жуун» деп буюрулат жана ал жуунган суу менен жуунат. Дагы көзү тийген адамдын кешигин алып, ага суу аралаштырып ичсе да болот. **2)** Эгер көз аткан адам белгисиз болсо, рукыя, дубалар жана хижама (пайгамбарыбыз пайдаланган канн алдыруу ыкмасы) менен шыпаа табууга аракет жасалат.

**2) Ал эми, ооруунун себеби сыйкыр[2] болгон болсо,** Аллахтын каалоосу менен төмөндөгү ыкмалардан бири ага шыпаа болот: **1)** Сыйкыр ташталган жерди аныктап, сыйкырды (түйүндү) таап, чечип (жандырып), эки «кул аувзуну» окуп өзүнө дем салып, анан аны күйдүрүп жиберет. **2)** Шарияттык рукыя[3]. Мында Кураан аяттары, айрыкча эки «кул аувзу», «Бакара» сүрөсү жана башка атайын дубалар окулат. Эмнелер окулушу кийинирээкте кеңири баян кылынган. **3)** Сыйкырды жандыруу: мунун эки түрү бар: **А)** Арам. Бул

[1] Бир адам башка бирєєдє болгон нээматка жиндердин кїткїлєшї себептїї кызыкса, суктанса жана кызганса жана обьект болгон киши зикир, намаз жана башка ибадаттар менен сактанып жїрбєгєн болсо, Аллахтын уруксаты менен «атылган» адамга зыян тиет. Буга пайгамбарыбыздын «кєзїгїї - чындык» *(Бухарий)* жана «ага шайтан менен адам перзентинин сугу себеп болду» *(Ахмад)* деген сыяктуу хадистери далил болот. Бирок, бул зыян тїздєн-тїз кєздєн (назар салуудан) эмес. Себеби, кєзї сокур адамдардын деле сугу кирип, адам кєзїгїп калышы мїмїкїн. Зыянга Аллахтын уруксаты менен жанагы жиндер себеп болот.

[2] Сыйкыр деп дем салынган тїйїндєргє жана ар кандай шариятта жок дубалар, сєздєр менен амал кылууга айтылат. Сыйкыр обьекттын денесине, жїрєгїнє, акылына тїздєн-тїз таасир берет. Кээде сыйкырдын кїчїнєн адам лїшїш, ооруута чалдыгышы, аялы менен кошула албай калышы мїмкїн. ошондой эле эр-катынды ажыраштырууга багытталган сыйкырлар дагы бар жана таасир этет. Сыйкыр кээде ширк, каапырчылык, кээде ал даражага жетпей чоў кїнєє болуп эсептелет.

[3] Дем салуу

сыйкырды сыйкыр менен жандыруу, аны жандыруу үчүн дагы кайрадан сыйкырчыларга баруу[1]. **Б)** Мүмкүн: Мунун бир нече түрү бар. Маселен, «Сидр» (Лотус) дарагынан жети жалбырак алып, жанчып, ага 103-, 112, 113, 114- сүрөлөрдү окуп, анан суугa аралаштырып ичет жана ошол суу менен жуунат. Ушул амалды шыпаа тапканга чейин кайталай берет. Бул ыкманы Абдурразак «Мусаннаф» китебинде риваят кылган. **4)** Сыйкырды чыгаруу. Бул эгер курсакта болсо кусуу жана клизма кылуу менен, ал эми башка жерде болсо хижама кылуу менен чыгарылат.

✹ **Рукыя: мунун шарттары:** **1)** Курaан аяттары жана шарият уруксат берген дубалар менен болушу, **2)** араб тилинде окулушу. Эгер Курaандан башка дубалар болсо, өзү түшүнгөн башка тилде окуса да болот. **3)** Рукыя түздөн-түз эмес, Аллахтын уруксаты менен гана пайда берет деп ишенүү. Таасири күчтүү болушу үчүн Курaанды шыпаа жана хидаят[2] ниети менен окуш керек. Себеби, Курaан инсаният жана жиндер үчүн шыпаа жана хидаят болуш үчүн түшкөн. Ошондой эле, оорулууга кирип алган жинди өлтүрүү үчүн да окулбайт. Анткенде ал өчөшүп оорулууга жана окуган адамга зыян келтирип коюшу мүмкүн. Бирок, эч чыкпай, айла калбаганда аны өлтүрүү ниетинде окулушу да мүмкүн.

✹ Ким рукыя кыла алат? Мунун төм өнкүчө шарттары бар: **1)** мусулман, такыбалуу киши болушу. Окуган (рукыя кылган) адам канчалык деңгээлде такыба болсо, пайдасы (шыпаасы) ошончо тез, күчтүү болот. **2)** Рукыя маалында тили дагы, дили дагы Аллахтын зикиринде, калыс Өзүнүн ыразычылыгы үчүн болушу керек. Ошон үчүн инсан өзүнө-өзү дем салганы абзел[3] жана ар бир адам өзүнүн мактаждыгын өзү жакшы билет. Аллах Таала Өзүнө муктаж болуп жалбаргандардын дубасын кабыл алат.

✹ **Кимге дем салуу мүмкүн же оорулуудан талап кылынган нерселер:** Шарттары: 1) ыймандуу болушу. Рукыянын шыпаасы ооруган адамдын ыйманына жараша болот. Ал эми ыйман-ишеними болбогондорго бул пайда бербейт. Аллах тала айткан: ﴿ وَنُنَزِّلُ مِنَ ٱلْقُرْءَانِ مَا هُوَ شِفَآءٌ وَرَحْمَةٌ لِّلْمُؤْمِنِينَ وَلَا يَزِيدُ ٱلظَّٰلِمِينَ إِلَّا خَسَارًا ﴾ ***«Биз Курaанда ыймандууларга гана шыпаа жана ырайым болгон аяттарды түшүрдүк. ал эми, (ишенбеген) заалымдарды зыянын гана көбөйтөт»*** **(17/82)** 2) Аллахка ыкылас менен жүз бурган болушу. 3) «Качан пайдасын көрөмүн!?» деп шыпааны шашылтыра бербеши керек. Себеби, рукыя – бул дуба. Дубанын кабыл болушун шаштырып болбойт, кабыл болбой калышы мүмкүн. пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: «***Силердин араңардан «дуба кылдым эле, кабыл болбой жатат» дебеген адамдын гана дубасы кабыл болот***» **(Бухарий, Муслим)**

---

[1] Маселен, ысытма сыяктуу
[2] Хидаят – оорулуу адамды же анын ичиндеги жинди даават кылуу, Аллахтын туура жолуна багыттоо
[3] Кєўїлї башкага бєлїнбєйт

✺ **Рукыя окуунун бир нече түрү бар:** 1) бир аз шилекей аралаштырып («шүфф» деп) үйлөө. 2) үйлөбөй эле окуу. 3) бармагы менен шилекейинен алып, топуракка аралаштырып, ооруган жерге сүртүү. 4) ооруган жерди сылап окуу

✺ **Рукыя үчүн окула турган аяттар жана хадистер: 1)** «Фатиха» сүрөсү, **2)** Аят «ал Курсий», **3)** «Бакара» сүрөсүнүн акыркы эки аяты, **4)** «Каафирун» сүрөсү, **5)** «Ихлас» сүрөсү, **6)** «Фалак» сүрөсү, **7)** «Ан-Нас» сүрөсү.

✺ **Булардан башка жана төмөндөгү аяттар менен хадистер окулат.**

## Аяттардан:

﴿فَسَيَكْفِيكَهُمُ ٱللَّهُ ۚ وَهُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلْعَلِيمُ﴾[1]

﴿يَٰقَوْمَنَآ أَجِيبُوا۟ دَاعِىَ ٱللَّهِ وَءَامِنُوا۟ بِهِۦ يَغْفِرْ لَكُم مِّن ذُنُوبِكُمْ وَيُجِرْكُم مِّنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ﴾[2]

﴿وَنُنَزِّلُ مِنَ ٱلْقُرْءَانِ مَا هُوَ شِفَآءٌ وَرَحْمَةٌ لِّلْمُؤْمِنِينَ ۙ وَلَا يَزِيدُ ٱلظَّٰلِمِينَ إِلَّا خَسَارًا﴾[3]

﴿وَإِذَا مَرِضْتُ فَهُوَ يَشْفِينِ﴾[5] ﴿أَمْ يَحْسُدُونَ ٱلنَّاسَ عَلَىٰ مَآ ءَاتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِن فَضْلِهِۦ﴾[4]

﴿قُلْ هُوَ لِلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ هُدًى وَشِفَآءٌ﴾[7] ﴿وَيَشْفِ صُدُورَ قَوْمٍ مُّؤْمِنِينَ﴾[6]

﴿فَٱرْجِعِ ٱلْبَصَرَ هَلْ تَرَىٰ مِن فُطُورٍ﴾[9] ﴿لَوْ أَنزَلْنَا هَٰذَا ٱلْقُرْءَانَ عَلَىٰ جَبَلٍ لَّرَأَيْتَهُۥ خَٰشِعًا مُّتَصَدِّعًا مِّنْ خَشْيَةِ ٱللَّهِ﴾[8]

﴿وَإِن يَكَادُ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ لَيُزْلِقُونَكَ بِأَبْصَٰرِهِمْ لَمَّا سَمِعُوا۟ ٱلذِّكْرَ وَيَقُولُونَ إِنَّهُۥ لَمَجْنُونٌ﴾[10]

﴿وَأَوْحَيْنَآ إِلَىٰ مُوسَىٰٓ أَنْ أَلْقِ عَصَاكَ ۖ فَإِذَا هِىَ تَلْقَفُ مَا يَأْفِكُونَ ﴿١١٧﴾ فَوَقَعَ ٱلْحَقُّ وَبَطَلَ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ ﴿١١٨﴾ فَغُلِبُوا۟
هُنَالِكَ وَٱنقَلَبُوا۟ صَٰغِرِينَ﴾[11]

﴿قَالُوا۟ يَٰمُوسَىٰٓ إِمَّآ أَن تُلْقِىَ وَإِمَّآ أَن نَّكُونَ أَوَّلَ مَنْ أَلْقَىٰ ﴿٦٥﴾ قَالَ بَلْ أَلْقُوا۟ ۖ فَإِذَا حِبَالُهُمْ وَعِصِيُّهُمْ يُخَيَّلُ إِلَيْهِ مِن
سِحْرِهِمْ أَنَّهَا تَسْعَىٰ ﴿٦٦﴾ فَأَوْجَسَ فِى نَفْسِهِۦ خِيفَةً مُّوسَىٰ ﴿٦٧﴾ قُلْنَا لَا تَخَفْ إِنَّكَ أَنتَ ٱلْأَعْلَىٰ ﴿٦٨﴾ وَأَلْقِ مَا فِى
يَمِينِكَ تَلْقَفْ مَا صَنَعُوٓا۟ ۖ إِنَّمَا صَنَعُوا۟ كَيْدُ سَٰحِرٍ ۖ وَلَا يُفْلِحُ ٱلسَّاحِرُ حَيْثُ أَتَىٰ﴾[12]

---

[1] «Сага Аллах жетиштүү. Жана Ал Угуучу, Билүүчү» (Бакара-137)

[2] «Эй, коомубуз, Аллахтын дааватчысын уккула жана ага ыйман келтиргиле! Ошондо Аллах силерди кечирет жана жан ооруткан азаптан сактайт» (Ахкаф-31)

[3] «Биз Кураанда ыймандууларга гана шыпаа жана ырайым болгон аяттарды түшүрдүк. ал эми, (ишенбеген) заалымдарды зыянын гана көбөйтөт» (17:82)

[4] «Же алар Аллах Өз пазилетинен берген нерсе себептүү адамдарга көралбастык кылабы?» (4:54)

[5] «Эгер ооруп калсам, Ал (Аллах) шыпаа берет» (26:80)

[6] (9:14)

[7] «Айт, ал (Кураан) ыймандуу адамдарга хидаят жана шыпаа» (41:44)

[8] «Эгер Биз бул Курааңды тоого түшүргөнүбүздө, сен анын Аллахтан коркуп, талкаланып кеткенин көрөт элең» (59:21)

[9] «Дагы бир кайра карачы, (Аллах жараткан нерселерде) бир кемчилдик көрөөр бекенсиң?!» (67/3)

[10] Албетте, каапырлар эскерүүнү (Курааңды) укканда сени көздөрүү менен жыгыта жаздашат жана «бул – жинди» дешет» (68/51)

[11] (7:117-119)

[12] 65. «Эй, Муса (дешти сыйкычылар) же сен (биринчи колуңдагы таягыңды) ташта же болбосо, биз биринчи таштайлы» 66. (Муса) айтты: «Жок, силер таштагыла!» (Ташташты эле,) капыстан жиптери жана таяктары, алардын сыйкырынан улам ага (Мусага) аракеттенгендей көрүндү! 67. Муса ичинен бир сескенип алды. 68. Биз (ага): «Коркпогун сен (алардан) жогору(боло)суң. 69. колуңдагы нерсени (аса-таякты) ташта, алардын жасалмаларын жутуп жиберет. Алар жасаган нерселер сыйкырчынын гана көз бойоосу. Сыйкырчы деген кайда болбосун, максатка жетпейт» дедик» (20/65-69)

[1] ﴿ثُمَّ أَنزَلَ ٱللَّهُ سَكِينَتَهُۥ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَعَلَى ٱلْمُؤْمِنِينَ﴾

[2] ﴿فَأَنزَلَ ٱللَّهُ سَكِينَتَهُۥ عَلَيْهِ وَأَيَّدَهُۥ بِجُنُودٍ لَّمْ تَرَوْهَا﴾

[3] ﴿فَأَنزَلَ ٱللَّهُ سَكِينَتَهُۥ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَعَلَى ٱلْمُؤْمِنِينَ وَأَلْزَمَهُمْ كَلِمَةَ ٱلتَّقْوَىٰ﴾

[4] ﴿لَّقَدْ رَضِىَ ٱللَّهُ عَنِ ٱلْمُؤْمِنِينَ إِذْ يُبَايِعُونَكَ تَحْتَ ٱلشَّجَرَةِ فَعَلِمَ مَا فِى قُلُوبِهِمْ فَأَنزَلَ ٱلسَّكِينَةَ عَلَيْهِمْ وَأَثَٰبَهُمْ فَتْحًا قَرِيبًا﴾

[5] ﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَنزَلَ ٱلسَّكِينَةَ فِى قُلُوبِ ٱلْمُؤْمِنِينَ لِيَزْدَادُوٓا۟ إِيمَٰنًا مَّعَ إِيمَٰنِهِمْ﴾

## Хадистерден дубалар:

1. أَسْأَلُ اللهَ العَظِيْمَ رَبَّ العَرْشِ العَظِيْمِ أَنْ يَشْفِيَكَ "Асьалуллох ал Азийма, Роббал Аршил азийми ай йушфийка" (7ирет). [6]

2. أُعِيْذُكَ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَةِ مِنْ كُلِّ شَيْطَانٍ وَهَامَّةٍ وَمِنْ كُلِّ عَيْنٍ لامَّةٍ "Уъийзука би калиматиллахи-т-тааммати мин кулли шайтаанин ва хааматин ва мин кулли айнин лаамматин" [7]

3. اَللَّهُمَّ رَبَّ النَّاسِ أَذْهِبِ البَأْسِ وَاشْفِ أَنْتَ الشَّافِيْ لا شِفَاءَ إِلا شِفَاؤُكَ شِفَاءً لايُغَادِرُ سَقَما "Аллохумма Робан нааси, азхибил баъса, ишфи, Анташ Шаафий, ла шифааъа илла шифааука шифааъан ла югаадиру сақоман" [8]

4. اَللَّهُمَّ أَذْهِبْ عَنْهُ حَرَّهَا وَبَرْدَهَا وَوَصَبَهَا Аллохумма азхиб анху харроха ва бардаха ва васобаха" [9]

5. حَسْبِيَ اللهُ لا إِلَهَ إِلا هُوْ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ العَرْشِ العَظِيْمِ "Хасбияллоху ла илаха илла Хув. Алайхи таваккалту ва хува Роббул Аршил азийм!" [10]

6. بِسْمِ اللهِ أَرْقِيْكَ مِنْ كُلِّ دَاءٍ يُؤْذِيْكَ وَمِنْ شَرِّ كُلِّ نَفْسٍ أَوْ عَيْنٍ حَاسِدٍ، اللهُ يَشْفِيْكِ بِسْمِ اللهِ أَرْقِيْكَ "Бисмиллахи уркийка,мин кулли даъин юъзийка, ва мин шарри кулли нафсин ав ъайнин хаасидин, Аллоху юшфийка, бисмиллахи уркийка" [11]

---

[1] «Кийин Аллах Өзүнүн пайгамбарына жана ыймандууларга бейпилдик түшүрдү» (9/26)

[2] «Кийин Аллах ага Өзүнүн бейпилдигин түшүрдү жана силер көрбөгөгн аскерлер(и) менен кубаттады» (9/40)

[3] (48:26)

[4] «Дарактын түбүндө сага ант берген кезде, Аллах момундардан ыраазы болду. Алардын жүрөгүндөгү (изги) ниеттердин билди. Анан, аларга тынчтык-бейпилдик түшүрүп, аларды жакын жеңиш менен сыйлады» (48/18)

[5] (Аллах) ыймандарынын үстүнө ыйман кошу үчүн ыймандуулардын жүрөгүнө тынчтык-бейпилдик түшүрдү» *(48/4)*

[6] «Улуу Арштын Риббиси Улуу Аллахтан сага шыпаа сураймын» (7ирет)

[7] «Ар кандай шайтандан, жылан-чаяндардан жана ар кандай зыяндуу көздөн мен сага Аллахтын кемелдүү сөздөрү менен коргоо тилеймин!» (3 ирет)

[8] «Эй, Аллахым! Адамдардын Раббиси! Ушул оруну арылта көр! Шыпаа бер, Өзүң гана шыпаа берүүчүсүң! Сенин шыпааңдан башкасы бекер! Эч кандай сыркоону калтырбай турган шыпаа бер!» (3 ирет)

[9] «Эй, Аллахым! Андан (оорулуудан) ысытмасын, чыйрыгуусун жана кайгыларын кетир!» (1 ирет)

[10] «Мага Аллах жетиштүү! Бир Өзүнөн башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок! Өзүнө тобокел кылдым жана Ал Улуу Арштын Раббиси!» (7 ирет)

[11] «Ар кандай сук назардан, жаман адамдан жана сага зыян жеткирген сыркоодон мен сени Аллахтын ысымы менен окуймун. Аллах сага шыпаа берсин! Аллахтын ысымы менен окуймун!» (3 ирет)

7. Ооруган жерге колун коюп 3 ирет بِسْمِ اللهِ «Бисмиллах» деш керек. Ушуга удаа эле төмөнкү дуба 7 ирет окулат: أَعُوْذُ بِعِزَّةِ اللهِ وَقُدْرَتِهِ مِنْ شَرِّ مَا أَجِدُ وَأُحَاذِرُ "Аувзу би иззатиллахи ва кудратихи мин шарри ма ажиду ва ухаазиру" [1]

## Эскертүүлөр:

❶ «Көзү тийген адамдын заарасын ичиш керек», «Бир нерсесин өзүнө көргөзбөй алып түтөтүш керек. Кокуй, көрүп калса пайда бербей койот!» деген сыяктуу шариятта жок ар кандай ырым-жырымдарды тастыктоо туура эмес.

❷ Көздөн сактайт деп ар кандай мончокторду, билериктерди жана тумарларды тагып жүрүү жарабайт. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «ким биор нерсе тагып алган болсо, ошого тапшырылат» деген. (Термизий). Бирок, эгер тагылган тумар Кураандан болсо, бул талаш маселе[2]. Ошентсе да, такпаган абзел.

❸ Унаага же башка нерселерге «ма ша Аллах, табааракаллах» деп жазып алуу, кылычтын, бычактын, көздүн сүрөтүн илип алуу же Курааңды коюп алуу же кээ бир аяттарын илип алуу, булардын бардыгы көздөн сактабайт. Тетирисинче кээде шарият арам кылган тумарлардын катарына эсептелип калышы мүмкүн.

❹ Оорулуу адам дуба кабыл болушуна ишенип туруусу жана «качан пайдасы тиет?» «качан шыпаа табам?!» деп, сабырсыздык кылбашы зарыл. Эмнегедир, адамдар табыптардын «бул даарынын пайдасы (таасири) өмүр бою, акырындык менен болот» дегенин муздак кандуулук менен кабыл алат дагы, рукыянын таасири кечиксе, куйкасы курушат. Эмесе, ал Кураандан окуган ар бир аяты үчүн он эссе көбөйтүлгөн соопко ээ болот. Демек, ал сабырсыз болбой, көп-көп дуба кылып, күнлөрүнө кечирим сурап, садака кылышы зарыл. Шыпанын тездетилүүсүнө ушулардын таасири бар.

❺ Оорулуууга көптөшүп Куран окуу Сүннөткө туура келбегендиги себептүү таасири аз болот. Ошондой эле, рукыяны кассетага, дискке жана башка ушул сыяктуу каражаттарга жазып алып угуу менен гана чектелип калуу жарабайт. Анткени, рукыянын бир шарты ниет. Рукыяда кассеталардан пайдаланганда – эгер аны угууда жакшылык болсо да – бул максат жаралбай калат. Рукыя натыйжа бергенге чейин аны кайталай берүү сүннөт. Эгер чарчаса азайтып, дагы уланта бериш керек. Ал эми, белгилүү бир санды чектеп алып ошону эле кайталай берүү эгер Куран-Сүннөттөн далили жок болсо, туура эмес.

❻ Ал эми, дем салып, дуба окуп жаткан адам сүннөт боюнча Куран окуп жатабы же сыйкырчыбы экенин билүү кыйын. эгер Алардан арасындагы айырмаларды билбеген мусулман ажырата албайт. Анткени, сыйкырчы дагы «Бисмиллахты» айтып, Куран окуп, мечиттердин алдында отуруп, «Аллах-Аллах!» деп зикир кылып динчил көрүнүп сизди азгырышы мүмкүн.

---

[1] «Мен өзүм сезген жана сактанган нерселердин жамандыгынан Аллахтын кудурети жана улуулугу менен коргоо тилеймин!» (7 ирет)
[2] Кээ бир аалымдар уруксат беришкен.

Төмөндө азгыруучу сыйкырчы-көзү ачыктардын белгилеринен кээ бирлерин айтып төбүз: ✸ «Пациенттен» (же клиенттен) өзүнүн жана атасынын ысымын сурайт. Рукыяда бул шарт жок жана мунун эч бир таасири да жок. ✸ Оорулуунун кээ бир сырткы же ички кийимдерин берүүсүн сурайт. ✸ Көбүнчө клиенттен белгилүү бир түстөгү жаныбырды сурайт[1]. Ал муну жиндерине курмандык кылат жана канын оорулууга сүртөт. ✸ Өзү да түшүнбөй турган, маанисиз тумарларды окуйт жана жазып берет. ✸ Оорулууга кагаз берет, анын ичинде төрт бурчтук шекилдер, анын ичнде тамгалар жана цифралар жазылган болот. Сыйкырчылар бул «товарларын» «хижаб» деп аташат. ✸ Оорулууга белгилүү мөнөткө чейин сууга жакын жолобоосун масилет берет. ✸ «Жерге көм» же «күйдүрүп жибер» же «түтүөт» кагаз, чүпүрөк ж.б.у.с. нерселерди берет. ✸ Оорулууга алдын ала анын атын, кай жерден келгенин, кандай оору менен ооруганын айтып берет[2]. Алдына келер замат оорулууга диагноз койот же диагнозун телефондон же почтадан кабарлайт.

❼ Ахлу Сунна вал Жамаа мазхабындагылар жиндер инсандын ичине кирип алышына ыйман келтиришет. Мунун далили Аллах Тааланын:

«(Сүткордуктук менен акчасынан) пайда жеген адамдар (кыяматта) жин-шайтан уруп далбастаган адам турган сыяктуу турат» *(2/275)*

---

[1] Кара кочкор, ала тоок сыяктуу
[2] Муну ага жиндери шыбырайт

# Дуба

Ааламдагы бардык адамдар эч кимге муктаж болбогон Аллах Таалага муктаж жана ар Андан максаттарын тилеп турушат Анткени, Аллах Таала муну пенделерине мына бул сөзү менен парыз кылган: ﴿ٱدۡعُونِيٓ أَسۡتَجِبۡ لَكُمۡۚ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَسۡتَكۡبِرُونَ عَنۡ عِبَادَتِي سَيَدۡخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ﴾ ***«Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин. Ал эми, Мага ибадат** (дуба) **кылуудан текеберленген адамдар болсо,** (кыяматта) **кордолгон абалда тозокко кирешет!»*** **(40/6)**.

Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам бир хадисинде мындай деген: «***Ким Аллахтан бир нерсе сурабаса Ал андан ачууланат***» **(Ибн Маажжа)**.

Мунун тескерисинче Аллах Таала пендесинин дубасы себептүү сүйүнөт. Өзүнө тажабай дуба кылгандарды сүйөт жана Өзүнө жакындаштырат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын сахаабалары буларды жакшы билген, жана өтө маани берип, ар бир максаттарын Аллах Тааладан сурашкан. Анын макулуктарынан бир нерсе сураштан ыйбаа кылышкан. Мунун себеби, үмүтүбүз Аллахка гана байланса экен, биз Ага жакын болсок экен, Ал дагы бизди Өзүнө жакындаштырса экен деп тилешкен. Анткени, алар Аллах Тааланын: ﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِي عَنِّي فَإِنِّي قَرِيبٌ﴾ «*(О, Мухаммад!)* ***Эгер бир пендем сенден Мени сураса,*** *(айткын:)* ***Мен*** *(аларга)* ***жакынмын***» **Бакара-186** дегенин жакшы билип, амал кылып жүрүшкөн. Аллах Тааланын алдында дубанын орду чоң жана ал Аллахтын назарында эң улук нерсе. Ошондуктан, ал (эгер бардык талап-шарттары аткарылганда) балээни кайтарат. Ушул талаптар жана себептерди орундатуу менен дуба кылса жана дубага тоскоол болчу нерселер болбосо, ар бир адамдын дубасы кабыл болот. Анан Аллах Таала дуба кылган адамга пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам баян кылган төмөндөгү үч нерседен бирин берет: *«Кайсы бир пенде дубасында күнөөнү, тууганчылыкты үзүүнү сурабаса, Аллах Таала ага ошол дубасы себептүү үч нерсенин бирин берет: же тез арада тилегенин берет же аны (ошол жерде бериш үчүн) акыретке кечиктирет же болбосо, (ага келе жаткан) жамандыктардан сураганына жарашасын андан буруп жиберет. Анда сахаабалар: «анда (дубабыздын ичинде тилек-максаттарыбызды) көбөйтөлүбү?» дегенде, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «Аллах көбүрөөк берет» - деди»* **(Ахмад)**

❖ **Дубанын түрлөрү**: Дубанын эки түрү бар: **1) Ибадат дубасы.** Намаз, орозо сыяктуу. **2) Муктаждыкты жана маселени суроо.**

❖ **Кайсы амал абзел**? Кураан окуубу, зикирби же Аллахка дуба кылып муктаждыкты сурообу? Жалпысынан алып караганда бардыгынан Кураан окуу абзел. Бирок, кээ бир шарт жана орундарда берки экөө абзелдикте биринчи болуп калышы мүмкүн. Маселен, Арапа күнү Арафат майданында туруп дуба кылуу Кураан окуудан абзел. Ошондой эле, парыз намаздардын аркасынан пайгамбарыбыздан мурас зикирлерди кылуу дагы Кураан окуудан абзел.

❖ **Дубанын кабыл болуусуна** эки себеп бар: сырткы жана ички.

**А) Сырткы себептер**: садака, даарат, намаз, кыбылага жүздөнүү, намазда кол көтөрүү, Аллахка, Өзүнө гана ылайык болгон сана-мактоолор айтуу, сураган нерсесине ылайык болгон Аллахтын ысым-сыпаттарын тилге алуу: маселен,

Аллахтан бейишти сураганда «Рахийм» (Ырайымдуу) «Карийм» (Жоомарт) деген ысымдары менен кайрылуу, залимдерден өч алып берүүнү сураганда «Жаббар» (Өзүнө күч менен моюн сундуруучу) жана «Каххар» (Каардуу, Кудуреттүү) деген ысымдары менен жалбаруу ж.б.у.с. Сырткы себептерден дагы кээ бирлери: дубасынын башында, ортосунда жана акырында пайгамбарыбызга салават-салам айтуу, күнөөсүн мойнуна алуу, берген нээматы үчүн Аллахка шүгүр кылуу, далилдерде келген «кабыл болууга эң ылайык убакыттарда жана орундарда» дуба кылуу.

**Дуба кабыл болот деп үмүт кылынган убакыттар:** Күн-түн арасында: **1)** Түндүн акыркы үчтөн бир бөлүгүндө. Пайгамбарыбыздын билдиргенине караганда ушул маалда Аллах Таала Дүйнө Асманына түшүп, «ким азыр менден эмне сураса – берем!» дейт экен. **2)** Азан менен икаматтын аралыгы, **3)** даараттан кийин, **4)** саждада турганда, **5)** намазда салам бергенге чейин, **6)**намаздардан кийин, **7)** Кураан окугандан кийин, **8)** короз кычкырганда, **9)**сапарда, **10)** мазлум[1] болуп турганда, **11)** өтө муктаж болуп, зарыгып турганда, **12)** атасы баласына бата бергенде, **13)** мусулман адам бурадарынын акысына ал жок мезгилде кылган дуба, **14)** душманга жолугуу алдынан кылынган дуба. Жума ичинде: Жума күнү, айрыкча жума окулгандын акыркы сааттарында.

**Айлардан: 1)** Рамазан айында ооз ачардан мурун жана саарлыкта, **2)**Кадыр түнүндө, **3)** Арапа күнү.

❖ Ал эми, дуба кабыл болчу кереметтүү орундар жөнүндө айтсак, алардан кээ бирлери: **1)** ар кандай мечитте, **2)** Каабада, айрыкча Мултазамда[2] жана Макаамы Ибрахимде[3], **3)** Сафаа менен Марванын үстүндө, **4)** Арафатта, **5)**Муздалифада, **6)** Минаада[4], Зам-зам суусун ичип жаткан жерде ж.б.

**Б) Ички себептер**: Дубага чейин: **1)** чыныгы тооба, **2)** бирөөнүн акысынан кутулуу, **3)** жеген-ичкени, кийгени, үйү адал акчадан табылган болсо, **4)** көп таат-ибадат, **5)** арамдардан актануу, **6)** шектүү жана кумардуу нерселерден абайлоо. Дуба учурунда: **1)** жүрөктүн сергек болуусу, **2)** Аллахтан үмүт үзбөө, **3)** катуу тиленүү, **4)** жалынып-жалбаруу, **5)** берилип, тажабай суроо, **6)**натыйжаны Өзүнн гана күтүү, **7)** Андан башкага үмүт байлабоо, **8)** кабыл болуусуна ишенүү.

❖ **Дуба кабыл болуусуна эмнелер тоскоолдук кылат? 1)** Аллахка кошуп башкага дуба кылуу, **2)** жалпы нерседен бир нерсени ажыратып дуба кылуу. Маселен, тозоктон коргоо сурап чектелүүнүн ордуна, «эй, Аллах! Мени тозоктун ысыгынан, караңгылыгынан сакта!» деген сыяктуу. **3)**акыйкатсыздык менен өзүнүн жана башкалардын зыянына дуба кылуу, **4)**күнөөнү, тууганчылыкты үзүүнү сурап дуба кылуу, **5)** Аллахтын каалоосун

---

[1] Мазлум - бирєдєн зулум кєргєн адам
[2] Музтазам – Каабанын кара таш турган бурчу менен эшигинин аралыгы.
[3] Макаамы Ибрахим – Кааба мечитиндеги Ибрахим алейхи салам ибадат, дуба кылып турган орун
[4] Арафат, Муздалифа жана Минаадагы дубанын кабыл болушу хаж кїндєрїнє чектелген

шарт кылып дуба кылуу. Маселен: «Эй, Аллахым! Эгер кааласаң, мага түкүндөй тилегимди бер!» деген сыяктуу. **6)** дубаны шашылтыруу. Маселен: «дуба кылдым эле-го, эмнеге натыйжа болбой жатат!» деген сыяктуу, **7)**«Чарчадым!» же «тажадым» деп, токтотуп коюуу, **8)** сезими жок жүрөк менен дуба кылуу, **9)** Дуба адебин сактабай дуба кылуу. Дуба адебинен бири дубанын башында, ортосунда жана акырында пайгамбарыбызга салават-салам айтуу. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам бир киши намазда бирок, пайгамбарыбызга салам айтпай дуба кылган адамды көрүп: «бул адам шашылып жатат!» деди жана аны же башка бир адамды чакырып: «качан силерден бирөөңөр Аллахка дуба кылчу болсо, оболу Аллахка санаа-мактоо, андан кийин пайгамбарга салам-салават айтсын жана андан кийин каалаган нерсесин сурасын» деди. *(Термизий)* **10)** Мүмкүн эмес нерсени суроо. Маселен: «эй, Аллахым! Мен ушул дүйнөдө түбөлүк жашайын-чы?» деген сыяктуу. **11)** Ашыкча созуп, обонго салып жиберүү. Аллах Таала айткан: ﴿ ٱدْعُوا۟ رَبَّكُمْ تَضَرُّعًا وَخُفْيَةً ۚ إِنَّهُۥ لَا يُحِبُّ ٱلْمُعْتَدِينَ ﴾ ***«Раббиңерге коркуп-жалбарып жана акырын-купуя дуба кылгыла! Ал чектен чыккандарды сүйбөйт!»*** **(7/55).** Ибн Аббас мындай деген: «***Дуба кылганда созуп, обонго салып жиберүүнү карагыла жана абайлагыла. Мен пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламга жана сахаабаларга замандаш болуп жашадым. Алар мындай кылбайт эле***» **(Бухарий)** **12)** Дубада добушту ашыкча көтөрүү. Аллах Таала айткан: ﴿ وَلَا تَجْهَرْ بِصَلَاتِكَ وَلَا تُخَافِتْ بِهَا وَٱبْتَغِ بَيْنَ ذَٰلِكَ سَبِيلًا ﴾ ***«Намазыңды** (дубаңды) **жарыя да кылба, купуя да кылба. Ушунун ортолугундагы жолду танда»*** **(17/110).** Аиша энебиз: «бул аят дуба жөнүндө түштү» деген.

❖ **Дубанын мустахаб** (пайгамбарыбызга сүйүктүү) **болгон шекили төмөндөгүчө**: **1)** Аллахка сана-мактоо айтат, **2)** Пайгамбарыбызга салават-салам айтат, **3)** күнөөлөрүн мойнуна алып, тооба кылат, **4)** берген нээматы үчүн Аллахка шүгүр кылат, **5)** берилип киришүү жана кыска-нуска болушуна аракет кылуу. Пайгамбарыбыз менен сахаабаларынын дубалары ушундай болгон. **6)** Дубаны пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламга салават-салам менен бүтүрүү.

# Жаттап алуу зарыл болгон дубалар:

| Качан окулат? | Пайгамбарыбыз (САВ) үйрөткөн дубалар |
|---|---|
| **Уйкудан мурун жана кийин** | **Жатарда:** « بِاسْمِكَ اللَّهُمَّ أَمُوتُ وَأَحْيَا » *“Бисмикаллоҳумма амуугу ва аҳйа”* [1] **Турганда:** « الْحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي أَحْيَانَا بَعْدَمَا أَمَاتَنَا وَإِلَيْهِ النُّشُورُ » *“Алҳамду лиллаҳиллазий аҳйаана баъда маа амаатана ва илайҳиннушуур”* [2] |
| **Уйку-сунда чоочуса** | «أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللَّهِ التَّامَّاتِ مِنْ غَضَبِهِ وَعِقَابِهِ وَمِن شَرِّ عِبَادِهِ وَمِنْ هَمَزَاتِ الشَّيَاطِينِ وَأَنْ يَحْضُرُونِ» “Ауузу би калиматиллахит таамматн мин газабихи ва иқобихи ва мин шарри ибаадихи ва мин ҳамазаатиш шаятийни ва ай яхзуруун” [3] |
| **Түш көрсө** | Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «Эгер силерден бирөөңөр жагымдуу түш көрсө бул – Аллахтан. Демек, Аны даңазалап, бул түштү айта бергиле. Ал эми, мындан башкачасын: жагымсыздарын көрсө, ал – шайтандан. Демек, анын жамандыгынан Аллахтын коргоосуна качып, ал түштү эч кимге айтпасын. Бирок, ал зыян кылбайт. |
| **Бир жерден чыкканда** | ((اَللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ أَنْ أَزِلَّ أَوْ أُزَلَّ، أَوْ أَضِلَّ أو أُضَلَّ، أَوْ أَظلِمَ أَوْ أُظْلَمَ، أَوْ أَجْهَلَ أَوْ يُجْهَلَ عَلَيَّ)) “*Аллохумма инний ауузу бика ан азалла ав узилла ав адилла ав удилла ав азлама ав узлима ав ажхала ав южхила алаййа*” [4] (بسم الله توكّلت على الله لاَ حَوْلَ وَلاَ قُوَّةَ إِلاَّ بِاللّه) “*Бисмиллахи таваккалту алаллохи ла хавла ва ла куввата илла биллах*!” [5] |
| **Мечитке кирсе** | بِسْمِ اللَّهِ وَالسَّلاَمُ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِى ذُنُوبِى وَافْتَحْ لِى أَبْوَابَ رَحْمَتِكَ. **Эгер мечитке кирсе, оң буту менен басып:** *“Бисмиллахи вассаламу алаа росулиллахи, Аллоҳуммағфир лий зунувбий вафтаҳ лий абвааба роҳматик” десин.*[6] |
| **Мечиттен чыкса** | بِسْمِ اللَّهِ وَالسَّلاَمُ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي ذُنُوبِي وَافْتَحْ لِي أَبْوَابَ فَضْلِكَ. **Сол буту менен басып:** *“Бисмиллаҳи вассаламу алаа росулиллаҳи, Аллоҳуммағфир лий зунувбий вафтаҳ лий абвааба фадлик” десин.*[7] |
| **Жаңы үйлөнгөндө** | **Жаңы үйлөнгөн адамга:** « بَارَكَ اللَّهُ لَكَ، وَبَارَكَ عَلَيْكَ، وَجَمَعَ بَيْنَكُمَا فِى خَيْرٍ » *“Барокаллоҳу лака ва барокаллоҳу алайка, ва жамаъа байнакума фил хайр!” дейт.*[8] |
| **Короз, эшек, жана иттин добушун укса** | «Эгер эшектин добушун уксаңар, анын жамандыгынан Аллахтан пана тилегиле. Себеби, ал шайтанды көргөн болот. Ал эми, короздун кычкырганын уксаңар, Аллахтын пазилеттерин сурагыла. Анткени, ал периштени көргөн». «Эгер түндөсү иттин үргөнүн жана эшектин айкырганын уксаңар, Аллахтан коргоо тилегиле» |

[1] Мааниси: «Аллахым, Сенин ысымың менен өлөмүн жана тирилемин!» Анткени, уйку кичинекей єлїм болуп саналат

[2] Мааниси: «Өлгөндөн соң кайра тирилткен Аллахка даңк!»

[3] Мааниси: «Мен Анын ачуусунан, жазасынан, пенделеринин жамандыгынан, шайтандын азгыруусунан жана *(ушунун бардыгы)* менде болуусунан Аллахтын кемелдүү сөздөрү менен коргоо тилеймин!

[4] Мааниси: Эй, Аллахым! Мен жаңылуудан жана мени бирөө жаңылтуусунан, адашуудан жана мени бирөө адаштыруусунан, зулумдан жана мага бирөө зулум кылуусунан, наадандыктан жана мага бирөө наадандык кылуусунан Сенден коргоо тилеймин!

[5] Мааниси: «Аллахтын ысымы менен өзүмдү Аллахка тапшырдым. Бардык күч кудурет Аллахтын гана жардамы менен!”

[6] Мааниси: «Аллахтын ысымы менен! Аллахтын элчисине салаватт-саламдар болсун! Аллахым, менин күнөөлөрүмдү кечир жана мага ырайымыңдын эшиктерин ач!»

[7] Мааниси: «Аллахтын ысымы менен! Аллахтын элчисине салаватт-саламдар болсун! Аллахым, менин күнөөлөрүмдү кечир жана мага ырайымыңдын эшиктерин ач!»

[8] Мааниси: «Аллах (сени ага, аны) сага берекеттүү кылсын! Экөөңдү жакшылык менен баш коштурсун!»

| | |
|---|---|
| **Сага бирөө «сени Аллах үчүн сүйөм» десе** | «*Ахаббак аллазий ахбабтаний лах*” деп жоop берет. [1] |
| **Мусул-ман жана каапыр адам чүчкүрсө** | «Эгер бирөөңөр чүчкүрүп «***ал-хамду лиллах***» (Аллахка шүгүр) десе, ага бурадары же шериги «***ярхамук Аллах***» десин. Эгер ага «ярхамук Аллах» десе, ага «***яхдийкумуллаху ва юслих баалакум***» (Аллах сени туура жолго багыттап, дилиңди тазартсын) деп жооп берсин» «Эгер бир каапыр чүчкүрүп «Аллахка шүгүр» десе, ага «яхдийкумуллах» дегин, «ярхамукаллах» дебегин» |
| **Кайгыга батканда** | **((لاَ إِلَهَ إِلاّ اللهُ الْحَلِيمُ الْعَظِيمُ، لاَ إِلَهَ إِلاّ اللهُ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ، لاَ إِلَهَ إِلاّ اللهُ رَبُّ السَّمَوَاتِ وَرَبُّ الأَرْضِ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ))**<br>“***Ла илаҳа иллаллоҳул Ҳалиймул Азийму, ла илаҳа иллаллоҳу Роббул аршил азийми, ла илаҳа иллаллоҳу роббус самаавати ва роббул арди роббул аршил азийми***!” [2]<br>*“Йа Хаййун, йа Каййувмун! Би рохматика астагийс!*<br>“Эй, Тирүү, эй Түбөлүк туруучу! Ырайымдуулугуң урматы Сага гана жалынамын! |
| **Душман-га жолукса** | **« اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الْكِتَابِ ومُجْرِيَ السَّحَابِ سَرِيعَ الْحِسَابِ اهْزِمْ الأَحْزَابَ، اللَّهُمَّ اهْزِمْهُمْ وَزَلْزِلْهُمْ »**<br>“***Аллоҳумма Мунзилал китааб ва Мужрияс саҳааб, сарийъал ҳисааб, аҳзимил аҳзааб! Аллоҳумма аҳзимҳум ва залзилҳум***!” [3] |
| **Иш оор болсо** | **« اللهمَّ لا سَهْلَ إلا مَا جَعَلْتَهُ سَهْلا وَأَنتَ تَجْعلُ الحزن إذا شِئْتَ سَهْلاً »** “***Аллоҳумма ла саҳла илла ма жаъалтаҳу саҳлан. Ва Анта тажъалул ҳазана иза шиъта саҳлан***!” [4] |
| **Карыз-дан кутул-ганда** | **«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ الْهَمِّ وَالْحَزَنِ وَالْعَجْزِ وَالْكَسَلِ وَالْجُبْنِ وَالْبُخْلِ وَضَلَعِ الدَّيْنِ وَغَلَبَةِ الرِّجَالِ»**<br>“***Аллоҳумма инний ауузу бика минал ҳамми вал ҳазани вал ажзи вал касали вал жубни вал бухли ва далаъуд дайни ва ғалабатир рижаали***” [5] |
| **Ажат-канада** | **Киргенде:** **« اللَّهُمَّ إِنِّى أَعُوذُ بِكَ مِنْ الْخُبُثِ وَالْخَبَائِثِ »** “***Аллоҳумма инний ауузу бика минал хубуси вал хабаиси***”[6]<br>**Чыкканда:** **« غُفْرَانَكَ »** “***Ғуфраанак***” «Кечир мени![7]» |
| **Намазда шайтан азгырса** | **« ذَاكَ شَيْطَانٌ يُقَالُ لَهُ خَنْزَبٌ فَإِذَا أَحْسَسْتَهُ فَتَعَوَّذْ بِاللَّهِ مِنْهُ، وَاتْفِلْ عَلَى يَسَارِكَ ثَلاثًا »** «Аувзу биллахи минаш-шайтоонир-ражийм» деп, сол тарабына үч ирет түкүрөт |

[1] Мааниси: “Эгер Аллах үчүн мени сүйгөн болсоң, сени Аллах сүйсүн»

[2] Мааниси: Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, бир гана пейили Жумшак, Улуу Аллах гана бар! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, бир гана улуу Арштын Раббиси Аллах гана бар! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, бир гана улуу Арштын Раббиси, жердин Раббиси жана асмандардын Раббиси болгон Аллах гана бар!

[3] Мааниси: «Аллахым! О, асмандан Китеп түшүргөн! О, булуттарды жүргүзгөн! О, тез эсептешүүчү! Душманды тыркырат! О, Аллахым! Аларды тыркырат жана жүрөгүнө коркунуч сал!»

[4] Мааниси: «Аллахым! Өзүң жеңил кылган нерсе гана жеңил! Сен эгер кааласаң кайгыны жеңил кыласың!»

[5] Мааниси: «Аллахым! Мени кайгы-кападан, алсыздык-жалкоолуктан, коркоктуктан, бакылдыктан, карыздын жүгүнөн жана адамдарга жеңилип калуудан сакта!»

[6] «Аллахым! Мени эркек жана ургаачы жин-шайтандардан сакта!»

[7] Мунун мааниси жөнүндө бизге замандаш бир алым: «Адампенде эгер ойлосо, ичиндеги акылеттерин чыгарып турганы дагы чоў нээмат. Башка нерселерди айтпай, эле койолу, пенде ушул нээматтын акысын дагы ибадат менен кайтаруудабы?!. «Мени кечир» дегендин мааниси ушул болсо ажеп эмес»

| | |
|---|---|
| **Саждада** | ((اَللّٰهُمَّ اغْفِرْ لِى ذَنْبِى كُلَّهُ دِقَّهُ وَجِلَّهُ وَعَلاَنِيَتَهُ وَسِرَّهُ وَأَوَّلَهُ وَآخِرَهُ)) “*Аллохуммағфир лий занбий куллаху, диққаху ва жиллаху, аввлвху ва аахираху ва алаанийятаху ва сирраху*!”[1] (اَللّٰهُمَّ إِنِّى أَعُوذُ بِرِضَاكَ مِنْ سَخَطِكَ وَبِمُعَافَاتِكَ مِنْ عُقُوبَتِكَ وَبِكَ مِنْكَ لا أُحْصِى ثَنَاءً عَلَيْكَ كَمَا أَثْنَيْتَ عَلَى نَفْسِكَ) “*Аллохумма инний ауузу би ризока мин сахатика, ва би муъафатика мин уқуубатика, ва ауузу бика минка, ла уҳсий санаа,ан алайка. Анта камаа аснайта алаа нафсика*!”[2] |
| **Тилават сажда-сы** | «اللّٰهُمَّ لَكَ سَجَدْتُ وَبِكَ آمَنْتُ وَلَكَ أَسْلَمْتُ سَجَدَ وَجْهِي لِلَّذِي خَلَقَهُ وَصَوَّرَهُ وَشَقَّ سَمْعَهُ وَبَصَرَه تَبَارَكَ اللّٰهُ أَحْسَنُ الخَالِقِينَ» “*Сажада важҳий лиллазий халақаҳу ва саввараҳу ва шаққо самъаҳу ва басораҳу би ҳавлиҳи ва қувватиҳи! Табаарокаллоҳу аҳсанал холиқийн*[3] |
| **Намазга киришүү** | « اللّٰهُمَّ بَاعِدْ بينى وَبَيْنَ خَطَايَايَ كَمَا بَاعَدتَّ بينَ المَشْرِقِ والمغْرِبِ، اللّٰهُمَّ نَقِّنى مِنْ خَطَايَايَ كَمَا يُنَقَّى الثَّوْبُ الأَبْيَضُ مِنَ الدَّنَسِ، اللّٰهُمَّ اغْسِلْنى بِالْمَاءِ وَالثَّلْجِ وَالبَرَدِ » “*Аллоҳумма, бааид байний ва байна хатаая камаа бааъадта байнал машриқи вал мағриби! Аллоҳумма, наққиний мин хатаайоя камаа юнаққа ас савбул абяду минад данас! Аллоҳумма, ағсилний мин хатаайоя бис салжи вал мааи вал барад*!”[4] |
| **Намаз-дын акырында** | (اَللّٰهُمَّ إِنِّي ظَلَمْتُ نَفْسِي ظُلْماً كَثِيراً وَلاَ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلاَّ أَنْتَ فَاغْفِرْ لِي مَغْفِرَةً مِنْ عِنْدِكَ وَارْحَمْنِي إِنَّكَ أَنْتَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ) “*Аллоҳима инний золамту нафсий зулман касийрон! Ва ла яғфируз зунуувба илла Анта! Фағфир лий мағфиротан мин индика варҳамний! Иннака Анта ал Ғофуурур Роҳийм*!”[5] |
| **Жакшы-лык кылган адамга** | « جَزَاكَ اللهُ خَيْرًا؛ فقَدْ أَبْلَغَ فى الثَّنَاءِ »“*Жазаакаллоҳу хойрон*!” “Аллах сага жакшы сооптор жазсын!» *деп көп ыраазычылык билдирет. Ал эми, наркы адам буга:* “***Ва иййак***!” «Сага дагы» *деп жоop айтат.* |
| **Жамгыр жааганда** | « مُطِرْنَا بِفَضْلِ اللهِ وَرَحْمَتِهِ » “*Мутирнаа би фадлиллаҳи ва роҳматиҳи*”[6] |
| **Шамал сокcондо** | «اللهمّ إنى أسألك خَيْرَهَا وخير مَا فيْها وخير ما أرسلت به وأعوذُ بكَ منْ شَرِّهَا وَشَرِّ مَا فيها وشَرِّ ما أُرسلت به » “*Аллоҳумма, инний ас,алука хойраҳа ва хойра ма фийҳа ва хойра ма урсилат биҳи! Ва ауузу бика мин шарриҳа ва шарри ма фийҳа ва шарри ма урсилат биҳи*!”[7] |

1 “Эй, Аллахым! Менин бардык күнөөлөрүмдү: чоң – кичинесин, жашыруун – ашкересин жана мурунку – кийинкилерин кечире көр!

2 Эй, Аллахым! Мен Сенин ачууңдан ыразычылыгың менен, азабыңдан тынчтыгың менен жана Сенден Өзүң менен коргоо тилеймин! Сен Өзүңө айткандай мактоолорду мен Сага санап бүтүрө албаймын!

3 Эй, Аллахым! Өзүңө сажда кылдым, ыйман келтирип жана моюн сундум! Менин жүзүм аны жараткан, сүрөт-шекил берген жана көз-кулагын ачкан Аллахка сажда кылды! Эң сонун жаратуучу Аллах Улуу!”

4 “Эй, Аллахым! Мен менен каталарымдын арасын чыгыш менен батыштай алыстат! Аллахым! Ап-апак чапан кирден таза болгондой, мени каталарымдан тазала! Аллахым! Мени суу менен, кар менен жана мөндүр менен жуу!”

5 Эй, Аллахым! Мен өзүмө көп зулум кылып алдым! күнөөлөрдү Өзүң гана кечиресиң! Мени Өз кечиримиң менен кечире көр жана мага ырайым кыл! Сен Кечирүүчү, Ырайымдуусуң!

6 «Аллахтын ырайым-пазилети менен жамгырга жеттик!” *деп, көп дуба кылып, каалаган тилегин сурайт. Себеби, бул – дуба кабыл болуучу убакыт.*

7 “Эй, Аллахым! Мен Сенден мунун жакшылыгын тилеймин! Анын ичиндегинин жакшылыгын жана Өзүң жиберген нерсенин жакшылыгын тилеймин! Андан, ичине каткан жамандыгынан жана Өзүң жибергендин жамандыгынан сатай көр!”

| | |
|---|---|
| **Жаңы айды көргөндө** | « اللهمّ أهلّه عَلَيْنَا باليمنِ والإيمَانِ والسّلامَةِ وَالإسْلامِ، هِلالُ خيْرٍ ورُشْدٍ، رَبي وَرَبُّكَ اللهُ »<br>“*Аллоҳу акбар! Аллоҳумма, аҳҳилҳу алайна бил амни вал иймаани вас алаамати вал ислами ват тавфийқи ли ма туҳиббу ва тарзо, Роббуна ва Роббука Аллоҳ*!” [1] |
| **Сапарга узатууда** | «أسْتَوْدِعُ اللّهَ دِينَكَ وَأَمَانَتَكَ وَخَواتِيمَ عَمَلِكَ» “*Аставдиъуллоҳа дийнака ва амаанатика ва хавотийма амалика*”[2]<br>**Анда сапарга кетип жаткан адам:** «أسْتُوْدِعُكُمُ اللهَ الّذِيْ لا تَضِيْعُ وَدَائِعُهُ» “*Аставдиукумуллоҳуллазий ла тузийъу вадаъиуху*”[3] |
| **Сапар дубасы** | « اللهُ أَكْبَر، اللهُ أَكْبَر، اللهُ أَكْبَر سُبْحانَ الّذِي سَخّرَ لَنَا هَذَا وَمَا كُنّا لَهُ مُقْرِنِينَ ✸ وَإِنَّا إِلَى رَبِّنَا لَمُنقَلِبُونَ اللّهُمّ إِنّا نَسْأَلُكَ فِي سَفَرِنَا هَذَا الْبِرّ وَالتّقْوَى، وَمِنْ الْعَمَلِ مَا تَرْضَى، اللّهُمّ هَوِّنْ عَلَيْنَا سَفَرَنَا هَذَا وَاطْوِ عَنّا بُعْدَهُ، اللّهُمّ أَنْتَ الصّاحِبُ فِي السّفَرِ وَالْخَلِيفَةُ فِي الأَهْلِ، اللّهُمّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ وَعْثَاءِ السّفَرِ وَكَآبَةِ الْمَنْظَرِ وَسُوءِ الْمُنْقَلَبِ فِي الْمَالِ وَالأَهْلِ »<br>“*Аллоҳу акбар, Аллоҳу акбар, Аллоҳу акбар! Субҳаналлазий саххора лана ҳаза, ва ма кунна лаҳу муқринийн. Ва инна ила Роббина ла мунқолибуун. Аллоҳумма, инна нас, алука фи сафарина ҳаза ал бирро ват тақва, ва минал амали ма тарзо! Аллоҳумма ҳаввин алайна сафарона ҳазо ва атви анна буъдаҳу! Аллоҳумма Анта с Соҳибу фис сафари вал Халийфату фил аҳл. Аллоҳумма инний ауузу бика мин ваъсааис сафари ва ка,аабатил манзари ва суу,ил мунқолаби фил маали вал аҳли*!”[4]<br>**Ал эми, сапардан кайтканда, жогорудагы дубага кошуп:** آيبُونَ تَائِبُونَ عَابِدُونَ لِرَبِّنَا حَامِدُونَ “*Аайибууна, тааибууна, аабидууна, ли Роббина ҳаамидууна*!”[5] |
| **Єзінє жаккан же жакпаган бир иш болсо** | Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам бир жагымдуу иш болсо “ал хамду лиллаҳиллазий би неъматиҳи татиммус солиҳот” (Анын неъмати себептїї жакшылыктар тїгєл болгон Аллахка даўк!” деп, эгер жагымсыз иш болсо“ал ҳамду лиллаҳи ала кулли ҳал” (ар қандай абалда Аллохка мактоо болсун!) деп дуба кылчу эле. |

[1] “О, Аллахым! Аны бизге ыймандын, тынчтыктын, исламдын айы кылып бер! Жакшылыктын, тууралыктын айы кылып бер! (Эй, жаңы ай!) Сенин Раббиң дагы, менин Раббим дагы – Аллах!”

[2] “Диниңди, аманатыңды жана ишиңдин натыйжасын Аллахка аманат тапшырдым!”.

[3] “Мен дагы силерди аманаттарын бекем коргогон Аллахка тапшырдым!” *деп жооп берет.*

[4] “Аллаху Акбар, Аллаху Акбар, Аллаху Акбар! Бизге ушул унааны моюн сундуруп берген Аллах Арууу-Таза! Биз буга жакындай алмак эмеспиз. Биз албетте Раббибизге кайтып барабыз. Аллахым! Ушул сапарыбызда Сенден жакшылыкты, такыбалыкты, Өзүң ыразы боло турган иштерди сурайбыз! Аллахым! Бизге бул сапарыбызды жеңил кыл! Алысын жакын кыл! Аллахым, сапарда Шерик дагы Өзүңсүн, үй-бүлөдө (коргоочу болуп) калган да Өзүңсүн! Бизди сапар машакаттарынан, жаман көрүнүштөрдөн жана мал-мүлк менен үй-бүлөгө жаман кайтуудан сакта!”

[5] “Тооба кылып, ибадат менен жана Раббибизге мактоо айтып кайтып келдик” *деген дубаны окуйт.*

<table>
<tr><td>Жатаарда</td><td>1) « اللَّهُمَّ أَسْلَمْتُ نَفْسِي إِلَيْكَ وَفَوَّضْتُ أَمْرِي إِلَيْكَ وَأَلْجَأْتُ ظَهْرِي إِلَيْكَ رَهْبَةً وَرَغْبَةً إِلَيْكَ لا مَلْجَأَ وَلا مَنْجَا مِنْكَ إلا إِلَيْكَ آمَنْتُ بِكِتَابِكَ الَّذِي أَنْزَلْتَ وَبِنَبِيِّكَ الَّذِي أَرْسَلْتَ » “Аллоҳумма, асламту нафсий илайка, ва вадаъту амрий илайка ва алжа,ту захрий илайка роҳбатан ва роғбатан илайка, ла малжа,а ва ла манжаа минка илла илайка, ааманту би китаабик аллазий анзалта ва би набиийик аллазий арсалта!” [1]<br>2) « الحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي أَطْعَمَنَا وَسَقَانَا وَكَفَانَا وَآوَانَا فَكَمْ مِمَّنْ لا كَافِيَ لَهُ وَلا مُؤْوِيَ » “Алҳамду лиллаҳ аллазий атъамана ва сақона ва кафаана ва аваана! Фа кам мимман ла каафия лаҳу ва ла му,вия!”[2] 3) « سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ رَبِّي بِكَ وَضَعْتُ جَنْبِي وَبِكَ أَرْفَعُهُ إِنْ أَمْسَكْتَ نَفْسِي فَاغْفِرْ لَهَا وَإِنْ أَرْسَلْتَهَا فَاحْفَظْهَا بِمَا تَحْفَظُ بِهِ عِبَادَكَ الصَّالِحِينَ » “Субҳаанак Аллоҳумма Роббий, бика вадаъту жанбий ва бика арфаъуҳу! Ин амсакта нафсий, фағфир лаҳа! Ва ин арсалтаҳа фаҳфаз ҳа бима таҳфазу биҳи ибадакас солиҳийн!” [3]<br>4) Эки кул аувзуну окуп, колуна дем салып, колу жеткен жерге чейин денесин сылап чыгат. 5) Ар түн сайын “Алиф-лам-мим (сажда)” менен “Табааракты” окумайынча жатпасын.</td></tr>
<tr><td>Намазга чыкканда</td><td>( اَللَّهُمَّ اجْعَلْ فِى قَلْبِى نُورًا ، وَفِى سَمْعِى نُورًا ، وَفِى بَصَرِى نُورًا ، وَمِنْ بَيْنِ يَدَيَّ نُورًا ، وَمِنْ خَلْفِى نُورًا ، وَعَنْ يَمِينِى نُورًا ، وَعَنْ شِمَالِى نُورًا ، وَمِنْ فَوْقِى نُورًا ، وَمِنْ تَحْتِى نُورًا ، وَأَعْظِمْ لِى نُورًا يَا رَبَّ الْعَالَمِينَ )<br>“Аллоҳуммажъал фи қолбий нуурон, ва фи самъий нуурон, ва фи басорий нуурон ва мин байни ядайа нуурон ва мин холфий нуурон ва ан ямийний нуурон ва ан шимаалий нуурон, ва мин фавқий нуурон ва мин таҳтий нуурон! Ва аъзим лий нуурон йа Роббал ааламийн!”[4]</td></tr>
<tr><td>Истихаара дубасы[5]</td><td>Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: «эгер силерден бирөөңөр бир ишке киришүүнү каалаlsa, парыздан башка эки ирекет намаз окусун жана мындай десин: « اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ، وَأَسْتَقْدِرُكَ بِقُدْرَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ، فَإِنَّكَ تَقْدِرُ وَلا أَقْدِرُ، وَتَعْلَمُ وَلا أَعْلَمُ، وَأَنْتَ عَلامُ الْغُيُوبِ، اللَّهُمَّ فَإِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ هَذَا الأَمْرَ ( ثُمَّ تُسَمِّيهِ بِعَيْنِهِ) خَيْرًا لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي فَاقْدُرْهُ لِي وَيَسِّرْهُ لِي ثُمَّ بَارِكْ لِي فِيهِ وَإِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ أَنَّ هَذَا الأَمر شَرٌّ لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ ثُمَّ رَضِّنِي بِهِ »<br>“Аллоҳумма инний астхийрука би илмика ва астақдирука би қудротика ва ас,алука мин фадлика, фа иннака тақдиру ва ла ақдиру ва таъламу ва ла аъламу ва анта аллаамул ғуйувб, Аллоҳумма фа ин кунта таъламу ҳазал амри хойран лий фий дийний ва маъаший ва аақибати амрий фақдурҳу лий ва яссирҳу лий сумма баарик лий фийҳи! Ва ин кунта таъламу анна ҳазал амру шаррун лий фий дийний ва маъаший ва аақибати амрий фасрифҳу анний ва асрифний анҳу вақдур лий ал хойра хайсу каана сумма раззиний биҳи!” [6]</td></tr>
</table>

---

[1] “Эй, Аллахым! Өзүмдү Сага багынттым, ишимди Сага тапшырдым, коркуу жана үмүт менен Сага жөлөндүм! Өзүңдөн Сенин Өзүңө гана жалынабыз! (Азап менен) туткуучу да Өзүң, куткаруучу да Өзүң! Түшүргөн Китебиңе жана жиберген пайгамбарыңа ыйман келтирдим!”

[2] Мени жедирген, ичирген жана жетиштүү Жөлөк болгон Аллахка санаа-мактоолор! Нечендеген пенделер таянычы да жок, камкору да жок жүрүшөт!

[3] Аллахым, мен Сени бирдык кемчилдиктүү сыпаттардан арууллаймын! Раббим менин! Сен деп жаттым, Сен турамын. Эгер (ушул уктаган бойдон) жанымды алчу болсоң, аны кечире көр! Эгер албасаң, аны салих пенделериңди сактагандай сактай көр!

[4] “Эй, Аллахым! Менин жүрөгүмө, кулагыма, көзүмө нур бер! Менин алды тарабыман, арка тарабыман, оң жана сол тарабыман, үстү жана асты жагыман нур бер! Эй, ааламдардын Раббиси, менин нурумду көбөйт!

[5] «Истихааранын мааниси «жакшысын тандоо» дегенди билдирет.

[6] «эй, Аллахым! Мен Сенин билдирүүң менен жакшысын тандаймын, Сенин кудуретиңден күч талап кыламын, Сенин пазилетиңди сураныамын! Чынында, Сенин кудуретиң жетет, меники жетпейт, Сен билесиң, мен билбеймин жана Сен кайыптарды эң жакшы Билүүчүсүң! Аллахым! Эгер Сен ушул[6] … ишти менин диним, жашоом жана ишимдин натыйжасы үчүн жакшы деп билсең, аны мага тагдыр кыл, жеңил кыл жана берекелүү кыл!

| | |
|---|---|
| Маркумдарга дуба кылганда | **Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам өлүктөр үчүн мындай дуба кылган:**<br>« اللَّهُمَّ اغْفِرْ لَهُ وَارْحَمْهُ، وَعَافِهِ وَاعْفُ عَنْهُ، وَأَكْرِمْ نُزُلَهُ، وَوَسِّعْ مُدْخَلَهُ، وَاغْسِلْهُ بِالْمَاءِ وَالثَّلْجِ وَالْبَرَدِ، وَنَقِّهِ مِنْ الْخَطَايَا كَمَا نَقَّيْتَ الثَّوْبَ الأَبْيَضَ مِنْ الدَّنَسِ، وَأَبْدِلْهُ دَارًا خَيْرًا مِنْ دَارِهِ، وَأَهْلاً خَيْرًا مِنْ أَهْلِهِ، وَزَوْجًا خَيْرًا مِنْ زَوْجِهِ، وَأَدْخِلْهُ الْجَنَّةَ، وَأَعِذْهُ مِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ وَمِنْ عَذَابِ النَّارِ »<br>«Эй, *Аллахым! Ага ырайым кыл, аны кечир, ага бейпилдик бер! Барганда урматтуу кыл, кирээр ордун кенен кыл! Аны суу, кар жана мөндүр менен (жууган сыяктуу) жууп-тазала! Анын күнөөлөрүн ап-апак чапанды кирден тазарткан сыяктуу тазарт! Ага бүл дүйнөдөгүсүнөн жакшыраак үй, жакшыраак эл-бүлөө, жакшыраак жуп-түгөй насип кыл! Аны бейишиңе киргиз жана кабыр азабы менен тозок азабынан сакта*!» |
| Көрүстандын алдынан єткєнде | السلام عليكم دار قوم مؤمنين ـ أو: أهل الديار من المؤمنين ـ وإنا إن شاء الله بكم للاحقون، يرحم الله المستقدمين منّا والمستأخرين، نسأل الله لنا ولكم العافية، اللهم لا تحرمنا أجرهم، ولا تفتنّا بعدهم، واغفر لنا ولهم.<br>«*Ассаламу алайкум ɗара кавмиин мууминийн! Ва инни ин ша Аллах бикум лахикуун! Ярхамуллах ал мустакдимийна мина вал муста,хирийн! Нас, алуллаха лана ва лакум ал аафиях! Аллахумма ла тухарримна ажрохум ва ла туфаттинна ба,дахум! Вагфир лана ва лахум*!»[1] |
| Кайгы-капа маалында | «اللَّهُمَّ إِنِّي عَبْدُكَ وَابْنُ عَبْدِكَ وَابْنُ أَمَتِكَ نَاصِيَتِي بِيَدِكَ مَاضٍ فِيَّ حُكْمُكَ عَدْلٌ فِيَّ قَضَاؤُكَ أَسْأَلُكَ بِكُلِّ اسْمٍ هُوَ لَكَ سَمَّيْتَ بِهِ نَفْسَكَ أَوْ عَلَّمْتَهُ أَحَدًا مِنْ خَلْقِكَ أَوْ أَنْزَلْتَهُ فِي كِتَابِكَ أَوْ اسْتَأْثَرْتَ بِهِ فِي عِلْمِ الْغَيْبِ عِنْدَكَ أَنْ تَجْعَلَ الْقُرْآنَ رَبِيعَ قَلْبِي وَنُورَ صَدْرِي وَجَلَاءَ حُزْنِي وَذَهَابَ هَمِّي.<br>*Аллоҳумма, инний абдука вабну абдика вабну аматик. Наасиятий би ядик, маазин фийя ҳукмук. Адлун фийя қадооук. Ас,алука би куллисмин ҳува лак, саммайта биҳи нафсак ав анзалтаҳу фий китаабик, авис-таьсарта биҳи фи илмил ғойби индак: ан тажьуу-Қурьаана рабиьа қалбий ва нувра содрий ва жалааьа ҳузуний ва захааба ҳаммий!*"[2] |

---

Эгер Сен ушул … ишти менин диним, жашоом жана ишимдин натыйжасы үчүн жаман деп билсең, аны менден, мени андан буруп жибер! Жана кайда болсо да мага жакшылыкты тагдыр кыл! Кийин мени ага ыраазы кыл!»

[1] Эй, ыймандуулардын мекени! Силерге Аллахтын саламы болсун! Мен дагы Аллах каалаганда артыңардан барамын. Аллах биздин арабыздан мурда жана кийин өлгөндөрдү Өз ырайымына алсын! Силерге да, бизге да бейпилдик берсин! Эй, Аллахым! Алардын сообунан бизди кур калтырба, алардан кийин биздин башыбызга оор сыноолорду салба! Алардын да, биздин да күнөөлөрүбүздү кечир!» деп дуба кылуусу – сүннөт.

[2] «О, Аллахым! Мен Сенин пендеў жана пендеў менен кїўїўдїн баласымын. Менин маўдайым (тагдырым) Єз колуўда. Єкїмїў мага єтїїчї. Мен женіндегі чечимиў адилет. Мен Сенин Єзїўдї-Єзїў атаган, китебиўде тїшїргєн жана Єз алдыўдагы кайып илиминде сактаган бардык (улуу-кєркєм) ысымдарыўды ортого коюп суранам: Курааnды жїрєгїмдїн жазы, кєкїрєгїмдїн нуру жана бардык кайгы-капаларымды кетирїїчї кыла кєр!

# Пайдалуу соода

Аллах Таала инсан затын ааламдагы бардык макулуктардан абзел кылып жаратты, сүйлөө нээматын берди. Сүйлөшүү нээматынын жалгыз куралы – тил[1]. Пенде аны жакшылыкка да, жамандыкка да пайдалана алат. Жакшылыкка пайдаланганда тил өзүнүн ээсин эки дүйнөдө бакыт-таалайга, бийик даражаларга жеткирет. Ал эми ким жамандыкка пайдаланса аны эки дүйнөдө кайгылуу акыбеттерге кириптер кылат. Тил менен аткарыла турган жакшы амалдардын эң улугу Кураан окуу андан кийин Аллахты зикир кылуу. Аллахты зикир кылуунун абзелдигин баяндаган көп хадистер айтылган. Алардан бири мына бул: “Эй, уккула! Мен силерге эң жакшы амалдын кабарын билдирейинби? Ал амал Падышаңардын (Аллахтын) алдында силерге эң жакшы мүнөздөмө болуп берет, даражаңарды эң бийиктерге көтөрөт. Ал амал силер үчүн алтындарды жана (санаксыз) акчаларды садака кылгандан жакшыраак, душманыңарга жолугуп, (чер жазып) согушкандан жагымдуураак” (Сахаабалар:) “Ооба, айтыңыз” дегенде, (пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам:) “Ал – Аллахты зикир кылуу” – деди. *(Термизий)*. Дагы мындай деген: “Раббисин зикир кылып эскерген пенде менен зикир кылбаган пенденин мисалы тирүү менен өлүк сыяктуу” *(Бухарий, Муслим)* Аллах Таала бир кудсин хадисте айткан: “Мен пендемдимдин ойундагыдаймын жана мени эстегенде ал менен биргемин. Эгер ал Мени өзүнчө эскерсе, Мен дагы аны Өзүмчө эскеремин. Эгер элдердин алдында эскерсе, Мен аны алардан улугураак элдердин (периштелердин) алдында эскеремин. Эгер ал мага бир карыш жакындаса, Мен ага бир чыканак жакындаймын...” *(Бухарий)* дагы пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам бир хадисинде зикир кылгандарды мындай сыпаттаган: “Өзгөчө адамдар (соопто) озуп кетишти!” (Сахаабалар) сурашты: “Ким алар, эй, Аллахтын элчиси?” Айтты: Аллахты көп зикир кылган эркектер менен аялдар!” (Муслим). Ал сахаабаларына осуят кылып дагы мындай деген: “тилиңер ар дайым Аллахтын зикири менен нымдашып турсун!” *(Термизий)* Зикирдин пазилети жөнүндө мындан башка да көп аят-хадистер айтылган.

Сооптордун көбөйтүп берилүүсү: Жакшы (салих) амалдардын сооптору Кураан окуунун сообу сыяктуу көбөйтүп берилет. Бул эки нерсеге жараша болот: 1) Жүрөктөгү ыйман, ыклас, Аллахты сүйүү жана буларга натыйжа болуп келген иштерге жараша. 2) Тил сүйлөп зикир кылганда жүрөктүн ага пикир кылуу менен жор болушуна жараша. Эгер ушул шарттар толук табылса, Аллах Таала зикир кылуучунун бардык күнөөлөрүн өчүрүп, соопторун дагы толук берет. Кемчилдиктүү зикр кылгандарга да ошого жараша азыраак берилет.

**Зикирдин пайдасы жөнүндө** Шейхул Ислам: «Эгер адамдын жүрөгүн балык деп эсептесек, зикир – бул суу. Суу болбосо балыктын абалы эмне болот?» деген.

[1] Бирок бул эки миздїї курал

**Төмөндө зикирдин кээ бир пайдаларынын тизмеси:** ✷ Аллахты сүйүүнү, Ага жакындыкты, Андан коркууну, Ага тооба кылууну, кайтууну жаратат. Анын ыраазы болушуна, дайым сага назар салып туруусуна себеп болот. Ага итаат-ибадатта болуп турууга жардамы тиет. ✷ Жүрөктөн кам-кайгыны айдап, ордуна шаттык-кубанычты тартуулайт, жүрөктө тазалыкты күч-кубатты жана сергектикти жаратат. ✷ Жүрөктө бир боштук бар, аны Аллахтын зикиринен башка эч нерсе толтура албайт. Бир катуулук бар, аны да Аллахтын зикиринен бөлөк эч нерсе жумшарталбайт. ✷ Жүрөктүн шыпаасы, дарысы, ылаззаты – зикир! Бул ылаззатка тең келген ылаззат ааламда жок![1] Кайдыгерлик – жүрөктүн илдети. ✷ Зикирди аз кылуу адамдын мунафык экенине далил. Ал эми көбү болсо ыймандын күчтүүлүгүн, Аллахка болгон сүйүүнүн чындыгын билдирет. Анткени, ар бир жүрөк сүйгөнүн көп эскерет. ✷ Эгер пенде кененчилик, жеңилчилик убактысында зикири менен Аллах Тааланы тааныса, Аллах Таала аны башына оор иш түшкөндө тааныйт (жардам берет). Айрыкча, өлүм алдындагы өлүм далбасасы убактысында. Адамдын башына сөзсүз түшө турган машакаттардын бири – өлүм далбасасы[2]. ✷ Зикир Аллахтын азабынан кутулууга, асмандан тынчтык-бейпилдик түшүшүнө, Аллахтын ырайымы ороп алуусуна жана зикир кылуучуга периштелер истигфар[3] айтуусуна себеп болот. ✷ Зикир себептүү тил бейпайда сөздрдөн, кыйбаттан, ушактан, жалгандан жана башка жаман, арам сөздөрдөн машгул болот. ✷ Зикир эң жеңил ибадат болушуна карабастан, эң улук, эң абзел ибудаттардан. Ал – бейиштин көчөтү. ✷ Зикир адамдын салабатуу, ырахаттуу, жаркын жүздүү болушуна себеп болот. Себеби ал – нур! Дүйнөдө да, мүрзөдө да, акыретте да жарыгы тиет. ✷ Зикир өз ээсине Аллах Тааланын жана периштелеринин ырайымын алып келет. Аллах Таала Өзүн зикир кылган пендеси менен периштелерге сыймыктанат. ✷ Жакшы амал кылгандардын арасындагы эң абзелдери дагы, орозо кармагандардын арасында эң абзелдери дагы зикир кылуучулар. ✷Зикир ооруңду жеңил, кыйынчылыгыңда оңой кылат. Ырыскылуу болушуңа жана денеңдин кубаттуу болушуна шарт түзөт. ✷ Шайтанды айдайт, кордойт жана жер менен жексен кылат.

---

[1] Ошондуктан илгери бир заакир (Аллахты кєп зикир кылган) адам: «эгер дїйнє падышалары биз таткан ылаззаттан кабар таап калса, сарай-тактыларын таштап, биздин аса-таягыбызды талашмак» деген экен.

[2] Сахих булактарда айтылышынча денеден жанды сууруп алуу чиелешкен жїндєн чакыр тикенекти сууруп алуу сыяктуу оор иш экен. Ошол убакта ыйманы таза, Аллахты кєп зикир кылган адамдардын жанын периштелер камырдан кыл сууругандай жеўил чыгарып алышат. *(Караўыз: “Назиат” сїрєсїнїн башталгыч аяттары)*

[3] Истигфар – Аллах Тааладан кечирим суроо. Периштелер Аллахка жалбарып, зикир кылуучунун кїнєлєрїн кечиришин сурашат.

# Эртели-кеч окула турган күнүмдүк зикирлер

| Күнүмдүк зикир-дубалар | Канча жана качан? | Таасири, пазилети |
|---|---|---|
| Аят ал Курсий[1]: | Эрте менен жана кечинде. Жатаарда жана ар бир намаздан кийин | Шайтан жакындаша албайт, бейишке кирүүгө себеп болот |
| “Бакара” сүрөсүнүн акыркы эки аяты[2]: | Кечинде жана жатаарда | ар кандай жамандыктан сактайт |
| “Ыклас” сүрөсү, “Фалак” сүрөсү, “Ан-Нас” сүрөсү | Эрте менен 3 ирет, кечинде 3 ирет | Ар бир жамандыктан сактайт |
| **بِسْمِ اللهِ الَّذِي لاَ يَضُرُّ مَعَ اسْمِهِ شَيْءٌ فِي الأَرْضِ، وَلاَ فِي السَّمَاءِ، وَهُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ** “***Бисмиллаҳиллазий ла ядурру маъа исмиҳи шай,ун фил арди ва ла фис самаа ва хува ас Самийъул Алийм!***”[3] | Эрте менен 3ирет, кечинде 3 ирет | Кокустук-тан, зыяндан аман болот, |
| **أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ** “***Аузу би калиматиллаҳит таамати мин шарри маа холақ!***”[4] | Кечинде үч ирет. Бир жерге конгон адам дагы окуйт | Адамдын турган жерин ар кандай жамандыктан сактайт |

---

[1] ﴿ ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلْحَىُّ ٱلْقَيُّومُ ۚ لَا تَأْخُذُهُۥ سِنَةٌ وَلَا نَوْمٌ ۚ لَّهُۥ مَا فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِى ٱلْأَرْضِ ۗ مَن ذَا ٱلَّذِى يَشْفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذْنِهِۦ ۚ يَعْلَمُ مَا بَيْنَ أَيْدِيهِمْ وَمَا خَلْفَهُمْ ۖ وَلَا يُحِيطُونَ بِشَىْءٍ مِّنْ عِلْمِهِۦٓ إِلَّا بِمَا شَآءَ ۚ وَسِعَ كُرْسِيُّهُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضَ ۖ وَلَا يَـُٔودُهُۥ حِفْظُهُمَا ۚ وَهُوَ ٱلْعَلِىُّ ٱلْعَظِيمُ ﴾

**Аяттын мааниси:** «***Аллаһтан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, Өзү гана бар. (Ал) – түбөлүк Тирүү, (ар нерсени башкарып) Туруучу. Аны үргүлөө да, уйку да кармабайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында, Анын уруксаты болмоюн эч ким (эч кимге) шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын (бардык макулуктардын) келечегиндеги жана өтмүшүндөгү бардык нерселерди билет. Ал эми, алар (калк-калайыктар) болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын Курсийси асмандар жа-на Жерден да кенен. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Аны такыр чарчат-пайт. Жана Ал – эң Жогорку жана эң Улук***!”

[2] ﴿ ءَامَنَ ٱلرَّسُولُ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيْهِ مِن رَّبِّهِۦ وَٱلْمُؤْمِنُونَ ۚ كُلٌّ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ لَا نُفَرِّقُ بَيْنَ أَحَدٍ مِّن رُّسُلِهِۦ ۚ وَقَالُوا۟ سَمِعْنَا وَأَطَعْنَا ۖ غُفْرَانَكَ رَبَّنَا وَإِلَيْكَ ٱلْمَصِيرُ ﴿٢٨٥﴾ لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفْسًا إِلَّا وُسْعَهَا ۚ لَهَا مَا كَسَبَتْ وَعَلَيْهَا مَا ٱكْتَسَبَتْ ۗ رَبَّنَا لَا تُؤَاخِذْنَآ إِن نَّسِينَآ أَوْ أَخْطَأْنَا ۚ رَبَّنَا وَلَا تَحْمِلْ عَلَيْنَآ إِصْرًا كَمَا حَمَلْتَهُۥ عَلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِنَا ۚ رَبَّنَا وَلَا تُحَمِّلْنَا مَا لَا طَاقَةَ لَنَا بِهِۦ ۖ وَٱعْفُ عَنَّا وَٱغْفِرْ لَنَا وَٱرْحَمْنَآ ۚ أَنتَ مَوْلَىٰنَا فَٱنصُرْنَا عَلَى ٱلْقَوْمِ ٱلْكَٰفِرِينَ ﴿٢٨٦﴾ ﴾

**Мааниси:** “***Пайгамбар өзүнө Раббиси тарабынан түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди жана момундар дагы (ыйман келтиришти). Бардыгы Аллаһка, анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына ыйман келтирди (жана) "Биз Аллаһтын пайгамбарларынын арасынан эч кимисин ажыратып (ишенбей) койбойбуз. Оо, биздин Рабби! Биз (Сенин өкүмүңдү) уктук жана (аларга) моюн сундук! Бизди кечире көр! Жана сага гана кайтабыз" дешти. Аллаһ эч бир жанды кудурети жетпеген нерсеге буюрбайт (ар кимдин) пайдасы да өз иши(нен), зыяны да өз иши(нен) Оо, биздин Рабби! Эгер унутсак же ката кетирсек бизди жазалаба?! Оо, Раббибиз! Мойнубузга, бизден мурункуларга жүктөгөндөй оор ишти жүктөбө! Оо, Раббибиз! Биздин їстїбїзгє кудуретибиз жетпеген нерселерди жїктєбє! Биздин күнөөлөрүбүздї єчїр жана кечир, бизге ырайым кыл! Өзүң биздин Кожоюну-бузсуң! Каапыр коомдорго каршы бизге жар-дам бер***!”

[3] Анын ысымы менен (баштаганда) не жердеги, не асмандагы нерселер зыян жеткире албай турган Аллахтын ысымы менен баштаймын! Ал – Угуучу, Билүүчү!

[4] Мен Аллахтын кемчилдиксиз сөздөрү менен Өзү жараткан нерселердин жамандыгынан коргоо тилеймин!

| | | |
|---|---|---|
| **حسبي الله لا إله إلا هو عليه توكلت وهو رب العرش العظيم** “***Ҳасбияллоҳу ла илаҳа илла Ҳув, алайҳи таваккалту ва ҳува Роббул аршил азийм***!”[1] | Эрте менен 7 ирет, кечинде 7 ирет | Эки дүйнөнүн зарыл иштеринде Аллах жетиштүү жардамчы болот |
| رضيت بالله ربًا، وبالاسلام دينًا، وبمحمد ﷺ نبيًا “***Розийту биллаҳи роббан ва бил ислами дийнан ва би Муҳаммадин саллллоҳу алайҳи ва саллама набийян***”[2] | Эрте менен 3 ирет, кечинде 3 ирет | Бул адамды ыраазы кылыш Аллахка милдет болот. |
| **Эрте менен:** **اللهم بك أصبحنا وبك أمسينا وبك نحيا وبك نموت وإليك النشور** “***Аллоҳумма бика асбаҳна ва бика амсайна ва бика намууту ва илайкан нушуур!***”[3] **Кечинде:** **اللهم بك أمسينا وبك أصبحنا وبك نحيا وبك نموت وإليك المصير** “***Аллоҳумма бика асбаҳна ва бика амсайна ва бика намууту ва илайкал масийр***!”[4]. | Эрте менен жана кечинде | Муну окуп жүрүүгө пайгамбарыбыз (с.а.в.) кызыктырган |
| **أصبحنا على فطرة الإسلام، وكلمة الإخلاص، ودين نبينا محمد ﷺ وملة أبينا إبراهيم ﷺ حنيفًا مسلمًا وما كان من المشركين.** “***Асбаҳна ала фитратил ислами, ва калиматил ихласи, ва дийни набиййина Муҳаммадин саллаллоҳу алайҳи ва саллама ва миллати абийна Иброҳийма ҳанийфан муслиман ва ма каана минал мушрикийн!***”[5] | Эрте менен | Пайгамбарыбыз-дын дубалары-нан бири |
| **Эрте менен:** **اللّهُمّ ما أَصْبَحَ بِي مِنْ نِعْمَةٍ أو بِأَحَدٍ مِنْ خَلْقِكَ فَمِنْكَ وَحْدَكَ لا شَرِيكَ لَكَ فَلَكَ الْحَمْدُ وَلَكَ الشّكْرُ.** «***Аллоҳумма*** ма асбаҳа ***бий мин неъматин ав би аҳадин мин холқика фа минка ваҳдака, ла шарийка лака, фа лакал ҳамду ва лакашшукру***!»[6] **Кечинде:** **اللّهُمّ مَا أَمسى بِي مِنْ نِعْمَةٍ أو بِأَحَدٍ مِنْ خَلْقِكَ فَمِنْكَ وَحْدَكَ لا شَرِيكَ لَكَ فَلَكَ الْحَمْدُ وَلَكَ الشّكْرُ.** «***Аллоҳумма*** ма амсаа ***бий мин неъматин ав би аҳадин мин холқика фа минка ваҳдака, ла шарийка лака, фа лакал ҳамду ва лакашшукру***!»[7] | Эрте менен жана кечинде | Эрте менен жана кечиндеги шүгүр кылуу |
| **Эрте менен:** **اللهُمّ إنّى أصْبَحْتُ أُشْهِدُكَ وَأُشْهِدُ حَمَلَةَ عَرْشِكَ وَمَلاَئِكَتِكَ وَأنْبِيَائَكَ وَجَمِيْعِ خَلْقِكَ بِأنّكَ أنتَ اللهُ لاَ إلهَ إلاّ أنتَ وَأنّ مُحَمّدًا عَبْدُكَ وَرَسُوْلُكَ.** “***Аллоҳумма инний*** асбаҳту ***ашҳадука ва ашҳаду ҳамалати аршика ва малааикатика ва анбияика ва*** | Эрте менен 4 ирет, Кечинде 4 | Ким ушул дубаны эрте менен 4 ирет, Кечинде 4 |

---

[1] «Мага Аллах жетиштүү. Эч бир илах жок, Өзү бар. Өзүнө тобокел кылдым жана Ал Улуу Арштын Ээси»

[2] Аллахты Раббим деп, исламды диним деп, Мухаммад (с.а.в.)ды пайгамбарым деп ыраазы болдум

[3] «Аллахым! Сен(ин зикириң) менен таң аттырдык, Сен(ин зикириң) менен кечке кирдик. Сен(ин зикириң) менен жашайбыз, Сени эстеп өлөбүз жана Өзүңө чогулуп барабыз»

[4] «Аллахым! Сен(ин зикириң) менен кечке кирдик. Сен(ин зикириң) менен таң аттырдык, Сен(ин зикириң) менен жашайбыз, Сени эстеп өлөбүз жана Өзүңө кайтып барабыз»

[5] Ислам табияты, ыклас келмеси, пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.)дын дини жана Ибрахим алейхи саламдын миллаты[5] боюнча, акыйкат үстүндө жана мусулман болгон абалда таң аттырдык. Мушриктерден болбодук!

[6] Аллахым! Менде жана пенделериңден бириндe болгон эрте менeнки нээмат жалгыз Сен себептүү! Сенин шеригиң жок! Сага моктоо жана шүгүр!

[7] Аллахым! Менде жана пенделериңден бириндe болгон кечки нээмат жалгыз Сен себептүү! Сенин шеригиң жок! Сага моктоо жана шүгүр!

| | | |
|---|---|---|
| ***жамийъи холқика, би аннака Анта Аллоҳу ла илаҳа илла Анта ва анна Муҳаммадан абдука ва росулука***!”[1]<br>**Кечинде:**<br>**اللهُمّ إنّى أمسيت أُشْهدُكَ وَأُشْهدُ حَمَلَةَ عَرْشِكَ وَمَلاَئِكَتِكَ وَأَنْبِيَائَكَ وَجَمِيْعِ خَلْقِكَ بِأَنّكَ أنتَ اللهُ لاَ إلهَ إلاّ أنتَ وَأنّ مُحَمّدًا عَبْدُكَ وَرَسُوْلُكَ**<br>“***Аллоҳумма инний*** амсайту ***ашҳадука ва ашҳаду ҳамалати аршика ва малааикатика ва анбияика ва жамийъи холқика, би аннака Анта Аллоҳу ла илаҳа илла Анта ва анна Муҳаммадан абдука ва росулука***!”[2] | ирет | ирет айтса Аллах аны тозоктон азат кылат. |
| **اَللّهُمّ عَالِمَ الْغَيْبِ وَالشّهَادَةِ، فَاطِرَ السّمَوَاتِ وَالأَرْضِ، وَرَبّ كُلِّ شَيْءٍ وَمَلِيكَهُ، أَشْهَدُ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاّ أَنْتَ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرّ نَفْسِي وَشَرّ الشّيْطَانِ وَشِرْكِه**<br>“***Аллоҳумма Фаатирас самаавати вал арди, Аалимал ғойби ваш шаҳаада, Робба кулли шай,ин ва Малийкуҳу, ашҳаду ан ла илаҳа илла Анта, ауузу бика мин шарри нафсий ва шарри ш шайтони ва ширкиҳи***!” [3] | Эртели-кеч жана жатаарда | Шайтандын азгырыгынан сактайт |
| **اَللّهُمّ إِنّى أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْهَمّ وَالْحَزَنِ ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الْعَجْزِ وَالْكَسَلِ ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الْبُخْلِ وَالْجُبْنِ ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ غَلَبَةِ الدّيْنِ وَقَهْرِ الرّجَالِ**<br>“***Аллоҳумма инний ауузу бика минал ҳамми вал ҳазани вал ажзи вал касали ва ауузу бика минал бухли вал жубни ва ауузу бика мин ғолабатид дайни ва қоҳрир рижаали***” [4] | Эртели-кеч бирден | Кайгы-капасын кетирип, карызынан кутулууга пайдасы тиет |
| **اللّهُمّ أَنْتَ رَبِّي لا إِلَهَ إلا أَنْتَ خَلَقْتَنِي وَأَنَا عَبْدُكَ وَأَنَا عَلَى عَهْدِكَ وَوَعْدِكَ مَا اسْتَطَعْتُ أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرّ مَا صَنَعْتُ أَبُوءُ لَكَ بِنِعْمَتِكَ عَلَيّ وَأَبُوءُ لَكَ بِذَنْبِي فَاغْفِرْ لِي فَإِنّهُ لا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إلا أَنْتَ.**<br>“***Аллоҳумма Анта Роббий ла илаҳа илла Анта холақтаний ва ана абдука ва ана ала аҳдика ва ваъдика мастатаъту. Ауузу бика мин шарри ма сонаъту, абув,у лака би неъматика алаййа, ва абув,у лака би занбий. Фағфир лий фа иннаҳу ла яғфируз зунууба илла Анта***!” [5] | Бул зикир “Саййидул истигфаар” деп аталат. Эртели кеч айтылат. | Ким ушуну чын жүрөктөн күндүзү же кечинде айтып өлсө бейиши болот. |

[1] Аллахым! Мен Сени, Сенин Аршыңды көтөргөн периштелерди, алардан башка периштелерди, пайгамбарларыңды жана бардык калк-калайыгыңды күбө кылып: «Сен Өзүңдөн башка сыйынууга татыктуу кудай жок болгон Аллахсың жана Мухаммад Сенин кулуң жана элчиңдир!» деген абалда таңга кирип келдим!

[2] Аллахым! Мен Сени, Сенин Аршыңды көтөргөн периштелерди, алардан башка периштелерди, пайгамбарларыңды жана бардык калк-калайыгыңды күбө кылып: «Сен Өзүңдөн башка сыйынууга татыктуу кудай жок болгон Аллахсың жана Мухаммад Сенин кулуң жана элчиңдир!» деген абалда таңга кирип келдим!

[3] Эй, Аллахым! Кайыпты жана ашкерени Билүүчү! Асмандарды жана жерди жаратуучу! Ар нерселердин Раббиси жана падышасы! Мен: “эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, жалгыз Өзүң гана барсың” деп күбөлүк беремин! Мен өз нафсимдин жамандыгынан жана Шайтан менен анын ширкинин жамандыгынан Сенин коргооңо калкаланамын!

[4] Эй, Аллахым! Мен кайгы-капачылыктан, алсыздык жана ооруудан, бакылдык жана коркоктуктан, карызга жеңилип калуу жана адамдардын каарынан коргоо тилеп Өзүңө гана жалбарамын!

[5] Эй, Аллахым! Сен менин Раббимсиң! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, жалгыз Өзүң гана барсың! Мени Сен жараткансың. Мен Сенин пендеңмин. Мен колуман келишинче Сага берген убадамды аткарамын! Бардык Өзүң жараткан нерселердин жамандыгынан Өзүң сакта! Мага берген нээматтарыңды жана Сенин алдыңда күнөөкөрлүгүмдү мойнума аламын! Мени кечир! Күнөөлөрдү Сенден башка ким кечирмек эле!

| | | |
|---|---|---|
| اَللّٰهُمَّ رَحْمَتَكَ أَرْجُو فَلاَ تَكِلْنِي إِلَى نَفْسِي طَرْفَةَ عَيْنٍ وَأَصْلِحْ لِي شَأْنِي كُلَّهُ لاَ إِلَهَ إِلاَّ أَنْتَ<br>*“Аллоҳумма роҳматака аржув фа ла такилний ила нафсий турфата айнин! Ва аслих лий шаъний куллаҳу! Ла илаҳа илла Анта!”*[1] | Эрте менен жана кечинде. | Пайгамбарыбыз (с.а.в.) муну кызы Фатимага осуят кылган. |
| اللهم عافني في بدني، اللهم عافني في سمعي، اللهم عافني في بصري، اللهم إني أعوذ بك من الكفر والفقر، اللهم إني أعوذ بك من عذاب القبر لا إله إلا أنت.<br>“*Аллоҳумма аафиний фий баданий, аллоҳумма аафиний фи самъий, аллоҳумма аафиний фи басорий, аллоҳумма инний ауузу бика минал куфри вал фақри, аллоҳумма инний ауузу бика мин азаабил қобри ла илаҳа илла Анта*!”[2] | Эрте менен жана кечинде. | Пайгамбарыбыз- дын дубала-рынан бири |
| اَللّٰهُمَّ إِنِّى أَسْأَلُكَ الْعَافِيَةَ فِى الدُّنْيَا وَالآخِرَةِ اَللّٰهُمَّ إِنِّى أَسْأَلُكَ الْعَفْوَ وَالْعَافِيَةَ، فِى دِينِى وَدُنْيَايَ وَأَهْلِى وَمَالِى اَللّٰهُمَّ اسْتُرْ عَوْرَتِى وَآمِنْ رَوْعَاتِى اَللّٰهُمَّ احْفَظْنِى مِنْ بَيْنِ يَدَيَّ وَمِنْ خَلْفِى وَعَنْ يَمِينِى وَعَنْ شِمَالِى وَمِنْ فَوْقِى وَأَعُوذُ بِعَظَمَتِكَ أَنْ أُغْتَالَ مِنْ تَحْتِى<br>“*Аллоҳумма инний ас,алукал аафията фид дуня вал аахироти, аллоҳумма инний ас,алукал афва вал аафия фий дийний ва дуняйий, ва аҳлий ва маалий, аллоҳуммастур авротий, ва аамин ровъотий, аллоҳуммаҳфизний мин байни ядаййа ва минхолфий, ва ан ямийний ва ан шимаалий, ва мин фовқий. Ва ауузу би азоматика ан уғтаала мин таҳтий*!”[3] | Эрте менен жана кечинде | Расулуллах (САВ) бул дубаны ар дайым эрте менен жана кечинде окуп жүргөн |
| سبحان الله وبحمده عدد خلقه، ورضا نفسه، وزنة عرشه، ومداد كلماته<br>“*Субҳаналлоҳи ва би ҳамдиҳи адада холқиҳи ва ризоа нафсиҳи ва зината аршиҳи ва мидаада калимаатиҳи*!”[4] | Эрте менен 3 ирет | Эртеден кечке чейин зикир кылып отургандан да сообу чоңураак |

---

[1] Эй, менин Аллахым! Сенин ырайымыңды үмүт кыламын! Мени бир көз ирмемге болсо да өзүмө таштап койбо! Менин бардык абалымды оңдо! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, бир гана Өзүң барсың!

[2] Эй, менин Аллахым! Менин денемди, кулагымды, көзүмдү сак-саламат кыл! Эй, менин Аллахым! Мени каапырчылыктан, кембагалчылыктан сакта! Эй, менин Аллахым! Мени кабыр азабынан сакта! Өзүңдөн башка сыйынууга татыктуу кудай жок!

[3] “Эй, Аллахым! Мен Сенден дүйнө жана акыретте тынчтык-бейпилдик тилеймин! “Эй, Аллахым! Мен Сенден динимде жана дүйнөмдө, үй-бүлөмдө жана малымда тынчтык-бейпилдик тилеймин! “Эй, Аллахым! Менин абийиримди бекиткин, коркуумду бейпилдикке айланткын! “Эй, Аллахым! Мени алды жана арт жагымдан, оң жана сол тарабымдан, ошондой эле, үстүмдөн сактагын! Астымдан да жашыруун өлүмгө жолугуп калумудан Өзүң сактай көр!”

[4] Аллахка жараткан нерселеринин санынча, Өзү ыраазы болгончо, Аршынын салмагынча жана Сөздөрүнү узундугунча мактоо жана тазалык!

# Шариятта буюрулган 82 сооптуу сөздөр жана иштер, далилдери менен.

| N | Сооптуу иштер жана сөздөр | Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам айткан: |
|---|---|---|
| 1 | *«ла илааха иллаллаху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува алаа кули шайьин Кадийр»* | «Кимде-ким бир күндө жүз тирет *«ла илааха иллаллаху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува алаа кули шайьин Кадийр»* десе, он кул азат кылгандай болот, жүз сооп жазылып, жүз күнөөсү өчүрүлөт жана ошол айткан күнү кечке чейин шайтандан коргоо болот. (Кыяматка) эч ким мындан абзел амал алып келе албайт, аны ушундан (жүздөн) көп айткан адамдан башка» |
| 2 | *«субханаллах, вал хамду лиллах ва ла илааха иллаллоху валлоху акбар»* | «Исра түнүндө [1] мен Ибрахим алейхи саламга жолукканда ал «эй, Мухаммад, менден үммөтүңө салам айт жана аларга мындай кабарды жеткир: «бейиш деген таза-пакиза, суусу таттуу, анда жашыл талаалар бар, эгиндери: *«субханаллах, вал хамду лиллах ва ла илааха иллаллоху валлоху акбар»* |
| 3 | *«субханаллах, ва би хамдих» «субханаллах, ва би хамдих, субханаллах ал-Азийм»* | «Ким күнүнө жүз ирет *«субханаллах, ва би хамдих»* десе, деңиздин көбүгүнчө күнөөсү болсо да кечирилет. Кыяматта эч ким ушунча сооп менен келбейт, бир гана ошнчо же андан ашырып айткан адам гана көбүрөөк сооп менен келе алат». «Эки сөз бар, тилге жеңил бирок, (Кыяматтагы) таразада оор жана Рахманга сүйкүмдүү. Алар: *«субханаллах, ва би хамдих, субханаллах ал-Азийм»* |
| 4 | *«ал – ла хаула, ва ла кувваата илла билах»* | «Эй, уккула, мен силерди бейиш казналарынан бир казнага жолдойунбу?» «мен «ооба» дедим эле, расулуллах саллаллаху алайхи ва саллам *«ал – ла хаула, ва ла кувваата илла билах»* келмеси» деди. |
| 5 | **Бейишти тилєє жана тозоктон куткарууну суроо** | Ким (Аллахтан) бейишти тилесе бейиш «Эй, Аллахым! Аны бейишке киргиз» дейт , ал эми ким тозоктон куткарууну сураса, тозок «Эй, Аллахым! Аны тозоктон куткар!» дейт. |
| 6 | **Мажилистин каффараты** | «Ким бир мажилисте отуруп, бейчеки сөздөрдү көп сүйлөсө, ошол ордунан турганга чейин *«субханаллах, ва би хамдих, ашхаду алла илааха иллаа анта. Астагфирука ва атувбу илайк»* десе айткан сөздөрүнүн күнөөсү кечирилет». |
| 7 | **“Кахф” сїрєсїнєн аят жаттоо** | «Ким «Кахф» сїрєсїнїн башынан он аят жаттаса, Дажжалдын азгырыгынан аман болот». |
| 8 | **Пайгамбары-бызга салават айтуунун пазилети** | «Ким мага бир ирет салават айтса[2], ага Аллах он ирет салават айтат жана анын он күнөөсүн өчүрүп, даражасын он эсеге өйдөлөтөт.» |
| 9 | **Кураан окуунун пазилети** | «Ким бир күн-түндө элүү аят Кураан окуса, «кайдыгерлерден эмес» деп жазылат. Ким жүз аят окуса, «моюн сунуучулардан» деп жазылат. Ким эки жүз аят окуса, кыяматта Кураан анын пайдасына сүйлөйт. Ал эми, беш жүз аят окуган адам кинтар-кинтар[3] соопко ээ болот» «Ким «кул хуваллоху ахадты» он ирет окуса, Аллах ага бейиштен бир үй куруп |

[1] «Исра тїнї» - пайгамбарыбыз №ды Аллах Таала Маккадан Байтул-Макдиске (Иерусалимге) алып барып, андан асманга чыгарып, беш убак намазды парыз кылган тїн.
[2] Салават айтуу – «саллаллоху алайхи ва саллам» же «ассолату вассаламу алайка я, расулаллох» деп пайгамбарыбызга Аллахтан ырайым тилєє.
[3] Кинтар – єтє кєп деген мааниде

| | | |
|---|---|---|
| | | берет». «Кул хуваллоху ахад» Кураандын үчтөн бирине татыган сүрө» |
| 10 | **Азан айтуунун сообу** | «Азан айтуучунун добушун уккан ар бир адам, жин же башка нерсенин баары кыяматта (анын пайдасына) күбөлүк берет» «Азан айтуучулар кыяматта эң мойну узун адамдардан[1] болот» |
| 11 | **Азандын артынан ээрчип азан келмелерин айтуунун жана азандан кийин дуба кылуунун пазилети** | «Ким азан добушун укканда ***«Аллахумма, Рабба хазихид-даьватит-таамматти, вас-солатил коимати, аати Мухаммаданил васийлата вал фадийла. Вабьасху макооман махмууданиллазий ваьадтах[2]»*** десе, кыяматта ага менин шапаатым насип болот» |
| 12 | **Жакшынакай даарат алуунун пазилети** | «Ким даарат алганда жакшынакай (бардык эрежелерин ордуна коюп) кылса, денесинен күнөөлөрү чыгып кетет. Жадакалса, тырмагынын астындагылары да калбайт» |
| 13 | **Даарат алгандан кийинки дубанын пазилети** | «Силерден киминңер толук, жеткилең даарат алып, кийин: «ашхаду анла илааха иллаллаху ва анна Мухаммадан абдуллахи ва расулуху» десе, ага бейиштин сегиз дарбазасы ачылат жана каалаганынан кирет» |
| 14 | **Даарат намазынын пазилети** | «Ким жакшынакай даарат алып, туруп эки ирекет (даарат) намазын дит менен окуса, ага бейиш(ке кирүү) важып болот» |
| 15 | **Жаммат намазына баруунун сообу** | «Ким жаммат намазына катышканы барса, баргандан келгенге чейин бир кадам таштаса бир күнөөсү өчүрүлөт, экинчи кадамына бир сооп жазылат» |
| 16 | **Жума күнүнө даярдануу жана эрте баруу** | «Ким Жума күнү жууса жана жуунса, кийин эрте убактысында жөнөсө, улоого минбесе, имамга жакын отурса жана бейчеки сүйлөбөй укса, анын ар бир кадамы үчүн бир жылдык (нафил) орозонун жана түнкү намаздардын сообу жазылат» «Бир адам Жума күнү жуунуп, колунан келгенче тазаланып, үйүндө болгон май жана атырлар менен сүртүнүп-себинип[3] чыкса жана (мечиттеги саптан) эки адамдын арасын ажыратпастан өзүнө жазылган намазды окуп, анан унчукпай отуруп имамды укса, анын эки Жума аралыгындагы күнөөлөрү кечирилет» |
| 17 | **Биринчи такбирге жетип баруу** | «Ким кырк күн жамаат намазынын биринчи акбирине жетип окуган болсо, ага эки азаттык насип болот: биринчиси тозоктон, экинчиси мунафыктыктан» |
| 18 | **Парыз намазды жамаат менен окуу** | “Жамаат менен окулган (парыз) намаз жеке оклгандан 27 даража жогору турат” |
| 19 | **Куптан жана Багымдат намаздарын жамаат менен окуу** | «Ким Куптанды жамаат менен окуса, жарым түндө туруп намаз окуган сыяктуу, ал эми ким Багымдат намазын жамаат менен окуса, ал түнү менен намаз окуп чыккандай» |
| 20 | **Биринчи сапта туруп намаз окуу.** | «Эгер адамдар азан менен биринчи саптын сообун билгенде, жаанын огу менен чүчүкулак кармашып (талашып) болсо да, жетип келишээр эле» |
| 21 | **Сүннөт намазга** | «Ким бир күн-түн ичинде он эки ирекет (нафил-сүннөт) намаз |

[1] Бул жерде мойну узундук бактылуулуктун белгиси

[2] Мааниси: «эй Аллахым! Ушул баралдуу чакыруунун жана убактысы келип калган намаздын Раббиси! Мухаммад №га ортомчулукту жана пазилетти бере көр! Аны Єзїў убада кылган Улуу Орунга (шапаата кылуу їчїн) жибер!»

[3] Бул хадистин атырга тиешелїїсї эркектерге гана таандык. Ал эми, аялдардын Жума намазына баруусуна тыюу жок болгону менен, кєчєгє атыр себинип чыгуусу – кїнєє

| | | |
|---|---|---|
| | **бекем болуу** | окуса, ага бейиштен бир үй курулат: Бешимдин алдынан 4 иреket, кийин 2 ирекет, Шамдан кийин 2 ирекет, Куптандан кийин 2 ирекет жана Багымдаттан мурун эки ирекет» |
| 22 | **Нафил намазды көбөйтүү жана аны жашыруу окууга тырышуу** | «Аллахка көп сажда кыл! Аллахка сажда кылган сайын Ал сенин даражаңды көтөрүп, каталарыңды өчүрө берет». «Пенденин жашыруун окуган бир ирекет нафил намазы, эл кєзїнчє окуган жыйырма беш ирекет нафилге теў» |
| 23 | **Багымдаттын сүннөтү менен парызы.** | «Багымдаттын эки ирекети бүт дүйнөдөн жана анын байлыгынан жакшы» «Ким Багымдат намазын окуса, ал Аллахтын коргоосунда болот» |
| 24 | **«Зуха» намазы.** | «Силердин ар бир муунуңар үчүн садака бар: ар бир тасбехиңер – садака, ар бир тахмидиңер – садака, ар бир тахлилиңер – садака, ар бир такбириңер – садака, ар бир жакшы (сооп) ишиңер – садака, ар бир жамандыктан кайтарууңар – садака. **Ушулардын бардыгынын сообу эки ирекет «Зуха» намазында»** |
| 25 | **Намазкана-сында Аллахты эскерген адам** | «Силерден бириңер намазканасында (намаз окуп бүткөндөн кийин) дааратын сактаган бойдон (зикир кылып) турса, периштелер ага салават айтып: «эй, Аллахым! Аны кечир, ага ырайым кыл!» деп дуба кылышат» |
| 26 | **Жамаат менен Багымдат намазын окугандан кийин тээ күн чыкканга чейин зикир кылып отурса** | «Ким Багымдат намазын жамаат менен окугандан кийин күн чыкканга чейин Аллахты зикир кылып отурса, кийин эки ирекет («Зуха» намазын) окуса, ага толук, толук, толук ажы кылган жана умра кылгандын сообу жазылат» |
| 27 | **Түнкү намаз үчүн ойгонуп, аялын дагы ойготкон адам** | «Ким түнкү намаз үчүн ойгонуп, аялын дагы ойготуп, экөө эки ирекеттен намаз окушса, Аллахты зикир кылуучулардын катарына жазылышат» |
| 28 | **Түнкү намаз үчүн ойгонууга ниет кылып, бирок, уктап калса…** | «Кайсы бир адам адаты боюнча түнкү намаз окуу үчүн ниет кылса бирок, уктап калса, Аллах Таала ага ошол намаздын сообун жазат жана уйкусу садака болот» |
| 29 | **Базарга киргендеги дуба** | «Ким базарга киргенде ***«Ла илаха иллаллоху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку, ва лахул хамду, юхйи ва юмийту, ва хаййун ла ямууту, би ядихил хайр, ва хува ала кули шайин Кадийр»*** десе, Аллах ага миў-миў сооп жазып, миў-миў кїнєєсїн єчїрїп, даражасын миў-миў эссе кєтєрєт» |
| 30 | **Парыз намаздардын артынан 33 ирет «субханаллах, валхамду лиллах, валаху акбар» деп, акырында «ла илаха иллаллаху…» деген зикир менен бүтүрсө…** | «Ким ар бир парыз намаздын артынан 33 ирет «субханаллах», 33 ирет «ал хамду лиллах» жана 33 ирет «Аллаху акбар» десе – мунун бардыгы 99 болот – анан акырында жүзүнчүсүнө «ла илаха иллаллаху вахдаху ла шарийка лаху, лахул мулку ва лахул хамду ва хува ала кули шайьин Кадийр» десе , эгерде деңиздин көбүгүнчө күнөөсүболсо да кечирилет» |
| 31 | **Ар бир парыз намаз артынан Аят ал курсийни окуу.** | «Ким ар бир парыз намаз артынан Аят ал Курсий аятын окуса, өлгөндө албетте бейишке түшөт» |
| 32 | **Оорулуу адамды көрүү** | «Кайсы бир адам күндүзү мусулман бурадарын көргөнү барса, ага кечке чейин жетимиш миң периште салават айтат. Эгер кечинде көргөнү барса, тээ таң атканга чейин ага жетимиш миң периште салават айтат жана ага бейиште түшүмдөр(ү) жыйналат» |
| 33 | **Балээге** | «Ким балээ-кырсыкка жолуккан адамды кєргєндє, «сага жеткен |

| | | |
|---|---|---|
| | **жолуккандарды көрсө...** | кырсыктан мени сактаган жана көп макулуктарынан абзел кылган Аллахка мактоо болсун!» десе, Аллах аны ошол кырсыктан сактайт» |
| 34 | **Мусыйбат жеткен адамга көңүл айтуу (аза билдирүү)** | «Мусыйбат жеткен бурадарына аза билдирген адамды Аллах Таала мырзалык «кийими» менен жасантат» |
| 35 | Жаназа намазына катышып, анан сөөктү жерге бергенге чейин узатып баруу | «Ким жаназа намазына катышса, ага бир **кыйрат** сооп, ким жаназага катышып, аны көмгөнгө чейин узатса, эки **кыйрат** сооп болот» Сураштты: «эки «кыйрат» деген эмне?» Айтты: «эки чоң тоо сыяктуу» |
| 36 | **Аллах үчүн мечит куруу** | «Ким Аллах үчүн тоок кепедей болсо да бир мечит курса, Аллах ага бейиштен бир үй куруп берет» |
| 37 | **Напака**[1] | «Ар бир таң аткан күндө эки периште түшүп, алардын бири «эй, Аллахым! Садака кылуучуга (байлыгын) дагы улантып бер» десе, экинчиси: «эй, Аллахым! Бакылга кааттчылык келтир!» деп дуба кылышат» |
| 38 | **Садака** | «Садака кылуу менен мал азайбайт. Аллах кечирген адамдын азиздигин ашырат, кичи пейил адамдын даражасын көтөрөт» (Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам:) «дирхам жүз миңден нтүп кетти» дегенде, «кантип, эй, Аллахтын элчиси?» деп сураштты. Анда (пайгамбарыбыз (с.а.в.): «бир адамдын эки дирхамы бар эле, бир дархамын садака кылды. Дагы бир адамдын көп дүйнө-мүлкү бар эле, бир бөлүгүнөн ажыратып жүз миң (дирхам) садака кылды». «Кайсы мусулман бир көчөт эксе же дан єндїрсє, кийин андан адамдар, айбандар жана куштар жесе, ушул ал адам їчїн саадака болот» |
| 39 | **Пайдасын албай карыз берүү** | «Кайсы бир мусулман башка мусулманга эки ирет (үстөксүз) карыз берсе, бир ирет садака бергендин сообуна ээ болот» |
| 40 | **Карызын төлөөдөн кыйналган адамга мөөнөт берүү** | «Ким кыйналган адамга карыз берип, мєєнєтї келгенге чейин кїтсє, ар бир кїнї їчїн бирден саадака жазылат. Ал эми мєєнєтї келгенден кийин дагы мєєнєт берсе бир кїнї їчїн экиден саадака жазылат» |
| 41 | **Аллах жолунда орозо** | «Ким Аллах жолунда бир күн орозо кармаса, Аллах Таала анын жүзүн тозоктон жетимиш жылдык жолго алыстатып койот» |
| 42 | **Ар бир айдан үч күн, Арафа күнү жана Ашура күнү орозо кармоо** | «Ким ар бир айдан үч күн орозо кармаса, өмүр бою кармагандай болот» ..Арафа күндүн орозосу жөнүндө суралганда «өткөн жана келерки жылдардын күнөөлөрүнөн каффаарат болот» деди. Ашура күндүн орозосун сурашканда «өткөн жылдарга каффарат болот» деп жооп берди. |
| 43 | **Шаввал айынан жети күн орозо кармоо** | «Ким (Рамазандагы) орозону тутуп, анын артынан Шаввалдан дагы жети күн тутса, өмүр бою орозо туткандай болот» |
| 44 | **Таравех намазын имам менен акырына чейин окуу** | «Эгер бир адам имам менен ал кеткенге чейин намаз окуса, ага бир түнкү намаздын сообу жазылат» |
| 45 | **Рамазандагы умра** | «Рамазан айындагы умра ажылыкка барабар же мен менен бирге ажы кылганга барабар» «Ким Каабаны (жети ирет) тооп кылса жана эки ирекет намаз окуса, бир кул азат кылгандай сооп табат» |
| 46 | **Кабыл болгон** | «Ким ээн оолдук кылбай, сөгүнбөй хаж кылса, үйүнө энесинен |

[1] Напака – Аллах жолунда акча-каражат жумшоо

| | | |
|---|---|---|
| | **ажылык** | жаңы төрөлгөндөй (күнөөсүз) абалда кайтат» ۞ «Кабыл болгон ажылык (хаж) үчүн бейиштен башка сыйлык жок» |
| 47 | **Зул-Хижжа айынын абалкы он күнүндөгү соон амал** | «Аллах Таалага эң сүйкүмдүү болгон амал – ушул: акыркы он күндүктөгү амалдар» Сурашты: «эй, Аллахтын элчиси! Аллахтын жолундагы жихад дагы буга тең келбейби?!» (Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам) айтты: «Ооба, Аллах жолундагы жихадтан дагы. Бирок, эгер бир адам жанын, малын аябай (жихадка) чыккан болсо жана ушулардан айрылып калса (мунун сообуна жетпейт)» |
| 48 | **Курмандык** | Пайгамбарыбыздын сахаабалары сурашты: «эй, Аллахтын элчиси! Бул кандай курмандык?» «Атаңар Ибрахимден калган курмандык» - деди. «Мунун жүнү кандай болот?» дешкенде, «ар бир кылы үчүн соон бар»-деди» |
| 49 | **Аалымдын сообу жана пазилети** | «Аалымдын ибадатчыдан абзелдиги силердин араңардагы эң төмөн дуружалуу адамдан менин абзелдигим сыяктуу» Кийин пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам мындай деди: «Албетте, Аллах, Анын периштелери, жер-асмандардын элдери, жадагалса, уясыдагы кумурска менен (суудагы) балыкка чейин, адамдарга илим үйрөткөн кишиге салават-салам айтышат» |
| 50 | **Аллахтан шейиттикти тилөө** | «Ким чын дилинен Аллахка жалбарып, шейиттикти тилесе, эгер төшөгүндө өлсө да Аллах аны шейиттердин даражаларына көтөрөт» |
| 51 | **Аллахтан коркуп ыйлоо жана Аллах жолунда кароолдо туруу** | «Эки көздү от кармабайт. Аллахтан коркуп ыйлаган көздү жана Аллахтын жолунда корукчулук менен таң аттырган көздү» |
| 52 | Аллахка тобокел кылып, от менен дарылануну, өзүнө дем салдырууну жана ырым-жырымдырды таштоо | Пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламдын түшүндө ага көп элдер көргөзүлдү. Бир эл-үммөт арасынан жетимиш миң адамдын бейишке эсеп-китепсиз (суроксыз) жана азапка кабылбай кирип кеткенин көрдү. Алар от менен дарыланбагандар, өзүнө дем салдырбагандар, ырым-жырым кылбагандар жана Раббисине тобокел кылгандар эле |
| 53 | Кичинекей бөбөктөрүн колтырып өлгөн адамдын сообу | «Кайсы мусулман пенде эрезеге жетпеген үч перзентти калтырып өлүп кеткен болсо, Аллах аны ошол бөбөктөргө ырайым кылганы себептүү бейишке киргизет» |
| 54 | **Көзүн жоготуп сабыр кылса…** | «Аллах Таала айтты: «эгер мен пендемдин эки сүйүктүүсүн – эки көзүн айтып жатат – алуу менен сынасам жана ал сабыр кылса, анын ордуна бейишти беремин» |
| 55 | Бир нерсени Аллахтан коркуп таштаса… | «Эгер сен бир нерсени Улуу Аллахтан коркуп таштасаң, Аллах сага андан жакшыраагын берет» |
| 56 | **Тил менен чатты сактоо** | «Ким мага эки ээги менен эки бутунун арасындагы нерсени сактаймын деп кепилдик берсе, мен анын бейишке түшүүсүнө кепилдик беремин» |
| 57 | **Тамак жегенде жана үйгө киргенде Аллахты зикир кылуу** | «Эгер силерден бириңер үйүнө кирсе, кирээрде жана тамактануунун алдынан «бисмилланы» айтса, шайтан (өзүнүн аскерлерине): «силерге бул үйдө жатканга да, тамактанганга да болбойт» дейт. Эгер кирээрде «бимсмилланы» айтпаса, шайтан (өз коомуна): «силерге жатакана табылды» дейт. Эгер тамактанаарда «бисмилланы» айтпаса, «силерге жатакана дагы, тамак-аш дагы табылды» дейт» |

| | | |
|---|---|---|
| 58 | **Жеп-ичкендин артынан жана жаңы кийим кийгенде «ал-хамду лиллах» ты айтуу** | «Ким тамак жегенден кийин «ал-хамду лиллахил-лазий атьаманий хаза ва разаканий мин гайри хавлин минний ва ла кувватин» десе, өткөн күнөөлөрү кечирилет» десе.., «жана жаңы кийим кийген адам «ал-хамду лиллахил-лазий касааний хаза ва разаканий мин гайри хавлин минний ва ла кувватин» десе өткөн күнөөлөрү кечирилет» |
| 59 | **Аллах ишин жеңилдетүүсүн каалаган адам…** | Фатима пайгамбарыбыз (с.а.в.) дан өзүнө жана күйөөсү Алиге бир кызматчы берүүсүн өтүнгөндө мындай жооп берди: «экөөңө сураганыңардан жакшыраак нерсе үйрөтөйүнбү? Эгер жатаарда 33 ирет «Аллаху акбар», 33 ирет «субханаллах», 33 ирет «ал-хамду лиллах» десеңер, бул силер үчүн кызматчыдан пайдалуураак» |
| 60 | **Кошулуу алдынан окулчу дуба** | «Эгер силерден бириңер аялына «келүүнү» кааласа: «бисмиллах, Аллахумма, жаннибнааш-шайтаана ва жаннибиш-шайтаана ма разактана» десин жана эгер Аллах ушул кошулуудан аларга перзент буюрган болсо, ага эч качан шайтан жолбойт[1]» |
| 61 | **Аял эрин ыраазы кылуусу** | «Эгер бир аял бешу бак намазын окуп, айлык орозосун кармап, өзүн арамдан сактап, күйөөсүнө моюн сунуп жашаса, (кыяматта) ага «бейиштин каалаган эшигинен кир!» деп айтылат» «Кайсы бир аял эрин ыраазы кылган абалда өлсө бейишке түшөт» |
| 62 | Ата-энеге жакшылык жана тууган-чылык | «Аллахтын ыразычылыгы атанын ыразычылыгында». «Ким ырыскысы кенен, өмүрү узун болушун кааласа – тууганчылык алакаларын уласын» |
| 63 | **Жетимди кепилдигине алуу** | «Мен жана жетимди кепилдигине алган адам бейиште мындай жанаша болобуз» деп, көрсөткүч бармагын ортоңкусуна улады |
| 64 | **Адептүүлүк** | «Албетте момун адам адеп-ахлагы менен түнү намаз окуган жана күндүзү орозо туткан адамдын даражасына жетише алат» |
| 65 | Калк-калайыкка ырайымдуулук | «Аллах ырайымдуу пенделерине ырайым кылат» «Силер жердегилерге ырайым кылгыла. Ошондо силерге асмандагы (Аллах) ырайым кылат» |
| 66 | Мусулмандарга жакшылык каалоо | «Силердин араңардан эч бир адам өзүнө жакшы көргөн нерсени мусулман бурадарына да жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайт» |
| 67 | **Ыйба** | «Ыйбалуулук жакшылыкты гана келтирет» «Ыйбалуулук – ыймандан» «Төрт нерсе пайгамбарлардын касиетинен: ыйбалуулук, атыр себинүү, мисвак колдонуу жана никелешүү» |
| 68 | **Салам берүү** | Бир адам келип «ассаламу алайкум» деп салам берди эле, пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам: «он сооп» деди. Анан дагы бир адам келип: «ассаламу алайкум ва рахматуллах!» дегенде «жыйырма сооп» деди. Кийин үчүнчү адам келип: «ассаламу алайкум ва рахматуллахи ва баракатуху!» деп салам айтты эле «отуз сооп» деди» |
| 69 | **Кол берип учурашуу** | «Эгер эки мусулман жолугуп кол берип саламдашса, ажырап (эки тарапка) кеткенге чейин күнөөлөрү кечирилет» |
| 70 | **Мусулмандын абийирин коргоо** | «Ким бир мусулмандын абийирин коргосо, Аллах анын жүзүн тозоктон коргойт» |

[1] Мааниси: «эй, Аллахым! Бизден жана бизге ырыскы катары бере турган перзенттерибизден шайтанды алыстат!»

| | | |
|---|---|---|
| 71 | **Салих адамдарды жана алар менен отурууну сүйүү** | «Сен (кыяматта) сүйгөнүң менен биргесиң» Анас айтты: *«Сахаабалар бул хадисти укканда сүйүнгөнчөлүк эч качан сүйүнүшкөн эмес»* |
| 72 | **Аллахтын улуулугу үчүн бири-бирин сүйгөндөр** | «Аллах айтты: «бири-бирин менин улуулугум үчүн сүйгөндөргө (кыяматта) пайгамбарлар менен шейиттер арзуу кыла турган нурдан жасалган минбар болот» |
| 73 | **Мусулман бурадарынын акысына дуба кылуу** | «Ким алдында болбогон мусулман бурадарынын акысына дуба кылса, анын жанында жүрчү периште «амин! Сага да ушундай болсун!» деп турат» |
| 74 | Момун эркек-аялдарга истигфар[1] айтуу | «Ким ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга истигфар айтса, Аллах алардын ар бирине бирден сооп жазат» |
| 75 | **Зыяндан жолду тазалоо** | «Мен бейиште бир адамдын бир дарак көлөкөсіндө чалкасынан жатканын көрдім. Ал адам ошол даракты, адамдарга зыян бергени їчїн кесип салган экен» |
| 76 | **Жаңжалды жана жалганды таштоо** | «Акылуу болуп туруп талашпаган адамга бейиштин четинен бир үй болушуна мен кепилмин. Дагы ким тамашалашып болсо да жалган сүйлөбөсө, ага бейиштин ортосунан бир үй болушуна кепилмин» |
| 77 | **Ачууну жутуу** | «Ким ачуусун чыгарууга мүмкүн болгон учурда аны жутуп жиберсе, кыяматта Аллах аны адамдардын алдына чакырып, каалаган үр-кызын тандап алууга мүмкүнчүлүк берет» |
| 78 | **Жакшы же жаман деп тилге алуу** | «Силер (эй, мусулман жамааты) кимди жакшы деп оозго алсаңар ага бейиш важып болот. Ал эми кимди жаман деп оозго алсаңар, ага тозок важып болот. Анткени, силер Аллахтын жердеги күбөлөрү болосуңар» |
| 79 | **Мусулмандын кайгысын кетирүү, орун жеңил кылуу, айыбын жабуу** | «Ким бул дүйнөдө мусулмандын бир кайгысын кетирсе, кыяматта Аллах анын кайгысын кетирет. Ким машакаттагы адамдын орун жеңил кылса, Аллах дүйнө-акыретте анын орун жеңил кылат. Ким бир мусулмандын айыбын бекитсе, Аллах дүйнө-акыретте анын айыбын бекитет. Пенде бурадарына жардам берген сайын Аллах ага жардам бере берет» |
| 80 | **Акырет кайгысы** | «Ким акырет кайгысын чексе, Аллах анын жүрөгүнө беймуктаждык салып, тегерегине адамдарды жыйнап берет. Анан дүйнө анын алдына мажбур түрдө келет» |
| 81 | **Адилеттүү аким, жакшы жигит, мечитке байлануу жана Аллах жолунда сүйүү** | «Жети тайпа адам бар, (кыяматта) эч кандай көлөкө жок болуп турганда аларды Аллах Өзүнүн көлөкөсүнө калкалайт. Алар: адилеттүү башчы, Раббисинин ибадаты менен чоңойгон жаш жигит, жүрөгү мечитке байланган адам, Аллах үчүн бири-бирин сүйгөн экөө. Алардын биригүүсү дагы ажырашуусу дагы ушул (Аллах) үчүн болсо. Дагы: сулуу жана мансаптуу аял «кел» дегенде, «Аллахтан коркомун» деген киши, оң колунун бергенин сол колу билбей кала турган даражада купуя садака кылган адам жана эч ким жок жерде Аллахты эскерип ыйлаган пенде» |
| 82 | **Истигфар Аллахтан кечирим суроо** | «Ким истигфарды бекем тутса, Аллах ар дайым анын жолун ачат, ар бир кайгыдан куткарат жана ойлобогон жагынан ырыскы жеткирет» |

[1] Бирнїн кїнєєсїн кечиришин тилеп аллахка жалбаруу

## Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам тыюу салган иштер:

| N | Кайтарылган иш | Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айтты: |
|---|---|---|
| 1 | **Амалы менен адамдардын ыразылыгын кєздєє** | Аллах тала айтты: «Мен шериктерге такыр муктаж болбогон Затмын. Ким єзїнїн бир амалында Мага башканы шерик кылса, ал адамды ошол ширки менен (кароосуз) таштап койомун!» |
| 2 | **Сырты жылтырак, ичи калтырак** | «Мен силерге бир коомдун кабарын берейин. Алар кыяматта Ак Тухаама тоосунчалык сооп менен келишет. Бирок Аллах ал соопту чачылган тозон сыяктуу кылат». Савбан айтты: «Эй, Аллахтын элчиси! Аларды бизге ачык сыпаттап берсеўиз. Дагы билбестиктин айынан ошолордон болуп калбайлы». Айтты: «Алар силер менен бир улуттагы (жердеш) эле адамдар. Силер тїнєгєн сыяктуу эле тїнєйт. Бирок, Аллах арам кылган нерселер менен ээн калса, арамга кол урушат». |
| 3 | **Текеберлик** | «Жүрөгүндө кыпын салмагындай текеберчилиги бар адам бейишке кирбейт» |
| 4 | **Сїйрєлгєн багелек** | «Ким менменсинип шымынын багелегин, кєнєгїнїн этегин жана селдесинин учун сїйрєлтїп кийсе, кыяматта Аллах ага назарын салбайт!» |
| 5 | **Кєрє албастык** | «Кєралбастыктан сактангыла! Анткени, жалын отунду (же кургак чєптї) кандай жалмаса, Кєралбастык дагы сооптордуу дал ошондой жеп койот!» |
| 6 | **Сїткордук** | «Расулуллах саллаллоху алайхи ва саллам сүткордукка жана анын пайдасын жеген адамга наалат айтты» «(Арам экенин) билип туруп жасалган сүткордуктан бир дирхам пайда жеп алуу отуз үч ирет зына кылгандан чоңураак күнөө!» |
| 7 | **Араккордук** | «Аракечтер, сыйкырга ишенгендер жана тууганчылыкты үзгөндөр бейишке кирбейт» |
| 8 | **Жалган** | «Адамдарды күлдүрүү үчүн жалган токуган адамга тозок болсун жана тозок болсун!» |
| 9 | **Тыўчылык** | «Ким адамдардын сөзүн, алардын жаман көргөнүнө карабай тыңшаса, кыяматта кулагына коргошум куюлат» |
| 10 | **Сїрєт тартуу** | «Кыяматта эң катуу азапка салынчу адамдар – сүрөт тарткандар» «Кайсы үйдө ит же сүрөт болсо – периште кирбейт» |
| 11 | **Ушак** | «Ушакчы[1] бейишке кирбейт» |
| 12 | **Кыйбат** | «Кыйбат эмне, билесиңерби?» (Сахаабалар:) «Аллах жана пайгамбары жакшыраак билет» дешти. Анда (пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам) айтты: «бурадарыңды ал жаман көргөн сыпат менен эскерүүң» Сураошты: «эгер мен айткан сөздөр ал бурадарымда бар болсочу?» Айтты: «эгер сен айткан нерсе бурадарыңда бар болсо, аны кыйбат кылган болосуң, эгер жок болсо доомат кылган болосуң» |
| 13 | **Наалат (каргыш)** | «Ыймандуу адамга наалат айтуу аны өлтүргөн менен барабар» «Шамалга наалат айтпагыла. Ага буюрулган. Ким бир нерсеге ылайык эмес наалат айтса, каргышы єзїнє кайтат» |

[1] Ушакчы – адамдардын арасын бузу їчїн сєз ташыган адам

| | | |
|---|---|---|
| 14 | **Сыр жайылтуу** | «Кыяматта, Аллахтын алдында адамдардын эң жаман даражада боло тургандарынан бири өзүнүн аялына жакындашып, аялы ага жакындашкандан кийин аялынын сырын (уяттуу белгилерин) жайган адам» |
| 15 | **Оозу жана пейили бузуктук** | «Кыяматта Аллахтын алдында адамдардын эң жаманы адамдар анын бузукулугунан коркуп катылбаган киши» «Адамдын эӱ кєп катасы тилинен» |
| 16 | **Мусулманды каапыр деп доомат кылуу** | «Кайсы бир адам (мусулман) бурадарын «эй, каапыр» десе, бул сөз экөөнөн бирине кайтат. Эгер ал айткандай болсо (ал каапыр) эгер андай болбосо, айткан адамдын өзүнө кайтат» |
| 17 | **Өзүн башка атага таңуулоо** | «Ким (андай эмес экенин билип туруп) өзүн атасынан башкага таңууласа ага бейиш арам болот» ۞ «Атаңардан баш тартпагыла. Ким атасынан баш тартса – бул каапырчылык!» |
| 18 | **Мусулманды коркутуу** | «Мусулман мусулманды коркутуусу адал эмес» ۞ «Ким мусулман бурадарына темир (курал) кезесе, качан анысын кайтарып алганга чейин ага периштелер наалат айтат» |
| 19 | **Ислам єлкєсїндє амандык берилген каапырды єлтїрїї** | «Ким келишимдеги адамды акысыз өлтүрсө бейиштин жытын жыттабайт. Чынында, бейиштин жыты жүз жылдык жолдон жыттанат» |
| 20 | **Аллахтын досторун душман тутуу** | «Аллах Таала айтат: «Ким Менин досумду душман тутса, Мен ага каршы согуш жарыялаймын!» |
| 21 | **Мунафыкты жана бузукуну «улуу-урматтуу» дебегиле** | Мунафыкты жана бузукуну «улуу-урматтуу» дебегиле. Эгер ал улуу-урматуу болуп кетсе, Раббиңерди ачууланткан болосуңар» |
| 22 | **Элди алдоо** | «Аллах бир адамды бир элге чабан (башчы) кылып койсо жана ал элди алдаган бойдон өлүп кетсе, Аллах ага бейишти арам кылат» |
| 23 | **Илими жок адамдын фатваа берүүсү** | «Кимге илимсиздик менен фатваа берилсе (жана ал ошону менен бир иш же ибадатты ката жасаса) анын күнөөсү фатваа берген адамга болот» |
| 24 | **Жума жана Асыр намазын окубоо** | «Ким жалкоолук менен їч Жума намазын окубай койсо, Аллах анын жїрєгїн мєєрлєп койот». «Ким Асыр намазын окубаса, амалы кїйїп кетет» |
| 25 | **Намазга кошкєӱлдїк** | «Биз менен алардын (каапырлардын) арасындагы келишим – намаз[1]. Ким аны окубаса каапыр болот» ۞ «Киши менен каапырчылык жана ширктин арасында намаз окубагандык гана бар» |
| 26 | **Намаз окуучунун алдынан єтїї** | «Намаз окуучунун алдынан өткөн адам өзүнө кандай зыян болушун билсе, анын алдынан өткөндөн көрө ага кырк (күн же жыл) токтоп (күтүп) турганы жакшыраак болот» |
| 27 | **Намаз окуучуларга зыян берїї** | «Ким (бышырылбаган) пияз, сарымсак жана куррас[2] жеген болсо, мечитибизге тап-такыр жолобосун! Анткени, адам баласы жийиркенген нерселерден периштелер дагы жийиркенет» |
| 28 | Жер басып алуу | «Ким зулумдук менен бир карыч жерди басып алса кыяматта Аллах мойнунун жети жеринен моюн турук салып койот» |

[1] Каапырлар исламга кирип жатканда «эгер исламга кирсеӱер сєзсїз намаз окуйсуӱар» деп шарт кылынат

[2] Пияздын бир тїрї. Пияз-порей

| | | |
|---|---|---|
| 29 | **Аллахтын ачуусун келтирген сөз** | «Пенде Аллахтын ачуусун келтирген сөздү сүйлөп, кенебей жүрө берсе, жетимиш жылдык алыстыктан тозокко ыргытылат» |
| 30 | **Аллахты зикир кылбай көп сүйлөө** | «Аллахтын зикири жок сөздү көбөйтпөгүлө. Аллахтын зикири болбогон көп сөз – бул ташбоордук» |
| 31 | **Кєп сїйлєє** | «Кыямат күндө мен эң жаман көргөн жана менин мажилисимден эң алыс адам силердин араңардагы келжиреп көп сүйлөгөн, маанисиз тантыраган адамдар» |
| 32 | **Аллахтын зикиринен бейкапар калуу** | «Кайсы коом єз мажилистеринде Аллахты зикир кылбай, пайгамбарга салават айтпай отурса, аларга (Аллах тарабынан) єч алуу болот. Бирок, Аллах кааласа кечирет, кааласа азаптайт. |
| 33 | **Мусулманды ашкере сєгїї** | «Бурадарыўды ашкере сєксєў, Аллах ага ырайым, сага сыноо жиберет». ❁ «Ким бурадарынын бир айыбын шылдыўдаса, єзї ошол айыпты жасамайынча єлбєйт» |
| 34 | **Эки мусулмандын араздашуусу** | «Ыймандуу адам үч күндөн ашык бурадары менен (жүз көрүшкүс болуп) араздашуусу адал эмес» ❁ «Ким бурадары менен араздашып бир жыл көрүшпөй жүрсө анын канын төккөн менен барабар» |
| 35 | **Кїнєєнї ашкере жасоо** | «Бардык їммєтїм кечирилет, бирок кїнєєнї ашкере кылгандар…» |
| 36 | **Жаман мїнєз** | «Балды уксус бузганы сыяктуу, жаман мїнєз амалды бїзат» |
| 37 | **Белегин кайтарып алган адам** | «Белегин кайтарып алган адам кусундусун кайта жутка нитке окшойт» ❁ «Берген белегин же сыйлыгын кайтарып алуу адам үчүн адал эмес» |
| 38 | **Кошунага зулум кылуу** | «Он аял менен зынаа кылуунун кїнєєсї кошунаннын аялы менен зына кылуудан жеўилирээк. Он їйгє уурулукка кирїї, кошунанын їйїнє уурулукка кирїїдєн жеўилирээк» |
| 39 | **Арамга назар салу** | «Адам баласына зынаадан тапкан тиешеси жазылат. (Анткени), эки кєздїн зынаасы – назар салуу, кулактын зынаасы – угуу, тилдин зынаасы – (уят сєз) сїйлєє, колдун зынаасы – кармоо, буттун зынаасы – баруу. Жїрєк деген (арамды) калайт, арзуу кылат. Ал эми жыныстык мїчє (ал арам каалоону) тастыктайт же жалганга чыгарат» |
| 40 | **Намахрам аялды кармалоо** | «Эркектер їчїн намахрам аялды(н денесин) кармагандан башына темир ийне сайгылаганы жакшыраак». ❁ «Мен аялдар менен кол берип учурашпаймын» |
| 41 | **«Шигар никеси»** | «Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам шигардан кайтарган». Шигар – бул эки адам бири-биринин кызына үйлөнүп, кыздарга махыр берилбей калуусу[1]. |
| 42 | **Єкїрїп ыйлоо** | «Кимге кошок айтылса, кыяматта ал себептїї азапка салынат» ❁ «Мїрзєдєгї єлїк, ага єкїрїп ыйлаганы себептїї азапка салынат» |
| 43 | **Аллахтан башканын атына ант ичүү** | «Ким Аллахтан башкага ант ичсе каапыр болду же мушрик болду» ❁ «Ким ант ичсе Аллахка гана ичсин, болбосо унчукпасын» |

---

[1] Бул эки адамдын бири-биринин кызына їйлєнїїсїнєн кайтаруу эмес, ошол алмашуу себептїї кыздарга махыр берилбей калуусунан кайтаруу. Эгер махыры берилсе мындай накеге тыюу жок

| | | |
|---|---|---|
| 44 | **Жалгандан ант ичүү** | «Ким ант ичип бир мусулмандын малын алган болсо жана ичкен анты жалган болсо, кыяматта Аллахка жолукканда ага каарын төгөт» |
| 45 | **Соодада ант ичүү** | Соодада көп ант иче бербегиле! Анкени ал сооданы өткөргөнү менен (берекени) өчүрөт» ۞ «Ант сооданы жүргүзгөнү менен берекени өчүрөт» |
| 46 | **Каапырларга окшошуу** | «Ким бир (каапыр) коомго окшосо – ошолордон» «Башкаларга өзүн окшоткондор бизден эмес» |
| 47 | **Мүрзөнүн үстүнө үй куруу** | «Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мүрзөнүн үстүнө жисс[1] куюудан, отуруудан жана үй куруудан кайтарган эле» (сахаабалардын сөзүнөн) |
| 48 | **Чыккынчылык, кыянат** | «Аллах кыяматта абалкы-акыркылардын баарын чогултканда ар бир кыянатчынын үстүнө байрак көтөрүлүп, «бул паланча чыккынчы!» деп шерменде кылынат» |
| 49 | **Мүрзөнүн үстүнө отуруу** | «Силерден бириңер мүрзөнүн үстүнө отургандан көрө чоктун үстүнө отурганы жана ал анын кийимин күйдүрүп, этине жабышып калганы жакшы» |
| 50 | **Элдерден сый талап кылуу** | «Ким єзїнїн урматына элдердин ордунан туруусун жакшы кєрсє, єзїнє тозоктон жай даярдай берсин!» |
| 51 | **Муктаж болбой туруп тиленїї** | «Пенде эгер (муктаж болбогон) нерсеге суроо эшигин ачса, Аллах ага кедейликтин эшигин ачат» |
| 52 | **Соодадада бааны көтөрүү** | «Жергиликтүү адам (алып-сатарлык кылып) чөлдүк адамга сатпасын! Бааны (жасалма түрдө) көтөрбөгүлө! Киши бурадарынын соодасынын үстүнө соода кылбасын!» |
| 53 | **Мечиттен жок издөө** | «Ким мечиттен жок издеген адамды укса, ага: «Аллах жоготконуңду кайтарбасын!» десин. Анткени, мечиттер бул үчүн курулбаган» |
| 54 | **Шайтанды сєгїї** | «Шайтанды сєкпєгїлє, анын жамандыгынан коргоо тилегиле». «Сахабалардан бири айтты: «Мен пайгамбарга учкашып бара жатканда, анын улоосу мїдїрїлїп кетти. Ошондо мен: «Шайтан єлсїн!» деп сєгїндїм. Анда Аллахтын элчиси айтты: «Сен «шайтан єлсїн!» десеў, ал менменсинип їйдєй боло калат дагы, «менин кїчїм менен болуптур» дейт. Андан кєрє «Бисмиллах!» дегин. Эгер ошентсеў шайтан кичирейип-кичирейип чымындай болуп калат». |
| 55 | **Ысытман ы сєгїї** | «Ысытма чыкса сєкпєгїлє. Кєрїк темирдин жытын кетиргени сыяктїї ал дагы адам баласынын кїнєєлєрїн кетирет» |
| 56 | **Адашуучу лукка чакыруу** | «Ким бир адашуучулукка чакырса (жана адамдар аны кабыл кылса) ага аны жасаган адамдардын күнөөсү дагы жүктөлөт. Муну менен алардын (ээрчигендердин) күнөөсү кемип калбайт» |
| 57 | **Суусундукка байланыштуу күнөөлөр** | «Аллахтын элчиси идиштин илебинен ичүүдөн кайтарган» ۞«Пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам турган абалда ичүүгө тыюу салган» ۞ «…үйлөп ичүүдөн кайтарган» |
| 58 | **Алтын же күмүш идиш менен ичүү** | «Алтын-күмүш идиштерде ичпегиле, жибекти, барча-кымкапты кийбегле! Алар бул дүйнөдө алар (каапырлар) үчүн, акыретте силер үчүн» |

[1] гипс

| | | |
|---|---|---|
| 59 | **Сол кол менен ичүү** | «Эч кимиңер сол колу менен жебесин жана ичпесин! Анткени, шайтан сол колу менен жеп-ичет» |
| 60 | Тууганчылыкты үзүү | «Тууганчылыкты үзгөн бейишке кирбейт» |
| 61 | Пайгамбар саллаллаху алайхи ва салламга салават айтпай коюу | «Алдында мен(ин ысымым) эскерилгенде мага салават айтпаган адам кор болсун!» ۞ «Бакыл – бул алдында мен эскерилгенде мага салават айтпаган адам» |
| 62 | **Ит асыроо** | «Ким уучу же корукчу иттен башкасын асырап, бакса ар күн сайын сообунан эки кыйрат[1] азая берет» |
| 63 | **Айбанды азаптоо** | «Бир аял мышыкты камап, өлгөнчө азапка салганы үчүн тозокко түштү» «Жандуу нерсени метке (мээлеп ата турган нерсе) кылып албагыла» |
| 64 | **Айбанга коңгуроо илүү** | «Периштелер ит же коңгуроо болгон жолоочуларга шерик болбойт» ۞ «Коңгуроо шайтандын обону» |
| 65 | **Нээмат берилген кінєєлії** | «Эгер сен Аллахтын, Єзінє кінєє кылган бир пендеге ал пенде сїйгєн нээматтарды берип жатканын кєрсєў, бул – «истидраж»[2] деди дагы тєменкї аятты окуду: ﴿ فَلَمَّا نَسُوا۟ مَا ذُكِّرُوا۟ بِهِۦ فَتَحْنَا عَلَيْهِمْ أَبْوَٰبَ كُلِّ شَىْءٍ حَتَّىٰٓ إِذَا فَرِحُوا۟ بِمَآ أُوتُوٓا۟ أَخَذْنَٰهُم بَغْتَةً فَإِذَا هُم مُّبْلِسُونَ ﴾ Анан, өздөрүнө эскертилген нерселерди (балээ-зыяндарды) унутуп (шайтанга жетеленип) калышканда, биз аларга бардык нерселердин эшигин ачык койдук.[3] Өздөрүнө берилген нерселер менен сүйүнүп турганда, капыстан, (күтпөгөн балээ менен) кармап койдук эле, дароо үмүтсүз абалда калышты. |
| 66 | **Дүйнөнү акыреттен абзел көрүү** | «Кимдин дүйнөдөн бөлөк кайгысы болбосо, Аллах кедейликти маңдайына алып келип койот, тегерегинен адамдарды таратат жана ал дүйнөдөн өзүнө тагдыр кылынгандан башкасына ээ боло албайт» |

[1] Єлчєм бирдиги
[2] Истидраждын мааниси «билдирбей кінєє тепкичтеринен кєтєріп, акырында азапка ылайык кылуу»
[3] Алар байлыкта, илимде, жыргал жашоо себептеринде.., деги эле дүйнөдө жогорку жетишкендикке жетишти.

# Түбөлүккө сапар

**(Бул сенин бейишке же тозокко кеткен жолуң)**

Аллах Таала айтты: Эй, ыйман келтирген пенделер! Аллахтан корккула! (Ар бир) жан эртеңи үчүн эмне алып барышына карасын!»

**Мүрзө**: Акыреттин башталышы. Каапыр жана мунафык үчүн жалындуу чуңкур, ал эми ыймандуулар үчүн гүлбак. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам мүрзөдөгү азапка себеп боло турган күнөөнүн түрлөрү бар экенин белгилеген. Алардан: сийдиктен тазаланбай жүрүү, кыйбат, жалган, уктап намазды өткөрүп жиберүү, Курааңды окубай таштап коюу, зына, бачабаздык, сүткорлук, карызды кайтарбоо ж.б. Ал эми, төмөнкү амалдар кабыр азабынан азат болууга себеп: Аллах үчүн калыс амал, кабыр азабынан коргоо тилеп дуба кылуу, «Мүлк» (Табаарак) сүрөсүн окуу ж.б.у.с. Кээ бир адамдар кабыр азабына тап-такыр жолукпайт. Алар: шейит өлгөндөр, Ислам коргоочулары, Жума күнү өлгөн ада жана курсак ооруудан каза болгон адам ж.б.

**Сур кернейин тартуу**: Сур – бул Исрафил периште демин жутуп, оозуна коюп, тартууга даяр турган чоң керней. Качан Аллахтан буйрук болор замат тартып жиберет. Сур тартуу эки ирет болот. Биринчиси, Аллах Таала айткандай өлтүрүүчү тартуу: «Сур (биринчи ирет) тартылганда асмандар жана жердеги бардык – Аллах каалагандардан башка – жандуулар өлөт». Анан аалам-дүйнө бузулат. Арадан кырк жыл өткөн соң экинчи сур тартылат. Бул кайра тирилтүү үчүн: «Кийин аны менен башкасы (экинчиси) тартылат дагы, алар туруп карап калышат»

**«Баьс» (Кайра тирилүү)**: Андан кийин Аллах Таала (эркектин бел суусу сыяктанган) жамгыр жаадырат жана денелер (чычаң сөөктөн) өсүп чыгат[1]. Мунусунда башкача жаратылышта, өлбөй турган болуп кайра жаратылат. Адамдар мүрзөлөрүнөн жылаңач жана сүннөт кылынбаган (бүтүн) бойдон турушат.

**«Хашр» (Чогулуу):** Аллах Таала бардык коркуудан мас-алас болуп калган калк-калайыкты эсеп-китеп үчүн чогултат. Ал күндүн өлчөмү 50 миң жылга барабар. Адамдар ал жерде дүйнө жашоосун бир саат эле жашагандай эскеришет. Күн бир милге[2] чейин жакындаштырылат. Адамдар амалдарына жараша (бирөө кызыл ашыгына чейин, бирөө тизесине чейин, дагы бирөөлөрү мойнуна чейин) өз денесинен акан терге батып, кыйын кезенде эсеп башталышын күтүп турушат. Ал күндө алсыз каапырлар менен аларды ээрчиткен текебер каапырлар, бардык каапырлар менен аларды азгырган жин-шайтандар талашып-тартышып, бири-бирине наалат айтышып күнөөнү бири-бирине оодарышат. Аларга каршы мүчөлөрү күбөлүк берет. Анан жетимиш миң тизгиндүү тозокту, ар бир тизгинден жетимиш миң периште сүйрөгөн бойдон алып келинет. Аны көргөн каапырлар «ушул күндү көргөндөн көрө

---

[1] Пайгамбарыбыз № бир хадисинде «бардык дене чирийт, бир гана чычаў сєєк чирибейт, кыяматта адамдар ошондон єнїп чыгат» деген

[2] Мил – узундук єлчємї бир мил 2 км.ге жакын

топурак эле болуп калсам экен!» деп кайгырышат. Ал эми, мусулман бирок, күнөөлүүлөрдүн абалы: зекет бербеген адамдын байлыгы отко айланып өзүн күйдүрөт, текебер адамдар кумурскадай (кичине) болуп чогулушушат. Кыянатчылар, алдамчылар, бирөөнүн малын тартып алгандар шерменде кылынат. Ууруга уурдаган нерсесин көтөртүп коюлат, сырлар ачылат. Ал эми, такыба адамдарга эч кандай коркунуч болбойт. Аларга бул жалпы коркунуч Бешим намазынын убактысы өткөндөй өтүп кетет.

**Шапаат**: Эки түр болот: 1) Чоң шапаат. Бул пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламга гана тиешелүү. Бул шапааты менен пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам Махшар (чогулуу) майданында эсеп күнүн күтүп азап чегип жаткан инсаниятка сурак башталышын Аллахтан сура палат жана уруксат берилет. 2) Жалпы шапаат. Бул пайгамбарыбыз менен бирге башка пайгамбарларга, олуяларга, ж. б. белгилүү адамдарга берилет. Бул шапааты менен пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам ыймандуу бирок, күнөөсү оор келгени себептүү тозокко буюрулган адамдарды тозоктон чыгуусуна себеп болот.

**Эсеп**: Адамдар сап-сапка тизилип Раббисине жолугушат. Аларга амалдары көргөзүлүп сурак башталат: өмүрдү, жаштыкты, мал-пулду эмнеге короткону, илимди эмнеге жумшаганы жөнүндө, убадалар, нээматтар жөнүндө.., көз, кулак, жүрөк.., буларды эмнеге иштетти, ушулар жөнүндө… Каапырлар менен мунафыктар адамдардын алдында суралышат: аларды шерменде кылуу үчүн, күнөөлөрүн далил менен мойнуна коюу үчүн. аларга каршы адамдар, жер, түн менен күн, байлыгы, периштелер жана өзүнүн дене мүчөлөрү күбөлүк беришет. Акыры өздөрү кайыл болуп мойнуна алышат. Ыймандууларды Аллах Таала башкалардан оолакта, жекеме-жеке сурайт, күнөөлөрүн бирин-бирин мойнуна койгондо пенде «ох, эми өлдүм!» деп кайгырып калган да Аллах Таала: «Сенин күнөөлөрүңдү дүйнөдө жашыруун сактадым, эми бүгүн аларды кечиремин» дейт. Ал күнү суракка эң биринчи Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламдын үммөтү келет. Амалдардын арасынан адегенде эле намаздан, ал эми өкүм маселесинде кандан суралат.

**Амал баракча-ларынын учуп келиши**: Андан кийин амал баракчалары китеп шекилинде учуп келет. Ал китеп, Курани Карим баяндагандай: «чоң-кичине нерсенин бардыгын бирин калтырбай эсептеген». Ыймандууларга китептери оң тарабынан, каапырлар менен мунафыктарга сол жана арка тарабынан берилет.

**Мийзан (тараза):** Андан кийин ылайык сыйлык же жазаларын алышы үчүн элдердин амалдары кадимкидей, бирок өтө назик, кылдат жана эки табактуу тараза менен тартылат. Аллах үчүн калыс, шарияткa ылайык жасалган иштер анда оор келет. Эң таш баскан амалдар: «ла илааха иллаллах» келмеси, жакшы кулк-мүнөз жана «алхамду лиллах», «субханаллахи ва би хамдих, субханаллахил Азийм» деген зикирлер. Ал жерде адамдар жакшы-жаман амалдарынжөнүндө өкүм талашышат.

**Хауз (булак)**: Кийин ыймандуулар Хуазга келишет. Ким андан ичсе экинчи чаңкабайт. Бардык пайгамбарга арналган хауздар болот. Эң чоңу Мухаммад саллаллаху алайхи ва салламдыкы. Анын суусу сүттөн ак, балдан ширин, мисктен жыттуу. Алтын-күмүш чөйчөктөр тегерегинде санаксыз жылдыздардай тизилген. Узундугу Иордан менен Адан мамлекетиндей. Анын суусу Каусар дайрасынан агып келет.

**Ыйман-дуулардын сыналышы**: Хашырдын акыркы күнү каапырлар өздөрү сыйынган жалган кудайларына ээрчип кетишет. Кудайлары аларды бада сыяктуу үйүр-үйүрү менен тозокко ээрчитип келет. Аларды жүзүн жерге ышкаган бойдон сүйрөп тозокко ташталат. Махшар майданында ыймандуулар менен мунафыктар гана калат. Анан Аллах Таала алардан «эмнени күтүп жатасыңар?» деп сураганда «Биз дагы Раббибизди күтүүдөбүз» дешет. Кийин Аллах Таала окшошу жок, теңи жок Балтырын ачат. Бардыгы саждага жыгылышат. Мунафыктар дагы жыгылууга камданышыт, бирок… Ал күндү Аллах Таала Кураанда мындай сыпаттаган: «Ал күндө Балтыр ачылат (бардык ыймандуулар саждага жыгылышат. Мунафыктар дагы) чакырылат бирок, (омурткалары катып калгандан улам, саждадан) алсыз калышат» *(«Калем» сүрөсү. 42-аят)* Кийин аллах Таала алардын бардыгын Сират көпүрөсүнө алып барат. Ыймандууларга нур берилет. Мунафыктар нурсуз калышат.

**Сират көпүрөсү**: Бул – тозоктун үстүнө тартылган узун көпүрө. Андан нуру барлар: ыймандуулар гана өтүшөт. Бирок, Аллах каалагандардан башкалары аябай кыйналышат. Себеби, Сират көпүрөсү «кылдан ичке, кылычтан кескир» *(Муслим)* Ыймандуулардын нурлары амалдарына жараша ар кандай: эң чоңу тоодой, эң азы бутунун баш бармагындай милтилдейт. Ошо нуруна жараша, амалына жараша өтүшөт: кээ бирлер көз нурундай, чагылгандай, шамалдай, учкан куштай, тулпардай.., кээ бирлери жөнөкөй улоодой өтүшөт. Ал эми нуру жок мунафыктар аркага кайтышат. Алар менен ыймандуулардын арасына тосмо-дубал урулат. Кийин алар дагы чамдап Сиратка бут коюшат жана тозокко кулап кетишет.

**Тозок**: Ага каапырлар, мунафыктар жана кээ бир күнөөлүү мусулмандар ташталат. Инсаниятган ар миңинен тогуз жүз токсон тогузу тозокко түшөт. Анын жети эшиги бар. Оту дүйнөдөгү оттон жетимиш эссе күчтүү. Азапты жакшыраак сезсин деп каапырлардын терилери күйгөн сайын башкасына алмаштырып турулат. Ичкендери ириң менен кайнак суу, жегендери Заккум тикенеги. Эң жеңил азапка тартылган каапырдын эки таманына тозок чогунан коюлганда, ысыктын күчтүүлүгүнөн мээси кайнап чыгат! Отундун ордуна каапырлар менен таштар жагылат. Тозок туш келген нерсени жалмап, кайнап, өкүрүп добуш чыгарып турат.

**Кантара**: «Ыймандуулар тозоктон азат болушуп, бейиш менен тозоктун ортосундагы «Кантара» деген жерге келишет. Ал жерде бири-бирине дүйнөдө

жасаган зулумдар үчүн өч-акысын алып берилет. Анан жүрөктөрүндө бири-бирине таарыныч калбагандан кийин бейишке кирүүгө уруксат берилет. Мухаммадтын жанынын Ээсине ант ичип айтамын, алардан (ар) бири бейиштеги жайын, кудум дүйнөдөгү үйүн таап баргандай адашпай таап барат!» *(Бухарий)*

**Бейиш**: Ыймандуулардын түбөлүк мекени. Сарайлары алтын-күмүш, шыбагы миск, шагылдары жакут, маржан, топурагы заапаран (крокус). Анын 8 эшиги бар. Бирөөсүнүн гана узундугу үч күндүк жол. Ошентсе да, тыгын, толуп турат. Жүз даражасы бар. Ар бир даражанын аралыгы жер менен асманча. Эң жогорку даражасы дайралары шаркырап турган «Фирдаус» бейиши. Анын шыбы Аллахтын Аршы. Дайралары бал, сүт, шарап жана суу. Чуңкур сай болбосо да ага берет. Ошондуктан ыймандуу адам каалаган дайрасын каалаган тарапка «жетелеп» кете берет. Багында ар дайым бышкан мөмөлөр ийилген. Бейиштин жаштыгы түбөлүк, кийимдери көөнөргүс. Анда заара, кала, какырык-түкүрүк деген болбойт. Бейишилердин колдонгону алтын тарак, денесинен тер ордуна миск (атыр) чыгат. Аялдары сулуу, бир куректагы кымча бел кыздар. Кызматчылары чачылган берметтердей жаш жигиттер. Бейишке эң биринчи пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллаху алайхи ва саллам андан кийин пайгамбарлар андан кийин башка элдер кирет. Бейиштин эң улуу нээматы Аллах Тааланы көрүү, ыраазычылыгына тату жана түбөлүк калуу.

# Дааратты кандай алуу керек?



Даарат алуу таза суу менен гана мүмкүн. Таза суу деп өзүнүн суулук табиятын толук сактап калган же болбосо түсү, жыты жана даамы таза нерсенин аралашуусу менен өзгөргөн сууга айтылат. Узак туруп калуу менен ушул үч касиети өзгөрсө да таза эсептелинет.
●Суу аз болсо нажас аралашуусу менен нажаска айланат. Ал эми, 210 литрден ашык сууга нажас аралашса, үч касиетинен бирин өзгөртсө гана нажас болот



Даарат «бисмиллахир Рахманир Рахийм» ды айтуу менен башталат. Ар бир дааратта алаканды үстү менен жуу мустахаб. Бул уйкудан турган адам үчүн зарыл. ● Бардык мүчөлөрдү үчтөн ашык жуу макүрөө (суу ысырап болгону үчүн. бирок, зарылдык болсо макүрөө эмес)



Кийин бир ирет оозун чайкайт. Мында суну ооз ичинде айланту зарыл. үч ирет чайкоо мустахаб ● Ооз чайкоо эрежеси менен болгондо гана соптуу. ● Ооз чайкаган суну жутуп жиберсе зыяны жок. ● Ооз чайкоодо мисвак пайдалануу мустахаб



Андан кийин бир ирет мурун чайкалат. Мында сууну дем менен тээ каңылжарга жеткире тартылышы керек. Муну үч ирет кайталоо мустахаб ● Мурун чайкоо ушул тартип менен жасалганда гана туура болот ● Оң кол менен суу алып, сол кол менен чимкирүү мустахаб ● Орозо эмес адамга ооз-мурун чайкоону абдан кылуу мустахаб



Кийин жүздү жууйт. жүздүн майданы: узунунан, чач чыккан жерден ээктин астына чейин, туурасынан эки кулактын аралыгы ● Сакал суюк болсо тахлил кылуу (бармак менен аралата тароо) важып. Ал эми, коюуу болсо мустахаб. ● Жүздү сүртүп коюу жууганга эсептелбейт. ● Ооз-мурун чайкоо жүздү жуудан мурун болушу мустахаб ● Көздүн ичин жууш макүрөө ● Ысырап кылбай көп жууш мустахаб



Кийин эки колду бармак учтарынан баштап тирсектен өткөрө жуулат ●Оң колду сол колдон мурун жуу жана сүртүү мустахаб ● Дааратын башында эки алаканды үстү менен жуу мустахаб болсо, бул жерде важып. ● Бармактардын арасын тахлил кылуу мустахаб



Кийин башына маасы тартат. Маңдайдын үстүнөн баштап кежигеге чейин. Кийин эки колду кежигеден кайра алды тарапка кайтарат. Маасы тартканда баштын толо тазаланышына көңүл буруу зарыл. Кийин көрсөткүч бармагы менен кулак ичин, баш бармагы менен кулак сыртын сүртүп, тазалайт. ● Чачтын салбандаган бөлүгүнө маасы тартуу важып эмес ● Баштын чач чыкпаган жери (маңдай тарабы) жүздөн эсептелет. Ошентсе да, маасы тартканда кошо тартылат ● Чач менен кулак арасындагы жер (кулак үстү) калып калбашы керек. Ал жер баш эсептелет. ● Бирден көп маасы тартуу макүрөө ● Маасынын ордуна баштты жуу макүрөө



Андан кийин эки бут кызыл ашыкты кошуп жуулат ● Оң буту биринчи, андан кийин сол буту жуу жана сүртүү мустахаб ● Бармак араларын тахлил кылуу дагы мустахаб

- Дааратты ушул айтылган тартип менен алуу анын шарттарынан.
- Дааратын дагы бир шарты мүчөлөрдү үзгүлтүксүз жуу. Башкача айтканда жуулган мүчө кургап калгыча кезектеги мүчөнү жууш керек.
- Даараттан кийин мүчөлөрдү аарчуу мубах. Бирок, аарчыбай кургаткан абзел
- Бардык мүчөлөрдү бирден (сууга шомкуп чыккан сыяктуу) жуу даарат болуп эсептелбейт, эгер сууга шомкуунун алдынан даараткa деп ниет кылса да.
- Даараттан кийин мына бул дубаны окуу сүннөт: "Ашхаду анла илааха иллаллаху вахдаху лаа шарийка лаху, ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух"

# Намаз окуунун эрежеси:

**Шарттууу белгилер:** 1) Кызыл тамга = намаздын рукундөрү. Алардан бири орундалбаса намаз эсепке өтпөйт. 2) Көк тамга= намаздын важыптары. Алардан бирин атайлап таштаса, намаз бузулат. Ал эми, унутуп калтырса саждайи сахув менен түзөлөт. 3)Жашыл тамга=намаздын сүннөттөрү. Муну жасабаса дагы намазы намаз боло берет.



Намазга турган адам эки колун желкесинин тушуна көтөрүү барабарында кыбылага карап «Аллаху акбар» деп намазды баштайт. Муну жана башка бардык такбирлерди имам бийик добуш менен айтат, аркадагыларга эшиттирүү үчүн. Имамдан башкалар добуш чыгарбай айтат.

◘ Мында турууга дарманы жетпегендерден башка бардыгы сүрөтөө көргөзүлгөндөй тик-түз турат ◘ Сутра коюу мустахаб. имамдын сутрасы аркадагылар үчүн дагы жетиштүү ◘ Ниеттин орду – жүрөк. Аны тил менен айтуу зарыл эмес ◘ Ары-бери аландоо, көздү өйдө көтөрүү, ачып-жума берүү, бир бутка оордугун салып туруу, эки буту жабыштырып туруу, ошондой эле өтө кенен алчайтып туру макүрөө



Анан кол куушурат. Мында оң колу менен сол колун кармап, көкүрөктөн ылдыйраакка койот. Көздөрү сажда ордуна кадалган болууга тийиш. Кийин «سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ وَبِحَمْدِكَ، وَتَبَارَكَ اسْمُكَ، وَتَعَالَى جَدُّكَ، وَلَا إِلَهَ غَيْرُكَ» деп истифтах дубасын окуп, анан «аувзуну» кийин «бисмиллахты» добуш чыгарбай айтат дагы, андан кийин «Фатиха» сүрөсүн окуйт. Андай кийин билген сүрөлөрүнөн бирин зам сүрө кылат. Имам Багымдатт жана Шам менен Куптандын абалкы эки ирекетинде бийик добуш менен окуйт.

◘ Бир ирекетте “Фатиханы” кайра-кайра окуш жана абалкы эки ирекетте ага зам сүрө кошпой, өзү менен гана чектелүү макүрө. ◘ Имам добуш чыгарып окуганда ээрчиген (иктида кылган) адам унчукпай туруусу кажет. Имам токтогондо фатиханы окуу мустахаб ◘ Зам сүрө үчүн бир ирекетте бир нече сүрө окуса да, бир узун сүрөнү эки ирекет үчүн бөлүп окуса да, бир ирекетке бир нече сүрөлөрдү окуса да боло берет. ◘ Зам сүрөнү Курани Каримде келген тартибин сактап окуу мустахаб



Андан кийин «Аллаху акбар» деп такбир айтуу менен рукууга барат. Рукуу – бул эки колу менен тизесин мыкчыган абалда, башы менен арка бели барабар болуп ийилип туруу. Тизени мыкчыганда бармактардын арасы ачык болууга тийиш. Ушул калыбынан жазбай үч ирет «субхаана Роббиял Азийм» дейт.

◘ Жамаат намазында имам башын көтөргөнгө чейин рукууга жетишкен адам ошол ирекетке жетишкен, ушунан кечиксе кечиккен болот. ◘ Кечиккендер имамдын кийинки ирекетке туруусун күтпөй жеткен жерден ээрчип кетүүсү мустахаб. бирок, иамам салам бергенден кийин ал ирекетти өзү окуп алат. ◘ Рукуу менен саждада Кураан окуу макүрөө. Бирок эгер аят дуба маанисинде болсо болот. Маселен: «Раббанаа аатина фид-дуня…» аяты сыяктуу



Кийин «самиьаллоху лиман хамидах» деп башын көтөрөт. жана «Роббана ва лакал хамду хамдан касийрон тоййибан, мубооракан фийх, мильас –самаавaати ва мильал арди ва мильа маа шеьта мин шайьин баьду» деген зикирди айтат.

◘ «Раббана…» дубасын туруп бүткөндө айтат. ◘ Бул учурда эки колун каалаcа эки тарапка таштайт, каалаcа оң колу менен сол колун кармап, куушурап турат. ◘ «Раббана…» дубасын төрт түрлүү айтыш мүмкүн: **1)** Раббана лакал хамд **2)** Раббана ва лакал хамду **3)** Аллахумма, Раббана ва лакал хамд **4)** Аллахумма, Раббана лакал хамд. Ар намазда ушуларды алмак-салмак айтуу мустахаб.



Кийин такбир айтып, сажда кылат. Мында колтук кененирээк ачылып, курсак эки сандан, эки сан балтырдан алысыраак абалда, эки кол желке тушунда, колдун дагы, буттун дагы бармактары кыбылага багытталган болушу кажет. Ушул абалдан жазбай «субхаана Роббиял аьлаа» деп үч ирет икир айтылат. Саждада каалаган дубасын окуп, бир нече мүнөт туруп калса да – ыктыяры.

◘ Саждада эки чыканакты жерге тийгизүү макүрөө. ◘ Бирок, колтук ачылып, чыканакты көтөргөндө жанында намаз окуганга тоскоолдук болбогону мустахаб. ◘ Сажда жети мүчө менен болушу важып. Алар: эки буттун бармактары, эки тизе, эки алакан жана жүз (маңдай, мурун) Булардын кээ бирин атайлап жерге тийгизбей (саждага катыштырбай) коюу менен намаз бузулат.



Кийин такбир айтуу менен башын саждадан көтөрүп, сол бутун «төшөк» кылып, үстүнө отурат. Оң буту сайылгандай абалда болот. Эки буттун тең бармактары кыбылага каратылат. Ушул абалда эки ирет «Робби игфир лий» дубасын окуйт. Кийин экинчи ирет сажда кылып, тапандарынын «көкүрөгүнө» таянып, такбир айтуу менен башын көтөрөт жана кыямга туруп, экинчи ирекетти баштайт. Экинчи ирекет дагы биринчисиндей аткарылат.

◘ Ушул айтылгандан башкача отуруу макүрөө. ◘ «Фатиха» сүрөсүн толук кыямга тургандан кийин гана окуп баштайт. Себеби ал кыямда окулчу амал. Эгер кыямга жетпей баштап жиберсе, башынан башташ керек. Антпегенде намазы бузулуп калат.



Абалкы эки ирекет бүткөндө биринчи ташаххуд үчүн отурулат. Мында сол бутту «төшөк» кылып отуруп, сол кол сол сандын, оң кол оң сандын үстүнң коюлат. Оң колдун алаканы жумулуп, сөөмөй менен баш бармактын учу бири-бирине тийгизилет жана сөөмөй менен «Аллах бир» дегендей ишаарат жасоо менен бирге «Аттахияту» дубасын окуйт. Кийин такбир айтып, кыямга туруп, үчүнчү жана төртүнчү ирекеттерди абалкы эккөөндөй окуйт (бирок, кийинкилерде Фатиханын нзү окулат. Зам сүрө кошулбайт)

◘ Ташаххуд дубасын окуп жатканда назар ишаара кылган көрсөткүч бармакта болуусу мустахаб. ◘ Ишаара кылган көрсөткүч бир аз ийилген абалда болуусу дагы мустахаб. ◘ Бул отурууну кыска кылуу, б.а. аттахият дубасын окуп бүтөөрү туруп кетүү мустахаб




Кийин акыркы ташаххуд үчүн отурат. Бул отурушта сол бутту кайрып, оң буттун астына «төшөк» кылынат жана жерге көчүк менен отурулат. Оң бут абалкы отургандагы калыбында же тапандын сол капталы менен «жамбаштаган» абалда болот. Анан «аттахияту» менен «Аллохумма солли ала…», «Аллохумма, баарик алаа…» дубалары окулат. Булардан кийин пайгамбарыбыз окуган дубалардан каалаган дубасын окуса да болот. *min azabin nari, wa azabil kabri, wa fitnatil mahya wal mamati, wa fitnatil masihid dajjali* ".



Кийин оң жана сол тарабына «ассаламу алайкум ва рахматуллох» деп салам берүү менен намазды бүтүрөт.

# Илимге амал кылуу

**Амал кылынбаган илимди Аллах дагы, пайгамбары даг ыймандуулар дагы жаман көрөт. Аллах Таала айткан:** *«эй, ыйман келтирген адамдар, эмнеге силер жасабаган нерсени сүйлөйсүңөр?! Жасабаган нерсеңерди сүйлөө Аллахтын алдында чоң күнөө!»* **(61/2-3)** Абу Хурайра разияллаху анху айткан: «амал кылынбаган илим Аллах жолунда каржыланбаган казна сыяктуу» Фузайл (Аллах андан ыразы болсун) мындай деген: «Аалым качан илимине амал кылмай сайын наадан бойдон кала берет». Малик ибн Динардын (Аллах андан ыразы болсун) бул маселеде айтканы: «адамга жолугасың, бир тамгада дагы ката кылбай сүйлөйт. А, бирок жасаган ишинин бардыгы ката!»

**Мусулман бурадарлар, ага-инилер, эже-сиңдилер!**

Сиз Аллахтын буйругу менен ушул пайдалуу китепти окуп чыктыңыз. Эми, окуганыңыздын мөмөлөрүн терүү гана калды. Ал – амал кылуу.

❖ Сиз бул китепте Кураан аяттарын, анын түшүндүрмөлөрүн окудуңуз. Эми аларга амал кылыңыз. Сахаабалар (Аллах алардан ыразы болсун) пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдан он аят сабак алышып, качан ушул он аятка амал кылууну толук өздөштүрмөйүнчө кийинки он аят сабакты алышпайт эле жана «биз илимди дагы, амалды дагы сабак алдык» дешчү эле. Себеби, шариятыбыз ушуга чакырат. Ибн Аббас (Аллах андан ыразы болсун) Аллах Тааланын «Аны (Кураанды чындап окушат» деген аятын «Анын маанилерине чындап амал кылышып, ээрчишет» деп түшүндүргөн. Фузайл (ага Аллах ырайым кылсын) мындай деген: «негизинен Кураан амал кылуу үчүн түштү эле. Бирок, адамдар аны окуну гана амал кылып калышты»

❖ Ошондой эле сиз – эй, урматтуу окучу – бул китептен улуу пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын хадистерин (сүннөттөрүн) окуп үйрөндүңүз. Эми аларга амал кылуунун кезеги келди. сүйүктүү пайгамбарыбыздын буругуна «ляпай» деп жооп берип, айткандарын аткарууга бел байлаңыз. Жакшы үммөт пайгамбарынын айтканын дароо аткарат жана башкаларды дагы ушуга даават кылат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: «мен силерге бир нерсени буюрсам, колуңардан келишинче аткаргыла, бир нерседен кайтарсам андан кайткыла» (Бухарий, Муслим) деген жана Аллах тааланын мына бул аятын эскерткен: «Анын (Пайгамбардын) буйругуна тетири иш жасагандар баштарына бир фитна-сыноо же азап келип калышынан абайлашсын!» («Нур-63)

❖ Төмөндө пайгамбарыбыздын хадисине кандай амал кылуунун кээ бир үлгүлөрүн баяндайбыз:

- Момундардын энеси Умму Хабиба пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын «Ким бир күн-түн ичинде он эки ирекет намаз[1] окуса, ага бейиштен бир үй курулат[2]» деген хадисин риваят кылып, «мен ушул хадисти уккандан баштап, ал он эки ирекетти эч калтырбай окуп жүрдүм» деген.
- Ибн Умар (Аллах андан ыразы болсун) пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын «Колунда осуят кылгыдай мурасы болгон адамдын осуятын жазбай эки түн уктаганга да акысы жок[3]» деген хадисин риваят кылып,

---

[1]Булар пайгамбарыбыз окуган с\ннът намаздар
[2] Муслим
[3] Муслим

мындай деген» «мен пайгамбарыбыздын (саллаллаху алайхи ва саллам) ушул хадисин уккандан бир түнгө да кечикпей осуятымды жазып, даярдап койдум»
- Имам Ахмад (Ага Аллах ырайымын төксүн) айткан экен: «мен кайсы хадисти жазган болсом ага амал кылдым. Жадакалса, бирде «пайгамбар саллаллаху алайхи ва саллам хижама кылдырып Абу Таййибага бир динар берди» деген хадисти жазганымда, хижамачыны таап келип, хижама кылдырып, акысын бергенмин»
- Имам Бухарий: «мен (пайгамбарыбыздын хадисинен) кыйбат арам экенин билгенден кийин бир дагы кыйбат кылбадым» деген.
- Ибнул Каййим Жавзийя пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва салламдын «ким ар бир намазынын артынан Аят ал Курсийни окуса, өлгөндөн кийин анын бейишке кирүүсүнө эч нерсе тоскоолдук кылбайт» деген хадисин эскерип, «угушумча, Шейхул Ислам (Ибн Таймийя) «мен аны (Аят ал Курсийни) эгер унуткан эле болбосом жана ушул сыяктуу нерсе болбосо, эч бир намаздан кийин окубай калбадым» деген экен»
❖ Урматтуу окучу! Илим жана амалды өздөштүргөндөн кийинки сиздин милдет Аллах сизге берген илим нээматына[1] адамдарды чакырышыңыз, даават кылышыңыз. Өзүңүздү илим үйрөтүү сообунан башканы илим үйрөнүү сообунан куржалак калышына себеп болбоңуз. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам «ким бир жакшылыкка жолдосо, ага, аны жасагандардын сообундай сооп жазылат[2]» деген. Дагы мындай хадистерди айткан: «силердин араңардагы эң жакшыңар Кураанды үйрөнгөндөр жана үйрөткөндөр[3]», «менден бир аят болсо да, (башкларга) жеткиргиле[4]» Сиз канчалык көп даават кылып, канчалык көп илим таратсаңыз, сообуңуз ошончо көбөйөт жана эк идүйнөдө токтоосуз жазылып турат. Пайгамбарыбыз саллаллаху алайхи ва саллам айткан: «адам баласы өлгөндө амалдары токтойт. Бирок, үч нерсе токтобойт. Алар: садака жарыя[5], аны менен пайдаланган илим жана аркасынан дуба кыла турган жакшы перзент» *(Ахмад риваяты)*
❖ SOS[6]: Биз – мусулмандар ар күн сайын «Фатиха» сүрөсүн он жети ирет кайталайбыз. Анда биз «гайрил магзувби алайхам» аятында Аллахка жалбарып бизди билген илимине амал кылбагандыгы себептүү жек көрүлгөн яхудийлерге окшотпостугун, «ва лаззоллийн» аятында билип туруп адашкан христиандарга окшоштурбасын суранабыз. Бирок, жашообузда дагы эле яхудийлерге окшоп билгенибизге амал кылбоону, көрүп-билип туруп адашуучулукка кетүүнү уланта беребиз!
Аллах Таала бардыгыбызды пайдалуу илим жана салих амал менен ырыскылантырсын! Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахаабаларына Өзүнүн салават-саламдарын жолдосун! Амин!

---

[1] Илим – бул ар бир пенденин Аллах Тааланы, Ал жиберген пайгамбарды жана Ал жиберген динди таанып-б\л\\с\.
[2] Муслим
[3] Бухарий
[4] Бухарий, Муслим
[5] Токтобой турган жакшы иш. Маселен: мечит куруу, мектеп куруу, китеп бастыруу, жол оёдоо, суу чыгаруу сыяктуу
[6] Ъл\м-алекетке, оор кырдаалга кабылганда берилч\ сигнал